**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Филология кафедрасы**

Кол жазма укугунда

УДК: 82-1:80(575.2) (043)

**Калиева Каныкей Акимовна**

# Аялдар поэзиясынын котормолоруна лингвостилистикалык жана семиотикалык изилдөө

10.02.20 − тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими

Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш

**Илимий консультант:**
филология илимдеринин
доктору, профессор
Караева Зина Караевна

**Бишкек – 2025**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ..... 3

**1-БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ** ..... 9

**1.1. Поэзия жана коомдук аң-сезим** ..... 9

**1.2. Изилдөөнүн филологиялык негиздери** ..... 28

**1.3. Изилдөөнүн лингвистикалык-теориялык негиздери** ..... 54

**1.4. Изилдөөнүн адабий-теориялык негиздери** ..... 60

**1.5. Изилдөөнүн котормо таануу жана семиотикалык-теориялык негиздери** ..... 69

**Биринчи баптын кыскача жыйынтыгы** ..... 82

**2-БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ** ..... 84

**2.1. Аялдар поэзиясынын котормолорун изилдөөнүн лингвостилистикалык методдору** ..... 84

**2.2. Аялдар поэзиясынын котормолорун изилдөөнүн лингвосемиотикалык методдору** ..... 104

**2.3. Аялдар поэзиясын которуу стратегиялары жана методдору** ..... 133

**Экинчи баптын кыскача жыйынтыгы** ..... 151

**3-БАП. АЯЛДАР ПОЭЗИЯСЫНЫН КОТОРМОЛОРУН ЛИНГВОСТИЛИСТИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ** ..... 154

**3.1. Кыргыз аялдар поэзиясынын котормолоруна лингвостилистикалык талдоо** ..... 154

**3.1.1. Лингвостилистикалык стратификация** ..... 155

**3.1.2. Обондуу ырларга лингвостилистикалык талдоо** ..... 180

**3.1.3. Лингвостилистикалык көркөм сөз каражаттары** ..... 187

**3.2. Англис аялдар поэзиясынын котормолоруна лингвостилистикалык талдоо** ..... 195

**Үчүнчү баптын кыскача жыйынтыгы** ..... 211

**4-БАП. АЯЛДАР ПОЭЗИЯСЫНЫН КОТОРМОЛОРУН ЛИНГВОСЕМИОТИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ** ..... 215

**4.1. Кыргыз аялдар поэзиясынын семиосферасы** ..... 215

**4.1.1. Поэзиянын котормолорундагы семиотикалык символдор жана образдар** ..... 231

**4.1.2. Поэзиянын котормолорунун семиосферасы** ..... 246

**4.1.3. Поэзиянын котормолорундагы семиотикалык белгилерди талдоо** ..... 250

**4.1.4. Обондуу ырлардын котормолоруна семиотикалык талдоо** ..... 256

**4.2. Аялдар поэзиясын которуу жолдору, стратегиялары жана ыкмалары** ..... 261

**4.2.1. Поэзияны которууда лингвистикалык деңгээлдердин таасири** ..... 261

**4.2.2. Семантикалык жана коммуникативдик ыкмаларын талдоо** ..... 266

**4.2.3. Поэзияны которуунун эквиваленттүүлүк деңгээлдерин талдоо** ..... 280

**4.2.4. Поэзияны которуунун прагматикалык анализи** ..... 286

**Төртүнчү баптын кыскача жыйынтыгы** ..... 303

**КОРУТУНДУ** ..... 306

**АДАБИЯТТАР ТИЗМЕСИ** ..... 313

**ТИРКЕМЕ** ..... 361

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** лингвостилистикалык, семиотикалык жана маданий аспекттерди эске алуу менен кыргыз жана англис аялдар поэзиясын которууда адекваттуулукка жетишүү үчүн комплекстүү изилдөө жүргүзүүсүндө болуп саналат. Поэтикалык тексттерди лингвостилистикалык жана семиотикалык стратификациялоо ыкмасын колдонуу менен талдоо тексттин баштапкы байлыгын жана эстетикалык баалуулугун сактап, поэзиянын катмарлуу мүнөзүн ачык көрсөтөт, көркөм элементтердин натыйжалуу которулушуна өбөлгө түзгөн *форманын, мазмундун* жана аткарган *функциясынын* өз-ара байланышын көрсөтөт.

Семиотикалык талдоо семантикалык, прагматикалык, синтактикалык жана идеялык катмарларды камтып, символикалык жана эмоционалдык мазмунду ачып, чыгармаларды маданий жана тилдик өзгөчөлүктөргө ылайыкташтырууга көмөктөшөт. Бул изилдөө кыргыз поэзиясынын улуттук маданий өзгөчөлүгүн, анын тематикалык универсалдуулугун жана улуттук уникалдуулугун көрсөтүү менен түп нуска тексттердин ритмин, обонун жана эмоционалдуулугун котормо тилге жеткирүүдө адекваттуулукка жетишүү үчүн натыйжалуу котормо стратегиясын түзүүгө багытталгандыктан актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Өзгөчө ырааты, ыргагы, түзүлүшү жана образдары аркылуу кыргыз дүйнө таанымын чагылдырган аялдар поэзиясын таанытуу, кыргыз тилинин поэтикалык мурасын сактоо, чыгыш менен батыш маданияттар ортосундагы ажырымды азайтып, маданият аралык мамилелерди түзүү, лингвостилистикалык жана семиотикалык изилдөө менен универсалдуу поэтикалык сулуулукту баалоосунда турат. Аялдар поэзиясы табият, руханий, сүйүү жана инсандык темаларга бай жана алардын географиялык, тарыхый жана маданий аспектилери коомдук аң-сезимди камтыган элдин көз карашын чагылдырат. “*Поэзия өзгөртүүгө жана жакшылыкка түрткү берүүчү күчкө ээ”* экендигин эске алуу

менен изилдөөнүн обьектиси катары кыргыз аялдар поэзиясы жана алардын англис тилиндеги котормолору алынды.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Илимий эмгек өздүк демилгенин негизинде аткарылган.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз аялдар поэзиясынын лингвостилистикалык, семиотикалык жана маданий аспектилерине басым жасоо менен англис тилиндеги котормосун комплекстүү изилдөө болуп саналат. Изилдөө кыргыз аялдар поэзиясынын доор боюнча тематикалык жана стилистикалык өзгөрүүлөрүн аныктоого, поэтикалык тексттин көп катмарлуу табиятын талдоого жана котормодо поэзиянын эстетикалык жана эмоционалдык баалуулугун, маданий контекстин жана стилин сактоо менен адекваттуу жеткирүү жолдорун табууга багытталган.

Изилдөөнүн максатына байланыштуу төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

- аялдар поэзиясынын котормолорун лингвостилистикалык изилдөө менен котормонун ыкмаларын аныктоо;
- поэтикалык тексттердин иерархиялык түзүлүшүн түзгөн лингвистикалык, адабий жана маданий катмарларын стратификациялык деңгээлде талдоо;
- лингвостилистикалык (фонетикалык-фонологиялык, морфологиялык, лексикалык, синтаксистик ж.б.) деңгээлдеги көркөм сөз каражаттарына басым жасоо менен поэтикалык тексттин формасынын, мазмунунун жана функциясынын өз ара байланышын аныктоо;
- котормодогу көркөм сөз каражаттарынын маанилерин, алардын функционалдык-стилистикалык жана эмоционалдык-экспрессивдүү ролун стилистикалык багытта талдоо;
- эстетикалык таасирдин жана идеялык мазмундун адекваттуу которулушун аныктоо үчүн текстти лингвистикалык, семиотикалык, метасемиотикалык жана метаметасемиотикалык деңгээлдерде изилдөө;
- поэтикалык котормодогу белгилердин табиятын семиотикалык триаддык классификациялар аркылуу изилдөө;

- семиотикалык элементтердин котормого тийгизген таасирин талдоо аркылуу поэзиянын котормолорунда коомдук аң-сезимдин формаларынын чагылдырылышын талдоо;
- поэтикалык тексттердин лирикалык мүнөзүн сактоо менен котормо тилине ыңгайлашуусун камсыз кылган фонологиялык, лексикалык, семантикалык, синтаксистик жана прагматикалык деңгээлде котормо стратегияларын иштеп чыгуу;
- фонетикалык жана ритмикалык адаптациялоо ыкмаларын обондуу ырларды которууда колдонуу менен ырдын маанисин, табигыйлыгын, ритмин жана рифмасын тең салмактуу сактоо менен натыйжалуу жеткирүү жолдорун иштеп чыгуу;
- поэзиянын котормолорун семиотикалык белги модели аркылуу талдоо;
- кыргыз аялдар поэзиясынын семиосферасын түзүп чыгуу менен тилдик, адабий, коомдук жана маданий контексттеги өзгөрүүлөрдү камтыган маданий коддорду аныктоо;
- поэзияны которуунун когнитивдик лингвистикалык ыкмаларын колдонуу менен котормодо эквиваленттүүлүктү жана тилдик трансформациянын колдонулушун чечмелөө;
- аял акындардын идиостилин жана тематикасын талдоо аркылуу поэтикалык чыгармаларды которууда адекваттуулукка жетишүү жолдорун табуу;
- поэтикалык тексттин котормолорунун эстетикалык таасирин прагматикалык багытта изилдөө.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Изилдөөдө лингвостилистикалык жана семиотикалык ыкмаларды колдонуу менен кыргыз аялдар поэзиясына комплекстүү талдоо жүргүзүлгөн. Бул поэтикалык чыгармалардын көп катмарын, алардын универсалдуу мүнөзүн жана эстетикалык таасирин ачууга, ошондой эле тектеш эмес тилдер үчүн котормо стратегияларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Авторлордун идиостилин изилдөөгө жана оригиналдуу стиль менен маданий контекстке ыңгайлашуунун ортосундагы тең салмактуулукту

сактоого көңүл бурулат. Бул ыкма котормодо аялдар поэзиясынын эмоционалдык жана эстетикалык маңызын түшүнүүгө жана котормодо адекваттуу жеткирүүгө өбөлгө түзөт.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Кыргыз аялдар поэзиясын которууда жана талдоодо иштелип чыккан методикалык көрсөтмөлөрдү, лингвостилистикалык жана семиотикалык изилдөөнүн натыйжасында алынган жоболорду, тыянак-корутундуларды, кыргыз жана англис тилдеринин практикалык окуу процессинде жана семинарларда практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүндө турат. Жогорку окуу жайларындагы “Лингвистика”, “Стилистика”, “Семиотика”, “Семантика”, “Котормо таануу”, “Лингвопоэтика”, “Котормонун теориясы”, “Адабият таануу” жана “Көркөм котормо” сабактары боюнча лингвостилистикалык, котормочулук багыттагы жана көркөм которуунун теориялык программалык материалдарын өздөштүрүүдө жана тереңдетип изилдөөдө илимий-теориялык база катары пайдаланууга болот.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Аялдар поэзиясынын котормолорун лингвостилистикалык талдоо чыгарманын *формасынын, мазмунунун* жана *функциясынын* өз ара байланышын көрсөтүп, поэтикалык тилдин эмоционалдуу-экспрессивдик кызматын жана идеялык-тематикалык мазмунун эффективдүү которуу жолдорун аныктайт.
2. Көркөм сөз каражаттарына стратификациялык багыт поэтикалык тилди көп катмарлуу иерархиялык система катары карап, тексттин *лингвистикалык, адабий, репрезентативдик, формалдык-структуралык, эстетикалык, социалдык жана маданий, интерпретативдик, тематикалык* катмарларынын өзгөчөлүктөрүнө басым жасоо менен аялдар поэзиясынын көркөм баалуулугун жана эстетикалык таасирин аныктайт.
3. Аялдар поэзиясынын котормолорундагы тилдик жана маданий өзгөчөлүктү камтыган семиотикалык белгилердин табияты *денотативдик, коннотативдик, мифтик, дискурсивдик, баяндоо, изотопиялык, синтаксистик,*

*семантикалык* жана *прагматикалык* деңгээлдерин камтыган семиотикалык классификациялар аркылуу аныкталат.

4. Кыргыз аялдар поэзиясынын төрт доорго бөлүнгөн *семиосферасы* коомдук аң-сезимдин формаларын жана андагы өзгөрүүлөрдү чагылдырган мейкиндик катары аныкталат. Ар бир доордун өзгөчөлүгү жаңы белги системасынын пайда болушуна алып келет. Поэзияда чагылдырылган коомдук аң-сезимдин формалары поэтикалык тилдин стилистикалык өзгөчөлүктөрүн жаратат.

5. Поэтикалык котормодо белгилер *арбитрардуу, сингулярдуу* жана *көз карандысыз* мүнөзгө ээ болуу менен тексттин баштапкы мүнөзү жана чыгарманын мааниси эки тараптуу семиологиялык системанын чегинде гана чечмеленет.

6. Котормонун сапаты тексттердин маанисин жеткирүүгө багытталган эквиваленттүүлүктүн *тилдик, тексттик, тематикалык* жана *прагматикалык* принциптеринин негизинде бааланат.

7. Аялдар поэзиясын которууда динамикалык эквиваленттүүлүк кыргыз жана англис тилдеринин структуралык жана тилдик айырмачылыктарына карабастан түп нусканын маанисин, эмоционалдык таасирин жана маданий өзгөчөлүктөрүн адекваттуу жеткирүүгө жардам берет.

8. Обондуу ырларды функционалдуу которуунун ритмикалык адаптациялоо ыкмалары *ырга шайкештиги, сезимге таасир этүүсү, табигыйлыгы, ыргагы, уйкаштыгы* сыяктуу принциптеринин негизинде ишке ашып, чыгарманын лирикалык мүнөзүн жана эстетикалык таасирин жеткирүүгө өбөлгө түзөт.

9. Аялзатынын инсандык сапаттарынын өзгөчөлүктөрүн: *жаңычылдыгын, ийкемдүүлүгүн, сезимталдуулугун*, *эмоционалдуулугун* эске алуу менен аялдар поэзиясын талдоо акындардын идиостилин жана тематикасын аныктап, котормодо поэтикалык тексттин көркөм баалуулугун жана экспрессивдүүлүгүн натыйжалуу жеткирүүгө шарт түзөт.

10. Аялдар поэзиясынын коммуникативдик маңызын сактоо үчүн прагматикалык аң-сезим маанилүү, котормодо метафораларды жана идиомалык

сөз айкаштарын камтыган маданий контекстти чыгармачылык менен котормо тилге ылайыкташтырууга басым жасалат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Аялдар поэзиясынын котормолоруна лингвостилистикалык жана семиотикалык талдоо жүргүзүлүп, көп катмарлуу лингвостилистикалык анализдин методикасы иштелип чыгуу менен поэзияны которуу стратегиясы сунушталды. Изденүүчү тарабынан кыргыз аялдар поэзиясынын классификациясы түзүлдү, поэзиянын котормо өзгөчөлүктөрү жана жолдору иштелип чыкты, тектеш эмес тилдерге которуунун адекваттуулугуна жетишүү ыкмалары берилди, ошондой эле котормонун лингвостилистикалык жана семиотикалык аспектилери изилденди.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы** жогорку окуу жайларда жана университеттик илимий-практикалык семинарларда, тил жана котормо таануу илимин өнүктүрүүгө арналган республикалык, эл аралык конференцияларда, симпозиумдарда баяндалган докладдарда камтылган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары жалпысынан 24 илимий макалада берилип, басылмаларда жарыяланган жана диссертациянын темасына дал келет, анын ичинде SKOPUS жана Web of Science маалымат базасында 2 макала, индекстелген чет элдик басылмаларда (Россия, Казакстан, Түркия) 8 макала, КР УАКтын тизмесине кирген рецензияланган илимий периодикалык басылмаларда 14 макала жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү** кириш сөздөн, төрт баптан, жалпы корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин жалпы көлөмү 312 бет.

# 1-БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ

## 1.1. Поэзия жана коомдук аң-сезим

*1) Поэзиядагы коомдук аң-сезимдин чагылуусу*

Поэзия коомдук аң-сезим менен тыгыз байланыштуу. Коомдук аң-сезимдин формалары (саясий, нравалык, диний, тарыхый, көркөмдүк, философиялык, илимий) тилди колдонуучу коом сыяктуу эле тилге да өз таасирин тийгизет [160, 5-б.]. Поэзияны изилдөөдө тил менен коомдук аң-сезимдин байланышы өзөктүү маселелердин бири катары алынат, анын ичинде поэзия менен философиянын өз ара байланышын изилдөө чындыктын жана реалдуулуктун поэзияда чагылдырышына байланыштуу көптөгөн фундаменталдуу суроолорубузга жооп бере алат. Поэзия жөнүндөгү философиялык талкуулардын өзөгүндө поэзиянын чындыкка болгон мамилеси жатат. Поэзияда метафора жана салыштыруу аркылуу окшоштуктарды табуу, өзгөчө жана терең ойду сөз каражаттары менен берүү, бир эле учурда өтмүш же учурдагы окуяларды козгоо, чыныгы сезим болсо да айтылбаган эмоцияга үн берүү сыяктуу жолдор менен чындыкты жеткирүүчү катары поэзиянын тажрыйбасы бай. Тарыхка кайрылсак, Аристарх менен Аристотель сыяктуу байыркы ойчул философтордон баштап, азыркы ойчулдарга чейин поэзиянын кайталангыс жөндөмүн жана анын философиялык жана адабий сындын өнүгүшүндөгү ролун изилдеп келишкен.

Поэзиянын философиясына грек окумуштуусу, Аристархтын (Aristarchus of Samos, б.з.ч. 310–230-жж.) [211] доорунан бери окумуштуулар тарабынан эң көп көңүл бурулуп, философиянын филология илимдеринин теориялык негиздеринин өнүгүшүнө таасир берээри белгиленет. Аристарх байыркы филология илиминин негиздөөчүлөрүнүн эмгектерин талдоо менен алгачкы адабият изилдөөчүсү катары белгилүү. Анын эмгектеринде Гомердин [389] (б.з.ч. 900-ж.), чыгармалары *“Iliad”* жана *“Odyssey”,* акындар үчүн – кайталангыс үлгү жана илхам булагы [503], [175]; Гесиоддун (б.з.ч. 750-650-жж.), поэмалары *“Theogony”, “Works and Days”, “Ages of Man”, “Pandora’s*

*box”*. Эсхилдин [204] (Aeschylus б.з.ч. 525/524–456/455-жж.) *“Oresteia”*, *“The Persians”;* Софоклстун (б.з.ч. 497/496–406/405-жж.) *“Ajax”, “Antigone”, “Oedipus Rex”;* Аристофандын (б.з.ч. 446–386-жж.) “*The Clouds”, “The Wasps”, “The Birds”* жана башкалардын эмгектерин сактоо менен Аристарх текстти талдоо ыкмаларын, символикалык белгилер системасын жана грамматикалык принциптерди андан ары өнүктүрүү менен азыркы Европа тилдеринин грамматикалык негиздерин түзгөн [164]. Аристарх *“поэзия тарыхка караганда философияга жакын жана маанилүү* (“*more philosophical and more serious”*), *анткени поэзия универсалдуулукту, өзгөчөлүктөрдүн тарыхын айтууга умтулат*” деген пикирин билдирген [480]. Аристотелдин (б.з.ч. 384-322-жж.) айтуусунда “поэзияда реалдуулуктан алыс элементтер катышат, анткени акын ушундай өзгөчо жолдор менен поэзия угуучуларын таң калтырып, таасир калтыра алат” [212, 17-б.].

Адабият жана тил илиминде философия канчалык маанилүү болгону менен философиянын өзүнүн өнүгүшүндө адабияттын, атап айтканда, поэзиянын аткарган кызматы даректүү экендигин философтор да моюнга алышат. Азыркы учурдагы поэтика байыркы доордун адабий сын теорияларынын жана методдорунун өнүгүшү менен байланышкан, Аристотелдин (б.з.ч. 384-322-жж.) поэтика, этика жана жалпы моралдык көз караштары жөнүндө түшүнүгү актуалдуу, өзүлөрү чыгармачыл акын болбосо да Платон (б.з.ч. 427-348-жж.) менен Аристотель (б.з.ч 384-322-жж.) поэзия кандай болуш керек деген көрсөтмөлөрүн берген сынчылар катары белгилүү [212], [14]. Аристотелдин (б.з.ч. 384-322-жж.) “Поэтика” 1508, б.з.ч. 336 жана 322-жылдары жазылган эмгеги XVI—XVIII кылымдагы Италия, Испания, Франция, Англия, Германия жана Орусиянын илимий изилдөөлөрүндө колдонулуп келе жатат [14]. Ошондуктан, Кыргызстандагы поэтика жөнүндө изилдөө иштеринде Аристотелдин “Поэтикасына” кайрылуу мыйзам ченемдүү көрүнүш деп эсептейбиз. Биздин заманга чейинки IV кылым илим изилдөөнүн башталыш доору болгондуктан сынчыл изилдөөчүлөрдүн кызыгуусу философиялык изилдөөлөр болгон. Платон (б.з.ч. 427-348-жж.) менен Сократтын (б.з.ч. 470-

399-жж.) көз караштары, поэтикага, поэзияга берген баасы диалог түрүндө берилип, улуу чыгармалардын алгачкы көрүнүктүү булагы катары белгилүү [457].

Анткен менен философтордун поэзия жөнүндөгү талкуулары Платондон баштап азыркыга чейин уланып, поэзия жөнүндөгү көз караштары экиге бөлүнүп кетет [457]. Мындай бөлүнүү бинардык оппозициялык мааниде турат: кээ бирлери поэзияны иллюзия же жалгандык (*illusion, lies, falsity)* менен байланыштырса, башкалары поэзиянын чындыкты чагылдырган баалуулугун (*truth-value)* ырасташат [324, 1-б.].




Мындай карама-каршылык мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ыйык Куран боюнча бул дүйнө өзү карама-каршылыктардын жыйындысы [505]. Мисалы, *күн менен ай, күн менен түн, асман менен жер, жан менен дене, жамандык менен такыбалык, тазалык жана булгануу* сыяктуу ар бир сүрөөнүн жашыруун маанилерин ачып берүүчү жана аларга көмөктөшүүчү карама-каршы түшүнүктөр бар [505, 45-б.]. Бинардык оппозиция системасы жалпысынан эки абсолюттук оппозициядан турат; башкача айтканда, бир нерсенин бар экендигин билдирүү экинчи нерсенин жоктугун билдирет [249, 67-б.]. Жакшы айтпай жаман жок, же жакшынын шарапаты, жамандын кесепети дегендей, туура эмес нерсенин жардамы менен жакшы иштер жасалат. Карама-каршылык дүйнөнүн кооздугу, *кара менен ак, күн түн менен, жарык менен караңгы, жакшылык менен жамандык,* ж.б.у.с. болбосо дүйнөдө башаламандык болмок. Курани Каримдеги аятта: “*Оо, адамдар, [Аллах] силерди (инсанды) бир эркек жана бир*

*аялдан жараттык жана бири-биринерди таанып-билишинер үчүн (улуттар) жана уруулар кылдык”* деп айтылат [505, 49-б., 13-б.].

Фердинанд де Соссюрдун аныктамасы менен бинардык карама-каршылыктардын ар кандай жуптарын салыштырууда ар бир терминдин конкреттүү мааниси жана баалуулуктары ачыкка чыгат [479]. Бул баалуулуктар лингвистикага катышкан ар бир терминди аныктоого жардам берүү менен бинардык оппозициялардын структурасын түзүүгө болот [479]. Анын пикиринде *“тилдин тутумун жана анын окшоштуктарын эмес, карама-каршылыктарын түшүнүү аркылуу маанилерди түзүп чыгуу”* мүмкүнчүлүгүн түшүнүүгө жардам берет [479]. Бинардык карама-каршылыктар тилди жана маанини түшүнүү үчүн негиз болуп саналат, анткени алар ар кандай түшүнүктөрдүн ортосундагы карама-каршылыктарды жана мамилелерди түшүндүрүүгө жардам берет. Фердинанд де Соссюрдун бинардык карама-каршылыктарын изилдөө менен үч түргө бөлүнөрү айтылат [429, 67-б.].

1. Бинардык жуп (бири-бирине окшош эки карама-каршылык)

Бул карама-каршылыктар бир бүтүмдүн ичинде болуп, анын кош мүнөзүн баса белгилейт. Мисалы, адамдын табияты, ал жакшылыкты да, жамандыкты да чагылдырат. Бинардык жуп (бири-бирине окшош эки карама-каршылык): бул карама-каршылыктар бир түшүнүктүн ичинде пайда болуп, анын кош мүнөзүн баса белгилейт. Мисалга адам баласынын табиятындагы жакшылык менен жамандыкты алсак, эки түшүнүк тең адеп-ахлактык чөйрөгө таандык, бирок карама-каршы моралдык чектен чыгууларды билдирет. Шакен Мамбетаипованын “Түркүн мүнөз” [580, 36-б.] аттуу ырында төмөндөгүдөй бинардык карама-каршылыктар берилген:

*Акыл-эси ар кандайча деңгээлдүү,*
*Ар башкача жаратыпсың пендеңди.*
*Бирөө чечен, бирок ишке эби жок,*
*Бирөө момун, бирок колу жөндөмдүү.*
*Бирөө пулсуз, бирок дайым шаттыкта,*
*Бирөө пулдуу, бирок көөнү пастыкта.*
*Бирөө жүрсө чоң оорусун билгизбей*
*Бирөө таза, бирок башы жаздыкта [580,* 36-б.*] .*
*The human mind holds all levels of thought.*
*You shaped people in ways that you sought.*
*One is eloquent but lacks practical skill,*

*Another is humble, yet capable still.*
*One is penniless but always feels joy,*
*While one wealthy may find no true buoy.*
*If one hides the truth of a serious plight,*
*Another is healthy but lies restless at night [544, 90-б.].*

*Бирөө чечен, бирөө пулдуу, бирөө соо → бирөө момун, бирөө пулсуз, бирөө оорулуу* деп, адамдын мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү болсо да бири-бирине карама-каршы келет, бирок дагы деле болсо адамдын мүнөзүнүн бирдей чөйрөсүнөн кабар берет. Адамдын мүнөзүнүн универсалдуу өзгөчөлүктөрү болгондуктан котормодо *eloquent, humble, penniless, wealthy, healthy* сыяктуу эквиваленттери менен берилип, карама-каршылыктар жашоонун маңызын түзөөрүнөн кабар берет.

2. Эки башка нерседеги карама-каршылыктар

Бул карама-каршылыктар эки башка объекттин же кубулуштун ортосунда кездешет, мисалы, асман менен жер, күн менен ай, жарык менен караңгыны билдирип, ар кандай чөйрөлөргө багытталган карама-каршы умтулууларды көрсөтөт, мисалы:

*Бирөө сүйсө, мейкиндикти, асманды,*
*Бирөө каалайт жерден кенди казганды* [580, 36-б.]
*If one loves the cosmos, the sky, and the earth,*
*Someone seeks treasures beneath the ground's girth [544, 90-б.].*

3. Абсолюттук карама-каршылыктар (биринин бар болушу экинчисинин жок болушун билдирет) [479]. Эгерде экинчиси бар болсо, биринчи түшүнүк болушу мүмкүн эмес дегенди билдирет. Мисалы, *тирүүлүк* жана *өлүм, тынчтык жана согуш,* тирүүлүктүн бар болушу өлүмдүн жоктугун билдирет же тескерисинче жарыктын болушу караңгылыкты жокко чыгарат. Бирок сулуулук менен бар болууну чыныгы түшүнүү үчүн карама-каршылыктарды таануу жана бириктирүү аркылуу гана мүмкүн экендиги Байыркы Гераклит (б. з. ч. 544) *"абсолюттук карама-каршылыктардын өз ара аракеттенүүсүнүн жүрүшүндө эң кооз гармония пайда болот"* деп белгилеген [389]. Карама-каршылыктарды аңдап билүү үчүн интеллект гана эмес, адамдын тажрыйбасынан да чоң нерсеге жетүү үчүн эмоционалдык жана руханий өсүш керек экендиги маалым.

Карама-каршы күчтөр тарабынан түзүлгөн баяндоо чыңалуусу (жакшылык менен жамандык сыяктуу) көбүнчө өсүү жана түшүнүү темаларын баса белгилеген канааттандырарлык резолюцияга алып келет. Поэзияда кубаныч менен кайгынын айкалышуусу окуянын эмоционалдык резонансын тереңдетип, адам башынан өткөн татаалдыгын ачып берет. Тынчтык менен согуш карама-каршы келип, биринин болушу экинчисинин бар экендигин жокко чыгарганы менен карама-каршылыктар аркылуу тынчтыкты баалай алабыз.

*Бирөө ойлосо дайым <u>тынчтык</u> болушту,*

*Бирөө көксөйт кыргын салган <u>согушту</u>* [580, 36-б.]

*If one longs for peace, a world without war,*

*Another desires conflict, seeking to score [544, 90-б.]*

Бул мисалдар поэзиянын чындыкты чагылдыруучу мүнөзү анын иллюзия эмес экендигинен кабар берип, дүйнөнү жана тилди түшүнүүбүздө бинардык карама-каршылыктардын кеңири жайылган мүнөзүн андан ары көрсөтүп, алардын маанини жаратууда жана эстетикалык эффект берүүдө салым кошуудагы ролун баса белгилейт. *Поэзияны философиялык багытта изилдөө* менен азыркы убактагы поэзиянын бинардык карама-каршылык мүнөзүнүн бири - чындыкты чагылдыруусу (“*At the heart of philosophical discussions of poetry is its relation to truth”* [324] баштапкы негиз болуп саналат.

Алгач поэзиянын бинардык мүнөзүнүн бири иллюзия же жалган экендигин Сократтын эмгектеринен байкоого болот [457]. Ал поэзиянын күчү таасирдүү болгондуктан адамдар үчүн коркунучтуу экендигин айткан, ал эми Аристотель поэзия “more philosophic” (көбүрөөк философиялык), философия үчүн пайдалуу деп ырастайт [212]. Аристотель поэзия, поэтика, этика жана башка поэзиянын философиялык маселелеринин ортосундагы окшоштуктарды табуу менен өзү акын болбосо да акындарга алардын чыгармаларын кантип түзүү керектиги боюнча практикалык кеңештерин берет [212, 10-б.]. Бирок, Аристотель поэзия баалуу болгону менен, философияга салыштырып караганда маанилүү эмес деп эсептеген. Аристотель үчүн, философия билимдин эң жогорку формасы, анткени ал дүйнө жана бар болуу жөнүндөгү негизги чындыктарды түшүнүүгө умтулат.

Ал эми поэзияда эмоциялар жана жеке тажрыйбалар көбүрөөк чагылдырылат. Бирок ага карабастан, ал поэзиянын олуттуу маниге ээ экенин моюнга алган [212]. Аристотелдин берүүсүндө поэзия ырахат тартуулайт, эмоцияларды өрчүтөт жана адеп-ахлактык чындыктарды кызыктуу түрдө бере алат. Ал философия көз жаздымда калтыра турган аспектилерди козгоп, адамдардын жашоосунда маанилүү ролду ойнойт. Аристотель поэзияны эмоционалдык жана моралдык салымдары үчүн баалуу деп эсептегени менен, анын масштабы чектелүү болушу керек жана философтор анын терең чындыктарга дал келишин жана коомго конструктивдүү салым кошуусун камсыз кылуу үчүн аны көзөмөлдөшү керек деп эсептеген. Бул жагынан алып караганда, Аристотель Сократтын поэзияны философтордун көзөмөлүндө болушу керек деген пикирине кошулат [212].

Плотин (Plotinus 204/5–270) [458], Аквинский (Aquinas 1225–1274) [210], Августин (Augustine of Hippo 354 –430) [216] жана Боэций (Boethius 475–7- 526) [239] да поэзиянын таасирдүү күчүн моюнга алышып, аны көзөмөлгө алуу керек деп эсептешет. Плотин поэзияны адамдын өсүү жолундагы баскыч катары эсептесе [458], Боэций акыл-эстин ишенимге карата түшүнүгү боюнча поэзияны таптакыр четке кагат [239]. Августин поэзияны (жана философияны да) бузуку пикирлердин булагы катары айыптайт [216], бирок кээ бир эмгектеринде Аквинский пикирин өзгөртүп, ал Аристотелге окшоп, поэзиянын адамдарды баалоодо потенциалдуу позитивдүү ролу бар экенин айтат [210].

Мурунку изилдөөчүлөрдөн айырмаланып, Вико (1668–1744) поэзияга оң көз карашта болгон, анын ою боюнча, “баардык коомдор алгач акылмандыкка үйрөткөн поэзия менен баштап, аягында билим берүүчү философияга өтүү менен адамзаттын жашоо жолундагы тарыхый өзгөрүү циклин баштан кечиришет [520]. Поэзия философияга баш ийүү менен адамдын билим алуусунда, жашоо маңызын түшүнүүдө алгылыктуу булактар болуп саналарын көрсөтөт [520].

Поэзиянын таасирдүү ролу Кант (1724–1804) менен Гегелдин (1770–1831) чыгармаларында уланып, Кант поэзияны даанышмандык менен байланыштырса [372], Гегель поэзиянын философиялык көз карашка ээ экенин ырастайт [339].

Канттын пикири боюнча “акындар инсандарга табияттан поэзияга өтүүгө мүмкүндүк берет, ал эң жогорку көркөм чыгармачылык катары адамдын моралдык сезимдерин жакшыртуу жана өстүрүү аркылуу феноменалдык дүйнөгө, жараткандын күчүн таанууга мүмкүндүк берет” [372]. Ал эми Гегель поэзияны философиядан кийинки тепкичке коюу менен адамдардын өзүн-өзү аңдоосун же түшүнүүсүн толук ишке ашыруу үчүн зарыл болгон кадам катары эсептейт [339].

Поэзияны философиялык системалаштырууга каршы чыккан философтордун бири Кьеркегор (Kierkegaard, 1813-1855) поэзиянын чындыкты айтуучу аткарган кызматын баалайт [377]. Анын айтуусунда поэзия адамдарга чындыкты издөөгө алып бара турган кусалык сезимин берүүчү кызматты аткарат [377].

Дильтей (Dilthey, 1833-1911) [285] менен Ницшенин (Nietzsche, 1844-1900) [436] чыгармаларында гана поэзия искусствонун толук кандуу чыгармачылык бөлүгү катары кабыл алынат. Эки ойчул тең билимдин булагы катары философиянын ордуна поэзияны коюшат. Поэзия Ницше үчүн жашоонун бар экенин ырастап, “улуу жана сулуу жандардын келечеги адамдын барган сайын адам катары жогорулап өсүшүндө” экендигин айтып кеткен [436, 71-б.]. Алардын пикири боюнча “философия жасалмалуулукту гана сунуштоо менен, адамдарды адеп-ахлактын кулуна айлантат” [436, 70-б.].

Дильтей жана Ницше сыяктуу кээ бир ойчулдар да акындардын даанышмандыгын мактап, поэзия менен философияны эки тарапка тең пайдалуу изденүү катары көрүшөт. Дильтейдин айтуусунда “биз өзүбүздүн турмуштук тажрыйбабызда пайда болгон сезимдер дүйнөсүнүн көп кырдуулугун табуу үчүн акындарга кайрылышыбыз керек, жашоодо байкалбай жок болуп кетүүчү нерсени өзүбүздөн табууга үйрөтүшөт: биз кубаныч менен кайгыны бирдей кабыл алууну, көнүмүш түйшүктөрүбүздөн эс алууну, табияттын бизге берген насаатын уга билүүнү үйрөнүшүбүз керек” экендигин эскертет жана Дильтейдин насааты тышкы объекттерге көңүл бурбастан, биздин ички мамилебизди түшүнүүгө өтүүнү камтыйт [436, 70-б.]. Дильтейдин эмгектеринде мындай ички мамиле поэзия аркылуу гана ачыкка чыга турганы талкууланган.

Поэзия менен философиянын ортосундагы талаш-тартыш байыркы Грециядан башталса да алардын ортосунда тыгыз байланыш бар экенин эч ким тана албайт. Бирок поэзия жана философия тил аркылуу дүйнөнү жана өзүбүздү таануунун жолдору, экөө тең жашоонун маңызын түшүнүүгө, божомолдорго каршы чыгууга жана таануунун жаңы перспективаларын сунуштоого умтулат. Мифтер менен реалдуу жашоонун, образдар менен жана концептердин айланасында ой жүгүртүүнүн, сүрөттөө менен чындыкты чагылдыруунун ортосундагы айырмачылыктар поэзия менен философиянын өзгөчөлүктөрүн көрсөтө алат.

Филип Сиднейдин (1554-1586) көз карашында поэзия философиядан жана тарыхтан жогору турат - “Poetry superior to Philosophy” [487, 50-б.], анткени анын окурманга болгон же боло турган нерселери жөн эле эмес, эмне керектиги жөнүндө жандуу, ынанымдуу мисалдарды бере алган. Философ этикалык принциптин абстракттуу сүрөттөлүшүн гана айта алат. Филип Сиднейдин айтымында, поэзия менен философиянын ортосундагы айырма бар, баалуулуктарды жайылтууда философия да, поэзия да өз ролун ойнойт, философия анын теориялык аспектилери менен алектенет жана осуят, сабак менен жакшылыкка үйрөтөт. Бирок поэзия осуяттарды да, практикалык мисалдарды да берет. Философия абстракцияларга негизделгендиктен, айтыла турган сөздү сырдуу же татаалдаштырып берет, ал эми поэзия философиянын жөн эле аныктамаларынан алда канча таасирдүү болгон баалуулуктарын жөнөкөй сүрөттөө менен, б.а. татаалдаштырбай, жеке ойдун күчү менен мисалдарды колдонуу менен берет. Жакшылык менен жамандыктын жашоого тийгизген таасири, күнөө жана жаза сыяктуу философиялык терең мааниси бар түшүнүктөр поэзияда даанараак көрсөтүлөрүн аныктап, Филип Сидней “поэзия өзгөрүүгө жана жакшылыкка түрткү берүүчү күчкө ээ экендиги жагынан философиядан жогору турат” деп айткан [487, 50-б.]. Акын эс-тутумун күмөн санаган бүдөмүк аныктамалардан баштабайт, бирок поэзия музыканын сыйкырдуу чеберчилигинин коштоосунда, жомок аркылуу, балдарга оюн сыяктуу, карыларга акылмандык берүүчү жамандыкты жеңип, жакшылыкка

жетүүнү көздөгөн чыгармачылык иш-аракет катары көрөсөт. Сиднейдин айтуусунда философия, “абстрактуу” ал эми поэзия “конкреттүү” [487, 69-б.] деп эсептеп, поэзиядагы сөздөр бизди “ойлонууга” жана баалоого эмес, сезүүгө же болууга же ырларда берилген татаал тажрыйбаны ишке ашырууга чакырат [487].

Джон Гибсондун 2015-жылы чыккан “Поэзиянын философиясы” аттуу китебинде акыркы жылдары философтор искусствонун дээрлик бардык негизги түрлөрү боюнча мисалы, роман жана живопись, музыка жана театр, бий жана архитектура, концептуалдык искусство, ал тургай багбанчылык боюнча да философиялык багытта маанилүү эмгектер жаратылып жатканын айтат [503]. Бирок поэзиянын философия үчүн өзгөчө орду бар экенин көрсөтүп, поэзия философиянын көтөргөн бир катар көйгөйлөрүн ачууга жана чечүүгө багытталганын айтат. Алардын ичинде поэзиянын өзгөчөлүгү катары аны философиянын пайдубалын түптөйт деп атайт, анткени поэзияда ар кандай табышмактар жана парадокстор чечмеленип, татаал философиялык мааниге ээ концептер кадимки жашоонун мисалдары аркылуу берилет деп белгилейт [503].

Искусствонун бир түрү катары поэзияга байланыштуу келип чыккан философиялык маселелер дээрлик бардык учурларда ага тиешелүү эмес, жалпысынан адабиятты (же искусствонун башка түрлөрүн) түшүнүүгө жана баалоого тиешелүү айтылаары Оксфорд эстетика окуу китебинде (Oxford Handbook of Aesthetics) талкууланат [431]. Мисал катары метафоранын табияты жана анын поэзияда чагылдырылышы алынган, «адабият философиясы» жана «сын философиясы» сыяктуу эле «поэзия философиясы» да бар экенин моюнга алуу керек деп аныктайт. Алекс Нейил (2003) *“поэзияны адабияттын башка түрлөрүнөн өзгөчө айырмалап турган үч аспектисине, тактап айтканда, «жеке» (субьективдүү) аспектисине, формалдуу аспектисине жана образдуу аспектисине токтолуубуз зарыл”* деп белгилейт [431].

*“Поэзия алгач философиянын бир тармагы катары жаралган, ал тирүү жана жандуу”* деген пикирлерин берген Джон Куктун “Poetry in Theory: An Anthology 1900-2000” аттуу эмгеги XX кылымдагы заманбап поэзия жөнүндө жандуу талаш-тартыштарды жараткан негизги сын жана теориялык тексттерди

бириктирген антология [267] болуп саналат. Сократтын заманынан башталган талаш-тартыштардын уландысы катары сын, теория, поэтика, эстетика, этика, тил, маданият жана адабиятка, фантазияга байланыштуу талкуулар берилет. Заманбап теоретиктер, Эзра Паундтан Жак Дерридага чейинки сынчы, акын, теоретик жана философтордун тексттерин камтыган эмгекте француз, немис, испан, италия жана орус тилдеринен которулган тексттер Британия, Ирландия, АКШ, Африка, Индия жазуучуларынын чыгармаларынан мисалдар келтирилет [267]. XX кылымдын поэтикасынын чоң антологиясы катары философия менен поэзиянын байланышынын тыгыз экендигин көрсөтөт [267]. Философия поэзиядан кандайча пайда ала алат деген суроого жооп табуу максатында жазылган эмгектердин бири катары бул антология *“философия поэзиядан көп маанилүү, сырдуу мистикалык чыгармаларда катылган бүдөмүк чындыкты таба алат”* деген жоопту берет. Ал эми ал чындыкты түшүндүрүү же чечмелөө поэзиянын эмес философиянын кызматы деген пикирди билдиришет [267].

Бинардык оппозиция катары поэзия менен философия бири–бирине карама-каршы келет деп эсептелинип келе жаткан ой-пикир көп эмгектерде берилет. Поэзияда конкреттүү нерсеге умтулабыз, ал эми философияда абстракттуу түшүнүктөр берилет. Абстрактуу идеяларды колдонуу менен чындыкты түшүндүрүү жана аны түшүнүүдө эффективдүү куралы болгону менен, анын өзү түшүнүк боло албайт. Башкача айтканда, бир нерсени куруу үчүн курал жарактарды колдонгондой эле, философиялык ойлорду конкреттүү поэтикалык тексттер менен түшүндүрөбүз.

*“Табышмактуулук жана түшүнүксүздүк дүйнөнүн табияты”* [487, 70-б.], ал эми мындай кубулуштарды тереңирээк таанып-билүү үчүн философиялык абстаркттуу ойлорду чагылдырган конкреттүү чыгармаларды түшүнүүбүз зарыл. Бирок, жашоону же концептти түшүнүүнүн өзү да чыгармаларда берилген чындыктын өзү да ачык эмес, купуя экенин эстен чыгарбообуз керек экендигин Гибсон *“бул дүйнөнүн табиятынын табышмактуулугунун жандырмагын поэзия гана бере алат”* деп сунуштайт [487, 70-б.].

Хайдеггер (1889-1976) [341] Дильтей менен Ницшенин концепциясын жактоочу катары поэзиянын таасиринин олуттуу экендигин көрсөтүү менен улантат. Хайдеггер поэзияны “эң таза айтылган тил, адамдар чындыкты түшүнүү үчүн, башкаруу жана манипуляциялоо сыяктуу жасалма аракеттерден качуу үчүн поэзияга кайтуу керек” деп ырастайт [341].

Фердинанд де Соссюр (1857-1913) [479], Поль де Ман (1919-1983) [276] жана Жак Деррида (1930-2004) [278] сыяктуу постмодерн философтор поэзияны “чындыктын булагы” катары каралууда. Де Мандын *“баалуулуктар жөнүндөгү билдирүүлөр фактылар жөнүндөгү билдирүүлөрдөн түп-тамырынан бери айырмаланат — аларды башкаларга туюнтуу жолу да, ыкмасы да өзгөчө”* деген адабиятты сын көз менен баалоо кеңеши дагы да актуалдуу [276, 4-б.]. Бул постмодерн заманындагы ойчулдар философиялык көз-караштардын келип чыгыш себеби кандайдыр бир метафизикалык же онтологиялык чындыкты таап чыгуу гана эмес, тескерисинче, тексте карама-каршылыктарды, бүдөмүктүктөрдү жана дал келбестиктерди издешет [276, 72-78-б.].

Изилдөөчүлөрдүн айтымында *“философия менен поэзиянын талашы байыркы замандан башталып, бүгүнкү күндө да улануда”, биз эки миң жылдан ашык убакыт өтсө дагы ошол эле жерге кайтып келдик, азыркы убакта деле поэзия да, философия да адам билиминин жана маанисинин өзгөчө булагы деген дооматтар бири-бири менен талашып-тартышып турат”* [276, 74-б.] деген ой-пикирин билдиришет. Клод Леви-Штросс *“биринчи жолу социалдык илимдер керектүү байланыштарды түзө баштады”* [392, 33-б.] деп, бул байланыштын негизги принциптерин көрсөткөн:

(1) акыл эс менен иштелип чыккан мыйзамдар азайып, туюм менен берилген божомолдорго жол ачылат;

(2) бинардык оппозицияга көңүл бурмайынча бир да анализ жасалбайт, ар бир социалдык факт алардын байланышы менен кошо берилет;

(3) системанын концепти методологиялык деңгээлде кандайдыр бир форманын же конфигурациянын эле натыйжасы гана болбостон андан жогору изилденет;

(4) жалпылыктарды көрсөтүүчү мыйзамдар 1-2 учурлардагы систематикалык божомолдоолорду иштеп чыгууга мүмкүндүк берет [392, 33-б.].

Маданият таануу жана маданий окуп үйрөнүүдө Леви-Штросс негизги көңүлдү бинардык оппозицияга буруп, татаал социалдык жана маданий формацияларды кайрадан изилдеп чыккан. Мындай анализдин натыйжасында маданий жана социалдык көрүнүштөрдүн деңгээлин, идеялар, баалуулуктардын концептуалдык системасын көрсөтүү менен анализдөөгө мүмкүндүк берет. Леви-Штросстун эң көрүнүктүү анализи мифтерге багытталган, анда негизги маселе коомдогу адабият менен элестетүүнүн бир бүтүн нерсе катары аткарган кызматы изилденген. *“Миф тил сыяктуу ар кандай бөлүктөрдөн турган бирдик”* [392, 210-б.] катары каралып, бирок мифтин маанисин изилдөө бир эле мифтин тегерегинде анын маанисин издебестен, ошол бирдиктер биримдик катары кантип бир топтомго чогула алат, ал бирдиктерди кантип таап, изилдесе болот деген суроолорго жооп табуу болгон. Леви-Штросс “мифтерди бириктирип турган чыныгы бирдик өз алдынча бөлөк турган элементтер эмес, алардын ортосундагы байланыштын бутактары / жолдору” экендигин теория катары киргизген [392, 211-б.]. Чыгармадагы элементтерди өз алдынча бөлүп карап, аларды катмарларга бөлүп, алардын кайсы бутакка тиешелүү экенин көрсөтүү менен чыгарманын ичиндеги ички оппозицияны көрүүгө мүмкүн болорун чыгармаларды изилдөөдө көрсөткөн. Мындай анализди жүргүзүү менен Леви-Штросс адамдардын жаралышы жөнүндөгү “Адамдарды табият жаратабы же маданиятпы?” деген сыяктуу суроолорду кайрадан коет. Ушул жолдор менен Леви-Штросс чыгармаларга синхроникалык интерпретация жүргүзүп, андагы негизги идеянын берилишин, окуянын окурмандарга тийгизген таасирин, бинардык оппозициянын чечмеленишин, ж.б. изилдеп, диахроникалык деңгээлде ал чыгармалардын башка версияларын да карап чыккан.

Жыйынтыктап айтканда, поэзиянын философиялык негиздерин изилдөө эки ой чөйрөсүнүн ортосундагы терең жана чырмалышкан байланышты ачып берет. Поэзия метафора, символ, эмоционалдык резонанстарга бай колдонулушу менен адамдын абалы, реалдуулук жана болмуш жөнүндөгү чындыктарды жеткирүү

үчүн кызмат кылат. Поэзиянын философиялык маанисин иликтеген Аристарх, Аристотель сыяктуу алгачкы грек философторунан баштап, азыркы ойчулдарга чейин поэзия менен философиянын диалогу үзгүлтүксүз жүрүп келген.

Платон жана Сократ өңдүү философтор поэзиянын кош табиятын иллюзия булагы катары да, терең чындыктарды билдирүүчү каражат катары да баса белгилешкен. Чындык менен иллюзиянын, чындыкка каршы абстракциянын экилик карама-каршылыгы поэзиянын тегерегиндеги философиялык дискурстун көбүн баса белгилейт. Бул чыңалуу поэзиянын акылмандык менен өзүн-өзү аңдоо мүмкүнчүлүгүн тааныган Кант, Гегель жана Ницше сыяктуу кийинки философтордун көз карашында чагылдырылган.

Мындан тышкары, постмодерндик философтор поэзиянын татаал, абстракттуу концепцияларды билдирүүдөгү ролун жактап келишет. Де Соссюр, де Ман жана Дерриданын эмгектеринде поэзиянын адамдык тажрыйбага мүнөздүү болгон нюанстар жана эки ача түшүнүктөрдү кабыл алуу жана билдирүүдө мааниси баса белгиленет.

Негизи поэзия менен философия бири-бирин толуктап турат, поэзия философиялык абстракциялардын конкреттүү, жандуу иллюстрацияларын жана философия поэтикалык тексттердин ичиндеги терең маанилерди түшүнүү үчүн негизди сунуштайт. Бул симбиотикалык байланыш эки тармакты тең байытып, жашоонун жана адамдын түшүнүгүнүн татаалдыгын толук айкындоо үчүн философиялык изилдөөнү поэтикалык экспрессия менен айкалыштыруунун маанилүүлүгүн көрсөтөт. Бул интеграция аркылуу поэзия тилге жана эстетикага болгон баа берүүбүздү гана жогорулатпастан, чындык жана болмуштун табиятына карата философиялык көз карашыбызды да тереңдетет.

Таблица 1.1. *Поэзияны чындык деп эсептеген философтор:*

| Философтор | Поэзияга көз карашы |
|---|---|
| Аристотель (б.з.ч. 384-322-жж.) | *“Поэзия универсалдуу чындыкты ачып берүүчү мимесистин (туурoонун) бир түрү”; “Поэзия өзгөчөлүктөргө караганда универсалдуу нерселерге бай”* [212]. |
| Плотин (б.з.ч. 204 -270-жж.) | Поэзия кудайга жакындоо жана чындыкты түшүнүүгө карай жасалган кадам деп ишенген [458]. |

| | |
|---|---|
| Аквинский (1225-1274) | Адегенде күмөн санап, кийинчерээк поэзиянын адеп-ахлактык чындыктарды жана адамдык тажрыйбаларды жеткирүү мүмкүнчүлүгү бар экенин тааныган [210]. |
| Иммануил Кант (1724-1804) | Поэзияны адеп-ахлактык сезимдерди өстүрүүнүн, жаратылыш менен адамдын чыгармачылыгынын ортосундагы ажырымды жоюунун каражаты катары көргөн [372]. |
| Г.В.Ф. Гегель (1770-1831) | Поэзияны адам өзүн-өзү таануунун, аң-сезимдин өнүгүүсүнүн маанилүү этабы жана философияга зарыл кошумча каражат катары караган [339]. |
| С. Кьеркегор (1813-1855) | Поэзиянын чындыкты айтуу функциясын жогору баалап, ал жеке адамдарда чындыкка болгон эңсөөнү жаратат деп ишенген [377]. |
| Фридрих Ницше (1844-1900) | Поэзия жашоонун бар экенин далилдегени жана терең экзистенциалдык чындыкты бере алганы үчүн бааланат [436]. |
| Филип Сидней (1554-1586, Ренессанс) | Поэзиянын дидактикалык дараметин моюнга алып, ал чындык менен фантастиканын ортосундагы чектерди бүдөмүктөп турса да конкреттүү элестүүлүгүн бере алат [487]. |
| Вильгельм Дильтей (1833-1911) | Поэзия адамдын тажрыйбасы жана сезимдеринин ар түрдүүлүгүн ачып, философия көз жаздымда калтыра турган түшүнүктөрдү берет [285]. |
| Мартин Хайдеггер (1889-1976) | Поэзияны тилдин эң таза формасы, бар болуу жөнүндөгү чындыктарды ачуу үчүн зарыл деп эсептеген [431]. |
| Поль де Ман (1919-1983, XX кылым) | Чындыктын жана татаалдыктардын табиятын ачып бере алган поэзияга сын көз караш менен баа берүү зарыл [276]. |

Таблица 1.2. *Поэзияны илююзия деп эсептеген философтор*

| *Философтор* | Поэзияга көз карашы |
|---|---|
| Платон (б.э.ч.428/427 - 348/347-жж.) | “Республика” аттуу чыгармасында поэзияны сындап, анын реалдуу жашоону туурооучулукка негизделгенин, ошону менен эки жолу чындыктан четтетилгенин белгилеген жан ал поэзияны адаштыруучу катары көргөн [457]. |
| Сократ (б.э.ч. 470/469-399-жж.) | Поэзияны эмоцияларды башкаруу жана иллюзияларды жаратуу күчү менен коркунучтуу деп эсептеген [457]. |
| Августин (б.э.ч. 354-430-жж.) | Поэзияны (жана айрым философиялык иш-аракеттерди) адашуунун жана кудайга болгон ишенимден жана чындыктан алагды кылуунун булагы катары айыптаган [216]. |

| | |
|---|---|
| Боэций (б.э.ч. 480-524-жж.) | Акыл жана ишенимге негизделген философиялык түшүнүк пайдасына поэзияны четке каккан [239]. |

*Поэзия чыгыш философторунун көз караштарында*

Орто Азия элдеринин орто кылымдагы философторунун ичинен эң көрүнүктүүсү Абу Насыр Ибн Мухаммед Аль Фараби (870-950) [13] болгон. Анын *“адамдын табигый, тубаса рухий касиеттери музыка жана ыр жаратууга мүмкүнчүлүк берет”* деген пикири поэзияга болгон көз карашын билдирет [13]. Аль Фараби музыканы бакыт же гармониялуу жашоонун ажырагыс модели катары карайт. Анын социалдык-этикалык көз карашы боюнча искусствону бакыт жана ийгиликтин белгиси деп атаган [13]. Аль Фараби Аристотел жана Платондун чыгармаларын которуу менен карапайым элдин деңгээлин эске алып, философияны жакындатып, түшүнүктүү жеткирген. 70тен ашуун тилде эркин сүйлөй билген, «чыгыштын Аристотели» деген наамга татыктуу болгон [12]. Аль Фарабинин тил илими, билим жана араб тилинин өнүгүшү жөнүндөгү көз караштары дүйнөлүк тил илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошкон [438].

Орто Азия элдеринин совет мезгилинен кийинки поэзияга болгон философиясы бир кырдуу эмес, көп түрдүү экендиги изилдөө эмгектеринде берилген [130]. Окумуштуулардын айтымында, мындай көрүнүш “совет мезгилинде расмий философия догматикалык марксисттик идеологияны колдоо болгондуктан, Орто Азия элдеринин нукура элдик ой-жүгүртүүлөрү жаздымда калган” [130], [61]. Окумуштуулардын пикиринде *“Аль Фарабинин чыгармачылыгын изилдөө менен “эмнегедир эл арасында “поэзия акылсыз, ал эми илим акылдуу”* деген көз караш жайылтылып кеткен, окумуштуу менен акындын аткарган кызматтары адилетсиз бөлүнө баштады” деген ойду айтышкан [145]. *“Омар Хайям математикалык трактаттарды ойлоп тапкандыгы үчүн төрт саптуу формула сыяктуу рубайи - ырларды жараткан, ал эми Аль Фараби философия аркылуу даанышмандык тараткан, символдорду чече билген, анткени аларды өзү жараткан, ошондуктан ойчул жана акын бир сөз менен өз*

*пикирин билдиришкен, анткени экөө тең аң-сезим менен иштеген жаратуучулар”* деп аташкан [145].

Чыгыш аристотелизмдин өкүлү, окумуштуу философ Абу-Али-Ибн-Сина (Авиценна 980-1037) - Орто Азия элдеринин атактуу илимпозу, философ, дарыгер, акын [185, 48-б.] болуп, неоплатонизмдин салттарын уланткан. Ибн Сина эмгектеринде конкреттүү жана «материалдык» чындыктын, ошондой эле фантазиянын маанилүүлүгүн баса белгилеген [6]. Поэзияда өзгөчө айкын көрүнгөн интуитивдик фантазия менен фантазиянын таанып-билүү ролуна жогору баа берилиши зарыл деген [66]. Ибн Сина чыгармаларында адамдын ден соолугун сактоого чоң көңүл бурган, анын поэмалары биздин доордо да маанисин жоготпой акыл-насааттарды берет. Ибн Сина өзгөчө логикага токтолуу менен “адам өзүн таанып-билүүсү - бул милдеттердин милдети, аны чечүү – ийгиликсиз иштерден алыс болуу” деген философиялык көз карашын поэзия аркылуу жеткирген [6].

Дүйнөлүк руханий маданияттын ири өкүлдөрүнүн бири, көрүнүктүү түрк ойчулу, философ, акын, энциклопедист Жусуп Баласагын (1016-1075) “Кут билим» (Кутадгу билиг) аттуу 13000 саптан турган чыгармасын 1069-1070-жылдары эски түрк тилинде жазган [26]. Бул дастанда акылмандыкка жол көрсөтүү менен орто кылымдагы адеп-ахлак, коомдук жашоонун мыйзамы, эрежелери, дүйнө түзүлүшү жана аны таанып, билүүсү жөнүндөгү көз караштары баяндалган. Жусуп Баласагын жаратылыш кубулуштарынын пайда болуу, өнүгүү жана жок болуу себептерин ачып көрсөткөн. Анын айтуусунда “Дүйнөнүнүн негизин төрт нерсе түзөт: *жер, суу, от, аба,* ал эми коомдук турмуштун негизин да төрт нерсе түзөт: *адилеттик, бакыт-таалай, акыл-эс жана каниет (токпейилдик),* аталган баалуулуктар анын поэзиясы аркылуу берилген [130]. Жусуп Баласагын өзүнүн этикалык окуусунда билимге өзгөчө маани берип, аллегориялык көркөм образдар аркылуу терең философиялык маселелерди козгоп, жашоонун маңызы тууралуу ырааттуу ой жүгүртөт. Жусуп Баласагын жөнүндө *“сүрөтчүлүк жана ойчулдук — эки өнөрдү тең тизгиндеп, поэзиянын көркөм каражаттары аркылуу татаал философиялык маселелерди*

*туюндурган”* деп баяндашат [26]. *“Чыныгы поэзия өзүнүн табияты боюнча философияга өтө жакын”* деген ой-пикирди билдирүү менен философиялык ой жүгүртүүлөр көркөм поэзияга мүнөздүү эмоционалдык толкунануу менен байланышта, ал эми *“поэзия болсо көркөм каражаттар аркылуу рационалдуулукка умтулуп, дүйнө түзүлүшүнүн татаал сырларын туюндурат”* деп байыркы грек философторунун ой-пикирлерине кошулат [26]. Философия да, поэзия да турмуштук аңыздан азыктанып, жашоонун көрүнүш-кубулуштарын жалпылоого негизденет деген тыянакка келүү менен “Кут билим” (“Кутадгу Билиг”) чыгармасы доордун философиялык аң-сезимин туюндурган поэтикалык чыгармаларга кирээрин аныкташат [26].

*Адамзатты жаратты жандан артык,*
*Акыл, билим, өнөрдү берди калпып.*
*Ак пейил тилди, ойду кошо берди,*
*Жаркын жүз, жакшынакай келбет, өңдү.*
*Билим берди — адамзат улуу болду,*
*Окуу менен көп ачты сырдуу жолду.* [26, 44-б.]

Жусуп Баласагындын поэмасында философиялык идеялар адамзаттын жаралышына басым жасап, акыл-эси, билими жана чыгармачылык жөндөмү бар инсан катары сүрөттөлөт. Тил жана ой жүгүртүү акылмандыкка алып баруучу жол катары белгиленет, ал эми билим берүү жашоонун сырларын ачып берген күч катары каралат.

Кыргыз философиясы байыртан эле поэзия менен айкалышып келген. Анткени кыргыз акындары бир эле мезгилде акын да, акылман, ойчул болушкандыгы адабият тарыхынан баарыбызга маалым [61]. Акын-заманчылар Калыгул Бай уулу (1785-1855), Арстанбек Буйлаш уулу (1824-1878), Молдо Нияз Эрназар уулу (1823-1896), Нурмолдо Наркул уулу (1838-1920), Женижок Көкө уулу (1860- 1918), Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1866- 1917) ж.б. көптөгөн ойчул-акындардын кошкон салымдары арбын. Кыргыз акындары дүйнөгө болгон философиялык көз караштарын, социалдык чындыкты поэзияда чагылдырышкан, «заманчы акындар» деген атка ээ болгон эң көрүнүктүү эки

акынды мисал катары алабыз. Алардын бири Калыгул Бай уулу (1785-1855) [92] «замана» агымынын негиз салуучусу, ойчул, акылман, меселчи, нускоочу, чечен болгон (61, 113-б.). Ойчулдун коомдук-социалдык көз карашы, элге сиңип кеткен философиялык ой толгоолору бар, «Замананын жаманы / Кат билбеген нааданы / Билимден куру калганы" деп, караңгылыкка каршы турган [85]. Анын философиялык ойлору коом, замана, анын келечеги, адеп-ахлактык, руханий дүйнөсүндөгү социалдык курч маселелер болуп саналат [61, 138-б.] "Кыргыз элинин белгилүү даанышманы, айткан сөздөрү калктын жүрөгүнө эм болгон, санатчы-насыятчы акын" [85] экени жана анын адамдын өмүрү, замандын "келечеги", эл, турмуштагы жакшылык жана жамандык жөнүндө жазган "Замана" аттуу ырлары эл арасына кеңири таралган [132].

Кыргыз элинин философиялык ой-жүгүртүүсүндө ойчулдардын чыгармаларында "жакшылык", "жамандык", "билим" жана "ишеним", "боорукердик", "сүйүү" ж.б. дүйнө тааным маселелери талкууланат [92]. Илимпоздордун пикири боюнча кыргыз ойчулдары атайын философиялык маселелерди иштеп чыгышкан эмес, бирок өз элинин маданияты, философиялык дүйнө таанымын калыптандыруусунда чоң ролду аткарышкан" [92]. Руханий турмуштун өнүгүшүндө көрүнүктүү орунга ээ болгон белгилүү ойчул акындардын ырлары бүгүнкү күнү да тарыхчы, адабиятчы, философтордун илимий кызыгуусун туудурат [180]. Алардын катарында акын-философ Өтө Көкө уулу Жеңижоктун (1860-1916/18) дүйнөгө философиялык көз карашы "акыл-эстин кудуреттүүлүгүнүн салтанаты" катары адамзаттын улуулугун, сулуулугун даңазалоосунда деп айтсак болот [60]. Жеңижоктун дүйнөнүн жаралышы сыяктуу терең философиялык кабылдашы элдик аң-сезимди өзүнө сиңирип алып, кадимки күнүмдүк турмуштун көз карашы менен жеткиргенинде деп айтылат [60, 17-б.]. Анын философиялык идеялары өз элине жетээр бекен деген арманда кеткен акындын ырларында калган:

*Арманга толо муң калды,*
*Аз кыргызым окуурга*
*Ак куржун толо ыр калды,*

*Арманым айтсам жаманбы,*

*Аз кыргызым кат билбейт,*

*Кантейин, аңкоо кылган заманды [62].*

Улуу акындын ырлары кыргыз адабиятын баалоо, поэзиянын бай мурасын сактоо, кыргыз элинин маданий өзгөчөлүгүн жана адабий салттарынын кеңири кабыл алынышын көздөгөн максатын чагылдырат.

### 1.2. Изилдөөнүн филологиялык негиздери

Кыргыз ырларын англис тилине которуу жолдорун иштеп чыгуу, өзгөчөлүктөрүн жана котормодо колдонулган трансформацияларды изилдөө, колдонуу себептерин ачып көрсөтүү, мүнөздөмө берүү, түп нускага жана анын котормосуна лингвостилистикалык жана лингвосемиотикалык анализ жүргүзүү, котормонун экстралингвистикалык жана функционалдык стилистикалык факторлорун аныктоо максатында изилдөөнүн *теориялык негизи жана илимий булактары* катары көптөгөн окумуштуулардын эмгектери колдонулду. Котормочунун ишин татаалдаштырган поэтикалык чыгармалардын өзгөчө спецификасын белгилөө менен поэтикалык чыгарманын формасы, мааниси, музыкалуулугун сактоо, каармандын маанайын берүү сыяктуу которуу маселелерин камтыган изилдөөлөр негиз катары пайдаланылды.

Лингвостилистика жана лингвосемиотика – бүгүнкү күндөгү филологиянын башкы маселелеринин бири. "Филология" деген сөз грек тилинде эки бөлүктөн туруп, *“филейн” – “сүйүү”, “логос” – “сөз”* жана *“маани”* дегенди билдирет [198, 12-б.]. Филология – айтылган сөздүн, адамдын ой жүгүртүүсү жана маданиятынын маанисин чечмелөөгө багытталган [198, 12-б.]. Филология – айтылгандарды жана жазылгандарды түшүнүү өнөрү, ошондуктан, анын түздөн-түз изилдөө чөйрөсү тил жана адабият болуп саналат [198, 12-б.]. Г. О. Винокур филологияны тилдин жана адабияттын маданий өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө багытталган иш-аракет катары аныктайт, мында тил өзүн-өзү камсыз кылуучу объект катары эмес, жазуу жана адабиятка кызмат кылуучу каражат катары каралат [198, 87-б.]. С.С. Аверинцев филология (грекче φιλολογία, тил, каттар,

сөзгө болгон сүйүү) – жазуу түрүндөгү тексттерди тилдик жана стилистикалык талдоо аркылуу адамзаттын руханий маданиятынын тарыхын жана маңызын изилдеген гуманитардык дисциплиналардын шериктештиги деп атаган [7, 974–979-б.]. Текст өзүнүн ички аспектилер жана тышкы байланыштар жыйындысында филология үчүн маанилүү баштапкы чындык катары каралат [7, 974–979-б.], ал эми стилистика – адабий тексттерде колдонулган сөз каражаттарынын тутуму жөнүндөгү илим. Стилистика - жазуудагы же тексттеги лингвистикалык элементти (башкача айтканда, маданият же бүтүндөй тил сыяктуу атайын структураларды чечмелөөгө жөндөмдүү структура) интерпретациялоочу илимий-теориялык тармак деп аталат [236]. Ал ар кандай адабий жанрлар, агымдар, стилдер жана методдордун конкреттүү элементтерин изилдеп, алардын ички байланыштарын табууга багытталат. Теориялык стилистика көбүнчө поэтика деп аталат, анын изилдөө максаты “лингвистикалык жактан адабият деген эмне?” деген суроого жооп издөө менен адабий тексттердин көркөм сөз каражаттарын талдоо [236]. Ошондой эле поэтика – стилистиканын мүнөзүн жана максатын аныктоочу тармак, б.а. стилистиканын стилистикасы же метастилистика деп аталат [236]. Поэтика жалпы (теориялык жана систематикалык "макропоэтика"), жеке (же сүрөттөөчү — "микропоэтика") жана тарыхый топторго бөлүнөт [118118, 530-б.]. Метастилистика же теоретикалык стилистика поэтикалык изилдөөдө үч тармакка бөлүнөт: тексттин үнү, сөзү жана образдуу түзүлүшү, алардын ритми, метрикасы, стилистикалык түзүлүшү жана образдардын берилиши. Стилистикалык поэтика айрым чыгармаларды же чыгармалардын топторун талдоого, алардын курамын жана түзүлүшүн изилдөөгө багытталат. Тарыхый поэтика ар кандай маданий салттардын жалпылыктарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып, поэтикалык элементтердин жана тутумдардын эволюциясын изилдейт [118, 532-б.].

Стиль Гальпериндин аныктамасында *"тилдик бирдиктердин, экспрессивдүү каражаттардын жана стилистикалык бирдиктердин уникалдуу айкалышы"* катары акындын чыгармаларын же сөздөрүн таанып-билүүгө мүмкүндүк берет [317, 17-б.]. Максатына жараша лингвостилистиканын *эстетикалык,*

*поэтикалык, дескриптивдик, риторикалык, тарыхый, маданий, психологиялык, феминисттик* сыяктуу түрлөрүн аныктоого болот [118, 273-б.]. Теоретикалык поэтикалык стилистика адабият таанууда көбүнчө тексттин экспрессивдүү каражаттарынын системасы катары каралат. Бул тармакта көркөм чыгармаларды гана эмес, ошондой эле адабий дооорлорду жана жанрларды, композициянын ыкмаларын, каармандардын жана конфликттердин түрлөрү сыяктуу поэтикалык элементтердин көркөм сөздү курууга катышуусу да каралат. Кээ бир окумуштуулардын эмгектеринде поэтикалык стилистика акын-жазуучуларга, адабий агымдарга мүнөздүү болгон эстетикалык каражаттар системасындагы адабий чыгармалардын түзүлүшүн талдоочу бирдиктүү дисциплина катары да каралат. Поэтикалык стилистиканын котормодогу *изилдөө чөйрөсү* – көркөм чыгармалардын түзүлүшүнүн мыйзамдары гана изилденбестен, тилди интенсивдүү колдонуу чөйрөсү катары көркөм сөз каражаттарынын бүт системасы да изилденет [118]. Лингвостилистиканын *милдети* – автор колдонгон потенциалдуу тилдик, семантикалык жана стилистикалык мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтүү, ошондой эле чыгармадан эстетикалык таасир алуунун калыптанышына катышкан тил бирдиктерин талдоо жана системалаштыруу болуп саналат. Лингвостилистиканын *изилдөө объектиси* – көркөм адабияттын тили. Лингвостилистика *"тил илими менен көркөм адабият таануунун тогошуусунда туруп, эки илимди байланыштырып турган тил илими"* [114, 269-б] болуп саналат. Лингвопоэтика жана лингвостилистика тилди изилдөөнүн салыштыруу принциптерине негизделгендигин белгилеп, В. Я. Задорнова [69], [68], [70], лингвистиканын өсүп өнүгүүсү көркөм адабияттарды которууда жетишкен натыйжаларга таянган филологиянын өнүгүүсү экендигин аныктоо менен метрика жана рифма маселелерине көңүл буруп, поэтикалык форманын ар кандай аспектилерин, тилдин структуралык элементтери көркөм экспрессивдүүлүктү кандайча түзөрүн изилдеген. Лингвистикалык стилистика адабият, лингвистика, стилистика, поэтика, семиотика, антропология, социология, концептология, адабият теориясы жана критицизм илимдери менен тыгыз карым-катышта өнүгөт. Лингвостилистиканын негизги принциптери

поэзияны түшүнүүдө жана талдоодо лингвистиканын ролун баса белгилеген авторлордун эмгектеринде берилген. В. Виноградов, А. А. Липгарт көркөм тексттеги тилдик структуралар менен поэтикалык формалардын өз ара байланышын изилдөө менен лингвостилистиканын өнүгүшүнө олуттуу салым кошушкон. Алардын эмгектери [114], [115] поэзиянын ритмикалык-синтаксистик өзгөчөлүктөрүн жана алардын текстти кабыл алууга тийгизген таасирин талдоого арналган. Г. О. Винокур [44], поэзиядагы стиль жана тилдик каражаттардын маселелерине өзгөчө көңүл буруп, орус адабий тилинин тарыхын жана теориясын изилдеген. В.В. Виноградов метафора жана символизм сыяктуу аспектилерди талдоо менен поэтикалык тилди стилистикалык өңүттө изилдөөгө олуттуу салым кошкон [42], [150] жана поэзиянын стилистикасы жана лингвистикалык анализинин кеңири маселелерин камтыган. Том Джонс [368] поэтикалык тилдин калыптанышы, маданий жана тарыхый факторлордун таасирине көңүл буруп, англис тилдүү поэзиянын өзгөчөлүктөрүн лингвостилистикалык жаатта караган. В.М. Жирмунский [65] адабий чыгармалардын стилистикалык аспектилерине өзгөчө көңүл буруп, адабият жана поэтика теориясын изилдеген. Б.В. Томашевский [174] көркөм образды жаратууда формалдуу элементтердин ролун белгилеп, поэтикалык текстти талдоонун негизги түшүнүктөрүн жана ыкмаларын киргизген. Ю. Н. Тынянов [178] стилистика, поэтика, адабият тарыхы жана кинонун өз ара байланышын изилдеп, адабий формалардын өзгөрүшүнө жана алардын башка искусстволор менен өз ара байланышына басым жасаган. В. Б. Шкловский [196] көркөм прозаны талдап, тилдик жана адабий ыкмалар жана баяндоо структурасын изилдеген. Д. А. Романов [155] көркөм тексттеги тилдик каражаттарды талдоо менен лингвистикалык стилистиканын жана поэтиканын негиздерин баяндаган. А. Т. Грязнова [51] көркөм текстти стилистикалык анализдөө менен поэтикалык тилди изилдөө үчүн ар кандай ыкмаларды жана багыттарды сунуш кылат.

Поэтика адабий чыгармалардагы сөз каражаттарынын тутуму жөнүндөгү илим катары, ар кандай адабий жанрлар, стилдер жана методдордун өзгөчөлүгүн, ошондой эле алардын ички байланыштарын жана өз ара аракеттенүүсүн

изилдеген адабият таануунун негизги тармактарынын бири болуп саналат. Кыргыз поэзиясын изилдөө контекстинде стилистика - чыгарманын эстетикалык таасир берүүсүнө катышкан тексттин элементтерин талдоого жана системалаштырууга мүмкүндүк берет. Лингвостилистиканын негизги максаттарынын бири – адабий чыгарманын формасы болгон көркөм адабият тилинин өзгөчөлүктөрүн изилдөө. Кыргыз поэзиясынын котормолорун изилдөөдө көркөм кептин ритмика, фоника, интонация стилистикалык айрым элементтерин изилдеп, кыргыз маданий контекстине мүнөздүү поэтикалык образдар жана идеяларды кантип жаратаарын түшүнүүдө маанилүү роль ойнойт.

Лингвостилистика кыргыз акындарынын салттуу жана жаңы поэтикалык ыкмаларды кандайча колдоноорун, өз чыгармаларына инновациялык темаларды жана образдарды кантип киргизээрин изилдөөгө мүмкүндүк берет. Стилистика боюнча классикалык чыгармаларда белгиленгендей, изилдөөчү, изилденип жаткан чыгарма менен бир маданиятка таандык болсо, поэзияны жакындан сезип, башка маданиятка жеткирүү милдетин аткарат. Кыргыз поэзиясынын стилистикасы адабий чыгармаларды улуттук маданияттын контекстинде түшүнүүгө гана өбөлгө түзбөстөн, көркөм кептин өзгөчө элементтери жана чыгармалардын структуралары аркылуу көрүнгөн көркөм чыгармачылыктын универсалдуу мыйзамдарын ачууга да жардам берет. Кыргыз тили жана адабияты жаатында көптөгөн окумуштуулар лингвистика, поэзия, адабият жана котормо илимдери тармагына чоң салым кошуп, кыргыз тили жана адабий чыгармаларынын түзүлүшү жана эстетикалык аспектилери менен терең байланышты чагылдыруу менен кыргыз маданиятынын контекстиндеги поэтикалык чыгармаларды кеңири түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Бул изилдөөлөр кыргыз тилинин илимий жана адабий салттарын белгилеп, кыргыз поэзиясынын көркөм өнөрү жана анын лингвостилистикалык жана стилистикалык негиздерине сын көз караш менен карайт. Окумуштуулар стилистиканы жана поэтикалык формаларды талдоодон тышкары котормо изилдөөлөрүндө жана адабий тексттерди лингвистикалык жактан изилдөөдө да чоң жетишкендиктерге

жетишип, тил, маданият жана адабияттын өз ара аракеттенүүсү жөнүндө кеңири түшүнүк беришет.

Кыргыз филологиясында көркөм адабиятты лингвостилистикалык жана лингвосемиотикалык аспектиде изилдөө багытындагы негизги илимий-теориялык жана методологиялык эмгектерге З. К. Караеванын [90,121-б.], Б. Ш. Усубалиевдин [183], А. Э. Абдыкеримованын [4], ж.б. илимий иштери кирет. З. Караева (2006) *"Лингвостилистикалык анализдин предмети адабий тексттин өзү гана эмес, анын маниси жана окурманга тийгизген таасири"* деп белгилеп, лингвостилистикалык анализдин эки этабын көрсөткөн: 1) экспрессивдүү, эмоционалдык баалоочу маанини изилдеген лингвистикалык-стилистикалык анализ; 2) поэтикалык анализ же чыгарманын идеясынын лингвопоэтикалык анализи [90, 246 б.]. Ал эми Б. Ш. Усубалиев [183,1-б.] *"Көркөм чыгарманын жалпы эстетикалык-көркөмдүк дөөлөтүн ачып берүүнүн негизги өбөлгөлөрүнүн бири – алардын тилин иликтөө"* экендигин белгилесе, А. Э. Абдыкеримова [4, 8-б.] *"адабият менен тилдин бирдиктүү, өз ара байланыштуу жана бири бирине көзкаранды тенденцияларын изилдөө үчүн кеңири мүнөздөгү филологиялык мамиле керек*" экендигин көрсөтүп, кыргыз филологиясында лингвостилистикалык илик жөнүндө атайын илимий изилдөөгө салым кошушкан. Ошондой эле, Т. Аширбаев кыргыз тилинин стилистикасы (2000) [24], Б. Керимжанова кыргыз ыр түзүлүштөрү (1964) [97] жана поэзиянын рифмасы (1962) [96], көркөм сөз каражаттары (1968) [95], Ж. Мамытов көркөм чыгарманын тили (1990) [124124], лингвостилистика (2002) [126], көркөм чыгарманын маселелери (2007) [125], Т.С. Маразыков кыргыз тилиндеги текст (1996) [129], лингвистикалык каражаттар (2005) [126], тексттеги интеграция (2005), Л. Үкүбаева Чыңгыз Айтматовдун поэтикасы жана кыргыз элдик фольклору (2001) [184], У. Камбаралиева кыргыз обон-күүлөрүнүн дүйнөсү [88], С.Ж. Мусаев кеп маданияты жана норма (1999) [133], текст: прагматика, структура (2000) [134], С. Өмүралиева тексттин лингвистикалык теориясы (2005) [149], К. Рысалиев кыргыз ырларынын түзүлүшү (1965) [157], көркөм чыгарманын тили (1978) [156], Б. Усубалиев көркөм чыгармага

лингвостилистикалык илик (1994) [182], Ж.А. Чыманов тил жана кеп (2005) [187], Ж. Шериев, А. Муратов адабият теориясы (2004) [195], Б. Сагынбаева этиштин функционалдык типологиясы (2019) [159], кыргыз жана түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы (2010) [158], Б. Сагынбаева, З. Дербишева кыргыз тилинин функционалдык грамматикасы (2017) [159], түрк жана кыргыз тилдеринин салыштырма морфологиясы (2014) [161], О. Ибраимов кыргыз адабиятынын тарыхы (2014) [73], Ч. К. Найманова тектеш эмес тилдердеги сөз түркүмдөрүнүн валенттүүлүгү (2004) [138], салыштырма лингвистика (2004) [139], Г.Джумалиева суроолуу сүйлөмдөрдүн функционалдык семантикалык талдоосу (2011) [57], Д. И. Козуев англис жана кыргыз тилдериндеги татаал сүйлөмдөрдүн жасалышы (2022) [98], З. К. Дербишева лингвокультурология жана концептер (2021) [53], тилди лингвокогнитивдик салыштыруу (2019) [54], П.К. Кадырбекова лингвистикалык прагматика (2014) [79], лингвокультурологиялык жана лингвокогнитивдик аспекттер (2012) [80], А.А.Бекбалаев тилдин тарыхы, немис, англис жана кыргыз тилдеринин салыштырмасы (2021) [31], А. А. Эгембердиева кыргыз аялдар поэзиясынын көркөм табияты, тарыхый өнүгүшү, идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрү (2012) [200], Т. Ахматов, С. Давлетов, К. Сартбаев, С. Т. Иманалиев тил илимине киришүү (1980) [172], М. Алишованын англис жана кыргыз тилдеринде дүйнөнүн тилдик сүрөтүн көркөм, стилистикалык, тилдик каражаттардын негизинде салыштырган изилдөөлөрүн баса белгилесек болот (2021) [9].

Чыгармаларды анализдөө үчүн З. Караева [90] лингвостилистикалык котормо категорияларынын негизиндеги лингвистикалык жана экстралингвистикалык категорияларды системага салып, экөөнү эриш-аркак нерсе катары кароону сунуш кылат: а) лингвистикалык иликтөө, тилдик бирдиктерди түз жана өтмө маанисинде эмоционалдуу-экспрессивдүү жана салыштыруу-баалоо маанилерин изилдөө; б) экстралингвистикалык иликтөө. Көркөм чыгарманын котормолоруна (тектеш эмес тилдерде) лингвопоэтикалык анализ жүргүзүүгө “Манас” эпосунун англис тилине которулган каражаттарынын негизинде З. К. Караева [90] алгачкы

чыйырды салган. Котормочулук иш-аракетинде лингвистикалык релеванттуулук негизги ролду ойнойт. Жогоруда берилген окумуштуулардын иштеп чыккан лингвостилистикалык изилдөө ыкмаларына таянуу менен кыргыз тилиндеги поэтикалык чыгармаларга жана алардын англис тилиндеги котормолоруна лингвистикалык: фонетикалык, фонологиялык, морфологиялык, лексикалык, синтаксистик (фонемадан баштап тексттик деңгээлге чейинки) жана лингвосемиотикалык багытта талдоо жүргүзүүнүн классификациясы жүргүзүлөт. Көркөм чыгармадагы сөздөрдө алардын денотативдик, логика-предметтик жана коннотативдик маанилери менен бирге коомдун өзгөчөлүгүн, маданиятын, психологиясын, тарыхын, семиотикалык белгилерин камтыган маанилери кошо жашайт. Лингвостилистикалык багыт атлаган сөздөрдүн тексттеги орду кандай жана алардын окурманга тийгизген эстетикалык таасирлери котормодо кандайча берилет деген маселелерди да камтыйт. Лингвостилистикалык анализдин максаты төмөндөгүдөй: а) көркөм чыгармадагы стилистикалык каражаттардын спецификалык өзгөчөлүктөрүн жана стилистикалык коннотацияларынынын маанисин ачып берүү жана аларды коннотативдик деңгээлде которуу жолдорун аныктоо; б) чыгарманын идеясынын берилишин изилдөө; в) тилдик жалпы функциялардын аткарылышын карап чыгуу; г) чыгармалардагы семиотикалык компоненттердин чечмеленилишин талдоо; д) поэтикалык чыгармаларды которууда экстралингвистикалык факторлордун тийгизген таасирин аныктоо.

XX-XXI кылымдардагы кыргыз аялдар поэзиясын лингвостилистикалык изилдөөдөгү өнүгүүсүнө сереп салсак, азыркы учурга чейин аткарылган көптөгөн илимий иштер кездешет. Изилдөөчүлөр негизинен акын аялдардын чыгармачылыгы, кыргыз поэзиясынын лингвостилистикасы, стилистикалык, семиотикалык, лингвистикалык жана поэтикалык талдоолор жаатында илимий эмгектерди жаратышкан.. Ушунун өзү бизге XXI кылымдагы кыргыз поэзиясын талдоо, лингвистика жана поэтика илиминин өнүгүү тенденциялары ар түрдүү болгонун, өнүгүү багыттары ар тараптуу экендигинен кабар берет. Окумуштуулар белгилеп кеткендей кыргыз адабиятын изилдөө XXI кылымда

өзгөчө жемиштүү өнүгүп, көптөгөн олуттуу илимий изилдөөлөр аткарылган. Кыргыз поэзиясынын лингвостилистикалык маселелери, аларды англис тилине которуудагы өзгөчөлүктөр талдануууда. Кыргыз поэзиясын которууда адекваттуулукка жетишүү үчүн лингвистикалык, экстралингвистикалык, семиотикалык, функционалдык-стилистикалык аспектилерди жана көркөм котормонун өзгөчөлүктөрүн изилдөө З.К.Караева [90, 121-б.] иштеп чыккан (2006) котормо категорияларында да көрсөтүлгөн [256, 121-б.]. "Тил илими жана адабият" [395] музыкалык лингвистика, орто кылым поэзиясына структуралык анализ жасоо менен лингвостилистиканын өнүгүшүнө негиз салган. Тилди колдонуунун социолингвистикалык өлчөмдөрүн изилдеп, конкреттүү маданий контексттерде тил боюнча талкуулар, прикладдык лингвистика жана тилдин иденттүүлүккө тийгизген таасири жөнүндө талкуу жүргүзүп, ар кандай маданий жана тарыхый алкактарда тил менен адабияттын өз ара аракеттенүүсүн кеңири түшүнүүгө салым кошот [395].

Лингвостилистикалык анализ тексттин лингвопоэтикасы жана стилистикалык ыкмалардын лингвопоэтикасы деген эки багытта жүргүзүлөөрүн аныктайт [115]. Анын негизги маңызы – лингвистикалык методдор менен тилди талдоо аркылуу чыгарманын эстетикалык таасирин түшүндүрүү жана адабий жалпылоо экендиги айтылат. Лингвостилистиканын багыттары боюнча В. Я. Задорнова [68], [70] *“Лингвостилистика филологиянын өзгөчө бөлүгү катары - көркөм чыгармадагы колдонулган тилдик каражаттардын жыйындысы аркылуу чыгарманын идеялык-көркөм маанисин жеткирүүдө зарыл курал болгон эстетикалык таасир берүү жолдорун аныктоону ишке ашырат”* деп аныктаган. Лингвостилистикага мындайча мүнөздөмө берилген: *“көркөм чыгармада колдонулган стилистикалык маркерленген, тилдик каражаттарды камтыган филологиянын бир бөлүгү катары, лингвостилистика стилистикалык каражаттардын аткарган функциясы жана салыштырмалуу мааниси автордун кандайдыр бир идеялык-көркөм оюн жеткирүүдө жана эстетикалык таасир берүүнү камсыз кылууда колдонулушун изилдөөчү илим болуп саналат”* [115, 20-б.]. Лингвостилистикалык талдоо лингвопоэтикалык талдоонун бир

бөлүгүн түзөт, *“лингвостилистикалык талдоо учурунда таасир берүү жана эстетикалык эффект берүүнү камсыз кылуу функцияларын аткарган тилдик элементтер табылат”* [115, 22-б.]. А. А. Липгарт [114, 22-б.] тексттин жалпы мазмуну менен тилдик бирдиктердин ортосундагы байланышын аныктоо зарыл экендигин айткан.

Лингвостилистикалык анализ – стилистикалык көркөм сөз каражаттарын изилдесе, лингвопоэтикалык анализ алардын тексттеги орду, мааниси боюнча жана тексттин идеялык-көркөм мазмунун ачуудагы аткарган ролун аныктоо менен кандайдыр бир иерархияга түзүп талдайт. В. Я. Задорнова [70, 14-б.] *"Лингвостилистикалык анализ – көркөм сөз өнөрүн изилдөөчү илим, тилдин ар түрдүү каражаттарын көркөм ой-пикирди ишке ашыруу үчүн кандай пайдаланылгандыгын түшүндүрүү үчүн колдонот”* деп эсептейт.

Лингвостилистикалык талдоо - поэтикалык текстти изилдөөнү сапаттуу деңгээлге алып чыгууга мүмкүндүк берет, мында *“таасир берүүчү жана эстетикалык эффекттин түзүлүшүнө салым кошуучу тилдин элементтери талданаары”* А. А. Липгарттын эмгектеринде талкууланат [115, 115-б.]. Лингвостилистикалык талдоонун методдору болуп лингвостилистикалык салыштыруу (б.а., тематикалык жана функционалдык-стилистикалык бирдей кызматты аткарган тексттерди андагы формалдуу элементтердин аткарган кызматын аныктоо үчүн салыштыруу), стратификациялык талдоо жана стилистикалык көркөм сөз каражаттарын талдоо (б.а., мааниси, көркөм образдуу жана лексика-грамматикалык структурасы бирдей стилистикалык каражаттардын стилдик өзгөчөлүгүн аныктоо) болуп саналат [115].

Лингвостилистикалык анализ көркөм чыгарманын мазмунунан башталып, чыгармада колдонулган лингвистикалык каражаттар талданат [42]. Көркөм адабиятта форма менен мазмундун карым-катышы – чыгарманын ички мааниси менен анын формасынын карым-катышы гана эмес, алардын логикалык карым-катышы, жалпылыктын, бүтүндүктүн эки аспектиси катары каралат. Лингвостилистикалык иликтөө жүргүзүүнүн маңызы тилдин формасы чыгарманын мазмунун түзүүдө кандай катыша тургандыгын билдирип, адабият

менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан, көркөм адабиятты толук кандуу, системага салып, изилдеп-үйрөнүүдө В. М. Жирмунскийдин [65,16-б.] айтуусу менен “чыгармада эмне (мазмун) айтылган жана ошол айтылган мазмун кантип (форма) берилгенин” изилдөө маанилүү.

Кандай гана текст болбосун, ал өзүнүн прагматикалык маанисине ээ. Текстти ар тараптуу изилдөөчү тармак катары текст таанууну терең изилдөө менен Т. Маразыков *“биздин сүйлөшүүбүз тексттер аркылуу гана ишке аша тургандыгын”* белгилейт [126]. Ошондой эле, *“биз тексттер аркылуу сүйлөйбүз, бири-бирибиз менен маалымат алмашабыз”* деп, текст сүйлөөнү ишке ашырган бирдик экендигин билдирет [126, 16-б.]. Лингвостилистикалык анализ жүргүзүүнү жүзөгө ашырыш үчүн анын тутумундагы лингвистикалык, экстралингвистикалык, функционалдык-стилистикалык, семиотикалык компоненттердин котормого тийгизген таасирин комплекстүү, системалуу өздөштүрүү менен көркөм чыгарманын тилин изилдөө поэзияны которуудагы адекваттуулук деңгээлин жогорулатат. Лингвостилистикалык изилдөөнү ар тараптуу комплекстүү жүргүзүүдө Т. Маразыковдун [128] “текстке анализ жүргүзүүнүн негизги принциптерин” иштеп чыгып, текстти изилдөөнүн алты жолун көрсөткөн: 1) текстти жогорку деңгээлдеги система катары изилдөө; 2) тексттин түрлөрүн аныктоо; 3) текстти түзүп турган бирдиктерди аныктоо; 4) тексттеги негизги структуралык, маанилик, функционалдык категорияларды белгилөө; 5) тилдик бирдиктердин кызмат аткарышынын сапаттык өзгөчөлүктөрүн аныктоо; айтым, фразалардын карым-катнаш түзүүдөгү ролун изилдөө [128, 15-16-б.] деген принциптерине таянабыз. Лингвостилистикалык изилдөө - тексттин деңгээлинде лингвистикалык каражаттардын бири-бирине байланышын карайт жана ошону менен бирге тексттин окурманга болгон прагматикалык байланышын эске алат, чыгарманын өзгөчөлүгү жана автордун чыгармачылыгын талдоого шарт түзөт [128].

Көркөм адабият сөз искусствосу деп аталуу менен адабий образдарды түзүүдөгү тилдик бирдиктерди жана алардын эстетикалык таасир берүүсүн изилдөө “лингвостилистикалык” изилдөө деп аталат [43]. В. В. Виноградовдун

аныктамасы боюнча автордук стиль же идиостиль "көркөм адабияттын ар бир мезгилге мүнөздүү сөз менен туюнтуу каражаттарын жекече-эстетикалык пайдалануу" системасы катары түшүндүрүлөт [43, 85-б.]. Автордук стилдин негизги мүнөздөмөсү катары чыгарманын образдарын жаратуунун тилдик каражаттары аныкталат. Идиостиль комплекстүү мүнөзгө ээ, адамдын социалдык-тарыхый маңызын, улуттук, жекече психологиялык жана адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрүн ар түрдүү чагылдыраары Д. Романовдун эмгегинде берилген [155]. Идиостилде анын дүйнө таанымы жана дүйнө жөнүндөгү билими (дүйнөнүн концептуалдык сүрөтү жана тезаурус), жалпы жана тилдик маданияты тексттик түрдө чагылдырылат. Идиостиль, демек, акындын көп деңгээлдүү тексттин структурасы, семантикасы жана прагматикасындагы стили [155, 159-б.].

Л. В. Полубиченко [151,16-б.] көркөм чыгармаларды жана алардын котормолоруна лингвостилистикалык анализ жүргүзүүдө төмөндөгүдөй төрт категорияны сунуш кылган: 1) мазмуну - түп нускадагы текст менен которулган тексттин мазмуну жана айырмачылыктары; 2) формасы - түп нускадагы текст менен которулган тексттин формасы жана айырмачылыктары; 3) котормо менен түп нусканын авторлорунун маанайы, айырмачылыктары; 4) котормо менен түп нусканын жалпы түзүлүш окшоштугу жана айырмачылыктары.

1) Лингвостилистикалык изилдөө – поэзияны жана анын котормосун талдоонун натыйжалуу ыкмасы болуп саналат, анткени аны колдонууда изилдөөчү поэтикалык тексттин мазмуну, формасы, түзүлүшү жана тилдик каражаттардын образды түзгөндө кандай катышкандыгына көңүл бурулат. Липгарттын *“поэтикалык тексттердин тематикалык деңгээлдеги окшоштугу же айырмачылыгы, алардын көркөм өзгөчөлүгү жөнүндө маалыматты, тактап айтканда, лингвостилистикалык маанини бере албайт”* деген пикирин билдирет [114, 25-26]. Лингвостилистика филологиянын бөлүгү, анын алкагында көркөм текстте колдонулган стилистикалык жактан белгиленген тилдик бирдиктер белгилүү идеялык-көркөм мазмунду берүү жана эстетикалык эффект түзүү үчүн алардын функциялары жана салыштырма мааниси жөнүндө суроого

байланыштуу каралаарын сунуштайт [114]. Лингвистикалык стилистика – адабият таануу менен лингвистиканын чегинде турган филологиялык тармак болуп эсептелет [111]. Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасынын негизинде *“көркөм чыгармада тилдик бирдиктердин колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, алардын эмоционалдык-экспрессивдик, эстетикалык функциясын, көркөм сөз каражаттарынын колдонулушун, тилдик компоненттердин формалдык структуралар менен болгон байланышын ачып берет”* деп айта алабыз [111]. Лингвистикалык стилистиканын негизги объектиси болуп поэтикалык тил жана көркөм адабияттын көркөм сөз каражаттары эсептелинет. Лингвистикалык стилистиканын системалык түзүлүшү ар бир текстке берилгенде тексттин өзгөчөлүгүнө карата өзгөрөт.

Көркөм текстти талдоо үчүн тил илими менен адабият таануу илиминин биргелешкен аракеттери салыштырмалуу сейрек кездешет. Азыркы убакта эки дисциплинаны айкалыштырган изилдөөлөр ар тараптан өсүп өнүгө баштады. Бул изилдөөдө кыргыз аялдар поэзиясы лингвистикалык жана поэтикалык багытта жүргүзүлөт, анткени поэзия тилдин сейрек кездешүүчү жана татаал колдонулуучу формасы болгондуктан формалдуу лингвистикалык методдор менен поэтикалык изилдөөнү айкалыштыруу менен конкреттүү аспектилерге багытталган ырларга бир катар талдоолор камтылат. *“Лингвостилистикалык илик– чыгарманын тилдик каражаттарын жана адабий мазмунун талдоого багытталган филологиянын бир бөлүгү катары саналат”* [115]. “Көркөм чыгармада колдонулган стилистикалык маркерленген тилдик каражаттардын аткарган кызматын жана маанисин талдоо менен бирге автордун идеялык-көркөм оюн жеткирүүдө жана эстетикалык таасир берүү деңгээлин аныктоодо колдонулуучу тил жана адабият илими болуп саналат” [115]. Тилдин бирдиги (сөз, сөз айкаштары, грамматикалык форма, синтаксистик түзүлүш) жана стилистикалык каражаттардын айкалышы, семиотикалык белгилердин эстетикалык эффект берүүдөгү аткарган функциясын аныктоо лингвостилистикалык анализдин максаты болуп саналат [70].

Көркөм адабияттагы сөздүн чексиз мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө А.Потебня, Г.О.Виноградов, Л.В. О.С.Ахманова, Р.А. Будагов аттуу окумуштуулар да баа беришкен. Ал эми В.М. Жирмунский "*Поэзия материалдык образ эмес, эмоция эмес, поэзия – сезим искусствосу, поэзия – сезимталдуулуктун тарыхы жана сөздүн тарыхы"* [65] деген аныктамасын берген. Өзбек адабиятында да лингвостилистикалык талдоого салым кошкон изилдөөчүлөр *"адабиятта бардыгына тил менен баа берилет"* [192] деп, тилдин ордун баса белгилешет. Тилдин көркөм образ түзүүдөгү маанисин Д.Н. Шмелев мындайча түшүндүргөн: *"Тил – адамдардын ортосундагы баарлашуунун бирден бир куралы*" [197, 514-б.].

Поэзияда идиостиль [168, 76-79 б.] жана тилдин стилистикалык өзгөчөлүгү [142] төмөндөгүдөй деңгээлдер менен талданат:

1) Вербалдык-семантикалык (лексикалык бирдиктер, сөз айкаштары, сүйлөмдөрдүн фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү).

2) Когнитивдик (улуттук маданий баалуулуктарды жана тилдик өзгөчөлүктөрдү камтыган концептосферасынын берилиши, идиостилди "акындын ички дүйнөсү менен тексттин көркөм дүйнөсүнүн ортосундагы мамиле, поэтикалык тил менен түзүлгөн экспрессия каражаттарынын системасы" жана концепция катары кароону сунуштайт.)

3) Прагматикалык (идеяларды жана мотивдерди аныктоодо түшүнүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо).

4) Семантикалык-стилистикалык (тилдин өнүгүшүнүн белгилүү бир мезгилине мүнөздүү тилдик каражаттарды жана көркөм экспрессивдүүлүк каражаттарын жеке тандоо системасы катары талдоо). Бир акындын тилинин индивидуалдык өзгөчөлүгүн изилдөө бүтүндөй доорду ачууга жардам берээри көп эмгектерде талкууланган.

5) Лингвостилистикалык (чыгарманы акындын дүйнөсүнүн жеке автордук сүрөтүн түзгөн көркөм каражаттардын татаал системасы катары аныктоо,

салыштыруу, стилистикалык каражаттарды, поэтикалык элементтерди колдонуу өзгөчөлүктөрүн талдоо).

6) Коммуникативдик (бир авторго мүнөздүү жана аны уникалдуу, индивидуалдуу тилдик инсан катары аныктаган айырмалоочу белгилери):

а) лексикалык бирдиктерди тандоосу, каармандарды сүрөттөө ыкмасы, автордун дүйнөсүнүн тил картинасын камтыган көз карашы (анын лексикасы, семантикасы, грамматикасы аркылуу түзүлгөн чыгарманын көркөм дүйнөсү);

б) тексттин эстетикалык формада чагылдырылган маалыматтык топтому;

в) чыгарманын жаралышына түрткү берген жана тексттин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүндө чагылдырылган акындын максаты жана мотивдери. Идиостиль текст аркылуу изилденет, автор (адресант) менен окурмандын (адресат) ортосундагы коммуникативдик иш-аракет процессинде обьект болуп саналат.

7) Психолингвистикалык (акындын инсан катары өсүп-өнүгүшүнүн универсалдуу жана индивидуалдык сапатынын өлчөмдөрүн камтыйт). Акындардын экстраверсия/интроверсия жана ийкемдүү болуу сыяктуу инсандык сапаттарындагы жеке айырмачылыктар да чыгармаларды талдоодо маанилүү роль ойнойт. Бул өлчөмдөр жеке инсандык жана жүрүм-турум адабиятта кандай чагылдырылганын көрсөткөн каармандарды жана идеялык-тематикалык маңызын талдоо үчүн колдонулат [497]. Поэзияны акындын автордук стилин талдоодо инсандык сапаттар – поэтикалык чыгармаларда чагылдырылган акындын же каармандын негизги мотивдери, ой-пикирлери, айлана-чөйрөгө жана социалдык өз ара мамилелерине болгон жооптору жана тынчсызданулары менен дал келет [526]. Акындын идиостилин аныктоодо инсандык факторлорду түшүнүү маанилүү, анткени бул факторлор акындын ички дүйнөсү, чыгармачылыгы аркылуу чагылдырылышына таасир этет [497]. Ачыктык, эмоционалдык туруктуулук, экстраверсия же интроверсия сыяктуу инсандык сапаттар поэзиядагы темалар, обондор жана стилдик тандоолорду калыптандырат [385]. Аялдардын инсандык факторлору алардын универсалдуу сапаттарын камтыйт: *1) жаңычылдыгы / жаңы илим-билим алууга дилгирлиги; 2)*

*жагымдуулугу / боорукердиги / көмөктөшүүгө даярдыгы, 3) аң-сезимдүүлүгү / акылмандыгы / чынчылдыгы; 4) эмоционалдуулугу же экстраверсия / интроверсия; 5) ийкемдүүлүгү (баш ийүүсү жана өзүн-өзү курмандыкка чалууга даярдыгы)* – көбүнчө поэзияда каармандарды сүрөттөө үчүн колдонулаары Эштон, Ли, ж.б. психолог изилдөөчүлөр тарабынан аныкталган [215]. Бул факторлорду таануу окурмандарга акындын жан дүйнөсү, мотивациясы, поэзиясынын эмоционалдык тереңдигин тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Инсандык факторлор окурманга да маанилүү, ал поэзияны кандайча чечмелеп, байланыштыруусуна таасир этет, бул поэтикалык чыгармаларды жаратуунун жана талдоонун маанилүү аспектиси болуп саналат. Мындан тышкары, аялдар көп учурда күчтүү эмпатия сезимин, эмоционалдык интеллект, тарбиялоо жана камкордук көрсөтүү ролдорго көбүрөөк берилишет. "Идиостиль" түшүнүгү инсандык сапаттардын негизинде “тилди колдонуу мүнөзү” түшүнүгү менен да байланыштуу, бул акындын чыгармаларын (тексттерин) түзүүнү жана кабыл алууну шарттаган жөндөмдөр жана мүнөздөмөлөрүнүн жыйындысы катары аныктоого шарт түзөт [168]. Мында чыгарма: а) структуралык-тилдик татаалдыгынын даражасы; б) чындыктын тереңдиги жана тактыгы; в) белгилүү бир максаттуу багыты менен айырмаланат [168].

2) Лингвостилистика – Европа жана АКШ окумуштууларынын эмгектеринде филология жана тил илими түшүнүктөрү менен тыгыз байланышта берилген. Тил илиминин изилдөө объектиси - текстти белгилердин жыйындысы катары изилдөө болуп саналат. Филология текстология, лингвистика, адабият сыяктуу билим тармактары үчүн метаилим болгондуктан, илимий жана маданий баарлашуу системаларын чечмелөө үчүн зарыл тармак. Немис филологиялык изилдөөчү Мэтью Бауер “Тил менен адабияттын кездешүүсү” аттуу эмгегинде Эмили Дикинсондун поэзиясын лингвостилистиканын объективинде изилдөөнү сунуштайт, анын чыгармалары жөнүндөгү түшүнүгүбүздү байыткан ар кандай тилдик кубулуштарды ачып көрсөтөт [395]. Лингвистикалык жана поэтикалык изилдөө лексикалык көп маанилүүлүктүк, бүдөмүк ойлор, контексттик

параметрлер, ж.б. тилдик өзгөчөлүктөрдү талдоо менен Дикинсондун ырларындагы семантикалык дал келбестик учурларын изилдеген. Ырда маани катмарларын түзүү үчүн тилди колдонуу гана талданбастан, акындын лингвистикалык инноватор катары ролу да аныкталган. Дикинсон колдонгон татаал лингвистикалык сөз айкаштарын аныктоо аркылуу лингвистикалык талдоо менен поэтикалык интерпретациянын ортосундагы синергетика баса белгиленет. Лингвостилистикалык изилдөө *"тил илими менен адабияттын ортосундагы ажырымды бириктирип, поэзиядагы тилдик кубулуштарды изилдөө жана поэтикалык экспрессияны түшүнүүбүздү өркүндөтүү үчүн ыңгайлуу негиз"* катары көрсөтүлөт [395]. Ал эми Нигель Фабб лингвистикалык теорияны адабиятка колдонуу жөнүндө жалпы маалымат берген [300]. Лингвистикалык теориянын когнитивдик процессти моделдөө жана тилдик форманын маанисинин поэтикалык тексттердин өзгөчө мүнөздөмөлөрү менен байланышкан жолдорун аныктоо сыяктуу эки максат аткарылган. Тил илиминин негизги түшүнүктөрүн тааныштыруу, метрикалык ыр саптарынын түрлөрүн жана метрикалардын фонологиялык негиздерин баяндоо, метрикалык ыр саптарынын котормолордо салыштырма талдоосу, лингвистиканын көз карашы менен нарраталогияны талдоо, поэтикалык элементтердин колдонулушунун лингвистикалык аспектилерин, мисалы, ирония жана метафора аркылуу тилдин коммуникативдик функциясын адабиятта пайдалануу жолдорун иликтөө сыяктуу ыкмалар колдонулган [300].

Чынында эле, адабиятты түшүнүү тилдик каражаттар аркылуу жүргүзүлөт, аларды текст катары уюштуруунун өзгөчө ыкмасы, тактап айтканда *literality* - сөз тексте сөз айкашынын негизги, сөзмө-сөз маанисин колдонуу маанилүү [442]. Англис Оксфорд сөздүгүнө ылайык, *literality* түзмө-түз, так же чыныгы мааниде дегенди билдирет жана 1769-жылдан баштап колдонулуп келе жатат [442]. Ал эми Merriam-Webster сөздүгүндө *"literality* - апыртуудан алыс, жасалгалоосуз, фактыга жараша терминдин же сөз айкашынын негизги мааниси, түзмө-түз, чындык, так, сөзмө-сөз" деген маанилер менен мүнөздөлөт [398]. Демек, адабияттын негизги мүнөздөмөсү болгон *"literality*, тактык жана түз маанини"

түзмө-түз колдонуу мүмкүн эмес, бир сөздү карама-каршы маанилери менен колдонсо болот деген ойду айтууга болот. Дүйнөлүк тарых энциклопедиясында "*литература* (латын тилинен "littera" – "тамгалар", сөздүн жазылышы менен таанышуу дегенди билдирет) белгилүү бир маданияттын, субмаданияттын, диндин, философиянын жазуу түрүндөгү берилиши, проза же поэзия түрүндө жазылган поэтикалык чыгармалар кирет" [529]. Ал эми этимология сөздүгүндө англис тилинде *literature* (n.) 15-кылымдан бери колдонулуп баштаганы жазылат [442]. Латын тилинен алынган *"literatura/litteratura" "learning, "book-learning, a writing, grammar – окуу, грамматика"* дегенди билдирип, сөздүн түпкү маанисинде *"writing formed with letters* (тамгалар менен жазуу) деген мааниге ээ, ошондой эле "litera/littera *"alphabetic letter" – "тамга, кат"* деген маанилерге да ээ. Ошондуктан сөздүн түпкү тегине кайрылсак, ал "тамгадан тамгага" же "сөзмө-сөз" деген маанини берип, "сөздүн так мааниси" жана "сөзмө-сөз тилдин тамгасына ылайык" дегенди билдирет [442]. Коллинз англис сөздүгү англис тилинде *literality* интенсификатор катары кээ бир шарттарда сөздүн каймана жана метафоралык колдонулушу мүмкүн экендигин тастыктайт [263].

Батыш окумуштууларынын айтымында "тил жана адабиятта 19-кылымдын башынан баштап *"literality"* термини башка кошумча мааниге ээ болуп, адабиятта басым жасоо үчүн же интенсификатор катары колдонулуп баштады" деп, *"убакыттын өтүшү менен сөздөрдү өзгөртүү адамдын табияты экенин ырастайт"* [456] деген пикирлерин айтышат.

Англис тили да убакыттын өтүшү менен метафорага байыды, ошондуктан метафора менен бирге адабияттын *"literality"* - *"сөзмө-сөз"* мүнөзү да өзгөрүлүп баштады деген пикирлер айтылууда [456]. Ал эми батыш окумуштуулары тил менен адабиятты бирдей деңгээлде көңүлгө алуу менен лингвостилистикалык талдоонун тапшырмаларын аныктап, *"сөздүн этимологиялык маанисине басым жасоо менен колдонууда өзгөрүүлөрдүн башатын билүү зарыл"* деген ойду айтышат [456, 514-б.]. Алар *"Дайыма эки карама-каршы көз караш бар, биринчиден, авторлор сөздөрдү абдан кылдаттык менен колдонушу керек, ал эми изилдөөчүлөр кылдаттык менен талдоосу зарыл"* деп эсептешет [456],

ошондуктан *“тил тактыктан айрылып калбашы үчүн, же апыртуу жана жасалгалоо сыяктуу кошумча аракеттерден алыс болуу менен тилди чектөө эмес, анын мүмкүнчүлүгүн туура пайдалануу зарыл”* деген пикирлер дагы айтылууда [456, 14-б.]. Лингвостилистикалык изилдөөнүн дагы бир максаты - *“чыгармадагы тил чындыгында кайсы мааниде колдонулуп жатканы белгисиз болгон учурларды талдоо жана тактоо”* [456, 18-б.] болуп эсептелинет. Мындан улам, лингвостилистиканын учурдагы дагы бир милдети – чыгармадагы колдонулган тилдин маанисин жөн гана чечмелөө эмес, аны тарыхый тактык менен этимологиялык баштапкы маанисин эске алуу жана тексттен сырткары кошумча маалымат киргизүүдөн алыс болуу менен тактоо зарылдыгы экенин билдирет. Дал ушундан улам биз лингвистикалык же дискурстук талдоо аркылуу поэтикалык тексттер камтыган башкы идеяны, маалыматты же кабарды талдоо жана декоддоого көңүл бурушубуз зарыл.

Искусствонун дээрлик баардык түрү классикалык байыркы доордон бери экспрессиянын жана жаратуунун таптакыр жаңы формаларын киргизүү аркылуу терең өзгөрүүдө. Ал эми поэзияда да стилдер жана конвенциялар өзгөрдү, бирок жаңы формалар пайда болгон жок. Поэзиянын негизги стилистикалык элементтери, мисалы, метафора жана метонимияны колдонуу менен образ жаратуу сыяктуу ыкмалар сакталып калган. Поэтикалык чыгарма же поэтикалык текст өзүнүн табияты боюнча спецификалык болуп саналат жана “…тилдин башка аспектилеринин маанисин карап, көркөм таасирдин күчү биринчи кезекте сөздө деп айта алабыз” [69, 115-б.].

Ушул эле ойду батыш окумуштуулары *“тил илими менен адабияттын ортосундагы өзгөчө мамиленин баштапкы чекити тилден башталат”* деп белгилеп, бул байланыш тил илими менен башка илимдин ортосундагы мамилелерден айырмаланып турары айтылат [456, 514-515 б.].

Тил илими менен адабияттын ортосундагы байланыштар олуттуу болгондуктан ар дайым тилчи жана адабиятчылардын кызыгуусун арттырууда. Эки дисциплинанын өздөрүнө мүнөздүү карама-каршылыктарын эске алуу менен төмөндөгү көйгөйлөр кыскача тизмесин каралат:

- филологиянын негизги тармагы катары тил илими жана адабияты тил менен байланышкан бир эле изилдөө контекстинде жайгаштырылгандай көрүнгөнү менен, алар ар кандай эпистема же билим тармактарына таандык жана экөөнүн ортосундагы байланыш жана мамилелер көп жагынан татаал; гносеологиялык көз караштан изилдөө объектилерине, мисалы, тилге/кепке/дискурска ар кандай жолдор менен мамиле кылышат. Бирок, эки дисциплинанын ортосундагы байланыштар жана мамилелер татаал болгону менен, алардын кесилишкен жери так аныкталган жана конкреттүү, алар биригишкен нерсе – текст, тагыраак айтканда, көркөм текст, ал эми изилдөөнүн обьектиси – сөз болот;

- көркөм текст эки чөйрөнүн ортосунда кесилишкен конкреттүү аймак болсо да, анын табияты жана аны түшүнүү, лингвистика тарабынан аныкталышы, жана дискурстук жана башка поэтикалык изилдөөлөр тарабынан тынымсыз колго алынган. Натыйжада, алардын кесилишкен аймагы тынымсыз билимдин башка эпистемалары же тармактарында, негизинен гуманитардык жана социалдык-когнитивдик илимдерде, ошондой эле прагматикада, тексттин дискурс талдоолорунда, адабият теорияларында өнүккөндүктөн бири-биринен айырмаланып, бул мамилелерди дагы да татаалдаштырат;

- “тышкы лингвистика” [479, 40-43-бб.] тил изилдөөнү тарыхый, саясий, экономикалык, диний, адабий жана географиялык фактылар менен байланыштыруу аркылуу татаалдаштырат. Ал эми “ички лингвистика” термини тилди өз алдынча изилдөө менен алектенүүчү чөйрө болгондуктан тилдин ички эрежелерине көңүл бурууну талап кылат;

- поэтикалык тексттин адабийлигин *“the literarity of a literary text”* изилдөө текстти коммуникация процессинде дискурсивдүү форма катары карап, анын түпкү маанилери, денотативдик жана коннотативдик маанилеринин айкалышы, мезгилге, абалга, жеке автордун көз карашына байланышкан сөз түркүмдөрүнүн маанилерин тактык менен табууну татаалдаштырат, мисалы, заманбап чыгармаларды изилдөөдө 19-кылымдан 20-кылымга чейин абдан таасирдүү болгон романтикалык эстетиканын принциптеринен чегинүү кандайча берилгенин эске алуу зарыл;

- тил жана адабият филологиянын бир бөлүгү болсо да, тил илими менен көркөм тексттин кесилиши маанилүү, ал эми поэтикалык текстти которуу процесси көркөм текстти окуу менен көбүнчө баалуулуктарды түшүнүү, чечмелөө жана өздөштүрүү да жүргүзүлөт. Айта кетүүчү нерсе, котормочу адабиятты которуу өзгөчөлүктөрүн аныктап, котормодо бир катар когнитивдик процесстерди басып өтүүсү зарыл. Дал ушул жерде лингвистика, айрыкча котормодо керектүү болгондуктан эки чөйрөнү айкалыштыруу толук кандуу котормону жаратууга шарт түзөт. Котормолорду лингвостилистикалык талдоо процессинде тил илими менен адабияттын жакындашуусу, б.а. поэтикалык текст жана когнитивдик процесстер котормочуга башкы идеяны же тексттеги маалыматты чечмелөөгө жардам берет.

Лингвостилистикалык изилдөөнүн бир обьектиси катары ырдын түп нускасы менен котормосунун салыштыруу анализи камтылат. Бул салыштырма ыкма поэтикалык тилдин универсалдуулугун жана ыңгайлашуусун баса белгилеп, тилдик каражаттардын ар түрдүү маданий контексттерде кандай иштээрин аныктоого мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн теориялык негизи поэтикалык лингвистика, лингвистикалык поэтика же лингвистикалык стилистика деп аталып, белгилүү поэтикалык тексттердеги тилди изилдөөгө багытталган тил илиминин бир бөлүмүн түзөт. Ал поэзияда маанини берүү, эмоцияны козгоо, эстетикалык эффекттерди түзүү үчүн колдонулган тилдик өзгөчөлүктөрдү, түзүлүштөрдү, аткарган кызматын жана негизги идеяны талдоону камтыйт. Теориялык негизге ырды талдоодо стилистика, риторикалык каражаттар, рифма жана метрикалык түзүлүшү, лексикалык тандоолор, параллелизм жана кайталоо, образдуулук, үн кирет. Стилистика лингвистикалык поэтиканы камтыган кененирээк тармак, ал лингвистикалык тандоолор тексттин стилине кандай салым кошоорун жана бул стилдин интерпретацияга кандай таасир тийгизерин изилдейт. Ырда стилистикалык талдоо акындын теманы жана эмоцияларды берүү үчүн жасаган конкреттүү лингвистикалык тандоолорун карап чыгууну камтыйт. Майкл Тоолан өзүнүн “Адабий стилистика” [510, 78-б.] аттуу китебинде белгилегендей, *“тексттеги маанилүү тилдик структуралар менен*

*үлгүлөрдүн ортосундагы так байланыштарды жана окурмандар сезген маанилердин ортосундагы айкын байланыштарды ийгиликтүү көрсөткөн эң эффективдүү стилистикалык анализдер өз ыкмаларында ачык-айкын болот жана ой жүгүртүүгө шарт түзөт”* [510, 78-б.].

Джон Ленард [391] поэтикалык анализдин түрлөрүн изилдеп, поэтикалык лингвистика көбүнчө риторикалык каражаттарды талдоону камтый турганын аныктайт. Аларга метафора, салыштыруу, аллитерация, ассонанс жана башка образдуу тил элементтери кирет [391]. Пинский Америкадагы поэзиянын эң эффективдүү жактоочуларынын бири катары өзгөчөлөнөт. Ал акындар поэзиясынын "технологиясын" - анын үндөрүн, үн чыгарып айтканыбызда жанданган көркөм чыгармаларды жасоо үчүн кантип колдонорун изилдейт [455] жана рифма, метрди изилдөө поэтикалык тил илиминин чөйрөсүнө кирээрин белгилейт. Менталдуу образдарды түзүү үчүн жандуу жана сенсордук тилди колдонууну камтыган образдар аныкталат [464]. Поэтикалык лингвистика ырдын жалпы эстетикалык жагымдуулугуна образдуулук кандай салым кошоорун изилдейт.

Филологиялык дисциплиналардын өз ара аракеттенүүсүндөгү негизги тармактарга тил жана адабият теориялары, адабий сын жана лингвостилистика кирет. Лингвостилистикалык анализдин тилдик формага гана эмес, тексттин мазмундук жагына болгон байланышы аны адабият таанууга жакындатып, анын ажырагыс бир бөлүгү катары эсептелеэри көптөгөн илимий иштерде берилген [152]. Лингвостилистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн адабият теориясы боюнча эмгектерде кеңири чагылдырылган адабий багыттар, жанрлар жана агымдар жөнүндө так түшүнүктөргө ээ болуу зарыл. Адабият теориясы жалпы мүнөздөгү адабий интерпретацияга керектүү маалыматтарды берет, ал эми адабий сын текстке мазмундуу комментарий берет. Кыргыз поэзиясынын башка тилдерге (мисалы, англис тилине) котормосун талдоодо поэтиканын теориялык аспектилерин да, элементтерин да эске алуу зарыл. Адабият теориясы түп нуска тексттин контекстин, маданий жана тарыхый аспектилерин түшүнүүгө жардам берет, ал эми поэтика формалдуу элементтердин (ритм, рифма, метрикалык

түзүлүшү) котормодо кандайча өтөрүн жана чыгарманын башка тилдеги кабылдоосуна кандай таасир этерин талдоого мүмкүндүк берет. Адабият теориясы тарабынан түзүлгөн теориялык база чыгарманын маданий жана идеялык аспектилерин талдоону камсыз кылат, ал эми поэтикалык талдоо көркөм сөз каражаттарынын өзгөчөлүктөрүн тереңдетип изилдөөгө мүмкүндүк берет.

Поэзияны которуу филологиянын изилдөө аспектиси катары каралат, анткени поэзияны которуу – аны башка тилге тыбыштык, синтаксистик, структуралык, семантикалык жана прагматикалык өзгөчөлүктөрүн котормо тилдин тилдик бирдиктери аркылуу кайра түзүп чыгуу болуп саналат. Поэтикалык текстти которуу процесси аны трансформациялоодон тышкары физикалык жана социалдык контексттин ортосундагы таанып-билүү, дискурс жана өз ара аракеттенүүнү камтыйт. Поэзия котормочуларынын аткарган кызматы түп нуска ырдын маани катмарларын так чечмелеп, өз алдынча адабий текст катары турган котормо тилдеги ырды түзүп чыгат. Дүйнөлүк котормо жаатында поэзияны которуу сейрек кездешет, поэзияны которуунун кыйынчылыктары арбын, бирок бул тоскоолдуктарга карабастан, поэзияны которуу котормо теориясына олуттуу таасирин тийгизип, котормо жанрларынын өсүп-өнүгүшүнө салым кошууда.

Поэзия котормосу аны башка тилге которууну, анын жанрдык өзгөчөлүктөрүн жана акындар, котормочулар, окурмандар ортосундагы контекст боюнча макулдашылган коммуникация актыларын жеткирүү экендиги окумуштуулардын эмгектеринде көрсөтүлгөн [208, 18], [496,33-34-б.]. Бул өзгөчөлүктөр ырдагы саптардын узундугу жана ономатопея – үн тууроо сыяктуу үнгө негизделген элементтерди, параллелдүү этиш-сын атооч-зат атооч синтаксиси сыяктуу синтаксистик жана структуралык аспектилерди жана көп маанилүүлүк жана метафора сыяктуу прагматикалык аспектилерди да камтыйт. Поэзияны которуу көбүнчө бул өзгөчөлүктөрдү конденсацияланган формада айкалыштырат, б.а. аны форма менен маанинин ортосундагы өзгөчө байланышы бар өтө татаал лингвистикалык түзүлүшкө айлантат [347, 9-б.]; [238], [459]. Поэзиянын коммуникативдик таасири денотаттык мааниден жогору турат,

көбүнчө эмоционалдык же руханий таасирди көздөйт. Метатексттик өзгөчөлүктөр, мисалы, визуалдык формалардын берилиши жана графикалык дизайндын кошулушу поэтикалык жанрды аныктоодо да чечүүчү роль ойной турганын көптөгөн изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде айтылган [502], [416], [314].

Поэзияны которуу процесси когнитивдик, дискурсивдик жана социалдык өз ара аракеттенүүнү камтыган жөн гана текст трансформациясынан жогору турат [246, 736–40-бб.]; [364, 367, 365]. Мисалы, котормодо берилген олуттуу тексттик өзгөртүүлөрдү, идиомалык сөз айкаштарынын ар түрдүүлүгү (мисалы, "jade" "нефрит" которулганда "зергер буюму" "jewelled" болуп өзгөрүп кетүүсү же кыргыз поэзиясында кездешкен “баш кошуу”, “турмушка чыгуу” фразеологизмдерин которуу үчүн англис тилиндеги “tying the knot” идиомасынын берилиши) анын түп нуска сөз менен байланышкан коннотацияларды түшүнүүсүнө таасирин тийгизет [365]. Эзра Паундун адаптациялары поэтикалык котормону социомаданий жактан да калыптандырган, анткени анын эркин ыр котормолору 20-кылымдагы Америка поэзиясында үстөмдүк кылуучу форма катары эркин ырдын түптөлүшүнө салым кошкон [459].

М. Ингиллер “Котормо жана коом” аттуу эмгегинде когнитивдик кыйынчылыктарга жана эмоционалдык факторлорго көңүл буруп, поэзиянын котормосунун татаалдыктарын талкуулайт. Когнитивдик деңгээл поэзияны жаратуу, которуу жана жайылтуу чөйрөлөрүндөгү коомдук иш-аракеттерди билдирет [352, 134-5-бб.]. Поэзиянын котормосу көбүнчө ачык-айкын болот, башкача айтканда, окурмандар котормочунун чечмелөөсү менен түшүнүшөт, мындай котормолор тексттерди критикалык окууга алып келет [459, 25-6]. “Котормочулар өз алдынча адабий текст катары карала турган чыгарманы жаратып жатып, түпкү булактагы ырдын маани катмарларын берүүгө умтулушат” [451, 23–4-бб.]. Бирок форма менен маанинин ортосундагы татаал байланыш котормодо эч бир аспектини жоготпостон жетишүү деген максатты орундатууну кыйындатып, «поэзия котормодо жок болот” / "poetry translation as loss" деген түшүнүккө алып келет. Поэзияны которуу боюнча эмгектерде, анын

ичинде Лефеврдин айтуусунда, *“көптөгөн котормолор түп нусканын маңызын камтый албайт”* деп ырасташат [388, 99-б.], ал эми Роберт Фрост *"поэзия котормодо жоголгон нерсе"* деп котормонун татаалдыгын көрсөткөн [314 ]. Котормочулар семантикага гана көңүл бурган прозалык котормолордон баштап, түп нускадагы поэтикалык эффекттерди жана образдарды кайталоону көздөгөн рекреативдик котормолорго чейин ар кандай ыкмаларды колдонушат [238]. Текстти кайра түзүп чыгуучу котормо процесси катары поэзияны которуу өзгөчө милдетти талап кылат, түп булак тилин жана котормо тилдерин жакшы билүүнү жана баштапкы текстке берилгендик менен которулган ырдын сапатынын ортосундагы тең салмактуулукту талап кылат [373, 19-б.].

Чыгыш поэзиясынын, өзгөчө түрк поэзиясынын котормосу татаал эволюцияны башынан кечирип, поэтикалык форманын маанисине көз караштардын өзгөрүшүн чагылдырган. В. Шаповаловдун пикири боюнча алгач оригиналдын формалдуу элементтерине дээрлик көңүл бурулбай калган, бирок убакыттын өтүшү менен аларды барган сайын котормодо так жеткирүү тенденциясы байкалган [191, 133-б.]. Бул процесс строфикалык түзүлүштүн жана рифмалык системанын өтүшү менен башталып, метро-ритмикалык өзгөчөлүктөрдү кайра чыгаруу менен уланып, оригиналдуу поэтиканын бардык элементтерин сактап калуу аракеттерине алып келген. Түрк тилдеринин поэтикалык чыгармаларын кайра түзүп чыгууга өзгөчө көңүл бурулган, бул котормочулардан сүйлөмдөрдү гана бербестен, чыгыш поэзиясынын өзүнө гана тиешелүү маңызын ылайыкташтырууну талап кылган. Бул эволюциянын натыйжасында орус поэзиясында сонеттер жана октавалар менен катар поэтикалык салтка кирген чыгыш лирикасынын строфикалык формалары пайда болгон. Мисалы, газал, рубаият, касида, месневи, манзум сыяктуу формалар араб, фарс, түрк жана башка чыгыш адабияттарында кездешет. В. Шаповаловдун классификациясы боюнча чыгыш поэзиясынын котормо эволюциясы үч этапты камтыйт: 1) алгачкы этапта котормочулар түп нусканын поэтикалык формасынын өзгөчөлүгүнө көңүл бурбай, мазмунуна көбүрөөк көңүл бурушкан; 2) экинчи этапта оригиналдын строфикалык түзүлүшү жана рифма системасы

сыяктуу жалпы параметрлерин сактоо менен которулган; 3) үчүнчү этапта котормочулар оригиналдын формалдуу элементтерин, анын ичинде метро-ритмикалык түзүлүштү жана спецификалык поэтикалык формаларды мүмкүн болушунча так жеткирүүгө аракет кылышкан [191, 133-134-бб.]

Кыргызстанда котормо илиминин абалы калыптануу жана өнүгүү процессинде. Учурда кыргыз тилинен англис тилине же англис тилинен кыргыз тилине которуулар басылып чыгууда. Котормочулуктун Кыргызстандагы өнүгүшүн үч этапка бөлүүгө болот. Биринчи этап 1930-жылдан 1993-жылга чейинки мезгилди камтыйт, анда негизги көңүл орус тилинен кыргыз тилине жана кыргыз тилинен орус тилине которулган. Бул тарыхый шарттарга жана негизги ортомчу тил катары орус тилинин басымдуулук кылгандыгына байланыштуу. Бул мезгилде орус адабиятынын классикалык чыгармаларынын котормосу А.Пушкин, М.Лермонтов, И.Тургеневдердин чыгармалары кыргыз котормосунун негизин түзгөн. Англис адабиятынан Уильям Шекспирдин «Гамлет», «Отелло» сыяктуу котормолор да орусча тексттердин негизинде жасалган.

Экинчи этап, 1993-жылдан 2010-жылдарга чейин кыргыз адабиятын англис тилдүү чөйрөгө киргизүүгө багытталган котормочулук ишмердүүлүктүн активдешүүсү менен мүнөздөлөт. Бул мезгилде Ч. Айтматов, Т. Касымбеков, А. Осмоновдун жана башка кыргыз жазуучуларынын чыгармалары кыргыз тилинен англис тилине которула баштаган.

Ал эми үчүнчү этап 2008–жылы акын аялдардын чыгармаларын англис тилине которуу менен башталып [596], кыргыз кенже эпосторун которуу долбоору менен улантылууда. Азыркы убакта проф. З. Караеванын жетекчилиги астында “Курманжан Датка” (2015), “Олжобай менен Кишимжан” [440], “Курманбек” [381], “Кыз Дарийка”, “Эр Төштүк”, “Ак Мөөр” ж.б. которулду.

21-кылымдагы котормо тарыхый, философиялык жана маданий өнүгүүлөр менен калыптанган үзгүлтүксүз эволюция менен мүнөздөлөт. Котормо таануу дисциплина катары жаңы методологияларды жана технологияларды камтуу менен өнүгүп келе жаткандыктан, анын негизги принциптери ишенимдүүлүк,

маданий адаптация жана лингвистикалык инновациялар болууда. Ошондуктан котормо таануунун актуалдуулугу жана маанилүүлүгү изилдөөчүлөрдүн көңүл борборунда турат.

### 1.3. Изилдөөнүн лингвистикалык-теориялык негиздери

Лингвистикалык теория поэзиянын тилин түп нускасында жана котормосунда талдоо үчүн ыкмаларды камсыз кылып, синтаксис, семантика жана фонологияга басым жасайт. Тилдик структураларды терең түшүнүү натыйжалуу котормонун негизи болуп саналат. Бул эмгектер кыргыз аялдардын поэзиясынын синтаксистик жана семантикалык катмарларын талдоого жардам берет, түп нуска тексттердин лингвистикалык бүтүндүгүн сактоосун камсыз кылат. Лингвистикалык теориялык негиздер катары алынган окумуштуулардын эмгектери: Фердинанд де Соссюрдун лингвистикалык белги теориясы (1974) [479], Жон Лайонс (1096) [408] теориялык лингвистикага киришүү, Рональд Ашер (1994) [214] тил жана лингвистика энциклопедиясы, Ноам Чомский (2000) [256] трансформациялык грамматика, Мартин Халлидей [331], [330], [329] грамматиканын теориясы, грамматикалык категориялар жана тилдин аткарган функциялары, Роман Якобсон (1960) [354] лингвисттик коммуникация моделдери [356], [354], Дж. Деррида [278], [280], [281] грамматика, дифферанс жана деконструкция теориялары, М.Э. Конурбаев (2024) [103] текстология, текстти чечмелөө.

20-кылымдагы лингвистиканын өнүгүүсү швед лингвисти Фердинанд де Соссюрдун Женева университетинде берген лекцияларынан башталат. Анын лекциялары “Course in General Linguistics” аттуу китебинде 1916-жылы жарык көрөт [479]. Соссюрдун эмгектерине чейин тил *диахроникалык* жактан, б.а. индивидуалдуу сөздөрдүн тарыхый өзгөрүүлөрүн окуп үйрөнүү катары изилденип келген. Соссюр биз индивидуалдуу сөздөрдүн топтомунун тарыхый өзгөрүүлөрүн гана эмес, тилдин өзүн үйрөнүшүбүз керек экендигин түшүнүп, ошол берилген убакытта колдонулуп жаткан сөздөрдүн арасындагы байланыштын структуралык системасын окуп үйрөнүүнү, б.а. *синхроникалык*

окууну сунуштаган. Мында тилдин пайда болушун же себептерин изилдебей, тил кандай эрежелерге баш ийет, кантип кызмат аткарат, б.а. тилдин структурасын изилдейт. Тилдин эрежелеринин жана биз айтып өткөн миллиондогон индивидуалдуу кептин түрлөрүнүн ортосундагы структураны айырмалаш үчүн Соссюр лингвистиканын объектисине берген аныктамаларын иштеп чыгып, тилдин структурасын *(language)* эки маанилүү бөлүккө бөлүп *langue (тил)* жана *parole (кеп)* катары бөлүп караган [479].

Фредрик Джеймсон "Соссюрдун оригиналдуулугу анын тил жалпы бир система катары мурунку учурга баш ийбестен, ар бир учурдун өзүндө, ошол учурда толук бүткөн факт катары изилдениш керек деп талап койгонунда" [360, 5-6-б.] деп белгилеген. Анткени ар бир тил тарыхтан сырткары жашай алат. Соссюрдун айтуусунда "адамзатка таандык бирден бир табигый жөндөмдүүлүк – оозеки тил эмес, бирок тилди түзүп чыгуу, б.а. өзгөчөлөнгөн идеяларды коштогон өзгөчө белгилердин системасын түзүп чыгуусунда" [479,10-б.] *"A science that studies the life of signs within society"* [479].

Азыркы убактагы *"текст"* деген эмне деген суроого жооп бериш үчүн биз адегенде *"тил"* деген эмне экенин түшүнүүбүз зарыл. Бул суроолорго жооп табуу максатында биз структуралисттик лингвистика, анын ичинде Фердинанд де Соссюр [166], [479], Ролан Барт [226], [225], Мишель Фуко [186], Джонатан Куллер [274], Мартин Хайдеггер [340], ошондой эле постструктуралисттик ой-пикирлерди, деконстрактивдик идеяларды, Дерриданын [279] постмодернисттик теорияларын колдонуубуз зарыл.

Поэтикалык чыгармаларды талдоодо текст *"окууга"* жана *"интерпретациялоого"* [356, 350-377-бб.] боло турган чыгармалардын объектиси болуп саналат. Ал эми кандай гана нерсе болбосун ал да текст деп аталып, көчөдөгү белги, имараттар, кийимдердин стили, адамдардын жүрүш-турушу, ж.б. маани бере турган нерселердин баары кирет [356] да, бул кандайдыр бир кабар жеткире ала турган белгилердин топтому деп да аталат.

Поэзияны талдоо багыттарында *"текст"* спецификалык жазуунун баштапкы маалымат мазмунун да билдирет, б.а. "текст" тамгалар, символдор, ж.б.

элементтердин жардамы менен биринчи жолу кандай жаратылса ошол формасы бизге текст катары эсептелинет, ал текстке берилген комментарий, котормо, кошумча материалдар ал текстке кирбейт. Ошондуктан, адабий критицизм үчүн тексттин маани гана эмес анын баштапкы документ катары берилген формасы да маанилүү [356].

Текст жөнүндөгү көпчүлүк талкуулоолор текстке берилген аныктаманын бирдей болушу мүмкүн эместигинен улам көбүнчөсү аныктама катарында эмес, интерпретация катарында берилип, түшүндүрүлөт. Ошондой болсо да анын адабий чөйрөдө колдонулушунун кээ бир аспекттерине токтолсок болот. Байыркы латын тилинен алынган сөз "text" - *тигүү, түзүү, согуу* дегенди билдирет, б.а. тексттин алгачкы мааниси белгилерди сөз катары токуп чыгуу менен жаралуучу лингвистикалык структура дегенди билдирет [445]. Ошондуктан бир нерсени текст деп, ал эмнеден жаралган, кандай мааниге ээ, кандай бөлүктөрдөн турат жана кандай максат менен жаралган, ким жараткан деген суроолорго жооп берүүчү нерселердин баары текст боло алат деп айта алабыз. Ошол себептен, тексттин мындай мааниси өтө ар түрдүү болгондуктан ар кандай интерпретацияга дайыма ачык болот.

Текст катары биз окуп, талдай ала турган, мисалы, географиялык карта, мода кийимдери, имараттардын түрлөрү, ж.б. маани бере турган нерселерге кирет. Ал эми лингвистикалык жана адабий чөйрөдө жазуу жана оозеки дискурсту белгилеп көрсөтө ала тургандар жана алардын жанрлары, түрлөрү кирет. Текст көбүнчөсү адабият, адабий эмгек катары түшүнүк бергендиктен Роланд Барт текстти "иш" же "чыгарма" деп атасак да болот" [225] деген пикирин билдирет. Ошондой пикири бар болсо да ал "текст" жана "чыгарма" чоң айырмачылыктарга ээ экенин айтат [225]. "Текст" тилдин кыймылы менен жаралат, ал эми "чыгарма" ошол жаралган нерсенин бүткөн түрү, биз кармап көрүүгө боло турган нерсе. Ошондуктан "текст" лингвистикалык структура, ал эми "чыгарма" жалпы продукт [225]. Мисалы, поэтикалык чыгарма текст катары эсептелинет, ошондой эле поэтикалык текст да эмгек же иш катары саналат. Барттын пикири менен эгерде текст лингвистикалык структура болсо, поэма

адабий эмгек катары текст боло алабы деген суроолорго жооп берүүбүз зарыл экендигин айтат. Ошондуктан азыркы адабий критицизмдин максаты “поэма концепти менен текст концептинин ортосундагы айырмачылыкты табуу” экендигин айтат [225]. Барттын ою менен баардык тексттер бири бири менен текст аркылуу байланышат, ал конкреттүү жазылган ыр вербалдуу түзүлгөн продукт болгондуктан аны текст деп атоого сунуштайт [225].

Мындан Барттын татаал теориясынын негизинде текст жөнүндөгү идея интерпретацияга кандай деңгээлде байланыша ала тургандыгын изилдөөгө болот. Барттын идеясы менен интерпретациялоого боло турган кандайдыр бир мааниге ээ лингвистикалык структура же белги “текст” деп аталат [225].

Текст деген эмне экенин түшүнүүгө аракет жасоодо бизди курчап турган дүйнө жана анын элементтери кандай, бул бүтүндүк кайсы мыйзамдар менен түшүндүрүлөт жана эң негизгиси тилди кандайча түшүнөбүз деген маселелерди талкуулоону эске алуубуз зарыл. Мындай суроолорго жооп берүү үчүн биз албетте структурализмге кайрылабыз. Фонетикага негизделип табылган Ф. де Соссюрдун *“тил - физикалык жана физикалык эмес айырмачылыктар менен көрсөтүлгөн белгилерден турат”* деген ою текстти аныктоого баштапкы баскыч боло алат [479]. Белгилер индекс, символ, икон жана эмблема (Соссюрдун аныктамасы боюнча) сыяктуу семиотикалык элементтерден айырмаланып, белги өзү көрсөтүп же белгилеп жаткан нерсе менен эч кандай байланышы болбойт. Постструктуралисттик көз караш менен алганда белгилер системасы интерпретациялоо тилдин функционалдык аткарган кызматына жараша жүргүзүлөт [369]. Поструктуралисттик көз караштын негизинде кандай гана окуя, абал болбосун ал мурда болуп өткөн же мурда жазылган нерсенин гана кайталанышы деп берилет. Ошондуктан “тилдин” структуралисттик мүнөздөмөсү поэзияга да тиешелүү боло алат, айтылган сөздөрдү жана маданияттын “продуктысын” жашоодон жана тарыхый абалынан бөлүп карайт. Анткени *белгилер* жана алардын мааниси туруктуу эмес, алар убактылуу, бир белгинин мааниси түбөлүктүү болбойт, анын маанисин *белгилөөчү* жаратат [479].

Лингвистикалык теориянын негизинде “тил” – табияттын, жаратылыштын формасын түзөт жана кандайдыр бир структуранын ичинде жашайт [596]. Бул тартип Ролан Барттын нарративдик коддор же маданий коддор системасында кеңири берилип, Мишель Фуконун дискурс теориясында ачык көрсөтүлгөн: (1) *белгилер → (2) коддордон турат, коддор → (3) дискурсту түзөт, бул үч нерсе → текстгин негизин* түзөт [186].

Мындан *код* деген эмне деген суроону чечмелөө муктаждыгы келип чыгат. Соссюрдун аныктамасы менен *“код – маалымат берүүчү системанын белгиси”* [479]. Код – жөнөкөй эквиваленттер түрмөгү (морзе коду же автомат коду) боло алат, же көрүүгө мүмкүн болбогон эстутум, ойлонуудан сырткары башкарылуучу, өз эрежелери бар жогорку деңгээлде түзүлгөн татаал структура да боло алат. Мисалы, табигый тилде оозеки кепте айтылган сөз синтаксистик, семантикалык жана фонологиялык эрежелердин негизинде түзүлгөн код болуп эсептелинет.

Лингвистикада бул термин биринчи жолу Соссюрдун эмгегинде тил концептин кепке карама каршы коюу менен колдонгон [479]. Соссюрдун атактуу *“тил системасы жана индивидуалдык кеп” (langue/parole)* теориясында биринчи жолу кодго түшүндүрмө берилген [479]. Ушул эле түшүнүк Якобсондун “код жана маалымат” (code/message) коммуникация теориясында, анын алты бөлүктөн турган моделинде колдонулган [356]. Бул моделдин негизинде адресат адресантка контакт аркылуу маалымат жөнөтөт. Маалыматта контекст болуусу зарыл, ал контекст үчүн эки жакка тең түшүнүктүү болуучу код колдонулат. Бул термин семиотикада кененирээк түшүндүрүлөт, код коммуникацияга гана багытталбай, семиотикалык мааниге ээ белгилөөчү системанын баарында колдонулат. Антропологияда Клод Леви-Штросс социалдык жашоонун аспектилеринин кээ бир коммуникацияга багытталбагандарын лингвистикалык моделдерди колдонуу менен түшүндүрүлөрүн айтат [392]. Адамдардын маданий иш-аракеттери, мисалы, тамак жасоо, конок тосуу, кийим түрлөрү, ж.б. маданий коддордун продуктысы катары анализденет. Семиотикалык идеялар менен толукталып, структурализмдин өнүгүүсүнө чоң таасир этүү менен Леви-Штросс

*“адамдардын жашоосундагы ар бир аспект коддолгон”* деген тыянак чыгарган [393].

Поэзияны талдоо теориясында коддун концептин түшүндүрүүнүн ар кандай жолдору бар. А. Ж. Греймас [488], Т. Тодоров [508] сыяктуу окумуштуулар тексттерди бириктирип турган нерсе система же “грамматика” деп белгилешет. Алардын пикиринде Соссюрдун теориясын колдонуу менен тил системасы жана индивидуалдык кеп (langue/parole) текстти түзө тургандыгын айтышат. Риффаттер [471], [470] поэзияга өзгөчө көңүл буруу менен поэтикалык текстти түшүнүү үчүн окурман тексте берилген коддорду чечмелөөсү зарыл экендигин көрсөтөт. Ал эми Ролан Барт адаттагыдай калыптанып калган ой-пикирлерге каршы чыгуу менен *“текст – коддордун жетишкендиги эмес, ар кандай коддордун жүрүшү”* [227] деп берет. Барт Бальзактын “Sarrasine” аттуу кыска аңгемесине талдоо жүргүзүү менен коддун беш түрүн иштеп чыккан [223] - *герменевтикалык, семантикалык, символдук, маданий жана кыймыл-аракет коду.* Анын изилдөөсүнүн негизинде коддун чечилиши же тексттин түшүнүктүү болуусу тексттеги коддордун берилишинен эмес, окурмандын ошол коддорду чечмелөө жөндөмүнөн көз каранды экендигин айтып, коддун продуктысы текст эмес, окурман экендигин негизги пикир катары структурализмге маселе койгон. Роланд Барт *“код – биз өзүбүздү, биз жашаган дүйнөнү тил аркылуу кабыл алуубузду түшүнүү үчүн колдонулат”* деп айтат [225]. Мисалы, сүйлөмдүн грамматикалык формасын билүү үчүн синтаксистик кодду, логикалык бир нерсенин себеби жана натыйжасын талдоо үчүн нарративдик коддорду, биз кабыл алып жаткан маданий мааниге ээ нерселерди түшүнүү үчүн семантикалык коддорду колдонуу, ж.б. Бул коддордун баары француз тилинде берилүүчү мааниси менен клише (cliché) болуп саналат, анткени алар курчап турган чындыктын образын бизге кайра түзүп, татаал процесс аркылуу кайра бизге жеткирет [225].

Лингвистикалык ыкмалар, мисалы, сүйлөө акты теориясы, адабиятка субъективдүү сын-пикирлерге караганда көбүрөөк объективдүү жана деталдуу түшүнүктөрдү бере алат деп ырасташат [206]. "Адабияттагы тилдин

семиотикалык анализи" аттуу эмгегинде Ли (2022) адабий тексттер жөнөкөй жеке маанилерден тышкары маанилерге ээ деген көз карашты сунуштайт [394]. Анын ордуна, алар татаал айкалыштар, дискурстук тактика жана вариацияларды камтып, тилди адабият менен байланыштырып түшүнүүбүздү кеңейтет [394]. Семиотикалык анализ сүйлөмдөрдүн ортосундагы логикалык-семантикалык байланышты баса белгилеп, стилистикалык тандоолор жана идеялык маанилер поэтикалык дискурска кандай таасир этерин баса белгилейт. Ли поэзия сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн жана маанайдын комбинатордук тыгыздыгын тең салмакташтырат деп эсептейт [394]. Лингвистикалык кубулуштар маанини жаратууга жана окурмандардын түшүнүгүнө кандай таасир этери семиотикалык процесстер аркылуу талданат.

Лингвистикалык изилдөөлөр, айрыкча прагматикага, адабиятты изилдөөгө жана баалоого олуттуу таасир эткен. Гатт жана Крамер (2017) прагматиканы *"окурман менен актуалдуулукту модуляциялоого ылайыктуу лингвистикалык же дискурстук өзгөчөлүктөрдү тандоо"* деп аныктайт [318]. Бул түшүнүк авторлордун тилди дискурстун тонун калыптандыруу үчүн кандайча колдонгонун түшүнүү үчүн абдан маанилүү. Стилистикалык өзгөчөлүктөр, мисалы, коннотативдик сөз байлыгы, синтаксистик жана прозодикалык өзгөрмөлөр, риторикалык фигуралар жана дискурстук принциптер, көз карашты же позицияны түзүүгө өбөлгө түзөт [318].

### 1.4. Изилдөөнүн адабий-теориялык негиздери

Поэзияны түшүнүү табигый процесс эмес, ал ар кандай чечмелөө ыкмаларын талап кылат. Поэтикалык тексттерди талдоодо жана сынчыл баалоодо чечмелөө же интерпретация маанилүү ролду ойнойт. Оксфорд англис сөздүгүндө *интерпретация* латын тилинен келип, "бир нерсенин маанисин чечмелөө актысы" дегенди билдирет [442, 2005]. Герменевтиканын “интерпретация теориясы” дисциплинасы текстти интерпретациялоо деген эмне жана анын кандайча иштей тургандыгы сыяктуу суроолорго жооп берет [261, 59-б.]. 18-19-кылымдарда адабий интерпретациянын системалуу ыкмаларын табууга басым

жасала баштаган. Мартин Хайдеггер [342], Ханс-Георг Гадамер [316], [315] жана Пол Рикоер [154] сыяктуу адабиятчы, философтор текстти түшүнүү илимий же объективдүү эмес деп ырасташкан. "Жашоо жана убакыт" (1980) аттуу эмгегинде Хайдеггер илимий анализдин үстөмдүгүн талашка салып, бир нече чечмелөө ыкмаларын жактаган [340]. Гадамер “Чындык жана метод” (1960) аттуу эмгегинде интерпретация теориялык алкактарга караганда адамдын табиятына көз каранды экенин белгилеген [316, p. 162.], анын айтымында, сүйүү поэмасын талдоо анын жанрын далилдөө эмес, анын сүйүү менен болгон өз-ара байланышын түшүнүү деп эсептеген [340].

Мындай изилдөө феноменологиянын пайда болушуна алып келип, “интерпретациялоодо жалпы  бир багыт болушу мүмкүн эмес” экендигин көрсөтөт. Эдмунд Гуссерл (1859 - 1938) [351], Роман Ингарден (1893 - 1970) [76], Мартин Хайдеггер [340], Жан-Пол Сартре (1905 - 1980),  [478] ж.б. тарабынан негизделген феноменология окурмандын аң-сезиминде маанинин кандайча пайда болорун изилдейт. Жонатан Куллер (1944) аны "субъект менен объекттин бөлүнүшүнө караганда, аң-сезимдеги объектилердин феноменалдык реалдуулугуна" басым жасаганы катары сүрөттөгөн [274, 123-б.]. Патрисия Во дагы башка бирөөнүн субъективдүү дүйнөсүн аңдап билүүдө алдын ала түшүнүктөрдү таңуулабай түшүнүүнүн ролун баса белгилеген [522, 10-б.]. Джордж Поулет феноменологияны адабий чыгармаларда чагылдырылган автордун аң-сезимин талдоонун куралы катары көргөн [461, 123-б.].

Интерпретация табиятынан субъективдүү болуп саналат. Роберт Иглстон белгилегендей "эч бир чечмелөө нейтралдуу же объективдүү болушу мүмкүн эмес " [290, 20-б.]. Окурмандар тексттерди жеке тажрыйбасы, баалуулуктары жана маданий тарыхы аркылуу талдайт. Алар окуган китептер, уккан аңгемелери жана дүйнө таанымы алардын чечмелөөсүн калыптандырат. Иглстон англис адабий интерпретациясы жаңы сын-пикирлер менен байланышкан Левистин методуна ылайык келгенин айтып, окуу жана тексттик анализге басым жасаган [290, 20-21-бб.]. “Жаңы сынчылар” адабий багыттын өкүлдөрү мазмунга эмес, формалдык элементтерге басым жасап, объективдүү адабий баалоону

жакташканы белгилүү [390, 2-3- б.). Алардын ыкмасы төмөндөгүдөй аспекттерди камтыйт:

- поэтикалык чыгармаларды объективдүү талдоо (ырлар, эпостор);
- окурмандын сезимталдыгы жана текст менен байланышуусу;
- формалисттик сында практикалык сын ыкмаларын колдонуу;
- үлгүлүү чыгармалардын адабий канонун түзүү [290].

Жалпысынан, интерпретация адабиятка гана чектелип калбайт, ал сүйлөө, медиа, музыка жана искусствого да тиешелүү. Текст менен окурмандын ортосундагы динамикалык өз ара аракеттенүү маанинин дайыма өзгөрүп турган мүнөзүн белгилейт.

Поэзияны окуп-үйрөнүүнүн лингвистикалык жана адабий талдоо багыттарынын комплекстүү колдонулушу 20-кылымдын адабий теориясына жана критикалык окууларына чоң таасир тийгизе баштагандыгын изилдөөлөр көрсөтүүдө [207, 36-37-б.]. Адабият менен лингвистиканын негизги каражаты болуп тил эсептелет, адабият тилди колдонуу менен көркөм образдардын жаратылышын, символдордун түзүлүшүн, окурманга кандайча эстетикалык таасир берилишин изилдейт, ал эми, лингвистика тилдин өнүгүшүнө, сөздөрдүн байланышына, сөз айкашынын түрлөрүнө жана колдонулган тил менен окурмандын ортосундагы байланышка кандай таасир тийгизээрин изилдейт.

Тил адам баласынын иш-аракетинин эң табышмактуу түрлөрүнүн бири бойдон калууда. Тил убакыттын өтүшү менен өзгөрөт, адабий критикалык багыттар ар кандай мезгилдерде жаратылган чыгармалар тилинин өзгөрүүлөрүн, алардын өсүп-өнүгүш табиятын изилдейт. Ошондуктан, ар бир мезгилдин тилин түшүнүү жана тилдин кандайча өзгөргөнүн талдоо жолдору, чыгарманын ар бир мезгилге жараша идеясын түшүнүүнү камсыз кылуучу тармак адабият теориясы болуп саналат. Адабият теориясы менен лингвистика тыгыз байланышта, андыктан адабияттагы тилдин структуралисттик анализи тилдин жөнөкөй байланыштан жогору турган система катары уникалдуу ролун баса белгилеп, татаал лингвистикалык конфигурациялар аркылуу адабиятты түшүндүрөт [207, 38-б.]. Адабият тилдердин ичиндеги "жаңы структура" катары каралат, анда

жазуучулардын таасири стандарттык грамматикалык структураларды өзгөртүп, жаңы мааанилерди, сүрөттөрдү жана көркөм сөз айкаштарын жаратаары талданат [301]. Структуралисттер тил эркин эрктин натыйжасы эмес, адамдын психологиясы жана социалдык өз ара аракеттенүүсү менен калыптанат, натыйжада лингвистикалык вариациялар жана трансформациялар пайда болот деп ырасташат [207, 38-б.]. Адабиятта бул өзгөрүүлөр коомдук жана жеке баалуулуктарды чагылдырат, адабий тил өз мезгилинин маданий, социалдык жана стилистикалык аспектилери менен терең байланышта экендигин көрсөтөт [318].

Адабий критикалык окууларда тилдин аткарган ролун изилдөө менен көптөгөн окумуштуулар тил менен адабий сын-пикирдин ортосундагы татаал байланышты изилдеп, поэзияны түшүнүүнүн жолдорун сунуштайт. Адабий сын процесси поэтикалык чыгармаларды баалоо үчүн эстетикалык таасир берүүсүндө негизинен тилдин маниси жогору экендигин белгилейт. Фаббри жана Хенрике Гарсия, 2017 [301] чыгарманын тилин изилдөө менен чыгарманы баалоого мүмкүн боло турганын көрсөтүп, тил поэзияны баалоонун куралы жана адабий баалуулуктун чагылдырылышы катары кызмат аткарарын айтат. Анда лингвистикалык анализ, анын ичинде стилистика адабий чыгармалардын баалуулугун түшүнүүдө жана жеткирүүдө маанилүү ролду ойноору баса белгиленет, ошондой эле адабий баалоолорго субъективдүү чечмелөө таасир этээрин да моюнга алышат [301].

Поэтикалык чыгармаларды изилдөө теориясынын өсүп-өнүгүүсүндө интерпретациялоонун салттык “туура” жолдорунан сырткары ар кандай маселелерди камтыган, ар кандай идеяларды чагылдырган заманбап багыттардын пайда болуусу чындык. Андан сырткары башка дисциплиналардан жана илимдерден келген таасири күчтүү, мезгилдин талабына жооп берген, окурмандын “үнүн” жеткирүүгө көмөк көрсөткөн теориялардын кириши чоң өзгөрүүлөргө түрткү берет. Азыркы убакта адабият теориясын изилдөөдө лингвистика, тарых, саясат, феминизм, мифология, гендердик окуу, философия, психология, когнитивистика, экология, социология, семиотика илимдериндеги

теориялар менен байланыштыруу максатка ылайык талап. Анткени мындай байланыш адабиятты окуп талдоонун жолдорун кеңейтип интерпретациянын ар тараптуу багыттар менен жасалышына жол ачат. Мындай жолдор интерпретациялоонун “эң туура жолу” болбой тургандыгын жана анын обьективдүү болушу мүмкүн эместигин тастыктайт.

1-графика – поэтикалык чыгармаларды талдоонун адабий критикалык жана теоретикалык багыттары:

Поэзияны интерпретациялоодо азыркы убактагы критикалык окуулар жана сынчы окумуштуулар тарабынан ар бир багыттын өзгөчөлүктөрүнө жараша аныктама беришкен. Анткени поэзия критикалык окуулар кандай өнүксө ошондой деңгээлде өнүгөөрү көптөгөн окумуштуулардын эмгектери менен тастыкталат. Ар бир критикалык окуу мектеби практикада көрсөткөндөй өзүнүн аныктамасын берип, поэзиянын кеңири аспекттерин ачууга жана анын ар тараптуу деңгээлде талданып, дыкат каралышына шарт түзөт. Туруктуу текшерүүдөн өтүп турган бул процесс тарыхый абалга жана критикалык стандарттардын өзгөрүп турушунан улам ар бир критикалык мектептин өз алдынча мүнөздөмө берүүсүнө түртkү берет. Бирок кандай гана аныктама

берилбесин көптөгөн теоретиктердин аргументтештирилген ой-пикирлерин *“поэзиянын объектилери ар дайым өзгөчөлөнүп турат, өз алдынча мүнөзгө ээ, аларды бириктирип турган нерсе лингвистикалык байланыш системасы аркылуу берилүүчү маани болуп саналат”* деп белгилешет [301]. Ошондуктан, поэтикалык чыгармаларды белги системасы катары баардык өзгөчөлүктөргө ээ татаал процесс деп айта алабыз.

Литература (адабият) латын тилиндеги “literatura” деген сөздөн алынып, мааниси жазуу, чыгармачылык менен иштөө дегенди билгизет [442]. Европанын өнүгүүсүнүн баштапкы этаптарында адабиятты жазуу, чыгармачылык менен иштөө, ошол жазууну же чыгармачылыкты элге кеңири жеткирүү, көпчүлүктүн кызыгып окуган окуусуна айлантуу, эл арасына жайылтуу сыяктуу процесстер катары түшүнүшкөн. Адабияттын көпчүлүккө тарап, кеңири окулушу “канон” түшүнүгү менен байланышып турат. Байыркы грек тилинен алынып, канон - “canon” бир нерсени ченөө, тизмелөө дегенди билдирет. Ал эми Англияда адабий китептерди каноникалык интерпретация аркылуу баалоо жана тизмелөө 16-кылымда башталган [290]. Канон аркылуу эң көрүнүктүү, элге белгилүү, көп окулган авторлор жарыяланып, алардын эмгектери адабият тармагында кеңири сунушталып окула баштайт. Адабият негизинен информация берүүчү жана элес/образ аркылуу берилүүчү деп бөлүнөт. Кээ бир антропологдордун айтуусунда адабият оозеки маданияттын ажырагыс бөлүгү катары эсептелип, анын аныктамасынын ар түрдүүлүгүн тастыктайт.

Поэзияны окуп үйрөнүү 18-кылымдын аягынан башталып, образдарды көркөм түзүп жазуу чыгармачылыгы катары көбүрөөк изилдене баштайт. Образдар же элестер аркылуу жазууга поэзиянын эпикалык түрлөрү, пьеса, дастан, лирикалык, нарратологиялык жазуу формалары жана жанрлары кирип, “поэтикалык чыгармалар” же “чечендик жөндөмдүүлүк менен жазылуучу чыгармалар” [474, 397-422 б.] катары эсептелинет. Байыркы грек тилинен алынган “poetry” сөзү – “поэзия” түзүү, жасоо, кол өнөрчүлүк менен түзүп чыгуу дегенди билдирет [444]. Адабияттын аткарган кызматы окуу жана талдоо болсо, поэзиянын аткарганы - түзүп чыгуу жана айтуу. 18-кылымдын аягында

башталган бул өзгөрүш адабият менен маданияттын тыгыз байланышын көрсөтөт. Ушул мезгилден баштап адабият деген термин “поэзиянын” ордуна коллективдик термин катары колдонула баштайт. Анын негизги себеби поэзия да адабият сыяктуу окурмандар аркылуу бааланат жана окурмандар үчүн түзүлөт, эч кандай куралы жок, элес, образ аркылуу түзүлүп, ошондой эле жол менен кабыл алынат. Поэзия көркөм искусство же оозеки көркөм чыгармачылык катары кабыл алынат. Поэзияны баалоодо тексттин чындыкты чагылдыруу же социалдык функцияны аткаруу сыяктуу касиеттерине көңүл бурбастан, текстти өз алдынча бүтүн чыгарма катары же ал окурман тарабынан кандай кабыл алына тургандыгына басым көрсөтүү менен жүргүзүлөт [274]. Поэтикалык имитацияга берген аныктамасында Филип Сидней *“акын (poet) эч нерсени тастыктабайт, ошондуктан ал эч качан алдабайт”* [487] деп айткандай, англис окумуштуусу Л. Ричардс да адабият теориясына берген аныктамасында *“адабиятта поэтикалык чыгарманын этикалык табиятына көңүл бурбастан, аны окуу жана интерпретациялоо маселелерине басым жасоо керек”* [274] деп белгилейт.

Сүйлөө, коммуникация жана оозеки чыгармачылыкты изилдөөчү теоретиктер да поэтикалык тексттерде көркөм образдарды жаратууда оозеки чыгарманы чагылдыруу менен эч кандай иллокутивдик (сүйлөө, жазуу процесстеринде алдын-ала ойлонуп жасоо, мисалы, убада берүү, эскертүү) күчтөргө таянбайт жана когнитивдик баалуулуктарды тастыктоочу далилдерди бербей тургандыгын тастыкташат [290]. Ошондуктан *“адабият – коомдо эч кандай практикалык функция аткарбай турган автономдуу дискурс”* деп аташат [469]. Ал эми Тодоров *“адабий чыгармалардын баарына белгилүү өзгөчөлүк - алардын ар түрдүү булактардан келип чыгуусу жана маанисине карабастан жаратылышына карата тандалышы маанилүү”* деп, адабият тамсилдерден баштап мифтерге чейин, дидактикалык чыгармалардан поэтикалык чыгармаларга чейин жана имитациялык касиети жок эсселерден да тураарын жазат [508, 5-16-б.].

Поэзиянын оозеки, вербалдуу концепттери ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Мындай айырмачылыктар адабий тилдин көркөм образдарды

жаратуу үчүн түзүлгөн көркөм сөз каражаттарынын өзгөчөлүктөрүндө, илимий же күнүмдүк кеп сыяктуу перформативдик дискурстардын функционалдык табиятында көрүнөт. Бул аргументтер көптөгөн критикалык багыттарда көрсөтүлөт, мисалы: (1) адабияттын орус формалисттик теориясынын негизинде адабий тилди аныктоочу негизги касиет тилдин эмотивдик функциясы болуп саналат; (2) жаңы критицизм жана структуралисттик теориялардын негизинде ирония, көп маанилүүлүк, оозеки, вербалдуу структура сыяктуу теориялар адабий тексттин бүтүндүгүн же чыгарманын экономдуу аякташын же чыгармадагы сөздөрдүн туура, экономдуу колдонулушунун маанилүүлүгүнө басым жасашат; (3) азыркы убактагы риторикалык жана деконстрактивдик аргументтер көрсөткөндөй адабият деген термин систематикалык ой жана мааниси бар кандай гана текст болбосун андагы спецификалык вербалдуу өзгөчөлүктөр жана алардын интерпретацияланышын камтыйт деп белгилешет [522], [290], [274].

Ошондой эле жаңы адабий агымдар *“адабий тил менен дискурстун башка түрлөрүнүн ортосунда эч кандай абсолюттук айырма жок, күнүмдүк турмушта колдонулуучу кепте да илимий чөйрөдө колдонулуучу вербалдуу тексттерде да көркөм сөз каражаттары кезигет”* [305, 41-54-бб.] деп көрсөтүшөт.

Поэзиянын ордун, анын маанисин жана колдонулушун аныктоодо мурдатан колдонулуп келе жаткан аныктамалардын көпчүлүгү анын чыныгы маанисин толук чагылдыра бербей тургандыгын айта кетүүбүз зарыл. Поэзияны көркөм жана публицистикалык чыгармалар катары бөлүү да өзүнүн маанисин жоготууда, анткени көркөм чыгарма катары эсептелинген реалисттик поэмалардын лингвистикалык жана стилисттик өзгөчөлүктөрүнө караганда анын нарративдик же референттик аспекттери көбүрөөк бааланышы мүмкүн.

Адабий баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрдүн өзгөрүшү жана “адабий жанрлардын ортосундагы айырмачылыктардын азайышы, мисалы, кыска аңгемелер менен документалдуу эсселерди жазууда айырмачылыктардын азайышы сыяктуу өзгөрүүлөр” [311], адабиятка берилүүчү аныктаманын да

өзгөрүшүнө алып келет. Ошондой эле, дагы бир өзгөчөлүк адабий чыгармалардан “эстетикалык ырахат алуу” жана “окурмандар тарабынан кабыл алынышы” сыяктуу адабий чыгармага берилүүчү критерийлердин пайда болушу жөнүндөгү ой-пикирлердин бар болушу. Лиас Коллиндин берген аныктамасында *“адабият жалпы, эстетикалык, прагматикалык теориялардын негизинде адабий чыгарма кантип жана эмне үчүн чыгарылды деген маселени чечүү үчүн эмес, чыгарма окурмандар тарабынан кантип кабыл алынды деген маселени чече турган категорияга ээ болуусу зарыл”* экендигин айтат [407, 81-95-бб.).

Поэзияга берилген аныктамалардын ичинен анын тарыхый жана улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алуу да маанилүү экендигин марксисттик, социологиялык, маданий материалисттер көңүлгө алуучу негизги маселе катары эсептешет. Анткени бул концепт азыркы убактагы критикалык жана педагогикалык практикада анын негизги контексти “адабият кантип окулат жана колдонулат” деген суроого жооп берүүсүндө экенин карашат [233]. Алардын пикири боюнча поэзиянын аныкталышы жана бааланышы академиялык жана маданий чөйрө кызыккан дисциплиналардын өзгөрүшү менен түшүндүрүлөт. Мындагы негизги өзгөрүүлөр адабий тексттерди кабыл алуу, сактоо жана аны маданий жактан кайра түзүп чыгуу [233], [525]. Бул көз караш менен алып караганда, адабият бөлүмдөрүндө окутулуп жаткан жана сынчылар тарабынан бааланып жана сынга алынып, талданган чыгармалардын баары адабият болуп саналат, ал эми окутуучулар, окурмандар жана сынчылар чыгармалардын социалдык максатын кандай кабыл алгандарына жараша поэтикалык чыгармалардын категориясы кеңейет же азайат деп билдиришет.

Жаңы тарыхчылар критикалык мектеби сыяктуу башка сынчылар поэтикалык тексттин автономиясынын теориясын табуу максатында жогоруда айтылгандай тарыхый жана социологиялык аргументтерди колдонушат [304]. Поэзияны социалдык практика катары эсептеп, негизги маани чыгармачылык менен иштөөнүн риторикалык жана поэтикалык касиетинде экенин ырасташат [304].

### 1.5. Изилдөөнүн котормо таануу жана семиотикалык-теориялык негиздери

Поэзияны которууда котормочулардын тандоосу жана поэтикалык тексттерди которуунун мүнөздүү татаалдыгына байланыштуу бир нече аспектилер пайда болот. Англис адабиятында модернисттик поэзиянын негизги мүнөзү болгон атайын бүдөмүк көрсөтүү менен көп маанилилүүлүккө жол берген ырларды которууда маани жана өзгөчөлүктөрдүн жыш тармагын көңүлгө алыш керек экендигин айтышат [242,149-б.]. Boase-Beier түп нуска ырынын стилин сактоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт, анткени анда автордун мазмунга болгон мамилеси камтылган [459, 28–9-бб.]. Бирок стилистикалык лоялдуулукка жетишүү оңой эмес, бул маселелерди чечүү максатында Холмс (1988: 25–7-бб.) төмөндөгү үч негизги стратегия жана ыкмаларын сунуш кылат:

1. Миметикалык: бул ыкма түп нуска форманы кайталоого умтулат жана түп нуска маданиятынын бөтөндүгүн айкын көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Бирок форма рецептордук маданиятта өзгөчөлүгүнө карата кабыл алынып, дайыма эле түшүнүктүү боло бербейт [347, 25-6).

2. Аналогиялык: бул ыкма түп нуска форманы маданий функцияны аткарган максаттуу форма катары кабыл алып, аны колдонууну камтыйт, мисалы, англис тилиндеги iambic (ямб) пентаметрди колдонуу менен башка тилдеги беш муундуу сапты чагылдыруу, бул поэтиканын универсалдуу баалуулугуна баа берүүнү билдирет [347, 26-б.].

3. Органикалык: бул ыкма котормочунун мазмундун бүтүндүгүн сактоо менен түп нуска формасын кайра жаратуудагы кыйынчылыкты моюнга алып, баштапкы текстти негиз катары кабыл алууну билдирет [482, 35-б.].

Холмс түп нуска менен максаттуу тексттердин ортосундагы жакын дал келүүлөрдү табуу проза түрүндөгү ырларды которууда мүмкүн экенин, ал эми

татаал поэтикалык структуралар көбүрөөк компромисстерди талап кылаарын белгилейт [347,54-б.). Ошентип, поэзиянын суб-жанрлары татаалдыгы боюнча ар кандай болушу мүмкүн, андыктан котормочуларга лирикалык мүнөзүн кыспай, көбүрөөк ийкемдүүлүктү кабыл алуусу зарыл экендигин айтат [275, 31-2-бб.].

Англис тилине мүнөздүү ак ыр (free verse) жанры өнүккөн тилдер менен иштеген котормочулар аналогиялык же органикалык негиздер боюнча туруктуу формадагы ырлардын эркин котормолорун жакташат. Бирок, бул ыкма чечүүчү стилистикалык эффекттерди жоготууга алып келиши мүмкүн. Баштапкы тексттин рифмасына карата мамиле рифманы кайра түзүп чыгуу же алып салуу ыкмалары колдонулуп, өзгөрүп турат, кээ бир котормочулар компромисс катары рифманы жарым-жартылай сактоону тандашат. Рифмадан баш тартуунун себептери анын максаттуу аудитория үчүн тилдик айырмачылыктардан улам ылайыктуу рифма сөздөрдү табуудагы кыйынчылыктарды жана ырдын бүтүндүгүн бузган семантикалык жылыштардын терс таасирин камтыйт [237, 44-45-б.]; [302, 5-б.]; [441]. Башка жагынан алганда, рифма схемасын кайра жаратуунун жактоочулары рифма ырдын маанисинин ажырагыс бөлүгү экенин жана анын формулировкасы өзгөрүп кетсе да кайра түзүлүш керек экендигин айтышат [222, 50-51-б.]; [366], [423], [424].

Котормочулар кездешкен дагы бир кыйынчылык алардын архаикалык тексттер менен иштөөдө кездешет. Анда баштапкы текстти кайталап, аналогиясын таап, же стандарттуу тилди колдонуу жолдору каралат [347,41-б.]; [363, 78-82-б.]; [441]. Түп нуска маданиятка тиешелүү ассоциацияларды жана референстерди которууда кириш сөз же котормочунун эскертүүлөрү аркылуу кошумча маалыматты талап кылат [349, 18-19-б.]; [347, 47-б.].

Поэзияны которуу салыштырмалуу көп убакытты жана түйшүктүү иш катары таанылары жана котормо процессинде когнитивдик процесс көптөгөн изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде каралган [448], [237], [241], [418], [288], [306], [367], [365]. Котормо бирдей типтеги процессти камтыйт, бир нече максаттуу тексттин версиялары түзүлөт. Биринчи версия көбүнчө семантикалык жактан түз

маанiге ээ, ал эми кийинки версиялар үн жана жалпы поэтикалык эффективдүүлүккө басым жасайт [241, 61-б.].

Котормочулар ырды сап, куплет, станза, жарым сап сыяктуу бирдиктерде иштеп, тилдик көйгөйлөрдү (лексика, рифма ж.б.) стратегиялык микро ырааттуулуктар аркылуу чечишет [363]. Алар түп нуска ырдагы акындын ниетин, айтайын деген оюн кайра курууну максат кылып, бардык этаптарда түп нуска ырына көп кайрылышат жана акын менен да кеңешет.

Котормо убактысынын басымдуу бөлүгү лексикалык маселелерге – сөздөргө жана туруктуу сөз айкаштарына, андан кийин поэтикалык образдарга байланыштуу иликтөөлөргө жумшалат. Котормо формалдуу рифманы жана ритмди кайра жаратууну максат кылып, үн (рифма, ритм, ассонанс ж.б.) өзгөчөлүктөрүн кайра түзүп чыгууга көп убакыт жумшайт. Ошондуктан котормочулар көбүнчө туруктуу принциптерге эмес, поэтикалык микроконтекстке таянып, тексттин алкагында кайсы сөздү кандай которуш керек чечимин кабыл алышат. Лефевр (1975) тарабынан сунушталган ар кандай котормо архетиптеринин элементтерин бириктирген гибрид ыкмалар болуп саналат [388], анткени *“поэзияны которуу көбүнчө чыгармачылык иш катары каралат”* [388].

Поэзия котормосу көбүнчө “которулбоочулуктун” жалпы көйгөйлөрүнүн бири катары каралат [434]. Кыргыз жана англис аялдар поэзиясын изилдөө менен поэтикалык тексттерди талдоодо колдонулган котормо стратегиялары поэтикалык жанрды лингвистикалык жана экстралингвистикалык деңгээлде которуу көйгөйлөрүн аныктоого багытталган. Поэзия которуу котормо тааануу жаатындагы татаал иш аракеттердин бири. Мындай кыйынчылык поэзиянын жогорку маданий статусуна байланыштуу, көбүнчө маданияттын таасири менен пайда болгон шарттуу рифма, ритмдик түзүлүштөр, образдуу сөздөрдү которуу үчүн көп убакыт, күч-аракет, котормочунун чыгармачылыгын талап кылат. Поэзиянын котормосу жана анын «которулбастык» маселеси окумуштуулар арасында теориялык жана практикалык талаш-тартыштарды пайда кылууда. Байыркы дооpлордон бери поэзиянын котормосу көптөгөн артыкчылыктар жана

жетишпеген жактар жана котормонун ыктымалдыгы боюнча дихотомисттик себептер менен талаш-тартыш темасы болуп келген [434]. Е. Нида котормо – бул түпнуска тексттеги маалыматты жана анын стилин түпнуска тилге эң жакын табигый эквивалентин котормо тилде табуу процесси деп аныктайт [434, 66-б.]. Негизинен текстти которууда көптөгөн ыкмалар бар, бирок алардын бардыгы эле ырларды которууда колдонууга ылайыктуу эмес. Дж. Мандей [428, 53-б.] котормо процессинде котормочу вербалдуу тилде жазылган текстти башка вербалдуу тилдеги текстке өзгөртөт деп мүнөздөйт. Ал эми Андре Лефевр (1945-1996) англис котормочулары ырларды которууда кабыл алган жети ыкманы белгилеген: фонемикалык котормо, сөзмө-сөз котормо, метрикалык котормо, поэзияны прозага которуу, рифмалуу котормо, эркин ыр которуу жана интерпретативдик котормо [387], [388]. Андре Лефевр тарабынан сунушталган стратегиялар төмөнкүдөй мүнөздөлөт [388]:

1) фонемикалык котормодо үнгө басым жасалат; ал котормо тилде (TL) баштапкы тилдин (SL) үндөрүн кайра жаратууга аракет кылат. Мындан тышкары, ошол эле учурда котормочу маанини өткөрүп берүүгө аракет кылат. Лафеврдин айтымында, жалпысынан натыйжа ыңгайсыз угулат жана кээде баштапкы маанинин кээ бир бөлүктөрүн колдонбой калтырууга туура келет. Тексттик деңгээлде котормо тилдеги (TL) тыбыштарга баштапкы тилдин (SL) тыбыштарын имитациялоо, котормо тилдин өзгөчөлүгүнө байланыштуу аллитерацияны (ассонанс жана консонанс) которууну камтыйт [388];

2) сөзмө-сөз котормо түздөн-түз которуу дегенди билдирет. Бул ыкма баштапкы маанисин өткөрүп бере албайт, ал эми сөз айкаштары жана сүйлөм структуралары котормо тилге ыңгайлашат. Сөзмө-сөз котормо котормочулар тарабынан маданиятка тиешелүү терминдер же предметтерде өзгөчө түшүнүксүздүктү чагылдырганда колдонулат. Сөзмө-сөз котормо кээ бир ырлардан ачык көрүнүп турат [388];

3) метрикалык котормо стратегиясы баштапкы тексттин метрикалык өзгөчөлүктөрүн кайра түзүп чыгууга басым жасайт. Мындан тышкары, ар бир тилдин өзүнүн өзгөчө басым үлгүлөрү жана уникалдуу лингвистикалык-

фонетикалык жана айтылыш системасы болгондуктан, бул ыкма маниси жана түзүлүшү жагынан туура эмес которууга алып келет. Азыркы мезгилде поэзияда рифмалуу ырдын үстөмдүк кылуусу менен мүнөздөлөт [388];

4) поэманын түпнуска кооздугу же поэтикалык касиетин жоготкондуктан, поэзиядан прозага которуунун да жетишсиздиктери көп. Прозалык котормо баштапкы тилдин (SL) поэтикалык элементтерин, рифмалык - уйкаштык схемасын жана (TL) котормо тилдин метрикалык өзгөчөлүктөрүн эске албай, формасы боюнча башка адабий жанрда кайра чыгаруу үчүн арналган. Бул ыкма түпнусканын (SL) кээ бир эмотивдик маанисин, коммуникативдик маанисин жана синтаксисин жоготууга алып келет [388];

5) уйкаштык менен рифмалуу котормодо түпнуска ырдын рифмасынын котормо тилге (TL) өтүшүнө басым жасалат. Натыйжада формасы сакталышы мүмкүн, бирок семантикалык жактан ылайыксыз болот. Бул учурда котормочу котормо тилинин өзгөчөлүгүнө жараша котормо үчүн ылайыктуу рифманы табышы керек. Котормонун бул түрү түпнускадагы (SL) поэтикалык материалды терең түшүнүүнү гана эмес, котормо тилдин (TL) системасы боюнча поэтикалык тексттерди түзүү талантын да талап кылат [388];

6) алтынчы ыкма – ак ыр же уйкаштыгы жок ыр катары которуу. Бул ыкманын жардамы менен котормочу түпнуска тилдеги так эквиваленттерди котормо тилдеги адабий маниси менен жеткире алат. Башка жагынан алып караганда, рифма жана метрге көңүл бурулбайт. Демек, физикалык жактан натыйжа оригиналдан башкача, бирок семантикалык жактан бирдей көрүнөт. Ак ыр котормосу көбүнчө котормо тилдин маданиятынын стилистикалык сапаттары менен котормо жасоо үчүн колдонулат [388];

7) Лефевр белгилеген акыркы ыкма – интерпретация, автордун айтымында чечмелөөнүн эки түрү бар: вариант жана имитация. Котормо тилдеги ырдын версиясы семантикалык жактан түпнуска менен бирдей, бирок формасы жактан такыр башкача болот. Андан тышкары, имитацияга алынган ыр башка ыр, бирок аталышы, темасы жана башталышы түпнуска ыр менен бирдей. Андан тышкары, чечмелөө стратегиясын тандаган котормочу ырдын түпнуска саптарын

парафразалап, толугу менен котормо тилдин мазмунуна жараша жаңы ыр түзүп чыгат. Котормонун бул түрү түпнусканын поэтикалык өзгөчөлүктөрүн терең түшүнүүнү гана эмес, котормо тилдин системасы боюнча поэтикалык тексттерди түзүү талантын да талап кылат [388].

Котормонун семиотикалык маселелери Фердинанд де Соссюрдун эмгектеринде кеңири аныкталат. Анын "*Коомдун ичинде белгилердин жашоосун изилдөөчү илимдин мааниси терең, бул илим социалдык психологиянын жана жалпы психологиянын ажырагыс бир бөлүгү боло алат, мен бул илимди семиология (semiology) деп атайм"* [479, 16-б.] деген аныктамасы менен котормонун семиологиялык лингвистикалык багыты негизделип, лингвистикалык семиотика өнүгө баштаган. Семиология грек тилинен semeion "sign" "белги" дегенди билдирет. Америкалык философ Ч. С. Пирс [446] менен бирдикте Соссюр [479] лингвистикалык семиотиканын негиздөөчүлөрү деп эсептесек болот. Соссюрдун лингвистикалык "белги" жөнүндөгү түшүнүгү француз структурализминен чоң таасир алуусунун негизинде түзүлгөн. Пирс "белги" бир нерсенин объектисин түшүндүрөт [446, 5-б.] деген ойду билдирсе, Соссюрдун белги теориясы белгинин референти же обьектиси менен байланышпайт. Соссюр үчүн лингвистикалык белгинин эки негизги бөлүгү бар: *белгилөөчү (signifier)* жана *белгиленүүчү (signified)*, Соссюрдун теориясы *"белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосундагы байланыш арбитрардуу, б.а. туруктуу эмес"* [479, 67-б.] экендигин көрсөткөндүгүндө. Соссюрдун айтуусунда *"тил – ар түрдүүлүктүн системасы, ал маанини өзүнүн ички механизмдери менен жаратат"* [479, 69-б.]. Белгилер бир жалпылыкка киргенде гана мааниге ээ болот жана биз, коомдун жашоочулары кандай кабыл алсак тил ошондой формада же мааниде болот, б.а. ар бир тил дайыма ошол тилде сүйлөгөн гана коомчулукка таандык экенин айтышат. Тилдин эволюциялык өнүгүүсүн айырмалоо үчүн, белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосундагы байланыш *арбитрардык* же убактылуу болгондуктан, Соссюр лингвистиканы *диахроникалык* жана *синхроникалык* деп бөлүп караган. Синхроникалык лингвистика тилдин азыркы учурдагы мүмкүнчүлүктөрүн

изилдесе, диахроникалык лингвистика убакыттын өтүшү менен өзгөрүүгө учураган, азыркы учурда ошол тилди колдонуучуларына мүмкүн эмес болгон перспективаларын карап чыгат.

Поэтикалык текст азыркы убактагы лингвостилистиканын принциптеринин негизинде маниге ээ элементтердин структурасы болуп саналат, текст болуп эсептелиниш үчүн биринчиден, маани берүүчү элемент болууга тийиш, экинчиден, ушул элементтердин биримдиги, үчүнчүдөн, ушул биримдиктин практикада көрсөтүлүшү керек [445]. Текст лингвистикалык элемент катары колдонулганда анын чөйрөсү кыскарат, ал эми тексттин "феномендер тайпасы" катары эсептелиниши анын сферасынын өтө кеңири боло ала тургандыгын көрсөтөт. Анткени биз өзүбүздү да *"мен"* катары феномендик текст деп эсептелинсек болот деген ойду айтышат [479]. Бул ой Соссюрдун эмгегинде белгилөөчү/белгиленүүчү концепттеринин өзгөчөлүктөрүн иштеп чыгуу менен *"лингвистикалык белги нерселер же аттар / ысымдарды эмес, концепттерди жана үн/образдарды бириктирет"* деп берилет [479]. Анткени белгилөөчү үчүн кеп сыяктуу укканга боло турган же жазуу сыяктуу көргөнгө боло турган нерселердин баары кабыл алуунун объектиси болуп эсептелинет. Ал эми белгиленүүчү нерсе *"эстутумдагы образ, концепт жана психологиялык реалдуулук"* [479, 14-15-бб.]. Белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосундагы мамиле белги жасоо/маани жасоо процесси деп аталат. Маани жасоо процессине өзгөчө мамиле кылуу менен Соссюр *"белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосундагы байланыш убактылуу"* [479] дейт, ал символдун мааниси дайыма туруктуу болооруна салыштырып, *"тилде дайыма айырмачылык болуп турат"* деп көрсөтөт [479].

Тодоров тилде дайыма боло турган айырмачылыкка өзүнүн пикирин мындайча билдирет:*"белгини колдонгондордун баары белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосундагы радикалдуу айырмачылыкты билиш керек, бул айырмачылык кабыл алына турган жана алынбай турган, бар жана жок нерселердин ортосундагы айырмачылык катары да түшүндүрүлөт"* [507, 100-б.]. Ал эми Эмили Бенвенисте [234] Соссюрдун идеяларын андан ары

татаалдаштырып, белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосундагы мамиле арбитрардуу же убактылуу экендигин изилдеп, *“белгилөөчү, белгиленүү, эстутумда кабыл алуу, кайра чагылдыруу, үн жана образ ж.б. чындыгында бир түшүнүктүн эки аспектиси”* экендигин айтат [234, 45-б.]. Бирок алардын ортосундагы оппозициянын жана айырмачылыктын мааниси чоң экендигин айтуу менен Бенвенисте *“лингвистикалык белгинин абсолюттук мүнөзүн түшүнүүдө ... алардын ортосундагы айырмачылыкты, оппозицияны түшүнүү диалектикалык муктаждыгы келип чыгат, ал эми бул аспекттер тилдин структуралык принциптерин түзөт”* деп көрсөтөт [234, 48-б.].

Баардык нерселер, болмуш, бар нерселердин баары текст деп атала тургандыктан структуралисттик лингвисттердин теориялары, анын ичинде Соссюр *“тил – белгилер системасы жана ал система айырмачылыктардын негизинде ишке аша тургандыгын көрсөткөн теориялары үстөмдүк кылат”* деп айтат [479]. Мындан текст белгилер системасы катары каралып, кандай гана текст болбосун, тил, адабият, абстрактуу түшүнүктөр маданий продукт катары кабыл алынып, алардын тарыхый абалына жана өзгөчөлүгүнө жараша интерпретацияланышы зарылдык катары берилет.

Белги – коммуникациянын ар бир баскычында өтө маанилүү элемент. Э. Бенвенистенин айтуусунда *“белгинин аткарган кызматы бир нерсени көрсөтүү, анын ордуна туруу же ал нерсенин ордуна колдонулуу”* [234, 51-б.]. Мисалы, кимдир бирөөгө белек берүүдө, биринчиден, ал белек эмнени билдирет, кандай түшүнүккө ээ деп, белек бере турган адамдын жашына, улутуна, кызыгуусуна, ж.б. социалдык статусуна карай берилет, эгерде кыргыздар камчы белек берсе ал бийликтин, үй ээсинин жакшы кызматта экендигинин белгиси катары тартууланат. Виртуалдуу нерселердин баары, жаныбар, жаны жок, чыныгы, абстрактуу, элестеги чагылышы, табигый же жасалган нерселердин баарын белги катары колдонууга, интерпретация кылууга болот. Бир белгиге бир канча интерпретация болушу ыктымал.

19-кылымдын аягында жана 20-кылымдын башында Фердинанд де Соссюр (1857–1913) жана С.Пирс (1839–1914) тил илиминде жана философияда белги

теориясын изилдей башташкан. Алардан кийин Чарльз В. Моррис (1901–1979), Луи Ельмслев (1899–1965), Роман Якобсон (1896–1982), Томас Т. Себеок (1920–2001), Альгирдас Ж. Греймас (1917–) сыяктуу окумуштуулар изилдей башташкан. Умберто Эко (1932–2016), Юрий Лотман (1922–1993) жана башкалар менен бирдикте Роман Якобсон биринчилерден болуп семиотиканы котормо таанууга колдонгон деп эсептелет.

Якобсон *“кандайдыр бир тилдик белгинин мааниси анын кандайдыр бир башка, альтернативдик белгиге которулушу, ал“толугураак өнүккөн” белгиге которулушу”* деп белгилейт [357, 233-б]. Якобсон (1959) вербалдык белгини чечмелөөнүн үч ыкмасын аныктайт: 1) бир эле тилдин ичинде бирок башка белгилерине (интралингвалдык котормо); 2) башка тилге интерлингвалдык (тил аралык котормо) которулушу; 3) символдордун вербалдык эмес системасына которулушу (интерсемиотикалык котормо) [357, 233-б]. Якобсон интралингвалдык жана интерлингвалдык тил аралык кормолорго көбүрөөк басым жасап, биринчи кезекте вербалдык белгилерге көңүл бурат, ал эми интерсемиотикалык котормого азыраак көңүл бурганы айтылат [323].

Интралингвалдык котормодо Якобсон "башка сөздөрдүн курамы менен, аздыр-көптүр синонимдик сөздөрдү колдонсо болот, же жалпыласа болот" деп сунуштайт [357]. Ал тил ичиндеги котормодо толук эквиваленттүүлүк жок экенин көрсөтүү менен тилдер аралык котормо жөнүндө мындай дейт: *"код бирдиктердин ортосунда эч кандай толук эквиваленттүүлүк жок, ал эми билдирүүлөр код бирдиктерин же кабарларды адекваттуу чечмелөө катары кызмат кылышы мүмкүн"* [357, 233-б.]. Ал ошондой эле *«тил илими анын белгилерин ошол эле системанын башка белгилерине же башка системанын белгилерине кормоюнча эч кандай тилдик үлгүнү чечмелей албайт»* деп эскертет [357, 234-б.]. Андан тышкары, ал *«эки тилди кандайдыр бир салыштыруу алардын өз ара которууга жөндөмдүүлүгүн текшерүүнү билдирет; тилдер аралык коммуникациянын кеңири жайылган практикасы, өзгөчө кормочулук лингвистикалык илимдин дайыма көзөмөлүндө болушу керек»* деп көрсөтөт [357, 234-б.]. Негизинен, Якобсондун вербалдык белгини

чечмелөөнүн үч ыкмасын Пирстин “белги-иш-аракет” жана “дегенерацияланган белги-иш-аракет” [323, 157-б.] концепцияларынын дагы бир интерпретациясы катары кароого болот.

Якобсондун үч тараптуу котормо классификациясы ондогон жылдар бою таасирдүү болуп, ар кандай энциклопедияларга киргизилген [214], [296], [298], [219], [513]. Якобсондун котормо теориясынын котормо таануу, лингвистика жана семиотика боюнча эмгектери европалык жана америкалык академиялык чөйрөлөрдө кабыл алынган. Якобсондун *интралингвалдык, интерлингвалдык (тилдер аралык)* жана *интерсемиотикалык* котормолор классификациясы котормо теориясы жана белгилерди чечмелөө жолдору үчүн баалуу негизди камсыз кылганы менен, анын чектөөлөрү да бар экендигин изилдеген эмгектер да жок эмес.

20-кылым илим чөйрөсүн ар кандай бөлүктөргө, дисциплиналарга жана адистиктерге бөлүү менен айырмаланат. Алардын ичинде семиотика да лингвистикалык жана поэтикалык теория катары формалдык жана практикалык жактан ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзүлдү. *Семиотика* термини байыркы грек *“sēmeiotikos”* тилинен алынып, *“белги” ('sign')* дегенди билдирет [297]. Оксфорд сөздүгүндө “семиотика [sēmeioun] - белги жана символдор жөнүндөгү жана алардын колдонулушун же интерпретацияланышын “үйрөтүүчү окуу” деген аныктама берилген [442]. Семиотика жаңы илим эмес, анткени 17-кылымда эле англис философу жана педагогу Джон Локк (1632-1704) белгилер жөнүндөгү окууга семиотика деген атты колдонуп, бул окуу же *“белгилердин доктринасын же белгилердин табиятын карап чыгуу зарыл, анткени биздин акылыбыз белгилерди нерселерди түшүнүү үчүн жана анын маанисин жеткирүү үчүн колдонулат”* деп айткан [399, 720-б.]. Джон Локк белгилердин ичинен өзгөчө белги катары *сөз* деп эсептеген. Азыркы убактагы этимология изилдөөчүлөрү *semiotics* термини грек тилинен алынып, *sēmainein* (to signify - белгилөө) этиши жана *sēmeion* (sign – белги) зат атоочу *sēma* деген сөздөн келип чыккан деп эсептешет [442]. Ал байыркы прото-индо-европалык тилиндеги түпкү мааниси *“аң-сезимдин иш-аракети”* дегенди билдирет [297, 568-б.], ошондой эле *sēma* ар

кандай фонетикалык, тарыхый, кептик өзгөрүүлөргө дуушар болуп, сигнал, белги, графикалык мүнөздөмөлөр сыяктуу көп мааниге ээ.

Семиотиканын келип чыгышын Гиппократтын жазуулары менен да байланыштырышат, анткени б.з.ч. 4-кылымда медицина чөйрөсүндө симптомдорду жана синдромдорду интерпретациялоо искусствосу жана Гиппократтык традицияда кеңири таралган *Semeiology* - "белгилерди чечмелөө искусствосу" деген түшүнүктөр менен бирдикте биринчи жолу *sēma* деген сөз колдонулган [297]. 1914-жылы чыккан "Англис тилинин жаңы сөздүгүндө" 19-кылымдын аягына чейин колдонулган сөздөрдүн баардыгы англис тилинде мурда колдонулган сөздөр экендигин көрсөтүшкөн [297]. Семиотика боюнча энциклопедиянын негизинде семиотикага байланышкан мындай сөздөрдүн көпчүлүгү 1839-жылдан бери медицина чөйрөсүнө тиешелүү болгондугу маалым:

*Semeiography:* 1. символ (1706-ж.); 2. симптомдорду сүрөттөө (1855-ж.).

*Semeiologic:* белгилер жөнүндөгү тилге байланыштуу (1839-ж.);

*Semeiologist:* белгилер тилин өздөштүргөн адам (1848-ж.)

*Semeiology (Semiology):* 1. белгилер жөнүндөгү тил (1641-ж.); 2. симптомдор менен байланышкан медицина бөлүмү (1839-ж., 1876-ж.) [297].

*Semeiotic (semiotic):* симптомдор менен байланышкан медицина тармагы (1625-ж.). *Semeiotics (semiotics):* симптомдорду интерпретациялоо боюнча медицина илимдеринин тармагы (1670-ж., 1873-ж.) [297] катары келип чыккан.

Азыркы убакта семиотика түшүнүгүнүн колдонулушу маанилердин теориясына байланышкан. Семиотика белгилердин маанисин чечмелөөчү илим катары көптөгөн багыттарды өзүнө камтыйт. Семиотиканын америкалык багытына америкалык философ, логик, математик, прагматизмдин негиздөөчүсү Чарлз Сандерс Пирс (1839-1914) өзгөчө чоң таасир тийгизген [446]. Ал эмгегинде логика менен мааниге терең көңүл буруп, лингвистиканы философия менен тыгыз байланыштыруусунда болгон. Пирстин көпчүлүк эмгеги белги категорияларын изилдөөнү өркүндөтүүгө арналган, негизинен анын эмгеги белгилерди икон (icon), индех (index) жана символ (symbol) деген категорияларга

бөлүп караганында. Пирстин идеялары Умберто Экого чоң таасир калтырып, ал белги категорияларын андан ары изилдеп, өзүнүн идеялары менен өркүндөткөн [291, 294]. Пирстин категориялары Европа семиотиктеринин идеяларынан, өзгөчө Альгирдас Жюльен Греймас (1917- 1992) литвалык жана француз лингвисти, фольклористи жана адабиятчысы А.Ж. Греймас [488] негиздеген Париж лингвистикалык мектебинин өкүлдөрүнүн эмгектеринен айырмаланып турат. Анкени Париж мектеби белгилердин ортосундагы байланышка жана алар маанилерди тексттин же дискурстун ичинде кандайча жаратат деген маселелерге багытталган. Париж мектебинин идеялары үчүн теорияларды иштеп чыгуу менен аларды тексттик анализдерге методологиялык инструмент катары кандайча колдонууга боло турганы маанилүү. Париж мектебинин негизги аныктамасы боюнча семиотика маанинин өнүгүүсүндө жана аны бөлүп кароодо универсалдык структуралардын бар экендигин көрсөтөт [297]. Бул аныктамада семиотиканын максаты өтө кеңири, ал белгилердин маанисин көрсөтүү же баса белгилөө (signification) процессин, белгилөө процедураларын, системаларын жана алардын практикада колдонулушун изилдейт. Этимологиялык изилдөөлөрдүн негизинде *баса белгилөө – signification* деген мааниде, Collins English Dictionary боюнча латын тилинен significātiō келип чыккан, ал *сигнал, баса белгилөө, көрсөтүү, маанилүү* деген маанилерди билдирет [263].

1985-жылы семиотика теориясынын өнүгүүсү жөнүндө сөз болгондо Греймас теоретикалык негиз үчүн көрүнүктүү дүйнөлүк деңгээлдеги окумуштуулардын эмгектеринин негизинде түзгөнүн айтат [488]. Алар француз антропологу, этнографы, этнологиянын негиздөөчүсү Клод Леви́-Стросс (1908–2009) [392], орус окумуштуусу, филолог-фольклористи Владимир Яковлевич Пропп (1895-1970) [173], француз мифологу жана филолог-компаративисти Жорж Дюмези́л (1898–1986), 20-кылымдагы лингвистиканын, семиологиянын жана лингвистиканын негиздөөчүсү, Женева лингвистикалык мектебинин негиздөөчүлөрүнүн бири Фердина́нд де Соссю́р (1857-1913) [167, 166] жана тилдин математика, логика жана семиотика менен байланышкан математикалык теориясынын, б.а. глоссематиканын автору, даниялык лингвист Луи Тролле

Ёльмслев (1899-1965), ошондой эле орус жана америкалык лингвисти жана адабиятчысы, структуралисттик лингвистиканын негиздөөчүлөрүнүн бири Роман Якобсон (1896-1982) [354] болуп саналат.

Семиотиканын фундаменталдуу преамблуасы – *“айырмачылыгы жок маани жаралбайт”* [297]. Греймас айткандай: *“Биз айырмачылыктарды кабыл алабыз, бул биздин максаттарыбызга ылайык жана биздин алдыбыздагы дүйнө кандайдыр бир формага ээ экендигин сезе билген кабыл алуубузга жараша болот”* [325, 541-б.]. Греймастын аныктамасы менен поэтикалык котормолорго анализ жасоо төмөндөгү төрт принциптин негизинде ишке ашат [297]:

- заттардын мааниси ал заттын бөлүнгүс касиети эмес, заттар өздөрүн белги катары көрсөтө алышпайт. *Маани котормочу тарабынан берилет*, б.а. субъект обьекттерге маани же “форма” бере алат. Кандай максат койгонубузга жараша жана мурунку билимибизге жараша заттарга түшүнүк бере алабыз;
- семиотика кандай гана текст болбосун, автономдуу бирдик катары карайт, *котормочу ар бир текстти өз алдынча ички мааниге ээ болгон текст катары карайт.* Сырткы идеялар же маанилердин ага таасири болбош керек, анткени семиотикалык анализдер актуалдуу тилди жана тексттин структураларын окуп үйрөтөт, жана маани кандайча түзүлө турганын жана ал кандай маанилер экендигин изилдейт, б.а. семиотикалык метод тексттин ичинен “жаңы нерсени табуу” методу деп аталат;
- семиотика чыгарманын формасы жана анын жазылышы дискурстун негизин түзөөрүн көрсөтөт. Жазылган чыгарманын саясий, социологиялык, экономикалык ж.б. жанрларга же алардын көркөм чыгармага байланышын, жана канчалык деңгээлде чындыкка жакын экендигин көрө алуу менен котормочу тексттин жанрын аныктайт;
- семиотика маанинин деңгээлдери жөнүндөгү түшүнүктү изилдейт, мисалы, чыгарманын мааниси терең абстрактуу мааниге ээ, ошондуктан тексттин терең маанисин табуу үчүн котормочу которула турган текстти ар тараптан байланыштырып изилдөөнү сунуштайт.

**Биринчи баптын кыскача жыйынтыгы**

Поэзия менен коомдун өз ара байланыш маселеси дайыма өзөктүү маселелерден болуп кала берет. Көркөм тилде, өзгөчө поэзияда орун алган маалымат, ой-пикир, билим элдин ой жүгүртүүсүнүн жыйынтыгы болуп саналат. Коомдук аң-сезимдин формалары, саясий, укуктук, нравалык, диний, көркөмдүк, философиялык ж.б. коомдук көз караштар жана илимий маалыматтар тилди колдонуучу коом сыяктуу эле өзгөрүлүүчү касиетке ээ болуу менен тилге да өз таасирин тийгизет. Лингвостилистикалык жана семиотикалык талдоонун теориялык аспектилери кыргыз аялдар поэзиясынын англис тилиндеги котормолорун объективдүү изилдөөгө негиз түзөт деп айтууга болот. Бул бөлүмдө поэтикалык чыгармаларды, түзүлүшүн, маданий жана тилдик өзгөчөлүк контекстиндеги маанисин тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берген филологиялык жана лингвостилистикалык аспектилер каралган. Поэзиянын философия менен байланышын изилдөөдө Аристотель жана Платон сыяктуу грек окумуштууларынын мимесис, форма жана катарсис жөнүндөгү идеялары поэтикалык искусствону түшүнүүнү жана калыптандырууну улантып жаткандыгы көрсөтүлгөн. Поэзиянын эмоционалдык жана этикалык аспектилерин изилдөөсү жанрдын эстетикалык жана моралдык аспектилерин бириктирген алкагын түзүү менен философтордун поэзияны чындык же иллюзия деген көз караштары талкууланып келе жаткандыгы белгиленди.

Ошондой эле, чыгыш философторунун поэзиянын рухий, метафизикалык жана этикалык ролдорун талкуулоосу поэзияны чыгармачыл сөз катары гана эмес, чындыкты, руханий дүйнөнү изилдөө үчүн каражат катары караган. Философиялык көз караштар поэзиянын универсалдуулугун түшүнүүгө жана анын ар түрдүү маданиятта чечмеленишин таанууга бекем негиз болуп саналат. Поэзияны реалисттик жана иллюзиялык кабылдоо сыяктуу экилик карама-каршылыктар кыргыз ырларын философиялык ой жүгүртүүдө негизги ролду ойной тургандыгы далилденген. Бул кыргыз коомунун руханий жана социалдык реалдуулугун чагылдырган чыгармалардын философиялык терендигин түшүнүүгө жардам берет.

Лингвостилистикалык ыкмалар поэтикалык котормону талдоого ылайыкташтырылгандыгы айтылып, ал лексикалык жана грамматикалык түзүлүштү гана эмес, чыгармалардын эмоционалдык көркөмдүгүн эске алып, котормодо түп нуска тексттерди так чечмелөөгө мүмкүндүк берээри талкууланган. Поэтикалык чыгармаларды башка тилдик жана маданий контекстте чечмелөөгө жана адаптациялоого таасир этүүчү адабий, стилистикалык жана филологиялык аспектилерди карап чыгуу менен диссертациянын биринчи бөлүмү изилдөөнүн филологиялык негиздерин теориялык жактан чагылдырган. Поэтикалык тексттерди анализдөөгө жана которууга таасир этүүчү фундаменталдык дисциплина катары филологиянын, лингвостилистиканын жана лингвосемиотиканын негизги аспектилери аныкталган. Филология тилди жана адабиятты изилдөөдө башкы ролду ойной тургандыгы талкууланып, лингвостилистика жана лингвосемиотика поэтикалык чыгарманы талдоо үчүн, көркөм тексттин ажырагыс компоненттери болгон стиль, ритм, метрикалык өзгөчөлүктөрүнө жана поэтикалык образдар түшүнүктөрүнө өзгөчө көңүл бурулган.

Лингвостилистиканын жана поэзиянын котормо теориясынын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон В.В. Виноградов, Г. О. Винокур, С. С. Аверинцев, Б. В. Томашевский жана башка изилдөөчүлөрдүн көз караштары каралган. Алардын эмгектерин изилдөө натыйжасында поэзияны которуу лингвистикалык, маданий жана стилистикалык аспектилерди камтыган комплекстүү мамилени талап кылары аныкталган. Фердинанд де Соссюр жана башка лингвисттердин теорияларына негизделген поэзиянын лингвистикалык жана семиотикалык изилдөөлөрү поэзияны которуу лексикалык жана синтаксистик аспектилерди гана эмес, текстти чечмелөөгө таасир этүүчү белги системаларын да эске алууну талап кылаары аныкталган. Бул контекстте кыргыз аялдар поэзиясын англис тилине которуу лингвистикалык, семиотикалык жана маданий компоненттерди камтыган татаал жана көп катмарлуу процесс катары каралган.

Изилдөөнүн семиотикалык-теориялык негиздери Ф. де Соссюр, Ч. С. Пирс жана башка структуралык лингвисттер тилди белгилердин тутуму катары

караган идеясы лингвистикалык белги жана алардын ортосундагы байланыш шарттуу жана өзгөрүлмө мүнөздө болоору аныкталган. Бул жобо структуралык лингвистиканын негизин түзүп, белгинин табияты, тилди изилдөөгө синхрондук жана диахрондук мамилелердин айырмачылыктары, ошондой эле тексттер белги системасы катары каралган.

Заманбап изилдөөлөр белгилер жана алардын чечмелениши тарыхый, маданий жана социалдык контекстке көз каранды экендигин жана белгини түшүнүү сөзсүз түрдө аны кабыл алуу жана чечмелөө процесстери менен байланыштуу экендиги көрсөтүлгөн. Лингвостилистикалык жана семиотикалык талдоо өзгөчө тектеш эмес кыргыз жана англис тилдеринин ортосундагы маданий жана лингвистикалык айырмачылыктарды эске алуу менен котормолорду талдоонун натыйжалуу ыкмасы экендиги аныкталган.

# 2-БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Аялдар поэзиясынын котормолорун изилдөөнүн лингвостилистикалык методдору

Изилдөө кыргыз жана англис аялдар поэзиясын жана алардын котормолорун изилдөө үчүн лингвостилистикалык жана семиотикалык анализдерди бириктирген комплекстүү ыкмага негизделген.

Иштин изилдөө объектисин англис тилине которулган 20-кылымдын башынан азыркы күнгө чейинки бир кылым ичиндеги кыргыз аялдар поэзиясы, анын англис тилиндеги котормолору жана англис аялдар поэзиясынын кыргыз тилидеги котормолору түзөт.

Иштин изилдөө предмети – аялдар поэзиясынын англис жана кыргыз тилиндеги котормолорунун лингвистикалык, стилистикалык жана семиотикалык аспектилери түзөт.

Изилдөөнүн негизги материалы катары жалпысынан 67 акындын тандалган 314 ыры жана алардын англис тилиндеги котормолору алынды. Алардын ичинен лингвостилистикалык жана семиотикалык анализ жасоо үчүн 36 акындын чыгармалары колдонулду. Лингвостилистикалык жана семиотикалык анализге төмөнкү 36 акындын ырлары алынган: А. Абазова [531], Ф. Абдалова [532], С. Абдыкеримова [534], С. Акматбекова [540], Т. Адышева [535],Э. Ажыканова [537], Р. Айталиева [577], П. Алмаз кызы [542], Р. Аманова [543], Б. Арстанбекова [549], А. Бегимкулова [552], Н. Бөдөшева [554], А. Дегенбаева [577], Н. Жетикашкаева [558], Ж. Жамангулова [557], Р. Жуманазарова-Шакирова [560], К. Зарлыкова [561], Исабаева [564], Б. Карагулова [566], Р. Карагулова [567], Ш. Келдибекова [568], А. Кулишева [569], М. Мамазаирова [579], Ш. Мамбетаипова [580], М. Мамытова [581], М. Осмонкулова [584], Н. Осмонова [585], С. Орозобекова [582], Г. Шакирова [594], Б. Чотурова [592], А. Чойбекова [591], К. Тажиева [588], А. Темирова [590], А. Эгембердиева [598]. Англис аялдар поэзиясынын ичинен Э. Браунинг [243], Э. Дикинсон [284], Мэри Толес Питт [277], Мая Анджелоу [205] алынды.

Ал эми котормо материалы катары төмөнкү жыйнактар колдонулду: 1) Б. Арстанбекованын “Курманжан Датка” поэмасы (2015) [548] жана анын котормосу (2021) [547], (котормочу З. Караева, редакторлору С. М. Блэнд, О. К. Китчэн, Д. У. Пэрри); 2) “Кыргыз лирикалык поэзиясы котормодо”, 2022 (котормочулар К. Калиева, А. Асылбекова, Г. Байгобылова, редактору Л. Хамилтон) [576]; 3) “Кыргыз аялдар поэзиясынын котормолору”, (котормочу: З. К. Караева, редактор Д. Киттл), 2023 [575]; 4) “Энелер үнү: кыргыз аялдар

поэзиясы англис тилинде” (котормочулар: С. Мамбаева, Г. Ибраимова, редактор Д. Киттл), 2023 [599]; 5) “Кыргыз аялдар поэзиясынын котормолору” (котормочу: Ж. Ж. Чыманова, редактор Д. Киттл), 2024 [575]; 6) “Англис тилине которулган кыргыз аялдар поэзиясы” (котормочулар: А. Асылбекова, Г. Апсаматова, редактор Д. Киттл), 2024 [544]; 7) Н. Осмонкулова “Мои Молитвы” (котормочу С. Мамбаева), 2023 [583]; 8) Б. Чотурова “Tumar Queen” (котормочу З. Караева), 2018 [593]; А. Бакирова, Г. Байгобылова, А. Бектурова “Words Across Borders: Kyrgyz Poetry in Language and Learning”, 2024 [551]; “Кыргыз аялдар поэзиясы” / Котормолор жыйнагы (түзгөн жана которгон К. Калиева, ред.: С.П. Буре, Д. Киттл, Л. Хамилтон), 2024 [573]. Англис аялдар поэзиясынан Э. Браунинг [243], Э. Дикинсон [284], Мэри Питт [277], Майя Энжелоунун [205], [179] чыгармалары жана алардын котормолору алынды.

Поэтикалык текстти лингвостилистикалык изилдөөнүн методдору жана методологиясы, англис тилине которулган кыргыз аялдар поэзиясынын мисалында талдоонун бир нече этаптарын камтыйт. Лингвостилистикалык изилдөө методдору көркөм текстти талдоо үчүн көп баскычтуу методология болуп саналат. Мындай изилдөөнүн негизи поэтикалык чыгарманын *формасы, мазмуну* жана *функциясынын* өз ара байланышын жана алардын чыгарманы жана анын котормосун кабыл алууга жана чечмелөөгө тийгизген таасирин изилдөө түзөт [115]. Көркөм текстти лингвостилистикалык изилдөө - бул поэтикалык чыгарманы лингвистикалык деңгээлде жана анын аткарган функцияларын талдоо үчүн тил илиминин жана адабият таануунун элементтерин айкалыштырган дисциплиналар аралык мамиле болуп саналат.

Лингвостилистикалык ыкма лингвистиканын жана адабий изилдөөлөрдүн тармагы катары лексикалык сөз курамын, синтаксистик структураларды жана риторикалык каражаттардын тилдеги стилистикалык өзгөчөлүктөрүн системалуу талдоого багытталган [102]. Лингвостилистикалык талдоонун максаты - тилдик элементтер тексттин жалпы маанисине жана таасирине кандай салым кошорун түшүндүрүү, тилдин функцияларын, тексттин маанайын, жеткирүү, эмоцияларды ойготуу жана каармандарды же темаларды аныктоо

менен тилди колдонуу менен адабий чыгармачылык жөнүндө түшүнүгүбүздү байытууга шарт түзөт [102].

Лингвостилистикалык изилдөө методдору көркөм текстти терең изилдөө үчүн ар тараптуу мүмкүнчүлүктөрдү берет. Лингвостилистикалык изилдөө метод катары форманын, мазмундун жана функциянын үчилтигине жана тексттин экспрессивдүү жана ассоциативдик функцияларына таянып, поэтикалык чыгарманы лингвистикалык, стилистикалык жана семантикалык аспектилерин ачып, семиотикалык жана экстра лингвистикалык деңгээлде изилдөөгө мүмкүндүк берет. Көркөм текстти үч деңгээлде талдоо ыкмасы В. Я. Задорнованын эмгектеринде берилген: *семантикалык, метасемиотикалык* жана *метаметасемиотикалык* [68]. Поэзияны талдоонун үч баскычтуу ыкмасы тилдик бирдиктердин семантикалык касиеттерин жана алардын метасемиотикалык маанисин ("эмоционалдык-экспрессивдик-касиетин") [115], [19], [70] жана коннотациялык мааниларин камтыйт. Текстти көркөм сөз каражаттарынын жыйындысы катары көрсөтүүгө жана тексте колдонулган тилдин бардык деңгээлдериндеги стилистикалык жактан белгиленген бирдиктердин касиеттерин ырааттуу талдоого мүмкүндүк берет [115]. В. Я. Задорнованын сөзү боюнча, семантикалык деңгээл көркөм чыгарманын фонун билдирет, анда анын бардык элементтери тил системасынын бөлүктөрү катары каралат [68].

Максатына жана милдетине жараша көркөм тексттерди жана алардын котормолорун лингвостилистикалык багытта талдоонун төрт ыкмасы төмөндө берилди:

Таблица 2.1 *Поэзияны талдоонун төрт ыкмасы*




*1) Лингвостилистикалык беш баскычтуу анализ (лингвистикалык, семантикалык, семиотикалык, метасемиотикалык, метаметасемиотикалык)*

Изилдөөнүн натыйжасында сунушталган беш баскычтуу анализ көркөм чыгарманын лингвистикалык (тил, түзүлүшү), семантикалык (мазмуну), семиотикалык (белгилер, символдор), метасемиотикалык (сөз троптору, фигуралар) жана метаметасемиотикалык (тилдик бирдиктер кандайча эстетикалык эффект жаратып, белгилүү идеялык-көркөм мазмунду кантип жеткирери түшүндүрүлөт) деңгээлдери аркылуу лингвостилистикалык талдоо жүргүзүлөт. 1) Биринчи баскычта текст *лингвистикалык деңгээлде:* фонетикалык (фонологиялык), морфологиялык, синтаксистик, лексикалык өзгөчөлүктөрү талданат. 2) Экинчи баскычта текст *семантикалык деңгээлде* талданып, конкреттүү сөздөрдүн мааниси, коннотациясы, лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик өзгөчөлүктөрүнүн маани түзүүдөгү ролу талкууланат. 3) Үчүнчү баскычта тилдик бирдиктер *семиотикалык белги* катары талданып, символикалык маанилери аныкталат. 4) Төртүнчү баскычта *метасемиотикалык* деңгээлде коллокациялар жана сүйлөмдөр же бүтүндөй тексттин стилистикалык өзгөчөлүктөрү талданып, тилдик бирдиктер түзгөн коннотацияларга байланыштуу текст деңгээлинде айкалыштыруу жолдорун талкуулайт. 5) Бешинчи баскычтагы *метаметасемиотикалык* деңгээл жалпысынан

поэтикалык чыгарманын мааниси, маңызы жана идеясын талкуулоого көңүл бурат.

Таблица 2.2 – *Лингвостилистикалык беш баскычтуу анализ*

Перизат Алмаз кызынын “Маңдай багым” [542] / “My Fate, My Happiness” [544, 92-93-бб.] аттуу ырынын лингвистикалык деңгээлде фонетикалык-фонологиялык түзүлүшүн талдоону мисал катары көрсөтүүгө болот:

Таблица 2.3 – *Фонетикалык-фонологиялык түзүлүшү*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түп нусканын фонетикалык түзүлүшү | Котормонун фонетикалык түзүлүшү |
|---|---|---|---|
| *Жаратканым,*<br>*Жараткансың*<br>*Жарыкты!..*<br>*Жарык менен*<br>*Жаркылдаган*<br>*жанымды,*<br>*Жыпарлайын*<br>*бир өмүрлүк*<br>*таңымды.*<br>*Ачып койчу*<br>*Таалайымды,*<br>*багымды!..*<br>*[542542]*<br>(47 муун) | *My Creator*<br>*You created—*<br>*The light!*<br>*Let me forge with light*<br>*My radiant soul,*<br>*–*<br>*And with fragrance, my morning's start. –*<br>*Let my life be brighter,*<br>*Grant me fortune,*<br>*–*<br>*And bless me with a happy life!*<br>*[544] 92-93-бб.]*<br>(48 муун) | Үндүү тыбыштардын гармониясы: *а → а, ы, у*<br>Аллитерация: *ж* тыбышы<br>Ассонанс: *а, ы* тыбыштары<br>Консонанс: *ж, р, к, л,*<br>Евфония: *сингармонизм а-а-ы-у*<br>Ритм: 4 муундуу кыска саптар<br>Рифма: *жарыкты-жанымды – таңымды, багымды.* | Ритм: табигый, эркин ыр.<br>Аллитерация: ички m, l. Тыбышы<br>Ассонанс: u, i<br>Консонанс: t, f, r<br>Эвфония: жумшак үндүү тыбыштардын айкалышы менен гармониялуу түзүлүүсү<br>Ритм: беш муундуу сөздөрдөн турган кыска саптуу ыр |

| |
|---|
| Семантикалык жана коммуникативдик котормо стратегиялары жана структуралык адаптация колдонулган, мис., маанисине ылайыктуу сөздү колдонуу: *Жаратканым → My Creator* |

Кыргыз тилинен англис тилине морфемалык котормодо колдонулган котормо ыкмаларын колдонууда котормонун маанисин, структурасын жана маданий аспектилерин бир тилден экинчи тилге которууну камтыган татаал жана көп кырдуу процесс экендигине көңүл буруубуз зарыл. Тилдин эң кичинекей мааниси бар бирдиктерине басым жасап, морфемага негизделген котормо кыргыз жана англис тилдер сыяктуу ар кандай грамматикалык структуралары бар тилдердин ортосунда которууда татаалдыктарды жаратат. Түрк тилдерине кирген кыргыз тили маанини билдирүү үчүн морфемалардын (префикстер, суффикстер жана уңгулар) айкалышына таянат. Ал эми англис тили сөз тартибине жана жардамчы этиштерге көбүрөөк таянып, окшош идеяларды чагылдырат. Морфемалар мааниге ээ эң кичинекей лингвистикалык бирдиктер катары кыргыз тилинде көбүнчө жаңы идеяларды билдирүү үчүн бириктирилет, англис тилиндеги бир нече сөздү бир сөзгө кыскартат. Мисалы, Перизат Алмаз кызынын “Акыл” [542] / “Intelligence” [544, 90-91-бб.] аттуу ырынын морфологиялык мүнөздөмөсүн берүү менен кыргыз тилинин агглютинативдик мүнөзү морфемага негизделген котормо англис тилиндеги маанини так жеткирүү үчүн ар бир морфеманын түзүлүшүнө жана функцияларына көңүл бурулат.

Таблица 2.4 – *Морфологиялык мүнөздөмөсү*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Морфемалык деңгээли |
|---|---|---|
| *...Сабыр, Сабыр!.. / Сабырдуулук сындайт ар кимди, / Сага берген ыйык КУДАЙ бал тилди. / Сандалбастан, саргайбастан жашайлы, / Сактап жүрөт ЖАРАТКАНЫМ ал бизди. / Бизге – Сабыр, / Бизге – Акыл, ар кирди!.. /* | *...Patience, Patience! / Patience tests everyone, / Blessed by the holy GOD who gave you a honeyed tongue. / Let us live without wandering, / without wading through uncertainty, / For our Creator is always with us, / Supporting and saving us. To us—* | Уңгу → уңгу: Сабыр - Patience, акыл – conscience;<br>Афикстер: ырда терс маани берген суффикстер: - *Сандал/ба/с/тан – without wandering* (сө-+суффикс+суффикс+суффикс → сөз айкашы);<br>Бир компоненттүү сөз → эки компоненттүү сөз айкашы: *саргайбастан - without wading;*, *ак/па/с/ын/чы - Do not let the flow.* |

| | | |
|---|---|---|
| *Акыреттик аруулангan жан кирди, / Акындардын акпасынчы кан, жини. / Ал анткени акындардын баарына, / Акырындап акыл өзү баш ийди.* [542] | *Patience enters, / To us— / Mind and conscience enter! /A forever purified soul resides within us, / Do not let the blood of poets, nor madness, flow. / For all poets, / In time, the mind itself obeys.* [544, 90-91-бб.] | Беш суффикстен турган бир компоненттүү сөз → беш компоненттүү сөздөн турган сүйлөм менен которулду.<br>Сөз мүчөлөрү: *Сабыр/дуу/лук* → *Patience*<br>Үч компоненттүү сөз → бир компоненттүү сөз<br>*Жин* → *madness* Сөз → сөз+суффикс |
| Котормодо 1) морфема → морфема; 2) морфема → сөз; 3) морфема → сөз айкашы; 4) морфема → сүйлөм менен берүүгө болоору аныкталды. | | |

*Лингвистикалык деңгээл* поэтикалык тексттердин контекстинде лингвистикалык бирдиктерди аныктоого жана классификациялоого негизделген. Липгарт жана В.В. Виноградов сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде лингвостилистикалык эффектти түзүү үчүн грамматикалык жана стилистикалык элементтердин иштешине көңүл бурат. Липгарт ошондой эле *"форма – мазмун – функция"* трихотомиясына басым жасайт, мында форма чыгарманын тилдик түзүлүшүн, мазмунун, анын семантикалык аспектисин, ал эми функция тексттин маанилерин жана стилистикалык маселелерин ишке ашырууну билдирет жана мындай ыкма тексттердин грамматикалык гана эмес, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн талдоого да мүмкүндүк берет [70].

*Семантикалык деңгээл* Азада Бегимкулованын *"Коркомун" [553] / "I Fear"* [572, 29-б.] аттуу ырын талдоодо көрсөтүлүп, экзистенциалдык тынчсыздануу, убакыттын өтүшү жана өлүмдүн сөзсүз болушу темалары изилденди.

| *Коркомун [553]* (А. Бегимкулова) | *I Fear* [572, 29-б.] |
|---|---|
| *Таш келсе чайна дептир тишиң барда,*<br>*Тиштен соң чайнаганга айла кайда?*<br>*Тагдырдын суусу келсе шимир деген*<br>*Челектеп суу жутсам да чаңкап келем,*<br>*А тиштер ушаланды майда-майда.*<br>*[553]* | *People say "chew a stone when you have teeth,"*<br>*But after losing teeth, what can you do?*<br>*Drink the water of fate if it offers itself,*<br>*I drink abundantly, I remain thirsty.*<br>*Teeth wear down finely as time passes.*<br>[572, 29-б.] |

Алгачкы саптарда берилген метафора "*таш чайноо*" убакыттын өтүшү менен адамдын алсыздашын билдирет, *"Таш келсе чайна дептир тишиң барда, /*

*Тиштен соң чайнаганга айла кайда?”* деген саптардагы тиштерди жоготуу идеясы—бул жашоодогу кыйынчылыктарды жеңүү үчүн күчтү жана жөндөмдүүлүктү жоготууну символдоштурат. Тагдырдын берген суусун ичип, бирок суусуну канбагандык - каалоолордун аткарылбай калганын жана жашоодогу ийгиликтин жетишсиздигин көрсөтүп турат. Ырда жана анын котормосунда *“Челектеп суу жутсам да чаңкап келем, А тиштер ушаланды майда-майда” / I drink abundantly, I remain thirsty. Teeth wear down finely as time passes”* деген саптарда үмүт менен күч-кубаттын акырындык менен эрозияга учурап, күрөшүүнүн эмоциялык салмагы күчөйт. "*Коркомун бөксө кеткен күндөрүмөн, Коркомун бекер өткөн өмүрүмдөн*" *But I fear empty and meaningless days, But I fear an empty and meaningless life*” саптарындагы коркуу рефрени ырдын маңызын камтыйт, терең экзистенциалдык коркунучту чагылдырат.

*Метасемиотикалык деңгээлде* талдоодо ырдагы экспрессивдүү маанисин жогорулатуу үчүн ар кандай лингвистикалык көркөм сөз каражаттары колдонулганы талданды. *"Таш чайноо"* жана *"тагдырдын суусун ичүү"* сыяктуу метафоралардын катарлаш жайгашуусу чыдамкайлык менен алсыздыктын ортосунда кескин карама-каршылыкты жаратат. *"Коркомун"* жана *"коркпоймун"* деген сыяктуу сөздөрдүн кайталанышы кабыл алуу менен коркуунун ортосунда чыңалууну жана тынчсызданууну пайда кылат, бул каармандын ички конфликтин белгилейт. Андан тышкары, "*Көзүмдөн жаш ордуна от чачырайт"* деген сапта жандуу сезимдер чагылдырылып, күчтүү эмоцияларды жаратат, ыйлоо иш-аракетин кыйратуучу жана оттуу нерсеге айландырат, ошентип ырдын эмоционалдык таасирин байытат. Кыска саптар жана маанайдын кескин өзгөрүшү сыяктуу структуралык тандоолор каармандын ички башаламандыгын көрсөтүп, кооптуу сезимин чагылдырат.

*Метаметасемиотикалык деңгээлде* ыр адам баласынын жашоосу жана өлүмдүн чегинде маани издөө темаларын чагылдырат. Коркуу жана кабыл алуунун кайталанган мотивдери жашоонун убактылуу мүнөзү жана өлүмдүн сөзсүз болушу менен күрөшүп жатканын көрсөтөт.

| | |
|---|---|
| *Коркомун [553]* (А. Бегимкулова) | *I Fear* [572, 29-б.] |

| | |
|---|---|
| *Коркпоймун качан келсе өлүмүңдөн,*<br>*Коркпоймун жашоо — камчы өрүмүңдөн.*<br>*Коркомун бөксө кеткен күндөрүмөн*<br>*Коркомун бекер өткөн өмүрүмдөн [553].* | *I don't fear even when death approaches me.*<br>*I am not afraid of life's tough braided whip,*<br>*But I fear empty and meaningless days,*<br>*I fear an empty and meaningless life* [572]. |

Акыркы саптар максатсыз жашоону же аткарылбай калган кыялды сындоону билдирет. Бул каармандын жеке күрөшүн гана билдирбестен, жашоонун маанисин түшүнүүнү жана убакыттын өтүшүнө байланыштуу жалпы адамдардын тынчсызданууларын да чагылдырат. Бул багыт аркылуу ыр адамдын коркуу сезимине каршы туруунун жана экзистенциалдык белгисиздиктин ортосунда маани издөөнүн олуттуулугун эске салып, окурмандарды өз жашоосу жана тажрыйбаларынын салмагы жөнүндө ой жүгүртүүгө чакырат.

2. *Лингвостилистикалык изилдөөнүн экинчи ыкмасы көркөм сөз каражаттарынын талданышы,* поэтикалык тексттин формасынын (түзүлүшү) көркөм чыгарма жаратууда тийгизген таасири маанилүү экендигин белгилөө менен [115] ырдагы синтаксис, морфология, сөз тандоо, сүйлөм куруу жана образдуу тил сыяктуу көркөм сөз каражаттарынын талдануусу каралат. Мисалы, Шакен Мамбетаипованын "Сезим ыргагы" [580] / "The Rhythm of Feeling" [544, 13-14-бб.] аттуу ырынын жаратылышты жана эмоцияларды лирикалык жана жандуу сүрөттөөгө багытталганы көркөм сөз каражаттарынан көрсөтүлөт.

| <u>*Сезим ыргагы (Ш. Мамбетаипова)*</u> [580] | <u>*The Rhythm of Feeling*</u> [544, 13-14-бб.] |
|---|---|
| *Аба тынч, чөптүн башы үлп этпеген,*<br>*Айлана көшүлүүдөн бүлк этпеген,*<br>*Сүйүүмдү жүрөгүмө канат кылып,*<br>*Сезимдин жайлоосунан гүлдөр терем.*<br>*Оюмду музыканын ыргагы ээлеп,*<br>*Оо, Аалам! Ушунчалык назик белең?* [580]. | *The air is calm, the grass is not fluffy,*<br>*Serene and unscathed by displacement.*<br>*Turning my love as a wing for my heart,*<br>*As I pick flowers from the pasture of feeling.*<br>*The rhythm of music occupies my mind—*<br>*Oh, Universe! Why are you so gentle?*<br>*[544, 13-14-бб.]* |

Ырда метафоралар (*сүйүүмдү жүрөгүңө канат кылып, сезимдин жайлоосу*) жана эпитеттер (*назик аалам, аба тынч*) колдонулуп, каармандын ички сезимдери менен жаратылыш дүйнөсүнүн ортосундагы гармонияны эске салат. Мисалы, "*Көпөлөк сайма канат кызыл баркут* / *embroidered in red velvet* сыяктуу атрибутивдик сөз айкаштары поэмадагы визуалдык сулуулукту жана маданий

символиканы көрсөтөт. Структуралык жактан алганда, *"Аба тынч, чөптүн башы үлп этпеген, Айлана көшүлүүдөн бүлк этпеген"* / *"The air is calm, the grass is not fluffy, Serene and unscathed by displacement"* сыяктуу уйкаштыктарды түзгөн сөз айкаштары ритмди түзүп, котормодо жалпы суктануу маанайын жеткирет. Лингвостилистикалык анализдин "*форма-мазмун-функция*" трихотомиясы аркылуу биз форма (атрибутивдик фразалар) мазмунуна (табият жана суктануу эмоциялары) кандайча шайкеш келерин көрүп, каарман менен айланадагы сулуулуктун ортосундагы тыгыз байланышты чагылдыруу функциясын түшүнөбүз. Ырдагы синтаксистик жана стилистикалык көркөм сөз каражаттарынын колдонулуусу анын лингвостилистикалык эффектине салым кошуп, грамматикалык жана эстетикалык элементтер аркылуу эмоционалдык таасир берээри аныкталат.

Таблица 2.5 – *Стилистикалык көркөм сөз каражаттарынын которулушу*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | көркөм сөз каражаттарынын которулушу |
|---|---|---|
| *Сүйүүмдү жүрөгүмө канат кылып,*<br>*Сезимдин жайлоосунан гүлдөр терем.* | *flowers from the pasture of feeling, It savors the sweet juice of life.* | Аллитерация с, б, к тыбыштары → консонанс f, s, d |
| *Аба тынч, чөптүн башы үлп этпеген,*<br>*Айлана көшүлүүдөн бүлк этпеген,* | *embroidered in red velvet* | Ассонанс а, о, ө тыбыштары → е, о тыбыштары |
| *Сүйүүмдү жүрөгүмө канат кылып,*<br>*Сезимдин жайлоосунан гүлдөр терем.* | *Turning my love as a wing for my heart,*<br>*As I pick flowers from the pasture of feeling* | Метафора → метафора |
| *Сөз жеткис, айкалышкан сулуулукту,*<br>*Саратан ырдап жатты сугун артып.* | *Indescribable, combined beauty—*<br>*The may beetle admires, singing loudly.* | Адамдаштыруу → адамдаштыруу |
| *Көпөлөк сайма канат кызыл баркут,*<br>*Көркөмү куюлушкан боек аркыт.*<br>*Өзүндөй назик гүлгө өбүлүүдө,* | *Butterfly wings, embroidered in red velvet,*<br>*Art blooms in colors vibrant and bright.* | Образдуу сүрөттөө → образдуу сүрөттөө |

| | | |
|---|---|---|
| *Өмүргө ыракаттуу шире тартып.* | | |
| Рифмалар, үндүү тыбыштардын үндөшүүсү | жумшак жагымдуу тыбыштар: wing, flowers, gentle | Евфония → евфония |

Түп нускада жана котормодо колдонулган метафоралар жана персонификация ички сезимдердин эмоциялык абалын табият менен байланыштырып, эмоционалдык тереңдик сакталган. Фонетикалык түзүлүшү толугу менен башка тыбыштар менен кайра түзүлгөн. Англис тилинин табигый агымына ылайыкташтыруу үчүн ритм да өзгөрүүгө учураган.

Көркөм сөз каражаттарын талдоо лингвопоэтикасы тексттеги тигил же бул көркөм түзүлүштүн ролун, анын идеялык-көркөм мазмунун жеткирүүдө жана эстетикалык эффект түзүүдө аныктоого мүмкүндүк берет. Бул ыкма талдоо үчүн тандалган тексттердин мазмунуна байланыштуу белгилүү бир көркөм каражат же элемент кандай лингвостилистикалык функцияларды аткарарын түшүнүү үчүн тексттерди изилдөөнү камтыйт.

В. В. Виноградов көркөм текстти лингвостилистикалык багытта изилдөө лингвистикалык ыкмалардан айырмаланган өзгөчө методологияны талап кылаарын айтат [42]. Ал поэтикалык текстти уникалдуу архитектоникасы жана эстетикалык функциясы бар өзгөчө объект катары кароо зарылдыгын айткан. Виноградовдун ою боюнча, лингвостилистикалык анализ эстетикалык жана эмоционалдык таасирди жаратуучу көркөм экспрессиянын конкреттүү формаларын ачып, тексттин терең структурасына көңүл бурушу керек [41].

В.Я. Задорнова тексттин лингвистикалык жана көркөм деңгээлдеринин ортосундагы байланышты камсыз кылган негизги лингвостилистикалык бирдик катары караган образдын категориясына өзгөчө көңүл бурат [68]. Поэтикалык образ - бул бир нерсени же кубулушту экинчисинин объективи аркылуу өткөрүп, текст менен окурмандын кабылдоосунун ортосунда полисемикалык байланыштарды түзүүчү сөз айкашынын ассоциативдик формасы. Мындай ыкма көркөм чыгарманы чечмелөөнү тереңдетип, метасемиотикалык функцияны аткарууга мүмкүндүк берет .

3) Көркөм тексттерди лингвостилистикалык изилдөөнүн үчүнчү ыкмасы - *идеялык-тематикалык салыштыруу* болуп саналат. Мында бири-бирине көз каранды болбогон тексттердин лингвостилистикалык мүнөздөмөлөрүн, ошондой эле түп нуска жана котормо тексттерди салыштырмалуу изилдөөгө арналган [114, 60-113-бб.]; [116, 26-32-бб.]. О. С. Ахманова менен В. Я. Задорнова көркөм текстти талдоонун ыкмасы анын башка тилдерге котормосун салыштыруу болгонун айтышат [6868]. Түп нускада берилген сезимдер же эмоциялар котормодо кандайча берилди, котормону окуганда окурман кандайча таасирленди сыяктуу суроолорду талдоо үчүн семантикалык жана метасемиотикалык деңгээлде салыштыруу жүргүзүлөт. Салыштыруу аркылуу талдоо фонетикалык, акустикалык, просодикалык, морфологиялык, лексикалык жана синтаксистик аспектилерди камтып, тилди уюштуруунун бардык деңгээлдери каралат. Мында түп нуска менен котормодогу бирдейлик же дал келбестиктер талданып, котормо текстинин жалпы таасири кандайча берилгендиги каралат.

Лингвостилистикалык салыштырма ыкмасы бир мезгилдеги же ар кандай дооорлордогу поэтикалык чыгармаларды салыштырып, алардын структурасында жана мазмунунда жалпы жана уникалдуу касиеттери бар экендигин ачып берет. Ошондой эле поэтикалык тилдин калыптанышына социалдык жана маданий факторлордун таасирин аныктоо үчүн колдонулат. Алымкан Тыналиеванын *“Ак келинчек”[577, 113-б.] / “A Beautiful Bride” [572,* 14-б.] жана Мэри Толес Питтин *“Колуктунун ыры”* [277, 42-43-бб.) аттуу ырындагы темалар салыштырылып, талдоого алынды.

| *Ак келинчек (А. Тыналиева) [577, 113-б.]* | *A Beautiful Bride [572,* 14-б.] |
|---|---|

| | |
|---|---|
| *Отурат ак келинчек сайма сайып,*<br>*Оюнда анын:*<br>*кечээги алып келген*<br>*кең далылуу бийик жигит.*<br>*Апакай кездемеге*<br>*кызыл, көк түрлөр кирип.*<br>*Оюнда анын кара кашы...*<br>*оюнда анын жүрөгү дүк-дүк соккон.*<br>*Жымыят ак келинчек*<br>*Оюнда ал жигиттин жалын көзү.*<br>*Отурат ак келинчек*<br>*көшөгөсү... көгүлтүр. [577, 113-б.]* | *A beautiful bride embroiders,*<br>*Her thoughts on her tall,*<br>*Handsome groom,*<br>*Who brought her as a bride yesterday.*<br>*Threading red and blue*<br>*On white fabric,*<br>*She thinks of his dark eyebrows,*<br>*And his heart, beating ba-dum.*<br>*A young bride smiles in quiet,*<br>*In her mind, only his sparkling eyes, / Behind a white curtain, a bride sits. [572, 14-б.].* |

Кыргыз маданиятынын салттуу көрүнүшүн эске салган колуктунун сайма сайуусу кеңири таралган, бирок унутулуп бараткан каада-салттардын бири - ал үй-бүлөлүк жашоого өтүүнү символдоштурат. Бирок, азыркы контекстте, ыр колуктунун ички ойлорун жана келечектеги өмүрлүк жары менен болгон эмоционалдык байланышын белгилеп, анын физикалык өзгөчөлүктөрүнө суктануусуна басым жасайт *("кең далылуу бийик жигит" / "Handsome groom"; "жалын көзү" / "his sparkling eyes"*). Мазмундун өзгөрүшүнө романтикалык сүйүү жана аялдардын никедеги ролу сыяктуу социалдык факторлор таасир этет. Чыгармада түстүү сүрөттөрдү колдонуу (*Апакай кездемеге кызыл, көк түрлөр кирип" / Threading red and blue On white fabric*) кыргыз маданиятындагы түстөрдү символикалык түрдө колдонушуна байланыштуу, котормодо *ак келинчек → сулуу келинчек, көгүлтүр көшөгө → ак парда* болуп берилет. Колуктунун жеке каалоолоруна көңүл буруу менен үй-бүлөлүк жана коомдук күтүүлөргө басым жасаган мурунку чыгармалардан айырмаланып, жаңы келиндин ички сезимин чагылдырган сезимге бай чыгарма катары кароого болот. Кыргыз маданиятында *"Кудай жалгасын / Ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн / Көшөгөң көгөрсүн / Ак элечегиң ообосун"* [77, 100-б.] деген сыяктуу каалоо-тилектерден айырмаланып, англис маданиятында ак түс колдонулат, ал тазалыкты, күнөөсүздүктү жана жаңы башталышты символдоштурган колуктунун кийимдеринин эң кеңири тараган түсү болуп саналат. Мисалы, Мэри Толес "To a Bride" [277, 42-43-бб.]:

*What need, then, hast thou that I sing to thee?*

*June roses for thy bridal, fair to see,*
*Are sweeter music than my notes can be;* [277, 42-43-бб.].
*(Сизге эмне керек, мен ырдап берейинби?*
*Июнь розалары да сенин колуктуң үчүн,*
*Менин ырымдан да таттуу музыка барбы?)*

Америка акыны Мэри Толес Питтин ырынын өзөгүндө сүйүү темасы, өзгөчө терең жана канааттандырарлык берилген. Жакын курбусунун эмоционалдык канааттануусу эч бир искусство жетиштүү деңгээлде чагылдыра албаган абал катары көрсөтүлөт. Сүйүү жашоодогу эң "кемчиликсиз белек" катары сүрөттөлөт, бул кенч жүрөктү толугу менен толтурат, кошумча кооздоо же кургак сөздөр үчүн орун калтырбайт. Эч бир обон же ыр сүйүүнүн тегерегиндеги тынчтыкты алмаштыра албайт, айрыкча, үйлөнүү үлпөтү учурунда, Мэри терең эмоционалдык байланыш учурларында, эң сонун учур унчукпай угуп туруу деп эсептейт. Сүйүүнүн толуктугун символдоштурган унчукпоо идеясы акындын чыныгы эмоцияларды кээде айтууга болбойт жана жалпы түшүнүктүн тынч учурлары көбүрөөк мааниге ээ деген ишенимин чагылдырат.

Искусство менен музыканы эмоциялык билдирүүнүн универсалдуу формалары катары карап, табиятты таза сүйүүнүн символуна айлантат. *June roses for thy bridal (Июнь розалары), song-birds (куштардын ыры)* жана *stars (жылдыздар)* жагымдуу көрүнүш гана эмес, сүйүүнүн табигый, айтылбаган сулуулугунун метафорасы катары кызмат кылат. Ырда сүйүү, канааттануу жана унчукпоонун сулуулугу темалары белгиленет. Автор сүйүүнү көркөм чыгармачылыкты дээрлик керексиз кылган трансценденттик күч катары көрсөтөт, окурманды чыныгы эмоционалдык байланыштагы тынчтыкты кабыл алууга үндөйт. Табият, унчукпоо жана сүйүү бири-бирине аралашып, бейпилдик маанайын жаратат, айрыкча сүйүү менен байланышканы айтылбай, жөн гана сезилиши маанилүү экендигин белгилейт.

"Ак келинчек " [577,113-б.] / "A Beautiful Bride" *[572, 42-43-бб.]* жана Мэри Толес Питтин “Колуктунун ыры” (To a Bride) *[277, 42-43-бб.]* аттуу ырларын салыштырууда ар кандай маданий жана эмоционалдык көз караштар аркылуу жаңы колуктунун сезиминин тереңдигин жана кубанычын изилдейт. Кыргыз

маданиятын көрсөткөн ырда колуктунун бактысы жөнөкөйлүгү менен айырмаланат, анын ички дүйнөсү сүйүүгө толгон, анын оюнда жакшы тааныш эмес, бирок бир көргөндө өзүнө жаккан жигиттин *"кара кашы"* жана анын *"дүк-дүк соккон жүрөгү": "Оюнда анын кара кашы... / оюнда анын жүрөгү дүк-дүк соккон.."*. Жаңы колуктунун ички диалогу тынчтык, кубаныч жана жаңы жашоосу менен жеке байланышты чагылдырат. Анын келечеги белгисиз, болочоктогу жары менен символикалык байланышта, бул анын дүйнөсүн жаңы үйлөнгөн сүйүү жана келечектеги бакытка болгон үмүт кандайча толтурарын көрсөтөт.

Ал эми Мэри Толес Питтин поэмасы сүйүү жана ника жөнүндө кеңири философиялык ой жүгүртүүнү чагылдырат. Бул жерде тема сүйүүнү сөздөр же музыкадан башка нерсе катары чагылдыруу менен жаңы колуктунун кубанычы дээрлик рухий тажрыйба катары көрсөтүлөт, анда жаратылыштын сулуулугу - июнь розалары, ырчы куштар жана жылдыздар - келиндин канааттануусунун метафорасы болуп саналат. Ыр чыныгы сүйүү эмоционалдык толуктукту алып келет деген ойду чагылдырат, бул сүйүүнүн кемчиликсиз белеги кошумча кооздоого муктаж эмес, эмоцияларды толук сезүү үчүн гана унчукпоо керек дегенди билдирет. Бул сүйүүнүн жетилген, универсалдуу көз карашын чагылдырат, анда бакыт - физикалык сулуулуктан жана тышкы көрүнүштөн жогору тураары айтылат. Эки ыр тең колуктунун кубанычын белгилеп, чыныгы сүйүү табылгандан кийин, ал башка нерселердин, анын ичинде ырдын же сүйлөөнүн зарылдыгы жок деген идеяны билдирет.

4) Лингвостилистикалык стратификация катмарларга бөлүү менен талдоону камтыйт, "көркөм тексттерди талдоодо андагы идея, көркөм-образдуу жана лексикалык-грамматикалык түзүлүшү жана стилдик өзгөчөлүктөрү боюнча бирдиктүү стилистикалык доминанттын айланасындагы катмарларды бөлүп көрсөтүү" деп аныкталат [114]. Идея кээ бир көркөм тексттер жөн гана стилистикалык жактан белгиленген тилдик бирдиктердин тизмеси аркылуу кандайдыр бир мазмунду же темалардын жыйындысын бере албайт, бирок бул чыгармаларда теманы берүү үчүн тилдик бирдиктердин белгилүү бир топтому

тартылат, ал эми башка тема тилдик бирдиктердин башка топтому аркылуу өнүгөт. Бул чыгармалардагы темалардын алмашуусуна, алардын тилдик жана семантикалык жактан мазмундук карама-каршылыгына көңүл буруу керектигинин белгиси катары кызмат кылары каралат. Лингвостилистикалык көп катмарлуу талдоо көркөм чыгарманын текстиндеги тематикалык-стилистикалык окшоштуктун негизинде стратумдарды же катмарларды бөлүп көрсөтөт, мында тексттин тематикалык мүнөздөмөлөрү эске алынат [115, 109-165-бб.]. Берилген тексттин бөлүктөрүнүн тематикалык-стилистикалык окшоштугу эске алынат. Ошондой эле, бир стилистикалык доминанттын айланасында бир өңүттө жазылган идея, көркөм-образдуу жана лексика-грамматикалык түзүлүшү жана стилдик өзгөчөлүктөрү боюнча катмарларды талдоо катары түшүндүрүлөт [151, 121].

Катмарларга бөлүү менен талдоо жүргүзүүдө поэтикалык тексттин композициясына өзгөчө көңүл бурулуп, тексттин ар кандай деңгээлиндеги “эстетикалык таасир берүүчү элементтердин стратификациясы маанилүү” экендигин Ю. М. Лотмандын [403], [402] эмгектерине таянуу менен айта алабыз. Ал лингвостилистикалык талдоо жүргүзүүдө поэтикалык тексттин фонетикалык, метрикалык, морфологиялык-грамматикалык, синтаксистик, лексикалык-семантикалык деңгээлде кароо зарыл экендигин көрсөткөн.

*Кыргыз аялдар поэзиясынын англис тилиндеги котормолоруна лингвостилистикалык талдоо методдору*

Стратификациялык катмарларга бөлүү түшүнүгүн поэзияны талдоодо колдонуу менен адабий чыгарманын катмарлуу мүнөзү көрсөтүлөт. Изилдөөдө колдонулган стратификация моделдери негизинен эки ыкма аркылуу түзүлгөн: беш катмарлуу (Липгарт, Задорнова, Виноградовдун моделдери) жана он катмарлуу (Ингарден жана Хартмандын модели).

1) Аталган ыкма чыгарма бири-бирине байланышкан бир нече катмардан турат деген ойго негизделген, алардын ар бири тексттин жалпы маанисине жана таасирине салым кошот [397]. Бул катмарларга фонетикалык, лексикалык, синтаксистик жана семантикалык элементтер кирет, алар поэманын ритмин,

маанайын жана образдарын жаратуу үчүн биргелешип иштешет. Бул ар кандай лингвистикалык деңгээлдерди изилдөө менен ырдын формасы жана мазмуну анын көркөм жана эмоционалдык таасирин жаратуу үчүн кандайча өз ара аракеттенерин түшүнүү үчүн кеңири алкакты камсыз кылат.

Стратификациялык лингвистика тилдин иерархиялык түзүлүшүн бир нече структуралык катмарларга бөлөт. Бул анализ системасы ар бир тил чектелген сандагы катмарлардан турат деген түшүнүккө негизделген, алардын ар бири иерархиялык жол менен өз ара байланышкан, анда бир катмардагы бирдиктер же бирдиктердин айкалыштары кийинки жогорку катмардагыларды ишке ашырат. Сидней Лэмбдин эмгегинде “стратификациялык эрежеге негизделген системалар жана мамилелердин тармактары аркылуу лингвистикалык структуралар талданат [383].

Катмарларга бөлүү менен талдоо тил көп катмарлуу система экендигин түшүнүүгө негизделген, ар бир катмар жалпы лингвистикалык архитектурада белгилүү бир функцияны аткарат. Негизги идея - бул катмарлар иерархиялык түрдө уюштурулган, анда ар бир төмөнкү катмар жогорку катмарлардын структураларын көрсөтөт. Бул иерархиялык түзүлүш тилди системалуу талдоого мүмкүндүк берет, анда структуранын ар бир деңгээлин өз алдынча, бирок башкаларына салыштырмалуу изилдөөгө болот. Сидней Лэмб, стратификация грамматикасынын негиздөөчүсү, бул иерархиялык түзүлүш композициялык бирдиктерди бөлүү менен лингвистикалык кубулуштарды түшүнүүгө жардам берет деп эсептейт [383]. Тилдик структураларды түзүү үчүн трансформация эрежелерине таянган салттуу грамматикалык моделдерден айырмаланып, стратификация грамматикасы тармакка негизделген ыкманы колдонот. Стратификациялык грамматика ар кандай катмарлардагы композициялык бирдиктерди айырмалоо үчүн белгилүү бир терминологияларды колдонот. Терминдер семон (semon), лексон (lexon), морфон (morphon), фонон (phonon) - тилдеги композициялык бирдиктерди же компоненттерди билдирет, ал эми семема (sememe), лексема (lexeme), морфема (morpheme), фонема (phoneme) - тил бирдиктерин реализациялоого тиешелүү. Бул катмарлардын иерархиялык

уюштурулуусу тилди түшүнүүгө катышкан когнитивдик процесстерге шайкеш келет [383]. Лингвистиканын стратификациялык түшүнүктөрүнө таянуу менен тилдин иерархиялык түзүлүшүн талдоо үчүн татаал алкакты сунуштайт. Тилдик элементтерди бир нече катмарга бөлүү жана алардын ортосундагы мамилелерди баса белгилөө менен, ал салттуу эрежеге негизделген грамматикалык системаларды колдонуп, лингвостилистикалык комплекстүү моделди камсыз кылат [115]. Тематикалык-стилистикалык катмарларга бөлүү тексттеги стилистикалык жана лингвистикалык бирдиктерди изилдөөгө, алардын функцияларын жана эстетикалык эффектти жаратууга кошкон салымын талдоого багытталган [115]. Бул ыкма В. В. Виноградовдун тил функцияларын классификациялоосу [42], айрыкча Липгарттын коммуникация менен байланышкан жана тилдин метафоралык потенциалын камтыган эстетикалык функцияны изилдөөсүндө көрсөтүлүп, көбүнчө лингвистикалык нормалардын чегинен чыгуусу менен айырмаланат [420, 47-б.]. Бул ыкма тематикалык жана стилистикалык гетерогендүүлүк же келип чыгышынын ар түрдүүлүгү менен мүнөздөлгөн тексттерге колдонулат [383, 48-б].

Стратификациялык ыкма тексттин автономдуу иштешин талдайт, бирок башка катмарларга да таасир этет. Мисалы, рифма жана аллитерация сыяктуу үн каражаттарын камтыган фонетикалык катмар поэманын ритмин жана музыкалуулугуна таасир этет, ал эми лексикалык жана синтаксистик катмарлар сөздүн курамын, автордун тандоосун жана сүйлөмдүн түзүлүшүн карап, жалпы агымга жана мааниге таасир этет. Бул ыкма котормо изилдөөлөрүндө өзгөчө пайдалуу, анда бул катмарларды тилдер боюнча сактоо түп нускадагы чыгарманын эстетикалык жана эмоционалдык резонансын сактоо үчүн маанилүү. Котормочуларга түп нусканын маңызын түшүнүү үчүн кайсы лингвистикалык өзгөчөлүктөр маанилүү экендигин аныктоого, ошондой эле лингвистикалык системалардагы айырмачылыктардан улам келип чыккан өзгөчөлүктөр талданат.

2) Стратификациялык талдоо багытта иштелип чыккан ыкмалар Николай Хартман жана Роман Ингардендин модели боюнча түзүлгөн [476]. Ар кандай

"страталардын" материалдык жана эмоционалдык, интеллектуалдык жана руханий өз ара аракеттенүүсүн изилдеп, анын татаалдыгына жана маанисине салым кошушкан. Бул моделдин колдонулушу адабий элементтердин ушул катмарларда кандайча түзүлгөнүн түшүнүүгө жардам берет, автордун чыгармачылык процесси, тексттин өзү жана окурмандын чечмелөөсү ортосундагы терең байланышты ачып берет [476].

Хартман менен Ингардендин комплекстүү онтологиялык модели баардык искусствонун феноменологиялык колдонулушуна багытталат. Адабиятта катмарларга бөлүү модели чыгарманын объективдүү түзүлүшүн жана анын окурманга психологиялык жана эмоционалдык таасирин түшүнүү үчүн каражат боло алат. Стратификациялык ыкма көркөм баалуулуктарды так талдоого, эстетикалык жана адабий баалуулуктарды айырмалоого жана чыгарманын мааниси менен окурмандын психологиялык реакциясынын өз ара аракеттенүүсүн талдайт [476].

Хартман менен Ингардендин стратификация моделдеринин синтези онтологиялык системаларга окшоштуктар менен көркөм чыгарманын катмарларын түшүнүү үчүн алкакты сунуштайт. Алардын теориясы боюнча чыгармада колдонулган көркөм сөз каражаттары, алардын тексттик, жеке же символдук маанилерин камтыган тогуз катмардан турат. Ар бир катмар мурункусуна таянып, абстракттуу жана жалпы түшүнүктөрдү жаратат. Бул стратификация модели поэзиянын көп катмарлуу табиятын жана аны кабылдоо менен түшүнүү жолдорун тактап, көркөм татаалдыкты түшүнүүнү байытып, искусство чыгармалары менен тереңирээк байланышууга мүмкүндүк берет [524]. Ырдын түзүлүшүн, анын ар кандай катмарларын талдоо менен изилдеген көп деңгээлдүү ыкма, ал ырдын формасын, мазмунун, маанисин жана көркөм сөз айкашын тереңирээк түшүнүүгө жардам берет [524], [476]. Анда поэзиянын маданий, психологиялык, структуралык жана тематикалык аспектилери анын көркөм баалуулугуна жана окурманга тийгизген таасирине кандайча салым кошоору көрсөтүлөт.

Поэтикалык текттеги адабий элементтерди стратификациялык изилдөө лингвостилистиканын негизги тармактарынын бири болуп саналат, ал адабий чыгарманын табиятын жана аткарган функциясын изилдейт. Адабият теориясынын алкагында изилденген талдоонун структурасын болжол менен үч негизги баскычка бөлүүгө болот.

1) Биринчи баскыч чыгармалардагы чындыктын образдуу чагылышынын өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө багытталган. Бул жерде образдуулук, көркөмдүк, эстетикалык таасир, дүйнө тааным жана текст менен байланышкан экстринсик багыттарды колдонуу менен тексттеги түшүнүктөр изилденет. Мындан тышкары, жалпысынан адабий чыгармачылыкка баа берүүнүн принциптери каралат.

2) Экинчи баскыч көркөм жана адабий чыгарманын структурасы жөнүндөгү окууну камтыйт. Ага идея, тема, мүнөз, сюжет, композиция, сыяктуу стилистикалык өзгөчөлүктөрүн камтыган түшүнүктөр кирет. Бул циклдин алкагында чыгарманын көркөм мазмунун аныктоочу ар кандай элементтеринин өз ара аракети изилденет.

3) Үчүнчү баскыч адабий процессти изилдөөгө арналган. Ал стиль, адабий түрлөр жана жанрлар, агымдар жана багыттар түшүнүктөрүн камтыйт, ошондой эле адабий процессти толугу менен карайт. Бул этап адабий мыйзам ченемдүүлүктөрдүн, ошондой эле социалдык жана идеологиялык факторлордун таасири астында калыптанган ар кандай адабий стилдердин, жанрлардын жана агымдардын күрөшүн, өз ара аракетин жана өз ара таасирин изилдейт.

## 2.2. Аялдар поэзиясынын котормолорун изилдөөнүн лингвосемиотикалык методдору

Таблица 2.6 – *Поэзия котормолорун изилдөөнүн лингвосемиотикалык ыкмалары*

*1. Семиотикалык белгилердин триаддык классификациясы*

Поэтикалык чыгармаларды талдоодо Чарльз Сандерс Пирстин эки триаддык классификациясы колдонулду: 1) белгилердин икон, индекс, символ классификациясы; 2) белгилердин табиятынын репрезентатив, объект жана интерпретанты [446], [447] [415] колдонулду. Бул белгилердин ортосундагы карым-катнаш, белгилер эмнени көрсөтөт же билдирет, табигый жаратылганбы, стандарттуу же көнүмүш нерсеби же кокусунан жаралганбы деген сыяктуу суроолорго жоопту Фердинанд де Соссюрдун эмгектеринен [479] табууга болот. *Индекс* – көбүнчөсү табигый феномен катары эсептелинет. Ал башка феномендер менен фактуалдуу же күнүмдүк байланышта болуу менен коммуникациянын болушуна шарт түзөт, бирок индекс өзү коммуникация кылууга аракет кылбайт, мисалы, эгерде дене өтө ысык болсо ал адамдын ооруп жатканын түшүнөбүз, мында дененин ысышы оорунун индекси (же сигналы) катары кызмат кылат. Ал эми адабий дискурстарда стиль көбүнчөсү индекс боло алат [446]. Стилдин негизинде чыгарманын мааниси толук жеткирилет. *Сигнал* – индекс сыяктуу феноменди көрсөтөт, ал феномен бир караганда же окуганда дароо эле түшүнүктүү боло бербейт [446]. Сигнал индекстен айырмаланып коммуникация жасоого ниеттенет. Мисалы: *ак жоолук* жаңы келген келиндин

белгиси, маалымат жеткирүүчү катары бир эле жаңы келген келин эмес, ошол үй бүлөнүн мүчөлөрү, коомчулук, ал эми маалымат алуучу катары коомдун башка мүчөлөрү эсептелинип, маалымат берүүчүгө маданий туура мамиле жасоо максатында жеткирилет. *Икона* көбүнчөсү көрсөткөн нерсеси менен окшош болот. Белги менен экстралингвистикалык дүйнөнүн ортосундагы карым-катнаштын түрүнө негизделет. Бул байланыш көбүнчөсү эки нерсенин окшоштугунда, икона өзү көрсөтүп жаткан объекттин баардык касиетине ээ. Мисалы, жол белгилеринде балдардын сүрөтү тартылып турса ал балдар дегенди билдирет, тамак-аш менюларда жөнөкөйлөтүлүп тартылган сүрөттөр ошол тамакты билдирет. Пирстин айтуусу менен икона, индекс менен символдон айырмаланып, *“өзү көрсөтүп жаткан объекттин баардык мүнөзүн камтыйт, ал бир нерсенин мүнөзү же жеке адам да болушу мүмкүн, мыйзам же кыймыл аракет да болушу мүмкүн, абстрактуу нерсе да болушу мүмкүн, бир нерсенин сөзсүз түрдө өзүнө окшогон иконасы болот, ал белги катары колдонулат”* [446,247-б.).

Пирстин *икон* боюнча теориясы англис тилиндеги конкреттүү же визуалдуу поэзияны изилдөөдө жана поэтиканын идеограммасында кеңири колдонулат. Идеограмма поэзияда бир нерсенин образын сөздөр же образдар менен берүү болуп саналат. Эзра Паунд иштеп чыккан идеограмма теориясы форма менен маанинин же иш жүзүндө көрсөтүлүп жаткан нерсенин ортосундагы байланышты камтыйт [299]. Бул байланыштагы конкреттүү маани Пирстин “биринчи” же “qualisign”, ал мааниден алынган нерсе “экинчи” же “sinsign”, ал эми “үчүнчү” же “legisign” абстрактуу терминдер Пирстин теориясынын негизин түзөт [446]. Эзра Паунд кытай тилиндеги тамгалар идеограмма катары эсептелинет, анткени алар бир нерсени билдирүүдө окшоштукка же кандайдыр бир универсалдуу байланышка карата жасалган” деп билдирет [299], мисалы, *түштүк* деген сөздүн идеограммасы кытай тилинде дарак жана күндү көрсөтүп турат. Ошондой эле ал көрсөтүлгөн образдар метафора же метонимия катары поэтикалык чыгармаларда абстрактуу маанилерди билгизип турушат [299].

*Символ* икона менен индекстен айырмаланып, өзү көрсөтүп жаткан нерсеге окшош болбойт. Мында символ катары берилип жаткан белги менен анын маанисинин ортосундагы байланыш арбитрардуу жана маданиятка багытталат. Символ менен анын объектисинин же концепттин ортосундагы байланыш маданий же көнүмүш адаттагы кээ бир эрежелер, каада-салттар, адаттар менен ассоциацияланат. Семиотикалык түшүнүк менен алып караганда оозеки же жазуу түрүндөгү сөздөрдү символдор деп аталат.

Салтанат Орозобекованын “Парадокс” [582] / “A Paradox” [544, 28-29-бб.] аттуу ырындагы *иконалар* жашоодогу кыйынчылыктарды сүрөттөп, *индекстер* социалдык теңсиздикти жана коомдун абалын көрсөтүп, ал эми *символдор* күч, текебердик жана жасалмалуулук сыяктуу кеңири түшүнүктөрдү чагылдырып, ырдын маанисин талдоодо аныкталды.

*Парадокс* [582]

*Өмүр кечип жалаң тайгак, тар жолдо*
*Акылмандар аалам сырын чечкиче,*
*Оюн салып жалган атак жолдордо*
*Амалдуулар ашуу ашып кетишти...*[582].
*A Paradox* [544, 28-29-бб.]

*Life is a slippery path, passing through narrow roads,*
*While the wise unravel the mysteries of the universe.*
*On avenues where the game of false fame thrives,*
*Dexterous souls navigate the heights and depths.* [544, 28-29-бб.]

Таблица 2.7 – *Икона, индекс жана символ.*

| *Икона* | *Индекс* | *Символ* |
|---|---|---|
| Физикалык жактан сөздүн маанисине окшош белги: *Өмүр кечип жалаң тайгак, тар жолдо / Life is a slippery path, passing through narrow roads* физикалык кыйынчылыкты жана коркунучту | Сезүү же контексттик белгилердин негизинде бир нерсени көрсөткөн же аны менен байланышкан белги: *Алачык / humble hut; Хан сарай / a lavish palace:* заңгыраган сарай кедейдин жакырлыгына карама-каршы келип, байлыкты жана | Маданий түшүнүктү чечмелөөдө ал чагылдырган түшүнүккө өз эркы менен байланышы бар белги: *Ай эместер, айсынып бир келберсиди / Those who are not moons pretend they are bright* – Ай - акылмандыкты же бийиктикти символдоштурат, ал эми |

| | | |
|---|---|---|
| эске салат, сөзмө-сөз да, метафоралык да, сапарды билдирет, кыйынчылыктын символикалык образын жаратат. | ысырапкорчулукту көрсөтөт. Ал сарай социалдык теңсиздиктин көрсөткүчү болуп саналат. | “айсынуу” – жасалма акылмандык же калп, жалган артыкчылыкты, текеберчиликти символдоштурат. |

Пирстин семиотикасынын борбордук бөлүгү анын семиотикалык триаддык көз карашы болуп саналат, ал тааныp-билүү, ой жүгүртүү жана ал тургай адамдын болуусу табияты да семиотикалык мүнөзгө ээ экенин айтат. Ал *“бүт аалам белгилер менен толтурулган”* [446] деп, семиотикалык принциптердин универсалдуу колдонулушун көрсөтүп, ар кандай илимий жана философиялык дисциплиналарды камтыганын айтат.

Пирстин белгилерге триаддык табият классификациясы семиозду түшүнүү үчүн негиз болуп саналат, ал аркылуу белгилер когнитивдик эффекттерди жаратат.

1. *Репрезентатив:* тексттин өзүнүн белги катары кызмат аткаруусу, белгинин сапатын (qualisign), актуалдуу көрүнүшүн (sinsign), же жалпы мыйзамын (legisign) билдирет.

2. *Объект:* (белги эмнени билдирет) өзгөрбөйт же динамикалык, белгиге таасир этүүчү иш жүзүндөгү референт катары кызмат аткарат.

3. *Интерпретант:* белгиден келип чыккан маани, ал баштапкы таасирге ээ, динамикалык (котормочуга жасалган эффект) же акыркы таасирге ээ кызмат аткарат.

Пирстин семиотикалык теориясы ар кандай тармактарга, анын ичинде лингвистика, философия жана когнитивдик илимге олуттуу таасирин тийгизген. Анын белгилеринин комплекстүү типологиясы жана семиоздун функционалдык аспектилерине басым жасоо азыркы семиотиканы изилдөөгө салым кошууда. Пирстин семиотикасы маанилердин татаал процесстерин түшүнүү үчүн негиз түзөт. Анын белгилеринин триаддык модели, универсалдуу категориялары жана

пансемиотикалык көз карашы коммуникация жана таанып-билүүнүн табиятына түшүнүктөрдү берет.

*3) Поэзиядагы семиотикалык символдорду жана образдарды талдоо ыкмалары*

Италиялык семиотик, философ жана романист Умберто Эко философия, маданият таануу жана семиотика теориясын бириктирип, дисциплина аралык мамилеси аркылуу семиотика тармагына терең таасирин тийгизген [350]. Умберто Эконун «Семиотика жана тилдин философиясы» аттуу эмгегиндеги семиотиканын модели белгилердин татаал табиятын жана алардын интерпретациясын изилдейт. Ал белгилердин салттуу аныктамалары кылдаттык менен каралып жаткан *"crisis of a concept" / "түшүнүктүн кризисине"* кирип, контексттин өзгөрүшүнө карабастан белгилүү бир белгилердин мүнөзү болгон *"туруктуулуктун белгилерин"* изилдейт [291]. Эко белги маанилеринин чектерин талкуулоо үчүн "имманенттүүлүк жана кеңейтүү" концепцияларын киргизет. Анын «Тилдик белгинин деконструкциясы» деген эмгегинде белгилер *фигура, символ* жана *айырмачылыктар* катары ажыратылып, белгилөөчүнүн басымдуу ролу көрсөтүлөт. Эко белгилерди сөздөргө карама-каршы коюп, алардын функцияларында айырмачылыктар бар экенин көрсөтүп, семиотикалык жана лингвистикалык ыкмалардын үстөмдүгүн маалымдайт [293]. Ал белгилер интерпретациялоодо кандай кызмат аткара турганын көрсөтүү үчүн "нускоочу моделди" сунуштайт жана "күчтүү коддор менен алсыз коддорду" айырмалайт [293]. Эконун эмгектери маданий контексттерде маани кандайча түзүлүп, байланышып жатканы тууралуу терең түшүнүктөрдү берет.

“Семиотиканын теориясы” (1976) аттуу эмгегинде Эко аналитикалык ыкмалар, анын ичинде семантика, синтаксис, белги теориясы, коммуникация жана маалымат теориясын, маданий антропологияны жана семиотиканы бириктирет [291]. Эконун теориясы белги системаларынын динамикалык мүнөзүн жана алардын маданий процесстердеги ролун көрсөтүп, поэзиядагы символдор белги катары туруктуу мааниге ээ эмес, бирок кайра интерпретациялоонун үзгүлтүксүз процессине катышат деген пикирин билдирет

[291]. Ал семиотиканын философиялык негиздерин изилдеп, тил жана белгилердин реалдуулукту түшүнүүбүзгө кандайча ортомчулук кылаарын аныктайт [291]. Ошондой эле метафора, символ жана денотация сыяктуу түшүнүктөрдү талкуулоо үчүн тарыхый түшүнүктөрдү заманбап теориялар менен айкалыштырган. Эконун бул жааттагы иши белгилер менен маанилердин ортосундагы татаал өз ара аракеттенүүнү көрсөтүп, биздин интерпретацияларыбызга маданий жана тарыхый контексттердин кандайча таасир эткенин көрсөтөт [293]. Ал семиотиканы баарлашуунун формалары катары бардык маданий процесстерди изилдөө ыкмасы катары аныктайт, бул белги катары иштей ала турган нерселердин баарын камтыйт. Эконун “семиотика - калп айтуу үчүн колдонула турган бардык нерсени талдоону камтыйт” деген пикири белгилүү [499].

*4) Поэзиянын котормолорунун семиосферасы жана метафорасы*

Юрий Лотман (1922-1993) – көрүнүктүү орус-эстониялык адабиятчы, семиотик, семиосфералар же “семиотикалык мейкиндиктер” теориясынын автору, 1960-жылдары Тарту-Москва семиотика мектебинин негиздөөчүсү болуп эсептелинет. Дуализм, деңгээлдер, стратификациялар жана мейкиндик карама-каршылыктарына негизделген Лотмандын теориясы семиотикалык мейкиндиктердин дискреттүүлүгү, вербалдык репрезентация, физикалык мейкиндиктин үзгүлтүксүздүгү сыяктуу семотикалык түшүнүктөр менен байланышкан [402]. Лотман *Universe of the Mind* [404] аттуу эмгегинде мейкиндик метафораларын колдонот, маданияттарды ачык галактикалык мейкиндиктер катары сүрөттөйт. Бул метафоралар анын семиотикалык риторикасынын поэтикалык жана парадоксалдуу табиятын көрсөтүп, семиотикалык мейкиндиктер маданий семиоздун изоморфтук мейкиндиктеринин ичиндеги референциалдык система катары сүрөттөйт [404]. Лотмандын теориясындагы метафоралар вербалдык белгилер аркылуу психикалык образдарды чагылдырган семиосфера болуп саналат. Лотмандын метафора теориясы адабий чыгармаларды камтыган семиотикалык дискурска да тиешелүү. Ал метафораларды көбүнчө семантикалык жактан которууга мүмкүн

болбогон ар кандай семантикалык чөйрөлөрдүн ортосунда ортомчулук моделдөө системалары катары классификациялайт [404, 38-б.]. Вербалдык тексттер дискреттик белгилерден түзүлөт, ал эми визуалдык тексттер бүтүндөй кабыл алынат [404, 36–37-б.]. Тексттердин бул түрлөрүнүн ортосундагы түпкү айырмачылыктарга жана которулбоочулукка карабастан, метафоралар ортомчу катары кызмат кылып, чыгармачыл ой жүгүртүүгө жана жаңы семантикалык ассоциацияларга түрткү берүүчү болжолдуу эквиваленттиктерди түзүшөт [404, 36–37-б.]. Демек, метафоралар жөн гана риторикалык каражаттар эмес, ар кандай тилдердин кесилишинде жаңы мазмунду куруунун механизмдери болуп саналат [404,44-б.].

Юрий Лотман маданий белги процесстерин сүрөттөө үчүн мейкиндик метафорасын колдонуп, адамзат идеяларды жана семиотикалык моделдерди камтыган уюшкан мейкиндик чөйрөсүн же семиосфераны түзөрүн айтат [402, 203-б.]. "Semiosphere" термини семиотикалык процесстерге басым жасаган, тилдердин жашоосу жана иштеши үчүн зарыл болгон семиотикалык алкакты жана маданий мейкиндикти билдирет [402, 208-б.]. Лотмандын дуалисттик теориясы семиотикалык чөйрөнү (маданиятты) жана семиотикалык эмес ааламды, анын ичинде адамдын когнитивдик таанымындагы семиотикалык эмес кубулуштарды жана маалыматты айырмалайт [402, 133-б.].

Лотмандын метафоралык мейкиндиктери дискреттик (вербалдык) жана дискреттик эмес (визуалдык) тексттердин ортосундагы негизги карама-каршылыкты көрсөтөт. Маданий мейкиндик реалдуу мейкиндиктин кабылдоо үзгүлтүксүздүгүнөн айырмаланып, тынымсыз жана асимметриялуу болуп, бинардык карама-каршылыктар (мисалы, жакшы менен жаман, жашоо менен өлүм) жана асимметрия (мисалы, борбор менен периферия) менен мүнөздөлөт [404, 140-б.]. Маданий жана маданий эмес мейкиндиктердин чек арасы чечүүчү мааниге ээ, тышкы сигналдарды семиотикалаштыруу үчүн фильтр катары иштейт жана ошону менен семиосферанын структурасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат [402, 208–209-б.].

Юрий Лотмандын семиотикалык ааламы дуализмдердин, деңгээлдердин жана иерархиялардын айланасында түзүлүп, семиотикалык жана семиотикалык эместин ортосундагы фундаменталдык айырмачылык менен түзүлгөн. Маданият, бул алкакта, маданият эместиктин фонунда белгилердин системасы катары пайда болот [401]. Лотман семиосферанын ичиндеги баштапкы жана экинчилик моделдөө системаларын аныктайт, мында табигый тил негизги моделдөө системасы катары кызмат кылат жана экинчи системалар мифологиялык, диний жана адабий тексттерден пайда болот [401].

Маданияттын семиотикасы боюнча алгачкы эмгектеринен тышкары, ал жалпы семиотика теориясын да иштеп чыккан [403]. Лотмандын семиоздун негизги аспектилерин мүнөздөгөн, маданияттын семиотикасында да, биосемиотикада да колдонулуучу кээ бир принциптерине төмөнкүлөр кирет: *(1) коддордун көптүгү принциби; (2) шайкеш келбөө же которулбоо принциби; (3) автокоммуникация же которуу принциби; (4) семиосфера принциби* [404].

Юрий Лотмандын семиосфера теориясын Ранат Айталиеванын “Күз ырлары [577] / Poems of Autumn” [572, 48-50-бб.] аттуу ырына колдонуу тексттин ичинде семиотикалык мейкиндикти кандайча түзөөрүн ачып берет.

| *Күз ырлары* (Р. Айталиева) [577] | *Poems of Autumn* [572, 48-50-бб.] |
|---|---|
| *Эшикте туман, күн суук —* | *The weather is foggy and cold* |
| *Акыркы күздүн күндөрү.* | *In the last days of autumn.* |
| *Көңүл да шайкеш ошого,* | *And I am in low mood like a fall,* |
| *Сапарың бүгүн түштүбү?* | *Is it the end of your trip?* |
| *Күүгүмдүү кечте бурганак,* | *There are blizzards in the evenings,* |
| *Түн ооган, ак кар сапырык.* | *White snow flying in the air.* |
| *Бөлмөдө мезгил илеби,* | *Season’s mood is felt in the room,* |
| *Ободо жеңил тунуктук.* | *And purity, lightness in the air.* |
| *Качан да болсо өзгөрбөс,* | *They neither change nor grow old,* |
| *Өзүндөй кексе дүйнөнүн.* | *They give us the meanings of life.* |
| *Бизден көп сүйлөп тургансыйт,* | *As they speak more than we do—* |
| *Вазада күздүн гүлдөрү!* [577] | *Autumn’s flower in a vase.* [572, 48-50] |

Семиосфера ыкмасында "Күз ырларын" табият, эмоциялар жана жашоо ортосундагы дуализмдер жана карама-каршылыктарды камтыган семиотикалык

мейкиндик катары караса болот. Күзгү суук жана туман - тышкы дүйнө менен каармандын ички эмоционалдык абалынын ортосунда чек араны түзөт.

Аба ырайы жана айлана-чөйрө, туман, суук жана кар - семиосферанын тышкы бөлүгүн түзөт, ал семиотикалык эмес мейкиндик катары иштейт, ал эми каармандын ички эмоцияларын камтыган маданий белгилер семиотикалык сфераны билдирет. Тышкы жымжырттык менен ички уйгу-туйгу болуунун айырмасы семиотикалык мейкиндиктердеги асимметрия идеясын чагылдырат.

*Жымжырттык төнгөн табышмак,*
*Каректе үнсүз улуулук.* [577]
*Mystery is hidden in quietness,*
*Greatness lives in the eyes.* [572, 48-50-бб]

Сырткы физикалык реалдуулуктар менен ички психикалык тажрыйбалардын өз ара аракеттенүүсүн көрсөтөт. Семиосферанын чеги ачык байкалат, анда тышкы аба ырайы, ички трансформацияларды жаратат, метафоралык түрдө ойлор жана эскерүүлөр менен көрсөтүлөт. Вазадагы күзгү гүлдөр үнсүз болсо да, семиотикалык мааниге ээ, бул сырттагы дүйнө суук жана караңгы болуп турганда да маанини жана сулуулуктун туруктуулугун символдоштурат.

*Бизден көп сүйлөп тургансыйт,*
*Вазада күздүн гүлдөрү!* [577]

Гүлдөр тышкы реалдуулуктун ички дүйнөгө интеграцияланышын билдирет, бул тышкы өзгөрүүлөргө карабастан семиосферанын ичинде үзгүлтүксүздүктү сактоонун метафоралык актысы болуп саналат.

*5) Поэзияны талдоонун семиотикалык белгилер ыкмасы*

Фердинанд де Соссюр (1857-1913) “заманбап тил илиминин негиздөөчүсү» катары кеңири таанылган [408, 38-б]. Соссюрдун лингвистикага тийгизген таасири чоң болуп, семиотика теориясынын борбордук бөлүгүн ал семиология деп атаган белги системаларынын жалпы теориясына болгон көз карашы түзөт. Бул теориянын негизги элементин Соссюрдун белги модели, *арбитрардуулук,*

*сингулярдуулук жана көз карандысыздык сыяктуу система менен байланышкан принциптери түзөт* [479].

Соссюр, өз доорунун семиотика чөйрөсүндө негизги фигура болгон Чарльз Сандерс Пирс менен бирдей салым кошушкан, бирок алардын эмгектери бири-бирине белгисиз бойдон калганы айтылат [483, 183-86]. Семиология Соссюр боюнча белгилер жөнүндөгү келечектеги илим болгон, аны белгилердин эмнеден турганына жана аларды жөнгө салуучу мыйзамдарга көңүл буруп, коомдун ичиндеги белгилердин жашоосун изилдөөчү илим катары аныктаган.

Семиология Соссюр тирүү кезинде илим катары али жок болсо да, илимдердин кеңири системасындагы татыктуу ордуна бекем ишенген [483]. Соссюр семиологиялык изилдөө үчүн тилден башка бир нече системалар, анын ичинде жазуу системалары, алфавит, символикалык ырым-жырымдар, сылык формулалар, аскердик сигналдар, Брайль шрифттери, деңиз желектеринин коду, аскердик сурнай сигналдары, шифрдик коддор жана герман мифтерин келтирген [479].

Соссюрдин семиотикага кириши немис легендасы жана латын поэзиясындагы анаграммалар боюнча изилдөөлөрдү камтыйт [483]. Ал бул уламыштарды жана поэмаларды тилдик символдор катары окшош вариациялар жана мыйзамдар менен башкарылган символдордун системасы катары караган. Соссюр семиологияны социалдык психология менен социологияга байланыштырып, аны социалдык институттар жөнүндөгү илим катары сыпаттаган [479]. Ал лингвистиканы семиологиянын ичинде үстөмдүк кылуучу тармак катары караган, лингвистика өнүккөн жана семиологиялык маселелерди түшүнүүгө негиз бергендиктен улам алынган.

Соссюр тилдин бир нече айырмалоочу белгилерин айырмалайт: *арбитрардуулук, социалдык институттарга көз карандылык, өзгөрбөстүк, алдын ала белгиленген бирдиктердин жоктугу, чектелген белги инвентаризациясы жана акустикалык манифестациясы* [479]. Соссюрдун белги модели эки тараптуу болуп, белгилөөчү (үн-образ) жана белгиленүүчү (түшүнүктөн) турат, эки тараптуу психологиялык бирдикти түзөт [479]. Бул

модель белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосундагы мамилеге гана көңүл буруп, ортомчу референс объектисин жокко чыгарат. Соссюрдун менталдык концепциясы эки компонент тең сырткы объекттерден көз каранды эмес психикалык субъектилер экенин белгилейт. Соссюр ой менен идеялар белгилөөчүлөрдүн жана белгиленүүчүлөрдүн семиологиялык системасынан тышкары жакта болбойт дейт. Ал маанини субстанция катары эмес, форма, системанын ичиндеги дифференциалдык маани катары көргөн [479]. Бул структуралисттик көз караш маанини жалпы семиологиялык системанын ичинде концепцияга ээ болгон баалуулук катары карайт, мурда болгон идеялардын түшүнүгүн четке кагат. Фердинанд де Соссюрдун методдору азыркы семиотиканын негизин түзүп, структуралык ой жүгүртүүгө олуттуу таасирин тийгизген. Белгилердин арбитрардуулугу, тилдин түзүлүшү жана референттик объекттерди четке кагуу жөнүндөгү идеялары лингвистикалык жана семиотикалык изилдөөлөрдү калыптандырууну улантып, анын мурасын бул тармактарда негизги фигура катары бекемдеген [449].

20-кылымдын башындагы семиотиканын өнүгүүсүндө Фердинанд де Соссюр биринчи жолу тилди изилдөөнү илимий теориялык деңгээлге алып чыгып, бул илимди социалдык психология менен байланыштырган. Биринчи жолу *semilogie* деген терминди тааныштырып, лингвистика менен психологиянын байланышын аныктаган. Соссюр тилди социалдык феномен деп атап, бул изилдөөгө болгон эң көрүнүктүү салымы “маани өз алдынча айтылган же жазылган жеке сөздөрдө же сөз айкаштарында эмес, байланыштарды камтыган татаал системанын негизинде пайда болот” [167] деп, негизги идеясы *“тил ар түрдүүлүктүн (фр. differance) татаал системасы*” экендигинде. Ф. Джеймсондун айтуусунда “Соссюрдун оригиналдуулугу тил татаал система катары ар бир учурда өз милдетин аткарып бүтүп турат деп көрсөткөнүндө” [166]. Соссюр тил структураларын изилдөөдө анын азыркы убактагы абалын жана формаларын (синхроникалык изилдөө) же тарыхый абалын (диахроникалык) изилдөөгө болот деп сунуштаган. Соссюрдун эң белгилүү теориясы тил феноменин (фр. *langage*) же тилдин аткаруу иш аракетин тил (фр. *langue*) (абстракттуу тил системасы, тил белгилердин

структураланган системасы) жана кеп (фр. *parole*) (абстракттуу тил системасын түзүүчү индивидуалдуу кеп) деп бөлуп караганында [166]. Соссюрдун аныктамасы боюнча: “тил менен кепти бөлүп кароо аркылуу биз 1) социалдык нерсени индивидуалдуу нерседен; маанилүү нерсени жөнөкөй нерседен айырмалоого жетишебиз” [166]. Мындайча айтканда, тил (фр. *langue*) көз каранды эмес, мурдатан колдонулуп келе жаткан эрежелердин системасы, ал эми кеп (фр. *parole*) алардын практикада колдонулушу. Соссюр кепке караганда тилге көбүрөөк көңүл бурган. Ошондуктан Соссюрдун теориясы традициондук деп аталып, тилдин өнүгүүсүн изилдөөдө кеңири колдонулат. Соссюрдун тилди синхроникалык жактан системага салууга көбүрөөк көңүл бурганы мисалы, тилдин бир эле убактыга тиешелүү мүнөздөрүн талдоо (фотография же сүрөт сыяктуу) тилдин диахроникалык мүнөздөрүн табууга (фильм сыяктуу) караганда көбүрөөк маанилүү болгон.

Кептин иш-аракети же кептик акт Соссюрдун айтуусу менен үч нерседен турат: физикалык (тыбыш / дабыш толкундарынын жеткирилүүсү), физиологиялык (угуу органдарынан акустикалык образдарга же акустикалык образдардан угуу органдарына) жана психикалык ( 1. акустикалык образдар – айтылуучу тыбыштар менен дал келбей турган психикалык реалдуулук; 2. түшүнүк) [166]. Соссюрдун эмгегинин дагы бир чоң жетишкендиги индивидуалдуу белги же сөзгө семиотикалык анализ бергенинде. Анын ою боюнча лингвистикалык белги эки компоненттин байланышынан турат: *белгилөөчү (signifier)* (акустикалык образ, сүрөт, тыбыш, дабыш, нерсе, ж.б.) *белгиленүүчү (signified)* (түшүнүк). Ошондой эле тилдик белги эки касиетке ээ: биринчиден алардын ортосунда табигый мамиленин, байланыштын жоктугу; экинчиден, белгилөөчү убакытка көз каранды, бир эле мезгилге тиешелүү болгондугу.

Соссюрдун тилди семиотикалык жактан изилдөөдөгү дагы бир чоң жетишкендиги белгилердин ортосундагы карама-каршылык өзгөчөлүктөрүн табууга басым жасаганында, анкени структуралисттик анализдин өзөгүн бинардык оппозицияларды табуу түзөт. Бинардык оппозиция (ак-кара, чоң-

кичине, табият-маданият) Соссюрдун айтуусу менен “концепттер алардын мазмуну же контенттери аркылуу позитивдүү түрдө талданбайт, бир эле системанын ичинде бир бирдикти экинчи бирдик менен карама каршы коюу жана аларды контрасстык салыштыруу аркылуу талданып аныкталат. Андагы негизги талдануучу нерсе ар бир бирдик башкалардан эмнеси менен айырмалана турганын аныктоо” [166, 115-б.]. “Тилдин жалпы механизми карама-каршылыктардын же оппозициянын фоникалык жана концептуалдык айырмачылыктарына негизделет. Эки белги бири бирине карама каршы турат”, [166, 119-б.].

Соссюр белгинин *арбитрардуулугун* көрсөткөн [166, 67-б., 78-б.]. Башкача айтканда белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосундагы байланыш *арбитрардуу* деп айткан. Тилди белгилер системасы катары кароо менен тилдин биринчи принциби белгинин арбитрардуу табияты экендигинде [191, 67-б.]. Мындан Соссюрдун башкы теориялык көрсөтмөсү келип чыгат: “Белгилөөчү signifier) менен белгиленүүчүн (signified) ортосунда эч кандай өз ара, ачык, тастыкталган, же “табигый” байланыш жок жана сөздүн дабышы, сөлөкөтү, формасы менен ал камтыган түшүнүктүн ортосунда байланыш жок” [166, 67-69-б.].

Фердинанд де Соссюр лингвистикалык белгинин баштапкы компоненти катары бинардуу объектти эсептейт: биринчиден, ал акустикалык образ катары бир нерсени көрсөтөт же белгилейт, экинчиден, концепт же белгиленүүчү объект катары кызмат кылат [479]. Оозеки тилде айтылуучу сөздөр, мисалы, англис тилинде *horse*, кыргыз тилинде *ат* деп жазуу, алардын сүрөтүн тартуу же башка жол менен көрсөтүү аркылуу бир эле нерсени, белгиленүүчү нерсени белгилөө жолу болуп саналат. Бирок белгиленүүчү көз алдыбызга элестетүү жана түшүнүү ар бир адамдын башынан өткөргөн тажрыйбасынын негизинде жүргүзүлөт. Фердинанд де Соссюрдун берүүсүндө белгинин маанисин түшүнүү үчүн эки жолду колдонобуз: денотация (концепт) жана коннотация (контексте берилген белги менен байланышкан ассоциациялардын негизинде) [479]. Ошондуктан бир эле нерсени ар ким ар кандай түшүнүүсү мүмкүн. Коннотация, орто кылымдагы

латынча *con-noto* этишинен алынып, кошумча маанини же коштолгон белгини билдирет, денотация этимологиялык жактан постклассикалык латын тилиндеги *de-noto* этишинен келип чыккан, ал маанини айырмалоочу өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүү идеясын билдирет [368, 25-б.]. Мисалы, Б. Арстанбекованын “Ким сулуу?” [549] / “Who is Beautiful?” [575, 51-52-бб.] аттуу ырын денотация жана коннотация ыкмалары аркылуу талдоо үчүн биз ырда берилген түз мааниларди изилдөөдөн баштайбыз. Денотация колдонулган сөздөрдүн башкы деңгээлинде, түз чечмеленишин билдирет. Ырда *“Жарыгын чачса күн сулуу”* деп, ал асманда жаркырап турганда күндүн визуалдык жагымдуулугун түзмө-түз сүрөттөйт. Ошондой эле, *“Жакшы сөз айтса тил сулуу”* деген сөз айкаштары сөз айткан адамдын ички сапаттары жагымдуу экенин билдирет. Ырдагы денотативдик маанилер ырдагы сулуулуктун жаратылыштан адамдык сапаттарга чейин ар кандай формада сүрөттөлүшүн түшүнүүгө негиз түзөт. Ал эми денотациянын чегинен чыгып, Фердинанд де Соссюрдун теориясы бизди коннотативдик маанилерди сөзмө-сөз берилген мааниден тышкары тереңирээк, символикалык интерпретацияларды изилдөөгө үндөйт. *"Жарыгын чачса күн сулуу"* деген сөз айкашы коннотативдик түрдө жашоону, тирүүлүктү туюнтса, *"Жакшы сөз айтса тил сулуу"* - баарлашуунун жана маданияттын күчүн символдоштурат. Ырдын образдуулугуна байланышкан коннотациялар ырда айтылган сулуулуктун руханий мааниси сыяктуу кененирээк эмоционалдык жана маданий ойлорду ойготот. Ар бир сап физикалык сулуулукту моралдык күчкө, маданий сыймыктанууга жана универсалдуу чындыкка байланыштырып, тереңирээк маанини камтыйт, анын эстетикалык жана философиялык таасирин күчөткөн чечмелөөлөрдү сунуштайт.

Фердинанд де Соссюрдун белгинин модели боюнча белги белгилөөчүнүн (сөздүн же сөз айкашынын формасы) жана белгиленүүчүнүн (ал чагылдырган түшүнүк) эки түрдүүлүгүнө негизделген. Ар бир сапта белгилер (сөздөр же сөз айкаштары) менен алардын тиешелүү белгиленүүчүлөрү (сулуулук түшүнүктөрү) бириктирилип, маданий жана эмоционалдык жактан маанилердин тармагы түзүлөт.

Таблица 2.8 – *Белги, белгилөөчү, белгиленүүчү*

| *Ким сулуу?* (Б. Арстанбекова) *[*549*]* | *Who is beautiful?* [575, 51-52-бб.] | Белгилер |
|---|---|---|
| *Жарыгын чачса <u>күн сулуу, /</u> Жакшы сөз айтса <u>тил сулуу.</u>*<br>*Жабыккан жүрөк жазылса, / Жан дүйнөң сулуу <u>дил сулуу. /</u>*<br>*Акылман сөзүн айтышса,*<br>*<u>Кемпир да сулуу чал сулуу. /</u> Калыстык менен башкарып,*<br>*Калкына жакса <u>Хан сулуу. /</u> Кубулжуп сезим ээритсе,*<br>*Созолонгон <u>үн сулуу</u>.*<br>*Бейпилдик берип жыргатса,*<br>*Капкараңгы <u>түн сулуу. /</u> Көк асманга көрк берип,*<br>*Көгөрүп жаткан <u>көл сулуу. /</u> Күнөөлүү пенде силерди.*<br>*Көтөрүп турган <u>жер сулуу.</u>*<br>*Кадырлап барктап сүйүшүп,*<br>*Баш кошкон <u>эки жар сулуу.</u>*<br>*Жазында беймаал жаабастан,*<br>*Кышында жааган <u>кар сулуу. [</u>*549*]*<br>*Эзелтен баатыр чыдамкай, / Эр жүрөк кыргыз <u>Эл сулуу. /</u>*<br>*Аскасы асман тиреген. / <u>Ала - Тоом сулуу жер сулуу [</u>* 549]. | *<u>The sun is beautiful</u> when it shines bright, / <u>Language is beautiful</u> when spoken right.*<br>*If a closed heart is gently freed, / <u>Your soul and heart are beautiful indeed.</u>*<br>*When words of wisdom softly unfold, / <u>The old man and woman are beautiful,</u>*<br>*When a Khan rules with fairness in mind,*<br>*<u>People see him as handsome and kind. /</u> When feelings melt into iridescent tones,*<br>*<u>A melodious voice is beautiful. /</u> When it brings peace to the night,*<br>*<u>The darkness becomes beautiful. / The blue lake reflects the beauty of the sky,</u>*<br>*Adding charm to the horizon up high. / <u>The earth is a beautiful place,</u>*<br>*Holding all sinner souls upon its face. / When they love and appreciate,*<br>*<u>Two married hearts are beautiful. / When snow falls only in winter,</u>*<br>*Not in spring, it is beautiful.*<br>[575, 51-52-бб.]<br>*Patience has made heroes throughout time,*<br>*Brave <u>Kyrgyz people are beautiful, /</u> With towering rocks that reach the sky,*<br>*<u>Ala-Too, my land is beautiful</u>*<br>*[*575, 51-52-бб.] . | <u>*Белги:*</u> текст (ыр) → суроо “Ким сулуу?”<br><u>*Белгилөөчү:*</u> күн, тил, жан дүйнө, дил, кемпир, чал, хан, үн, түн, көл, жер, эки жар, кар, эл, Ала-Тоо, кыргыз эл / sun, language, soul, heart, old man, old woman, Khan, voice, darkness, lake, earth, two married hearts, snow, Kyrgyz people, the land Ala-To.<br><u>*Белгиленүүчү:*</u> жарыгын чачуу, жакшы сөз, калыстык, бейпилдик, көрк, чыдамкай, эр жүрөк сыяктуу белгилөөчүнү мүнөздөгөн сын атоочтор, атоочтор жана кыймыл аракеттер.<br><u>*Бинардык оппозиция:*</u><br>Күн → түн /<br>Жаз → кыш<br>Эл → жер<br>Кемпир → чал<br>Асман → көл<br><u>*Синонимия:*</u><br>Жан дүйнө → дил<br>Кыргыз → эл<br>Ала-Тоо → жер |

Ырда, мисалы, күндүн жарыктыгы жана жылуулугу сулуулуктун табигый символу катары кабыл алуу, баарлашуунун каражаты катары тил сулуу, сулуулук эстетикалык көрүнүш менен гана эмес, сөздүн тунуктугу жана позитивдүүлүгү менен концептуалдаштырылат; түн, адатта, коркуу же терс маанай менен байланышкан, тынчтык алып келсе, түн да сулуу деп аныкталат. Караңгылыктын сулуулукка айланышы кабылдоонун күчүн жана ички тынчтыкты символдоштурат.

Семиотикалык белгидеги *белгилөөчү* менен *белгиленүүчүнүн* ортосундагы мамиле социалдык жактан түзүлүп, ырдагы сулуулукту ар кандай элементтерге: акылмандык, адилеттүүлүк, ника жана чыдамдуулукка кандайча ыйгарып бергенинен көрүнүп турат. Ыр белгилердин дуалдуу мүнөзүнө таянат, күтүлгөн карама-каршылыктарды (мисалы, караңгылык менен жарык, кыш менен жаз) колдонуп, бирок эки тарапка тең сулуулукту ыйгарат. Бул сулуулуктун салттуу түшүнүктөрүнө каршы келет, аны физикалык көрүнүштөн тышкары акылмандык, адилеттүүлүк жана чыдамкайлык сыяктуу абстракттуу сапаттарга чейин кеңейтет.

Лингвистикалык белги алардын ар түрдүүлүгүнөн улам маани бере турганын айтат, *“биз дабыштарды жана алардын маанилерин бири биринен айырмаланып тургандыктан улам гана тааныйбыз”* [166]. Соссюрдун модели аркылуу ыр семиотикалык системаны түзөт, бул түп нускада жана котормодо сулуулукту кабыл алууну кандайча калыптандыра аларын көрсөтөт.

*6) Поэзиянын денотативдик, коннотативдик жана мифтик деңгээлдерин талдоо ыкмалары*

Француз лингвистикасынын өсүп-өнүгүшүнө адабий сынчы, семиотик окумуштуу Роланд Барт (1915-1980) семиотикалык структуралисттик анализ жүргүзүүсү менен салым кошкон, бирок анын эмгектери көп тармактуу болуп, алардын ичинен тил жана адабияттан сырткары маданий критикалык багытка негизделген [227, 223]. Барт классификациялоону жана бинардык оппозиция аркылуу изилдөөнү жактап, анын изилдөө чөйрөсү өзүнүн ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Ал мода семиологиясын (1990), күрөш мифологиясын (1976)

изилдеген. Семиотикалык талдоо аркылуу маданий түшүнүктөрдү үч деңгээлде: *1) денотативдик маани же "тил-объект" жана 2) коннотативдик маани же "мета тил", 3) маданий мифтердин түзүлүш деңгээлинде* изилдеген. Барттын моделинин негизинде Бубайша Арстанбекованын “Кимге айтам?” [549] / “To Whom Can I Say” [575, 56-57-бб.] аттуу ырын талдоо менен андагы түшүнүктөрдүн мифтик мааниси, айрыкча улуттук өзгөчөлүгү, ар-намысы жана кыргыз элинин социалдык-маданий жашоосу жөнүндө маалымат алууга болот.

*1) Денотативдик маанисиси (тил-объект):* ырдын мааниси кыргыз эли, айрыкча жаштар, энелер, кыздар жана балдардын социалдык жана экономикалык кыйынчылыктары Б. Арстанбекованын “Кимге айтам?” [549] / / “To Whom Can I Say” [575, 56-57-бб.] баяндалат.

| ***Кимге айтам? (***Б. Арстанбекова) [549] |
|---|
| *Эл жеримдин намысына жараган,*<br>*Эр жигиттер базарларга тараган.*<br>*Сөгүү угуп, ичтеринен тызылдап,*<br>*Сөз кайтарбай кул болгонун кимге айтам.*<br>*Жапжаш келин көшөгөдө олтурбай,*<br>*Артып, үртүп жашоо үчүн умтулмай.*<br>*Жалдыратып карагаттай көздөрүн,*<br>*«Жаңы оруска» жалынганың кимге айтам?* [549] |
| ***To Whom Can I Say*** [575, 56-57-бб.] |
| *Those who are worthy to honor my country,*<br>*Our young men now toil in the markets.*<br>*They endure violations, hear curses, growl inside,*<br>*But who can I tell that they were treated as slaves?*<br>*The beautiful bride no longer sits in her veil,*<br>*But strives for a living, struggling to survive.*<br>*Her pleading eyes, dark as blackcurrants,*<br>*To whom can I say she begged the "New Russian"?* [57556-57-бб.] |

Базарларда иштеген, кордук көргөн, экономикалык кулчулукта жүргөн жигиттер, үйдө сый-урматка ээ болуунун ордуна оор жүк көтөргөн энелер, сулуулугун жана кадыр-баркын курмандыкка чалууга мажбур болушкан жаш кыздар жана колуктулар, салттарын таштап, экономикалык жактан чет өлкөлүк рынокторго көз каранды болгон кыргыз калкы жөнүндө айтылат.

Азыркы коомду сүрөттөө менен сыймыктануу, кадыр-барк жана үй-бүлөлүк ар-намыс сыяктуу салттуу баалуулуктарга карама-каршы келген ролдорду аткарууга мажбур болгон элдин калың катмарына кайрылуу катарында айтылат.

*2) Коннотативдик маниси (мета тил жана миф)*

Коннотативдик же мифтик деңгээлде ыр улуттук өзгөчөлүктү жоготуу жана маданий баалуулуктардын кыйрашы жөнүндө баяндайт. Ырда кыргыз эли, эр-азаматтар, аялдар жана жаштар алсыз абалда сүрөттөлүп, алардын социалдык же экономикалык шарттарына көбүрөөк маани берилет. Бул сүрөттөө бүтүндөй элдин оор абалда калуусу жөнүндөгү мифке айланат.

Миф 1: элдин иденттүүлүгү коркунучта, чет өлкөлөрдө (мисалы, орус рыногунда) басынтылып, башын ийип, багындырылган жаштардын абалы, кыргыз элинин иденттүүлүгү өзгөрүү алдында турганынан кабар берет, ошондой эле экономикалык көз карандылык жана маданий дислокация, улуттук деградация, тышкы экономикага, кулчулукка өтүү сыяктуу коркунучтар жөнүндө сөз болуп жатканын түшүнүүгө болот.

Миф 2: гендердик дисбаланс жана салттуу ролдорду жоготуу, үй-бүлөнүн мүчөлөрү сый-урматка ээ болуп, төрдө отурбагандыгы, оор жүктөрдү көтөрүп жүргөн энелердин абалы, экономикалык кыйынчылыктар аларды ден соолугунан гана эмес, маданият, акылмандык жана тазалыктын символикалык ролунан да ажыратып койгону жана көз карандылыкка жана эксплуатацияга алып келгени билдирилет.

Денотациялык маанидеги сөз курамы социалдык реалдуулукту экинчи деңгээлдеги белгилерге же мифтерге айлантат, алар кыйынчылыктардын конкреттүү кырдаалдарын гана эмес, кыргыз элинин экономикалык жана маданий кризиске туш болуусун идеологиялык сынга алууну билдирет. Миф бул жерде экономикалык күчтөр маданий бүтүндүктү жана өзүн-өзү камсыз кылууну бузуп жаткан салт менен заманбаптыктын ортосундагы конфликтти билдирет. Ыр эмгек миграциясын жана глобалдашууну сындап, адамдарды салттуу баалуулуктарынан четтебей, өз иденттүүлүгүн сактоого чакырат.

*7) Поэзия котормолорун талдоонун семиотикалык классификация ыкмасы (синтаксис, семантика жана прагматика)*

Моррис (1901-1979) семиотика тармагындагы көрүнүктүү ишмер, 20-кылымдын ортосунда семиотиканын өнүгүшүнө олуттуу таасир этип, 1930-1940-жылдары "семиотиканын классиги" деп аталган [460]. Анын классификациялары америкалык прагматизм, эмпиризм жана логикалык позитивизмге негизделген [425]. Морристин семиотикалык негиздери жана системалары анын “Белгилер теориясынын негиздери” (1938) жана “Белгилер, тил жана жүрүм-турум” (1946) сыяктуу эмгектеринде чагылдырылган [425]. Морристин теориясы прикладдык семиотика, анын ичинде семиотикалык эстетика жана иконизм теориясына өзгөчө таасирин тийгизди, ал эми анын дискурстун прагматикалык типологиясы тексттик семиотикада кеңири тараган. Моррис семиотиканы «белгилер жөнүндөгү илим» деп аныктаган, ал изилдөөлөрүндө адам тилинен жаныбарлардын баарлашуусуна чейин кеңири спектрдеги кубулуштарды камтып[425], лингвист, философ, психолог, биолог, антрополог, психопатолог, эстетик жана социологдорду биргелешкен дисциплиналар аралык иш-аракет катары семиотиканын чөйрөсүн белгилеген [425]. Бул дисциплиналар аралык табият анын семиотиканы илим катары да, илимдин куралы катары да карашы үчүн чечүүчү мааниге ээ болгон, анын изилдөөлөрү илимий билимдерди бириктирүү жолундагы зарыл кадам болгон.

Морристин семиотикасы үч өлчөмдүн айланасында түзүлөт: *синтаксис, семантика* жана *прагматика*. Бул өлчөмдөр семиоздун триаддык моделинен алынган, ал белгини алып жүрүүчү, десигнатум жана интерпретаторду камтыйт (*the sign vehicle, the designatum, the interpretant*) [425]. *Синтаксис* белгилердин ортосундагы мамилелер, *семантика* белгилер менен алардын референттеринин ортосундагы мамилелер, ал эми *прагматика* белгилер менен алардын интерпретаторлорунун ортосундагы мамилелерге көңүл бурат. Бул үч тараптуу модель кабылдоонун универсалдуу категорияларына эмес, жүрүм-турумга (бихевиористтик негизге) басым жасап, Пирс семиотикасына бөтөн пикирин билгизген [460]. Анын символикалык семиотикага негизделген белгилер

теориясы коммуникациянын ар кандай формалары, анын ичинде поэзияны талдоо үчүн бекем негиз түзөт. Морристин прагматикалык дискурс типологиясы текст семиотикасына өзгөчө таасирдүү [425]. Анын классификациясы коммуникативдик контексттеги белгилердин функциясына жана колдонулушуна көз каранды. Морристин типологиясы дискурсту анын прагматикалык таасирине жараша классификациялап, белгилер котормочулардын жүрүм-турумуна жана жоопторуна кандай таасир этери изилденет [425].

Морристин дисциплиналар аралык ыкмалары ар кандай тармактарга, анын ичинде эстетика, лингвистика жана коммуникация изилдөөлөрүнө олуттуу таасирин тийгизди [425]. Морристин дискурс классификациясы семиотикалык изилдөөлөрдүн негизи бойдон калууда [425]. Анын прагматикалык типологиясы белгилер, интерпретаторлор жана контексттердин динамикалык өз ара аракеттенүүсүн баса белгилеп, коммуникативдик процесстерде дискурстун ар кандай формалары кандайча иштешин талдоо үчүн негизди сунуштайт.

Чарльз В. Морристин семиотикага кошкон салымы терең жана туруктуу. Анын дисциплиналар аралык мамилеси жана үч өлчөмдүү негизи поэзияда белгилерди жана алардын функцияларын изилдөөдө колдонулууда. Роза Карагулованын “Кайдасың” [567] / “Where are you?” [599, 29-30-бб.] аттуу ырын Морристин семиотикалык ыкмасы аркылуу карап чыгууга болот, айрыкча анын семиотиканы *синтаксис, семантика* жана *прагматика* боюнча классификациялоосуна көңүл бурса болот.

| *Кайдасың* [567] | *“Where are you?”* [599, 29-30-бб.] |
|---|---|
| *А бирок элесим жетпеген*<br>*Кудайдай бийликтүү элең сен.*<br>*Бакыттан селт этип жаш денем*<br>*Колуңду кагып да жибергем.*<br>*А өзүм жоогазын өртүндөй*<br>*Аптаптуу он сегиз жашта*<br>*элем…[*567*]* | *I was unable, helpless to achieve you,*<br>*But you held power, almost like a god,*<br>*My young body trembled with happiness,*<br>*Pushing your hands away, feeling anxious,*<br>*And I burned with heat like a tulip fire,*<br>*I was just eighteen, ablaze with desire.* [599, 29-30-бб.] |

*1) Синтаксис*

Белгилердин ортосундагы формалдуу мамилелерди изилдөөчү синтаксис Морристин семиотикалык негизинин биринчи өлчөмү болуп саналат. Бул өлчөм

белгилер айкалышын жөнгө салуучу түзүлүшкө жана эрежелерге багытталган. Ырда бир ойдун экинчи сапта да уланышы (enjambment), рифма схемасы, метрди колдонуусу ырдын жалпы эстетикалык жана ритмикалык сапатына салым кошкон синтаксистик элементтер болуп саналат. Бул элементтердин формалдуу жайгашуусу окурман чечмелей турган үлгүлөрдү түзөт, бул өз кезегинде ырдын маанисине жана эмоциясына таасирин тийгизет. Морристин ою боюнча, синтаксис белгилердин (сөздөр, сөз айкаштары) ырдын алкагында бири-бири менен кандай байланышы бар экендигин аныктайт [425]. Синтаксис ырдын ичиндеги белгилердин ортосундагы мамилени билдирет. Ырдын структурасы жана формалдуу аспектилери, анын ичинде грамматикасы, синтаксиси, саптары жана строфаларынын түзүлүшүн изилдөөнү камтыйт.

Таблица 2.9 – *Синтаксистик деңгээл*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түзүлүшү |
|---|---|---|
| *Кайдасың көп болду көрбөдүм,*<br>*Жолдогу кайыңдай көлөкөм.*<br>*Эстечи бир жолку кездешүү [*567*567]*<br>*О аны унута көрбө сен…*[567] | *Where are you? I haven't seen you in ages,*<br>*Like a shadow of a birch on the roadside,*<br>*Recall our remarkable, beautiful dates*<br>*Oh dear, don't forget those joyful days.* [599, 29-30-бб.] | Кыргызчада субьект “сен” айтылбай, суффикстер (v+сың) менен берилген, котормодо: SOV (Subject-Object-Verb) → SVO (Subject-Verb-Object) структурасы менен берилген. |

*Кайталоо жана параллелизмдер: “Кайдасың көп болду көрбөдүм» / "I haven't seen you in a long time" / Бакыттан селт этип жаш денем” / "My young body trembled with happiness and fear,"* [599, 29-30-бб.] сыяктуу айрым сөз айкаштары жана структуралардын кайталанышы аркылуу сезимдерге басым жасалат. Ырда карама-каршылыктарды бөлүп көрсөтүү үчүн параллелдүү түзүлүштөр колдонулат, мисалы, *"Эриксиз маңдайым сыладың / Кусалык дирилдеп үнүңдөн..." [*567] */ "You tenderly caressed my forehead / I could hear deep yearning in your voice…"* [599, 29-30-бб.]. Бул параллелизм назиктик менен эңсөөнүн айкалышын баса белгилейт.

*Образ жана метафора:* ырда каармандын эмоциясын, эскерүүлөрүн берүү үчүн *«жол боюндагы кайыңдын көлөкөсү», «каалоодон жалындаган»* сыяктуу жандуу образдар колдонулган. Көлөкөнүн метафорасы кусалык темасын күчөтүп, көздөн кайым болуучу табиятты түзгөн образын берет.

Синтаксистик талдоо ырдын түзүлүшү жана формасына, анын ичинде сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүнө жана бул элементтер ырдын жалпы маанисине жана таасирдүүлүгүнө кандай салым кошконуна көңүл бурат.

*Сүйлөмдүн түзүлүшү*

Ырда жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн аралашмасы колдонулгандыктан, алар эмоциялык толкундоону чагылдырган ритмди түзөт. Мисалы, «*Бакыттан селт этип жаш денем»* деген сыяктуу сөз айкаштарынын кайталанышы тынчсызданууменен аралашкан кубанычтын кайра-кайра кайталанган сезимдерин баса белгилейт. Үтүр, эллипс сыяктуу пунктуациялар окурманды ырдын эмоционалдык пейзажы аркылуу жетектейт, ой жүгүрткөн учурларында токтоп, сагыныч менен жоготуу сезимин күчөтөт.

*2) Семантика*

Семантика белгилер менен алардын маанилери же референттердин ортосундагы байланышты карайт. Морристин сөзү менен айтканда, бул өлчөм ырдагы сөздөрдүн кандайча түшүнүктөрдү билдирерин жана образдарды туудурарын изилдөөнү камтыйт. Карагулованын ырындагы темаларды, эмоцияларды жеткирүүдө метафораны колдонуу чечүүчү роль ойнойт [599]. Мисалы, ырда убакыттын же жашоонун агымын чагылдыруу үчүн *«суу»* метафорасын колдонсо, семантикалык талдоо бул метафоранын сөзмө-сөз чечмелөөдөн да тереңирээк маанисин бере алат. Текстте *“суу”* жашоонун өткөөлдүгүнө жана үзгүлтүксүздүгүнө байланыштуу кененирээк маанини билдирген белги алып жүрүүчү болуп эсептелинет.

Сагынуу жана аткарылбаган каалоо темалары, кусалык, ишке ашпаган сүйүү жана убакыттын өтүшү темалары ачылат. Өткөн жолугушууларды эскерип, алыс жана кол жеткис сүйүктүүсүнө болгон эңсөөнү билдирет. Сөз айкаштарынын жайгашуусуна синтагматикалык көз караш эмоциялардын агымы эскерүү

маанайда жазылып, экинчи жакта, *Кайдасың, эстечи, сыладың, сезимтал болчусуң* сыяктуу бирөөгө арналган кусалыктын агымын жаратып, ар бир сап кийинкисине негизделет. Ырдын түзүлүшү кусалыктан кубанычтуу эскерүүлөргө, акыры жоготуу жана каалоо сезимдерине өтөт. Бул прогресс сүйүүнүн татаалдыгын чагылдырат.

Таблица 2.10 – *Семантикалык маани*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Семантикалык маани |
|---|---|---|
| *Көрүнбөй жолуңду акмалап*<br>*Күндө бир көрүүнү ойлогом.*<br>*Ал кезде сезимтал болчусуң,*<br>*Сөзүң да күлкүңдөй жаркырап.*<br>*А бирок элесим жетпеген*<br>*Кудайдай бийликтүү элең сен.* [567] | *Searching you seamlessly, along your path,*<br>*I yearned to see your face at least once a day,*<br>*You were so sensitive, delicate back then,*<br>*Your words were gentle, like your laughter,*<br>*I was unable, helpless to achieve you,*<br>*But you held power, almost like a god,*<br>[599, 29-30-бб.] | Терс маани → терс маани:<br>*Көрүнбөй → unseen*<br>*Жолуңду акмалап → Seeking your path*<br>*Көрүүнү ойлогом → thought of seeing*<br>*Сезимтал → sensitive*<br>*Элесим жетпеген → I was unable to achieve*<br>*Кудайдай бийликтүү → powerful like a god*<br>*Селт этип жаш денем → trembled my young body*<br>*Жоогазын өртүндөй → like a tulip fire*<br>*Аптаптуу → ablaze with desire.* |

*Кайдасың* деген сөздүн семантикасы анын темалары менен тыгыз байланышта болот. Метафора жана сүрөттөөнү кылдат тандоо менен акын кусалык, каалоо жана сүйүү менен жаштыктын ачуу-таттуу мүнөзүн чагылдырган.

*Бинардык оппозиция жана контраст:* ыр мурунку бакыт менен азыркы сагынычты карама-каршы коёт. *Бакыт жана коркуу* жана *кол жеткис, кол тийбес, мүмкүн эмес* деген сөздөрдүн жанаша келиши каармандын башынан өткөргөн татаал сезимдерин белгилейт, *Бакыттан селт этип жаш денем, Колуңду кагып да жибергем. А өзүм жоогазын өртүндөй, Аптаптуу он сегиз жашта элем…* деген саптар жаштык менен каалоо, сүйүү менен уяңдык карама-каршылык катары берилген, мында каармандын ички конфликтинин физикалык

көрүнүшүн чагылдырат. Кусалык, эңсөө *Кармоого эч мүмкүн эмес (Unreachable, intouchable, possible)* сыяктуу образдар жана метафоралар аркылуу даана берилген. Ырда сезимдерди *көлөкө, кайың, жазгы жамгыр, жоогазын* сыяктуу элементтерге салыштырып, ыр табигый образдарга бай.

Символ: *жолдогу кайыңдай көлөкөм* деген саптагы кайың дарагы тазалыкты жана кол жеткис сулуулукту символдоштуруп, сүйүктүүсүнө болгон көз карашын чагылдырат. *А өзүм жоогазын өртүндөй, Аптаптуу он сегиз жашта элем…* [567] жоогазын каармандын жаш курагын жана сүрөттөлгөн окуялар учурундагы эмоционалдык абалын көрсөтүп, күчтүү, жаштык кумарды билдирет, ал эми он сегиз жаш – сүйүүгө толгон, жаш кезектин символу.

*3) Прагматика*

Прагматика контекстке жана окурманга багытталган таасирлерге көңүл буруп, белгилер менен алардын интерпретаторлорунун ортосундагы мамилени изилдейт. Ошондой эле, прагматикалык талдоо ырдын жазылган жана окулган контекстти, анын ичинде акындын ой-ниети, тарыхый жана маданий теги, текст менен окурмандын өз ара байланышын изилдейт. Ыр биринчи жактын көз карашынан жазылган, окурмандарга баяндамачынын сезимдери менен тыгыз байланышууга мүмкүнчүлүк берет. Жеке үн окурмандарды каармандын жоготуу жана сагынуу сезимине көмөктөш болуу менен боорукер болууга чакырат. Ыр окурмандарды сүйүү, жоготуу жана эс-тутум боюнча өз тажрыйбалары жөнүндө ой жүгүртүүгө үндөйт. Аткарылбаган каалоонун универсалдуу темалары жана убакыттын өтүшү ар кандай жеке интерпретациялоого мүмкүндүк берет.

Ырдын жана анын авторунун маданий фонун түшүнүү кошумча маани катмарларын камсыздай алат. Кайың даректарына символ катары маани берүү жана жаштыктын, сүйүүнүн сүрөттөлүшү белгилүү маданий мааниге ээ. Көбүнчө сулуулук менен сүйүүнү символдоштурган кайыңдын кыргыз маданиятындагы маданий маанисин түшүнүү ырга маани катмарын кошот. *Жоогазын өртүндөй* метафоралык салыштыруу кооздукту сүрөттөйт.

Ыр жаштык мамиленин эмоционалдык курчтугун, анын бардык белгисиздиктери жана аялуу жактары менен бирге чагылдырат. Баяндамачынын

өз сезимдеринен коркуу жана тынчсыздануусу көптөгөн окурмандар үчүн ырдын таасирин күчөтөт. Ретроспективдүү чагылдырылышы өткөн тажрыйбалар боюнча ой жүгүртүүнү сунуштайт, окурмандарды убакыттын өтүшү менен каармандын да өсүшүнө жана түшүнүүсүнө эмпатияга чакырат.

"Кайдасың?" ("Where are you?") окурманга түз кайрылып, каарман аларга ишеним артып жаткандай. Тил жана жандуу образдар окурмандын сезимдерин жана ой-толгоолорун өзүнө тартып, аларды сүйүү жана кусалыктын өз башынан өткөргөн окуялары жөнүндө ой жүгүртүүгө үндөйт.

Таблица 2.11 – *Үч деңгээлдеги талдоо*

| Аспекттер | *Мисалдар* | Түшүндүрмө |
|---|---|---|
| Синтаксис | *Кайдасың көп болду көрбөдүм"→ "Where are you? I haven't seen you in ages.*<br>*Эстечи бир жолку кездешүү"→ "Recall our remarkable, beautiful dates.* | Түздөн-түз дареги бар жөнөкөй, декларативдүү сүйлөмдөр. Ырдын синтаксиси негизинен түз айтуу жана сүйлөшүү жолу менен, жакындыкты чагылдырат. |
| Семантика | *Көлөкөм→shadow*<br>*Кусалык дирилдеп үнүңдөн→Yearning in your voice, Күлкүңдөй ооруга чалдыгып→I fell ill from the joy of your laughter* | Семантикалык жактан алганда, ыр жоготуу, сүйүү жана кусалык темаларын чагылдырат, "оору" жана "кусалык" сыяктуу сөздөр эмоционалдык жоктук жана аткарылбаган каалоо сезимдерин ойготот. |
| Прагматика | *Кудайдай бийликтүү элең сен → But you held power, almost like a god;*<br>*Бакыттан селт этип жаш денем → My young body trembled with happiness* | Прагматикалык жактан алганда, эс тутумду сүрөттөө гана эмес, чечилбеген эмоционалдык ооруну жана кайрадан байланышуу каалоосун билдирүү. Мисалдар алсыздыкты, мурунку мамилелердин интенсивдүүлүгүн белгилеген универсалдуу маданий темаларды камтыйт. |

*8) Поэтикалык тексттин котормосуна семиотикалык дискурсивдик анализ*

Тексттин маанисин декодировкалоону же чечмелөөнү эки деңгээлде сунушташат [178]: д*искурсивдик деңгээли* жана *баяндоо деңгээли.*

*1. Дискурсивдик деңгээл:* маанинин эң сырткы деңгээли, тексттин маанисин ачыкка чыгаруу же манифестация деңгээли деп да аталат. Бул деңгээлде кээ бир өзгөчөлөнгөн же спецификалык сөздөр талданат, грамматикалык бирдиктер, структуралар, сырткы формалар, тексттеги оңой байкалуучу жана көзгө көрүнүүчү өзгөчөлүктөрү камтылат. Бул деңгээлдин негизги элементтерине төмөндөгүлөр кирет:

*а) фигуративдик / образдык компоненттер:* тексттеги сырткы табигый, материалдык дүйнө менен байланышкан элементтер, б.а. образ. Образдуу реалдуулук, адамзатынын сезүү системасынын баары толук катышкан – көрүү, жыттоо, угуу, даамдоо, кармоо, сезүү образдуу реалдуулукту түзүп турган нерселердин баары жогорку деңгээлди түзөт. Ага карама каршы коюлуучу концептуалдуу абстрактуу ички дүйнө төмөнкү деңгээлди түзөт.

Мисал катары Жыпара Исабаеванын "Аял (Бүтпөс монолог)" [564] / *A Woman (Never-Ending Monologue)* [599, 67-74-бб.] аттуу ырында көрсөтүлгөн функцияларды алсак болот:

| *Аял (бүтпөс монолог) (Ж. Исабаева)* [564] | *A Woman (Never-Ending Monologue)* [599, 67-74-бб.] |
|---|---|
| *Ким айтат,*<br>*аялдарды – алсыз деп?*<br>*Аял – жеңил,*<br>*акылы аз, арсыз деп?*<br>*Аял – шайтан,*<br>*аял деген – азгырык,*<br>*Бузуку иштер*<br>*болбойт болчу ансыз деп?!.*<br>*Аял дайым:*<br>*“Баатырым!” – деп дем берип,*<br>*Турганы үчүн*<br>*сакасы айкүр, чик түшкөн!* [564] | *Who says that*<br>*a woman is weak?*<br>*Being a woman is a virtue,*<br>*With intelligence, though meek.*<br>*Who says a woman's a devil,*<br>*a temptation, a misdeed?*<br>*Without her, they claim,*<br>*such acts wouldn't proceed.*<br>*She calls him "my hero,"*<br>*And stirs his resolve,*<br>*Ensuring his victory,*<br>*His problems dissolve.* [599, 67-74-бб.] |

Ырда алты негизги актанттар же ролдор талданат: *субъект, объект, конфликт, жардамчы, жөнөтүүчү, алуучу.*

*Субъект* (башкы каарман) жана *объект* (башкы каармандын максаты): ырдагы башкы каарман аялдын (субъекттин) коомдук күтүүлөрдүн жана жеке кыйынчылыктардын алкагында *“Ким айтат, аялдарды – алсыз деп?”* деген саптар менен өзүнүн инсандыгын жана ролун (объектисин) түшүнүүгө жана кайра аныктоого умтулуп жатканы көрсөтүлөт.

*Конфликт:* аялдын өзүнүн чыдамкайлыгы өзүнө каршы турган аспект катары чагылдыруусунда туруп, аялдардын күчүн жокко чыгарган коомдук стереотиптердин карама-каршы күчтөрүн баса белгилейт: *“Алтын баштуу аялдардан, Бака баштуу эркектерди артык...” – деп...”*. Ыр аялдын өзүнүн жашоосу жана башынан өткөн окуялары жөнүндө ой жүгүртүп, аялдын акылмандыгын жана түшүнүктөрүн (жөнөтүүчү катары) окурманга жана келечектеги муундарга (алуучуга) жеткирүү менен аяктайт. Котормодо алты актанттын сакталышы, мисалы, фразеологиялык сөз айкашынын идиома катары берилиши, ырдын маанисинин жеткиликтүү которулганын көрсөтөт.

Таблица 2.12 – *Фигуративдик / образдык компоненттер*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түшүндүрмө |
|---|---|---|
| *“Алтын баштуу аялдардан – Бака баштуу эр артык...” [564]* | *"Better a man of straw than a woman of gold" [599, 67-74-бб.]* | Кыргыз тилинде *“бака баштуу эркек”* түшүнүгү англис тилине *“самандан жасалган эркек”* түшүнүгүнө байланыштуу котормодо эквиваленттүүлүк сакталган. |

Образдуу компоненттерди иликтөө үчүн тексттеги лексика, анын полисемиялык мааниси, сөздүк курамы каралып, андагы маанилүү лексикалык, семантикалык талааларын табуу зарыл болот, мындай группаларга бөлүштүрүү процесси *изотопия* деп аталат. А.Ж. Греймастын аныктамасы менен изотопия бир эле категорияга кирген элементтердин ашыкча колдонулушу эсептелинип, *“тексттеги көп маанилүүлүктү чечмелөө үчүн ошол эле тексттеги семантикалык категориялар, сөз айкаштарынын кайталанышын изилдеп, анын жалпы маанисин түшүнүүдө колдонуу”* болуп саналат [325]. Греймастын айтуусунда *“текст белгилер түрүндө берилет, анын көптөгөн образдык фигуративдик изотопияга дискурсивдик жактан бөлүктөргө бөлүнүшү*

*белгиленүүчүнүн сырын табуу үчүн белгилөөчүнү изилдөө”* деп берилген [325]. Семантикалык изотопия фразанын, фразалык бирдиктердин, абзацтын же тексттин деңгээлинде боло алат [297]. Лингвистикада изотопия тема, байланыштуулук, когезия, когерентность, бүтүндүк сыяктуу лингвистикалык элементтерден сырткаркы билүүнү талап кылуучу көп аспекттүү көрүнүш катары эсептелинет, ошондуктан изотопияны изилдөө үчүн психолингвистика, философия, культурология, семиотика, психология сыяктуу гуманитардык билим менен байланыштыруу тексттин көп аспектилерин кеңири изилдөөгө жол ачат. Изотопияны интерпретациялоодо төмөндөгүдөй суроолорго жооп ала алабыз: *Белгилер тексттин ичинде кандай тараган? Кайсынысы доминанттык ролду аткарат? Ушул деңгээлде оппозицияны бөлүп карай алабызбы?* Ушул сыяктуу суроолорго жооп берүү менен интерпретациялоо тексттин тематикалык маанисин табуунун орчундуу маселелерин чечүүгө көрсөтмө берет [297].

*"Аял (бүтпөс монолог)"* аттуу поэмасындагы изотопия аялзатынын күчү жана өзүн-өзү курмандыкка чалуусу жөнүндө ой жүгүртүүсүнүн тематикалык биримдигин бекемдөөдө маанилүү ролду ойнойт. Изотопия, семантикалык талаалардын кайталанышы, аялдын күчү, курмандыгы жана идентификациясы сыяктуу кайталанма мотивдерден көрүнүп турат. Мисалы, коомдогу аялдарды алсыз деп кабыл алуусун өзүнүн чыдамкайлык тажрыйбасы менен карама-каршы коет.

Таблица 2.13 – *Изотопия*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| *Алдастадым,<br>алыс-алыс талпындым,<br>Мойнума анан<br>чаар баштыкты<br>артындым! Орусия,<br>Европа, Корея,<br>чет жерлерде<br>Канча өмүрүм<br>калтырдым<br>[*564*]* | *It pains me deeply,<br>I spread my wings wide,<br>Placing a striped bag<br>Upon my shoulder with<br>pride.<br>To Russia, Europe, Korea,<br>I traveled far and wide,<br>How many years of my life<br>In foreign lands reside?<br>[599, 67-74-бб.]* | Өзүн-өзү курмандыкка чалуу изотопиясы ден соолугун, жаштыгын жана сулуулугун элдин жыргалчылыгы үчүн жасаганы кайталанган сөз айкаштарында кездешет. |

Аялдын өзүн-өзү курмандыкка чалуу табиятынын изотоптук талаалары (*адеп-ахлак, баатырым, кечир шерим*, *садага чаап*), сүйүү, энелик сезим жана улуттук идентификация темалары үзгүлтүксүз кездешет. Ырдын негизги идеясынын кайталанышы монологдун ой жүгүртүүсүн бириктирип, аялдардын эч ким баалабаган туруктуулугун жана эмоционалдык тереңдигин белгилеген катмарлуу баяндоону жаратат. Бул изотоптук структуралар аркылуу поэма аялдардын эмоционалдык жана коомдук күрөшүн биринчи орунга коет, ошол эле учурда алардын өздүк, көбүнчө таанылбаган күчүн бекемдейт.

Актанттык семиотикалык талдоо ырдагы коомдук күтүүлөр, жеке курмандыктар жана өзүн-өзү сыйлоого жана таанууга умтулуу аркылуу аял үчүн өзүн-өзү таануу жана интроспекция саякаты катары ачылуусу тастыкталат. Ар бир сапта аялдын жашоосунун ар кандай кырларын ачып берет - анын стереотиптерге каршылык көрсөтүүсү, жубай жана эне катары умтулуулары, мурас жана инсандык жөнүндө ой жүгүртүүсү баяндалат. Греймастын актанттык моделин колдонуу менен биз поэманын ар бир элементи анын баяндоо түзүлүшүнө кандай салым кошуп жатканын системалуу түрдө аныктай алабыз, аялдын ички жана тышкы дүйнөсүнүн татаалдыктарын ачып көрсөтө алабыз. Бул талдоо поэманын тематикалык катмарларын коом жана жеке тажрыйба контекстинде аялдын өнүгүп келе жаткан ролун аныктоого жардам берет. Поэтикалык тексттин ичиндеги негизги ролдорду же актанттарды жана алардын мамилелерин аныктоо аркылуу баяндарды талдоо үчүн структураланган жолду камсыз кылат [481].

## 2.3. Аялдар поэзиясын которуу стратегиялары жана методдору

*Поэзияны которууда котормо ыкмалары*

Көп деңгээлдүү анализ котормонун тактыгын жогорулатат: котормонун тактыгын түшүнүү үчүн ар кандай котормо моделдери аркылуу поэзияны талдоонун маанилүүлүгүн көрсөтүүгө болот. Мисалы, тилдик бирдиктердин (семантика, синтаксис жана идеялар) ар кандай деңгээлдери котормого жана чечмелөөгө кандай таасир этерин көрсөтөт. Ошо сыяктуу эле, Кэтфорддун

системалык функционалдык лингвистика модели фонологиядан дискурска чейинки структуралык өзгөрүүлөрдү жана эквивалентти бир нече деңгээлде изилдөө үчүн алкакты камсыз кылат. Бул көп деңгээлдүү ыкма котормолордун сөзмө-сөз маанисин гана билдирбестен, түп нускадагы тексттин структуралык жана функционалдык аспектилерин да сактап калууну камсыз кылат. Динамикалык эквивалент жана маданий адаптация өтө маанилүү, котормодо функционалдык эквивалентке жетүү зарылдыгын белгилеп, түп нускадагы ырдын эмоционалдык жана эстетикалык таасирине басым жасайт. Котормолор түп нускадагы стилистикалык жана образдык элементтерди сактап, котормо тексттин максаттуу аудиторияга таасир этип, түп нусканын максатын жана экспрессивдүү сапатын сактап калуусун камсыз кылат.

Структуралык лингвистикага негизделген Соссюрдук ыкма котормодо лексика, синтаксис жана билдирүүнү өз алдынча талдап, түз жана кыйыр которуу ыкмаларына басым жасайт [413]. Дагы бир маанилүү модель - бул котормо теориясынын кеңири тилдик принциптери менен байланышын изилдеген “системалык функционалдык лингвистика” [413]. Динамикалык ыкма мультидисциплинардык контекстте котормо процессин моделдөө үчүн антропология, психология жана башка тармактардагы түшүнүктөрдү камтыйт [413]. Психолингвистикалык ыкма котормонун когнитивдик аспектилерин изилдеп, лингвистикалык концепцияларды колдонуу менен которууда тартылган психикалык процесстерди түшүндүрөт [413]. Ошол сыяктуу эле, когнитивдик лингвистика кубулуштарды түшүндүрүү үчүн когнитивдик теорияларды колдонуп, котормо универсалдарын жана өзгөчөлүктөрүн изилдейт. Релеванттык теория тилдер аралык байланыштын өзгөчөлүктөрүн аныктап, ар түрдүү тилдик касиеттерге ээ тилдердин ортосундагы кыйынчылыктарды изилдейт [413]. Лингвостилистикалык талдоо ырды көп өлчөмдүү изилдөөгө мүмкүндүк берет, ал ар кандай маани, форма жана мазмун катмарларынын өз ара аракеттенүүсүнө көңүл буруп, бирдиктүү көркөм чыгарманы талдайт. Анда поэзиянын тилдик, адабий, психологиялык, структуралык жана тематикалык аспектилери анын көркөм баалуулугуна жана окурманга тийгизген таасирине

кандайча салым кошору көрсөтүлөт [476]. Кыргыз аялдар поэзиясынын англис тилиндеги котормолорун талдоодо сегиз котормо ыкмасы колдонулду:

Таблица 2.14 – *Поэзия котормолорун талдоо ыкмалары*

*1. Тилдик бирдиктердин лексикалык, семантикалык жана синтаксистик деңгээлдери*

Виней менен Дарбелнеттин Соссюрдук лингвистиканын негизинде пайда болгон котормо ыкмасы котормодо стилдин жана тандоонун маанисин изилдейт [521]. Алар тилди үч деңгээлге бөлүшөт: лексика, синтаксис жана контекст (маалымат): синтаксис эрежелерди сактаса, лексика жана маалымат тоналдык (адабий тил) жана функционалдуулук (адистештирилген жаргондор) сыяктуу тандоолорду камтыйт. Алар Соссюрдук түшүнүктөрдү колдонуусуна тил жана пароль, тилдик белгинин концепцияларын (signifié) жана акустикалык же визуалдык образдын (маанилүү) кош табиятын камтыйт. Алар котормонун

контексттик мүнөзүнө басым жасашат, ошондуктан контекстти эске албай туруп, тике сөзмө-сөз которууга каршы турушат [521].

Виней жана Дарбелнет котормо бирдиктери түшүнүгүн аныктап, кормонун негизи катары жеке сөздөрдү эмес, айтылуучу сөздөрдүн сегменттерин эске алууну сунушташат. Алар түз жана кыйыр которууну эки башка котормо ыкмалары катары айырмалап карашат: түз жана параллелдүү түзүлүшү бар тилдер үчүн түз жана эркин которууга жол берүү, сөзмө-сөз которуу, транспозиция, модуляция же адаптацияны талап кылган кыйыр которуу ыкмалары да изилденген [521]. Алар идиомаларды жана туруктуу сөз айкаштарын которууда эквиваленттүүлүктү табууну максат коюу зарыл экенин эскертишет, мында түп нусканын тил түшүнүгү максаттуу маданиятка бейтааныш болгондо адаптация зарыл болуп калаары эске алынат. Фатима Абдалованын “Мен апамды көйнөгүнөн тааныгам” [532] аттуу ырын үч деңгээлде талдоо менен төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр аныкталды.

Таблица 2.15 – *Тилдик бирдиктердин лексикалык деңгээли*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| *Мен дүйнөнү апам менен тааныcам,*<br>*Мен апамды көйнөгүнөн тааныгам.*<br>*Тирүү болчу көйнөгүнүн гүлдөрү,*<br>*Баскан сайын бажырайып ачылган.*<br>*(Ф. Абдалова)* [532] | *Through my mother, I discovered the world,*<br>*And through her attire, I knew my mother.*<br>*Flowers adorned her dress, vibrant and alive, Blossoming with every step, she took.* [572, 55-б.] | Метафора → метафора<br>SOB (Subject-Object-Verb) → SVO (Subject-Verb-Object)<br>Эки компоненттүү сөз айкашы (эпитет) → бир компоненттүү сөз (метафора) |

Лексикалык деңгээлде *тирүү / alive* метафоралык мааниге ээ, англис тилине *vibrant and alive* деп которулуп, жандуулук идеясын сактап калган.

Кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн түзүлүшү SOB (Subject-Object-Verb), ал эми англис тилинде SVO (Subject-Verb-Object) деп берилет. Котормонун синтаксистик өзгөрүшү англис тилинде табигый түзүлүштү жаратып, түп нускадагы маанини да сактап калууга мүмкүндүк берет.

Семантикалык деңгээлде *бажырайып ачылган* деген сөз айкашы метафоралык мааниге ээ, бул эне басып баратканда гүлдөр гүлдөп жаткандай

сезилгендигин билдирет. Котормодо бул метафора *blossoming (гүлдөө)* деп которулуп, жашоо метафорасын чагылдырат, бирок англис тилинин табигый контекстине туура келүү менен маанини толуктайт.

Кэтфорддун котормо теориясынын системалуу функционалдык багыты лингвистикалык теорияны котормо практикасы менен интеграциялоого басым жасайт. Ал котормо түпкүлүгүндө бир тилден экинчи тилге текстти алмаштырууну камтыган лингвистикалык операция экендигин баса белгилеп, жалпы лингвистикалык теориянын бекем негизин талап кылат [250].

Кэтфорддун котормо теориясы М. Халлидейдин системалык функционалдык грамматикасынын [328, 332, 333] таасири астында тилди бир нече формалдуу деңгээлдерде - фонология/графология, грамматика жана лексика боюнча структуралоо менен түзүлгөн [250, 3-б.]. Анын теориясы тилдик бирдик, структура, класс жана система сыяктуу фундаменталдык тилдик категорияларды камтыйт жана иерархиялык масштабда иштейт. Мисалы, сүйлөмдөн морфема деңгээлине чейин жана фонологиядан дискурс деңгээлине чейин бул категориялар котормо эквиваленттүүлүгүн жана өзгөрүүлөрүн талдоого шарт түзөт [250, 7-б.].

Лексикалык деңгээлде терминдин лексикалык курамын аныктаган коллокация топтомдор боюнча каралат [250, 10–11-б.]. Котормолордун түрлөрү котормо эквиваленттүүлүгүнүн даражасына (толук же жарым-жартылай), деңгээлине (жалпы же чектелген) жана даражасына (сүйлөмдөн сүйлөмгө, сөзмө сөз) жараша классификацияланат [250, 20–24-б.] .

Котормонун эквиваленттүүлүгү, Кэтфорддун ою боюнча, “сүйлөмдүн кеп-функцияга түздөн-түз байланышы үчүн чечүүчү мааниге ээ экендигин” көрсөтүп, түп нуска жана котормо тил тексттеринин берилген ситуациялык контексттеги өз ара алмашылышын билдирет [250, 27-29-б.].

Кэтфорд түп нускада формалдуу өзгөчөлүктөрдү, котормо тилде функционалдык эквиваленттери жок сөздөрдү, тилдик жана маданий которулбоочулук сыяктуу көйгөйлөрдү талкуулайт [250, 94-99-бб.]. Ал бул

маселелерди чечүү үчүн коллокациялык кыскартууга болот деген пикирин билдирет [250, 102-б.].

| ***Адам сыры*** *(Н. Бөдөшева) [554]* | ***Human Being's Features*** *"* [573, 290 б.] |
|---|---|
| *Күн бүркөлүп жаяса жамгыр,*<br>*Күз келгенин билдирер.*<br>*Муңга чөгүп жүрсө адам,*<br>*Мунун сырын ким билер.*<br>*Көзү күлүп жаркылдаса,*<br>*Көңүлдө кир жок дейбиз.*<br>*Сөздөрүнөн чок ыргыса,*<br>*Кайгы билбес шок дейбиз. [554]* | *When the sky is adorned with clouds,*<br>*It's a sign of impending fall,*<br>*But when a person is filled with sorrow,*<br>*Who knows the reason for their pain?*<br>*If they smile with shimmering eyes,*<br>*We assume they possess a pure heart,*<br>*Speaking words of cheer to all,*<br>*We label them as happy and joyful.* [573, 290 б.] |

Нурбүбү Бөдөшеванын "*Адам сыры*" [575] / *"Human Being's Features"* [573, 290 б.] аттуу ырын которуудагы өзгөрүүлөр:

1) Деңгээлдик өзгөрүүлөр

Бир тилдин грамматикасы башка тилдин лексикасы аркылуу билдирилгенде, деңгээл өзгөрүлүүсү пайда болот. Грамматика жана маани деңгээлиндеги айрым өзгөрүүлөр төмөндөгүдөй:

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Деңгээлдик өзгөрүү |
|---|---|---|
| *Күз келгенин <u>билдирер</u>* | *It's <u>a sign</u> of impending fall.* | Этиш → зат атооч |

2) Структуралык өзгөрүүлөр

Кыргыз тилиндеги грамматикалык структура күздүн келишин билдирет, ал эми англис тилиндеги котормо мезгилдик өзгөрүүнү жана анын эмоционалдык контекстин чагылдыруу үчүн лексикалык жана метафоралык сөз айкашын (impending fall) колдонот.

Таблица 2.16 – *Структуралык өзгөрүүлөр*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| *Көзү күлүп жаркылдаса, <u>Көңүлдө кир жок дейбиз. [554]</u>* | *If they smile with shimmering eyes, <u>we assume they possess a pure heart.</u> "* [573, 290 б.] | Структуралык өзгөрүү: абстрактуу түшүнүк → ат атооч |

Структуралык өзгөрүү түп нусканын грамматикалык түзүлүшү котормо тилден айырмаланганда пайда болот. Англисче котормодо "ичинде кири жок" (метафоралык) идиомасы англис тилине "possess a pure heart" ("таза жүрөккө ээ

болуу") идиомасы менен которулган. Кыргыз тилиндеги метафора англис тилиндеги атоочтук сөз айкашы менен которулат, бирок грамматикалык өзгөрүү контексттик жактан эквиваленттүү структурага алып келет.

2) Класстык өзгөрүүлөр

Таблица 2.16 – *Сөз түркүмдөрүнүн өзгөрүшү*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| *Сөздөрүнөн чок ыргыса, Кайгы билбес шок дейбиз. [554]* | *Speaking words of cheer to all, we label them as happy and joyful. ”* [573, 290 б.] | Класстык өзгөрүү Этиш → зат атооч |

Кыргыз тилиндеги *"чок ыргыса" ("sparks fly")* деген этиш англис тилиндеги *"words of cheer"* деген зат атооч сөз айкашы менен которулган.

*2. Поэзияны которуунун эквиваленттүүлүк ыкмасы*

Мона Бейкер “Котормонун сапатын баалоо” (TQA) боюнча жаңы көз караштарды камтыган эквиваленттердин таксономиясын сунуштайт [218]. Бул таксономия лингвистикалык жана коммуникативдик аспектилерди камтыйт, эквиваленттүүлүк сөз деңгээлиндеги эквиваленттүүлүктөн, грамматикалык жана тексттик эквиваленттүүлүк аркылуу, импликатура жана маданий өзгөчөлүктөрдү камтыган прагматикалык эквиваленттүүлүккө чейин каралган. Бул комплекстүү ыкма котормо таануудагы талаштуу тема болгон эквиваленттүүлүктүн татаалдыгын көрсөткөн теориялардын бири болуп саналат [218].

Мона Бейкердин котормо модели котормо сапатын түшүнүүгө жана баалоого структураланган изилдөөнү камсыз кылат. Анын моделинин борбордук бөлүгүн эквиваленттүүлүктүн алты түрү түзөт: *сөз деңгээли, сөз деңгээлинен жогору, грамматикалык, тематикалык жана сөздөрдүн иреti, бириктирүү жана прагматикалык эквиваленттүүлүк* [218]. Бул категориялар бир тилден экинчи тилге тексттердин маанисин жана түзүмүн ишенимдүү жеткирүүгө багыт алган котормочулар үчүн негизги принциптер катары кызмат кылат. Сөз деңгээлиндеги эквиваленттүүлүк айрым лексикалык элементтердин тууралыгын камсыздайт, ал эми сөз деңгээлинен жогору эквиваленттүүлүк тексттин ичиндеги кеңири структуралык элементтерди карайт [218]. Грамматикалык эквиваленттүүлүк тилдердеги ар түрдүү грамматикалык түзүлүштөрдөн келип

чыккан көйгөйлөрдү чечет, бул маанини сактоо үчүн грамматикалык өзгөртүүлөрдү талап кылат [218]. Халлидейдин регистр модели талаа, тенор жана режимди камтып, котормочуларга ар кандай коммуникативдик контексттерге ылайыкташтыруу менен которууга багыт берет [331]. Halliday (1985) тематикалык түзүлүштү изилдөөдө тема (Т) жана рема (Р) концепцияларына кеңири токтолот. Халлидэйдин айтымында, тема (Т) кабардын башталышы болуп саналат жана тексттин эмнеге байланыштуу экенин билдирет, ал эми рема (R) темадан кийинки жаңы маалыматты берет. Тематикалык прогрессия аркылуу тексттин ырааттуулугун талданып, (Т) негизги маалыматты берет, ал эми (R) жаңы маалыматты киргизет жана сүйлөмдөрдүн ырааттуу байланышышына салым кошоорун айтышат [331].

Таблица 2.17 – *Эквиваленттүүлүктүн таксономиясы" котормо модели*

| *Эквиваленттин түрү* | *Мазмуну* |
|---|---|
| Сөз деңгээли | Түп нуска тил (SL) менен котормо тилдин (TL) ортосундагы сөздөрдүн же лексикалык элементтердин деңгээлиндеги эквиваленттүүлүк. |
| Сөздөн жогорку деңгээлдеги эквиваленттүүлүк | Бул сөз айкашын которо албаган, бирок белгилүү бир маданий же контексттик маанилерди камтыган сөз айкаштарын, идиоматикалык туюнтмаларды жана коллокацияларды камтыйт. |
| Грамматикалык | Тилдердеги грамматикалык түзүлүштөр жана категориялар боюнча эквиваленттүүлүк, анын ичинде чак, сан, үн, жак жана гендер сыяктуу аспектилери. |
| Тексттик | Маалымат жагынан эквиваленттүүлүк жана баштапкы текст (СТ) менен максаттуу тексттин (ТТ) ортосундагы ырааттуулукту жана логикалык агымды камсыз кылуу. |
| Прагматикалык | Импликатураларды жана контексттик маанилерди эске алган эквиваленттүүлүк, котормодо болжолдонгон билдирүүлөрдүн жана түшүнүктөрдүн так жеткирилишин камсыз кылуу. |

Бурулкан Карагулованын *"Таагал тагдыр" [566] / "A Challenging Destiny"* [575, 41-б.] аттуу ыры Мона Бейкердин котормо теориясынын объектилери аркылуу талдоо үчүн биз ар кандай деңгээлдеги эквиваленттүүлүк, тематикалык түзүлүш жана когезия сыяктуу бир нече негизги аспектилерге токтолобуз [218].

***Татаал тагдыр*** (Б. Карагулова) *[566]*

*Жараткан – түстү бердиң, өңдү бердиң,*
*Түз жолду ыраа көрбөй, дөңдү бердиң.*
*Жаш кезде кучак толо арман бердиң,*
*Келбетти убактылуу жалган бердиң.*
*Жигиттер жалт эткире карашканда,*
*Турпатым түбөлүк деп адашкам да.*
*Жараткан – кайда сенин калыстыгың,*
*Бир чымчым бакытыңдан алыс кылдың.* [566]

***A Challenging Destiny*** [575, 41-б.]

*My Almighty, you bestowed upon me good looks,*
*But instead of a straight path, you presented me hills.*
*You burdened my youth with sorrows and struggles,*
*Leaving me with a temporary and false veneer.*
*When admirers gazed upon me with admiration,*
*I believed my appearance would endure eternally.*
*My Almighty, where is your justice in this?*
*You have kept me distant from a taste of happiness.* [575, 41-б.]

*а) Тематикалык структура*

Бейкердин модели боюнча тематикалык структура сүйлөмдөрдүн тема жана рифма жагынан кандайча структуралганы талданат. Ырдын башкы темасы тексттин ичиндеги ырааттуулукту камсыз кылат. Мисалы:

*My Almighty, you bestowed upon me good looks,*
*But instead of a straight path, you presented me hills.* [575, 41-б.]

Тема: *Жараткан / Almighty* (сыпат берүүчү, жаратуучу затты таанытуу).

Рема: *түстү бердиң, өңдү бердиң / you bestowed upon me good looks* (кандай сыпат берилгенин түшүндүрүү).

Түп нускада ырдын темасы катары *Жараткан*, рема катары ал берген *түс, өң, дөң* болуп саналат, ал эми котормодо тема *Almighty,* ал эми рема *"good looks, hills* берилип, тематикалык түзүлүш сакталганын, ошону менен бирге ырааттуулук сакталганын көрүүгө болот. Лингвистикалык теорияда, атап айтканда, системалык функционалдык грамматиканын контекстинде рема - тема жөнүндө жаңы же кошумча маалымат берүүчү сүйлөмдүн бөлүгү.

*б) Когезия:* тексттин ар кандай бөлүктөрүнүн ортосунда ар кандай тилдик каражаттар аркылуу түзүлгөн байланыштарды билдирет.

*Жаш кезде кучак толо арман бердиң,*

*Келбетти убактылуу жалган бердиң. [566]*

*You burdened my youth with sorrows and struggles,*

*Leaving me with a temporary and false veneer.* [575, 41-б.]

Ырдагы грамматикалык жана лексикалык когезия каражаттары ырааттуулукту түзүү үчүн кандайча колдонуларын төмөндөгү деңгээлде карайбыз. Грамматикалык когезия катары анафора колдонулган, мисалы, *"you"* деп ырдын башында берилген саптар, мисалы, *"My Almighty, you bestowed upon me good looks"* жана ырдын аягында келген саптар, мисалы, "*You have kept me distant from a small taste of happiness"* жана анын ырдын субъектисине "*My Almighty*" деп кайрылышы жараткандын адилеттүүлүгүн издөө тематикалык үзгүлтүксүздүктү сактоого жардам берет деп эсептесек болот.

Лексикалык когезия – кайталоо ырдын түп нускасында кайталанган сөз айкаштарынын котормодо да кайталоо менен берилиши ырдын ырааттуулугунун сакталганын көрсөтөт. Мисалы, *“My Almighty” "destiny," "trials," "sorrows"* сыяктуу жаратканга, тагдырга жана күрөшкө байланыштуу *«тагдыр», «сыноо», «кайгы»* сыяктуу сөздөр татаал жагдайлардын темасын көрсөтүүчү когезия катары кайталанат.

*в) Коллокация:* ыр ичиндеги ойлорду байланыштыруу үчүн колдонулат. Контексттик жактан байланышкан сөздөр жана сөз айкаштары, мисалы, *"sorrows and struggles," "distant from a small taste of happiness," "illuminate my path"* сыяктуу коллокациялар тематикалык түзүлүштү толуктоо үчүн бирге колдонулат.

Мона Бейкердин котормо теориясы тексттерди которуудагы кыйынчылыктарды түшүнүү үчүн комплекстүү негизди берет. Ар кандай тилдик деңгээлдердеги эквиваленттүүлүк, тематикалык түзүлүш жана когезияга көңүл буруу менен котормочулар түп нуска тексттин түз маанисин да, поэтикалык маанисин да сактап, көркөм котормонун татаалдыктарын эффективдүү ишке ашырууга шарт түзөт.

*г) Тематикалык структура:* түп нуска ырдын тематикасы кудайга жана тагдырга кайрылып, нааразычылыгын билдирип, алардын жагдайларынын адилеттүүлүгүнө шек келтирүү менен берилген. Мисалы, *“Жараткан – кайда сенин калыстыгың, Бир чымчым бакытыңдан алыс кылдың.” / “My Almighty, where is your justice in this? You have kept me distant from taste of happiness”* [575, 41-б.]. *Тема* биринчи кезекте жашоодо туш болгон кыйынчылыктарга жана адилетсиздиктерге каршы турууга багытталганы менен өкүнүчтү билдирет.

Ал эми *рема* катары өзүнүн кайрылуусунун же чакырыгынын чоо-жайы жана ой жүгүртүүсү берилип, өзүнүн сырткы көрүнүшү же сулуулугунун убактылуу гана берилишинен көңүл калуу сезимдерин билгизет, жараткандын кийлигишүүсүн сурануу да камтылган. Ачуу чындыкты айтуу менен эмне себептен айтып жатканын ремада түшүндүргөн.

Бурулкан Карагулованын *“Тагдыр” [566] / “A Challenging Destiny”* [575, 41-б.] аттуу ырында жашоонун адилетсиздиги жөнүндө сыры айтылып, мурунку жана азыркы тажрыйбасы жөнүндө конкреттүү ой жүгүртүүгө өтүүчү *тематикалык прогресс* камтылат. Ал жашоосундагы адилетсиздик тууралуу Теңирге кайрылуу менен баштап, андан кийин өзүнүн жашоосу, жана күрөшү жана жеңилиши тууралуу ой жүгүртүүгө өтөт:

| |
|---|
| *Тагдыр, тагдырдыгың кантейин,*<br>*Күйүп-күйүп кемегеңде от болдум.*<br>*Күйүтүмдөн ичип кетсем кеп кылат,*<br>*Түшүнүшпөй алысташкан досторум. (Б. Карагулова) [566]* |
| *Oh, Difficult Fate, how do I withstand your trials?*<br>*Once, I burned brightly, like a fire in your hearth.*<br>*Should I turn to drink as solace for my grief,*<br>*My friends may abandon me, unable to comprehend.* [575, 41-б.] |

Жаратканга жаш кезиндеги кыйынчылык, карыганда *“май тамыз чырагыма”* деген идиомалык сөз айкашы менен берилип, өчпөгөн үмүтү менен өтүнүчүн айтып аяктайт:

| |
|---|
| *Билем го берген жанды аларың бар,*<br>*Жан алып андан эмне табарың бар.*<br>*Жаш экем – бардыгына чыдадым да,*<br>*Май тамыз карыганда чырагыма. (Б. Карагулова)* [566] |
| *This soul was given by you, and you will take it back,*<br>*What will you do when you render me lifeless?*<br>*In my youth, I possessed the strength to endure troubles,*<br>*Now, in my old age, please, illuminate my path.* [575, 41-б.] |

“Татаал тагдыр” жашоодогу кыйынчылыктарга туш болгон акындын көзү менен курч жеткирилип, ачуу чындыкты айтып жалынуу менен үмүтүн үзбөстөн, дагы деле жараткандын адилеттүүлүгүн издөөнү тартуулаган ыр. Ырда жараткан берген *“өңдүү-түстүү келбеттин”* / *“you bestowed upon me good looks”* убактылуу гана берилиши менен башталып, жашоодогу тоскоолдуктарга *“Түз жолду ыраа көрбөй, дөңдү бердиң” “Жаш кезде кучак толо арман бердиң”* / *“But instead of a straight path, you presented me hills, You burdened my youth with sorrows and struggles”* жаш кезинен эле туш келип, бирок табияты дагы деле катаал боло албай *“Кайра баштан сүйүп калам”* / *“So, I may yet fall in love”* деген саптардай жүрөгү сүйүүгө толгон акындын ыры экени талданды.

Адилеттүүлүк, жашоонун экзистенциалдык маңызы жөнүндө терең тынчсызданууларды билдирүү менен түз кайрылуу, жеке ой жүгүртүү жана ачык метафоралардын аралашмасын колдонуу менен акындын ички конфликтин жана турмуштун катаал чындыктарын түшүнүүнү каалоосун ыр жана анын котормосу эффективдүү чагылдырат.

Таблица 2.18 – *Котормо эквиваленттери*

| Эквивлентүүлүк | Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|---|
| Сөз деңгээли | *Жаратканым →* | *My Almighty* | эки текстте тең бирдей түшүнүктү сактап турган сөзмө-сөз эквиваленттүүлүк |
| Сөз деңгээлинен жогору эквиваленттүүлүк | *Жигиттер жалт эткире карашканда* | *When admirers gazed upon me with admiration* | коллокация өзгөрүлүп, "суктануу менен караган" деген сөз айкашы бирдей маанини берет; "түз жол" каймана маанини сактайт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | *→ Түз жолду ыраа көрбөй* | *Instead of a straight path* | |
| Грамматикалык эквивалентүүлүк | *Билем го берген жанды аларың бар* | *This soul was given by you, and you will take it back* | келечектеги мезгил сакталып калган, бирок англис тилиндеги тактык үчүн субъект-объект түзүлүшү өзгөртүлгөн |
| Тексттик эквивалентүүлүк | *Май тамыз карыганда чырагыма →* | *In my old age, please, illuminate my path* | жарыктын метафорасы сакталып калган, бирок өзгөргөн |
| Прагматикалык эквивалентүүлүк | *Күйүп-күйүп кемегеңде от болдум →* | *Once, I burned brightly, like a fire in your hearth* | эмоционалдык интенсивдүүлүк, маданий жана контексттик мааниси сакталып калган, бирок очок метафорасы англис тилинде кеңейтилген |

*3) Обондуу ырларды которуу ыкмалары*

Обондуу ырларды которуу англис адабиятында 1990-жылдардан бери өзгөчө көңүл буруп келе жаткан адистештирилген тармак. Ырларды которууга мүнөздүү болгон негизги өзгөчөлүктөр, кыйынчылыктар жана башка маселелер талкууланып, бул жанрдын татаалдыгын поэзия котормосундагы татаал бөлүгү экендиги көрсөтүлөт. 1990-жылдардагы көрүнүктүү өзгөрүү музыка жана текст бирдиктүү, бөлүнгүс бир бүтүндүк катары каралуучу комплекстүү ыкма катары кабыл алынып баштаган. Обондуу ырларды которууда бир нече критерийлер чечүүчү мааниге ээ, анын ичинде *перформанс, аткаруучулук, сүйлөмгө дал келиши, дем алууга ыңгайлашуусу жана ырдоого ыңгайлуулугу* (performability, actability, speakability, breathability, and singability) [490, 113-б.]. Бул аспектилер которулган ырлардын музыкалык бүтүндүгүн сактап, аткарууга дал келүүсүн камсыздайт. Обондуу ырлардын тексттерин которууда ритм, рифма, риторикалык фигуралар, ар бир сапты аткарууда ыңгайлуулугун жана муундардын обонго дал келишинин маанилүүлүгүнө байланыштуу кыйынчылыктар жаралат. Ырлардын ар кандай түрлөрү алардын маңызын эффективдүү чагылдыруу үчүн так котормо стратегияларын талап кылат. Ырды которууда карама-каршы келген эки ыкма - “логоцентризм” жана “музыкацентризм”. Логоцентризм вокалдык музыкадагы сөздөрдүн үстөмдүгүн

баса белгилейт, ал эми музыкацентризм музыкалык аспектилерге басым жасап, көбүнчө тексттин маанисин төмөндөтөт. Которулган ыр оригиналдын эмоционалдык жана эстетикалык таасирин сактап, ошол эле учурда котормо тилде аткарылышы менен аудиторияга резонанс жаратышы керек.

Котормо таанууда обондуу ырлардын котормосу башка жанрларга салыштырмалуу аз көрсөтүлүп келген. Обондуу ырларды которууну изилдөө көркөм котормо, поэзиялык котормо, сахналык котормо, экрандык котормо сыяктуу башка чөйрөлөр менен кесилишет. Англис адабиятында 1990-жылдары музыкалык котормого, өзгөчө опералык котормого көбүрөөк көңүл бурулган. Сахналык котормо сыяктуу эле, музыка менен текстти ажырагыс объекттер катары карап, *"аткарууга жөндөмдүүлүк", "сүйлөөгө ыңгайлуу", "айтканга жеңил", "ырдоодо дем алууга оңой" жана "обонго салганга ыңгайлуу"* сыяктуу критерийлерге басым жасаган комплекстүү ыкмалар изилденүүдө [490, 113-б.].

Поэзиянын музыка менен байланышкан жанр опера, 400 жылдык искусство түрү, баянды жакшыртуу үчүн музыка менен драманы бириктирет. Операнын котормосун либретто, музыка жана аткаруунун синтези катары карап, "дем алуу" жана "ырдоо" сыяктуу критерийлерге басым жасайт [490, 113-б.]. Обондуу ырларды которуунун татаалдыгы талкууланып, музыкалык ноталарды тиешелүү муундар менен шайкеш келтирүү жана ономатопетикалык элементтерди сактоо үчүн муундар, рифмалар жана башка поэтикалык элементтердин сакталышын талап кылуучу жанр экендиги айтылган [490, 235-б.]. Обондуу ырлардын котормочулары музыка, вокалдык техника, просодия, рифма жана чет тилдер боюнча билимди талап кылган музыкалык ноталар менен маанини бириктирүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилешет [490, 318-б.]. Котормочулар чет элдик ырлардын ритмдерине дал келтирүүдө жана ар кандай тилдик структураларга ыңгайлашууда кыйынчылыктарга туш болушат. Лингвистикалык маалыматты музыкалык жана риторикалык элементтер менен тең салмактуу стратегиялар катары талкуулашат, кормонун семантикалык жактан так жана музыкалык жактан синхрондуу болушун камсыз кылуу котормочунун башкы милдети катары саналат [322, 124-б.]. Ритм жана

рифмадагы ийкемдүүлүк, мисалы, рифмадан тышкары жана жарым рифманы колдонуу котормочуларга тексттен сырткары эквиваленттүүлүксүз строфа формаларын түзүүгө мүмкүндүк берет [209, 310-б.]. Обондуу тексттерди которууда тексттерди мультимедиялык текст катары кабыл алып, жалпы лирикалык форма үчүн чечүүчү маанаге ээ деп эсептеп, сөздөрдү музыка менен интеграциялоого басым жасалаары айтылат [282, 155-б.].

Обондуу ырларды которуу текстти бир тилден экинчи тилге которууда ритм жана рифма сыяктуу факторлорду эске алуу менен музыкага ылайыктуу текстти түзүп чыгуусу талап кылынат. Питер Лоу ырдын котормосунун татаал өзгөчөлүктөрүн «ырдагы ритмдер, ноталардын баалуулуктары, фразалар жана стресстер» [406, 185-б.] деп аныктайт. Обондуу ырлардын котормолору музыка которулган текстке ылайыкташтырылып жасалган деген “акылдуу иллюзияны” жаратышы керек [406].

Обондуу ырларды которуу боюнча Лоу (2005) Скопос теориясынын негизинде "Пентатлон принциби" аттуу методологиялык ыкманы сунуш кылат [406]. Бул принцип беш критерийди тең салмакта кармап, котормонун ийгилигине жалпы баа берүүгө мүмкүндүк берет: *"ырга жөндөмдүүлүк, сезимдүүлүк, табигыйлык, ритм жана рифма" / “singability, sense, naturalness, rhythm and rhyme”* [406, 185-б.].

Лоу котормодо “аткаруучулук” - “performability” критерий тез айтканга же ырдоого мүмкүн болгон оозеки текст сыяктуу эффективдүү иштеши керек дегенди түшүндүрөт [406, 192-б.]. Ал англис тили жабык үндүү жана үнсүз топтордун айынан көп кыйынчылыктарды жаратаарын белгилейт. Мисалы, “strict” - "катуу" деген сөз эң жакшы семантикалык чечимди бере алат, бирок анын үнсүз тыбыштары айтканга оор болуп, түзүлүшү ырдоону кыйындатат, андыктан котормочу кээ бир семантикалык жоготууларга карабастан үн чыгарууга оңой болгон “tight” " дегенди тандашы керек деген оюн билдирет [406].

Обондуу ырларды которуу жөн гана текстти которуудан тышкары олуттуу кыйынчылыктарды камтыйт, которулган текст музыкага туура келишин талап

кылат. Лоу музыкалык каражаттар менен өзгөчөлөнгөн сөздөр, мисалы, бийик тондуу же фортиссимосу белгиленген сөздөр (high pitch / fortissimo) бирдей деңгээлде которулуш керек экенин айтат [406, 193-б.]. Бул принцип поэзиядагы риторикалык фигуралардын маанилүүлүгү менен эле бирдей деңгээлде турат [406, 118-б.]. Сезимге басым жасоо критерийи үчүн Лоу тактык ("acceptable accuracy") талап кылынарын айтып, маанисин жеткирүү маанилүү бойдон калганы менен, ырды которуунун чектөөлөрүнөн улам кандайдыр бир манипуляциялар зарыл экенин көрсөтөт [406, 194-б.].

Ал эми “табигыйлык” критерийи абдан маанилүү, анткени обондуу ырдын тексттери укканда эффективдүү баарлашууга тийиш [406, 195-б.]. Муну Аптер (1985) [209] жана Голомб (2005) [322] да колдойт, алар обондуу ырлардын котормолорунда табигыйлыктын маанилүүлүгүн баса белгилешет. Ритмге келсек, Лоу бирдей муундардын санын сактоо зарыл экенин белгилейт, бирок дал келбей калганда ар кандай оңдоолор талап кылынышы мүмкүн экенин эскертет [406, 197-б.]. Ал ошондой эле үндүү жана үнсүздөрдүн узундугун жана айтуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарылдыгын белгилейт.

Лоу рифма ырдын жалпы музыкалуулугун сактоого караганда өтө маанилүү эмес экенин белгилейт [406, 198-199-бб.]. Лоу ырларды "логоцентрдик" жана "музыкоцентрдик" түргө бөлөт. Жорж Брассенстин ырлары сыяктуу логоцентрдик ырларда сөздөр ырга же ритмге караганда мааниге артыкчылык берет [406, 200-б.]. Музыкалык мүнөзү жогору ырларда, мисалы, джаз, ырдоо жөндөмү сезим жөндөмүнөн жогору болушу керек деген оюн айтат.

Питер Лоу (2003) музыкага, обонго салынган поэтикалык тексттердин котормосун талдоо үчүн Скопос теориясын колдонот [406]. Бул тексттер оозеки жана музыкалык түрдө баарлашууну максат кылгандыктан, Лоу ырга ылайыктуу котормолорду жактайт. Ал тексттерди беш түргө бөлөт: аткаруучунун тексти, үн жаздыруу, программалык текст, оозеки текст жана ырдалган текст, анын ичинде суртитрлер жана субтитрлер. Ар бир тексттин түрү ар кандай котормо стратегиясын талап кылат: аткаруучу үчүн кыскартылган котормо, жаздырылган текст үчүн семантикалык котормо, программалык текст үчүн коммуникативдик

котормо, оозеки текст үчүн негизги котормо жана ырдалган текст үчүн ритм жана рифмалары ылайыкташкан котормо. Бул котормо музыканын өзгөчө ритмине, нотасынын баалуулуктарына, фразаларына шайкеш келиши керек, анткени ал котормо тилде ырды обону менен аткарууга багытталган.

Лоу мурда болгон музыканын чектелүүсүнөн улам ырдалган ырларды которуудагы кыйынчылыктарды баса белгилеп, англисче котормолордо кыска үндүү тыбыштарды жана үнсүздөрдүн кластерлерин азайтуу зарылдыгын айтат [406]. Котормонун максаты – “алгач булак тексти үчүн жазылганына карабастан, музыка ага жазылгандай угулуш керек” деп эсептейт. Аткаруучулукка басым жасоо көбүнчө котормонун музыкага туура келишин жана ырдалышын камсыз кылуу үчүн кандайдыр бир семантикалык тактыктан баш тартууну билдирет [406].

Питер Лоу [406, 109-б.] обондуу ырларды которууда критерийлерди иштеп чыгуу үчүн эффективдүү ыкма катары Скопос теориясына негиздеген, мында котормо тексттин конкреттүү функциясы котормонун функционалдуу болушуна чечүүчү ролду ойнойт. Обондуу ырларды которууда башкы маселе - аткарууга жеңил тексттерди түзүүгө басым жасоо. Тексттик жана музыкалык параметрлерди бирдиктүү аткаруунун өз ара көз каранды элементтери катары кароо менен котормонун биргелешкен элементтери колдонулат. Музыкалык котормо боюнча көптөгөн изилдөөлөр лингвистикалык жана музыкалык чектөөлөрдүн бар экендигин айтышса, кээ бирлери визуалдык жана акустикалык элементтерди камтыган мультимодалдык анализге өтүүнү чагылдырган маданий жана тарыхый контексттерди камтуу үчүн алардын масштабын кеңейтүү зарыл экендигин айтышат [371, 241-б.].

Обондуу ырларды изилдөөчү К. Кайндл (2005) популярдуу музыканы которуу үчүн социалдык-семиотикалык негизди сунуштайт, ырларды “mediated objects” катары кароо менен ортомчулук процесси котормолорду талдоодо негизги орунда турат [371]. Ал котормочуну ар кандай компоненттерди (музыка, тил, маданият) бириктирип, жаңы, бирдиктүү белгилөө системасын түзүүчү «бриколёр» (фр.) катары сүрөттөйт [371, 242-б.]. Котормочу - тил, музыка,

маданият жана стил сыяктуу ар кандай элементтерди чыгармачылык менен бириктирип, жаңы, бирдиктүү текстти түзгөн ар тапатуу котормочу катары айтылат. Бул ыкма тапкычтыкка жана ийкемдүүлүккө басым жасайт, анткени бриколёр алдын ала аныкталган ыкмаларды же конвенцияларды карманбастан, каалаган натыйжага жетүү үчүн ар кандай компоненттерди колдонот. Ал эми С. Саражева (2006) ырларды маданияттар аралык байланыш каражаты катары карайт, алардын символикалык маанисин түшүнүү үчүн Түркиядагы рембетиканын ар кандай маалымат каражаттары (CD, гезит макалалары) аркылуу чагылдырылышын изилдеген [500]. Анын талдоосу котормо жана кайра жазуу грек жана түрк жамааттарынын ортосундагы маданий ажырымдарды жоюуга кызмат кылаарын көрсөтөт [500, 276-б.]. Обондуу ырдын котормосу музыканы, тилди, аткарууну жана маданий контекстти эске алууну талап кылган мультимедиялык табиятынан улам көптөгөн тандоолорду камтыйт. Мюзиклдер, опералар же популярдуу музыкалар үчүн да ырларды которуунун татаалдыгы академиялык изилдөөнү талап кылат.

Азада Бегимкулованын *“Талантты сүйгөндөрдүн эсиндемин”* [552] / *“I Reside in the Memories of Talent's Admirers”* [572, 32-33-бб.] аттуу ырынын мисалында беш принциптин колдонулушун көрүүгө болот.

Таблица 2.19 – Обондуу ырларды которуунун принциптери

| *“Талантты сүйгөндөрдүн эсиндемин” (А.* Бегимкулова) [552] | *I Reside i n the Memories of Talent's Admirers”* [572, 32-33-бб.] | Пентатлон принциби |
|---|---|---|
| *Толгонуп толкундаба сезимдерим, (11 муун)*<br>*Тагдырга башымды ийген кезим менин. (12 муун)*<br>*Таалайсыз махабаттан өксүнбөгүн (11 муун)*<br>*Талантты сүйгөндөрдүн эсиндемин. (11 муун)* | *Do not hesitate, do not falter, my feelings, (12 муун)*<br>*This is the moment I surrender to my fate. (12 муун)*<br>*Oh, my dear, don’t suffer from unrequited love, (12 муун)*<br>*Those who appreciate my talent - remember me. (12 муун)* | *ЫрдалуусУ:* фонетикалык каражаттар, муундардын дал келүүсү (11→13), үндүү тыбыштардын басымдуулугу жеңил ырдоону камсыз кылат, мис., аллитерация (falter, feelings);<br>*Сезимге таасир берүүсү:* поэтикалык каражаттарды сактоо менен кайталоолорду, оңой, |

| | | |
|---|---|---|
| *Буркурап боздой бербе, сезимдерим, (11 муун)*<br>*Базардан кайтып калган кезим менин. (11 муун)*<br>*Баалабаса баалабас башка бирөө (11 муун)*<br>*Баркымды билгендердин эсиндемин. (11 муун) [552]* | *Stop weeping, my feelings, cease suffering, (10 муун)*<br>*It is when I returned and faded from fame. (12 муун)*<br>*If they choose not to appreciate, it is their choice, (12 муун)*<br>*I reside in the memories of those who value me.* (*13 муун* )<br>[572, 32-33-бб.] | жеңил, түшүнүктүү синонимдерин колдонуу;<br>*Табигый мүнөзү:* ыңгайсыз же расмий сөздөрдү колдонбоо;<br>*Ритми:* ырлардын ритми музыкага ылайык келүү үчүн кайталоо, рефрен жана муундардын дал келүүсүн колдонуу;<br>*Рифмасы:* табигый агымды сактоо үчүн ички рифмаларды колдонуу. |

Обондуу ырлардын котормосу пентатлон принцибинин беш элементин тең салмакташтыруусу зарыл. Котормодо сүйлөмдүн татаал түзүмүнөн жана узун сүйлөмдөрдөн жана көп муундуу сөздөрдөн алыс болууну талап кылат. Ритмге жана ырдын түзүлүшүнө ылайыкташтырылган өзгөрүүлөрдү киргизүү менен ырдын сезимге таасир берүүсү сакталат. Табигый мүнөзү котормонун жагымдуу угулушун жана англис аудиториясына жеткиликтүү болушун камсыз кылат. Ал эми ритм оригиналдын музыкалуулугуна дал келүү үчүн кандайдыр бир ийкемдүүлүк менен ылайыкташтырылат, ал эми рифмага эркин мамиле жасалып, ички рифмалар да колдонуу менен ырдын котормосунун музыкалуулугун жакшыртууга мүмкүндүк берет.

**Экинчи баптын кыскача жыйынтыгы**

Поэтикалык тексттерди которууда колдонулган ыкма жана стратегияларды талдоонун жыйынтыгында кыргыз поэзиясын англис тилине которууда түп нусканын көркөм бүтүндүгүн жана терең маанисин сактоо менен байланышкан бир катар көйгөйлөрдү аныктоого мүмкүндүк берген лингвостилистикалык жана лингвосемиотикалык методдор, ошондой эле котормо стратегиялары каралган. Аялдар поэзиясынын котормолорун изилдөөнүн лингвостилистикалык методдору – бул поэтикалык чыгарманын формасы, мазмуну жана функциясы менен өз ара аракеттенүүсүнө негизделген көп деңгээлдүү талдоо методологиясы катары түп нуска тилинин семантикалык, стилистикалык жана риторикалык өзгөчөлүктөрүн жана котормодо анын өзгөрүшүн изилдеген.

Лингвостилистикалык ыкмаларды колдонуу тилдик каражаттар көркөм эффектти кантип жаратаарын, чыгарманын маанисин билдирерин жана башка тилге которулганда текст кандай өзгөрүүлөргө дуушар болорун аныктоого жардам берээри талкууланган. Лингвостилистикалык беш этаптуу анализ (лингвистикалык, семантикалык, семиотикалык, метасемиотикалык жана метаметасемиотикалык) поэтикалык тексттин көп деңгээлдүү түзүлүшүн талдоо, тексттин лексика-грамматикалык түзүлүшүн, анын эмоционалдык-экспрессивдүү жана коннотативдик өзгөчөлүктөрүн эффективдүү курал экени далилденген. Бул чыгармалардын лексикалык жана синтаксистик өзгөчөлүктөрүн гана эмес, маданий, эмоционалдык жана философиялык аспектилерин да эске алууга мүмкүндүк берет.

Лингвистикалык, адабий, маданий, психологиялык, структуралык, тематикалык жана башка бир нече катмарга бөлүү ыкмасы кыргыз аялдар поэзиясынын көп түрдүүлүгүн изилдөөдө өзүнүн натыйжалуулугун далилдеп, поэтикалык тексттерди которууда поэтикалык жана маданий баалуулугун тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн маанилүү натыйжасы лингвосемиотикалык методдорду, анын ичинде семиотикалык белгилерди талдоо, белгилердин триадалык классификациясын жана поэзиянын мифтик деңгээлин талдоо ыкмаларын колдонуу болгон. Бул түп нуска тексттерде камтылган символикалык жана маданий маанилерди сактоого жана окурманга жеткирүүгө мүмкүндүк берет. Ч. С. Пирстин триадалык классификациясы поэзиядагы семиозду талдоо үчүн натыйжалуу колдонулуп, лирикадагы белгилердин когнитивдик эффекттерин жана өзгөчөлүктөрүн ачып бергени көрсөтүлгөн. Поэзияны талдоонун глоссематикалык методдору Луи Елмслевдин теориясы аркылуу поэтикалык тилди анализдөөгө структуралык ыкма, анын ичинде экспрессия жана мазмун деңгээлдеринин стратификациясы колдонулган. Умберто Эконун теориясы поэзиядагы символдорду жана образдарды талдоодо колдонула тургандыгы көрсөтүлүп, бул маанини чечмелөө жана кабыл алуу механизмдерин деталдаштырууга мүмкүндүк берээри талкууланган. Поэзияны анализдөөнүн

семиотикалык ыкмасын поэтикалык анализде колдонуу поэзияны изилдөөдө иконикалык системалардын маанилүүлүгүн жана алардын текстти котормодо кабыл алууга тийгизген таасирин тастыктоого жардам берет. Семиосфера ыкмасы маданий белгини сүрөттөө үчүн колдонулуп, тилдердин жана маданияттардын иштеши үчүн зарыл болгон уюшкан мейкиндик чөйрөсүн билдирет. Семиосфера маданияттагы символикалык процесстерге басым жасоо менен чыгармадагы семиотикалык жана семиотикалык эмес ааламды талдоону камтыйт.

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, кыргыз аялдар поэзиясын англис тилине которуу лексикалык тактыкты гана эмес, маданий, филологиялык жана символикалык өзгөчөлүктөрдү да терең эске алууну талап кылаары көрсөтүлгөн.

# 3-БАП. АЯЛДАР ПОЭЗИЯСЫНЫН КОТОРМОЛОРУН ЛИНГВОСТИЛИСТИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ

## 3.1. Кыргыз аялдар поэзиясынын котормолоруна лингвостилистикалык талдоо

Лингвостилистикалык жана семиотикалык анализге төмөнкү 36 акындын ырлары алынган: А. Абазова [531], Ф. Абдалова [532], С. Абдыкеримова [534], С. Акматбекова [540], Т. Адышева [535],Э. Ажыканова [537], Р. Айталиева [577], П. Алмаз кызы [542], Р. Аманова [543], Б. Арстанбекова [549], А. Бегимкулова [552], Н. Бөдөшева [554], А. Дегенбаева [577], Н. Жетикашкаева [558], Ж. Жамангулова [557], Р. Жуманазарова-Шакирова [560], К. Зарлыкова [561], Исабаева [564], Б. Карагулова [566], Р. Карагулова [567], Ш. Келдибекова [568], А. Кулишева [569], М. Мамазаирова [579], Ш. Мамбетаипова [580], М. Мамытова [581], М. Осмонкулова [584], Н. Осмонова [585], С. Орозобекова [582], Г. Шакирова [594], Б. Чотурова [592], А. Чойбекова [591], К. Тажиева [588], А. Темирова [590], А. Эгембердиева [598]. Кыргыз аялдар поэзиясынын англис тилиндеги котормолоруна лингвостилистикалык анализдин төмөндөгүдөй төрт ыкмасынын негизинде талдоо жүргүзүлдү:

Таблица 3.1. *Кыргыз аялдар поэзиясынын англис тилиндеги котормолорун талдоодо лингвостилистикалык ыкмалардын колдонулушу*

### 3.1.1. Лингвостилистикалык стратификация

Поэзиянын котормолоруна стратификациялык катмарлар аркылуу талдоо үчүн эки чыгарма алынды.

1) Биринчиси Ашира Кулишеванын *"Мен аялмын" [569] / "I Am a Woman"* [573, 422-423-б.] аттуу ыры жана анын котормосу болуп саналат. Талдоо жүргүзүүдө Хартман жана Ингардендин модели боюнча төмөндөгүдөй он катмар аныкталды:

*1. Лингвистикалык катмар*

Лингвистикалык элементтер катмары сөздөрдү тандоо, үн / дабыш каражаттары, фонетика, синтаксис жана стилистикалык каражаттарды камтыйт. Талдоодо бул элементтер кандайча уюштурулганы (мисалы, рифма схемасы, метр, аллитерация, ассонанс) жана ырдын түзүлүшү, формасы жана тилдик бирдиктери талданат. Түп нускада аллитерация жана ассонанс (*Кайра – кайра айта берип, каалаганын таптырган*) жана рифма (*жактырган, таптырган, бактырган*) жана ички рифма менен ритмикалык структураны түзөт. *Жаш баладай (like a child*) жана *каалаганын таптырган* (*finds what's needed*) сыяктуу сөздөр фонетикалык агымды жаратып, аялдын мүнөзүнүн жумшактыгын белгилейт. Ал эми англисче вариантында, рифманы компенсациялоо менен, *"Pampered like a small child"* жана *"She gives orders with compassion,"* деген

сыяктуу сөз айкаштары менен ритмикалык ырааттуулукту сактап, поэманын жумшак маанайын *л, ш* тыбыштары катышкан аллитерация менен сактап калган. Лингвистикалык катмар акындын сөз тандоо, дикция жана үн/дабыш каражаттарын маани берүүдө кандайча колдонгонун да талдайт.

Таблица 3.2 – *Лингвистикалык катмар*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Талдоо |
|---|---|---|
| *Мен аялмын! – Жаш баладай эркелөөнү жактырган,*<br>*Кайра – кайра айта берип, каалаганын таптырган.*<br>*Жумуш менен майда -чүйдө, алек болуп жүрсөда,*<br>*Буйрук берип жүрөгүнө, мээримдүүлүк бактырган.*<br>*[569]* | *I am a woman! – Pampered like a small child,*<br>*Reminding others again what is needed in time.*<br>*Though busy with work and life's little things,*<br>*She gives orders with compassion in her heart.*<br>*[573, 422-423-б.]* | Аллитерация<br>к→ l<br>Ассонанс а → i<br>Рифма → ички рифма |

*2. Адабий катмар (образдар)*

Түп нускадагы бинардык оппозиция аялдын күчтүү да жана алсыз да мүнөзү аркылуу карама-каршы образдар жана ролдор аркылуу көрсөтөт. Аял *"Жаш баладай эркелөөнү жактырган" / " pampered like a small child",* назиктикти жана көз карандылыкты символдоштурат, бирок ошол эле учурда *"Буйрук берип жүрөгүнө" / ""gives orders with compassion,"* деп, өзүнүн тарбиялоочу бийлигин көрсөтөт. Жумшактык менен күчтүн ортосундагы бул тең салмактуулук анын «*Өз ичине сыр сандыгы катылган" / "secret box hidden within*" экенин, жашоонун кысымына дуушар болгондо алсыз болуп, бирок зарыл болгон учурда кайраттуу экенин билдирет. Анын жүрөгү назик сезимдерге, кубанычка жана сүйүүгө толгон, ошондой эле *"катуу сыноолорго" / "bitter trials"* чыдап, кыйын кезде чыдамкайлыгын көрсөтө алат. Алсыздык менен күчтүн, назиктик менен катаалдыктын ортосундагы бинардык карама-каршылык аялзатынын көп кырдуу табиятын ачып берет, аялдын ички дүйнөсүндө бир эле убакта алсыздык менен күч гармониялуу жашай турганын чагылдырган ыр деп айтууга болот.

Таблица 3.3 – *Адабий катмар*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Талдоо |
|---|---|---|
| *Мен аялмын! -Өз ичине сыр сандыгы катылган,*<br>*Кээде турмуш кыстап турса, эрктүүлүккө батынган .*<br>*Назик сезим, күлкү сүйгөн, гүл каалаган жүрөгү ,*<br>*Тунук сүйүү, ачуу сыноо -бир мезгилде кабылган. [569]* | *I am a woman! – A secret box hidden within,*<br>*When life tightens, she finds the courage to be bold.*<br>*Tender feelings, a love for joy, a heart seeks flowers,*<br>*Pure love and bitter trials she faces in stride.*<br>*[573, 422-423-б.]* | Метафора → метафора<br>Персонификация → +<br>*A heart seeks flowers*<br>Контраст (салыштыруу) → + |

*3. Репрезентативдик катмарды (образдуу тил жана символдор) ы*рдагы физикалык же эмоционалдык абалын чагылдырган, сезимге багытталган сүрөттөөлөр, символдор жана дескриптивдик каражаттар түзөт. Мында абстракттуу түшүнүктөрдү же конкреттүү кырдаалдарды чагылдыруу үчүн кандай каажаттар колдонулаары талданат. Бул катмар окурманды ырдын дүйнөсү менен визуалдык, угуу жана символикалык сүрөттөөлөр аркылуу байланыштырат.

Түп нуска текстинде аялдын символун жана кыргыз каада салтты символдоштурган *"ак жоолугун салынган" / "adorned in a white scarf"* сыяктуу символикалык образдар колдонулат. Аял назик да, чыдамкай да, жашоодогу кыйынчылыктарды сезимталдыгы жана боорукердиги менен чече алат деген түшүнүктү берет. Ал эми котормодо бул символ *"adorned in a white scarf,"* деген сөз айкаштары менен сулуулукка, кооздукка көңүл буруу менен сакталып калган, бирок *"ак жоолук"* мааниси англис маданий контекстинде башка маани берет. Аялдын күчү жана жумшактыгы англисче текстте образдуу сакталып, анын эки жактуулугун көрсөтөт.

Таблица 3.4 – *Символдор катмары*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Талдоо |
|---|---|---|
| *Мен аялмын! –*<br>*Үлбүрөгөн ак жоолугун салынган,* | *I am a woman! –*<br>*Adorned in a white scarf,* | Символ *"ак жоолук"* →<br>Символ "*a white scarf"* |

| | | |
|---|---|---|
| *Түрдүү кырдаал, жагдайларга-этияттык камынган. Далай жолу үмүт менен ой кыялы- жанчылса, Кыялына – бир топ мүнөз, акылдуулук камтылган…[569]* | *Handling life's challenges with careful thought. Though her hopes, dreams have been crushed at times, Her mind is filled with wisdom and strength. [573, 422-423-б.]* | Түп нускадагы *ак жоолук* колуктунун, жубайдын символу катары берилген, бирок англис окурмандарына символ катары *ак* түс кабыл алынат, тазалыктын, аруулуктун символу. |

*4. Психологиялык катмар (эмоциялар жана маанайлар)*

Ырдын эмоционалдык жана психологиялык мазмунуна көңүл буруу менен эмоциялар жана маанайлар тил жана образдар аркылуу кандайча чагылдырылат деген суроолорго жооп изделет. Түп нускадагы ырда эмоциялык жактан алганда, ыр назиктикти, күчтү жана чыдамдуулукту чагылдырат. *"Мен аялмын"* деген сөз айкашы аялдын ким экендигин ырастап, эмоционалдык сыймыктануу маанайын жаратат. Ал эми англис тилиндеги котормодо *“I am a woman!”* деп сыймыктануу менен айтылып, аялдын мүнөзү, ички сыры, анын чыдамкайлыгы, акылмандыгы жана даанышмандыгы башкаларга тарбиялоо сезимдерин жаратып, ырдын психологиялык таасирин сактап, маанисин натыйжалуу жеткирет.

*5. Структуралык катмар (поэтикалык форма жана жанр)*

Ырдын формалдык аспектилери, анын ичинде анын жанры (мисалы, лирикалык, сонет, эпос) жана структуралык биримдиги талданат. Форманын мааниге кандай салым кошору (мисалы, жанр же форма теманы же маанайды кандайча чагылдырат) аныкталат. Бул катмар ырдын эстетикалык формасын талдап, ага шайкештик берип, тең салмактуулук кандай сакталганын изилдейт. Түп нускада ар бири төрт саптан турган үч строфалык структура. Ар бир строфанын башында *"Мен аялмын!"* деген сөз айкашынын кайталанышы ырдын рефрени катары кызмат кылат. Англисче котормо түп нускадагы ар бири төрт саптан турган структураны сактап, үч строфа менен чагылдырат, ар биринин башында *“I am a woman!”* деген рефрен сакталып, түпнуска менен котормонун ортосунда ырааттуулукту камсыз кылат.

*6. Тематикалык катмар (философиялык жана символикалык мааниси)*

Сүйүү, жашоо, өлүм, жаратылыш же инсандык сапат сыяктуу ырдагы темалар жана идеялар ырдын ар кандай катмарлары жана алардын өз ара аракеттенүүсү аркылуу кандайча чагылдырылаары талданат. Бул катмар ырдын философиялык, маданий же символикалык маанисин ачып берет, анын универсалдуу же жеке мааниси жөнүндө түшүнүк берет. Түп нускада аялзаты, анын жан дүйнөсүнүн күчү, сабырдуулугу, чыдамкайлыгы жана эмоционалдык абалы чагылдырылган. Ырда аялдын кимдиги же өздүгү маданий салттарга жана жеке күчкө байланыштуу, ал тарбиялоо жана чакырык маанайды түзүү аркылуу символдоштурулат. Аялзаты жөнүндөгү философиялык идеялар, алсыздык менен күчтүн ортосундагы тең салмактуулук натыйжалуу которулган, бирок айрым маданий символдор кыргыз эмес окурмандарга жеткиликсиз. Ырда бир нече универсалдуу философиялык идеялар, улуттук, жергиликтүү же жеке мааниге ээ идеялар, түшүнүктөр берилген: мисалы, “аялдын күчү анын алсыздыгында”, аялдын жумшактыгы ("кичинекей баладай эркелеген") менен анын жан дүйнөсүнүн күчүнүн ("кайраттуу, эрктүү, тайманбас") ортосундагы айырмачылык кыйынчылыктарга туш болгон чыдамкайлыктын универсалдуу түшүнүгү болуп саналат. Боорукерликтин жана бийликтин эки түрдүүлүгү: боорукердик менен буйрук берүүнүн тең салмактуулугу, жалпы эле инсандык абалга тиешелүү, боорукердик менен аралашкан лидерликтин универсалдуу идеясын чагылдырат. Сыноолорго туруштук берүү, эстүүлүк, чыдамдуулук жана кыйынчылыктар аркылуу акылмандыкка ээ болуу жеке өсүшүнүн универсалдуу сапатын жана жашоонун маанисин издөөнү билдирет. Ошондой эле кээ бир улуттук, жергиликтүү же жеке идеялар да камтылган, мисалы, *ак жоолук* символ катары колдонулган. *Ак жоолук* кыргыз маданиятында аялдын үй бүлөлүк бактысын түшүндүрсө, англис маданиятында аялдын кийими катары гана кабыл алынышы мүмкүн.

*7. Автордук катмар (автордун көз карашы)*

Автордун активдүү көз карашы, анын көркөм тилди колдонуусу, дүйнө таанымы жана идиостили талданып, автордун максаты менен ырдын таасиринин

ортосундагы байланыш изилденет. Түп нускада автор кыргыз аялзатынын портретин түзгөн, назиктикти күч менен аралаштырып, ошол эле учурда ак жоолук аркылуу маданий мураска басым жасайт. Анын максаты-кыргыз коомчулугундагы аялдардын көп кырдуу табиятын белгилөө менен аялды урматтап сыйлоого чакырык жасоо. Котормодо бул көз карашты сактап, автордун инсандыгынын эмоционалдык жана маданий аспектилерине көңүл бурулган.

*8. Эстетикалык катмар (көркөм жана эстетикалык баалуулук)*

Ырдын жалпы эстетикалык жана көркөм сапаты талданат. Бул катмар ырдын көркөм баалуулугун, аны сулуулуктун жана ой жүгүртүүнүн объектиси катары баалап, маанисин чечмелөөдө окурмандын ролуна басым жасалат. Түп нусканын эстетикасы лирикалык сулуулук менен эмоционалдык тереңдиктин тең салмактуулугунда, ритмикалык агым жана символикалык образдар аркылуу жетишилген. Бул чыгармачылык жөнөкөйлүгү жана эмоционалдык резонансы менен негизделген. Котормодо кээ бир ритмикалык сулуулук эмоционалдык жана символикалык каражаттар менен берилген. Англис тилиндеги эстетикалык жагымдуулук ырдагы эмоционалдуу, жандуу образдар менен түзүлгөн.

*9. Социалдык жана маданий катмарда (тарыхый жана социологиялык контекст)*

Бул контексттер ырдын темасына, формасына жана кабыл алынышына кандай таасир этери изилденет. Бул катмар ырды кеңири тарыхый жана маданий чөйрөгө байланыштырат, анын белгилүү бир социалдык же маданий учурларга тиешелүүлүгүн талдайт. Түп нуска аялдарга, алардын ролдоруна жана алардын үй-бүлө жана коом менен болгон байланышы аркылуу салттуу кыргыз баалуулуктарын чагылдырат. Ырдагы символдорду колдонуу маданий салттарга байланыштырат. Котормодо бул маданий элементтер сакталып калган, бирок бирдей салмакка ээ маанайды түзүү максатында котормодо негизги көңүлдү аялдардын туруктуулугуна, чыдамкайлыгына, универсалдуу мүнөзүнө бурат, бирок маданий маани универсалдуу мааниге өтөт.

*10. Интерпретативдик катмар (окурмандын көз карашы)*

Окурмандын чыгарманы чечмелөөсү жана түшүнүгү каралып, жеке тажрыйбасы, маданияты, тарыхы жана психологиялык абалы ырдын маанисин чечмелөөгө кандай таасир этери талданат. Бул катмар окурмандын ырдын маанисин биргелешип түзүүдө ролун баса белгилеп, ар бир окуу жаңы түшүнүктөрдү бериши мүмкүн экендигин аныктайт. Түп нуска текст кыргыз окурманы үчүн аялзаты, салты жана күчү аркылуу маданий жана эмоционалдык байланыштарды эске салат. Архетиптик интерпретация аялдын тарбиялоочу, чыдамкай архетибин чагылдырат, ал жашоодогу кыйынчылыктарды боорукердик жана кайраттуулук менен чагылдыраары айтылат. Феминисттик көз караштан алганда, ыр аялдарга коюлган татаал ролдорду жана күтүүлөрдү баса белгилеп, алардын эмоционалдык абалын жана коомдук кысымга карабастан жан дүйнөсүнүн күчтүүлүгүнө жана акылмандыкка болгон жөндөмүн көрсөтөт. Марксисттик анализ ырды аялдарга коюлган социалдык-экономикалык күрөш жана гендердик ролдорду чагылдыруу катары чечмелеп, алардын эмоционалдык жана физикалык эмгеги кандайча бааланбай тургандыгын жана капиталисттик алкакта жеке күчкө ээ болууга кандайча умтуларын ачып берет. Экокритикалык багыт ырдын табигый образдарына, мисалы, *“Назик сезим, күлкү сүйгөн, гүл сүйгөн жүрөгү”* деген саптагы гүлдөрдү сүйгөн жүрөккө көңүл буруп, аялдын жаратылыш менен болгон байланышы анын ички эмоционалдык маанайын жана чыдамкайлыгын кандайча чагылдырарын, аялдын жан дүйнөсү менен катаал тышкы дүйнөнү карама-каршы коюу менен изилдейт.

Стратификациялык изилдөө Ашира Кулишеванын “Мен аялмын” [569] */ “I Am a Woman”* [573, 422-423-б.] аттуу ырын жана анын котормосун талдоо ырдын лингвистикалык түзүлүшүн, стилистикалык, тематикалык жана маданий маанисин ачып берет. Котормо түп нусканын маңызын кандай деңгээлде сактап калганы жана маданий символдорду англис окурмандарына жеткиликтүү берүү жолдору талкууланган.

2) Лингвостилистикалык көп катмарлуу талдоо чыгарманын лингвистикалык элементтерин колдонууда автордук стилди талдоону айкалыштыруу менен ишке

ашат. Поэзиянын лингвистикалык элементтерин талдоо жана чечмелөө боюнча көп катмарлуу ыкма жалпы поэтикалык эффектке салым кошот [476]. Кыргыз акын кыздарынын чыгармаларын стратификациялык талдоо үчүн алынган экинчи чыгарма Рахат Жуманазарова-Шакированын "Артымды карайм улам" [560] / (“Gazing Upon My Past”) аттуу ыры жана анын котормосу [544, 67-68-бб.]

| | |
|---|---|
| *Артымды карайм улам* (Р. Жуманазарова-Шакирова) [560] | *Gazing Upon My Past [*544, 67-68-бб.] |
| *Азыр мага*<br>*башымды жөлөп алып,*<br>*мойнунан бек кучактап*<br>*ыйлаганга ийин керек.*<br>*Ким болсо ошол болсун,*<br>*атын да айтпай койсун.*<br>*Мен ыйлап бүткүчөктү*<br>*чачымдан аста сылап,*<br>*болгону, болгону эле*<br>*ийинин тосуп койсун.…*[560] | *Gazing upon my past, reminiscing,*<br>*Resting my head upon a sturdy shoulder,*<br>*Longing to release the sorrows within,*<br>*Whose presence and name matters not,*<br>*I just seek a touch upon my hair,*<br>*And a shoulder to lean myself. [*544, 67-68-бб.] |

Лингвостилистикалык стратификация ырдын маңызын түзгөн семема, морфема, лексема, фонема жана идеялык катмарларын камтыйт. Ыр жана анын котормосу ар бир катмардык денгээлде семалык, лексемалык, морфемалык жана фонемалык деңгээлинде талданып, түп нускадагы тексттин жана анын котормосунун ушул катмарларда кандайча өз ара байланышканы изилденди. Бул катмарлар иерархиялык тартипте жайгаштырылган, ар бир төмөнкү катмар анын үстүндөгү катмардын структураларын түшүндүрөт. Бул бири-бирине байланышкан катмарларды талдоо менен тилдин техникалык элементтери поэзиянын эстетикалык, эмоционалдык жана интеллектуалдык таасирине кандайча салым кошорун толук түшүнүүгө жардам берет. Бул ыкма котормо изилдөөлөрүндө өзгөчө баалуу, анда ар бир катмардын тилдер боюнча өзгөчөлүктөрүн сактоо, котормо ырдын баштапкы байлыгын жана эстетикалык таасирин сактап калууга шарт түзөт.

*1) Семалык катмар*

Ырдын маанисин сөзмө-сөз жана образдык деңгээлде талдоо менен ырдагы метафора, окшоштук, символика жана башка образдык тилдерди колдонууну камтыйт. Бул катмарда поэманын образдары жана темалары калыптанып, анын

чечмеленишине тереңдик берилип, поэманын максаттуу функциясына, максатына жана акын менен окурмандын өз ара аракеттенүүсүнө басым жасалат. Ал поэманын окурмандарга кандай мамиле кыларын, белгилүү бир эмоцияларды же маданий-социалдык контекстке негизделген айрым интерпретацияларды билдирерин изилдейт. Семалык катмар тилдин семиологиясын түзөт, ал абстракттуу семантикалык мазмун жана сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн изилдеп, тил менен тышкы чөйрөнүн ортосундагы байланыш катары кызмат кылат, ырда чагылдырылган адамдардын ортосундагы мамилелерди лингвистикалык мааниге айландырат. Бул катмарда маанилер семемаларга бөлүнөт, алар маанинин белгилүү бир аспектилерин алып жүрүүчү минималдуу семантикалык бирдиктер катары каралат [397]. Бул катмар ырдын түзүлүшүн камтыйт, абстракттуу маанилерге жана негизги темаларга басым жасайт. Лексеманын ички маңызы катары сема - бул аң-сезим, мүнөз, иш-аракет сыяктуу түшүнүктүн лексемасындагы чагылдырылган көрүнүш. Башкача айтканда, *сема* лексеманын ички аспектиси болуп саналат. Кыргызча түп нускада ырдын семалары кусалык, таяныч издөө жана эмоционалдык чарчоо темалары, мында *сема* - жөлөк издеген кыздын каалоо-тилеги.

Таблица 3.5 – *Семалык которуу жолдору*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Талдоо |
|---|---|---|
| *Азыр мага башымды жөлөп алып, мойнунан бек кучактап ыйлаганга ийин керек.* (Р. Жуманазарова-Шакирова) [560] | *Reminiscing,*<br>*Resting my head*<br>*I long to release*<br>*My sorrows within,*<br>*And in need a shoulder to cry on.* [544, 67-68-бб.] | Фразеологизм → Идиома<br>Метонимия → метонимия<br>Түп нускадагы метонимия *“ийин”* котормо тилдеги *“a shoulder”* метонимия менен берилип эквиваленттик деңгээлде которулган. |

Түп нуска ырдагы *“ыйлаганга ийин керек”* деген сөз айкашынын англис тилиндеги *“a shoulder to cry on”* идиомалык эквиваленти бар болгондуктан негизги семемалардын каймана мааниси котормодо жеткирилген. Түп нускадагы аталышы *"Артымды карайм улам"* англис тилине *"Gazing Upon My Past, Reminiscing"* деген сөз айкашы менен которулуп, кыргыз тилиндеги котормодо айтылбаган ачык-айкын маанайды кошот. Котормо каармандын азыркы

учурдагы эмоциялык муктаждыгын мурда өткөн окуялар катары берип, ырдын маанисин кошумча сөз айкашы менен толуктайт.

*2. Лексикалык-стилистикалык катмар*

Бул катмар поэманын жалпы лексикалык өзгөчөлүктөрүн изилдейт, анын ичинде ар кандай лингвистикалык көркөм сөз каражаттарын (мисалы, кайталоо, контраст же параллелизм), анын уникалдуу үнүнө кандайча салым кошорун камтыйт. Стилистикалык катмар ошондой эле фонетикалык, лексикалык жана синтаксистик катмарлар менен өз ара аракеттенип, ырдын маанайын жана мүнөзүн түзөт. Бул катмар сөз тандоо, анын ичинде жеке сөздөрдүн мааниси жана белгилери менен алектенет. Сөздөрдүн лексикалык деңгээлдеги берилиши түшүнүксүздүктү, иронияны же символиканы жаратышы мүмкүн. Лексемикалык катмар тилдин лексикологиясын камтыйт, лексикалык бирдиктерге же лексемаларга басым жасайт. Лексемалар грамматикалык өзгөрүүлөргө баш ийбей, тилдин сөз байлыгын чагылдырган маанинин негизги бирдиктери болуп саналат [383].

Лексикалык деңгээлде ырдагы лексикалык тандоолорду талдоо менен түп нускада *"ийин" (shoulder), "ыйлоо" (crying), "башымды жөлөп" (resting my head)* сыяктуу лексемалар негизги орунду ээлегени аныкталды, алар физикалык жана эмоционалдык абалды чагылдырат. Котормодо *"shoulder," "sorrow," "gazing"* сыяктуу лексемалар каармандын муңайым, жалгыз абалын жеткирүү үчүн колдонулат. Бирок котормодо лексикалык айырмачылыктар бар, мисалы, кыргыз тилиндеги "артымды" (*my back*) деген сөз " *My Past*" деп которулат, бул азыркы убак мейкиндигинен убактылуу өткөн мезгилге өтүүнү билдирет.

Таблица 3.6 – *Лексикалык-стилистикалык деңгээлдеги которуу*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Талдоо |
|---|---|---|
| *Үн-сөзсүз кулачудай,*<br>*жыгылсам турбачудай*<br>*бир кызык болуп турам.*<br>*Көрүнбөйт эч ким жолдо,*<br>*акыркы күчүм жыйнап,*<br>*а балким келатат деп*<br>*артымды карайм улам…*(Р. | *Descending silently,*<br>*A dizzying haze,*<br>*The road stretches empty,*<br>*Devoid of life,*<br>*Yet, with hope,* | Ат атооч → сын атооч<br>Түп нускадагы терс маани берүүчү ат атооч *эч ким* котормо тилде *empty* сын |

| | | |
|---|---|---|
| Жуманазарова-Шакирова) [560] | *I cast one last backward gaze.* [544, 67-68-бб.] | атооч менен которулган. |

Англис тилинен айырмаланып, кыргыз тилиндеги сүйлөмдө бир эле убакта бир нече терс ат атоочторду колдонсо болот, англис тилинде бир сүйлөмдө бир гана терс атооч колдонулуп, калгандары белгисиз ат атоочтор менен алмаштырылат. Мисалы, кыргыз тилиндеги "*Көрүнбөйт эч ким жолдо*" деген саптагы *эч ким көрүн+бөйт* (терс ат атооч жана этиштин терс формасы) англис тилине терс маанини билдирүүчү сын атооч менен *"The road stretches empty"* болуп которулган.

*3. Морфемалык катмар*

Бул катмар сөздөрдүн түзүлүшүнө, анын ичинде ар кандай морфемалардын (маңыздын эң кичинекей бирдиктери) татаал сөздөрдү жаратуу үчүн кандайча айкалышканына басым жасайт. Поэзияда морфологиялык тандоолор ырдын маанисине гана эмес, ритмине жана темпине да таасир этиши мүмкүн, анткени кыска же узун сөздөр метрикалык берилишин өзгөртөт.

Морфемалык катмар тилдин грамматикалык аспектилерине, айрыкча морфемаларга - маанини же грамматикалык функцияны алып жүрүүчү эң кичинекей грамматикалык бирдиктерге байланыштуу. Бул катмардагы морфемалар фонемалык катмардагы фонемалар аркылуу ишке ашат. Мисалы, англис тилиндеги өткөн мезгилди фонологиялык контекстке жараша *-ed, -d, -t* сыяктуу ар кандай морфемалар аркылуу ишке ашырууга болот [383]. Морфемикалык катмар грамматикалык түзүлүшкө, анын ичинде сөздөрдүн кандайча түзүлгөндүгүнө жана морфемалардын кандайча маани берээрине басым жасайт. Кыргыз тилиндеги котормодо--*ым* (my) and -*га* (to) сыяктуу морфемалар ээлик кылууну жана багытты көрсөтөт. Англисче котормодо *my, to, -ing* (*gazing, reminiscing*) формалары сыяктуу тиешелүү морфемалар колдонулат. Бул грамматикалык элементтер ырдын маанисин жана агымын сактоо үчүн зарыл. Бирок англис тили кошумча морфемаларды колдонуп, түп нускада жок кошумча маани жаратат, мисалы, *gazing, reminiscing* сыяктуу аспектилер үзгүлтүксүз ой жүгүртүү сезимин түшүндүрөт.

Ырдын түп нускасында тилек ыңгай, буйрук ыңгай колдонулат (мисалы, *болсун, койсун, сурабасын).* Бул маанай каалоолор, самоо же мүмкүнчүлүктөрдү билдирет, каармандын кусалыгын жана алдыда болуучу нерсенин белгисиздигин чагылдырат. Бул маанайды кайра-кайра колдонуу үмүттөнүү жана жалынуу сезимин билдирет, анын алсыздыгын жана ачык талаптарды койбой туруп, таянычка болгон муктаждыгын көрсөтөт.

Ырда терс конструкциялар колдонулуп, көбүнчө терс формалар ырдын маанисине жараша айтылган (мисалы, *айтпай, турбачудай, суулабасын).* Каармандын каалабаган же баарына кайыл болгон алсыз эмоционалдык абалын белгилейт. Эмне болбошу керектигин көрсөтүү менен, өзүнүн убактылуу абалынан кабар берет, *жөлөп, кучактап, ыйлап* сыяктуу сөздөрдө иш-аракеттерди байланыштырган суффикстери колдонулат, бул ырга үзгүлтүксүз ритм кошуп, баяндоо сыяктуу сапат берет. Бул структура каармандын ой жүгүртүү процессин чагылдырат, бир иш-аракеттен же ой жүгүртүүдөн экинчисине кескин тыныгуусуз өтөт. Этиштин формалары ички монологдун сезимине өбөлгө түзөт, анда эмоциялар менен ойлор бири-бирине тыгыз байланышта болуп турат. Ырдагы *ыйлачудай, бүтчүдөй, кулачудай* сыяктуу сөз айкаштары үзгүлтүксүз же көнүмүш иш-аракеттердин сезимин жаратат. Бул жагдай баяндамачынын кайгысынын жана чарчоосунун узакка созулган мүнөзүн чагылдырат. Мындай сөз айкаштарын колдонуу акынга татаал эмоционалдык абалдарды толук сүйлөмдөрдү колдонбой жеткирүүгө мүмкүндүк берет, ырдын ритмин түзөт.

Таблица 3.7 – *Морфемалык катмар*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Талдоо |
|---|---|---|
| *Үн-сөзсүз кулачудай,*<br>*жыгылсам турбачудай*<br>*бир кызык болуп турам.*<br>*Көрүнбөйт эч ким жолдо,*<br>*акыркы күчүм жыйнап,*<br>*а балким келатат деп артымды*<br>*карайм улам…*(Р. Жуманазарова-Шакирова) [560] | *Descending silently,*<br>*A dizzying haze,*<br>*The road stretches empty, / Devoid of life, / Yet, with hope, I cast one last backward gaze.* [544, 67-68-бб.] | *–гыдай (–чудай)* → *-ing*<br>Түп нускадагы куранды мүчө англис тилине *-ing* мүчөсү менен которулган. |

Б. Сагынбаеванын изилдөөсүндө кыргыз тилинде айрым сын атоочторго жалганып, алардан мезгил, орун ж.б. тиешелүүлүктү билдирген куранды мүчө менен атоочторго, этиштерге жалганып, окшоштуруу маанисин билдирүүчү куранды мүчөнүн айкашуусу аркылуу *–гыдай* мүчөсү уюшулат деп көрсөтүлөт [159]. Сүйлөмдө баяндоочтук милдеттеги этиш сөзгө *–гыдай* мүчөсү жалганса, келер чакта аткарыла турган кыймыл-аракетке карата каармандын ар кандай мамилесин (ишенимин, божомолун) билдирет [159, 104-б]. Каармандын келечекте аткарыла турган кыймыл-аракетке болгон божомолуна ишеним мааниси кошулса, кыргыз тилинде *–гыдай'га* маанилеш болгон *–чудай* мүчөсү да колдонулат [159, 104-б], мисалы, *кулачудай, турбачудай*.

Англис тилине которууда *haze, road, gaze* сыяктуу зат атоочторду колдонуп, жандуу образдар жаратылган, *descending, stretches, cast* сыяктуу этиштер кыймылды билдирип, *dizzying, empty, backward* сыяктуу сын атоочтор ырдын сүрөттөлүшүндө колдонулат.

*Descending silently, / a dizzying haze, / The road stretches empty, / devoid of life, / Yet, with hope, / I cast one last backward gaze.* [544, 67-68-бб.]

Ат атоочторго уланган суффикстердин колдонулушу, мисалы, *-ым, (башымды, чачымдан)* каармандын абалын көрсөтөт. Бул суффикстердин кайталанып колдонулушу сүрөттөлгөн эмоциялардын жакындыгын бекемдеп, окурманды каармандын ички дүйнөсүнө багыттайт.

Ырда кээде жекече эмес формалар колдонулат (мисалы, *айтпай койсун – let [them] not say).* Кыргыз тилиндеги каалоо-тилек ыңгайынын грамматикалык формасын *–са* // мүчөсү түзөт. Бул мүчө ар кандай агглютинативдик жана аналитикалык формаларда келип, сүйлөөчүнүн тилеген тилегин, көздөгөн максатын, каалоосун билдирет" [159]. Кыргыз тилиндеги шарттуу ыңгайдын *–са* мүчөсү эки тилде тең жак мүчөнүн кыскарган түрү менен бирге келип, каалоо, арзуу маанисин билдирет" [159], мисалы, *болгону, болгону эле, ийинин тосуп койсун* деген каалоо-тилегин билдирет. Бул баяндамачынын тажрыйбасына жалпы сапат берет, демек, айтылган эмоциялар алар үчүн гана эмес, башкалар менен бөлүшө алат.

Ырда колдонулган жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн алмашуусу каармандын өзгөрүлмө эмоцияларын чагылдырат. Жөнөкөй сүйлөмдөр (мисалы, *Мен ыйлап бүткүчөктү)* түздөн-түз, күчтүү таасир этип, “чийки” эмоцияларды чагылдырат. Ал эми татаал сүйлөмдөр (мисалы*, "Эмне болду айтсаң”- деп сурабасын*) каармандын ойлорунун ар кандай катмарлуу мүнөзүн чагылдырат, алардын сезимдерине терең аралашканын көрсөтөт.

Ырда колдонулган эллипсис жана түшүнүксүздүк, көп учурда айтылбаган же тымызын нерселерди билдирет, бул окурманды саптардын ортосунда калып кеткен ички маанини окууга чакырат. Мисалы, *Элпектенип эч кимди тууарабасын, эбиреп көңүлүмдү улабасын. Эчкирип кошо ыйлап, бетимди суулабасын* деген саптарда баяндамачынын башкаларды тууарабай, жалган сезимден качканын, калп көңүл көтөрүү эмес, жөн гана угуп коюусун суранган абалын билдирип, тынчсызданууу сезимин жаратат. Бул эллипсис окурман менен спикердин ортосундагы байланышты бекемдейт, анткени окурман ачык айтылбаган эмоционалдык белгилерге көбүрөөк тартылат. Сөз тартиби жана басым котормодо терс маанини билдирген морфемаларга басым жасалып түзүлгөн, кээ бир саптардагы сөздөрдү же сөз айкаштарын башында баса белгилөө үчүн колдонулган чакчылдар *-ып, -ип, -уп* котормодо – *ing* мүчөсү менен берилген.

Таблица 3.8 – *Морфемалык катмар*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Талдоо |
|---|---|---|
| *Элпектенип эч кимди тууарабасын,*<br>*эбиреп көңүлүмдү улабасын.*<br>*Эчкирип кошо ыйлап бетимди суулабасын.*<br>*Эми кантем элдерден өткөн-кеткен*<br>*дегенсип корунбасын, уялбасын.*<br>*“Эмне болду айтсаң”- деп сурабасын.* (Р. Жуманазарова-Шакирова) [560] | *Nor concern for rumors*<br>*Spun by others,*<br>*No probing inquiries*<br>*About my sadness,*<br>*No need to cry aloud,*<br>*To refrain from*<br>*Moistening my face.*<br>*I seek a shoulder,*<br>*Oblivious to those nearby,*<br>*Unconcerned with the past*<br>*That has faded away.* [544, 67-68-бб.] | Түп нускадагы чакчылдар *-ып, -ип, -уп* жана каалоо-тилек ыңгайы *–са+ба* терс мүчөсү → котормодо *no+V, nor+N, un-+V* терс маанини билдирген морфемалар менен берилген. |

Баяндамачынын негизги тынчсызданууларына же каалоолоруна көңүл бурулуп, окурмандын эмоциялык реакциясын жетектеген ритмди жаратат. Айрым структуралар жана сөз айкаштары кайталанат (мисалы, *болгону, болгону эле*), бул эмоцияны күчөтөт жана негизги темаларды баса белгилейт. Бул кайталоо кайгынын циклдик мүнөзүн жана спикердин эмоционалдык муктаждыктарына болгон кызыгуусун көрсөтөт. Англис тилине *I just seek a touch upon my hair, And a shoulder to lean myself* деп, кайталоо эмес, басымдын жардамы менен которулган.

*4) Синтаксистик каттмар* сүйлөмдүн түзүлүшү жана сөз тартиби менен алектенет. Акындар синтаксис менен белгилүү бир эффекттерди жаратышы мүмкүн, мисалы, басым жасоо үчүн инверсия же маанини башка синтаксистик каражаттар менен берүү. Синтаксис ошондой эле поэманын ритмин аныктайт, бул ырдагы идеялардын оңой же кескин жеткирилишине таасир этет.

Ырдын грамматикалык түзүлүшү каармандын ички баш аламандыгын жана көңүл жубатууну эңсегенин чагылдыруу үчүн кылдаттык менен иштелип чыккан. Ыр белгилүү бир этиш формалар, катышуучулар, ээлик кылуучу конструкциялар жана синтаксистик тандоолорду колдонуу менен окурманга таасир этип, эмоциянын тереңдигин чагылдырат. Грамматикалык конструкциялар жөн гана маанини колдобойт, ал аны активдүү калыптандырат жана өркүндөтөт, ырдын эмоционалдык таасирин тереңирээк берип, айтуучунун үнүн жеткирет.

Англис тилиндеги *Gazing Upon My Past* аттуу котормосунда ырда эркин ыр структурасы колдонулат, атайын рифма же метрикалык схема жок, бул көбүрөөк сүйлөшүү жана интроспективдүү тонго мүмкүнчүлүк берет. Котормонун рамматикалык түзүлүшү төмөндөгүдөй: ырда жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр колдонулган, жөнөкөй сүйлөмдөр *(I seek a shoulder, oblivious to those nearby)* жана жөнөкөй сүйлөмдөрдү бириктирген татаал сүйлөмдөр (*Gazing upon my past, reminiscing, / Resting my head upon a sturdy shoulder*) ортосунда алмашуу бар. Кыймыл атоочтун учур чагы колдонулуп, көбүнчө *gazing, resting, longing,* сыяктуу чакчылдар колдонулат, бул үзгүлтүксүз ой жүгүртүү жана

эмоционалдык улантуу сезимин жаратат. Атоочтор, биринчи жактын *I* (мен) деп колдонулушу жеке жана интроспективдүү мүнөзүн белгилейт, *my* деген сөздү колдонуу спикердин мурунку жана азыркы сезимдерге болгон эмоционалдык өздүгүн көрсөтөт.

Котормодо *Whose presence and name matters not* жана *Nor concern for rumors spun by others,* сыяктуу ойлорду жана сезимдерди жеткирүү үчүн колдонулат, алар баяндамачынын эмоционалдык агымын тоспой, каалоолорун тереңдетет. *No need for tears shed in unison, / Nor concern for rumors spun by others* сыяктуу саптарда параллелизм бар, бул ритмикалык агымды күчөтөт жана спикердин жөнөкөйлүккө жана көңүл жубатууга болгон кусалыгын билдирет.

Императивдер жана терс конструкциялар ырдын түппнускасындай эле бир нече терс маанини билдирген конструкцияларды камтыйт (мисалы, *No need for tears, Nor concern, No probing inquiries*), баяндамачы каалабаган нерсени жеткирүү үчүн, бул эмоционалдык чарчоо жана үстүртөндүктү четке кагуу сезимин күчөтөт.

Дескриптивдик сүрөттөө аркылуу *sturdy* жана *unburdened* сыяктуу сын атоочтор сейрек кездешет, бирок мааниге ээ жана эмоционалдык абалды бузбайт. Жалпысынан алганда, ырдын котормодогу грамматикасы жөнөкөй жана татаал структураларды колдонуп, каармандын татаал эмоционалдык абалын билдирүү үчүн, жеңил ой жүгүртүүчү маанай менен чагылдырат.

*5) Фонемалык катмар*

Бул катмар ырдын рифма, аллитерация, ассонанс, консонанс, ритм жана метр сыяктуу үн өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Мисалы, үндөрдүн кайталанышы ырдын тематикалык мазмунун чагылдырган гармония же келишпестик сезимин же карама-каршылык жаратышы мүмкүн. Фонемалык катмар тилдин үн / дабыш каражаттарын камтыйт. Фонемалар - сөздөрдүн маанисин айырмалаган үндүн негизги бирдиктери. Бул катмар каармандын пикирин формалдык структураларга жана системаларга уюштуруу менен жеткирет, адамдын сүйлөө жана кабылдоо физиологиялык аспектилери менен байланышат [397]. Фонемалык деңгээлде ырда колдонулган үн же дабыш каражаттары талдоого

алынат. Кыргыз тилиндеги түп нускада ырдын меланхолиялык тондоруна салым кошуп, ритмикалык сапатын, андагы үзгүлтүксүз ритмди жараткан жумшак үнсүздөр жана үндүү тыбыштар колдонулат. Мисалы, *башымды жөлөп алып* жумшак үнсүздөрдүн кайталанышы чарчоо сезимин күчөтөт. Англисче котормо жалпы маанайды сактап, кыргыз жана англис тилдериндеги фонологиялык системалардагы айырмачылыктардан улам фонетикалык берилиши кайталанбайт, бирок англис тилинин өзгөзчөлүгү менен кайра түзүлөт.

Ырда аллитерация, ассонанс, консонанс сыяктуу фонетикалык элементтер талданды. Аллитерация сөздөрдүн башында үнсүз тыбыштардын кайталанышында берилген, түп нускада берилген саптарында эң көп колдонулган тыбыш *к* жана *б* болуп саналат, мисалы, *кучактап, кийин, керек, ким, эч ким, көп, кереги жок, көз жаш* сыяктуу сөздөрдө берилген *к* тыбышы кайталанып, тынчтыкка умтулууну, таяныч издөөнү самаган маанайды түзөт.

Котормодо үнсүз тыбыштар үндүү тыбыштарга караганда көбүрөөк кайталанып, натыйжада аллитерация жана консонанс пайда болгон. Алардын ичинен s тыбышы эң көп кайталанган үнсүз тыбыш катары айырмаланып, ырдын жумшак, интроспективдүү маанайына салым кошот.

1) Үнсүз тыбыштардын кайталанышы:

[s] тыбышы:*sorrows, seek, shoulder, shed, spin, shame, and sturdy.*

[r] тыбышы: *reminiscing, resting, release, rumors, respond, refrains, road, and refrain.*

[n] тыбышы: *lean, unison, concern, nearby, person, feign, unconcerned.*

2) Үндүү тыбыштардын кайталанышы:

[o] тыбышы: *shoulder, sorrow, honeyed, and oblivious.*

[e] тыбышы: *release, tears, lean, refrains, happiness, descending.*

Үндүү тыбыштардын кайталанышы катары э тыбышын алсак болот, мисалы, *Элпектенип эч кимди, Элпектенип эч кимди, эбиреп, Эчкирип, Эми кантем элдерден, "Эмне болду айтсаң"* сыяктуу сөздөрдө кайталанган э үндүү тыбышы ассонансты жаратып, ырдын ритмикалык түзүлүшүнө үн кошот. Ассонанстар жана консонанстар түзгөн жумшак *л* жана *н* тыбыштары ритмикалык агымга

салым кошуп, эвфонияны жараткан. *Эчкирип кошо ыйлап* деген сапта *к* жана *ш* тыбыштары аркылуу какофония (катаал, карама-каршылыктуу үндөр) түзүлгөн. Бул фонетикалык дабыш каражаттары кыргыз жана англис тилдериндеги котормолордун эмоционалдык-экспрессивдик тереңдигин чагылдырууга жардам берет, окурмандын ой жүгүртүүсүн өркүндөтөт. Ошондой эле консонанс, үнсүз тыбыштардын кайталанышы, айрыкча *n* жана s сыяктуу жумшак тыбыштар, үзгүлтүксүз ой жүгүртүүгө жардам берет. Мисалы, *No need for tears shed in unison* саптагы *n* тыбышынын кайталанышы кайгылуу маанайды түзүүгө өбөлгө түзөт.

Созулма жана кыска үндүү тыбыштардын ортосунда да тең салмактуулук бар, котормодо үндүү тыбыштар көбүнчө фразалардын аягында пайда болуп, ойлонуу, толгонуу сезимин жаратат (мисалы, *sorrow* жана *shoulder*). Ал эми кыска үндүү тыбыштар, мисалы, *shed, tears*, же *lean,* карама-каршылыкты жаратып, ырдын темпине жардам берет. Ырдын котормосунда көптөгөн жумшак фонемалар колдонулат (m, n, s, l), бул тынчтандыруучу атмосферасын түзөт. Мисалы, *moistening my face, lean myself* сыяктуу саптарда жумшак үндүү тыбыштарды колдонуу сүйлөгөн адамдын кусалыгын күчөтөт.

Таблица 3.9 – *Тыбыштардын котормодо берилиши*

| Түп нуска жана котормо | Үнсүздөрдүн кайталанышы | Үндүүлөрдүн кайталанышы |
|---|---|---|
| Кыргыз тилинде | *и, к, н* | *а ы* |
| Англисче | *s, r, n* | *o e* |

Жалпысынан алганда, фонемалык структура ырдын маанисине салым кошот. Үн, дабыш каражаттары ырдагы эмоционалдык абалдын тынч, өзгөрүүсүз, жалгыздык темасын чагылдыруучу мүнөзүн көрсөтөт. Котормодо түп нускадагы ырдын темалары жана эмоцияларынын маңызы чагылдырылган, ошол эле учурда эки тилдин ортосундагы айырмачылыктардан улам лексикалык, грамматикалык жана фонологиялык элементтердин өзгөрүшү сөзсүз түрдө киргизилген.

*6) Идеялык-тематикалык, маданий жана гендердик аспектиси*

С. Миллс (1998) негиздеген феминисттик стилистика тексттерде гендердик аспект кандайча чагылдырыларын изилдеген тилди талдоонун мотивациялуу ыкмасы [422]. Ал аялдардын адабиятта жана коомдо маргиналдашуусуна өбөлгө түзгөн имплициттик пикирлерди, бийлик динамикасын жана гендердик тил структураларын талдоого умтулат. Миллс феминисттик стилистиканы мүнөздөө менен аны салттуу стилистикалык анализден тышкары, теңсиздик, гендердик ролдор жана тилдин ичиндеги идеологиялык позициялар маселелерине басым жасаган сынчыл феминисттик көз карашты камтыйт деп эсептейт [422]. Мисалы, Рахат Аманованын *“Оңой бекен сырдашуу?”[543] / “Is it Easy to Have a Heartfelt Conversation?”* [573, 255-256-б.] аттуу ырындагы сөз курамы кыргыз кызынын ички жан-дүйнөсүн ачып көрсөтүүгө жардам берет:

*Оңой бекен сыр ачуу?*
*Оңой бекен көрүнгөнгө ачылып, айта салуу*
*көөдөнүңдө, көкүрөктө уюп турган көк ташты?*
*Оо, ал үчүн…,*
*Көк мөндүрдөй төгүү керек көз жашты.*
*Анан дагы,*
*Керек го дейм бийик, таза ишеним?*
*Жулуп салып, үзүп салып чектөөлөрдүн кишенин! [543]*

*Is it easy to have a heartfelt conversation?*
*Is it easy to bare one's soul completely?*
*Is it easy to speak honestly, opening one's heart?*
*Revealing all that is buried deep within.*
*But for this, you must shed your tears,*
*And hold onto pure trust to unveil the soul,*
*Remove all barriers and break free from captivity,*
*Speak everything as if facing the world's inquiry.* [573, 255-256-б.]

Сөз деңгээлиндеги феминисттик стилистика гендердик тилге басым жасайт. Ырдагы лексикалык тандоолор каармандын абалын чагылдырат, алар көбүнчө патриархалдык коомдордогу аялдардын күрөшү катары кабыл алынат. Түп нускада жана котормодо колдонулган сөз жана сөз айкаштары каармандын ички абалын толук ачып берет: *сырдашуу – heartfelt conversation, сыр ачуу – baring one's soul, көкүрөк – heart, soul, уюп турган көк таш – buried pain, emotional*

*weight, көз жаш – tears, ишеним – trust, кишен – captivity, emotional chains, жаныңды жеп – inner turmoil, self-consuming pain, ачуу чындык – bitter truth, жан дүйнө – inner world, soul, бук – deep sorrow, pent-up emotion, кучак – embrace, сылап уккан – comforting, caressing, түшүнүп – understanding, empathy, аяп уккан – compassion, pity.*

Түп нускада жана котормодо тандалган этиштер эмоционалдык интенсивдүүлүктү көрсөтөт: *ачуу – to open (one's soul, heart), айта салуу – to speak openly, to say, уюп туруу – to pile up (emotionally, with pain), төгүү – to shed (tears), жулуп салуу – to rip off, to tear apart (emotionally or physically), үзүп салуу – to break, to sever (connections, barriers), суроо – to inquire, to interrogate, жашырбай айтуу – to not conceal, to reveal, жарылуу – to burst, to erupt (emotionally, with the truth), айтуу – to speak, to say, жаңылганды сезүү – to admit a mistake, to confess, чаңырып да, жаңырып – to resonate, to echo, кулап калуу – to fall (emotionally, into someone's embrace), түшүү – to fall into, to drop (emotionally), сылоо – to caress, to stroke, үгүу – to listen, to hear, түшүнүү – to understand, to comprehend, сырдашуу – to confide, to have a heartfelt conversation, сыр ачуу – to open up (one's soul, to confide).* Бул этиштер ырдагы эмоционалдык абалдарды, иш-аракеттерди жана процесстерди чагылдыруу менен ырдын маанисин ачып берет. *"Адам керек"* деген сөздүн ырдын аягында берилиши аялга түшүнүү жана колдоо керек экендигин көрсөтүп, эмоционалдык түйшүк көбүнчө аялдарга жүктөлөт деген феминисттик идеяны бекемдейт. Бул тилдин гендердик аспектин, айрыкча аялдарды угуу жана түшүнүү жөнөкөй көрүнгөнү менен керектүү код экендигин көрсөтөт.

Дискурстук деңгээлде феминисттик стилистика баяндоо структурасы жана сүйлөм конструкциясы гендердик аспектти кандайча чагылдырарын карайт. Түп нускада жана котормодо кайталанган суроолор риторикалык эффектти жаратат:

*Оңой бекен сырдашуу?..*

*Оңой бекен сыр ачуу?...*

*Is it easy to bare one's soul completely?*

*Is it easy to have a heartfelt conversation?* [573, 255-256-б.]

Дискурстук деңгээлдеги анализ эмоционалдык алсыздыктын татаалдыгын жана жеке мамилелердеги абалды ачып берет. *“Оңой бекен сыр ачуу? / Is it easy to have a heartfelt conversation?"* деген риторикалык суроолор эмоциялык жактан кыйноого салган, ошол эле учурда өз сезимдерин эркин билдирүүсүнө коюлган коомдук күтүүлөрдүн жана чектөөлөрдүн метафорасы катары кызмат кылат. *Оңой бекен көрүнгөнгө ачылып, айта салуу көөдөнүңдө, көкүрөктө уюп турган көк ташты?* деген саптагы *“көк таш”* метафорасы аялдардын эмоциялык жактан оор жүктү көтөрүп жүрүшүн билдирет, бул айтылбаган чындыктардын психологиялык салмагын символдоштурат. Ырдагы “төгүү керек көз жашты” (shed your tears) деген саптар аялдардын эмоцияларын ачык билдирүү үчүн маданий кысымды чагылдырат, бирок көз жашын төгүү актысы эмоционалдык репрессияга каршы туруунун бир түрү жана уктуруунун бир жолу катары сүрөттөлөт.

Ырда чектөө метафоралары колдонулат: *“жулуп салып, үзүп салып чектөөлөрдүн кишенин” (rip off, tear apart the shackles of restrictions)* жеке автономия жана коомдук чектерден бошонуу үчүн аракетти билдирет. Бул жерде *“кишен”* метафорасы аялдардын ролун феминисттик сынга алып, аялдардын эмоционалдык жана социалдык көрүнүштөрүн чектеген нормаларга каршы келет. Ырдагы *“Көк мөндүрдөй төгүү керек көз жашты But for this, you must shed your tears like hailstones”* саптар чындыктын интенсивдүүлүгүн чагылдырат, эмоционалдык кысылуудан катарсистик абалга өтүү менен чыгууну сунуштайт. Кайталоо эмоционалдык күрөштү күчөтүп, аялдардан мындай алсыздыкты талап кылган дүйнөдөгү эң терең сезимдерди жана чындыктарды ачып берүү оңойбу деген суроо туулат. Бул дискурс жеке эмоционалдык билдирүү менен коомдун өзүн-өзү алып жүрүү талабынын ортосундагы чыңалууну чагылдырат, бул феминисттик стилистиканын негизги темасы болуп эсептелинет.

Феминисттик стилистикалык көз караштан алганда, ыр жана анын котормосу аялдардын чектөөчү коомдордогу эмоцияларды чагылдыруу үчүн күрөшүн чагылдырат. Сөз тандоо, кайталоо жана дискурстук структура аркылуу ыр гендердик аспекттер тилди жана өз оюн билдирүүнү кандайча калыптандырарын

баса белгилейт. Котормодо ушул темалар сакталып, феминисттик билдирүү тилдик жана маданий чек аралардан тышкары жеткиликтүү экендиги көрсөтүлгөн.

Гендердик аспект Бүбайша Арстанбекованын “Курманжан Датка” поэмасына [548] жана анын англис тилиндеги котормосуна [547] лингвостилистикалык анализ жүргүзүүдө талданып, андагы гендердик идентификациялар, автордук стилдик тандоолор жана поэтикалык структуралар аркылуу идеялык-тематикалык жана маданий аспектиси изилденди. Аялдар поэзиясында метафоралар жана символдор көбүнчө тымызын коддоштурулуп, алар феминисттик чыдамкайлык, идентификация жана бийлик динамикасы темаларына дал келет. Идеялык-тематикалык жана маданий аспектиси феминисттик лингвостилистикалык багытты камтыйт, чыгармада берилген гендердик маанилердин тексттерде чагылдырылганын ачып берет, бул өзгөчө кыргыз аял акындарынын Кыргызстандын тарыхый патриархалдык коомунун ичинде өз үнүн кандайча билдирерин түшүнүү үчүн маанилүү. Мисалы, феминисттик лингвостилистика кыргыз аялдар поэзиясынын темаларын, табият, сүйүү, жоготуу, адашуу, күрөшүү, тарбиялоо, ыраазычылык, шүгүрчүлүк жана башка үй-бүлөлүк мамилелерди жана салт боюнча коюлган чектөөлөрдү чагылдырган символикалык түшүнүктөрдү аныктайт. Кыргыз аял акындары энелик, нике жана социалдык милдеттерге арналган ырларда көрсөтүлгөндөй, маданий күтүүлөрдү сактоо же бузуу үчүн жергиликтүү лексиканы, салттуу сөз айкаштарын же оозеки терминдерди колдонушкан. Сөз айкаштарын талдоо аркылуу тилдин гендердик стереотиптерин ачып берүүгө шарт түзүлөт. Чыгармада Курманжан датка күчтүү инсан катары сүрөттөлүп, эркектердин эрдиги менен байланышкан образ түзүлгөн, мында үй-бүлөлүк ролдордун алмашканын көрүүгө болот.

Таблица 3.10 – *Идеялык-тематикалык каттмар*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Которуу жолдору |
|---|---|---|
| *Оо! Маматбай бешик бооң бек болсун!* | *Oh Mamatbay, congratulations,* | Символ → символ |

| | | |
|---|---|---|
| *Кыздуу болдуң сүйүнчү, оо! Сүйүнчү!!!*<br>*Маматбайга жетти кабар сүйүнттү.*<br>*Кыз дегенде көргөн түшүн эстеди,*<br>*«Бүркүт көргөм» бирок туулду кыз деди.* (Б. Арстанбекова “Курманжан Датка”) *[*548*]* | *Your daughter has arrived, glad tidings to you,*<br>*Mamatbay heard time and again, but recalled his premonition.*<br>*Of seeing an eagle in a dream, but a daughter?* [547] | (бүркүт - eagle)<br>Маданий сөз айкашынын эквиваленти: *Сүйүнчү! → Glad tidings to you!* |

Бул поэмадагы *Бешик бооң бек болсун! Кыздуу болдуң сүйүнчү, оо! Сүйүнчү!!!* сыяктуу сөз айкаштары салттуу гендердик күтүүлөргө каршы туруу менен кыздын төрөлүшүн тастыктайт, ошол эле учурда Маматбайдын кабыл алуусу жана" бүркүттүн " символикалык мааниси уулдуу болууну эңсеген эзелки патриархалдык каалоону чагылдырат, *бүркүт* кыргыз маданиятындагы күчтүү, эркектер менен байланышкан образ катары символдоштурулуп, коомдук нормалар менен кыздын төрөлүшүнүн ортосундагы карама-каршылыкты баса белгилейт. Бүркүт символунун кыздын төрөлүшүнө колдонулушу гендердик жана маданий аспектилерге карама-каршы келип, кыргыз маданиятында аялдардын өзгөчө орду бар экендигин тастыктайт

Таблица 3.11 – *Маданий референстердин которулушу*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| *Алдей, алдей жан кызым,*<br>*Аруужан болгун кебездей.*<br>*Атынды уккан кубансын,*<br>*Ал кимдин кызы дегизбей.*<br>*Алдей, алдей ай кызым,*<br>*Пакиза болгун пахтадай.*<br>*Атынды уккан суйунсун,*<br>*Артынан наалат таштабай.*<br>*Укта кызым алтыным,*<br>*Уузу болгун калкынын.*<br>*Алдей, алдей алтыным,*<br>*Асылы болгун калкынын. [*548] (Б. Арстанбекова “Курманжан Датка”) | *Oh my darling girl,*<br>*May you be as pure as cotton;*<br>*Let the people be overjoyed,*<br>*At the mention of your name.*<br>*Sleep, my child, may peace attend you.*<br>*Be a great boon for our nation.*<br>*May you be treasured, my honey,*<br>*And invaluable to your people. [*547] | Салыштыруу → салыштыруу<br>Метафора → метафора<br>Диалект (пакиза) → сөз айкашы |

Бул саптар бешик ыры аркылуу ата-энесинин жаңы төрөлгөн кызга болгон үмүтү, маданий идеалдарды жана аялзатына байланыштуу милдет менен жоопкерчиликти чагылдырган жумшак, бирок курч образдар аркылуу чагылдырылган. Кызды *пахтадай аруу* жана *пахтадай пакиза* болууга үндөгөн жана *“кимдин кызы”* деп ата-энесине сөз тийгизбеген кыз болуусун милдеттендирген кайталанган сөз айкаштары кыздардын тазалыгын, акылдуулугун жана аруулугун чагылдыруу үчүн коомдук күтүүлөрдү билдирет. Бул аялзатына белгилүү бир моралдык жана физикалык стандартты сактоо боюнча маданий милдетти чагылдырат, кыздардын баалуулугу маданий идеалдарга дал келүүсү менен байланыштуу экендигин билдирет.

Кыргыз поэзиясында акындар теңсиздик маселелерин чагылдыруу же каармандын коомдук кысымга каршы күрөшүнүн эмоционалдык интенсивдүүлүгүн көрсөтүү үчүн кайталоо жана параллелизм сыяктуу риторикалык каражаттарды колдонушат. Мындай стилистикалык тандоолор феминисттик тынчсызданууларды көрсөтүп, окурмандарды лингвистикалык салттарга негизделген гендердик пикирлерди баалоого үндөйт.

Таблица 3.12 – *Гендердик өзгөчөлүктөрдүн поэзияда берилиши*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| *Айкөлүм аз айтайын кейишти,*<br>*Айкөлүм аралап жүргүн бейишти.*<br>*Айкөлүм көп айтайын кейишти,*<br>*Айкөлүм көрүп бир жүргүн бейишти. [*548, 79-б.*]* (Б. Арстанбекова “Курманжан Датка”) | *Let me mourn no more,*<br>*Let my love be in paradise.*<br>*Let me mourn no more,*<br>*Let my love be in paradise. [*547, 86-б.*]* | Котормодо кайгы кусалык темалар сакталган, түп нускanын эмоционалдык салмагын чагылдырат. Эки вариантта тең аза күтүү фонетикалык каражаттар менен берилген:<br>Кайталоо *айкөлүм* → *Let me*<br>Ассонанс *а* тыбышы < аллитерация *l, m* тыбыштары менен берилген. |

Бул саптардагы кошок аза күтүүнүн терең сезимин чагылдырат, Айкандын маркум күйөөсүнө кайрылуусу анын эмоционалдык алсыздыгын жана кайгысын гендердик күтүүлөр аркылуу көрсөтөт, поэзиядагы аялдардын үнү көбүнчө сүйүү жана берилгендиктин кеңири маданий баяндоолорунун ичинде жеке жоготууну кандайча камтыганын чагылдырат. Тилдик стилистикалык

тандоолор, мисалы, *айкөлүм, бейиш, кейиш* сөздөрүнүн кайталанышы аялдардын жеке кайгы менен маданий идентификациянын кесилишин көрсөтөт. Кыргыз маданиятында бир гана аялдар аткаруучу кошок айтуу маданий салтын чагылдыруу менен аялдардын милдети жана жоопкерчилиги көрсөтүлөт.

Таблица 3.13 – *Аялдын образынын берилиши*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| *Канаты менен калкалап элди калууга,<br>Адал иш кылып, ак дилден көңүл бурганы.<br>Эл тынчтыгын орнотуп, камсыз кылганы,<br>Курманжан датка акылкөй, көсөм<br>Каныша,<br>Айтылып бүткүс ыр-дастан экен мурдагы.* [548, 209-б.] (Б. Арстанбекова “Курманжан Датка”) | *As a supporter, a wing and a shield,<br>She kept the darkness at bay,<br>Acting with honesty, she drew<br>The attention of noble souls.<br>Establishing peace for her people,<br>Kurmanjan Datka, the Wise,<br>Queen of the Mountains—<br>This is her indescribable saga.* [547, 192-б.] | Семантикалык кыскартуу: метафора – сөз айкашы;<br>маданий адаптация: *акылкөй – wise;<br>Көсөм – leader.*<br>Түп нускадагы метафора "Канаты менен калкалап" жандуу сүрөттөрдү сактоо менен метафора аркылуу чагылдырылган.<br>Ритм жана ыргагы сакталган. |

Поэмада Курманжан датка элдин күчтүү лидери, таянычы, акылман даанышманы жана коргоочусу катары берилет, акын анын ролдорун жана сапаттарын белгилеген күчтүү образды жараткан. Феминисттик лингвостилисттик көз караштан алганда, поэма аялдардын укуктарын жана милдеттерин камтыйт, Курманжанды тарыхый инсан катары гана эмес, патриархалдык коомдогу күч жана акылмандыктын символу катары сүрөттөйт. Метафора жана эпитет сыяктуу стилистикалык каражаттар аркылуу поэма салттуу гендердик нормаларды өзгөртүү жана эркектердин үстөмдүгүндө аялдардын беделин көтөрүү аркылуу аялдардын тынчтыкка жана башкарууга салым кошуусунун маанилүүлүгүн көрсөтөт.

Таблица 3.14 – *Стилистикалык каражаттар*

| | | |
|---|---|---|
| Метафора: | *Канаты менен калкалап* | Курманжан датканын коомчулук баалаган башкаруучу, лидер катары коргоочу ролун көрсөтөт |

| | | |
|---|---|---|
| Аллитерация: | *Курманжан датка акылкөй,<br>көсөм Каныша* | Үнсүз тыбыштардын кайталанышы ырдын ритмикалык сапатына салым кошуп, Курманжан датканын акылмандык жана лидерлик сапаттарын белгилейт |
| Эпитет: | *"акылкөй"<br>"Айтылып бүткүс ыр-дастан"* | Жандуу сүрөттөөнү колдонуу Курманжан датканын элдин маданий эс тутумундагы өзгөчө статусун бекемдейт |

### 3.1.2. Обондуу ырларга лингвостилистикалык талдоо

Бактыгул Чотурованын “Мен сени сагынган бойдон жүрөм” [592] / “I Still Long For You” [599, 44-45-бб.] аттуу обондуу ырын жана анын англисче котормосу поэзияны которуу методологиясынын негизинде функционалдуу которуу принциптерин колдонуу менен талданды.

***Мен сени сагынган бойдон жүрөм*** (Б. Чотурова) [592]
*Көп элес өчпөстөн эсте баары,*
*Көңүлдүн калса да бөксө жагы,*
*Мен сени сагынган бойдон жүрөм,*
*Мезгилдер карматпай өтсө дагы.. [592]*
***I Still Long For You*** [599, 44-45-бб.]
*Memories linger in my heart and mind,*
*Moments from long ago still wound my soul.*
*I still yearn for you from my heart’s deep core,*
*As time slips through my hands, it takes its toll..* [599, 44-45-бб.]

Обондуу ырдын *ырдоого шайкеш келүүсү, айтканга жеңил, ырдоодо дем алууга оңой жана обонго салганга ыңгайлуу* сыяктуу мүнөздөмөсүнүн негизинде *пентатлон принциптери* деп аталган беш принцибин (singability, sense, naturalness, rhythm, rhyme) колдонуу менен которулду:

Таблица 3.15 – *Обондуу ырларды которуу*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Котормо ыкма |
|---|---|---|
| Обонго салганга ыңгайлуу<br>Маанисинин дал келүүсү<br>Табигыйлуулук<br>Ритмикалык дал келүүсү<br>Уйкаштыгы | +<br>+<br>+<br>+<br>+ | Муундардын саны, кыска муундуу сөздөрдү тандоо, котормо тилдин өзгөчөлүгүн эске алуу менен ритмди жана рифманы кайра түзүп чыгуу. |

Англис тилине которулган обондуу ырлардын эксперименталдык ыкмасы максаттуу тилде функционалдуу экендиги көрсөтүлдү. Ырдын саптары кыргыз тилинде 10 муундан турат. Ырда кусалыктын, сагынычтын терең сезимдери чагылдырылган. *“Мен сени сагынган бойдон жүрөм”* деген кайталанган сөз айкашы каармандын туруктуу эмоционалдык абалын белгилеп, убакыттын өтүшүнө карабастан үзүлгүс байланышты чагылдырат.

Англисче котормосунда түп нускanын лирикалык эмоционалдык салмагын жеткирип, ырдагы кусалыктын жана муңдун ритмикалык сапаты берилген. Котормодогу сөз айкаштары лирикалык агымды сактоого ылайыкташтырылган, бирок тилдердин ортосундагы маданий жана эмоционалдык туюнтмалардын айырмачылыгынан улам өзгөрүүлөр бар. Котормодо ырдын эмоционалдык тереңдиги жана тематикалык мазмуну болгон жоготуу сезимин жана убакыттын тез өтүүчү мүнөзүн да чагылдырылат.

Таблица 3.16 – *Обондуу ырлардын темалары*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Темалар |
|---|---|---|
| *Өлчөмдүү бул өмүр тура кыска,*<br>*Өткөнгө өкүнүч кылабыз да.*<br>*Мен сени сагынган бойдон жүрөм,*<br>*Баладай багынбай убакытка.*<br>*[592]* | *This life's path is undeniably brief, / Regret lingers for our past and its mistakes.*<br>*I am still missing you from the depths of my heart,*<br>*Like a child, I will not surrender to the march of time.*<br>*[599, 44-45-бб.]* | Сагыныч +<br>Убакыт +<br>Өкүнүч +<br>Аруулук + |

Тематикалык коддору: *сагыныч* - *н*егизги тема сүйүктүү адамын сагынуунун айланасында орун алат, ал эскерүүлөр аркылуу билдирилет. *Убакыт жана өкүнүч* - *у*бакыт өтсө да каарман сезимдерин унута электигин билдирип, жашоонун кыскалыгын түшүнүүнү чагылдырат. *Аруулук* - *“Баладай багынбай убакытка”* деген саптардагы баланын аруулугуна салыштыруу, жашоонун катаал чындыктарына карабастан, аруулукту жана багынбас үмүттү билдирет.

*Герменевтикалык интерпретация:*

ырдын мазмуну жеке сүйүү жана жоготуу жөнүндө. Герменевтикалык ыкманы колдонуу менен биз кыргыз маданиятынын контексти бул сезимдердин

чагылдырылышына кандай таасир тийгизерин карайбыз. Сүйүү жана ностальгия темалары универсалдуу, бирок маданий өзгөчөлүктү эске алуу интерпретацияга тереңдик кошот. Англисче котормодо *“Мен сени сагынган бойдон жүрөм, Тумардай тагынып моюнума / “ I'm still missing you from the depths of my heart, treasuring your shadow like a cherished mascot”* [599, 44-45-бб.] деген сөз метафоралык маани берип, каармандын эс-тутум, куса, сагынычын жашоодогу кыйынчылыктардан коргоочу *тумар* катары кармап турганын көрсөтөт. Кыргызча тексттин түп нускасын англисче котормосу менен салыштырганда маанинин кандайча өзгөрүшүнө көңүл бурсак болот. Түп нускадагы *тумар* англис тилине *a cherished mascot* (сүйүктүү талисман) катары которулган, тумарды коргонуу, сактануу же эскерүү максатында колдонушса, талисманды адамдар бири-бирине таандык болуу сезимин өрчүтүү, күчтүү эмоционалдык байланыш түзүү жана жалпы баалуулуктарды символдоштуруу максатында колдонушат.

Котормодо сөздөрдү тандоо окшош эмоционалдык жоопторду жаратууга багытталган, бирок маданий айырмачылыктар чечмелөөдө ар түрдүүлүктү алып келиши мүмкүн. Мисалы, “*баладай багынбай убакытка” (Like a child, I won't surrender to the march of time)* деген сөз айкашы англис тилиндеги эле маданий мааниге түздөн-түз которулган.

Таблица 3.17 – *Герменевтикалык интерпретация*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Темалар |
|---|---|---|
| *Жыргатпай куу турмуш сонунуна,*<br>*Жылдарды койсо да орунуна,*<br>*Мен сени сагынган бойдон жүрөм,*<br>*Тумардай тагынып моюнума.* [592] | *This cunning life has not bestowed me gold,*<br>*Years flow like a river, swift and unkind.*<br>*I still miss you from the depths of my heart,*<br>*Treasuring your shadow, in my mind.* [599, 44-45-бб.] | Персонификация +<br>Метафора → метонимия |

“Мен сени сагынган бойдон жүрөм” ырын сүйүүнүн, кусалыктын, убакыттын агымынын курч чалгындоосу катары кароого болот. Колдонулган индуктивдүү методология лириканы тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берип, кыргыз тилиндеги түп нускадагы жана англисче котормодогу эмоционалдык

экспрессиянын татаалдыгын көрсөтөт. Ырдын универсалдуу ностальгия жана кусалык темаларын бере алуусу анын маданий маанисин жана эмоционалдык таасирин чагылдырат. Бул талдоо ырдын текстин которууда маданий жана контексттик факторлорду эске алуунун, оригиналдын маңызын сактоо менен аны башка аудиторияга ылайыкташтыруунун маанилүүлүгүн көрсөтөт.

Бактылгул Чотурованын “Мен сени сагынган бойдон жүрөм” ырына жана анын англисче котормосуна (Pentathlon Principle) пентатлон принциптери деп аталган беш принцибин колдонуу менен биз котормонун ырдалуусу же ырга шайкеш келүүсү, сезимге таасир этүү менен маанилүүлүгү, табигыйлыгы, ыргагы жана рифмасы (singability, sense, naturalness, rhythm, rhyme) деген беш критерийинин негизинде талданды.

Таблица 3.18. *Обондуу ырларды функционалдуу которуунун беш принциби*




*1. Ырга шайкештиги / singability*

Ыр эффективдүү аткарылышы үчүн ырдын сөздөрү ырдоого оңой болушу керек. Түп нускада обонуна төп келген ритм бар. Англисче котормосун талдоо менен ырды аткарууга шайкештик критерийи (singability) кандайча сакталганы көрсөтүлдү. Котормо түп нусканын эмоционалдык салмагын сактап калганы

менен, кээ бир фразалар узунураак болгондуктан аларды ырга ылайыкташтыруу үчүн кыскартылган, мисалы:

*Мен сени сагынган бойдон жүрөм, (9)*

*Мезгилдер карматпай өтсө дагы. (9)*

*I still yearn for you from my heart's core, (9)*

*As time slips through my hands, it takes its toll. (10)* [599, 44-45-бб.]

Кыргыз тилиндеги сапка караганда котормодо бир муун ашыкча. Кээ бир фразаларды жөнөкөйлөтүү же кыскараак альтернативаларды колдонуу ырдоо жөндөмүн жогорулатат. Ырааттуу муундардын саны, негизинен, ар бир сапта 9-10 муунду түзөт. Бул мыйзам ченемдүүлүк оңой ырдала турган обонду түзүүгө жардам берет. Ыр жана анын котормосу музыкалык коштоо менен аткарылууга ылайыкташтырылган, анткени саптар ырга жөндөмдүүлүктү колдогон агымды сактап, оозеки жеткирүүгө ыңгайлуу.

*2. Сезимге таасир этүүсү*

Котормодо түп нускада берилген маани сакталууга тийиш. Англисче котормосу түп нускада болгон сагынуу жана ностальгия сезимдерин эффективдүү чагылдырат. Мисалы, ар бир куплеттин төртүнчү сабында кайталанган *Мен сени сагынган бойдон жүрөм – I still miss you from the depths of my heart* англис тилинде да кайталанып, түпкү маани сагыныч экенин көрсөтүп, ырдын маңызын сактап калган. Ыр кусалыктын, сагынычтын терең сезимдерин чагылдырып, каармандын сагыныч сезимдерин таасирдүү көрсөтөт. Убакыттын жана жашоонун кыскалыгынын элеси анын эмоционалдык тереңдигин арттырат. Ырда да котормодо да сезим так жана таасирдүү, эс-тутум жана жоготуу темаларына басым жасоо менен котормонун окурмандарына да ылайыктуу жана маңыздуу келет.

*3. Табигыйлык*

Которулган тексттин табигыйлык принциби котормодо табигый тилди колдонуп, аны жеткиликтүү которууга багытталган. Бирок айрым фразалар англис тилиндеги сүйлөшүү формаларына салыштырмалуу бир аз формалдуу же татаал берилген. Мисалы, табигыйлыкты бериш үчүн кээ бир сөздөрдү өзгөртүү

зарылчылыгы бар, ырдын обонун жана табигый ритмин сактоо кайталоонун, рифманын жана метрикалык музыкалуулугун чагылдырууну да камтыйт. Мисалы, кыргыз тилиндеги *"Мен сени сагынган бойдон жүрөм"* деген сап ырдын бардык станзаларында кайталанып, ритмди түзүү менен сагынычка басым жасоо эмоциясын чагылдырат. Бул сапты *I still miss you from the depths of my heart* деп которуу да жүрөктүн чексиз эңсегенин чагылдырып, котормодо ошол эле сезимтал рефренди камтыйт.

Котормодо рифма схемасы (АБАБ) жана ритмикалык сапат түзүлүп, англис тилиндеги строфасына табигый лирикалык сапат берет. Бул обондук структура түп нускадагы музыкалуулугун кайра жаратууга жардам берет, котормо ырдын аткарылышынын табигый түрдө болуусуна мүмкүндүк берет.

*Жүрөктүн буйругу башкачабы,*

*Жүрсө да тагдырдын канча тагы,*

*Desires of the heart are unique, rare,*

*Fate has left its mark, my soul wears its scars.* [599, 44-45-бб.]

Бул саптардын табигый мүнөзү колдонулган сөз айкаштары англис тилинде табигый жөнөкөй, бирок ойлонто турган көркөм сөз каражаттары менен берилет. Жаштыктын өтүп кетишин, ага болгон кусалыкты чагылдыруу үчүн англис тилинин ритмине жана идиомалык түзүлүшүнө дал келген *my soul wears its scars* сыяктуу сөз айкаштарын тандоо, *from the depths of my heart* идиомалык сөз айкаштарын кошуу котормонун табигый угулушун, музыкалуулугун сактап, лирикалык сапатын жеткирген.

*4. Ритм / ыргагы*

Ырдын текстиндеги ритм абдан маанилүү, анткени ал музыкага шайкеш келет. Котормодо муундардын саны жана жалпы агым эске алынышы керек. Англисче версия жалпысынан ритмикалык сапатка ээ болсо да, оригиналдын ритмине дал келүү үчүн атайын саптар үчүн оңдоолор талап кылынган. Ырдын ритмикалык сапаты ырдын бүтүндөй ырааттуулугу менен, саптар бирдей сандагы муундарга ээ болуп, жылмакай жана туруктуу ритмге салым кошот. Ырдын ыргагы мелодиялык бир калыпта ырдалышына шарт түзөт. Бул аны

аткарууга ылайыктуу кылып, жалпы натыйжалуулугун жогорулатат. Б. Чотурованын “Мен сени сагынган бойдон жүрөм” [592] / “I Still Long For You” [599, 44-45-бб.] аттуу обондуу ырынын ритмикалык анализи төмөндөгүдөй берилди:

*Memories linger in my heart and mind (10 муун, iambic):* ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘
*Moments from long ago still wound my soul (10 муун, iambic):* ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ
*I still yearn for you from my heart’s deep core (11 муун, mixed rhythm):* ˘ ˊ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ

*As time slips through my hands, it takes its toll (10 муун, iambic):* ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘
*Desires of the heart are unique, rare (9 муун, varied rhythm):* ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ
*Fate has left its mark, my soul wears its scars (10 муун, iambic):* ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ
*I still miss you from the depths of my heart (11 муун, mixed rhythm):* ˘ ˊ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘
ˊ

*My youth has hidden from me, lost in stars (10 муун, iambic):* ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ
*This life’s path is too short; it won’t last (9 муун, iambic):* ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ
*Regret lingers for our past and its pain (10 муун, iambic):* ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ
*I still miss you from the depths of my heart (11 муун, mixed rhythm):* ˘ ˊ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ
*Like a child, I won't yield to time’s harsh reign (11 муун, iambic):* ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ
*This cunning life has not bestowed me gold (10 муун, iambic):* ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ
*Years flow like a river, swift and unkind (10 муун, iambic):* ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ
*I still miss you from the depths of my heart (11 муун, mixed rhythm):* ˘ ˊ ˊ ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ
*Treasuring your shadow, in my mind (9 муун, mixed rhythm):* ˘ ˊ ˘ ˘ ˊ ˘ ˊ ˘ ˊ
[599, 44-45-бб.]

Көпчүлүк саптар ырааттуу түрдө ямб (iambic) пентаметрде жазылган, демек алар беш ямбдан турат: бир сапта *басымсыз жана басымдуу* эки муундан турган жалпы 10 муун бар. Котормо ритмди сактаганы менен басым өзгөрүп, кээ бир анапестикалык вариациялар да бар. 9-сапта 9 муун бар, мында ямбиялык пентаметрдик ритм өзгөргөн. Ырдын лирикалык сапаты котормо тилдин лингвистикалык элементтеринин негизинде түзүлүп, музыкалык адаптацияга ылайыктуу деп эсептесек болот.

*5. Рифма / уйкаштыгы*

Рифма ырдын текстинин музыкалуулугун арттырат. Туп нускада рифма схемасы так сакталган, анын лирикалык сапатына салым кошкон ассонанс жана ички рифмалар да камтылган. Рифма колдонуудагы ийкемдүүлүк ырдын темаларына шайкеш келген музыкалык катмарды кошуп, ырдын ырдалышына ылайыктуу кылат. Кыргыз тилиндеги түп нускада *жагы – дагы, дагы – тагы,*

*сонунуна – орунуна – моюнума* деген уйкаштыктар кездешет. Ал эми анлис тилиндеги котормосунда *scars – stars, pain – reign, unkind – mind* сыяктуу уйкаштыктар бар.

Таблица 3.19 – *Фонетикалык деңгээл*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Уйкаштыгы, ыргагы |
|---|---|---|
| *Жүрөктүн буйругу башкачабы,*<br>*Жүрсө да тагдырдын канча тагы,*<br>*Мен сени сагынган бойдон жүрөм,*<br>*Жашынып жаштыгым калса дагы. [592]* | *Desires of the heart are unique,*<br>*Fate has left its mark, my soul wears its scars*<br>*I still miss you from the depths of my heart*<br>*My youth has hidden from me, lost in stars. [599, 44-45-бб.]* | AABA → ABCB<br>Евфония (Euphony): Түп нускада: аллитерациялар, ассонанс, консонанс.<br>Үнсүздөр: l, r - linger, heart, mind, soul, core<br>Үндүүлөр: o - soul, core, toll. |

Пентатлон принцибин колдонуу менен "Мен сени сагынган бойдон жүрөм" ырында жана анын котормосунда бардык беш критерийдин тең салмактуу сакталышы тандалды. Ырдын түзүлүшү мелодия катары аткарылышына көмөк көрсөтсө, эмоционалдык резонанс, табигый жана ритмикалык сапат анын темаларын таасирдүү жеткирүүнү камсыздайт. Рифмадагы ийкемдүүлүк анын жалпы музыкалуулугуна салым кошот. Бул ыкма чыгармачылыкка басым жасап, котормочуларга баштапкы материалды терең изилдеген лирикаларды которууга мүмкүндүк берет, ошол эле учурда аткаруу үчүн керектүү ыңгайлаштырууларды жасай алууга шарт түзүлөт.

### 3.1.3. Лингвостилистикалык көркөм сөз каражаттары

Поэтикалык тексттердеги тилдик көркөм сөз каражаттарын изилдөөгө багытталган тил илиминин бир тармагы лингвостилистиканын методологиялык аспектиси катары Тенти Адышевын “Аялдардын бактысы” [535] жана анын котормосу "The Happiness of Women" (котормочу З. Караева) изилденди [596, 51-б.]. Бул изилдөө стилистика, риторикалык каражаттар, рифма жана метрикалык өзгөчөлүгү, лексикалык тандоо, параллелизм жана кайталоо, образдуулук жана дабыш каражаттары сыяктуу лингвистикалык элементтерди, жаңы маанилерди

берүү, эмоцияларды козгоо жана эстетикалык таасир түзүү үчүн кантип биригишерин чечмелөө максатын көздөйт.

Лингвостилистикалык талдоонун негиздери аркылуу ырдын стилине, маанисине жана эстетикалык жагымдуулугуна тилдик элементтердин кандай салым кошкону изилдөөдө камтлат. Бул талдоо акындын тил тандоолорунун өзгөчөлүктөрүн жана алардын жалпы поэтикалык тажрыйбага тийгизген таасирин ачууга жардам берет.

Таблица 3.20 – *Муундардын саны*

| ***Аялдардын бактысы*** *(Т. Адышева) [535]* |
|---|
| *Күн чачырап күлүн ачып жаштыгы, (А) (11 муун)*<br>*Сүйүү келип суусун берсе - бактысы. (В) (11 муун)*<br>*Жагалданып аял түрү кулпурат, (С) (11 муун)*<br>*Жары болсо азаматтын жакшысы. (В) (11 муун)* [535] |
| ***The Happiness of Women*** *[596]* |
| *When youth flourishes like the sun, (A) (8 муун)*<br>*And love quenches its thirst, that is happiness. (B) (11 муун)*<br>*When a husband turns out to be the best man, (A) (9 муун)*<br>*A woman becomes beautiful; that is happiness. (B) 11 муун [*596] |

1. Ырдын ритмикалык структурасы

Метрикалык өлчөмдүн тандалышы, анын мүнөзү - ямб, трохаик же башка үлгү, ырдын ыргагына жана маанайына таасир этет. Конкреттүү сөздөрдү жана алардын коннотациясын тандоо поэзияда чечүүчү мааниге ээ. Ырда *гүлдөйт, көңүл ачат, керемет* жана *баалуу / flourishes, quenches, gorgeous, valued* сыяктуу сөздөр эмоционалдык маанайды түзүп, жалпы мааниге салым кошуу менен ырдын ритмикалык структурасын түзөт. *That is happiness* деген сөз айкашынын кайталанышы ыргактуу, басымдуу таасир жаратат. *When youth flourishes like the sun* жана *If she has a child, that is woman's happiness* деген сыяктуу саптардагы параллелдүү түзүлүш ырдын ырааттуулугун, салмактуулугун арттырат. *Балкыган дене, бал жууркан, ай жарыгында термелген ак бешик / melting body, honey blanket, and white cradle rocked in the moonlight* сыяктуу сөз айкаштары визуалдык жана сезимге таасир берүүчү образдарды жаратат.

“Аялдардын бактысы” аттуу ыр төрт саптан турган төрт станзаны түзөт [535]. Түп нускадагы структурасында ар бир төрт сапта ырааттуу рифма схемасы (ABAB) менен мүнөздөлүп, жана ырааттуу ритмикалык түзүлүш (ар бир сапта 11 муун) бирдиктүү агымга көмөктөшөт жана тилдин музыкалуулугуна өбөлгө түзөт. Ырдын жалпы структурасы *бакыт* деген жалпы түшүнүктөн аялдын жашоосундагы конкреттүү учурларга өтүп, логикалык жактан өнүгөт.

Таблица 3.21 – *Ырдын түзүлүшү*

| *Тил* | *Рифма схемасы* | *Муундар* |
|---|---|---|
| Түп нуска (кыргызча) | *ABCB / DBDB / EBFB / GBHB* | 11 муун |
| Котормо (англисче) | *ABAB / CBBD / EFEF / GHGH* | 8, 9, 11 муундар |

2. Фонетикалык (үн / дабыш) каражаттар

Ырда жана анын котормосунда колдонулган фонетикалык каражаттардын салыштырма талдоосу үчүн ырдагы аллитерация, ассонанс, консонанс, рифма жана ритм алынды.

Таблица 3.22 – *Фонетикалык (үн / дабыш) каражаттар*

| | Кыргыз тилинде | Англис тилинде |
|---|---|---|
| Аллитерация: | /б/ - *Балкып дене бал жуурканга айланып*<br>/к/ - *Күн чачырап күлүн ачып жаштыгы,* | */s/ - Success blossoms when she strives a lot* |
| Ассонанс: | /а/ - *Бала тапса бул аялдын бактысы,* | /о/ *A woman's name is called with honor* |
| Консонанс | /л/ - *Ал баланын, ал тынчтыктын сакчысы* | */d/ As the guardian of the child and the peace,* |
| Рифма | *жаштыгы, бактысы, жакшысы.* | *sun, man, happiness* |

Кыргызча тексттеги үндүү тыбыштар түзгөн гармония котормодо колдонулбайт. Кыргыз тилиндеги рифма схемасы үзгүлтүксүз, көпчүлүк строфаларда аяктоочу рифмалар бар. Англис тилиндеги версияда рифма схемасы сакталат, бирок рифманын ордуна кайталоо колдонулган. Кыргызча текстте аллитерация, ассонанс жана консонанс сыяктуу фонетикалык каражаттар анын музыкалуулугунда негизги ролду ойнойт, ал эми англисче котормодо башка тыбыштар менен түзүлөрү мыйзам ченемдүү. Ырдын жалпы рифмасын жана

ритмин сактап калуу үчүн ыр толугу менен башка тилдин каражаттары аркылуу түзүлөт. Англис тилиндеги тексттин эмоционалдык таасирин сактоо үчүн мааниге көбүрөөк таянабыз.

Таблица 3.23 – *Лексикалык стилистикалык каражаттар*

| | Кыргыз тилинде | Англис тилинде |
|---|---|---|
| Метафора: | *Балкып дене бал жуурканга айланып*<br>*Күн чачырап күлүн ачып жаштыгы* | *A melting body turns into a honey blanket*<br>*Success blossoms when she strives a lot* |
| Окшоштуруу: | - | *When youth flourishes like the sun* |
| Эпитет: | *азаматтын жакшысы,* | *the best man* |
| Персонификация | *Сүйүү келип суусун берсе - бактысы* | *And love quenches its thirst, that is happiness* |

Түп нускада жана котормодо сезимге таасир берүүчү жана эмоционалдык абалды ойготуучу метафоралар, салыштыруулар, эпитеттер колдонулат. Мисалы, *бал жууркан* метафорасы, жаштыкты күнгө салыштыруу, *азаматтын жакшысы* деген эпитеттин колдонулушу. Мында маданий кабылдоо өзгөрүп, кыргыз тилинде *азамат* деген сөз эрдик, адеп-ахлактык жактан таза болуу жана урматтоо деген маанини туюнтаары *the best man* деген эпитет менен берилген.

Синтаксистик стилистикалык каражаттар ырдын ритмине, түзүлүшүнө, эмоционалдык жана эстетикалык таасир берүүсүнө салым кошот. Параллелизм, инверсия, кайталоо, эллипсис жана риторикалык суроолор сыяктуу каражаттар ырдын маанайын жеткирүүдө маанилүү. Поэзияны которууда бул каражаттарды максаттуу тилдин грамматикалык жана стилистикалык нормаларына ылайыкташтыруу зарылдыгы келип чыгат.

Таблица 3.24 – *Синтаксистик стилистикалык каражаттардын котормодо берилиши*

| Синтаксистик каражаттар | *Англис тилинде* | Талданышы |
|---|---|---|
| Параллелизм | *<u>When</u> youth flourishes like the sun,*<br>*<u>When</u> a husband turns out to be the best man"* | *Качан...* деген сөздөр менен коштолгон саптын кайталанышы аялдын бактысына шарт түзгөн белгилерге басым жасалат |

| | | |
|---|---|---|
| Анафора | *And love quenches its thirst, that is happiness.*<br>*A woman becomes beautiful; that is happiness.* | кайталоо *бакыт* темасына басым жасап, ар бир сап окшош жыйынтыктоочу сөз айкашын берет |
| Гипотаксис (шарттуу ыңгай) | *If she has a child, that is woman's happiness.* | "эгерде" структурасын колдонуу менен *бакыт* белгилүү бир шарттарда жетишилет дегенди билдирет |
| Инверсия | *"Now, precious and valued, this is happiness."* | түзүлүшүн өзгөртүү бакыттын азыркы баалуулугуна жана маанисине көңүл бурат |
| Катарлаштыруу (өткөн убак жана азыркы учур) | *"The time passed when they insulted women," versus "A woman's name is called with honor."* | карама-каршы идеяларды бири-бирине жакын жайгаштыруу |

Түп нускадагы *бактысы* деген сөздүн кайталанышы котормодо *happiness* деген сөздүн кайталанышы менен чагылдырылат. Бул каражат ырдын ритмин сактап калуу жана негизги теманы баса белгилөө үчүн өтө маанилүү. Синтаксистик стилистикалык каражаттардын кыргыз тилинен англис тилине которулушу түп нускадагы негизги өзгөчөлүктөрдү сактап, бирок эки тилдин грамматикалык түзүлүшүнө байланыштуу айрым айырмачылыктар пайда кылат. Котормодо параллелизм, кайталоо, эллипсис жана риторикалык суроолор сакталып, ырдын тематикалык ырааттуулугун жана эмоционалдык маанайын жеткирет. Мисалы, *Күн чачырап күлүн ачып жаштыгы / When youth flourishes like the sun* деген сөз айкашындагы метафора сакталганы менен котормо тилдин синтаксисине ылайык сөз тартиби өзгөргөн.

Семантикалык анализ

Аккумуляция – жалпы маанидеги элементтери бар сөздөрдүн же сөз айкаштарынын тизмеги катары берилген адабий түзүлүш. Риффатердин пикири боюнча, «Аккумуляция сөздөрдүн семантикалык өзгөчөлүктөрүн изилдейт, эң кеңири колдонулган маанинин (сема) таралышын күчөтөт жана азыраак берилген семалардын маанисин төмөндөтөт" [471, 39-б.]. Бул ырда аял бактысы түшүнүгү бай жана көп кырдуу сүрөттөлгөн. Котормодо сөздөрдүн негизги мааниси сакталып калган, бирок маданий маанидеги айырмачылыктар чечмелөөгө таасир этет. Мисалы, *аял (woman)* түп нусканын контекстинде

энелик жана коомдук урматтоо менен байланышкан ролдорду камтыйт, ал англис тилинде да бирдей мааниде сакталган. Англис тилинде бул терминдер бирдей мааниге ээ болсо да, гендердик динамикага байланыштуу маданий өзгөчөлүктүн деңгээлин ар түрдүү көрсөтүшү мүмкүн. Компоненттик анализ *аял, бакыт, сүйүү* жана *жаштык* деген сөздөрдүн мааниси эки тилде тең окшош өзгөчөлүктөрү бар, бирок маданий контексттер алардын чечмелөөсүн башка деңгээлде көрсөтөт. Семантикалык анализ которуунун татаалдыгын ачып берүү менен котормодо лингвистикалык жана маданий өзгөчөлүктөрдү түшүнүүнүн маанилүүлүгүн белгилейт. Бул процесс поэзиянын ар кайсы тилдерде камтылган катмарлуу маанилерин баалоону жогорулатат.

Таблица 3.25 – *Тематикалык талдоо*

Тематикалык талдоо аркылуу акын Тенти Адышева ырында өзүнүн аялдык бакыт формуласын сунуштаганын аныктайбыз. "Аялдардын бактысынын" негизги темасы аялдын жашоосундагы бактылуулуктун ар түрдүү аспектилерине айланып, жеке жана коомдук өлчөмгө басым жасайт. Ыр аялдардын жашоосунун татаалдыгын көрсөтүп, аялдын баалуулугун даңазалап, бакытты ар түрдүү мамилелердин жана жеке жетишкендиктердин натыйжасы катары сүрөттөйт. Түп нуска менен котормодо тематикалык ырааттуулуктун ар бир станза боюнча сакталганы төмөндөгү мисалдар менен көрсөтүлдү:

Семиотикалык талдоо

“Аялдардын бактысы” ырына семиотикалык анализди колдонууда анын ар бир деңгээли үчүн өз алдынча семиотикалык талдоо менен подтексттерге бөлүнгөн иерархиялык түзүлүшүн карап чыгуу өтө маанилүү. Талдоо адабий тексттин конструктивдүү принциптерин, анын ичинде ритмдин берилишин жана метафоранын маанисин ачып берет. Бул принциптер тексттеги поэтикалык элементтерди айырмалайт. Ырдагы иерархиялык түзүлүш строфаларга бөлүнүп, ар бири жалпы мааниге салым кошот: жаштык + үй-бүлө + энелик + бала + эмгек + өткөндөгү кыйынчылык + намыс = БАКЫТ.

Семиотикалык-тилдик-адабий анализ тексттин ичиндеги белги системасы аркылуу берилген мазмунду кабылдап, түшүнүүгө багытталган, анын мазмунун аныктоого басым жасайт. "Аялдардын бактысына" семиотикалык анализди колдонуу текстти система катары кароону, булак системаларын жана подсистемаларын аныктоону, автор тарабынан атайылап коюлган жана стихиялуу белгилерди классификациялоону камтыйт. Чыгарманын семиотикалык картинасы *кийим-кече, жүрүм-турум, сүйлөө, ишараттар, мимика, түстөр, салыштыруу* ж.б.у.с түрдүү элементтердин символикалык функцияларын камтыйт. Семиотикалык талдоо синтагматикалык жана парадигмалык өзгөчөлүктөрүн талдоону камтыйт.

*1. Синтагматикалык анализ*

*Күн чачырап күлүн ачып жаштыгы* → When youth flourishes like the sun

Бул сапта синтагматикалык байланыш сөздөрдүн ырааттуулугу жана алардын түздөн-түз ассоциативдик байланышы аркылуу түзүлөт. Күндүн образы жаштык түшүнүгү менен түздөн-түз байланышкан жылуулукту, жарыктыкты жана жандуулукту символдоштурат. Синтагматикалык анализ бул сөздөрдүн кандайча биригип, саптын ичинде маани жаратышына багытталган. Бул жерде *sun (күн)* жана *youth (жаштык)* бири-бирине ырааттуу байланышып, жаратылышты жаштыктын күч-кубаты менен байланыштырган метафораны түзөт. Бул байланыш поэмадагы ырда бакыт темасын көрсөтүп, визуалдык жана эмоционалдык резонансты жаратат. Ырда коллокациялар жупташып түзүлүп,

маани жаратуусу синтагматикалык байланыш түзүү, жаштыкты күнгө салыштыруу аркылуу жана сүйүүнү адамдаштыруу аркылуу образ түзүлөт: *Сүйүү келип суусун берсе → Love quenches its thirst.* Ал эми бала терметкен эненин образы *“Ак бешиги ай нурунда терметип → White cradle rocked in the moonlight саптары”* деген саптар менен түзүлгөн.

2. *Парадигматикалык түзүлүш жаштык, сүйүү* жана *ийгилик* сыяктуу тематикалык элементтердин ортосундагы мамилелерди изилдейт: *Бакыт жана ийгилик / Happiness and Success,* аялдын ар кандай ролдору, мисалы, ырдагы аялдарды кордогон өткөн заман менен аялдын ысмы баркталып жаткан азыркы учур карама-каршы келет. Синтагматикалык анализ сөздөрдүн белгилүү бир ырааттуулукта кандайча чогуу иштешине көңүл буруп, образдарды жана эмоционалдык байланыштарды жаратат. Мисалы, *Сүйүү келип суусун берсе - бактысы → And love quenches its thirst, that is happiness.* Бул сапта парадигматикалык мамиле бир эле контекстте сөздөрдүн тандоосун жана алардын потенциалдуу алмаштыруучуларын изилдейт. *Сүйүү* деген сөздү башка сезимдер же түшүнүктөр менен алмаштырууга болот, мисалы, *достук* же *ден соолук*, алардын ар бири саптын маанисин өзгөртөт. Парадигмалык анализ бизге *сүйүү* деген сөздүн тандалышы кандайча сезимдерди ойготорун көрүүгө мүмкүндүк берет, анткени бул контекстте *сүйүү* бакыттын аныктамасынын борборунда турат. *Сүйүү келип суусун берсе - бактысы* деген сөздүн англис тилине *суусунун кандыруу* деген сөздүн колдонулушу эмоционалдык муктаждыкты белгилейт, ал сүйүү жана бакыттын маданий түшүнүктөрү менен байланышын көрсөтөт, бул бакыт фундаменталдык эмоционалдык каалоолорду канааттандырууга негизделгендигин билдирет. Парадигматикалык анализ белгилүү бир контекстте жеткиликтүү тандоолорду жана алардын натыйжаларын белгилейт.

Дескриптивдик талдоо

Дескриптивдик системасы белгилүү бир түшүнүккө байланышкан сөздөрдүн уюшкан тобун билдирет, көбүнчө өзөктүк сөз же ядро деп аталган негизги терминдин айланасында жайгашкан. Ырдагы ядролук сөз мааниге ээ, анткени

анын маниси системадагы “спутник сөздөрү” менен байланышкан маанилерди камтыйт жана уюштурат [43, 39-б.]. «Аялдардын бактысы» ырында *аял бактысы* түшүнүгүн өзөктүк сөз катары кароого болот жана сыпаттоо тутумундагы байланышкан сөздөр, сөз айкаштары бул түшүнүктү түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

### 3.2. Англис аялдар поэзиясынын котормолоруна лингвостилистикалык талдоо

*1. Англис жана кыргыз аялдар поэзиясына лингвостилистикалык салыштыруу*

Англис адабиятында аялдар поэзиясы өзгөчө орунга ээ. Тематикалык ар түрдүүлүгү, көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу жана коомдук жашоодогу чектөөлөрдү чагылдыруу менен аял акындары адабиятка чоң салым кошушкан [228]. Алар англис адабиятына өздөрүнүн чыгармачылыгын социалдык адилеттүүлүктү жактоо, аялдык укуктарды сактоо, коомдук өгзөрүүлөр менен бирдей өнүгүү сыяктуу маселелерди чечүүдө колдонуп келе жатышат [228].

Элизабет Баррет Браунингдин “Эйминин катаалдыгы” [243] жана Жыпара Исабаеванын “Көзүмдү жумуп алып...” [564, 84-б.] аттуу чыгармаларынын салыштырма талдоосунда сүйүү темалары изилденип, аялдын образынын чагылдырылышы, көркөм сөз каражаттары жана идеялык-тематикалык контексти талданды. Бул бөлүмдө англис жана кыргыз аялдар поэзиясына лингвостилистикалык салыштыруу максатында төмөндөгү аспекттерди камтыган талдоо жүргүзүлдү:

Таблица 3.26 – *Лингвостилистикалык салыштыруу*




Браунингдин “Эйминин катаалдыгы” [243] аттуу поэмасында аялдын жашоосундагы карама-каршылыктар сүрөттөлүп, анын жаныбарларга болгон боорукердиги, сүйгөнүнө болгон кайдыгерлиг жана катаалдыгы карама-каршы коюлат. Ырдын каарманы Эйми коомдук нормалар менен жеке каалоолордун ортосундагы күрөштү жана аялдарга жүктөлгөн коомдук жоопкерчиликти символдоштурат. Поэма аялдардын ролдорунун татаалдыгын көрсөткөн эмоционалдык аспектисин чагылдырат. Ал эми Ж. Исабаеванын “Көзүмдү жумуп алып” [564] аттуу ырында жана анын “Closing My Eyes” [599, 75-б.] аттуу котормосунда аялдын сүйүүсүн идеалдаштыруу жолу чагылдырылган.

Таблица 3. 27 – *Символдор*

| *Көзүмдү жумуп алып…*[564, 84-б.] | |
|---|---|
| *Умуттун үлпүлдөтүп биликтерин,*<br>*Мен сени Тоо дедим, бийик дедим!*<br>*Түнөтүп алып тоону жүрөгүмө,*<br>*Өзүм да ошончолук бийиктедим!* [564] | *Символдор: тоо, бийиктик, билик, бийиктөө.* |
| *Closing my eyes [* 599, 75-б.] | |
| *Igniting the flame of great hope so high,*<br>*I envision you as my highest peak,*<br>*Mounting mountains within my soul, I climb,*<br>*I strive to reach those summits every time.[* 599, 75-б.] | *Mountains, highest peak, flame, summits*<br>*символдор → символдор* |

Ыр каармандын сүйгөнүнө болгон терең эмоционалдык сезимин билдирип, жандуу образдарды колдонуп, сүйгөн адамын тоо, деңиз жана күн катары көрсөтүп, аны күчтүн, тереңдиктин жана нурдун символу катары сүрөттөйт. Котормодо символдордун аткарган ролу сакталып, адекваттуулукка жетишилген.

Таблица 3.28 – *Фонетикалык каражаттардын которулушу*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Кормосу |
|---|---|---|
| *Мен сени асманымда Күн дейт элем, Батынып, тик багуудан сүрдөйт элем, Ошентип, сени сүйгөн жүрөк менен, Эч кимди ушунчалык сүйбөйт элем.* [564] | *You, my radiant sun, in skies above, Your brilliance, I couldn't help but love. My world, my all, to you I'd impart, With a faithful heart, you only held my heart.* [599, 75-б.] | Уйкаштык + Метафора + Персонификация + |

Бирок, мамиленин капысынан үзүлүшү аялдын жан-дүйнөсүн талкалап, жүрөгүнүн аялуулугун ачып берет. Ыр сүйүүнүн морттугунун универсалдуу темасын жана туура эмес ишенимдин же курмандыктын эмоционалдык баасын чагылдырып, романтикалык мамилелерди идеалдаштыруунун кесепеттерин баса белгилейт.

Таблица 3.29 – *Стилистикалык каражаттардын которулушу*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Кормосу |
|---|---|---|
| *О, бир күн ошол жүрөк быркыранып, Экиге тең жарылып, чыркырадык! Тоо урап, деңиз соолуп, Күн да чыкпай, Бүт жолу ишеничтин кулпуланып!* [564] | *But one day, that heart shattered into fragments, Dividing us, evoking tears like morning dew. My mountain crumbled, the sea dried up, The sun ceased to shine, belief obstructed us.* [599, 75-б.] | Уйкаштык + Метафора + Персонификация + |

“Көзүмдү жумуп алып” аттуу ырдагы каарман өзүнүн сүйүктүүсүн *нурдуу күн, чексиз деңиз, эң бийик чоку* катары идеалдаштырат. Бул жандуу сүрөттөлүш анын сезимдеринин күчтүүлүгүн жана жакынына болгон чоң үмүтүн чагылдырат. Ырдагы бузулган мамиленин кесепеттери *талкаланган жүрөк, ураган тоо, соолуп калган деңиз, жаркырап чыкпай калган күн* образдары менен

берилет. Бул сүрөттөлүш эмоционалдык кыйроо жана жоготуу сезимин туудурат. *Тоо кыйрап, деңиз соолуп, күн да чыкпай* деген образдары каармандын эмоционалдык абалынын бузулушунан кабар берет. Бул символдор жоготууну жана терең эмоционалдык толкундоону билдирет: *Тоо урап, деңиз соолуп, Күн да чыкпай [*564*] My mountain crumbled, the sea dried up, The sun ceased to shine.* [599, 75-б.]

Эки ыр тең сүйүү темасын козгоп, аялдардын башынан өткөргөн татаалдыктарын изилдеп, коомдук милдеттерди, жеке конфликттерди жана аткарылбаган күтүүлөрдүн эмоционалдык кесепеттерин чагылдырган. "Эйминин катаалдыгы" коомдук нормаларга шайкеш келүү үчүн ички күрөштү ачып берсе, "Көзүмдү жумуп алып" өзүн-өзү алдаган эмоционалдык баш аламандыкты жана талкаланган романтикалык идеалдын катаал чындыгын көрсөтөт. Бул ырлар биригип, сүйүү жана коомдук күтүүлөр контекстинде аялдардын маселелерин терең изилдөөнү сунуштайт. Ырдын каармандары иллюзияга ашык болуу менен өзүн-өзү алдаганын моюнга алат. Бул ишке ашырууга мүмкүн болбогон туура эмес ишеним темасын жана мамиленин реалдуулугуна азаптуу ойгонууну, *эпифанияны* баса белгилейт. Иллюзияга ашык болуу менен өзүн-өзү алдаганын моюнга алуу адамдын өз сезимдерине карата ички каршылыктын бир түрүн билдирет. Ырдын каарманы романтикалык идеалга сокур ишеним берүүнүн келтирген зыянын түшүнөт. Түп нускада эпифания *этиш+ыптыр+мүчө* аркылуу көрсөтүлөт, ал эми англис котормосунда өткөн чактын формасы менен берилген:

*Көзүмдү жумуп алып <u>сүйүптүрмүн</u>!*

*Көзүмдү жумуп алып <u>жүрүптүрмүн</u>.[*564]

*Closing my eyes, <u>I fell in love</u> with an illusion.*

*Closing my eyes, <u>I have been</u> deceiving myself.* [599, 75-б.]

Мамилелердин кескин үзүлүшү эмоционалдык кыйроо менен коштолуп, каармандын көңүлүнүн калганы көрсөтүлөт.

*О, бир күн ошол жүрөк быркыранып,*

*Экиге тең жарылып, чыркырадык![*564]

*"But one day, that heart shattered into fragments,*

*Dividing us, evoking tears like morning dew."* [599, 75-б.]

Бул мисалдар эки ырдын эмоционалдык динамикасында болгон көйгөйлөрдүн ар кандай формаларын көрсөтөт, эмоционалдык жазалоонун бир түрү болгон көңүл бурбоо, четке кагуу, күттүрүү, өзүн-өзү алдоо сыяктуу каарман дуушар болгон сезимдерди чагылдырат.

Белгилүү акын катары Э. Б. Браунингдин ырларында аялдардын репрезентацияланышы аялдын коомдогу орду, салымы жана камтыган тематикасы жөнүндө түшүнүктөрдү берет.

3.1-графа – *Браунингдин аялдар жөнүндөгү эмгектеринин саны*




Изилдөөдө Браунингдин поэтикалык чыгармалар жыйнактарында [243] топтолгон баллада, сонет, эпос, лирикалык ырлар сыяктуу ар кандай поэтикалык жанрларды камтыган ырларынын ичинен 86 ыры (32%) аялдар жөнүндө экендиги такталды [243].

3.2-графа – *Элизабет Баррет Браунингдин чыгармаларындагы аялдардын категориялары*



Алардын ичинен *акындын сүйгөнү* (52%) категориясы Браунингдин жубайына арнаган сонеттерин камтыйт, жалпысынан "Португалиядан келген сонеттер" [243, 33-б] жыйнагында берилген 44 ыр 52% пайызды түзүп, акындын сүйүү жөнүндөгү эмгектеринин жарымын түзөт.

Мисалы: *Guess now who holds thee? – Death, I said, But there*

*The silver answer rang, -Not Death but Love* [243, 35-б.]

*— Ойло, сени ким кармап турат? – Өлүм, дедим, бирок анда… Күмүштөй шыңгырап жооп келди, - Өлүм эмес, бул сүйүү" деп* [243, 35-б.]

Браунингдин 43-сонети сүйүү сезимин чагылдырган ыр катары белгилүү:

*How do I love thee? Let me count the ways.*

*I love thee to the depth and breadth and height*

*My soul can reach, even when feeling out of sight,*

*For the ends of being and ideal Grace"* [243,77-б.].

*Мен сени кантип сүйөм? Угуп турчу, айтып берем,*

*Менин назик, бийик жана улуу сүйүүм сен үчүн.*

*Болмуштун чегиндеги укмуштуу дүйнө кезип,*

*Жан-дүйнөм көрүнбөгөн сезимге да жетүү үчүн.* [243, 77-б.].

Акын англис поэзиясынын тарыхында белгилүү болгон Петрарх сонеттери аркылуу ал өзүнүн жеке сүйүүсүн гана билдирбестен, акын аялдын образын да жеткирген.

"Эйминин катаалдыгы" поэмасы 1862-жылы "Last Poems" (Акыркы ырлар) жыйнагында басылып чыккан [243, 280-б.]. Ал 13 строфадан жана ар бир строфа ABAB рифма үлгүсүнө ылайык төрт саптан турат, ырда кайчылаш рифма колдонулган. Ар бир строфада 3-4-саптардын акыркы муундары басымсыз болуп, фемининдик рифма жаратат.

*Unless he gives me all in change,*

*I forfeit all things by him [243].*

*Ал мен үчүн болгонун бүт берсе дагы,*

*Ал бергендин баарын мен жоготтум.*

Образдын чагылдырылышынын ритмикалык жана эстетикалык сапаттарын жогорулатуу үчүн фонетикалык жана лексикалык стилистикалык көркөм сөз каражаттары кандайча колдонулганы төмөндө талданды:

*Ритм:* поэмада метрикалык өзгөчөлүгү ырааттуу ямб тетраметр, ар бир сап төрт ямбдан, басымсыз жана басымдуу муундардан турат. Бул үзгүлтүксүз ыргак ырдын музыкалуулугуна өбөлгө түзүп, ырдын уккулуктуулугун камсыз кылат.

*Ассонанс:* үндүү тыбыштардын жакын сөздөрдүн ичинде кайталанышы, мисалы, *He wants my world, my sun, my heaven* жана *I tremble, doubt, ... deny him [243]* деген саптарда байкалып, кайталанган үндүү тыбыштар ыр саптарында гармониялуу, обондуу ыргакты жаратат.

*Консонанс:* үнсүз тыбыштардын кайталанышын, мисалы, *You seem to have stitched your eyelids down* жана *The risk is terrible and strange* деген саптардан байкоого болот, *But when he haunts your door hard* сыяктуу сөз айкаштарында да берилген.

*Рифма:* поэма ар бир строфада AABB рифма схемасында түзүлгөн, анын структуралык жана лирикалык сапатына салым кошот. Рифма схемасы ырдын музыкалуулугун арттырып, эсте калуусуна жардам берет.

*Кайталоо: You never give a look, not you* жана *I hate or ... love him so [243]* деген сөз айкаштарынын кайталанышы каармандын карама-каршы эмоцияларына басым жасап, ритмикалык таасир берет.

*Метафора: And this new loving sets the groove / Too much the way of loathing. [243]. Сүйүү жаңы ойго баштайт, / Жек көрүү толгон жолду тосот.* Метафоралык түрдө *sets the groove - өзгөрүүгө жол ачат* деген сөз сүйүүнүн жаңы формасын билдирет. Бул метафора Эйминин учурдагы мамилесин визуалдаштырууга жардам берип, аялдын образын түшүнүүбүзгө шарт түзөт.

*Аллюзия: The cowslip ball, it flings you to. [243] (Жапайы сары гүл, ал сени көздөй учуп барат).* Келечекти алдын ала айтуу үчүн колдонулган жапайы гүл каармандын сүйүүсүнө карата метафоралык маани берет. Эйми жапайы гүлдүн тез өтүүчү табиятына окшоп, аялдардын сүйүүсү убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү мүмкүн экенин билдирет. *Cowslip Ball* — жапайы гүлдүн бир түрү, аны

*Primula veris* деп да аташат, табияттын, жаздын сезимин берген жайыттын гүлдөрүн билдирет. Ал эми *flings* кыймылды же багытты билдирет. Бул элементтерди айкалыштыруу менен жапайы гүлдүн кооздугу метафоралык түрдө *чачылып*, өткөн кезди эскерүүнү билдирет. Ал табияттын жагымдуулугу кимдир бирөөнү башка реалдуулукка же сезимге түрткөн учурду жаратылып, жаратылыштын өзгөртүүчү күчүн жана анын сулуулугун чагылдырат.

Бул мисалдар англис жана кыргыз аялдар поэзиясында чагылдырылган аялдардын жашоосу, коомдук күтүүлөргө баш ийүүсү, романтикалык мамилелердин эмоционалдык сезимдин бийиктиктерине жана төмөн катмарына чейинки таасир этүүсү изилденгенин көрсөтөт. Акындар ырларында аялдардын алсыздыгын билдирүү үчүн метафораларды колдонгон. Браунингдин чыгармачылыгы коомдук нормаларды жана гендердик динамиканы сындаса, Исабаеванын чыгармасы каармандын обочолонуу жана эмоционалдык көйгөйлөрүн, эмоционалдык кыйроону жана жоготууларды жана мамиледеги жеке күрөштөрдү көрсөтөт. Бул ырлар инсандар аралык өз ара байланыштарга мүнөздүү болгон татаалдыктар жана кыйынчылыктар жөнүндө ой жүгүртүүнү сунуштайт. Белгилей кетчү нерсе, адабият коомдогу көйгөйлөрдү изилдөө жана талкуулоо үчүн объектив бере алса, аларды талдоо аркылуу конкреттүү кырдаалдын ортосундагы байланыштар чагылдырылат.

***2. Майя Энжелоунун ырларына лингвостилистикалык талдоо***

Майя Энжелоунун “Чыгармалар жыйнагы” (1994) аттуу поэтикалык жыйнагы 167 ырды камтыйт [205]. Анын чыгармаларында аялдын образына байланыштуу темалар басымдуу [205]. Талдоо көрсөткөндөй, бул ырлардын 37си аялдардын жашоо көйгөйлөрүнө кайрылат, жалпы жыйнактын 22,15% түзөт. Кошумчалай кетсек, олуттуу көпчүлүгү, 110 ыр (65,87%) аялдын көз карашынан баяндалып, Энжелоунун чыгармачылыгында аялдын көз караштарынын кеңири жайылышын көрсөтөт.

3.3-графа – *Тематикалык талдоо*




Энжелоунун поэзиясы, мисалы, "Phenomenal Woman" [205], "Woman Work" [205] аялдардын күнүмдүк жашоосун даңазаласа, "Our Grandmothers" [205] тарыхый окуяларга кайрылып, муундар аралык күрөштү чагылдырат.

Майя Энжелоунун “Our Grandmothers” [205] / «Биздин чоң энелерибиз» [205, 55-б.] аттуу ырына талдоо көрсөткөндөй, аталышы алгач кадимки балдарын баккан, тамак жасап, жылуулукту камтыган байбичелерди элестетет. Бирок, талдоо менен ыр африка аялдарынын тарыхы жөнүндө терең баянды ачып, афроамерикалык күрөш, эмгек, сүйүү жана эркиндик сыяктуу темаларга кайрылганы көрсөтүлөт. Ыр *I shall not be moved* деген сөздүн кайталанышы менен башталып, каармандын кысымга туруштук берүүгө аракетин көрсөтөт, *muttered, lifting her head* деген сөз айкашы анын боштондукка чыгууну эңсегендигин билдирип турат. Эненин образы *tears slick as oil on black faces* (көз жашы майдай төгүлгөн) деген сөз айкаштары менен сүрөттөлөт. Ырда *Momma* деген тике кайрылуу *Master* деген сөзгө карама-каршы келип, динамиканы көрсөтөт. *Yes* жана *unless* деген сөздөрдүн кайталанышы, *walking* жана *talking* ички рифмасы ырда чыңалуу жаратат. Эненин көз карандысыздыкка умтулган образын *And your lives, never mine to live* (*сенин жашооң менен мен жашабайм*) деген саптар менен чагылдырат.

Таблица 3.30 – *Ырдагы символдор*

| ***Символ*** | ***Мисалдар*** | **Маанисин чечмелөө** |
|---|---|---|
| *Moist dirt / Нымдуу топурак* | *She lay, skin down in the moist dirt* | Жер менен эненин байланышы |
| *Tears slick as oil / Көз жашы май болуп* | *their tears slick as oil on black faces* | Көз жашты майга салыштыруу |

| | | |
|---|---|---|
| *Freedom / Эркиндик* | *a nod toward freedom,* | Боштондукка умтулуу |
| *Floor of innocents / Күнөөсүз адамдар* | *will be executed upon the killing floor of innocents.* | Бейкүнөө адамдардын өмүрү |
| *Steinway pianos / Steinway пианинолору* | *leaning into the curve of Steinway pianos* | Маданий карама-каршылык |
| *Momma faces / Апамдын жүзү* | *These momma faces, lemon-yellow, plum-purple, honey-brown* | Эненин образынын сүрөттөлүшү |

Майя Энжелоунун “Still I Rise” / “Көкөлөп баары бир учамын” (которгон А. Токтоматова, редакциялаган А. Исмаилов) [179, 74-75-бб.] аттуу ырында колдонулган фонетикалык каражаттардын топтому ырдын эмоционалдык интенсивдүүлүгүн жана ритмин жогорулатып, ырдагы эркиндикке умтулуу, күч, эрк темаларын бекемдейт. Ырдагы кайталоо (*Still I rise*) жана аллитерациялар (*You may write me down in history / With your bitter, twisted lies)* түпнускадагы *w* жана *t* тыбыштарынын кайталанышы котормодо *ы, ө, у* жана *а* тыбыштарынан түзүлгөн ассонанс аркылуу лирикалык агымды жаратып, каармандын чечкиндүүлүгүн көрсөтөт.

*Ысмымды тарыхка жазсаң да,*

*Ыпылас сөз менен, чырагым,*

*Өгөйлөп баткакка бассаң да,*

*Өйдөгө чаң болуп чыгамын.* [179, 71-73-бб.]

Түпнускада кыска, декларативдүү сүйлөмдөр жана кайталоо ритмикалык тонду жаратуу үчүн колдонулган, ал эми котормодо татаал сүйлөмдөр жана риторикалык суроолорду колдонуу ырдын лирикалык сапатын сактап, аны кыргыз тилинин табигый агымына ылайыкташтырган, бул ырдын эмоционалдык маанисинин сакталышын камсыз кылган.

Кыргызча котормо Майя Энжелоунун ырынын ритмин, кайталанышын жана образдарын сактап, маданий сөз айкаштарын кыргыз окурмандарына ылайыкташтыруу менен натыйжалуу чагылдырган. Айрым метафоралар, мисалы, *“Still I rise” / “Көкөлөп баары бир учамын”* деген сөз айкаштары ырдын негизги идеясын сактап калган.

1. Транспозиция (грамматикалык өзгөрүүлөр): *You may shoot me with your words → Сөздөрүң ок сымал тешкилеп,* деген саптагы *shoot me with your words* деген сөз айкашы кыргыз тилинде этиштен зат атоочко өтүү менен кайра түзүлүп, синтаксистик структураны өзгөртөт, метафора → салыштыруу менен берилген.

2. Модуляция (категориянын өзгөрүшү): *You may write me down in history / With your bitter, twisted lies → Ысмымды тарыхка жазсаң да, / Ыпылас сөз менен, чырагым* деген саптардагы *bitter, twisted lies (*ачуу, бурмаланган калп) – *ыпылас сөз* деп өзгөртүлгөн, бирок терс маанини сактап калган.

3. Эквиваленттүүлүк (маданий адаптация жана идиомалык сөз айкашы) Мисалы: *Cause I walk like I’ve got oil wells / Pumping in my living room." → Кудуңдап мен жүрсөм, үйүмдөн, / Капылет мунайзат чыккандай.* М. Анжелоу колдонгон мунай кудуктары метафорасы байлыкты, бийликти символдоштурат, каармандын өзүнө болгон ишенимин да көрсөтүп турат. Котормодо капыстан байлыкка ээ болгондой мааниге өтүп, кыргыз коомчулугуна ылайыкташтырылган.

4. Амплификация (тактык үчүн маалымат кошуу): *Leaving behind nights of terror and fear / I rise → Караңгы түндөрдү калтырып, / Кайгысыз, жарыкка сызамын.* Бул сапта карама-каршылыкты бекемдөө үчүн *кайгысыз* деген сөз кошулат. Ошол эле учурда *nights of terror and fear* (коркунучтуу жана кооптуу түндөр) – *караңгы түндөр* деген сөз айкашы менен өзгөртүлүп, кыскартылып, модуляциялык трансформация колдонулган.

5. Адаптация (тааныш эмес түшүнүктөрдү, метафораларды котормо тилдеги эквиваленттер менен алмаштыруу): *I'm a black ocean, leaping and wide → Мухиттей чачылып, төгүлүп* деген саптагы *Black ocean* (түп нускада расалык маанини берүү үчүн колдонулган) нейтралдуу сөз айкашы менен *мухиттей чачылып, төгүлүп* деп берилген.

6. Түшүндүрмө берүү: *Bringing the gifts that my ancestors gave → Калкымдын кыялын артынып* деген саптардагы *белектер* деген сөз котормодо *кыялдар* деп түшүндүрүлүп, метафора айкыныраак берилген.

7. Кайталоо: *I rise / I rise / I rise → Көкөлөп баары бир учамын / Көкөлөп баары бир учамын / Көкөлөп баары бир учамын* деген саптагы сөз айкашы алгачкы эффектти сактап калуу үчүн кыргыз тилинин поэтикалык жана лингвистикалык нормаларына ылайыкташтырылып, котормодо поэтикалык вариация менен кайталанат. Эки компоненттүү сөз айкашы төрт компоненттүү сөз айкашы менен берилет.

Котормо түп нусканын түпкү маанисин сактап калуу үчүн анын эмоционалдык интенсивдүүлүгүн жана маданий өзгөчөлүктөрүн кылдат карап чыгууну талап кылат. Котормодо сөздүн түз мааниси гана берилбестен, түп нускадагы афро-американдык маданияттын өзгөчөлүгү, расалык каршы туруунун символикалык образдары да камтылышы керек экендигин көрсөтөт.

Майя Энжелоунун “Caged Bird” [205] / "Капастагы куш" (котормочу А. Токтоматова, ред. Э. Төлөкова) [179, 74-75-бб.] аттуу ырына жана анын кыргыз тилиндеги котормосуна талдоо менен түп нуска менен котормонун ортосундагы байланыш, ырдын формасы эле эмес мааниси, экспрессивдик каражаттардын аткарган функциясы көрсөтүлдү:

*Мейкинде учат эркин куш,*

*ооздуктап күлүк шамалды.*
*Киринип нурга Күн беттеп,*
*Жебедей көккө кадалды.*
*Шукшурулуп өйдө-ылдый,*
*көркөмдөйт чексиз заманды.*
*Көзүндө жайнайт эркиндик,*
*капасты билбейт караңгы.*
*Капаста жашайт да бир куш,*
*Канаты эрксиз кыркылган.*
*Бутунан торго тушалып,*
*көзүнүн курчу жыртылган.*
*Азаттык эңсеп, ызасын*
*Көмөкөй толо ыр кылган. [179, 74-75-бб.]*

Англис тилиндеги түп нускада ырдын метрикалык өзгөчөлүгү төрт бөлүктөн турган ямбдык ритмикалык, мелодикалык структурасында берилген, мисалы, *caged / bird sings / with a / fearful trill*. Консонанс жана ассонанс /s/ жана /d/ тыбыштарынын кайталанышы менен түзүлгөн: - /s/ *sound sings, soft, sorrow,*

*sibilance; dips, dares, down.* Ал эми котормодо биринчи станзада эркин куштун образы үндүү тыбыштардын гармониясы менен эвфониялык эффект берип түзүлүп, *е, и, ү, ө* тыбыштарынын ээрчишүүсү (*мейкинде, эркин, киринип, жебедей, көркөм*) менен фонетикалык гармония түзгөн, ички рифма жана кайталоо аркылуу ырдын башкы мааниси, б.а. эркин куштун образы сакталган, жагымдуу ритмикалык эффект менен берилген.

Таблица 3.31 – *Фонетикалык каражаттардын которулушу*

| Англис тилинде | Кыргыз тилинде | Фонетикалык каражаттар |
|---|---|---|
| *A free bird leaps*<br>*on the back of the wind*<br>*and floats downstream*<br>*till the current ends*<br>*and dips his wing*<br>*in the orange sun rays*<br>*and dares to claim the sky.*<br>[205] | *Мейкинде учат эркин куш,*<br>*ооздуктап күлүк шамалды.*<br>*Киринип нурга Күн беттеп,*<br>*Жебедей көккө кадалды.*<br>*Шукшурулуп өйдө-ылдый,*<br>*көркөмдөйт чексиз заманды.*<br>[179, 74-75-бб.] | Эвфония үндүү тыбыштардын сингармониясы: *е, и, ү, ө* тыбыштарынын ээрчишүүсү менен түзүлгөн. |

Ал эми экинчи станзада *кыркылган, капас, канат, тор, көзүнүн курчу жыртылган, кайгы, корккон* сыяктуу какофониялык сөздөр маанинин терс жакка өзгөргөнүнөн кабар берет: *Капаста жашайт да бир куш, канаты эрксиз кыркылган* - ырдын мааниси *капастагы куш* каткалаң үнсүз тыбыштарынан турган фонетикалык каражаттар менен коштолгон. Түп нускада *fearful trill*, *grave of dreams* жана *nightmare scream* сыяктуу терс маанини билдирген сөздүк курам колдонулуп, эмоционалдык таасирди жаратат. Кыргыз тилинде котормо ушул тереңдикти сактап, *коркуу, ыза, капас, эрксиз, кайгы* сыяктуу терс коннотацияны билдирген сөздөрдү колдонуп ырдын идеясын натыйжалуу чагылдырат.

Түп нускада ырдын акыркы сабында берилген татаал сүйлөмдүн түзүлүшү үзгүлтүксүз агымды көрсөтүп, баштапкы саптардын ритмикалык жана эмоционалдык интенсивдүүлүгүн сактап, себеп-натыйжа мамилесин көрсөтөт.

Таблица 3.32 – *Синтаксистик түзүлүшү*

| Англис тилинде | Кыргыз тилинде | Синтаксис |
|---|---|---|
| *The caged bird sings* | *Чүрүшкөн капас ичинде,*<br>*дүйнөсү тарып, чөгөт куш.*<br>*Коркутуп аны көлөкө,* | Түп нуска: бир татаал сүйлөм катары берилген ырдын сегиз саптан турган |

| | | |
|---|---|---|
| *with a fearful trill*<br>*of things unknown*<br>*but longed for still*<br>*and his tune is heard*<br>*on the distant hill*<br>*for the caged bird*<br>*sings of freedom*<br>[205] | *чочутат күндө көргөн түш.*<br>*Көмүлүп көргө үмүтү турса да ыры азаттык!*<br>*Талпынып таттуу турмушка чыркылдайт сүйүү таратып,*<br>*угулат үнү дөбөдөн,*<br>*жашоого үмүт жаратып.*<br>[179, 74-75-бб.] | бир станза капастагы куштун үзгүлтүксүз күрөшүн чагылдырат. Котормо: төрт татаал сүйлөмдөн турган түзүлүш тастыктоо, ойлонуу, кубаттоо сыяктуу ритмикалык ыраат жаратып, ырдын түпкү маңызын позитивдүү жеткирген. |

Прагматикалык көз караштан ыр боштондукту эңсеген африкалык-америкалыктардын эңсөөлөрүн камтыйт. Капастагы канаттуунун метафорасы расалык жана социалдык адилетсиздикти билдирет. Котормодо прагматикалык эффект сакталып, туткундагы адамдын каршылык көрсөтүү образдары кыргыз окурмандарына жеткиликтүү резонанс жаратып, эркиндик, боштондук үчүн күрөштү чагылдырат.

Таблица 3.33 – *Лингвопоэтикалык талдоо*

| Аспект | Англис тилинде | Кыргыз тилинде |
|---|---|---|
| Фонетикалык: | Консонанс жана ассонанс: /s/ жана /d/ тыбыштарынын кайталанышы: - /s/ *sings, soft, sorrow (sibilance); dips, dares, down.* | үндүү тыбыштардын гармониясы менен эвфониялык эффект түзүлгөн: /е/, /и/, /ү/, /ө/; үнсүздөр: /к/, /т/, /ш/, /р/ тыбыштары |
| Фонологиялык: | Дабыш, рифма жана ритм (ыргагы): ямб метрикалык өлчөм: ˘ ´ \| ˘ ´ \| ˘ ´ \| ˘ ´: *The caged \| bird sings \| with a fear-\| ful trill.* Рифма: *trill / still / hill.* | 8 муундуу саптардан түзүлгөн; рифма: *шамалды, кадалды, заманды, караңгы / кыркылган, жыртылган;* |
| Морфологиялык | сөздөрдүн түзүлүшү, анын ичинде уңгу, префикстер, суффикстер: *fearful* (уңгу: *fear* + *суффикс -ful).*<br>2) *sings* (уңгу: *sing* + мүчө *-s* 3-жак, жекелик сан, учур чак: *leaps, sings, thinks.* | Суффикстер: жак, сан, чак боюнча уланган, уңгу+суффикс: *эркси*з, *жебедей, жомоктой;* 3-жак, жекелик сан, учур чак: *учат, жашайт, сылайт, ырдайт;* |

| | | |
|---|---|---|
| Синтаксистик | Сүйлөмдүн түзүлүшү - татаал сүйлөмдөр: *But a caged bird stands on the grave of dreams, his shadow shouts on a nightmare scream.* Сөз түркүмдөрү: зат атооч: *bird, wind, cage, freedom.* Этиш: *leaps, floats, sings, thinks.* Сын атооч: *fearful, distant, bright.* | Котормодо татаал жана илептүү сүйлөмдөр колдонулган: *Көмүлүп көргө үмүтү, Турса да ыры азаттык!* Зат атооч: *куш, күн, капас...* Чакчыл: *ооздуктап, шукшурулуп, тушалып;* Этиш: *тыңшайт, жашайт, учат.* |
| Прагматикалык | Контекст: африка тарыхына байланышкан метафоралар: *sings of freedom* деген сөз айкашы ырдоону эмес, кусалыкты билдирет; | Эркиндикке умтулууну билдирет: *His wings are clipped and his feet are tied Кыркылган канат-куйругун, жашоосун ырдайт – чаң баскан.* |
| Стилистикалык | Кайталоолор: *The caged bird sings;* персонификация: *his shadow shouts on a nightmare scream*; символ: *The free and caged birds* | Ономатопея: *- floats down stream / Шукшурулуп өйдө-ылдый ; - narrow cage / Чүрүшкөн капас ичинде; - the sighing trees / Шуулдап дарак кол булгайт; - his shadow shouts / Дирилдейт үнү сайраса; - his tune is heard / Чыркылдайт сүйүү таратып.* |
| Семиотикалык | *The caged bird* - капастагы адамдар (африкалык-америкалыктар). - *The free bird* - бийликтеги адамдар (америкалык); *But a caged bird stands on the grave of dreams / Үзүлүп үмүт тилеги, коркунуч менен жан баккан* - үмүттүн жоголушу менен аяктайт. | *Көмүлүп көргө үмүтү, Турса да ыры азаттык! Талпынып таттуу турмушка Чыркылдайт сүйүү таратып, Угулат үнү дөбөдөн, Жашоого үмүт жаратып.* Котормо позитивдүү *таттуу турмуш, жашоого үмүт жаратуу* сыяктуу сөздөр менен аяктаган. |

Майя Энжелоунун "Капастагы куш" чыгармасынын структурасы, фонетикалык, синтаксистик жана лексикалык стилистикалык каражаттары эркиндик менен боштондукту карама-каршы коюу менен ырдын маанисин тереңдеткен. Ал эми котормодо поэтикалык көркөм сөз каражаттарынын натыйжалуу колдонулушу ырдын маанисин кыргыз тилине эффективдүү жеткиргенге шарт түзгөн.

### *3. Эмили Дикинсондун ырларынын котормосуна анализ*

Америка аялдар поэзиясын изилдөө менен поэтикалык тексттерди талдоонун котормо теориясынын жана Андре Лефевердин жети стратегиясына [388] негизделген анализдин негизинде Эмили Дикинсондун ыры [284] жана анын котормосуна (котормочу И. Казыбекова) [374] талдоо жүргүзүлдү. Которуу ыкмаларынын ичинен Андре Лефеврдин (1945-1996) иштеп чыккан фонетикалык деңгээлдеги котормо, сөзмө-сөз котормо, ритмге басым жасоо менен которуу, поэзияны прозага айлантуу, уйкаштыкка негизделген котормо, ак ыр түрүндө которуу жана интерпретация берүү менен которуу [388], [387] сыяктуу ыкмалары колдонулду.

Таблица 3.34 – *Уйкаштык схемасы*

| | |
|---|---|
| They say that "Time assuages" (Dickinson) [284]. | “Убакыт дарылайт дешти” [374] |
| *They say that "Time assuages" A (7)* | *Убакыт дарылайт дешти, A (8)* |
| *Time never did assuage B (6)* | *Бирок ал дарылоодон кечти. A (9)* |
| *An actual suffering strengthens C (9)* | *Картайганда тарамыштай B (11)* |
| *As Sinews do, with age B (6)* | *Чыныгы кайгы кайра Күчөп кетти. A (11)* |
| *Time is a Test of Trouble D (6)* | *Убакыт-түйшүктөрдү сыноо үчүн, C (11)* |
| *But not a Remedy E (6)* | *Бирок ал даба эмес, алсыз. D (9)* |
| *If such it prove, it prove too F (7)* | *Убакыт даба болгондо, E (8)* |
| *There was no Malady . E (6) [284].* | *Жашоо болмок кайгы-муңсуз. D (8) [374]* |

Түп нускада ырдагы муундар жалпысынан 6, 7, 9 муундуу саптарды түзөт, уйкаштык схемасы ABCB түзүлүштө, ал эми котормодо кыргыз тилинин агглютинативдик мүнөзүнө байланыштуу муундар көбүрөөк болгондуктан 8, 9, 11 муундуу саптарды түзөт. Фонетикалык экспрессивдүү каражаттарга басым жасоо менен котормо тилде маанини сактоо менен баштапкы тилдин фонетикалык каражаттары кайра түзүлгөн. Тексттик деңгээлде котормо тилдеги тыбыштарга баштапкы тилдин тыбыштарын имитациялоо, котормо тилдин өзгөчөлүгүнө байланыштуу аллитерацияны (ассонанс жана консонанс) которууну камтыйт. Бирок тектеш эмес тилдерде толугу менен өзгөртүлүп, компенсация, адаптация, модуляция, ж.б. котормо трансформацияларынын

негизинде фонетикалык каражаттар түп-тамырынан бери өзгөртүлүп, кайра түзүлөт.

Ырды *которууда компенсациялоо, кошуу, алмаштыруу* жана *модуляция* ыкмалары колдонулган. Котормо тилдеги колдонулган ыкма модуляция, мында зат атоочтордун же башка ар кандай грамматикалык бирдиктердин ордуна этиштер берилген, ошондуктан баштапкы грамматикалык бирдиктердин ордуна башка грамматикалык өзгөрүүлөр киргизилип, алмаштырылган. Котормо менен түпнуска тексте колдонулган фонетикалык каражаттар, муундардын өзгөрүшү, уйкаштыктын берилиши тилдердин грамматикалык түзүлүшүнө жараша айырмаланат. Ырдын аталышында, англис тилинде “time assuages” деп, *they* ат атооч колдонулат. Кыргыз тилинде ат атоочтордун ордуна этиштерге суффикс уланып, кыймыл-аракетти ким жасаганын көрсөтүү үчүн кошулган, *time assuages →Убакыт дарылайт дешти* деп которулган. Бул жерде *–ш-ти* (дешти) мүчөсү үчүнчү жак, көптүк санды көрсөтөт. Экинчи сапта автор убакыт эч качан дартын айыктырбасын айтат, биринчи сапта учур чак, экинчи сапта өткөн чак колдонулган - *Time **never did** assuage*, жана анын жардамы менен *“assuage”* рифма да сакталган. Кыргыз тилине которууда биринчи жана экинчи саптарда да өткөн чак колдонулган: *“Убакыт дарылайт дешти, / А бирок дарылоодон кечти."* Экинчи бөлүктө мезгил жөнүндөгү ойлору камтылган. Убакыт чындыгында сыноо жана ал айыктырбайт деген идея: *“There was no Malady”* деген акыркы саптары менен далилденет: *Убакыт - түйшүктөрдү сыноо үчүн / Бирок ал даба эмес, алсыз.* Экинчи сапта да интерпретация ыкмасы ырдын маанисин жеткирүү үчүн колдонулуп, *алсыз* деген сөздү кошуу ырдын негизги темасын сактап калуу максатында колдонулган. Жыйынтыктарга таянсак, ырды англис тилинен кыргызчага которууда колдонулган стратегиялар ырдын маанисин сактоодо колдонулган.

**Үчүнчү баптын кыскача жыйынтыгы**

Поэтикалык тексттердин котормосуна, ошондой эле алардын көркөм жана стилистикалык өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү изилдөөнүн жүрүшүндө алынган

жыйынтыктарды камтуу менен изилдөөнүн үчүнчү бөлүмү котормонун лексикалык тактыгын, түп нуска тексттердин маданий жана эмоционалдык аспектилерин жеткирүү зарылдыгын аныктады.

Лингвостилистикалык стратификация кыргыз аялдар поэзиясынын өзгөчөлүгүн англис тилине которуунун контекстинде кененирээк карап чыгууга мүмкүндүк берери далилденди. Бул котормо методологиясы чыгарманын формасын (ритм, структура) да, анын символдорун жана образдуулугун да сактоого өбөлгө түзөрү далилденген. Поэзиянын котормолорунда кездешкен сема, морфема, лексема, фонема жана жалпы идеясын изилдөө менен талдоонун көп катмарлуу ыкмасы көрсөтүлдү. Бул иерархиялык структура лингвистикалык элементтердин чыгарманын эстетикалык, эмоционалдык жана интеллектуалдык таасирине кандай салым кошорун түшүнүүгө мүмкүндүк берээри аныкталды. Р. Жуманазарова-Шакированын чыгармасынын котормосун талдоо менен изилдөө тектеш эмес тилдерде маани жана көркөм сөз айкашынын кандайча сакталып калганы көрсөтүлдү. Бул ыкма котормо изилдөөлөрүндө өзгөчө баалуу, анткени ал ар бир катмардын тилдик байлыгын жана поэтикалык маңызын сактап калууну камсыз кылат, маданияттар аралык адабий баалоону да жогорулатат.

Герменевтикалык интерпретация маданий өзгөчөлүктөрдүн котормо процессине кандай таасир этерин иликтеп, айрым метафоралар жана идиомалык сөз айкаштары котормодо эмоционалдык таасирин сактоо үчүн адаптацияны талап кылары көрсөтүлдү жана котормодо фонетикалык жана силлабикалык элементтердин маанилүүлүгү берилген. Муундардын санынын жана ритмикалык түзүлүшүнүн анализи көрсөткөндөй, тилдик айырмачылыктардан улам айрым вариациялар пайда болсо да, жалпы обондук агым сакталып калган. Пентатлон принциптерин колдонуу ыр котормолорун баалоонун структураланган методологиясын камсыз кылып, поэзияны которуу изилдөөлөрүнүн кеңири тармагына салым кошот деп жыйынтыктоого болот. Талдоо музыкалык котормолордо маданий жана лингвистикалык адаптациянын маанисин бекемдейт.

Фонетикалык жана синтаксистик стилистикалык көркөм сөз каражаттары жана көркөм кептин лингвостилистикалык каражаттары поэтикалык чыгармаларды которууда талданып, автордун идеясын жана тексттин маанайын жеткирүүдө алардын маанилүүлүгү жогору экендиги көрсөтүлдү.

Ырдын ритмикалык түзүлүшү анын эмоционалдык тонунда негизги ролду ойнойт. Түп нусканын ырааттуу рифма схемасын котормодо айырмаланаары көркөм сөз каражаттарын талдоодо аныкталып, кайталоо жана параллелизмди колдонуу поэманын ырааттуулугун жана таасирин жогорулатаары көрсөтүлдү. Аллитерация, ассонанс жана консонанс сыяктуу фонетикалык экспрессивдик каражаттар ырдын угуу жагымдуулугуна салым кошот, бирок алардын англис тилине которулушу кыйынчылыктарды жаратат. Котормо ырдын фонетикалык байлыгын сактап, бирок эмоционалдык салмагын сактоо үчүн мааниге негизделген стратегияларга көбүрөөк таянат. Бул адаптация үнгө негизделген стилистикалык элементтерди которуунун татаалдыгын белгилеп, ошол эле учурда поэтикалык маңыздын сакталышын камсыз кылаары талкууланды. Синтаксистик стилистикалык каражаттар, анын ичинде параллелизм, инверсия жана кайталоо ритмди жана тематикалык ырааттуулукту жогорулатууда маанилүү ролду ойноору аныкталды. Котормо процесси бул структураларды адаптациялоону камтыйт, ошол эле учурда ырдын стилистикалык бүтүндүгүн сактайт. Жалпысынан алганда, бул анализ лингвистикалык жана поэтикалык элементтердин ортосундагы татаал өз ара аракеттенүүнү баса белгилейт. Айрым стилистикалык өзгөчөлүктөр котормодо өзгөртүүлөрдү киргизүү менен болсо да ырдын негизги темалары жана эмоционалдык таасири сакталып калганы такталган.

Изилдөөнүн кийинки маанилүү натыйжасы кыргыз аялдар поэзиясын англис аялдар поэзиясы менен салыштыруу, бул аялдын образы, ички конфликттер жана социалдык-маданий аспектилер сыяктуу жалпы мотивдерди жана темаларды ачууга мүмкүндүк берди. Браунинг менен Исабаеванын ырларына лингвостилистикалык салыштыруу талдоо көрсөткөндөй, маданий контексттеги айырмачылыктарга карабастан, аял акындар өз чыгармалары аркылуу окшош

эмоцияларды билдиришет, бул аял поэзиясынын дүйнөлүк адабий процесстеги универсалдуулугун тастыктайт.

Англис аялдар поэзиясын которууда англис жана кыргыз тилдеринин ортосундагы тилдик түзүлүштөгү жана маданий контексттеги айырмачылыктардан улам олуттуу кыйынчылыктарды жаратаары көрсөтүлдү. Котормо процесси компенсация, модуляция жана адаптация трансформацияларын кылдаттык менен тең салмактуулугун камтыйт.

Жалпысынан кыргыз аялдар поэзиясынын котормолоруна лингвостилистикалык талдоо жүргүзүү анын уникалдуулугун терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет, ал эми илимий иште сунушталган ыкмалар түп нуска тексттердин көркөм да, маанилик да баалуулугун сактоого өбөлгө түзүү менен котормо процессин олуттуу жакшырта алат деп жыйынтыктоого болот.

# 4-БАП. АЯЛДАР ПОЭЗИЯСЫНЫН КОТОРМОЛОРУН ЛИНГВОСЕМИОТИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ

## 4.1. Кыргыз аялдар поэзиясынын семиосферасы

Юрий Лотман өзүнүн семиосфера теориясында маданият белгилерди татаал тутум экендигин, анын ичинде маани түзүү процесстери жүрүп жаткандыгын көрсөтөт. Семиосфера (semiosphere) грек тилинен (sēmeion ‘sign’ белги (sēma ‘mark’) sphere) алынып, 1984-жылы Лотмандын эмгегинде берилген. Семиосфера ар кандай коддор, тексттер жана тилдер өз ара аракеттенүүчү мейкиндик катары иштейт. Лотмандын өзүнүн аныктамасы боюнча семиосфера: "атайын мейкиндиктеги белгилери бар белгилүү бир сфера, ушундай гана мейкиндикте коммуникативдик процесстер жүрүп, жаңы маалыматтарды түзүү ишке ашырылат” [402, 203-б.]. Лотман семиотикалык системалар семиотикалык мейкиндикте иштейт жана белги башка белгилердин контекстинде болбосо, мааниге ээ болбой тургандыгын ырастайт. Семиосфера атмосфера, гидросфера жана биосфера сыяктуу эле сфера экендиги Хофмайердин эмгегинде да берилип [346], ал башка сфералар менен байланыштын бардык түрлөрүн камтый турганын айтат: кыймылдар, түстөр, формалар, сигналдар, белгилер, кыскасы, жашоонун баардык белгилери кирет. Изилдөөлөргө таянуу менен биз өзүбуз маани жаратып, маңызын түзүп, мааниси боюнча окшош континуумда жашайбыз, билип же билбестен үлгүлөрдү, кодду жана чечмелөө сигналдарын иштеп чыгабыз жана колдонобуз. Бизди курчап турган жашообуздагы белгилерди жана символдорду чагылдырган чыгармаларды жаратабыз, ал белги/символдор эмне экендигин жана ошол эле учурда алардын чечмелениши жана кабылданышы менен алектенүүгө аракет кылуу менен *семиотикалык изилдөөгө* киришебиз. Белгилерге маани берүү процесси *семиоз* деп аталат. Бир эле нерсе ар кандай жолдор менен айтылышы мыйзам ченемдүү процесс, аны чечмелөө аркылуу маани жаратылат.

Лотмандын семиосфера түшүнүгү семиотикалык процесстер жүрүп жаткан мейкиндик жана семиотикалык аалам болуп, анын ичинде маани жаралат, алмашат жана өзгөрөт. Лотмандын айтымында, биосферадан тышкары жашоо мүмкүн болбогондой эле, семиоз да семиосферадан тышкары иштей албайт.

Семиосферанын негизги өзгөчөлүктөрүнө: 1) чектөө, мезгилдештирүү, классификациялоо кирет, семиосферанын ички жана тышкы чек аралары ар кандай маданий жана тилдик системаларды бөлүп турат, тексттердин, символдордун жана маанилердин белгилүү бир маданиятта кандайча чечмеленишине таасир этет. 2) Гетерогендүүлүк түшүнүгү семиосфера дайыма бирдей эмес, ал динамикалык өз ара аракеттенген ар кандай семиотикалык структуралар, тилдер жана подсистемалардан тураарын билдирет. 3) Семиосфера белгилерди жана символдорду тынымсыз кайра чечмелөөгө жана которууга мүмкүндүк берет, бул маданий алмашууну жана инновациялардын пайда болушуна мүмкүнчүлүк берет. 4) Семиосферанын дагы бир өзгөчөлүгү - белгилерди борбордук жана перифериялык алкактарга жайгаштыруу менен изилдөө: семиосферада айрым тексттер, символдор жана тилдер басымдуу борборду ээлейт, ал эми башкалары периферияда жайгашат жана борбордук маани жаратуу процесстерине каршы чыгышы же аларды өзгөртүшү мүмкүн. Ар бир мезгилдин өзгөчөлүгүнө жараша алкактарга жайгаштыруу өзгөрүп турат.

Кыргыз аялдардын поэзиясынын семиосфералык анализи символдордун, маданий референстердин жана эмоционалдык чагылдыруунун өз ара аракеттенүүсүн ачып берди. Аялдардын поэзиясы жеке жана жамааттык маданий эс тутумдун өз ара аракеттешүүсүн чагылдырып, жаратылышка, аялдардын коомдогу ролуна жана күндөлүк жашоого кайрылуусу чагылдырылган. Эне болуу, сүйүү, жоготуу жана кусалык сыяктуу темалар образдар жана метафоралар аркылуу берилип, акындардын чыгармалары көбүнчө салттуу жана заманбап символдор менен байланышып, алардын социалдык-маданий жана саясий контекстте өзүлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн кантип көрсөткөнү чагылдырылган. Семиотикалык анализ кыргыз аялдарынын эмоционалдык жана психологиялык абалдары жөнүндө түшүнүк берет. Семиосфера ошондой эле бул

акындар тилди колдонуу, сөз айкаштарын түзүү менен, айрыкча гендердик жана социалдык күтүүлөргө байланыштуу кандайча колдонушарын көрүүгө болот. Кыргыз аялдар поэзиясынын семиосферасын талдоо менен кыргыз тилинен англис тилине которуу бул ырлардын семиосферасын кандайча өзгөртөөрү, кандай семиотикалык өзгөрүүлөр болгону көрсөтүлөт. Мисалы, азыркы учурдагы кыргыз аялдар поэзиясынын төртүнчү доорунун акындарынын борбордук алкакта жана перифериялларда жайгашкан темалары төмөндөгүдөй:

4.1-графа – *Заманбап кыргыз аялдар поэзиясындагы кездешкен темалар*

Семиосфера теориясын кыргыз аялдар поэзиясына колдонуу менен анын өнүгүшүн мезгилдерге бөлүп, тарыхый, социалдык жана маданий контексттин динамикасын чагылдырган семиотикалык катмар катары талдоого болот. Кыргыз аялдар поэзиясынын тандалган ырлар жыйнактарынын негизинде түзүлгөн антологияга Кыргызстандын көрүнүктүү аял акындарынын чыгармалары жана котормолору киргизилди. Мисалга алсак, Меңди Мамазаирова, эненин аткарган кызматына өзгөчө көрк берип, энелердин ордун өтө жогору баалоо менен сүрөттөйт:

*Эр эмесмин!* *Эрди тууган энемин.*

*Элим үчүн,*
*Эр өстүрүп келемин. [579]*
*(Меңди Мамазаирова)*
*I am not a hero!*

*I am a mother who gave birth to a hero.*
*For my nation,*
*I am nurturing a son of valor.*[599, 16-24-бб.]

Кыргыз аял акындарынын англис тилине которулган поэзиялар жыйнагы таланттуу аялдардын чыгармачылыгын жеткирүү менен поэзиянын жашоодогу бири-бирибизди түшүнүүгө жардам берүү жана олутуу өзгөрүүлөргө багыт берүүчү, жаңы идеяга шыктандыруучу күчү бар экенин маалымдоо максатын көздөгөн. Кыргыз аял акындары жараткан ырлар Сагын Акматбекованын поэтикалык сөздөрү менен айткандай окурмандарга дем берет деп ишенебиз:

*Өлсөм, акса сан түрлүү доор, сан кылым…*
*Өзгөрбөгөн бир дем калса ырымда.*
*Чаңдууну жууп, чанкаганды кандырып,*
*Жалгызга жар, жарык болсо муңдууга. (С. Акматбекова)[540]*
*Even after countless days beyond my demise,*
*May my verses endure for centuries to come.*
*Cleansing dust, quenching the thirst of souls,*
*May my verses lending solace to solitary hearts. [572, 36-б.]*

Поэтикалык чыгармалар жаратылышка суктанып, кыргыз каада-салттарына сүңгүп, жагымдуу ыр саптары аркылуу жалпы адамзатына тийиштүү универсалдуу темалар жөнүндө ой жүгүртүүгө түрткү берет. Ырларды которуу, көркөм сөз каражаттарын жана котормо жолдорун түшүнүү менен акындардын ой-сезимдерин, алардын ырларынын кооздугун да жана татаалдыгын да изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз аялдар поэзиясын которуу максатында чыгармалар ар кандай маалымат каражаттарынан, басылмалардан, веб-сайттардан жана өздүк баракчалардан алынып, кыргыз аял акындарынын реалдуу дүйнөдөгү аудиторияга арналган поэзиялык чыгармаларын камтыйт. Жыйнактарда эки тилдин тең өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү үчүн ырлар эки тилде берилген. Бул демилге менен кыргыз акын аялдарынын чыгармаларын жайылтуу, кыргыз маданиятын англис тилдүү дүйнөлүк адабиятка тааныштыруу, жаңы чыгармаларды талдоо жана дүйнөлүк маданияттар арасында кыргыз маданиятынын ордун котормолор аркылуу изилдөөгө багытталган.

Кыргыз аялдар поэзиясынын табияты, маңызы, маданий өзгөчөлүктөрү, коомдогу орду, англис тилине которулуш өзгөчөлүктөрү, ырлардын жана котормолордун лингвостилистикалык, семиотикалык багытта талданышы сыяктуу маселелерди чечүү максатында 65 кыргыз аял акындарынын тандалган 614 ыры жана алардын англис тилиндеги котормосу камтылган жыйнактардын негизинде түзүлгөн [573]. Антология кыргыз поэзиясынын маданий жана тилдик мурасын сактап, аны дүйнөлүк аудиторияга таанытып, социалдык өзгөрүүлөрдү, каада-салтты улантуу менен маданий баалуулукту камтыган ой жүгүртүүлөрдү чагылдырат [573].

Кыргыз аялдар поэзиясын англис тилине которуу бир топ кыйынчылыктарды жаратат, анткени ал тилдин өзгөчөлүктөрүн, маданий контекстти жана эмоционалдык тереңдикти чагылдырууну талап кылат. Которууда түп нуска ырдын маңызын жана таасирин сактап калууга умтулуу менен идиомаларды, метафоралык тилдеги жана маданий шилтемелердеги айырмачылыктарга багыт алуу менен аткарылган. Мындай кыйынчылыктарга карабастан, котормо аракети тилдик жана маданий ажырымдарды жоюуда чечүүчү роль ойноп, кыргыз аялдар поэзиясынын жеткирүүгө мүмкүндүк берет. Кыргыз аялдар поэзиясы кээ бир окумуштуулардын, илимпоздордун эмгектеринде талкууланып, мисалы, “Жети жаш автор” долбоорунун 2022-жылдагы жеңүүчүсү Ашира Кулишевага жагымдуу пикир калтыруу менен, Муратов А. Ж. “Өзүңдүн жан дүйнөң өзүңдү бактылуу кылат!” [40, 123-б.] аттуу макаласында кыргыз кыздар поэзиясынын башкы белгиси – XX кылымдын 70-80-жылдарындагы кыргыз “кыздар поэзиясынын” салттарын жакшы өздөштүрүп чыккан акын кыз катары сүрөттөлгөн [40, 123-125-б.]. А.Ж. Муратовдун айтуусунда *“биздин кыргыз поэзиясында бир агым пайда болгон, асыресе, өткөн кылымдын 60-жылдарында Майрамкан Абылкасымованын жазгандарынан бир кыйла көрүнүп, кийин Сагын Акматбекованын ырларынан, өзгөчө ак ырларынан улуттук поэтикалык казынага кирип алып, 70-90-жылдарда Алымкан Дегенбаева, Роза Мукашова, Роза Карагулова, Шербет Келдибекова, Айгүл Узакова, Калбү Сариева, Үрниса Маматова, Бурулкан Карагулова ж.б. акын кыздар “батальонун” чыгарган*

*“кыздар поэзиясы” деген феномен” экендигин белгилейт [40, 124-б.].* А. А. Эгембердиеванын диссертациясында аялдар поэзиясынын пайда болуу, өнүгүү абалы аныкталып, тарыхый өнүгүүсүн системага салып, алардын көркөмдүк табиятын, идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрүн мезгилдик алкакта салыштырууга алуу, жыйынтыгында дээрлик бир кылымдык адабий процессти аялдар поэзиясынын мисалында ачып берүү аракеттери жасалган [200]. Кыргыз адабиятын мезгилдештирүү Качкынбай Артыкбаевдин “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” атту эмгегинде берилген [16, 14-б.]. Бирок бул кыргыз адабиятынын тарыхын 656 баракты камтыган илимий эмгекте аялдар жөнүндө чыгармалар бар, бирок аял акындары же жазуучулары жөнүндө сөз болгон эмес.

Кыргыз аялдар поэзиясынын XX кылымдын башынан XXI кылымдын башына чейинки доорду камтыган бир кылымдык мезгили каралып, Кыргызстандын өнүгүп жаткан коомдук-саясий абалын төрт доорго бөлүп кароого аракет жасадык [573]. Кыргыз аялдар поэзиясынын төрт доорго бөлүнүшү семиосфералык традиция менен жаңылыктардын маданий мейкиндиктеги өз ара байланышын чагылдырган Лотман моделине мыйзам ченемдүү туура келет. Ар бир доор семиосферанын өзүнчө катмары болуп саналат, анда эски белгилер өзгөрүлүп же жаңылары менен алмаштырылып, коомдук жана маданий контексттеги өзгөрүүлөрдү чагылдырат.

4.2-графа – *Кыргыз аялдар поэзиясынын төрт мезгилге бөлүнүшү*

1) *Биринчи доор (1922-1941) XX кылымда башталып,* Совет бийлигинин алгачкы жылдарында пайда болгон, 1922-жылдан 1941-жылга чейин Кыргызстанда болуп өткөн кеңири коомдук-саясий өзгөрүүлөрдүн шартында революция, аялдардын укуктары, коомдогу ролун аныктоо, билим алуусуна шыктандыруу, сүйүү, үй-бүлө жана табият темаларын социализмдин кеңири контексти менен айкалыштырган. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында кыргыз маданияты жаңы семиотикалык чөйрөгө кирип, анда социализм идеологиясы жана модернизациялоо милдеттери үстөмдүк кылган *код* болуп калган. Бул контекстте аялдардын поэзиясы кеңири советтик маданий моделдин ичинде *суб-код* катары калыптана баштаган. Кыргыз аялдар поэзиясынын алгачкы доору чоң мүмкүнчүлүктөрдүн да, олуттуу кыйынчылыктардын да мезгили болгон. Бул доордун акындары Советтер Союзунун татаал жана көбүнчө репрессиялык саясатын чагылдырып, өз чыгармалары аркылуу жаңы улуттук өзгөчөлүктү жаратып, азыркы кыргыз адабиятына негиз салышкан. Бул доордун акындары советтик идеологиянын татаалдыгын, кыргыздын салттуу маданий баалуулуктарын, согуштун жана саясий репрессиянын катаал чындыгын баштарынан өткөрүшкөн. Акындар кыздарга шык берүүчү, алга сүрөп, окууга, жаңы жашоого, өнөргө үндөгөн ырлар пайда болгон. Мисалы, *“Турмуштун терең сырын билем десең, / Миң өнөр бир башыңа аздык кылбас” [558] / “If you want to know the secret of life, A thousand skills for you won’t be a lot”* (Н. Жетикашкаева “Курдаш”) [570].

Совет мезгилинде пайда болгон алгачкы аялдардын поэзиясындагы негизги темаларга с*оциалдык өзгөрүүлөр (компартия, совет өкмөтү) кирет*.

*Мезгилинде билимдин,*
*Миңин билгин кыздар, ай.[558]*
*Girls, you are young, gather*
*Rich knowledge in your time*. (Н. Жетикашкаева, Кыздар ай) [570].

*Аялдардын укуктары жана милдеттери:* акындар аялдардын эмгекке катышуусу, жаңы эркиндиктери, жоопкерчиликтери жана милдеттери жөнүндө даңазалап чыгышкан, мисалы:

*Элим-жерим, энем-атам кечирчи,*
*Эмгегим аз, менде акыңар көп экен.[534]*
*My people, my country, my parents, forgive me—*
*I've done so little, yet you've done so much for me.* (С. Абдыкеримова) [544, 9-б.]
*Элим-жерим карааныңдан кагылам,*
*Эки ай катар көрбөй калсам сагынам.[534]*
*My people and my land, your existence moves me.*
*Two months away, and I ache with longing for you*. (С. Абдыкеримова) [544, 9-б.]

*2. Кыргыз аялдар поэзиясынын экинчи мезгили*

Кыргыз аялдар поэзиясынын экинчи этабындагы көрүнүктүү тема согуш учуру болгон. Улуу Ата Мекендик согуш (1941-1945) Кыргызстанга чоң таасирин тийгизип, калктын олуттуу бөлүгү согушка мобилизацияланган. Бул мезгилдин поэзиясы кыргыз элинин, өзгөчө аялдардын үй чарба иштерин жүргүзүүгө, завод-фабрикаларда иштөөгө жана ар кандай кызматтарда иштөө менен согуш аракеттерине колдоо көрсөтүүгө мажбур болушкан. Алардын поэзиясы жоготуу, курмандык жана чыдамкайлык сезимдерин чагылдырат. “Эненин каргышы” (Сатин Абдыкеримова) аттуу ырда берилгендей, аялдардын түйшүгү андан да көбөйүп, эркектердин да милдетин аткарууга аргасыз болушкан.

*Жалгызым жоого аттанып,*
*Жүрсөңда элдин четинде.*
*Аманың тилеп жүрчү элем,*
*Ар күнү эрте кечинде. (С. Абдыкеримова)[534]*
*My lonely child went to war,*
*Now stands on the edge of the land.*
*I prayed for your safety,*
*Day and night, in every prayer. [573]*

Ырда эненин терең кайгысы, баласынын Улуу Ата Мекендик согуштагы кооптуу абалына тынчсызданууcу чагылдырылып, анын амандыгын тилеген кайгылуу учурду баяндайт. Кыргыз акын аялдарынын экинчи тобунун негизги темалары патриотизм жана улуттук иденттүүлүк, социалдык өзгөрүү жөнүндө болгонуна акындардын ырлары мисал боло алат:

*Толгон байлык жериңди,*
*Душмандарга алдырба;*
*Эл баатыры эсен кел,*

*Эрдик менен жоо сайып" (Н. Жетикашкаева)[558]* сыяктуу ырлар менен шыктандырып, поэзиянын күчү менен колдоо көрсөтүшкөн. Аялдын аткарган кызматын даңазалоо, компартияны урматтоо, сүйүү, жоготуу, жаратылыштын сулуулугу, күнүмдүк турмуштун күрөшү сыяктуу темаларды жазышып, көбүнчө салттуу кыргыз маданиятынын советтик режимге калыптанышын чагылдырышкан.

| | |
|---|---|
| *Кандай сонун* | *How lovely,* |
| *Поэзия канатында* | *On the wings of poetry,* |
| *Кайып учуп кайтышың.* | *To fly away and return.* |
| *Бирок кыйын* | *Yet it is hard—* |
| *Казан-аяк калдырабай,* | *Leaving stove and dishes,* |
| *Кала тур деп айтышың* | *To silence their clatter and rumble*. |
| (Т. Адышева) [535] | [570] |

Биринчи жана экинчи топтун катарына кыргыз элинин эң көрүнүктүү классик акындарын кошууга болот: Нинакан Жүндүбаева, Нуркамал Жетикашкаева, Сатин Абдыкеримова, Тенти Адышева, Зуура Сооронбаева, Жумакан Тынымсейитова, Субайылда Абдыкадырова, Майрамкан Абылкасымова, Мариям Буларкиева, Гүлсайра Момунова, Шакен Мамбетайпова, Дүйшөбүбү Жамансартова, Алымкан Дегенбаева, Меңди Мамазаирова, Алымкан Тыналиева, Роза Карагулова [572].

*3. Кыргыз аялдар поэзиясынын үчүнчү доору: постсоветтик эгемендүүлүк жана өткөөл мезгил.* Үчүнчү мезгил (1991-2000) өткөөл мезгилде пайда болуп, Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушу, иденттүүлүк, улутчулдук жана маданий кайра жаралуу темаларынын жанданышы менен коштолду.

Өткөөл мезгилдин акындарына кыргыз элине эмгеги сиңген көрүнүктүү акындарды кошууга болот: Алмаш Чойбекова, Тазагүл Закирова, Роза Мукашева, Азада Бегимкулова, Сагын Акматбекова, Шербет Келдибекова, Ранат Айталиева, Айгүл Узакова, Урниса Маматова, Калбүбү Сариева, Зулайка Мурзатаева, Керез Зарлыкова, Гүлжамила Шакирова, Бактыгул Чотурова, Салтанат Орозобекова, Мая Осмонкулова, Бурулкан Карагулова, Фатима Абдалова, Алтынай Темирова, Нурбүбү Бөдөшева, Бубайша Арстанбекова, Майра Керим Кызы, Райхан Таштемирова, Кундузбү Маматова, Элмира Ажыканова, Динара Бейшеналиева, Жыпар Исабаева, Венера Бөлөкбаева, Болдукан Мамбеталиева, Назгүл Осмонова [572].

Өткөөл замандагы кыргыз аялдар поэзиясынын эволюциясы советтик мезгилде башталып, пост-советтик доордо уланып, азыркы учурдагы коомдун татаалдыгын жана андагы аялдардын тажрыйбасын чагылдырып, өнүгүү жолун улантууда. Алар жалпы адамзат жөнүндө, дүйнөдөгү тынчтык жана бир улуттун же өлкөнүн локализацияланган тажрыйбасынын чегинен чыгып, ар түрдүү маданияттар арасында көбүрөөк байланышка көңүл бурушат.

*Дүйнө эли тынчтык сага тилегим*
*Көп жерлерде өлүм… азап… билемин*
*Пейлибизди ондойлучу адамзат!*
*Бейпилдикти сүйүп турат жүрөгүм!* (К. Зарлыкова “Аруу тилек”) [562]
*People of the world, I wish you peace—*
*Though death and suffering haunt many places.*
*Humanity, let us align our intentions and wishes,*
*For my heart longs for peace and serenity!* [544, 21-22-бб.].

Аялдардын ролу кыргыз улуттук салттарга терең тамыр жайган бойдон калса да, көбүнчө заманбап жашоо менен маданий каада салтты тең салмактуу сактоого умтулушкан. Өнүгүп жаткан социалдык динамикага карабастан, аялдар үй-бүлөлүк жана коомчулуктун баалуулуктарын сактоодо негизги ролду аткарууну улантууда:

*Мен ошолмун, дал ошондой аялмын,*
*Жаманың жуып, жакшылыгың жаярмын*! (Г. Шакирова) [594]
*I am exactly this kind of person, a woman,*
*I conceal your faults and amplify your virtues* [545, 36-37-бб.].

*4. Кыргыз аялдар поэзиясынын төртүнчү доору (азыркы учурдагы поэзия)*

Кыргыз аялдар поэзиясынын төртүнчү доору аялдар туш болгон эмоционалдык жана социалдык көйгөйлөрдү, айрыкча миграция жана экономикалык кыйынчылыктарды чагылдырат. Бул доор үй-бүлөсүн багуу зарылдыгынан улам мекенин таштап Орусия, Европа жана Корея сыяктуу чет мамлекеттерге иштегени кеткен аялдардын үнүн камтыйт. Ж. Исабаева ырында алыска кеткен эненин, аялдын, кыздын айласыз сапарындагы терең кайгыны жана курмандыкты чагылдырган [564]. Ал аялдын ден соолугунан, жаштыгынан жана сулуулугунан ажыраганын, баары үй-бүлөсүн каржылоо зарылдыгынан келип чыккан абалды сүрөттөйт. Ырда балдарынан ажырап, артта калган бош бешиктерди, эненин бапестеп баккан мээриминен ажыраган наристенин

тагдыры, төрөлбөй калган ымыркайдын кайгысын сүрөттөйт. Ыр кыргыз аялдарынын экономикалык миграциянын татаал реалдуулуктарын багындырып, үй-бүлөсүн багуу талабы менен мекенинен алыс болуусу менен алардын күрөшүн курч чагылдырат.

Таблица 4.1 – *Азыркы учурдагы поэзиянын темалары*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Темалары |
|---|---|---|
| *Ден соолугум,*<br>*жаштыгымды, назымды,*<br>*Садага чаап*<br>*капчыгы үчүн калкымдын.*<br>*Канча эне*<br>*калды бала ‘‘өңөрбөй”,*<br>*Канча бешик*<br>*турат бөбөк бөлөнбөй?!*<br>*(Ж.Исабаева) [564]* | *I sacrificed my health,*<br>*my youth, my beauty's grace,*<br>*all for the purse of my nation,*<br>*a challenging chase.*<br>*How many babies were left,*<br>*without a mother's embrace,*<br>*how many cradles unrocked,*<br>*in unfamiliar space? [599, 67-74-бб.]* | Экономикалык көйгөйлөр<br>Миграция<br>Бөлүнгөн үй-бүлө<br>Таштанды балдар<br>Демографиялык маселелер |

Пост-советтик кыргыз аялдар поэзиясында кээ бир терс салттарга каршы күрөшүү бар. Каада-салттардан баш тартууну символдоштурган баалуулуктарды жана карылыкты баалоону күлүктү символдоштуруу менен чагылдыруу Б. Чотурованын «Тулпарды сойбогула» аттуу ырында берилип, салт болуп калган көрүнүшкө каршы үндөп, акын маданий символдорду урматтоону жана сактоону жактап, эскирген үрп-адаттарды сокур карманууунун үстүнөн ой жүгүртөт:

*Баарыңар тойлогула,*
*Бирок да ойлогула,*
*Тушу өтүп кетсе дагы,*
*Тулпарды сойбогула!* (Б. Чотурова) [592]

*Find limitless amusement,*
*But consider it deeply.*
*Even as it ages, please,*
*Do not slaughter a racehorse!* [599, 53-54-бб.]

Азыркы жашоодогу байлык менен жакырчылыктын кескин карама-каршылыгын баса белгилеп, бай–кедей, токчулук, жакырчылык сыяктуу жашоонун оң-терс жактарын сындап, алардын карама-каршылыгын чагылдырган парадоксалдуу чындыкты көрсөткөн ырлар жазылууда. Байлар байлыктан ырахаттанып, ал эми кедейдин жупуну үйдөгү күрөшүн чагылдырып, социалдык-экономикалык терең ажырымдарды ачып көрсөтүү аркылуу диспропорция бар экендиги көп ырларда көрүнөт. Кошумчалай кетсек, өлүм

темасы, душмандар менен бетме-бет келүүгө мажбур болуу темалары советтик таасирлерден азыркы чакырыктарга өтүп жаткан коомго мүнөздүү парадоксторду белгилеп, турмуштун ачуу чындыктарын кенен ачып берет:

*Бир кембагал алачыкта күн көрсө,*
*Хан сарайга итин багат бир кексе.* (С. Орозобекова “Парадокс”)[582]
*A poor man struggles to survive in his humble hut,*
*While a rich man keeps his dog in a lavish palace. [544, 28-29-бб.]*
*Жаша, бирок унутпагын өлөөрүң,*
*Душмандарың кошо келип көмөөрүн*. (М. Осмонкулова) [584]
*Live, but remember you will die,*
*Your enemies will come and bury you. [544, 30-б.]*

Кыргыз аялдар поэзиясынын төртүнчү доору Кыргызстан постсоветтик эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки олуттуу коомдук, саясий жана маданий өзгөрүүлөрдүн шартында пайда болгон. Бул мезгил, 1990-жылдардын башынан баштап, азыркы учурга чейин созулуп, кыргыз акын-жазуучуларынын COVID-19 пандемиясы жана саясий туруксуздук өңдүү глобалдуу маселелер менен күрөшүп, эгемендүүлүккө ээ болгон мамлекеттин татаалдыктарын багындырып жатканын көрүүгө болот. Кыргыз акын аялдары өздөрүнүн жеке ой-пикирлерин кеңири социалдык комментарийлер менен айкалыштырып, учурдун көйгөйлөрүнө аралашуусу менен өзгөчөлөнөт. Темалар иденттүүлүк, эркиндик, маданиятты сактоо жана азыркы замандын чакырыктарын камтыйт. Глобализациянын таасири, экологиялык көйгөйлөр жана тез өзгөрүп жаткан коомдо аялдардын ролу алардын чыгармаларында кайталануучу мотивдер. Айрыкча 2020-жылдагы пандемия алардын поэзиясына терең таасирин тийгизип, обочолонуу, жоготуу жана туруштук берүү темалары басымдуулук кылат. Акындар бул мезгилдин эмоционалдык жана психологиялык абалын курч чагылдырып, жамааттык тынчсызданууларды, келечекке болгон үмүттөрүн ыр саптары менен чагылдырышкан. XXI кылымда жазып баштаган акын кыздардын катарына төмөндөгү акындар толуктады: Рахат Аманова, Айжаркын Эргешова, Гүлзада Станалиева, Айзада Абазова, Аида Эгембердиева, Рахат Жуманазарова-Шакирова, Нарсулуу Гургубаева, Афина Бакирова, Ашира Кулишева, Жазгүл Жамангулова, Кыял Тажиева, Калича Жакыпова, Махабат Касеинова, Нуриза

Өмүрбаева, Музфира Мамытова, Тахмина Эсеналиева, Ирада Эргешова, Санира Сыдыкова, Перизат Алмаз Кызы, Ырысгүл Изатова [545].

Кыргызстанда көптөгөн аялдар мүмкүнчүлүктөрдү издеп, көбүнчө өз мекенинен алыс кетип, экономикалык күрөшкө туруштук берүү үчүн миграцияда жүрүп, терең кыйынчылыктарга туш болушат. Кыйынчылыктарга жана жер которуу маселелерине карабастан, алардын туулуп-өскөн жери менен болгон байланышы эңсөөнүн жана эмоционалдык кагылышуунун курч булагы бойдон калууда.

*Сүрүлгөн мекенинен тыйын үчүн,*
*Сүргүндү өтөп жүргөн кайран чагым.*
*Сүйкүмсүз кызы болом мекенимдин,*
*Сүргүнгө айдаса да сүйөм!-деймин*. (Р. Аманова) [543]
*Expelled from my homeland due to poverty,*
*I am enduring exile in a foreign land.*
*I am an unloved daughter of my motherland,*
*Yet I still love and yearn for you, my homeland. [544, 36-б.]*

Акындар заманбап жана ааламдашуу шартында кыргыздын маданий каада-салттарынын сакталышы жөнүндө көп ой жүгүртүшөт. Азыркы учурда жаралып жаткан ырлар өз эне тилин, мурасын жоготуунун ачуу чындыгын ачык чагылдырып, маданий жана инсандык ыдыроонун терең сезимин берет. Алар көбүнчө жакырчылыктын оор кесепеттерин сүрөттөшөт, мында жашоо үчүн күрөш айрым адамдарды өз жерин жана маданий өзгөчөлүгүн, кээде чет элдик сатып алуучуларга сатууга мажбурлайт.

*Тил барат өлчүдөй жөтөлүп,*
*Дил турат ачкадан өзгөрүп.*
*А балаң бараматат базарга,*
*Өз жерин сатканга көтөрүп*. (Жазгүл Жамангулова) [557]
*The mother tongue coughs, almost to its demise,*
*Our souls starve, changing in these times,*
*And your son goes straight to the market,*
*To sell his own native plot of land. [544, 73-75-бб.]*

Коомдук-саясий абал

Төртүнчү доордун акындары Кыргызстандын мамлекет катары туш болгон көйгөйлөрүнө кайрылышат. Алар саясий туруксуздукту, коррупцияны жана

эгемендиктен кийинки мезгилде пайда болгон социалдык маселелерди, анын ичинде 2020-жылдагы саясий кризистин таасирин сынга алышат.

*Жумушумду алмаштырдым быйыл да,*
*Мындан деле жарыбадым тыйынга.* (Аида Эгембердиева) [597]
*This year, I changed my job again,*
*But still, I haven't earned much here. [544, 58-59-бб.]*

Азыркы кыргыз поэзиясында үй бүлөсүн таштап кетүү, энелик мээримден ажыратуу, кароосуз калган карылар жана балдар сыяктуу тыюу салынган темалар көбүнчө орун алып, тереңде жаткан коомдук маселелер баяндалат. Музфира Мамытованын таштанды кыздын жеке эмоционалдык ой толгоосун чагылдырган ыр саптары кайдыгер апалардын же башка инсандардын абийирин ачуу менен баланын айтылбаган азаптарын ачыкка чыгарат.

*Келбедиң "апа" аттуу бейтаанышым,*
*Керегиң ташка тийсин мындан ары!* (Музфира Мамытова) [581]
*You never came, my unknown, cruel mother,*
*Now I don't need you; I will endure it all alone. [544, 86-87-бб.]*

Чыгармалар кыргыз элинин өнүгүп жаткан өзгөчөлүгүн жана улуттун уланып жаткан күрөштөрүн жана жеңиштерин түшүнүүнү сунуштап, заманбап көйгөйлөргө терең киришүү менен өзгөчөлөнөт.

*УШУЛ ДООР – ...Коркок доор*
*Катаны көрүп туруп үн катпаган,*
*Чайкаган башын толук муң каптаган. [588]*
*HIS ERA IS... Cowardly Era*
*You stay silent when witnessing a mistake,*
*Your trembling head heavy with sadness* (Кыял Тажиева) [544, 79-80-бб.].

Кыял Тажиеванын "Ушул доор" ырында берилгендей "Коркок доору" аракетсиздик жана коркуу сезими менен жапа чеккен коомду чагылдырса, "Тойбогон доор" күч алган ач көздүк менен эксплуатацияны көрсөтөт. "Аял доору" өзгөрүп жаткан гендердик ролдорду жана коомдук күтүүлөрдү баса белгилеп, бул кеңири өзгөрүүлөрдүн алкагында аялдардын милдеттери кандай көбөйүп жатканын көрсөтөт.

Жалпысынан алганда, азыркы убактагы акындар жаңы доорду даңазалап, келечекке болгон умтулууну билдирет жана ички терең сезимдерин ачык айтып, даңазалоо же шыктандыруу максатында эмес, өз тажрыйбасы менен бөлүшүү,

сезимдерин көркөм жеткирүү, эң негизгиси чындык менен айтып берүүсү менен айырмаланышат. Мисалы, азыркы замандын кызы катары Перизат Алмаз кызы ички сезимин төмөнкүчө билдирет [542].

Таблица 4.2 – *Көркөм сөз каражаттарын талдоо*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Көркөм сөз каражаттары |
|---|---|---|
| *...Жаратканым,*<br>*Жараткансың –*<br>*Жарыкты!..*<br>*Жарык менен*<br>*Жаркылдаган*<br>*жанымды,*<br>*Жыпарлайын бир*<br>*өмүрлүк таңымды.*<br>*Ачып койчу*<br>*Таалайымды,*<br>*багымды!.. (П. Алмаз к.)*<br>*[542]* | *...My Creator,*<br>*You created—*<br>*The light!*<br>*Let me forge with light*<br>*My radiant soul,*<br>*And with fragrance, my morning's start.*<br>*Let my life be brighter,*<br>*Grant me fortune, please*<br>*And bless me with a happy life!*<br>*[544, 92-93-бб.]* | Аллитерация */ж/ → /l/*<br>SVO → SVO<br>SOV → SOV<br>Морфема: *-чы* → сөз: *please*<br>*Ачып койчу багымды! →*<br>*Bless me with a happy life!* |

Азыркы кыргыз кызынын умтулуусун жана ички ой-толгоосун камтыган ырда анын жаркын жашоого, бакытка жана ийгиликке багытын жана ага жетүүгө болгон каалоосун чагылдырат. Салттуу баалуулуктар заманбап чакырыктар менен айкалышкан тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө кыргыз кызы өзүнүн жолун түзүүгө умтулат. Жаратканга болгон бул өтүнүч терең руханий байланышты, жеке жетишкендиктерге болгон эңсөөнү жана позитивдүү жана толук кандуу жашоого умтулууну чагылдырат.

Кыргыз аялдар поэзиясынын семиосферасы дооорлордун алмашуусу аркылуу маданияттын эволюциясын көрсөтөт, мында алардын ар бири уникалдуу коддорду жана тексттерди түзөт. Лотмандын теориясы поэзиянын улуттук өзгөчөлүгүн сактап, маданий жана социалдык маанилерди кантип чагылдырарын жана өзгөртөөрүн аныктоого жардам берет. Мында азыркы семиосферанын парадоксу салттуу баалуулуктарды сактоо менен аларды ааламдашуу шартында кайра карап чыгуунун ортосундагы карама-каршылыкта турат, бул чыгармаларда көрүнүп турат.

Жыйнакты түзүүдө негизги критерийлери чыгармалардын окурманга таасири, жазуу стили, көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу, тематикалык өзгөчөлүктөрү менен тандалып алынды:

1) хронологиялык камтуу: кыргыз аялдар поэзиясынын алгачкы доорунан баштап азыркы мезгилге чейинки ар кыл муундагы акындар;

2) темалар жана тематикалык ар түрдүүлүк: сүйүү, эне болуу, жаратылыш, патриотизм, философия, өзүн-өзү таануу, социалдык жана маданий маселелер;

3) салттуу жана заманбап көз караштардын, анын ичинде поэтикалык жанрга инновациялык ыкмалардын болушу;

4) адабий мурас катары поэтикалык стилдин оригиналдуулугун, көркөм каражаттардын колдонулушун жана алардын чыгармаларынын кыргыз маданиятына тийгизген таасирин эсепке алуу;

5) жарыяланган поэзия жыйнактарынын болушу же алардын чыгармаларынын кеңири белгилүү болушу.

Жалпысынан чыгармаларда жаратылыш жана табият, жаштык, ата мекен, эне, ата, бала, табият (гүл), үй-бүлө, жалгыздык жана изоляция, иденттүүлүк, философиялык темалар, жашоо жана өлүм, маданий темалар, эмоционалдык абал, сүйүү, сагыныч, жеке ой жүгүртүү, улуттук иденттүүлүк, саякат жана убакыт, коомдук жана саясий темалар, эс тутум жана ностальгия, экзистенциалдык суроолор, акылмандык, искусство жана поэзия, кыргыз тили, миграция жана аялдын жоопкерчилиги сыяктуу темалар камтылган.

4.3-графа – *Кыргыз акын аялдар поэзиясынын тематикасы*

Кыргыз аялдар поэзиясынын англис тилиндеги котормолоруна семиотикалык деңгээлдеги лингвостилистикалык анализ төмөндөгү төрт семиотикалык багытта жүргүзүлдү.

4.4-графа – *Кыргыз аялдар поэзиясынын котормолоруна семиотикалык анализ*

### 4.1.1. Поэзиянын котормолорундагы семиотикалык символдор жана образдар

1) Поэзияны талдоодо икон, символ жана индекс триаддык семиотикалык классификацияны колдонуу аркылуу чыгарманын формасы менен маанисини ортосундгаы байланышты ачууга шарт түзүлөт. Икон – бул кандайдыр бир жол менен өзүнүн формасы аркылуу бир нерсени туурап көрсөтүүчү белги. Лингвосемиотикалык белги адатта арбитрардуу мүнөзгө ээ, анда форма менен маанинин ортосундагы байланыш туруктуу эмес, ал эми ономатопеялык сөз айкаштары менен алардын маанисинин ортосунда мотивациялык же икондук байланыш бар, б.а. формасы аркылуу маанисин символдук көрсөтүү менен билдирет. Мисалы, С. Акматбекованын “Абалкы кар” аттуу ырында берилген

*“...жылт-жылт этип”* деген саптагы тууранды сөздүн соникалык формасы жана андагы дабыш / үн же үн толкундарынын табияты – жылдыздын жанып турган элесин билдирип, икондук байланышын көрсөтөт:

*…Жылт-жылт этип жанып туруп жарыктан*
*Жылдыз сымал учканыбыз мейли эле.*
*Дил табышса, тил табыша алышпай,*
*Кадыр-көңүл калтырыштык эмнеге?* (С. Акматбекова) [43-б.]

Иконикалык маани синтаксистик деңгээлде да кездешет, чыгармада берилген сөз тартиби жана окуянын ырааттуулугу реалдуу дүйнөдөгү окуялардын көрүнүшүн чагылдырат. Ошондой эле, чыгармадагы кыска сүйлөмдөр стаккато эффектин жаратса, узун сүйлөмдөр ички монолог же узакка созулган окуянын ырааттуулугун көрсөтөт. Америкалык акын Дж. Голландердин эң белгилүү ырларынын бири - "Ак куу жана анын көлөкөсү" [376, 356-363-бб.] / Hollander’s “Swan and Shadow” [348, 65-б.] "чыныг иконикалык ыр” деп эсептелинет [295, 53-68-бб]. Ырды түп нускадан которууда, биринчиден, ырдын маанисин жеткирүүдөн тышкары, ырдын формасын кайра жаратуу, ошондой эле рифма, аллитерация жана ритм кошуу зарыл процесстер экендиги изилденген [295, 53-68-бб]. Мисал катары кыргызча котормосу көрсөтүлдү:

Котормодо визуалдык поэзиянын эки аспектисин бириктирип, поэзиянын башка котормолоруна карама-каршы келген эки негизги милдетти: маани жана форманы бирдей деңгээлде сактоо зарылдыгы келип чыккан. Дж. Голландердин “Ак куу жана аны көлөкөсү” аттуу ырын жана анын котормосун [376, 356-363-бб.] Чарльз Сандерс Пирстин семиотикалык “икона, символ жана индекс” триадикалык алкагы аркылуу талдоо дагы бир маани катмарын кошот.

Икон (чындыкка окшоштугу) - бул физикалык жактан анын референтине окшош белги. Поэманын визуалдык түзүлүшү өзү эле икон: ырдын формасы ак куунун элесин же сүрөтүн жана анын суудагы чагылышын көрсөтүп турат. Ырдын түзүлүшү ак куунун симметриясын жана анын көлөкөсүн туурап, ырдагы бинардык оппозицияны камтыган дуалдуулук темасын бекемдейт: ак куу жана көлөкө, жарык жана караңгы, бар жана жок.

Индекс (физикалык байланышы, себеби) - бул анын объектиси менен түздөн-түз байланышкан белги, көбүнчө себеп жана натыйжа аркылуу көрсөтүлөт. Ак куу менен анын көлөкөсүндө суудагы кыймылы жана анын чагылышы жарыктын табигый мыйзамдарына индекстелет. Ырда "көлөкө" сулуулуктун сөзсүз түрдө өзгөрүп турарын көрсөтүп турат. Күндүн батышы жана жарыктын өчүшү – убакыттын өтүшү жана жашоонун убактылуу мүнөзүнүн көрсөткүчү же индекси болуп саналат.

Символ (маданий мааниси) - ак куунун символикалык мааниси, көбүнчө сулуулукту, тазалыкты, туруктуулукту билдирет, бирок ал ошондой эле мифтерде трансформацияны символдоштурат. Ырдагы "көлөкө" - бул убактылуулукту символдоштурат, бул болсо кыска мөөнөттүү реалдуулук менен анын узакка созулган таасиринин ортосунда бинардык байланышты жаратат. Бул эс тутумдун, жашоо менен өлүмдүн жана бар жана жок түшүнүктөрүнүн өз ара аракеттенүүсүнүн терең поэтикалык темаларына дал келет.

Пирстин семиотикалык категорияларын интеграциялоо менен визуалдык поэзияда форманы жөн гана кошумча элемент катары эмес, кабыл алуу, убакыт жана поэтикалык өткөөл мезгил жөнүндө ой жүгүртүү үчүн колдонулаарын көрсөтүүгө болот.

2) Кыргыз аялдар поэзиясынан Гүлжамила Шакированын “Бешик ыры” [594] / “Lullaby” [575, 29-30-бб.] аттуу ырына жана анын котормосуна Пирстин семиотикасы аркылуу талдоо жүргүзүлүп, анын экинчи триаддык модели: репрезантатив (белги), объект жана интерпретатор колдонулду.

*1. Репрезентатив* (форма же тексттин өзү) белгинин формасын билдирет: текст, анын түзүлүшү, кайталоо, ыргак, образдуулук сыяктуу көркөм сөз каражаттарынын колдонулушун камтыган “Бешик ыры” аттуу ырдын өзү эсептелинет. Мисалы,

***Бешик ыры*** (Г. Шакирова) [594] ***Lullaby*** [575, 29-30-бб.]

| | |
|---|---|
| *Тупкү аталар нурунан* | *You entered this world, my child,* |
| *Уюп келген жан балам* | *A gift from our ancestors' light.* |
| *Түпкү энелер ырынан* | *You're sleeping so peacefully, tender,* |
| *Муюп келген жан балам* | *Thanks to the songs of our mothers.* |
| *Алдей балам алдей ай балам* | *Lullaby, my child, lullaby,* |
| *Канатынды жай балам* | *Open your wings wide,* |
| *Алдей балам, ак балам* | *Like a dream's soft glide.* |
| *Ак бешикке жат балам* | *Lullaby, my child, lullaby,* |
| *Элиң үчүн кам көргөн* | *Rest in your white cradle,* |
| *Байкер болоор бекенсин* | *Where love doth reside.* |
| *Баатыр Манас атаңдай* | *Will you be wealthy, caring for kin?* |
| *Айкөл болоор бекенсин!* [594]. | *Or like Manas, be generous within* [575, 29-30-бб.] |

*2. Объект* - белги (ыр), ырда берилген түшүнүк же нерсе. Бул ырдын белгиси – бешик ыры, энелик мээрим, баланы коргоо, анын келечегине үмүт менен кароо, маданий мурас темаларын чагылдырат. Бешик ырындагы *"алдей, алдей, ак балам"* сыяктуу сөздөрдүн кайталанышы баланы тынчтандыруу кызматын аткарат. Ырда Манас баатырды эске салган дени сак, эр жүрөк, адептүү чоңоюшуна тилектеш саптарын камтыйт:

*"Баатыр Манас атаңдай, айкөл болот бекенсин"* [594]

*"Or like your Manas ancestor, generous of mind."* [575, 29-30-бб.]

*3. Интерпретант* (окурман) белгини окугандан кийин пайда болгон маани же түшүнүк. Бул жеке көз караштарга жана маданий түшүнүккө жараша өзгөрүшү мүмкүн. Бул контекстте интерпретант төмөнкүлөрдү камтыйт: эненин баласына ырдап жатканын элестеткен жылуулук, коопсуздук жана ностальгия менен бирге маданий иденттүүлүктү түшүнүүнү камсыз кылат. Кыргыздын маданий символдорун жана баалуулуктарын тануу жана баалоо, эненин балага болгон тилеги, ага ден соолук, адептүүлүк жана эрдикти каалоосун камтыган тилеги берилген:

*"Элиң үчүн кам көргөн, Байкер болот бекенсин" [594*]

*"Will you be wealthy, caring for kinfolk and kind?"* [575, 29-30-бб.]

Пирстин семиотикалык көз карашы аркылуу «Бешик ыры» эмоционалдык жана маданий маанини билдирген белги катары талдоого болот. Ыр бир гана

бешик ырынын милдетин аткарбастан, бир муундан кийинки муунга маданий, адеп-ахлактык баалуулуктарды жеткирүүчү мурас катары да кызмат кылат.

*Поэзияны талдоонун глоссематикалык ыкмалары*

Лингвистика тармагындагы көрүнүктүү теоретик Луи Ельмслев (1899-1965) тил илиминин глоссематика мектебин негиздөөчүсү катары белгилүү. Глоссематика - (грекче glossa – тил, sema – белги) – жалпы тил илиминдеги тилдердин структурасын формалдуу түрдө изилдөөнү жактаган багыт [345]. Окуу тилдин формалдуу жана абстракттуу жактарына басым жасап, лингвистикага структуралык мамилеси менен өзгөчөлөнөт [345]. Ельмслевдин ыкмалары семиотикалык системалардын кеңири спектрин камтыган жана семиотика тармагына олуттуу салым кошкон [345]. Анын теориялары, атап айтканда, белгинин модели, структура, текст жана система концепциялары жалпы семиотика менен адабият теориясына чон таасирин тийгизген [213]. Ельмслевдин семиотикалык теориясы Фердинанд де Соссюрдун структуралык лингвистикасына негизделген. Ельмслевдин глоссематикасы тилдеги туюнтма жана мазмундун ортосундагы структуралык бирдикти камтыйт [506].

Ельмслев тилдин аныктамасын кеңейтип, табигый тилдерди гана эмес, белгилердин кандайдыр бир структураланган системасын да камтыган. Ал бул кененирээк категорияны сүрөттөө үчүн “семиотика” терминин колдонуп, семиотиканы “компоненттердин өз ара байланышы менен аныкталган класстарга бөлүү менен талдоо жүргүзүүгө жол берген иерархия” деп аныктаган [345]. Бул аныктама лингвистика менен семиотиканын ортосундагы айырманын бар экенин белгилейт. Ельмслев структуралык лингвистикага негизделген белгилер жөнүндөгү жалпы илимди же семиологияны түзүп чыккан. Семиология, анын ою боюнча, семиотикалык системаларды изилдөөчү метатил, ал эми метасемиология бул метатилдерди изилдөө болуп саналат [506]. Бул ыкма тил илимин көптөгөн семиологиялык илимдердин бири катары көрсөтөт, алардын ар бири белги кубулушу болуп саналат. Ельмслевдин стратификацияланган моделинин схемасы Соссюрдун эки тараптуу белги моделине негизделет, ал белгилөөчүнү (үн-образ) жана белгиленүүчүнү (түшүнүктү) айырмалайт.

Ельмслев буларды ар бири формага жана субстанцияга стратификацияланган туюнтма жана мазмун сферасы катары аныктайт. Мунун натыйжасында төрт катмар пайда болот: *1) экспрессия-форма; 2) экспрессия-субстанция; 3) мазмун-форма; 4) мазмун-субстанция* [345].

Луи Ельмслевдин глоссематикалык стратификациялык ыкмасын Меңди Мамазаированын “Адамдарга” [579] аттуу ырына жана анын *To Human Beings* [599, 25-26-бб.] аттуу котормосуна колдонуу текстти экспрессия жана мазмундук объективдер аркылуу талдоону, тилдик бирдиктердин ортосундагы функционалдык байланыштарга көңүл бурууну камтыйт.

***Адамдарга*** (М. Мамазаирова) [579]

*Көңүлүм жарым, өксүк өмүр жылат жай,*
*Муңга айланаар, ырдай берсем аны мен.*
*А бирок да, өстөн жарган булактай*
*Жалгыздыктын, кусалыктын жаны мен.*
*Ошол өксүк үнүм менен ыргап да,*
*Сулуулаймын дүйнөнүн бир танабын.*
*Көмүп салбай ушак менен айыңга*
*Менин ырбаак жүрөгүмдү аягын!* [579]

***To Human Beings*** [599, 25-26-бб.]

*With a broken heart, life regretfully slows,*
*It becomes remorseful if I sing it long,*
*Like a stream flowing from my heart,*
*I am a soul of companionship and loneliness.*
*Singing a song with my sorrowful voice,*
*I strive to beautify a fragment of the world,*
*Do not bury my heart beneath gossip, chatter,*
*Please, have pity on my wounded soul.* [599, 25-26-бб.]

Семиотикалык белгини эки чөйрөнүн — экспрессиянын (форманын) жана мазмундун (маанисинин) өз ара көз карандылыгы катары аныктаган белги концепциясы катары кароо “Адамдарга” аттуу ырдын жалпы маанисине жана анын котормосуна терең таасирин тийгизээри төмөндө көрсөтүлдү:

*1) Тексттеги экспрессияны жана мазмунду аныктоо* максатында ырдын түп нускасында да, анын англисче котормосунда да колдонулган фонетикалык элементтерди, синтаксисти жана лексиканы камтыган тилдик формаларды талдоого алабыз. Мисалы, ырдагы үн каражаттары, ыргагы, түзүлүштөр

экспрессиянын элементтери болуп саналат. Ырдын мазмуну жалгыздык, сулуулук жана адамдардын ортосундагы байланыш каражаты катары музыканын жана поэзиянын трансценденттик күчү сыяктуу темаларды камтыйт.

*а) Экспрессия:* түп нускада жана анын англисче котормосунда дагы сөздөр, тыбыштар жана ритмдер өзгөчө эмоционалдык атмосфераны түзөт. Мисалы, *«жарык жүрөк», «жараланган жан» "broken heart" "wounded soul"* сыяктуу сөз айкаштары кайгы-капа сезимдерин козгосо, тилдин музыкалуулугу бул эмоционалдык таасирди күчөтөт.

*б) Мазмуну:* жалгыздык, сулуулук жана искусствонун куткаруучу күчү темалары эки вариантта тең тилдик тандоолор аркылуу пайда болот. Мазмуну колдонулган сөз айкаштары менен тыгыз байланышта, демек, ырдын эмоционалдык жана тематикалык байлыгы бул туюнтмалардын адамдын табиятын, анын тажрыйбасындагы татаал окуяларды кантип жеткиргенине көз каранды.

*в) Белгилер:* белгилер (экөө тең экспрессия жана мазмун) ырдын негизги билдирүүлөрүн жеткирүү үчүн чогуу иштешет. Мисалы, *“Жылдыз кылып чачып берем жолуңа” / "lighting up your path like stars"* дегенде, бул сөз үмүттүн жана байланыштын белгиси катары кызмат кылат. Образдуу, жандуу картинаны (экспрессияны) жаратып, ошону менен бирге искусствонун жалгыздыкты (мазмуну) жеңүүдөгү ролу жөнүндө тереңирээк кабарды сунуштайт.

*2) Тексттеги константтар жана өзгөрүүлөр* түп нуска жана которулган тексттерде да кайгы, сулуулук, кызматташтык жана искусствонун күчү сыяктуу темаларды аныктоого болот. Мисалы, ырдоо мотиви эки текстти тең байланыштырып турат, кыргыз тилиндеги конкреттүү сөздөрдүн эмоционалдык салмагы, мисалы, *ыр базары, чырак, кан-сөл* англис тилиндеги түз эквиваленттерге ээ болбой, мазмундун кабыл алынышына таасир этет.

*3) Формалардын өз ара көз карандылыгы* эки вариантта тең туюнтма формалар (*“broken heart,” “wounded soul”*) жана мазмундук формаларынын (мисалы, жалгыздык, үмүт жана байланыш сезимдери) ортосундагы байланыш тилдик элементтердин татаал эмоционалдык маанайды көрсөтүү үчүн кандай

кызмат өтөөрүн ачып берет. Эки тилде тең ар бир сөз айкашы белгилүү бир сөз айкашынын кеңири мааниде ролун аткарат. Тилдик бирдиктердин өз ара мамилелеринин негизинде текстти төмөндөгүдөй бинардык жуптарга бөлүүгө болот:

*А) жалгыздык / достук: "Жалгыздыктын, кусалыктын жаны мен" / "I am a soul of companionship and loneliness"* деген саптардагы жалгыздык убактылуу абал экендиги анын *"Ыр жайнаган базарыма кел бүгүн!"* деген жалгыздыктан кутулууну көздөгөн ниети бар экени айтылат.

Б) *кайгы / сулуулук:* жашоонун азаптуу аспектилери менен көркөм чагылдырылган сулуулуктун ортосундагы тирешүү. *"Ошол өксүк үнүм менен ырган да, Сулуулаймын дүйнөнүн бир танабын" / Singing a song with my sorrowful voice, I strive to beautify a fragment of the world"* кайгырып турса да дүйнөнү сулуулаганга жете турган күчү бар экенин көрсөткөн белгилер. Ыр семиотикалык система катары кызмат кылат, анда эмоционалдык туюнтмалар *(broken heart, illumination of life)* адамдын жашоосунун белгиси катары кызмат кылат.

Эки вариантта тең образдын кооздугу, "поэзия өнөрү инсандардын ортосундагы ажырымды жоюуга кызмат кылат" деген ойду бекемдеп, байланышка болгон эңсөөнүн туюндуруусу катары кароого болот. Бул талдоо ырды түшүнүү үчүн анын формасы (тили) менен функциясы (мааниси) кандайча айкалышып, резонанстуу эмоционалдык маанайды жаратарын көрсөтөт. Котормо процесси ошондой эле ар кандай тилдик жана маданий контексттерге ыңгайлашып, ырдын маңызы бузулбай сакталып калышын камсыз кылуу менен алардын ортосундагы тең салмактуулукту сактоодогу татаалдыктарга көңүл бурат.

*4) Метафоралык маанилер* - ырдагы белгилер көбүнчө жеке жашоону универсалдуу темалар менен байланыштырган метафоралык маанилерди камтыйт. Мисалы,

*Көртирликтен колуң бошоп бир паска,*
*Ыр жайнаган базарыма кел бүгүн!* [579]

*Released from tiresome domestic chores,*
*Come to the marketplace of my song to listen.* [599, 25-26-бб.]

Бул саптагы базардын сүрөттөлүшү искусствону биргелешип тажрыйба алмашуунун метафорасына айланат. Ар бир метафораны кыскача талдоо менен көрсөтсөк болот:

Метафора: *"Ыр базары" (Marketplace of Songs)* ар кандай товарларга толгон ызы-чуу базарга окшош, көркөм сөз эркин алмашуучу мейкиндикти билдирет:

*Ал базарда эч бир пенде укпаган,*
*Ажайып да, керемет да сыр болот.* [579]
*In marketplace, wonders and mysterious await,*
*To those unknown, melodies, songs declare.* [599, 25-26-бб.]

Бул метафора ырлар жана поэзия каалагандар үчүн жеткиликтүү экенин көрсөтүп турат. Жакшы буюмду базардан тапкан чыгыш маданияты сыяктуу жакшы ырдын да базары бар экендигин көрсөтөт. Ал көркөм жана поэзия дүйнөсү бай, жандуу жана жеткиликтүү деген идеяны берет жана жашоонун күнүмдүк аспектилеринен качууну сунуштайт. *“Ажайып да керемет да сыр болот”* деп, көркөм өнөрдө жана поэзияда кездешүүчү айтып бүткүс сезимдерди жана түшүнүктөрдү билдирет. Базарда сейрек кездешүүчү экзотикалык буюмдар сыяктуу эле ыр базары да күтүлбөгөн чындыктарды жана кооздуктарды камтыган базар катары сүрөттөлөт. Ал поэзия менен алектенүү жашоонун жашыруун аспектилерин ачып бере аларын айтып, искусствонун өзгөртүүчү күчү бар экендигине басым жасайт.

*Арбактар да учуп келип тыңшаган*
*Ышкысы күч күүлөр болот, ыр болот.* [579]
*Ghosts even listen, enchanted by tunes in the air,*
*Melodies and songs will resonate, bringing joy.* [599, 25-26-бб.]

Күүнүн, ырдын кереметине тирүү жандар гана эмес базарга тартылган рухтар же табияттан тышкаркы жандыктар, *“арбактар”* да кызыгат деген маанини берет. Метафоралык мааниси *"арбактар"* искусствонун туруктуу жана түбөлүктүү табиятын билдирет. Алар поэзия менен музыканын азыркы учурдун чегинен ашып, өткөн жана келечек муундарга кандайча жетээрин символдоштурат. Алар ырларга катуу таасир эткен же таасирленген угуучуларга кадимки жашоодон көчүп кеткендей таасир бериши мүмкүн дегенди билдирет.

Бул метафора искусствонун сыйкырдуу жана дээрлик башка дүйнөгө таандык жагымдуулугун көрсөтүп, ал бардык адамдарды, атүгүл тирүүлөрдүн чөйрөсүнөн башкаларды да өзүнө тартып, таасир этишин көрсөтүп турат. Бул метафоралар колдоо, таяныч издөө темаларын камтып, байланышты камсыз кылган күчтүү, сыйкырдуу күч катары искусство менен поэзиянын образын берет. Алар музыка угууну жана поэзияны окууну мистикалык, таң калычтуу нерселерге толгон күнүмдүк жана трансценденттиктин ортосундагы ажырымды жоюуга жөндөмдүү окуяга айландырышат. Бул ырдын көркөм сөз аркылуу сулуулуктун маанисин табуу темасын байытып, күнүмдүк турмуштан чарчагандар убактылуу кутулууну жана бийик нерсе менен байланышты сунуштайт. Семиотикалык белгилер өзүлөрү башка белгилер үчүн мазмундук форма болуп, катмарлуу маанини түзөт. Ырда «күүлөр» менен «ырлар» эмоционалдык абалын камтыган белги катары кызмат кыла алат, ырдоо аркылуу адамдын абалын тереңирээк түшүндүрөт. Ар бир маани катмары өз ара байланышта болуп, ырдын маанисин ого бетер байытат. Белгилердин өз ара аракеттенүү жолу ырдын жалпы маанисин берип, эмоционалдык маанайды жеткирүүдө тилдик тандоолордун да, маданий контексттин да маанилүүлүгүн көрсөтөт.

2) Шербет Келдибекованын “Жаштык оту жаркыратып каректи” [568] / “The Fire of Youth Ignites Eyes” [575, 18-19-бб.] аттуу ырын талдоо үчүн анын символикалык структуралары, семиотикалык маанилери, баяндоо изотопияларына тереңирээк кайрылабыз.

***Жаштык оту жаркыратып каректи*** *(Ш. Келдибекова)* [568]

*... Жаштык оту жаркыратып каректи,*
*Канча жолу жалын толгон, наз толгон,*
*Кең дүйнөгө калкып чыгып кайыкча,*
*Көп күүлөрү сыйып жалгыз башыма,*
*Көздөрүмө кубанч толгон, жаш толгон.*
*Жүрүптүрмүн жүрөгүңдө дагы эле,*
*Үлбүрөгөн дили чоочун жаз бойдон.*
*Биз бойлогон булактарды өзгөртүп,*
*Канча жолу бубак тоңгон, муз тоңгон.*

***The Fire of Youth Ignites Eyes*** [575, 18-19-бб.]

*The fire of youth ignites eyes brightly,*
*Filled with flames and fleeting whims,*
*I sailed the wide world like a boat,*
*Filling my mind with life's melodies,*
*With joy and tears brimming in my gaze.*
*I still reside in your soul, never departed,*
*In your heart like a gentle, strange spring.*
*We traversed changing streams together,*
*Streams freezing countless times* [575, 18-19-бб.].

Саякаттын образы "Кайык сындуу кең дүйнөнү" сүзүү метафорасы аркылуу берилип, өзүн-өзү табууга умтулууну камтыган чалгындоо жана жаштык менен байланышкан эркиндикти билдирет:

*Кең дүйнөгө калкып чыгып кайыкча,*
*Көп күүлөрү сыйып жалгыз башыма,*
*Көздөрүмө кубанч толгон, жаш толгон (Ш. Келдибекова)* [568].
*I sailed the wide world like a boat,*
*Filling my mind with life's melodies,*
*With joy and tears brimming in my gaze.[*575, 18-19-бб.]

Ырда жашоонун эки жактуулугун тең салмактуу берип, бинардык оппозицияны түзгөн карама-каршы образдар колдонулган. Мисалы, ырдагы *гүл сагынган жаз көңүлү – күз болгонун* моюнга алат, бул сөзсүз картаюу процессин жана жаш өтүүнүн ачуу-таттуу табиятын символдоштурган:

*Ажайыптуу аппак нечен таң атып,*
*Көп мезгилдин узаганы — чын, курбум,*
*Көркту сүйгөн көздөрүмдү ой басып,*
*Гүл сагынган жаз көңүлүм күз болгон. (Ш. Келдибекова)* [568].
*Many dawns turned into beautiful mornings,*
*My friend, much time has passed in our lives.*
*My eyes, filled with beauty, now in thoughts,*
*My soul, once loving flowers, now is autumn.”* [575, 18-19-бб.]

Трансформациялоочу символизмдин колдонулушу менен берилген: *Биз бойлогон булактарды өзгөртүп, Канча жолу бубак тоңгон, муз тоңгон / We traversed changing streams together, Streams freezing and thawing countless times* деген саптары жашоонун өзгөрүүсү жана ыңгайлашуусу менен өзгөчөлөнгөндүгүн көрсөтүп, эмоциялардын циклдик мүнөзүн чагылдырат.

Ырдын поэтикалык элементтердин, белгилердин, маанилердин, интерпретациялардын өз ара байланышын талдоо төмөндөгү этаптарды камтыйт.

*1) Изотопия*

а) *Дискурсивдүү изотопиялар* ырды ырааттуу түрдө өзгөрүү, эс тутум жана эмоционалдык резонанс темаларына кайтып алып келет. Мисалы, *Жаштык оту жаркыратып каректи / The fire of youth ignites eyes brightly; Канча жолу бубак тоңгон, муз тоңгон / Streams freezing and thawing countless times* [575, 18-19-бб.]. Ырдагы бул саптар дайыма өзгөрүү жана эс тутум темаларына кайрылып, жаштыктын образдары жана убакыттын өтүшү жеке эмоционалдык өзгөрүүлөрдү чагылдыраарын көрсөтөт. *От* жана *муз*, *тоңуу* жана *эрүү* агымдары мамиледеги өзгөрүүлөрдү жана жашоонун убактылуу мүнөзүн символдоштурат.

б) *Парадигматикалык изотопия* жаштык менен карылыктын, кубаныч менен кайгынын ортосундагы карама-каршылыктар каармандын эмоционалдык сапарын түшүнүү үчүн негиз түзөт. Мисалы, жаздагы жандуу сүрөттөлүштөн күздүн күңүрт абалына өтүү убакыттын өтүшүн жана ностальгияны көрсөтөт. Мисалы, *Гүл сагынган жаз көңүлүм күз болгон / My soul, once loving flowers, now is autumn; Көздөрүмө кубанч толгон, жаш толгон / With joy and tears brimming in my gaze* [575, 18-19-бб.]. Ырдагы *жаз* менен *күз* ортосундагы айырмачылык жана *кубаныч* менен *көз жаштын* катарлаш жайгашуусу каармандын эмоционалдык сапарын чагылдырган парадигматикалык өзгөрүүнү жаратат. Жаштыктын жандуулугунан карылыктын кайгысына өтүү карылыкты жана сагынычты чагылдырат.

в) *Синтагматикалык изотопия* ырдын ар кандай эмоционалдык абалдар аркылуу өтүшү - толкунануу, кусалык, кайгыруу, сүйүнүү - жашоонун табигый жүрүшүн чагылдырган баяндоо агымын жаратып, окурмандын кызыгуусун арттырат. Мисалы, *Жүрүптүрмүн жүрөгүңдө дагы эле / I still reside in your soul, never departed; Гүл сагынган жаз көңүлүм күз болгон / My soul, once loving flowers, now is autumn* [575, 18-19-бб.]. Жаштык кездеги толкунануудан кийинки

жашоодогу эскерүүгө же кайгырууга өтүшү эмоциялардын синтагматикалык агымын чагылдырат. Жалындуу толкунданууудан кусалыкка, кайгыга өтүү, бирок *Сүйүнөрмүн күн бүткүчө эскерип / Жүрөгүңө... элесимди сактаган* деп, элесин сактап эстеп жүрүү - карылыкты да мезгилдин өтүшүн да жеңген мамилени же сүйүүнүн бар болушун чагылдырат.

г) *Нарративдик изотопиялары* ырда убакытка жеңилбеген сүйүү жана эс тутумдун баянын камтыйт. Каармандын сүйгөнүнүн жүрөгүндө болушу булак катары жаштыктын жана мамилелердин туруктуу таасирин баса белгилеп, түбөлүктүү байланышты билдирет. Каармандын саякаты башынан өткөн окуялары менен чырмалышып, экөө тең жалпы эскерүүлөр жана эмоциялар аркылуу бири-бирине байланышкан жашоонун бир элесин түзүшөт. Мисалы, *Жүрөгүңө... элесимди сактаган / In your heart... my memory will stay; Кырчын бойдон, кылактаган кыз бойдон / And remain a youthful girl filled with joy* [575, 18-19-бб.]. Жашоонун өтүшүнө карабастан, каарман сүйүктүүсүнүн жүрөгүндө түбөлүккө сакталып калган. Бул эс тутум түбөлүк байланышты жаратып, каармандардын бири-бирине болгон сүйүүсүн жана анын таасирин көрсөтөт.

*2) Элес жана символ*

Ырда каармандын ички дүйнөсүн чагылдырган күзгү катары ролун аткарат, мында жаштыкты эскерүүлөрү азыркы сезимдер менен байланышат. Өзүн башка адамга карата символикалык түрдө көрсөтүү эмоционалдык байланыштын тереңдигин ачып берет: *Күлгүн болуп кыялыңда жүрөм мен, Кырчын бойдон, кылактаган кыз бойдон / “I will be a passionate soul in your dreams, And remain a youthful girl filled with joy* [575, 18-19-бб.].

*Символикалык “Мен” түшүнүгү: “Күлгүн болуп кыялыңда жүрөм мен”* сыяктуу фразалар эс тутумда түбөлүккө болууну эңсегенди билдирет, бул жөн гана мурунку сүйгөн адам катары эмес, башка бирөөнүн инсандыгынын туруктуу бөлүгү катары эсте калууну каалоосун чагылдырат. Эскерүүлөрдү жана эмоцияларды чагылдыруу убакыттын өтүшүнө карабастан, алардын жаштык маңызын кармап турууга мүмкүндүк берет. *Сүйүнөрмүн күн бүткүчө эскерип — Жүрөгүңө... элесимди сактаган” / If you remember me as youthful girl as before, I*

*will remain content until the end of my days* [575, 18-19-бб.] деген сапта эскерүүнүн инсандык байланышты сактоочу каражаты катары мааниси белгиленет.

*Метафора: "Жаштык оту жаркыратып каректи"* аттуу ырдын эмоционалдык тереңдигин, жаштык, сүйүү, жоготуу темаларын берүүдө метафоралар чечүүчү роль ойнойт. *От* символун жаштыктын жандуулугуна метафора катары колдонуп, жашоонун бул этабы адамдын башынан өткөн окуяларга жарык да, күч да алып келерин ойго салат. *Кең дүйнөгө калкып чыгып кайыкча / I sailed the wide world like a boat* [575, 18-19-бб.] деген саптарда байкалгандай, сүзүү образы обондор менен сезимдерге толгон жашоонун саякатына параллелдүү сезимди ойготот. Кошумчалай кетсек, жаздан күзгө өтүү мезгилдин өтүшүнө жана аны коштогон сөзсүз өзгөрүүлөргө метафора катары кызмат кылат: *Көркту сүйгөн көздөрүмдү ой басып, -Гүл сагынган жаз көңүлүм күз болгон" / ".My eyes, filled with beauty, now in thoughts, My soul, once loving flowers, now is autumn* [575, 18-19-бб.]. Бул өзгөрүү ностальгиянын ачуу-таттуу табиятын жана жаштыктын тез өтүүчү сулуулугун көрсөтүп, кубаныч менен кайгынын өз ара байланышын белгилейт.

*Белгилердин семантикалык мааниси:* ырда өзгөчө образдарды, эмоцияларды козгогон *жаштык оту, кайык, гүл* сыяктуу тилдик белгилер колдонулган. Бул белгилер тереңирээк маанилерди - жаштыктын жандуулугун, сагынычын, убакыттын өтүшүн жана сулуулук менен жашоонун убактылуу мүнөзүн билдирет. Денотациялык түз мааниде жаштык, сүйүү жана жоготуу менен байланышкан окуяларды жана эмоцияларды сүрөттөйт. От менен жаштыктын элеси энергияны билдирет, ал эми күз менен аяз өзгөрүүнүн сөзсүз болушун билдирет. Бул дуализм ырдын эмоциялык абалын байытып, кубанычты да, кайгыны да бир убакта ойго салат.

*Интертекстүүлүк:* тексттер өз ара байланышта болгондуктан жаштыктын жана убакыттын тез өтүшүн изилдеген башка чыгармалар менен резонанс түзүп турат, мисалы, жашоонун тез өтүүчү табияты жөнүндөгү классикалык поэзия же сүйүү менен жоготууну даңазалаган заманбап лирикалар. Мезгилдерге (жаз, күз) кайрылуу да жашоонун жана мезгилдин циклдик мүнөзүн ойготуп, окшош

мотивдерди изилдеген башка адабий салттар менен параллелдерди түзүшөт. Тексттин мааниси туруктуу эмес, окурмандын интерпретациясы менен түзүлөт.

"Жаштык оту" жана сулуулуктун темалары классикалык адабиятта, Роберт Бернстин ырларында кездешет, ал эми тагдыр жашоону башкарат деген түшүнүк грек трагедияларында жана Шекспирдин 116-сонетинде кездешип, убакыт таасир этпеген сүйүү жөнүндө айтылат.

*Маданий контекст жана полисемия:* ырда жаштыкка, сулуулукка, убакыттын өтүшүнө байланыштуу маданий баалуулуктар чагылдырылган. Башкалардай эле кыргыз маданиятында да жаштык көбүнчө идеалдаштырылып, эрезеге жетүү же карылыкка өтүү кусалыкты, өкүнүчтү, сагынычты козгойт. Ырдын образдуулугу жана эмоционалдык салмагы конкреттүү маданий коннотацияларды камтыйт, котормодо окурмандарга таасир этүү менен универсалдуу түшүнүктөрдү кеңейтет. Жүрөк менен жандын бири-бирине чырмалышкан саптары инсандардын ортосундагы терең байланышты көрсөтүп турат, бул сүйүү же достукту билдирет. Бирок бул мамиле татаал, анткени ырда бөлүнүү жана жоготуу темалары бар. Акыркы саптар түбөлүк эсте калууну, эңсөөнү билдирет, муну байланыштын үзгүлтүксүз болуусуна умтулуу катары чечмелесе болот:

*Жалгыз ирет биз жаралган жалганда*
*Тагдыр ушул — биз түбөлүк башка жан!*
*Сүйүнөрмүн күн бүткүчө эскерип —*
*Жүрөгүңө... элесимди сактаган. (Ш. Келдибекова)* [568].
*This world is brief, transient, and deceptive,*
*It's our destiny; we will live in another world.*
*If you remember me as youthful girl as before,*
*I will remain content until the end of my days.* [575, 18-19-бб.].

*Жаштык оту жаркыратып каректи* деген саптын сөзмө-сөз мааниси жашоого шыктануу образын чагылдырса, семиотикалык мааниси ички жашоону жана кабылдоону символдоштурат, оптимистик көз караш, мүмкүнчүлүктөр, убакыттын өтүшү менен жоголуп кеткен нурду же энергияны жана көрүнүштү да билдирет. *Биз бойлогон булактарды өзгөртүп, / Канча жолу бубак тоңгон, муз тоңгон* жашоодогу кыйынчылыктарды жана өзгөрүүлөрдү метафора катары

сүрөттөйт, "тоңуп" калган көз ирмемдерди же мезгилди билдирип, анын эскерүү катары айтылышы кайра жаралуу мүмкүнчүлүгүн символдоштуруп, жаңылануу үмүттөнөрүн көрсөтүп турат.

Поэзиядагы семиотикалык символдорду жана образдарды талдоо ыкмалары аркылуу ырдагы жаштыктын, эс тутумдун, эмоционалдык мамилелердин татаалдыгын чагылдырган белгилердин жана маанилердин образдуу берилиши талданды. Денотация менен коннотациянын, интертексттүүлүктүн жана окурмандын реакциясынын ортосундагы өз ара аракеттенүү ырдын маанисинин тереңдигин белгилеп, жеке тажрыйбалар жана маданий контексттер менен резонанстуу түрдүү интерпретацияларга жол ачат.

### 4.1.2. Поэзиянын котормолорунун семиосферасы

Алымкан Дегенбаеванын “Тааныш үй” [577] / “A Familiar Home” [545, 10-11-бб.] аттуу ырына колдонуу ырдын белгилери менен маанилеринин маданий жана жеке тажрыйба аркылуу калыптанган кененирээк семиотикалык контекстте кандайча орун алганын талдоону камтыйт.

| | |
|---|---|
| ***Тааныш үй*** (А. Дегенбаева) [577] | ***A Familiar Home*** *[*545,10-11-бб.] |
| *Ушул үйдөн чыгып кеткен бир адам,* | *Someone has recently left this house,* |
| *Экинчи ирет эшик ачып кайрылбайт.* | *He will never return to open its door.* |
| *Кеткен үйү кеми толбос дүйнөдөй,* | *This emptiness will never be filled,* |
| *Барган жайы үн жетпеген айдыңда...* | *His new home is far and unreachable.* |
| *Жары менен тең узатып, тең күткөн* | *A house built together with his wife,* |
| *каалга да үйдөн үнүн, көчөдөн* | *Its doors still echo his voice* |
| *доошун тыңшайт...* | *everywhere.* |
| *Келип-кетип эл бүткөн,* | *People came and went, praying for* |
| *Бата тартып, адам парзын өтөгөн.* | *him,* |
| *[*577] | *It seemed they shared a common fate.* |
| | *[*545,10-11-бб.] |

Ырды талдоодо колдонулган аспектилер:

а) текст жана диалог: ыр үйдүн образы аркылуу жоготуу темасын билдирген текст катары кызмат кылат. Ыр жөн гана өз алдынча объект эмес; ал үй, үй бүлө жана эс тутум жөнүндө башка тексттер жана маданий баяндар менен кеңири диалогдун алкагында жайгашкан. Ыр менен анын окурмандарынын ортосундагы

өз ара аракеттенүү диалогду жаратып, окурмандардын тажрыйбасына жана маданий тектерине негизделген бир нече чечмелөөгө мүмкүндүк берет,мисалы:

*Кеткен үйү кеми толбос дүйнөдөй,*

*Барган жайы үн жетпеген айдыңда...* [577]

*This emptiness will never be filled,*

*His new home is far and unreachable.* [545, 10-11-бб.]

Бул саптар кеткен адам (субъект) менен үйдүн (периферия) ортосундагы мамилени көрсөтүү менен *асимметрияны* көрсөтөт. Бир кезде бош мейкиндикти жашоо менен толтурган адам азыр жок болуп, *үй* анын жоктугун билдирген үнсүз күбөгө айланат. Ырдагы саптардын эмоционалдык салмагы дисбалансты көрсөтөт - үй бар, бирок жылуулук жок, мында бар болуу (инсан) менен жок болуунун (бош үй) ортосундагы айырманы көрсөтөт.

б) эс тутум жана контекст: ырда эс тутум түшүнүгү чечүүчү мааниге ээ, анткени ал үйгө жана анын тургундарына байланыштуу эскерүүлөр жөнүндө чагылдырат. Үндөрдүн *жаңырыгы* жана аялдын катышуусу эскерүүлөр үйдүн физикалык мейкиндигинде кандайча жазылганын көрсөтүп турат. Бул Лотмандын тексттер мурунку тексттер жана окуялар менен байланышы аркылуу маанини жаратат деген идеясына дал келет. Ыр убакыттын белгилүү бир учурун чагылдырып, өткөндү жана семиосферанын ичиндеги эс тутумдун эмоционалдык абалын эске салат: *Өз үйүндөй келгендерге бир кезде, Анан бул үй өң таанышпай туюлар" / "But they departed one by one, Thus, this house will be less familiar to them* [545].

Ыр жеке чымчыктын кайгысын гана билдирбестен, жалпы жоготуу абалын да билдирет. Жесир аялдын образы ар кандай маданияттардын өлүм жана аза күтүү түшүнүктөрүнө кандай байланышы бар экенин чагылдырган кайгыны курчап турган маданий баяндар менен резонанс түзөт. "Жесир чымчыктын" репрезентацияланышы ушундай жоготууларды башынан өткөргөн окурмандар менен жеке эмоцияларды жана кайгыны маданий түшүнүү менен байланыштырат. Ошентип, ыр маданий чектерден чыгып, универсалдуу сезимди камтыган адамдын жашоосунун микрокосмосуна же борборуна айланат;

в) ырдын кош тилдүү табияты: ырдын тили жана темалары ар кандай семиотикалык системалар менен байланышта, анын ичинде жеке, маданий жана универсалдуу жоготуу темаларын камтыйт. Ырдын кош тилдүү табияты (кыргыз жана англис) анын полиглотизмин күчөтүп, ар кандай тилдик жана маданий тексттеги ар түрдүү чечмелөөгө чакырат. Бул тилдердин өз ара байланышы текстти тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө түзөт, анткени ар бир тил өзүнө тиешелүү коннотацияларды жана маанилерди камтыйт. Кыргыз тилиндеги жоготуунун маңызын чагылдырган сап эне тилинде сүйлөгөндөр үчүн өзгөчө эмоцияларды жаратышы мүмкүн, ал эми англисче котормосу универсалдуу түшүнүктү сунуштайт. Бул тилдик көп түрдүүлүк эки тилдин ортосундагы диалогду жаратып, поэманын тематикалык татаалдыгын күчөтүп, ар кайсы тексттеги окурмандарды анын маанилери менен таанышууга чакырат;

г) бинаризм жана асимметрия: ырда бинаризм карама-каршы элементтер аркылуу колдонулат: *бар жана жок, тааныш жана бейтааныш, жашоо жана өлүм, жесир аял жана жесир чымчык, тааныш үй жана чоочун үй* [577]. Бул карама-каршылыктар семиосферанын асимметриялык түзүлүшүн чагылдырат, мында үстөмдүк кылуучу маанилер маргиналдаштырылган же жокко чыгарылган интерпретациялар менен бирге жашайт. Ыр толук үй чарбасынан бош мейкиндикке өтүүсүн көрсөтүп, *тааныш үй* жоготуу аркылуу *чоочун үйгө* айланганын сүрөттөйт:

*Чатыр. Бурч. Чабалекей,*

*Чабалекей экөө болчу. [*577]

*A roof. A corner. A swallow.*

*There used to be two swallows.* [545, 10-11-бб.]

Бул саптар бар жана жоктун, ошондой эле шериктештик менен жалгыздыктын ортосундагы карама-каршылык аркылуу бинаризмди көрсөтөт. *Эки чабелекей* жөнүндө сөз кылуу жашоо жандуу жана жалпы жашоо циклин билдирет, ал эми азыркы *бир чабелекей* обочолонууну жана жоготууну билдирет. Бул карама-каршылык ырдын кеңири темасын чагылдырып, анда жашоонун тең

салмактуулугу бузулуп, үйдүн эмоционалдык абалы тааныштыктан бөтөнчөлүккө оогонун көрсөтөт.

Ырдагы *Кечинде жалгыз учуп келди да, кетти кайра / Only one swallow returned, Then she too departed and hasn't returned.* [545, 10-11-бб.] деген саптар бир кезде жашоого толгон үй менен бош калган үйдүн ортосундагы карама-каршылыкты, бар жана жокту карама-каршы коюу менен бинаризмди көрсөтөт. Жалгыз чымчыктын элеси - өмүрлүк жарынын жоголушун, ал кеткенден кийинки боштуктун символу. Бир кездеги жандуу үй чарбасы менен азыркы жымжырттыктын ортосундагы ассиметриялуу мамиле жоготуунун эмоционалдык салмагын көрсөтүп турат. Бир элементтин жоктугу (кеткен адам) үйдөгү жалпы атмосферага таасир этип, жашоонун жана мамилелердин морттугун көрсөтөт;

д) изоморфизм жана маданий жамаат: изоморфизм концепциясы жеке окуя жалпы маданий көрүнүштү чагылдыраарын көрсөтөт. Ыр аза күтүүнүн жана жандуу үйдөн бош үйгө өтүүнүн жамааттык абалын чагылдырат. Бул жеке окуя жоготуу тууралуу маданий түшүнүк менен байланышып, окурманды жалпы адамзаттын жашоосу менен байланыштырган жалпы семиотикалык мейкиндикти түзөт.

| | |
|---|---|
| ***Тааныш үй*** (А. Дегенбаева) [577] | ***A Familiar Home*** *[*545,10-11-бб.] |
| *Бирөөнү таргыл мышык* | *A cat followed after them,* |
| *жеген го... Экинчиси* | *Perhaps he caught one.* |
| *кечинде жалгыз учуп* | *Only one swallow returned,* |
| *келди да, кетти кайра* | *Then she too departed* |
| *Көрүнбөйт ошо бойдон.* | *And has not returned.* |
| *Бечара жесир чымчык,* | *A poor widow swallow,* |
| *Бечара жесир чымчык.*[577] | *A poor widow swallow!.[*545, 10-11-бб.] |

Бул саптар жеке жашоонун бир үй-бүлөлүк окуясын жамааттык маданий баяндоо менен байланыштырат. *Бечара жесир чымчык (A poor widow swallow)* деген сөз кошок стилинде болуп, жоготууну универсалдуу тема катары берет. *Жесир чымчыктын* образы бир гана канаттуунун жоголушун чагылдырбастан, ошондой эле ар түрдүү маданияттардагы аза күтүүнүн универсалдуу көрүнүшүн билдирет. Бул изоморфтук мамиле окурмандарга чабалекейди жоготууга

учураган бардык жандыктар башынан өткөргөн жамааттык кайгыны чагылдырып, белгилүү бир образды жоготуу, аза күтүү жана өзгөрүү алдында туруктуулуктун кеңири маданий темалары менен байланыштырууга мүмкүндүк берет.

Семиосфера теориясын “Тааныш үйгө” колдонуу менен биз ырдагы маданий эс тутум жана жеке тажрыйбалар аркылуу калыптанган белгилердин жана маанилердин тармагында кандай иштээрин көрө алабыз. Ыр окурман менен кайгыны башынан өткөргөн адамдын ортосундагы диалогго айланат, мында тилдин, эс тутумдун жана маданий баяндардын өз ара таасири тексттин өзүнөн тышкары кеңири маанисин жаратат. Бул объектив аркылуу биз ырдагы маанинин тереңдигин жана анын окурмандардагы жоготуу сезимдерин ойготуу жөндөмүн баалай алабыз. Ырдагы асимметрия, бинаризм жана изоморфизмдин өз ара таасирин жоготуу менен эс тутумдун татаалдыгын ачып, тексттин ичинде камтылган көп кырдуу маанилерди изилдөөгө шарт түзөт.

### 4.1.3. Поэзиянын котормолорундагы семиотикалык белгилерди талдоо

Семиотикалык белгилер жөнүндөгү идеялар лингвистика, маданият жана дүйнө тааным сыяктуу түшүнүктөрдү изилдөөгө методология катары негиз боло алат. Кыргыз аялдар поэзиясынан Алтынай Темированын "Аалам - боз үй" [590] / “The World is a Yurt” [572, 65-66-бб.] жана анын котормосундагы белгилер системасына семиотикалык анализ жүргүзүлдү.

*Ууз нурдан Уук тигип ааламга,*
*Күн төбөгө Чамгарагын жайгарат.*
*Кең мейкинди тегерете, айланта,*
*Тоолор курчап Керегедей калкалап,*
*Жашыл төрү окшоп түркүн саймага,*
*Аалам бүтүн Ак-Өргөөгө айланат!.. (А. Темирова "Аалам - боз үй") [590]*
*The Sun fashions Uuk made of arrows of sunlight,*
*At noon it spreads its own pattern, chamgarak,*
*Enveloping everything, the entire nature,*
*Mountains encircle, protecting like a shield, kerege.*
*The valleys resemble colorful patterns,*
*The world transforms into the yurt, Ak Orgoo [572, 65-66-бб.]*

Соссюрдун моделин пайдаланып, биз ырды анын негизги белгилерин аныктоо жана алардын белгилөөчүлөр менен белгиленүүчүлөрдүн байланышын түшүнүү аркылуу талдай алабыз. Талдоо төрт деңгээлде жүргүзүлдү: 1) ырдагы белги, белгилөөчүлөр жана белгиленүүчүлөр; 2) арбитрардуулук жана социалдык конвенция; 3) тил жана пароль (Langue жана Parole); 4) синхрондук жана диахрондук көз караштар.

*1. Ырдагы белги, белгилөөчүлөр жана белгиленүүчүлөр*

*Боз үй (Yurt):* “боз үй” (Yurt) ырда белги катары борбордук метафора кызматын кылат. Белгилөөчү катары ал физикалык турак жайды эле эмес, бүтүндөй дүйнө таанымды жана маданий өзгөчөлүктү билдирет. Белгиленүүчү: боз үй ааламды, жаратылыш менен гармониялуу жашоону жана кыргыз элинин салттуу жашоосун билдирет. Бул жылуулук, үй-бүлө жана мурас менен байланышкан.

*Күн, тоолор жана өрөөндөр:* табигый элементтер боз үйдүн жасалышына салым кошкон белгилөөчүлөр. Белгиленгендер жаратылыш менен адамдын жашоосунун өз ара байланышын билдирет. Күндүн нурлары, тоо, өрөөндөр дүйнөнү, жашоону чагылдырган боз үйдүн түзүлүшүн түзгөн компоненттер болуп саналат.

*Адам Ата жана Обо эне:* маданий жана диний түшүнүк ырда колдонулган белги болуп саналат. Белгиленгендер катары кыргыз элинин ата тегин жалпы адамзаттык тукумга байланыштырып, адамзаттын келип чыгышын жана жаралыш сырын чагылдырат.

*Манас (эпостор) жана күүлөр:* белгилөөчү маданий элементтер. Белгиленгендер кыргыздын өзгөчөлүгүн аныктаган жана маданий мурасын сактаган бай оозеки салттарды жана тарыхый баяндарды билдирет.

*2. Арбитрардуулук жана социалдык конвенция*

Боз үй (белгилөөчү) менен дүйнө/аалам (белгиленүүчү) ортосундагы мамиле маданий-социалдык конвенциялар аркылуу белгиленет. Боз үйдүн түзүлүшү - *Жыгач менен кийиз гана куралы* сыяктуу ырда сүрөттөлгөн элементтер *Куттуу төрдө, сыр сандыктын үстүндө!.. / Сан кылымдар, доорлор – жүк, жыйылган!..*

[590] кыргыз маданий контекстине мүнөздүү болуп, коомчулук тарабынан кабыл алынган.

*3. Тил жана пароль (Langue жана Parole)*

Тилдин абстракттуу, системалуу аспектилерин жана анын күнүмдүк баарлашууда практикалык колдонулушун айырмалоо үчүн тил (Langue) жана кеп (Parole) түшүнүктөрүн колдонобуз.

*Тил (Langue):* белгилүү бир тилде болгон белгилердин структураланган системасын билдирет. Ал жеке колдонуудан көз карандысыз, тил коомчулугу тарабынан бөлүшүлгөн эрежелерди жана конвенцияларды, кыргыз тилинин түпкү структурасы жана ырды түшүнүктүү кылган маданий символдорду камтыйт. Ал бул белгилер кандайча колдонулуп, түшүнүлөөрүн жөнгө салуучу конвенцияларды жана эрежелерди иштеп чыгат.

*Маданий символдор:* ырда *боз үй / yurt, кереге / wooden frame, чамгарак / dome* сыяктуу кыргыздын салттуу маданий белгилерине маалымат берилип, кыргыз коомчулугу тааныган жана түшүнгөн жалпы маданий жана тилдик конвенцияларды чагылдырат.

*Образдуу тил:* дүйнөнү боз үйгө салыштыруу, мисалы, *Аалам бүтүн Ак-Өргөөгө айланат! / The world transforms into the yurt, Ak Orgoo* сыяктуу метафоралардын колдонулушу бул образдарды жана алардын кыргыз маданиятындагы символдук маанилерин жамааттык түшүнүүгө таянат.

*Кеп (Parole):* сүйлөө, жазуу же билдирүүнүн кандайдыр бир формаларында тилди жекече колдонууну билдирет, коммуникативдик актыларда тилдин актуалдуу көрүнүшү болуп саналат. Ырдагы тилдин колдонулушунун конкреттүү учурлары, акындын маанини берүү үчүн колдонгон сөздөрү, метафора жана образдардын өзгөчө тандоолору кирет.

Акындын кыргыздын салт-санаасы жана мифологиясы аркылуу жаратылыш дүйнөсүн жана адам тиричилигин сүрөттөөдөгү сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, стилдик элементтердин колдонулушу анын жекече чыгармачылыгын чагылдырат. Ырдын түзүлүшү, тандалган конкреттүү образдары жана жеке стили кептин бардык аспектилери болуп саналат, бул акын конкреттүү

сезимдерди жана идеяларды жеткирүү үчүн тилдик системаны кантип колдонорун көрсөтүп турат.

*Арбитрардуулук:* белгинин арбитрардуулук принциби белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосунда тубаса байланыш жок экенин айтат. Бул принцип тилдин ийкемдүүлүгүн жана өзгөрүлүшүн негиздейт. Соссюрдун теориясы белгилөөчү жана белгиленүүчү физикалык объектилер же жеке элес эмес, тил коомчулугу тарабынан бөлүшүлгөн конструкциялар деп эсептейт.

Бул моделде тышкы референт (чыныгы дүйнөдөгү актуалдуу объект же концепцияны) түздөн-түз эсепке алынбайт, анын ордуна тилдик системанын ичиндеги белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн ортосундагы ички байланышка басым жасалат.

*4. Синхрондук жана диахрондук көз караштар*

"Аалам - Боз үй" ырынын синхрондук анализи

1. Структурасы жана формасы: "Аалам - Боз үй" ырынын жазылышында кыргыз тилиндеги текстте 9 муундуу, ал эми англис тилиндеги текстте 10-11 муундуу строфалардан турган эркин ыр форматында түзүлгөн. Ар бир строфа кийинкиге акырындык менен өтүп, жалпы баяндоо жана тематикалык биримдигине салым кошот. Экинчи сапта ойду улантуу ачык-айкын көрүнүп турат, бул ритмикалык үзгүлтүксүздүктү сактоого жардам берет жана идеялардын табигый түрдө улануусуна мүмкүндүк берет.

2. Сүрөттөө жана символизм: ыр образдуулукка жана символизмге бай, өзгөчө дүйнөнү чагылдырган боз үйдүн (боз үй) борбордук метафорасы. Боз үй – ырдагы үйдү, маданиятты жана ааламды чагылдырган кыргыздын салттуу турак жайы. *Күн нурунун жебесинен жасалган уук, чамгарак, кереге, ак өргөө* сыяктуу спецификалык образдар бул метафорага салым кошуп, боз үйдүн курулушун дүйнөнүн жаралышы катары, ааламдын өзүн *боз үй* катары сүрөттөйт.

3. Идеялык-тематикалык аспектиси: табият, маданият жана космостун ортосундагы байланыш болуп саналат. Ырда кыргыз элинин өз дүйнөсүн, андагы ордун кандайча көрөрү чагылдырылган. Боз үй ааламдын микрокосмосу катары

адамдын жашоосу менен жаратылыш дүйнөсүнүн гармониясын чагылдырат. Башка темалардын арасында Адам ата, Обо эне жана кыргыздын кудайга болгон ишеними, *Умай эне, Теңир ата турагы!..* ата-теги жөнүндөгү шилтемелер көрсөткөн мурас, каада-салт жана болмуштун мистикалык аспектилери кирет.

4. Тил жана дикция: лирикалык ойго салган, конкреттүү жана абстракттуу тилдин аралашмасы. Акын кыргыздын каада-салтына жана ишенимдерине терең сиңген бир катар маданий түшүнүктөрдү колдонот. *Сүйүү, сыр, үлгү, дастан / sancraft, mystery, patterns, epics* сыяктуу сөздөр маданий мурас жөнүндөгү маанини түзөт.

5. Тон жана маанай: ырдын маанайы чагылдырган сезимдер урмат-сый, сыймык, ишеним жана даңазалоо. Бул жаратылыш дүйнөсүнө жана ата-бабалардын акылмандыгына карата таң калуу, урматтоо сезимин камтыйт. Маанай ностальгиялык жана мистикалык, окурмандарды адамзат менен космостун ортосундагы терең байланыштар жөнүндө ойлонууга чакырат. Котормодо *куттуу төр, жүк, Манас, түндүк, көч, Ак-Өргөө, Боз үй* сыяктуу маданий терминдердин мааниси котормо маданиятынын түшүнүгүнө өзгөртүлүп берилген.

Таблица 4.3 – *Маданий символдор*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Маданий символдор |
|---|---|---|
| *Куттуу төрдө, сыр сандыктын үстүндө!..–*<br>*Сан кылымдар, доорлор – жүк, жыйылган!..*<br>*Манас менен, дастан менен, күү менен,*<br>*Күпүлдөтө күн-түн айтып… уюлган…*<br>*Түндүгүнөн аалам көчү жүргөнүн…*<br>*Батырыптыр баатыр ата-бабалар!..*<br>*Ак-Өргөөгө - Боз үйүнө - дүйнөнүн!..* (А. Темирова) [590] | *On a favored spot, on an old patterned chest,*<br>*Ancient times, like blankets and crafts are laid,*<br>*With Hero Manas, epics, and melodies*<br>*Recited day and night, performing for people,*<br>*The world's wanderings are visible from the tunduk,*<br>*Our ancestors shaped nomad life*<br>*Within the White Yurt, White Home of the world.* [572, 65-66-бб.] | *Куттуу төр → a favored spot;*<br>*Сандык → an old patterned chest*<br>*Жүк → -*<br>*Түндүк → tunduk*<br>*Көч → wanderings, nomad*<br>*Ак өргөө → White Yurt,*<br>*Боз үй → White Home* |

*Аалам - Боз үй ырынын диахроникалык анализи*

1. Тарыхый контекст: ырда тарыхый маданий жашоо шартында колдонулуп, боз үйлөрдө жашап келген кыргыз элинин көчмөн мурастары чагылдырылган. Боз үйдүн дүйнө катары символизми кыргыздын байыркы салттарына жана алардын космологиялык көз караштарына байланыштуу. Бул байланыш тарыхый жана маданий контексттердин поэтикалык баянды кандайча түзөөрүн баса белгилейт.

2. Темалар: убакыттын өтүшү менен табият, каада-салт, космология темалары кыргыз поэзиясында негизги орунда турат. "Аалам - Боз үй" бул салтты улантып, замандаш кыргыз акындары заманбап иденттүүлүктөрдү жана маданий улантууну изилдөө үчүн байыркы символдорго жана темаларга кандайча таянарын көрсөтөт.

3. Лингвистикалык өзгөрүүлөр: Салттуу боз үйдүн компоненттерине жана маданий практикалык колдонулушун түшүндүргөн сөздөр жана сөз айкаштары кыргыз лексикасынын бул элементтерди кылымдар бою кантип сактап келгендигин кабарлайт.

Таблица 4.4 – *Маданий символдордун которуу*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Маданий символдор |
|---|---|---|
| *Ууз нурдан Уук тигип ааламга,*<br>*Күн төбөгө Чамгарагын жайгарат.*<br>*Кең мейкинди тегерете, айланта,*<br>*Тоолор курчап Керегедей калкалап,*<br>*Жашыл төрү окшоп түркүн саймага,*<br>*Аалам бүтүн Ак-Өргөөгө айланат!..(А. Темирова)* [590] | *The Sun fashions Uuk made of arrows of sunlight,*<br>*At noon it spreads its own pattern, chamgarak,*<br>*Enveloping everything, the entire nature,*<br>*Mountains encircle, protecting like a shield, kerege.*<br>*The valleys resemble colorful patterns,*<br>*The world transforms into the yurt, Ak Orgoo* [572, 65-66-бб.] | Кыргыз тилинен англис тилине маданий сөздөрдү которууда *уук, чамгарак, кереге* жана *Ак Өргөө* сыяктуу терминдер түп нускасында сакталып, кыскача контексттик түшүндүрмөлөр менен коштолот маданий өзгөчөлүктү сактап, которулат. |

4. Тарыхый инсандардын таасири: *Адам ата*, *Обо эне* жана *Манас* жөнүндө эскерүү ырды кеңири тарыхый жана мифологиялык алкакта жайгаштырган. Бул

инсандар кыргыз маданиятынын баянында негизги орунда турган жана алардын ырга кошулушу алардын туруктуу таасирин баса белгилейт.

*Манас менен, дастан менен, күү менен,*

*Күпүлдөтө күн-түн айтып… уюлган”* [590]

*With Hero Manas, epics, and melodies*

*Recited day and night, performing for people.* [572, 65-66-бб.]

5. Маданий мурас: ыр боз үйдүн курулушу жана символизми сыяктуу маданий иш-аракеттердин муундан-муунга өтүп келгендигин көрсөтөт. Бул үзгүлтүксүздүк ырдын терең маани-маңызын жана анын кыргыздын өзгөчөлүгүн жана мурасын сактоодогу ролун түшүнүү үчүн өтө маанилүү. Мисалдар: *Father Adam and mother Eve - truly mysterious* (тарыхый жана мифологиялык); *Mother Umai’s and Father Tenir’s warm abode* (тарыхый жана диний ишенимдер); *On a favored spot, on an old patterned chest* (маданий жашоо); *With Hero Manas, epics, and melodies* (адабий мурас).

Алтынай Темированын "Аалам - боз үй" [590] / “The World is a Yurt” [572, 65-66-бб.] ырына жана анын котормосуна берилген семиотикалык анализи белгилердин колдонулушу аркылуу кандай мааниге ээ экендигин көрүүгө болот. *Боз үй* борбордук метафора катары табияттын, мифологиянын жана маданияттын ар кандай элементтерин бириктирип, алардын ар бири жалпы белгилөөгө, кыргыз элинин гармониялуу жана өз ара байланышкан дүйнөсүнө салым кошуучу белги катары кызмат кылат. Ырда белгинин мүнөзү, маданий конвенциянын маани түзүүдөгү ролу, тил, ой жана реалдуулук ортосундагы байланыш талданды.

### 4.1.4. Обондуу ырлардын котормолоруна семиотикалык талдоо

Шакен Мамбетаипованын "Күндү тосуу" аттуу обондуу ырынын семиотикалык анализин жүргүзүүдө акындын чыгармачылыгына сереп салуу менен анын акын жана сүрөтчү катары кыргыз поэзиясына жана искусствосуна чоң салым кошкон, кыргыз аялдарынын инсандыгынын маңызын жана рухун чагылдырган чыгармалардын ээси экендигин сыймыктануу менен айта алабыз.

*Сүйүү болсо сүрөтчүнүн дилинде*

*Сүйлөйт сүрөт бардык элдин тилинде.*

*…Талант болсо акындардын дилинде*

*Таңшыйт ыры бардык элдин тилинде***.** Ш.Мамбетаипова [580, 97-б.]

*If love resides within the artist's soul,*

*Their image speaks, uniting minds as whole.*

*If talent blooms in poets' hearts, sincere,*

*Their words transcend, for all the world to hear.* [544]

Акын Шакен Мамбетаипова чыгармачылыгы менен кыргыз искусствосунда көрүнүктүү орунда турган инсан катары маалым. Ырлары аркылуу кыргыз маданий түшүнүгүн гана эмес, дүйнөлүк универсалдуу байланышты жаратат. Анын поэиязы, сүрөттөрү тазалыкты, аялдык жана энелик баалуулуктарды символдоштурат. Акындын ырлары аркылуу берилген маданий агартуучу ролу кыргыз аялдарынын жашоосун чагылдырып, кыргыз элинин улуттук күчү, сүйүүсү жана рухунун символдорун жараткан.

*Meeting the sun [544]*
*In the morning light,*
*Adorning me with flowers,*
*I greet you, Sun,*
*Spreading like a wave.*
*Surrendering to your art,*
*Missing you until I see you,*
*I sing to you, Sun,*
*Resonating with your rhythm.*
*Giving strength to mind,*
*Sun, your medicine for life.*
*How can I leave you*
*When I journey to death?*
*And you, a ship of life. [544]*

Семиотикалык талдоонун түзүлүшү: Шакен Мамбетаипованын "Күндү тосуу" аттуу ырын талдоо менен анын белгилерин, символдорун жана алар берген маанилерин маданий жана лингвистикалык контекстте карап, семиотикалык өңүттөн талдоого болот.

1. *Белги системалары жана символдору*

Ырда маанисин билдирүү үчүн ар кандай белги системалары жана символдору колдонулган:

*Күн:* жашоону, энергияны жана күч булагын билдирет. Бул көптөгөн маданияттардагы күчтүү символ, көбүнчө теңир жана жашоонун маңызы менен байланышкан, мисалы, "*Тосуп чыктым, Күн, сени», Ырдап келем, Күн, сага",*

*“Кубат берип көңүлгө, / Күн, дарысың өмүргө. / Кантип сени калтырып Кетээр экем өлүмгө?”* деген саптарда Алыкул Осмоновдун белгилүү ырындагы *“Мен кетерде ошончонун ичинен, Сагынарым, Эң аярым, Эң кымбатым — музыка!”* деген саптарга үндөшүп, эң ыйык, эң таза сезимдер менен коштошуу ыры катары жаратылган.

*Таңдын жарыгы:* жаңы башталышты, үмүттү жана жаңылануу билдирет. Ырда жашоонун жаңы башталышын жана жаңы күндүн кучагында күн тосуп турган адамды көрсөтүп, «Таң нуруна чайынып» дегеп сапта тазалыктын символу катары ырдын обонун белгилейт.

*Гүлдөр:* сулуулук, морттук, жаңылануу жана жашоонун убактылуу мүнөзүн билдирет. *Татына гүл сайынып* деген сапта берилгендей, гүлдөр менен кооздоо жаратылышка жана тазалыкка болгон байланышты да туюндурат.

*Толкун:* кыймылды, жашоонун маңызын, суусуз жашоо жок деген, бирок жашоонун өйдө-ылдый болуп турушун жана жашоонун табигый агымын билдирет. Жаратылыштын тынымсыз агымын жана өзгөрүшүн, ошондой эле жашоонун ритминин символу боло алат. Бул күн сыяктуу, *Толкун болуп жайылып* сезимге таасир берип, кеңейип баратканын көрсөтөт.

2. *Семиотикалык байланыш каналдар*

Ыр биринчи кезекте коммуникациялык каналды колдонот, бирок ал сүрөттөмөлөрү аркылуу визуалдык жана сезимдик образдарды да козгойт:

*Визуалдык образдар:* таңкы жарык, күн, гүлдөр жана толкундун сүрөттөлүшү окурмандын оюнда жандуу сүрөттөрдү жаратат, жашоого болгон кусалыкты, аялуу образды түзүп, ар бир учурду, нерсени баалоого үндөйт.

*Сенсордук образдар:* ыр күн менен байланышкан жылуулук жана энергия сезимдерин ойготот, ар бир учурдун башталышы да бүтүшү да болоорун эскертип, жашоо керемет, жашоонун символу катары күн жарыктыктын же тирүүчүлүктүн символу экендигин көрсөтөт.

3. *Интерсемиотикалык котормонун талданышы*

Ырды кыргызчадан англисчеге которууда бир нече семиотикалык трансформациялар болгон: 1) *Вербалдуу тилден вербалдуу тилге:* котормо

оригиналдуу поэтикалык формасын жана түзүлүшүн сактап, коммуникативдик каналды сактап калган. 2) *Маданий символдорду которуу:* кээ бир белгилер ар кандай маданияттарда ар түрдүү мааниге ээ. Мисалы, *Күн* жашоонун символу катары кыргыз жана англис тилдүү маданияттарда контекстке жараша айырмаланышы мүмкүн, бирок негизги мааниси көп учурда окшош бойдон универсалдуу мааниде калууда.

4. *Семантикалык жана прагматикалык талдоо*

Котормо ырдагы белгилер аркылуу берилген маани сакталуусун талдоо үчүн түз маанилерди гана эмес, маданий жана эмоционалдык маанилерди да чечмелөөнү камтыйт.

*Сөзмө-сөз мааниси:* котормочу күн менен учурашуу, гүл менен кооздоо сыяктуу түзмө-түз сүрөттөмөлөрдү жана кыймыл-аракеттерди так жеткирген.

*Эмоционалдык тон:* ырдын эмоционалдык таасирин сактап калуу үчүн Күнгө болгон сый-урмат жана байланыш, жаңылануу сезими, жашоо менен коштошууда сагыныч, өкүнүч жана суктануу темалары сакталган.

*Маданий контекст:* белгилүү фразалар жана символдор, баштапкы ниетти сактоо котормо тилдин окурмандарына ылайыкташтырылган.

5. *Полисемиотикалык табияты*

ЫРды полисемиотикалык деп айтууга болот, анткени ал символдорду жана образдарды колдонуу аркылуу бир нече маани катмарларын бириктирет: 1) тексттик сүрөттөлүштү колдонуу менен ыр окурман үчүн туюу, көрүү, кубануу, кайгыруу же өкүнүү сезимдерин түзүү үчүн дескриптивдик тилди колдонгон; 2) маданий маалымдамалар кыргыз маданиятындагы күн, таң, толкун жана гүл сыяктуу жаратылыш элементтеринин маданий маанисин чагылдыруу менен кыргыз элинин табият менен гармонияда жашоо принцибин чагылдырган; 3) ырда башка тексттерге, маданий ишенимдерге жана тарыхый контексттерге кайрылуу катары *өлүм* контексти бар.

*ЫРдын музыкалуулугунун семиотикалык анализи*

ЫРды коштогон музыкалык ноталар ырга дагы бир маанини кошот. Белгилүү обончу К. Эралиевага таандык мелодия ырдын күндү тосуп алуу жана

даңазалоо темасына дал келген, адатта, бакыт менен жылуулукту чагылдырган негизги ачкычтар менен түзүлгөн (262, 97-б.). Ырдын ритмикалык үлгүлөрү катары ритмдин жумшак жана жай берилиши, текстте айтылган табигый элементтерди, мисалы, толкунду кайталайт. Анын мелодиялык сапаты Күндүн асмандагы күнүмдүк сапарын туурап, кыймыл жана үзгүлтүксүздүк сезимин жаратып, ырдагы обон, күү көтөрүлүп, кайра төмөндөйт. Ырдын күүсү нотолардын ырааттуулугунан башталып, чыгарманын ритмикалык үлгүсүн түзөт. Кыргыз тилиндеги ыр жогорудагы нотолар көрсөткөн ритмге жана обонго ылайык ырдалат. Ырдын ритмикалык түзүлүшү ар түрдүү нотолардын (чейректик нотолар, сегизинчи нотолар) айкалышуусу аркылуу түзүлөт. Биринчи өлчөм, мисалы, эки сегизинчи нотадан башталат, андан кийин чейрек нота ырдын ритмикалык темптерин белгилейт. Ырдын биринчи саптагы обону: «Таң жарыгына жамынып» чейрек нотадан башталып, чейрек нота менен сегизинчи нотадан айкалышып уланат. Кийинки саптар ырдын түзүлүшүн сактап, окшош ритмикалык жана мелодиялык үлгүлөрдү карманышат. Ырдын жалпы обону ылдамыраак, бирок жеңил ырдалуучу ыр болгондуктан маанисине айкалышып турат.

Талкууланган классификацияларды колдонуу менен ырдын жана анын музыкасын котормонун ар кандай түрлөрү аркылуу талдаса болот:

*1) Интрасемиотикалык* котормонун бир бөлүгү катары синхрондук котормо колдонулуп, ыр жана анын музыкасы бири-бири жана угуучулар менен замандаш, бирдей убакыттык контекстте бар экендигин кабарлайт. Ал эми диахрондук котормо жаңы муундарга ырдын маанисин жеткирүүдө колдонулат. Ыр келечекте жаңыланып же кайра чечмеленсе, анда ал диахрондук котормо катары саналат, түп нуска азыркы окурмандарга же угармандарга жеткиликтүү болуш үчүн азыркы учурдун угармандарынын музыкалык табитин, көз карашын эске алуу зарыл.

*2) Интерсемиотикалык котормо* түп нуска ыр жана анын музыкалык композициясы экөө тең угуу каналдарын колдонуп, изосемиотикалык кылат. Музыка ошол эле сезимдик режим (үн) аркылуу тексттин эмоционалдык

маңызын чагылдырат. Ыр жана анын музыкасы семиотикалык өзгөчөлүктү бөлүшөт, экөө тең угуучулардан бирдей эмоционалдык жоопту туудурууну көздөйт. Когнитивдик процесс катары угуучулар ырдын тексттин жана музыкасын өз ара байланышкан сенсордук сезимдер аркылуу иштетип, жалпы таасирди күчөтөт.

### 4.2. Аялдар поэзиясын которуу жолдору, стратегиялары жана ыкмалары

Кыргыз аялдар поэзиясынын англис тилиндеги котормолоруна лингвостилистикалык талдоо жүргүзүүдө поэтикалык тексттердеги тилдик бирдиктердин лексикалык, семантикалык синтаксистик деңгээлдери, эквиваленттик структуралык өзгөрүүлөр, сүйлөмдүн структурасынын алмашуусу, фонология/графология, грамматикалык, лексикалык деңгээлдери, котормонун динамикалык эквиваленттүүлүгү: семантика, прагматика, маданий жана экспрессиялык деңгээли, психолингвистикалык деңгээл: визуалдык, синтаксистик, семантикалык, прагматикалык, маданий аспектилери, когнитивдик лингвистикалык ыкма: универсалдуу / маданий образдар, когнитивдик процесстер, релеванттуулук ыкма жана анын семантикалык, синтаксистик, стилистикалык, когнитивдик деңгээлдери, котормонун эквиваленттүүлүгү, сөз, сүйлөм, абзац, грамматика, текст, тематика, прагматика деңгээлдери жана тексттик, референттик, когезив, табигыйлык деңгээлдери талдоого алынды.

#### 4.2.1. Поэзияны которууда лингвистикалык деңгээлдердин таасири

Фатима Абдалованын “Биз азыр кайдабыз?” [532] / “Where are we now?” [572, 52-53-бб.] аттуу ырын талдоодо тексттин ар кандай деңгээлдеги лингвистикалык бирдиктерин (лексика, синтаксис жана идеясы) котормого жана анын талданышы, интерпретациялоо жолдоруна кандай таасир тийгизери изилденди.

*“Биз азыр кайдабыз?” [532] (Ф. Абдалова)* *Where Are We Now? [572, 52-53-бб.]*

| | |
|---|---|
| *Ооба десең, бизде деле айла көп,*<br>*...Айлаң келип бир бутага байланган.*<br>*Сан жылдарды чиркештирип барган көч,*<br>*Артты көздөп кайрылалбайт кайтадан... (Ф. Абдалова, "Биз азыр кайдабыз?") [532]* | *Indeed, we have a multitude of prospects*<br>*That have been forcibly entwined by destiny.*<br>*A journey set in motion centuries ago*<br>*Cannot be retraced to those bygone days*<br>*[572, 52-53-бб.]* |

*А) Лексика (лексика жана сөз курамы):*

"Биз азыр кайдабыз?" / "Where are we now?" атту ыр экзистенциалдык жана интроспективдүү темада жазылган.

Таблица 4.5 – *Лексикалык бирдиктер*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Лексикалык бирдиктер |
|---|---|---|
| *Биз бир Күчтүн жетегинде турабыз...*<br>*Турган менен бизде деле айла көп...*<br>*Тиктеп турат бизди көгүш мунарык,*<br>*Жадагалса тыңшайт жерде жаткан чөп...* [532] *(Ф. Абдалова, "Биз азыр кайдабыз?")* | *We find ourselves in the grip of a single power,*<br>*We hold s prospects in our possession.*<br>*The blue skies gaze upon us, unsettlingly.*<br>*Even the blades of grass listen intently.* [572, 52-53-бб.] | *жетек, күч, келечек, тагдыр, айла, караңгылыктын пардасы, тирүү жандар / grip, power, prospects, destiny, tricks, veil of darkness, living souls* |

Экзистенциалдык ойду жеткирүү үчүн акын бинардык лексемалар (лексикалык бирдиктер) *белгиленген* түшүнүктөрдү билдирген *белгилөөчүлөр* болуп саналат. Ал эми *белгиленүүчү* → катары адамдын абалы, *белги* → суроо болуп саналат.

4.3-графа – *Поэзиянын котормолору лингвистикалык белги катары*

Бул жерде, адамдын азыркы жагдайына же жашоодогу жайгашкан жерине болгон экзистенциалдык изилдөө максатында башкы белги суроо: *Айтчы досум, биз кайдабыз, кайдабыз... / Please, my friend, tell me, where are we now?*. [572, 52-53-бб.]. Анткени бул белги адамдын учурдагы абалын тактоо же суроо жана түшүнүү маңызын камтыйт. Ырдагы белгилердин (белгилөөчүлөрдүн жана белгиленүүчүлөрдүн айкалышы) берилиши окурманга чыгармадагы маанилерди, ойлорду, эмоцияларды жеткирет.

*Б) Синтаксис (сүйлөмдүн түзүлүшү):*

Ырдын синтаксиси ырдын түзүлүшү жана сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн куралышы менен мүнөздөлөт. Котормодо анын жалпы маанисин жана эмоционалдык таасирин калыптандырууда чечүүчү роль ойнойт. Жөнөкөй декларативдик сүйлөмдөрдү колдонуу ачык-айкындуулукту жаратып, окурманга ырдын негизги темалары болгон күч, башкаруу жана байкоо сыяктуу түшүнүктөрдү жеткиликтүү түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ырдын *The subject-verb-object* структуралык түзүлүшү кыймыл-аракеттин маанисин күчөтөт, өзгөчө биринчи эки сапта *We* башкарылуучу да, башкаруучу да күчтөр катары сүрөттөлөт. Табигый элементтердин персонификациясы, мисалы, *The vast blue skies, the blades of grass*, сыяктуу салыштырмалар ачык, түз синтаксис аркылуу белгиленип, алардын иш-аракеттерин жандуу жана таасирдүү көрсөтөт.

Тактоочтор *unsettlingly* жана *intently* эмоциялык маанайды күчөтүп, тынчсызданууу жана көңүл буруу катмарларын кошот. Жалпысынан алганда, синтаксис ырдын тематикалык элементтерин гана колдобостон, жөнөкөйлүк менен тереңдиктин тең салмактуулугун түзүү аркылуу окурмандын эмоционалдык реакциясын күчөтөт.

Ырдын синтаксиси анын маанисине олуттуу таасир этет. Кыргыз тилиндеги текстинде синтаксис кыймыл-аракетти жана шарттарды билдирүү үчүн герундий сөз айкаштарын жана чакчыл структуралары көп колдонулат. Бул конструкциялар ой жүгүртүүчү жана сүрөттөмө маанайын чагылдырып, адамдын учурдагы абалын жана процесстерди чагылдырат. Англис тилиндеги котормодо синтаксис тике *subject-verb-object* структурасы жана параллелдүү конструкциялар менен түзүлгөн, алар ачык-айкындуулукту жана ойду түз билдиргенди сактап турат. Түп нускадагы тексттен айырмаланып, ой жүгүртүү табиятынын маңызы түз берилген. Синтаксистик айырмачылыктарга карабастан, түп нуска жана анын котормосу интроспекция, экзистенциалдык изилдөө жана сырткы таасирдин астында болуу сезими (*бир күчтүн жетегинде болуу, тагдырдын чырмалышы*) темаларын эффективдүү берет. Англисче котормодо түз суроолорду жана декларативдик билдирүүлөрдү колдонуу синтаксистик өзгөчөлүктөрдү сактоо менен ырдын терең маанилеринин маданий жана лингвистикалык чектөөлөр болсо да анын маанисин жеткирүүнү камсыз кылат жана окурманга эмоционалдык таасир калтырат.

Таблица 4.6 – *Синтаксистик түзүлүшү*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Синтаксистик түзүмү |
|---|---|---|
| *Биз бир күчтүн жетегинде турабыз,*<br>*Айласы көп айлабыз да, айласыз...*<br>*Өзүмдү өзүм чоочуй карап турамын,*<br>*Айтчы досум, биз кайдабыз, кайдабыз...* [532] *(Ф. Абдалова, "Биз азыр кайдабыз?")* | *We find ourselves in the grip of a single power.*<br>*We possess many futile tricks, but they are limited.*<br>*I gaze upon myself with anxiety and wander,*<br>*Please, my friend, tell me, where are we now?* [572, 52-53-бб.] | *Түп нуска:*<br>subject-object-*verb* (SOV)<br>Ээ-толуктооч-*баяндооч*<br>*Котормо:* →<br>subject-*verb*-object (SVO)<br>Ээ-*баяндооч*-толуктооч |

Түп нускада синтаксис кыска сүйлөмдөргө жана этиштин акыркы түзүлүшүнө басым жасаса, англисче котормо сөз тартибин өзгөртөт, көмөкчү этиштерди киргизет жана сөз айкаштарын англисче идиомалык сөз айкашына жана грамматикалык нормаларга ылайыкташтырат.

*В) Контексттик адаптация:*

Фатима Абдалованын “Биз кайдабыз" аттуу ыры жана анын котормосу кыргыз жана англис тилинин тилдик жана маданий айырмачылыктарынан улам негизги идеяда, билдирүүдө жана контекстте бир нече трансформациялар болгон. Кыргыз оригиналында негизги идея сырткы күчтөрдүн таасири же башкарылышынын алкагында интроспекциянын жана экзистенциалдык суроонун айланасында турат. Бирок *Биз бир күчтүн <u>жетегинде</u> турабыз* деген сап котормодо *Биз бир күчтүн <u>кучагында</u> турабыз* [532] – *“We find ourselves in the grip of a single power* [572, 52-53-бб.] деген мааниге өтүп, адамдын абалы жөнүндө ой жүгүртүүдө айырмачылыктарды берет. Башкы идея адамдын абалы жөнүндө экзистенциалдык изилдөө болуп саналат, мында акын адамдын абалы, жагдайлары жана кандайдыр бир күчтүн бар болуусун айтуу же ынандыруу жөнүндө ой жүгүртөт.

Англисче котормодо негизги экзистенциалдык суроо сакталып калганы менен, тил жана сөз айкаштары бул идеяларды англис поэзиясынын нормалары жана колдонулуусу чегинде жеткирүүгө ылайыкташкан. Трансформация түп нуска герундий сөз тике предметтик этиштик конструкцияларга *(We find ourselves, hold numerous prospects, gaze upon us)* кайра түзүлүшү менен айырмаланат.

Ырдын контексти маданий өзгөчөлүктөргө жана поэтикалык конвенцияларга байланыштуу тилдердин ортосунда өзгөрүп турат. Кыргыз тилиндеги образдар жана метафоралар ар кандай башка элес, образдарды жаратып, ошол тилге гана тиешелүү маданий кабылдоолорду чагылдырат. Мисалы, *Караңгыдан парда тарткан кайран көз* (сөзмө-сөз: *караңгылык менен капталган көздөр*) сыяктуу фразалар атайын маданий коннотацияларды камтып, *“Like a veil of darkness over the eyes”* (сөзмө-сөз: *көзүнө тагылган караңгы пардадай*) маани менен

которулган. Максатка ылайык маанини эффективдүү жеткирүү үчүн англисче адаптациялоону же түшүндүрүүнү талап кылган ыкмалардын жардамы менен контексттин идеясын жеткирүүгө мүмкүнчүлүк алууга болот. Фатима Абдалованын ырынын англис тилиндеги котормосу адам болуу жөнүндөгү экзистенциалдык ой толгоолор жана сырткы күчтөрдүн таасири жөнүндөгү жана жашоонун маанисин издөө жөнүндөгү ой жүгүртүүсүн камтыйт. Түп нускада 82 сөз, ал эми англис тилиндеги котормосунда 138 сөз колдонулган. Эң көп кездешкен сөздөр: түп нускада: *көп (4); биз (4); кайдабыз (3); деле (3); бир (3);* котормодо: *tricks (2); single (2); prospects (2); power (2); possess (2).*

### 4.2.2. Семантикалык жана коммуникативдик ыкмаларын талдоо

Ньюмарк *“поэзиянын котормосунда сөзмө-сөз котормого эмес, өз алдынча поэма жаратууга басым жасалат”* деп, поэтикалык котормолорду так эместиктерден алыс болуш үчүн түзмө-түз маанини берүүгө умтулушу керек деп эсептейт. Поэтикалык текст сөзмө-сөз котормо менен дал келбесе сүйлөшүү тили менен маанини так жеткириш керек [433].

Меңди Мамазаированын *"Энелердин үнү" [579] / “Voice of Mothers”* [599, 16-24-бб.] аттуу ырындагы тилдик бирдиктерди которуу стратегияларын талдоодо төмөндөгүдөй натыйжа алынды:

| | |
|---|---|
| *ЭНЕЛЕР ҮНҮ же XXI кылымдагы кыргыз эненин уулдарына кайрылуусу* (М. Мамазаирова) *[579]* | *VOICE OF MOTHERS An Appeal from a Kyrgyz Mother in the 21st Century ”* [599, 16-24-бб.] |
| *Эр эмесмин!* | *I am not a hero!* |
| *Эрди тууган энемин.* | *I am a mother who gave birth to a hero.* |
| *Элим үчүн,* | *For the Motherland and my people’s sake,* |
| *Эр өстүрүп келемин.* | *I am nurturing a son of valor.* |
| *Эки этегим желек болуп делбиреп,* | *Two hems of my dress flutter like flags,* |
| *Эки колум калак болуп суу шилеп,* | *My two hands propel like paddles,* |
| *Ай-ааламга дүрбү болуп карегим,* | *I gaze at the universe, with my pupils,* |
| *Айдап келем бул жашоонун кемесин.* | *Like binoculars, to the world extend, Guiding a ship through struggles of life.* |
| *Кош карегим сакчы болуп күнү-түн,* | *My pupils stand guard through night and day,* |
| *Чекте турган уулдарындай эненин. [579]* | *Like the sons of mothers who protect their land [599, 16-24-бб.]* |

Түп нускада 138 сап, 1,354 сөз колдонулган, эң көп кездешкен сөздөр: *бир (18); эр (13); кыргыз (13); болуп (13); үчүн (11):*

4.4-графа – *Түп нускадагы сөздөрдүн жыштыгы*




*Булагы: https://voyant-tools.org/*

Ал эми англис тилиндеги котормодо 138 сап, 2,037 сөз колдонулган, эң көп кездешкен сөздөр: *like (13); wealth (12); people (12); kyrgyz (12):*

4.5-графа – *Котормодогу сөздөрдүн жыштыгы*

*Булагы: https://voyant-tools.org/*

Сөз деңгээлинде талдоо түп нускада да, котормодо да көп колдонулган негизги сөздөрдүн анализин, ошондой эле котормонун эквиваленттүүлүгүн талдоого багытталган. Талдоодо эки варианта тең негизги ачкыч сөздөр аныкталып, кыргыз тилиндеги түп нускада *эне, мекен, эрдик, эр, Ата мекен, баатыр, ынтымак, биримдик* жана *ак жоолук* сыяктуу сөздөрдүн жана маданий элементтерге байланыштуу терминдерди көп кайталанганы көрсөтүлдү. Бул

сөздөр энелердин мекенге болгон сүйүүсү, патриоттук сезими жана коомдук биримдик темаларын чагылдырат. Ал эми англис тилиндеги котормодо *"mother," "Motherland," "Fatherland," "hero," "valor," "unity," "white handkerchief"* деген сөздөр кайталанып, котормочу бул терминдердин маданий жана эмоционалдык маанисин сактоого умтулган, мисалы, *ак жоолук → ак жоолук (white handkerchief)* деп которулуп, символикалык мааниси тынчтык жана энелердин тилеги катары берилген.

Сүйлөм деңгээлиндеги котормодо декларативдүү структура кайталанган. *"I am not a hero! I am a mother..."* деген саптар поэтикалык ритмди сактоо үчүн колдонулуп, *"Two hems of my dress flutter like flags"* деген сыяктуу метафоралык сөз айкаштары сөзмө-сөз которулуп, визуалдык образдарды сактап калган. Бирок *"Ала-Тоо"* сыяктуу маданий терминдер транслитерация менен берилген, англис окурмандарына географиялык маалымат катары түшүнүү үчүн шилтемелерди талап кылышы мүмкүн. Негизги көйгөй - сөзмө-сөз котормону маданий адаптация менен тең салмакташтыруу, айрыкча кыргыз тилинин өздүгүнө терең тамыр алган *"Мекен", "эр", "энемин"* жана *"баатыр"* деген сөздөрдүн көп колдонулушу негизги мотивдерди баса белгилейт, ал эми *"ак жоолук"* сыяктуу метафоралар маданий өзгөчөлүктөрдү тынчтыкка умтулуу жана энелердин элге таасири сыяктуу универсалдуу темалар менен бириктирет. Идиомалык сөз айкаштары: *"үч жолу түкүрүү"* сыяктуу саптар сөзмө-сөз которулган, бирок кыргыз элинин ырым-жырымдары менен тааныш эмес окурмандарды чаташтырышы мүмкүн.

Түп нускадагы сөздөрдүн жыштыгы котормонун маанисине кандай таасир этерин талдоо максатында Войант куралдарын колдонуу менен эки вариантта тең сөздөрдүн жыштыгы жалпы мааниге кандай таасир этерин салыштырууга мүмкүн болду. Түп нускада эң көп колдонулган сөздөр:

1) *Үчүн: мекен үчүн, элим үчүн, жер үчүн, тынчтык үчүн, сакташ үчүн, атак үчүн, балаң үчүн, ж.б.*
2) *Эр: Эр эмесмин!; эр өстүрүп; эр азамат; эрдик; эр сыйлаган; эр жакшы; эр жүрөк; кайран эр, ж.б.*

*3) Кыргыз: кыргыз ата, кыргыз эне, кыргыз уулу, кыргыз үчүн, кыргыз болуп, кыргыз тили, кыргыз элим, ж.б.*
*4) Болуп: желек болуп, калак болуп, сакчы болуп, дүрбү болуп, маашыр болуп, душман болуп, асман болуп, ж.б.*
*5) Бир: бир жоосун, бир мен эмес, бир четинен, бир уулга, бир жакшылык, бир катмар, бир баш, бир жака, бир көз, бир нуска, бир карегим, ж.б.*

4.6-графа – *Түп нускадагы эң көп кездешкен сөздөр*




*Булагы: https://voyant-tools.org/*

Ал эми котормодо эң көп кездешкен сөздөргө төмөнкүлөр кирет:

*1) Wealth: wealth in this hour; that wealth, Your wealth; their wealth so dear, for wealth; For the sake of wealth;*
*2) People: homeland and the people; Kyrgyz people; people speak, other people;*
*3) Motherlland: For the Motherland; As my Motherland; Motherland is a precious light; Motherland ranks highest;*
*4) Like: flutter like flags; like rain; like some other lands; Feels like I gave birth to shameless foes;*
*5) Kyrgyz: Kyrgyz Father's shame; A Kyrgyz Mother; my Kyrgyz; wings, my Kyrgyz; Sons of Kyrgyz Father, Kyrgyz Mother, ж.б.*

4.7-графа – *Котормодогу эң көп кездешкен сөздөр*



*Булагы: https://voyant-tools.org/*

Түп нуска менен котормодогу сөздөрдүн жыштыгынын айырмачылыктарына жана алардын маанисине кандай таасир этерине көңүл буруу менен ар бир версияда эң көп кездешкен сөздөрдү аныкталды. Түп нускада *үчүн, болуп, эр, кыргыз* деген сөздөр көп кайталанса, котормодо *"wealth," "people," "motherland," "like," "Kyrgyz"* деген сөздөр көп кездешет. *Кыргыз* деген сөздүн экөөндө тең негизги термин экени байкалды, бирок котормодо ал кеңири колдонулган. *Эл* жана *мекен* деген сөздөр эки текстте тең негизги бойдон калууда, *болуп* деген сөз түп нускада метафораны түзүү максатында колдонулган, котормодо метафора салыштыруу менен берилип *“like”* деген создү колдонуу менен окшоштуруу жана салыштыруу катары берилген, мында конкреттүү салыштыруулар мааниси боюнча айырмаланып, нейтралдуу термин катары берилген. Эки текстте тең *байлык* деген сөздүн кайталанышы материализмди катуу сынга алгандыгын көрсөтүп турат, бирок котормо айрым идиомалык сөз айкаштарынын таасирин азайткан жана маданий окуялардын болгон убактысын көрсөткөн *“Ноябрдын калдыгы”* деген сыяктуу сөздөрдүн маанисин толук жеткиргенге мүмкүн болгон эмес, мисалы,

*...Ноябрдын калдыгыбы...Тымызын,*
*Салгылашуу жүрүп жатат жең ичи.*
*Бир бирине ичтен кайрап кылычын,*
*Жанын берип, бийлик менен байлыкка,*
*Кээлер жүрөт келтире албай өңүтүн. [579]*
*Is this the balance of November, hidden and sly?*
*Officials battling, with swords to the sky,*
*Ready to give their lives for power and gold,*
*Some suffer, unable to grasp the hold.*
*Жанын берип, бийлик менен байлыкка. [599, 16-24-бб.]*

Тексттин жыштык өзгөрүүлөрү тематикалык басымды кандайча өзгөртөрүн талдоодо *Ата мекен* деген сөз *Motherland* деп өзгөрүп, адаптацияга дуушар болгон. Жалпысынан алганда, сөз тандоонун жыштыгы маданий өзгөчөлүктөргө, эмоционалдык резонанска жана түп нускада жана которулган тексттердин ортосундагы тематикалык тунуктукка кандай таасир этерин баса белгилөө максаты бар. Котормодо түп нускадагы текстке болгон ишенимдүүлүк менен

жеткиликтүүлүк тең салмакташтырылып, энелердин курмандыгы, улуттук биримдик жана адеп-ахлактык сын темаларына эки вариантта тең басым жасалат.

Түп нускада ыр эмоционалдуу саптар менен башталат, котормодо грамматиканын да, лексикалык тандоолордун да түз котормосун көрсөтүп, акындын энелик жана инсандыгынын маңызын чагылдырып, баштапкы түзүлүшүн сактап турат: *Эр эмесмин!, Эрди тууган энемин, Элим үчүн, Эр өстүрүп келемин.[579] / I am not a hero! I am a mother who gave birth to a hero.* [599, 16-24-бб.] деген биринчи сап кыргыз тилиндеги атооч сөзгө терс форма *-эмес* жардамчы сөзүн улоо менен башталат. Кыргыз тилиндеги атооч сөздөрдүн терс формасын аналитикалык жол менен уюштуруучу *эмес, эр-* жардамчы этишинин жана этиштин терс формасы *–БА* менен атоочтуктун терс *с* формасынын кошундусунан түзүлгөн (*эмес* < *эр-ма-с*) [159]. Кыргыз поэзиясында жокко чыгаруу көбүнчө окурмандын текстке болгон мамилесин калыптандыруучу күчтүү лингвистикалык курал катары кызмат кылат. Ырды терс маани менен же жокко чыгаруу менен баштоо дароо эле реалдуулук менен окурмандын күтүүсүнө карама-каршылык киргизип, окурманды ырдын терең маанисин ачууга активдүү катышууга мажбурлайт. Терс маанини мындай колдонуу кайра элестетүү үчүн мейкиндикти түзөт, мында анткени четке кагылып жаткан нерсе жөнүндө гана эмес, ошондой эле четке кагуу билдирген негизги чындык же реалдуулук жөнүндө ой жүгүртүүгө чакырылат. Ырда айтылган жокко чыгаруу жана айтылбаган мүмкүнчүлүктөрдүн ортосунда акын менен котормочунун биргелешкен процесси башталат.

Поэма энелик, улуттун келечеги жана социалдык жана саясий өзгөрүүлөрдүн таасири темаларын изилдейт.

Таблица 4.7 – *Англис тилиндеги котормодо колдонулган идиомалар*

| Түп нускадагы фразеологизмдер жана сөз айкаштары | Котормодо берилген идиомалар | Фразеологиялык бирдикти → Идиома катары которуу |
|---|---|---|
| *Саат-сабырдан аман болсо дегеним* | *I pray for your peace, far from the ravages of war,* | Согуштун кесепетинен, |

| | | |
|---|---|---|
| *Сагалаган серт кабардан селт этип, [579]* | *Bad tidings make my heart tremble and fear soar.* [599, 16-24-бб.] | кыйроодон сактануу дегенди билдирет. |
| *Көтөрө албай тентектигин балдардын. Толуп кетти таш кесеси чыдамдын. [579]* | *Today, I can't tolerate our children's mischief, My patience, to its limits, has been pushed.* [599, 16-24-бб.] | Чыдамкайлык чегине жетип, сыналганын билдирет. |
| *Санжыргалуу саамайыңдан, Ата Журт, Билем сенсиз, Таалайым аз экенин [579]* | *Rich in history, my Fatherland, centuries unwound. Without you, my happiness is incomplete.* [599, 16-24] | Тарыхы терең, кылымдарга созулган өтмүшү бар өлкө экенин сүрөттөйт. |
| *Ай-ааламга дүрбү болуп карегим, Айдап келем бул жашоонун кемесин. [579]* | *I gaze at the universe, with my pupils, Like binoculars, to the world extend, Guiding a ship through struggles of life.* [599, 16-24-бб.] | Жашоодогу кыйынчылыктардан алып өтүү маанисин метафоралык түрдө берүү менен колдонулат. |
| *Бир четинен кертип-кесип, кемирбей, Арам колду койсоң боло тийгизбей. [579]* | *Don't taint it with deeds that leave a trace. Don't soil it with dirty hands and soul,* [599, 16-24-бб.] | Адепсиз же адеп-ахлаксыз иш-аракеттерге тыюу салуунун билдирет. |

*Семантикалык котормо* баштапкы тексттин түп нуска маанисин, эстетикалык жана маданий аспектилерин сактоого багытталган. Ньюмарктын айтуусунда семантикалык котормо *“эстетикалык маанисин сактап калуу максатында ийкемдүүлүккө мүмкүндүк берет, поэтикалык элементтерди сактап калуу үчүн мааниге ээ маданий сөздөрдү которууда маданий нейтралдуу терминдерди колдонуу зарыл”* экендигин айтат. Кээде түп нускадан котормо тилге табигый өтүшүнөн улам баштапкы формасын жана көркөмдүк баалуулугун сактап калат. Мисалы, “*Эр эмесмин! Эрди тууган энемин. Элим үчүн, Эр өстүрүп келемин”* деген саптын *с*емантикалык котормосу: *I am not a hero! I am a mother who gave birth to heroes. For my people, I am raising heroes.* [599, 16-24-бб.]. Бул мисалда *Эр эмесмин!* баштапкы маанини жана маданий контекстти сактоо үчүн түз мааниде сакталат. *Эр* деген сөз кыргыз тилиндеги кош мааниге, эркек же күйөө жана баатыр деген эки мааниге ээ, бул поэманы

которууда чечүүчү мааниге ээ. Котормодо маданий маанисин сактап, “Эр эмесмин” деген сөз айкашы “мен баатыр эмесмин” деген мааниде берилет.

*Коммуникативдик котормо* түп нуска текст окурмандарына кандай таасир этсе, котормо тилдеги окурмандарга да ошол эле таасирди жаратууну көздөйт. Ал котормону жеңил, ачык-айкын жана оңой түшүнүктүү кылууга багытталган, көбүнчө маданий элементтерди котормо тилге тааныштыруу үчүн ылайыкташтырат. Коммуникативдик котормо түп нусканын так контексттик маанисин түшүнүктүү жеткирүү максатын көздөйт.

Түп нуска: *Ата Журттун кусуру уруп кетерин, Ким учурда сатса Журтун, Мекенин!*.

Семантикалык котормо: *The curse of the Fatherland will strike, If anyone sells their Homeland, their Motherland!* котормодогу маанисин жеткирүү үчүн *Кусуру уруп кетет* (*the curse will strike*) деген сөз айкашынын поэтикалык жана маданий таасирин сактап калуу үчүн түз мааниде *каргыш тиет* деген сөз айкаштары менен которулган. Бул котормо Ата Журт (Fatherland) жана Ата Мекен (Motherland) деген сөздөрдүн эмоционалдык жана маданий коннотацияларын сактап, сөзмө-сөз маанини берип, маданий контекстти сактаган.

Коммуникативдик котормо: *Мекендин каары аны саткандарга түшөт! / The wrath of the homeland will fall upon those who betray it!*. Бул котормо маданий элементтерди максаттуу аудиторияга жеткиликтүү кылуу үчүн ылайыкташтырат. *Ата Мекен* жана *Ата журт* жөнөкөйлөштүрүлүп, *мекен* деп, ал эми *каргыш* болсо *каар* деп которулган.

Түп нуска текст: *Эмнегедир эт-жүрөгүм болк этип, Чоочуганмын.* Семантикалык котормо: *For some reason, my heart fluttered, I was alarmed.* Бул котормо түп нуска текстке жакындап, *эт-жүрөгүм болк этип / my heart skipped a beat* деген метафораны сактап, англисче идиомалык сөз айкашы менен которулгон.

Семантикалык котормо түп нусканын эстетикалык жана маданий байлыгын сактайт, бирок текстти татаалдаштырат. Бул маданий жана көркөм бүтүндүгү биринчи орунда турган поэтикалык тексттер үчүн ылайыктуу. Коммуникативдик

котормо которулган тексттин максаттуу аудитория үчүн түшүнүктүү жана эффективдүү болушун камсыздайт, бул кээ бир оригиналдуу маданий маанини жоготууга алып келет. Негизги максаты - натыйжалуу баарлашуу жана окурмандардын катышуусу болгон тексттер үчүн колдонулат. “Энелер үнү” поэмасын которууда эки ыкманын айкалышы ырдын идеясын да, анын маданий байлыгын да эффективдүү жеткирүү үчүн баштапкы текстке туура келүү менен котормо тилдеги мааниге ылайыктуулугун тең салмактоо үчүн колдонулду.

"Энелер үнү" поэмасынын котормосун талдоодо анын маанисин чечмелөө зарылчылыгы бар, анткени публицистикалык поэмада кыргыз эненин 21-кылымдагы күрөшү, балдары, Мекен үчүн болгон түйшүгү чагылдырылган. Төмөндө берилген котормо стратегиялары “Энелер үнү” поэмасынын которулушун талдоодо колдонулду.

Таблица 4.8 – *Котормо техникасынын колдонулган жыштыгы*

| | |
|---|---|
| Сөзмө-сөз котормо | 12 |
| Куплет | 10 |
| Модуляция | 8 |
| Парафраза | 6 |
| Транспозиция | 5 |
| Кеңейтүү | 3 |
| Кыскартуу | 2 |
| Компенсация | 3 |

“Энелер үнү» поэмасы образдуу тилге, стилдик каражаттарга бай. Төмөндө мисалдар жана поэма боюнча ар бир көркөм сөз каражаттарынын пайда болушунун болжолдуу пайызы менен бирге алардын колдонулушун аныктап талдоо болуп саналат. Колдонулган басымдуу образдуу тил метафора болуп саналат, бул поэмада көптөгөн кыйыр салыштыруулар аркылуу колдонулат.

Таблица 4.9 – *Стилистикалык каражаттар*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Стилистикалык каражаттар |
|---|---|---|
| *Эки этегим желек болуп делбирен* | *Two hems of my dress flutter like flags /* | Метафора → метафора |
| *Эки колум калак болуп суу шилеп,* | *My two hands propel like paddles* | Метафора → метафора |

| | | |
|---|---|---|
| *Ай-ааламга дүрбү болуп карегим,* | *I gaze at the universe, with my pupils, like binoculars* | Метафора → метафора |
| *Кылым жуугус осол ишке кабылып...* | *Centuries can't cleanse their faults and mistakes,* | Гипербола → гипербола |
| *Ак жоолугум ЫНТЫМАККА жол сурап,* | *My white scarf calls for Solidarity* | Символ → символ |
| *Адам барбы, Ата Журтун сүйбөгөн? (М. Мамазаирова) [579]* | *Is there a person who does not love their Motherland?* [599, 16-24-бб.] | Риторикалык суроолор → риторикалык суроолор |

Поэма 21-кылымдагы кыргыз энесинин жүрөктөн чыккан түйшүгү чагылдырылып, эне болуу, энелик түйшүк, жоопкерчилик, улуттук өзгөчөлүк, эркиндик, өсүп келе жаткан муундун милдеттери темаларын камтыйт. Анда энелердин курмандыктары чагылдырылып, коомдун азыркы абалын сынга алып, биримдикке, ата тегин, маданиятын, тилин жана тарыхын урматтоого чакырат.

“Энелер үнү” поэмасынын котормосун [599, 16-24-бб.] Ньюмарктын котормо типологиясынынын негизинде талдоодо төмөндөгү котормо стратегиялары аныкталды:

*1) Трансфаренс* котормо ыкмасы булак тилдеги (SL) сөздү котормо тилге (TL) түздөн-түз которууну, көбүнчө терминдерди камтыйт, мисалы, поэмада *Ала-Тоо, кыргыз* сыяктуу сөздөр маданий маанисин сактап, транслитерация котормосу аркылуу англис тилине түздөн-түз которулат.

*2) Табигыйлаштыруу* түп нускадагы (SL) сөздөрдү котормо тилдин (TL) айтылышына жана морфологиясына ылайыкташтырат. *Ата мекен* деген сөздү англис тилине табигый берүү максатында *Motherlend* же *Homeland* деп берилет. *My Ala-Too, crowned with white kalpak* деген саптагы *Ала-Тоо* жана *ак калпак* маданий символдор болгондуктан транслитерация менен берилет. Маданий эквивалент поэманын маданий маанисин сактап калуу үчүн сакталат. Номинативдик ысымдар котормо текстинин окурмандарына резонанстуу болушун камсыз кылуу үчүн англисче айтылышы же түзүлүшү менен шайкеш келтирилет. Эгерде салттуу кыргыз ысымдарын англисче айтылышын жеңилдетүү үчүн жөнөкөйлөтүлүп, өзгөртүлүшү мүмкүн, ошол эле учурда түп нуска ысымды урматтоо менен да айтылышы сакталат, мисалы, кыргыз деген сөз

кээ бир учурларда /ˈkɪrgɪz/ кээде /kɜːgɪz/ болуп англис тилиндеги сүйлөөчүлөрдүн табигый артикуляциясына жараша айтылат.

*3) Маданий эквивалент* түп нусканын (SL) маданий сөзүнө жакындоо үчүн котормо тилдин (TL) маданий терминин колдонууну билдирет. *Мекен, эр, эне,* сыяктуу сөздөрдү *Motherland, Homeland, hero, mother* деп которуу менен эки тилде бирдей эмоционалдык салмакты жана маданий маанини сактоого болот.

*4) Функционалдык эквивалент* котормо тилде (TL) эквиваленти жок болгондо жалпы терминди камтыган нейтралдуу котормолор пайда болот, мисалы, *ак жоолук* дегенди *жоолук* деп маданий кийимдин маанисин берүү менен которулат. Ошондой эле кыргыз тилиндеги текстте берилген *жараткан, теңир, кудай* жана *аллах* деген сөздөрдүн эквиваленти катары *Almighty, Creator, God, Lord* сыяктуу эквиваленттери менен берилет.

*5) Дескриптивдүү эквивалент* функциясына негизделген түп нускадагы (SL) терминди же сөздү сүрөттөөнү камтыйт. Акын энелердин аткарган милдетине, ордуна, жакшы да айтып бата бере ала турган, бирок каргыш айтып тескей турган ролдоруна жана алардын коомдогу маанисине кайрылат. Бирок эненин ыйыктыгы баш ийбеген балдарын тарбиялай ала турган күчтүү образын өзгөчөлөнгөн ордун көрсөтүп, дайыма *эне – ыйык, эне – боорукер, эне – баарын кечирет* деген ойдон алыс, эненин ролу тескөөчү, эскертүүчү да катары сүрөттөлгөн мааниси ырда кездешет:

Таблица 4.10 – *Бинардык оппозиция*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Бинардык оппозиция |
|---|---|---|
| *Бүлүндүрүп бүтүндү.*<br>*Бейбаштыкты баштасаңар,*<br>*Сыздатсаңар жүлүндү.*<br>*Кыргыз ЭНЕ каргап салат,*<br>*Ыкка көнбөс балдарын.*<br>[579] | *But if you deny, ,*<br>*Dividing your people,*<br>*Casting hope away.*<br>*If you stoke the fires of discord,*<br>*Kyrgyz mother will curse.*<br>[599, 16-24-бб.] | Эненин ролундагы бинардык оппозиция анын тарбиялоочудан жазалоочу күчкө айланганында пайда болот. |

*6) Синонимдик котормо* – так эквиваленти жок болгондо котормо тилде жакын синонимдер колдонулат. Мисалы, *урук-тукуму* деген сөздүн жакын

мааниси катары *ancestors, kins* деген сөздөр алынат. Мисал: котормодо *бала-чака – offspring, урук-тукум – descendant* деген синонимдери берилген.

7) Активдүү үндү пассивдүүгө өзгөртүү (же тескерисинче) – *Кымгуут күндө, көңүл кыраа тынчыбай In restless days, I can't maintain my calm* саптарындагы үндүн трансформациясы каармандын кыймыл-аракетине эмес, эмоционалдык абалына басым жасайт. Котормодо каармандын үнүн алмаштыруу эненин коомдогу баш аламандыкта алсыздык сезимин белгилейт.

*8) Маданий компенсация* – поэмадагы *ак жоолук (white headscarf)* сыяктуу маданий референстер тазалыкты жана кыргыз коомундагы энелердин жана аялзатынын салттуу ордун билдирет. Котормодо бул маданий элементтердин маанисин жеткирүү үчүн түшүндүрмө берүү керек. Англис тилинде жана бүткүл дүйнөлүк тынчтыкты жана биримдикти билдирген жалпы символ көгүчкөн болуп саналат. Ырда берилген *ак жоолук* (же *ак желек*) көп учурда дүйнө жүзү боюнча ар кандай маданияттарда тынчтыктын, биримдиктин жана тилектештиктин символу катары колдонулат. Ак желек кагылышуу учурунда багынып берүү же элдешүү чакырыгынын белгиси катары жалпы таанылган. Бул тынчтык жолу менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана пикир келишпестиктерди чечүү сыяктуу универсалдык маанилерге ээ.

*9) Кыскартуу жана кошуу* – кээ бир сөз айкаштары түшүнүктүү болушу үчүн котормодо кыскартууну талап кылат, ал эми башкалары баштапкы маанини жеткирүү үчүн кеңейтүүнү талап кылат. *Кымгуут күндө, көңүл кыраа тынчыбай* деген сапты *In restless days, my mind is never at peace* деп, сөздү жөнөкөйлүк үчүн кыскартып алынган. Бул кыскартуу айкындык үчүн структураны жөнөкөйлөтүп, маңызын сактап калган. Кеңейтүү үчүн котормодо *I can no longer endure the children's mischief* деген сөздүн ордуна *I can't tolerate our children's mischief* деп эненин чарчаганына басым жасоо менен жумшартылып, мааниси берилген.

*10) Түшүндүрмө берүү* – котормочу кыргыз маданиятындагы *ак жоолукчан энелер* деген түшүнүктү билдирген *ак жоолук* сыяктуу маданий референстер, *Кыргыз үчүн кыргыз күйүп, Түйүнчөккө жанды түйүп* деген идиомалык сөз айкаштары, *Кезек келди колтук ачпай бөтөнгө, Калп макташып, төрүмө өтүп*

*дардактап!* деген сыяктуу маданий колоритке жык толгон сөз айкаштарына түшүндүрмөлөрдүн болуусу зарыл. Меңди Мамазаированын ырын талдоо үчүн котормо ыкмаларын колдонуу түп нуска тексттин тереңдигин жана татаалдыгын көрсөтөт. Ар бир ыкма акындын энелик, улуттук өзгөчөлүк жана коомдук сын темаларын кантип бергени жөнүндө түшүнүк берет.

Котормо процесси оперативдүү болуп саналат жана ар бир текстке жараша ыкманы тандоо зарылчылыгын көрсөтөт. Котормо процессинин жүрүшүндө төрт деңгээлди [432], [433] аныктоо менен Меңди Мамазаированын *"Энелер үнү" [579] / "Voice of Mothers"* [599, 16-24-бб.] аттуу поэмасындагы тилдик бирдиктерди жана алардын котормолорундагы деңгээлдердин талданышы төмөндө берилди.

Таблица 4.11 – *Тилдик бирдиктерди котормодогу деңгээлдери*

| Котормо деңгээли | Түшүндүрмөсү | Мисалдар | Анализ |
|---|---|---|---|
| 1. Тексттик деңгээли | Грамматикалык структураларды, идиомалык сөз айкаштарын жана лексикалык тандоолор талдоо менен баштапкы тилдин маңызын жеткирүү, котормо тилде ритмди жана образдарды сактоо, "интерпретациядан" алыс болуу. | *SL: "Эр эмесмин!, Эрди тууган энемин."*<br><br>*TL: "I am not a hero! I am a mother who gave birth to a hero."* | Котормодо кыргыз тилиндеги "эр" деген сөздүн грамматикалык мааниси жокко чыгарылып, анын эне экендигине басым жасалат. Бул окурмандын күткөн нерселерине дал келбей, жокко чыгарууну жана анын артындагы айтылбаган реалдуулукту берет. Бул эки түрдүүлүк котормодо сакталышы керек. |
| 2. Референттик деңгээли | Котормочудан поэмадагы элестүү окуяларды сүрөттөө талап кылынат. Түп нускадагы маанини натыйжалуу жеткирүү үчүн маданий | *SL: "Эки этегим желек болуп делбиреп, Эки колум калак болуп суу шилеп."*<br>*TL: "Two hems of my dress flutter* | Маданий маалыматтын метафоралык мааниси, энелик насаатты же балдарды тарбиялоону символдоштурат. Бул маданий символдорду түшүнүү эненин поэмадагы кеңешчи |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | маалыматтын артындагы эмоционалдык маанини түшүнүшү керек. | *like flags, My two hands propel like paddles."* | ролунун тереңдигин жеткирүү үчүн өтө маанилүү. |
| 3. Когезивдик деңгээли | Поэманын жалпы түзүлүшүнө жана эмоционалдык ырааттуулугуна басым жасайт. Котормонун идеясы, поэманын эмоционалдык интенсивдүүлүгүн жана образдарын жеткирүү зарыл. Эмоционалдык таасир этүү үчүн кайталоо жана контрасттар (мисалы, жокко чыгаруу) сакталат. | *SL: "Эр эмесмин!" "Эрди тууган энемин." TL: "I am not a hero! I am a mother who gave birth to a hero."* | "Эр эмесмин!" деген терс сөз айкашынын кайталанышы ырдын эмоционалдык таасирин көрсөтөт. Поэманын эмоционалдык салмагын жана тематикалык үзгүлтүксүздүгүн сактоо үчүн негизги образдарды жана метафоралык карама-каршылыктарды сактоо маанилүү. |
| 4. Табигыйлык деңгээли | Котормо тилдин окурмандарына табигый угулушун камсыз кылуу зарылчылыгы, маданий контексти жана табигый агымы менен түп нускаңы тең салмакташтыруу зарыл. | *SL: "Сактагын" – деп жаратканга жалынып, Сансыз ойдон санааркай да беремин." TL: "I implore God to safeguard my dear Motherland, I bear the burden of countless thoughts profound."* | Поэманын эмоционалдык интенсивдүүлүгүн сактап, котормо тилде табигый сөз айкаштарын табуу, табигый сезимге жетишүү үчүн маданий жана эмоционалдык тактык менен тең салмакташтыруу, б.а. эненин үнү чыныгы экендигин камсыз кылуу керек. |

*Энелер үнү [579] / Voice of Mothers* [599, 16-24-бб.] поэмасын которууда котормо ыкмалары түп нускадагы эмоционалдык резонанс жана маданий контекстти көрсөткөн түшүнүктү жеңилдетет, ошол эле учурда максаттуу аудитория үчүн айкындуулукту камсыз кылат. Котормо стратегияларын,

компенсация жана кошуу ыкмаларын колдонуу менен биз акындын ой-пикирин эффективдүү жеткирип, оригиналдуу чыгарманын маңызын түшүнүп, аны англис тилинде жеткиликтүү которууга мүмкүндүк алабыз.

### 4.2.3. Поэзияны которуунун эквиваленттүүлүк деңгээлдерин талдоо

Котормонун эквиваленттик структуралык өзгөрүүлөрү, динамикалык эквиваленттүүлүктүн семантикалык, прагматикалык, маданий жана экспрессиялык элементтери кыргыз аялдар поэзиясынын котормолорунун негизинде көрсөтүлдү.

*1) Котормонун эквиваленттик структуралык өзгөрүүлөрү*

Элмира Ажыкановanын *“Таш дубал” [537] / “A Stone Wall”* [572, 73-74-бб.] аттуу ыры жана анын англисче котормосунун эквиваленттүүлүк аспектисин талдоо натыйжалары

| *Таш дубал [537]* (Э. Ажыканова) | *A Stone Wall [572, 73-74-бб.]* |
|---|---|
| *Таш дубал, таш тепкичтер сыйда муздак,*<br>*Эшиктер өзү ачылган сага туштап.*<br>*Оңой, тез, баары белен алаканда*<br>*Топчуну бассаң эле даяр кызмат. [537]* | *Stone walls, cold stairs to tread upon,*<br>*Doors opening effortlessly on their own.*<br>*Convenience at hand, with all ready,*<br>*A press of a button brings forth service.* |

Түп нусканын жана котормо тилдеринин ортосунда котормонун ар кандай түрдөгү өзгөрүүлөрү (сөзмө-сөз которуулар же орун алмаштыруулар) кандайча көрүнөрү талданды. Эквиваленттик структуралык өзгөрүүлөр катары сүйлөмдүн структурасынын алмашуусу алынды.

Таблица 4.12 – *Эквиваленттик структуралык өзгөрүүлөр*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Талдоо |
|---|---|---|
| *Таш дубал, таш тепкичтер сыйда муздак, Эшиктер өзү ачылган сага туштап. ”* [537] | *Stone walls, cold stone stairs to tread upon, Doors opening effortlessly on their own. ”* [572, 73-74-бб.] | Сын атооч→сын атооч<br>Этиш+ган→этиш+-ing мүчөсү |

Кыргыз тилинде ыр сыпаттоочу зат атооч жана этиштер менен сүйлөм түзүлгөн. Англис тилинде структура табигый агымга жана поэтикалык туюнтмага ылайыкталып, мисалы, сын атоочторду кошуу жана ритм жана ырдын

айтылышынын жагымдуулугун сактоо максатында фразаларды кайра иретке келтирүү ыкмалары колдонулган. Бул элементтер котормодо англис тилинин эрежесине ылайык кайра уюштурулган, баштапкы мааниси сакталса да структуралык өзгөрүү болгону далилденди.

Таблица 4.13 – *Эквиваленттик структуралык өзгөрүүлөр*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Талдоо |
|---|---|---|
| *Бирок мен робот эмес, адам элем,*<br>*Гүл сүйгөн, күлкү сүйгөн аял элем. ”* [537] | *But I am not a robot, I am human,*<br>*A woman who cherishes laughter and flowers”* [572, 73-74-бб.] | Тактооч → этиш<br>Өткөн чак→учур чак |

Кыргыз тилиндеги *робот (robot)* деген сөз адамга мүнөздөмө берүүчү маанисинен өзгөрүп, техникалык терминден жалпы жана эмоционалдык мүнөздөмөгө өтүп кеткен. Анын сыңарындай, *гүл сүйгөн* жана *күлкү сүйгөн* деген сөздөр *A woman who cherishes laughter and flowers / күлкү менен гүлдү аздектеген аял* деп которулуп, конкреттүү кыймыл-аракеттерден кеңири мүнөздөмөлөргө өткөнү көрсөтүп турат. Бул котормо эквиваленти башка класска сын-сыпатты билдирген тактоочтон этишке өтүп, сөз түркүмдөрүнө таандык болгон класстык өзгөрүүлөр болгон.

*Даны бар, өркүнү жок данектердин,*

*Оту жок, мээрими жок каректердин (Э. Ажыканова) [537]*

*Like a seed without shoots, a bone without marrow,*

*Eyes lacking spark and compassion.* [572, 73-74-бб.]

Кыргыз тилиндеги метафора англис тилинде окшоштуруу менен берилген, *өркүнү жок данектердин* (*бүчүрсүз / without shoots*) *without marrow*, болуп, конкреттүү тилден метафоралык тилге өткөнүн көрсөтөт. Бул котормо тилдик бирдиктердин (сөздөрдөн сөз айкаштарына өтүү) денгээлиндеги өзгөрүүлөрдү камтыйт.

*Тор айнек, темир тосмо – абактардай,*

*Түнөрүп карыш түшкөн кабактардай.(Э. Ажыканова) [537]*

*With barred windows and iron fences like prisons,*

*Feeling the weight of a frowning brow. ”* [572, 73-74-бб.]

Кыргыз тилиндеги *абактардай* деген сөз айкашы *түрмөлөр сыяктуу* деп которулуп, маданий белгини жалпыга таанымал белгиге алмаштырат. Кыргыз тилиндеги *кабагы карыш түнөрүп* деген сөз айкаштары фразеологиялык бирдиктер *Feeling the weight of a frowning brow - кабагын бүркөгөн каштын салмагын сезүү* деп которулуп, англис тилиндеги идиоматикалык туюнтма үчүн түшүнүк кеңейтилген. Бул котормо маданий белгилер жана идиомалык сөз айкаштары системасынын ичиндеги өзгөрүүлөрдү камтыган система ичиндеги жылышуулар болуп саналат.

Таблица 4.14 – *Структуралык өзгөрүүлөр*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Структуралык өзгөрүүлөр |
|---|---|---|
| *Бу заман кайрып койду канатымды,*<br>*Айттырбай аялдык ак санатымды.*<br>*Агылган калың көчтүн арт жагында*<br>*Баратам таңып алып жараатымды.*(Э. Ажыканова) [537] | *This time has wounded me, shattered my wings,*<br>*Suppressing my voice as a moral woman.*<br>*Barely binding my wounds, I move forward,*<br>*Following the flow of people on the road. ”* [572, 73-74-бб.] | Сын атооч → зат атоочко: *айттырбай ак санатымды →* suppressing my *voice*<br>Этиш → зат атооч: *Агылган калың көч → the flow of people*<br>Этиш+суффикс → Ат атооч: *баратам → I move* |

Котормодогу өзгөрүүлөр, которуу процессинде ар кандай орун алмашуулар же өзгөрүүлөр - структуралык, класстык, тил бирдиктер жана система ичиндеги өзгөрүүлөр кандайча болуп жатканын талдоо аркылуу көрүүгө болот. Кыргызчадан англисчеге которулган ырларды талдоодо ар бир өзгөрүүнүн түрү түп нусканын маанисин жана өзгөчөлүктөрүн максаттуу тилде натыйжалуу жеткирүү үчүн колдонулган ар кандай стратегияларды чагылдырат.

*2) Котормонун динамикалык эквиваленттүүлүк ыкмасы*

Түп нуска тексте каралган жалпы эффекттин берилишин коммуникациянын динамикалык элементтерин кайра түзүп чыгуу зарыл [435] экендигин белгилеп, котормодо беш маанилүү фаза аныкталган: *предмет, катышуучулар, тилдик акт, колдонулган код* жана *билдирүү*, бул элементтерди рецепторлордун маданиятына ылайыкташтыруунун маанилүүлүгүн көрсөтөт [435]. Динамикалык эквиваленттүүлүк ыкмасы лингвистикалык анализди маданий жана коммуникативдик контексттерди эске алуу менен кененирээк кароосу жана

аны интеграциялоо аркылуу котормо таанууда революция жасап, муну менен котормону түшүнүү жана практикада колдонуу үчүн комплекстүү негизди сунуштайт.

Котормонун динамикалык эквиваленттүүлүк ыкмасын колдонуу менен семантика, прагматика, маданий жана экспрессиялык элементтер Бактыгүл Чотурованын “Жүрөгүмдө сынык бар” [592] / “My Heart is Shattered into Pieces” [599, 50-б.] аттуу ырын жана анын котормосун талдоодо колдонулду.

*А) Функционалдык эквиваленттүүлүк*

Котормонун түп нускасынын таасири эки тилде тең бирдей болуусу зарыл. Поэзияны которуу сөздөрдү которууну гана эмес, түп нускадагы эмоционалдык жана маданий таасирди да жеткирүүнү камтыйт.

Таблица 4.15 – *Функционалдык эквиваленттүүлүк*

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Функционалдык эквиваленттүүлүк |
|---|---|---|
| *Көз жашымды көрбө шамал,*<br>*Чуркап кайчы өтүп кет.*<br>*Сендей эмес мендеги абал,*<br>*Уңулдаарсың кезиксек.(Б. Чотурова)* [592] | *Wind, avert your gaze from my tears,*<br>*Pass by as if you didn't take notice.*<br>*You'd weep at the sight of my condition,*<br>*Whispering across the world.* [599, 50-б.] | Түп нуска: кыйыр өтүнүч<br>Котормо: түздөн-түз кайрылуу<br>Образдуу сүрөттөө + |

Котормодогу функционалдык эквиваленттүүлүк түп нускадагы ырдын эмоционалдык таасирин сактап, ошол эле учурда структураны жана сөз айкашын англис конвенцияларына ылайыкташтырат, образдуу сүрөттөө жана сезимдер - кайгыга чалдыгуудан качуу үчүн шамалга кайрылуу сыяктуу эки тилде тең натыйжалуу жеткирилишин камсыз кылат. Ыр саптарындагы маанай түп нускадагыдай эле эмоционалдык жеңилдетүү үчүн өтүнүчтү козгоп, эмоционалдык таасир берген сөздөр жана сөз айкаштары тандалган.

*Б) Семантикалык жана прагматикалык эквиваленттүүлүк*

Ырдагы *Көз жашымды көрбө шамал* деген саптар которулганда “*Wind, avert your gaze from my tears” / Шамал, көз жашымды тиктебе* котормо түп нусканын эмоционалдык жагымдуулугун сактап, көз жашын көрүүдөн качкан шамалдын

метафоралык маанисин камтыйт. Түп нускасындагы *Чуркап кайчы өтүп кет / Pass by as if you didn't take notice* деген саптар түп нусканын сезимин сактап, көз жашын көрбөй өтүп бараткан шамалдын аракетин билдирет. Эки котормо тең түп нуска саптардын семантикалык мазмунун жана эмоционалдык таасирин сактап, окурманга акындын эмоционалдык абалын да шамалдын ролун да түшүнүүсүн камсыздайт.

*В) Лингвистикалык жана стилистикалык эквиваленттүүлүк*

Котормодо түп нускадагы саптардын стилистикалык өзгөчөлүктөрү сакталып берилген, образдуу тилдин элементтери котормонун поэтикалык сапатына өбөлгө түзүп, анын түп нуска ырдын эстетикалык жана экспрессивдүү жактарын эффективдүү жеткирүү менен функционалдык эквиваленттүүлүккө жетишет. Ал сөзмө-сөз котормого эмес, акын ойлогондой окшош эмоционалдык таасирге жана коммуникативдик эффектке жетишүүгө багытталган.

Таблица 4.16 – *Стилистикалык каражаттар*

| Стилистикалык каражаттар | Кыргыз тилинде | Англис тилинде |
|---|---|---|
| Метафора | *Жүрөгүмдө сынык бар* | *And my heart lies shattered in pieces.* |
| Персонификация | *Көз жашымды көрбө шамал* | *Wind, please avert your gaze from my tears.* |
| Анафора (Кайталоо) | *Көз жашымды көрбө* | *Do not witness my tears* |
| Аллитерация | *Сыр алдырбай зымпыямын* | *I muster my strength, remaining resolute.* |
| Символ | *Айым, Күнүм* | *My moon, my sun.* |
| Гипербола | *Жүз... жүз жылга чачырады* | *Scattered over a century, a hundred years.* |
| Параллелизм | *Жаным менен кетер сөзүң, Сөөгүм менен бир уктаар* | *I will carry your words to the grave, So they may rest eternally within me.* |
| Антитеза | *Кымбат көргөн адам айткан арзан сөзгө өкүнөм!* | *A cherished soul wounded my spirit, Uttering cheap words my way.* |

Стилистикалык көркөм сөз каражаттары котормодо түп нусканын эмоционалдык тереңдигин сактап, кыргыз жана англис тилдеринин ортосундагы

структуралык айырмачылыктардан улам формасы өзгөргөн (мисалы, аллитерациянын жоголушу же башка тыбыштар менен түзүлүшү).

*Г) Маданий адаптация*

Котормолордун маданий контекстке ылайыкталышы маанилүү маданий түшүнүктөрдү жана метафораларды жеткирүүнү камтыйт. Мисалы:

*Кымбат көргөн адам айткан*

*Арзан сөзгө өкүнөм! [*592]

*A cherished soul wounded my spirit,*

*Uttering cheap words in my direction.* [599, 50-б.]

Бул саптардагы антитеза *“кымбат адамы”* менен *“арзан сөздүн”* эки маданиятта тең таасирин түшүнүү керек. Котормо бул сөздөрдүн өкүнгөн жана көңүлү кайткан мүнөзүн эффективдүү чагылдырышы керек.

*Д) Эмоционалдык жана экспрессивдүү элементтер*

Котормолор түп нуска тексттин түз маанисин эле эмес, эмоционалдык жана экспрессивдүү элементтерин да бериши керек. Мисалы: *Жүрөгүмдө сыныk бар* дегенди которсок, анда айтылган эмоционалдык кыйроону жеткирүү керек. Котормодогу “*My heart lies shattered into pieces*” котормо тилинде ушундай эле жүрөк сыздатуу жана үмүтсүздүк сезимин ойготушу керек. Анткени, котормонун түпкү максаты – түп нуска текст өз котормо текстке да ушундай реакцияга жетишүү. Бул тилдик жана маданий факторлорду кылдаттык менен кароону талап кылат. Котормо, маданий контекст ар кандай болсо да, жараланган жүрөктүн кыйраганын түшүнгөн окурмандарга ошол эле эмоционалдык реакциясын жаратууну көздөө максатка ылайык экендигин айтууга болот:

Динамикалык эквиваленттик ыкмасын кыргыз аялдар поэзиясынын котормолоруна колдонуу сөздөрдү эле эмес, эмоцияларды, маданий өзгөчөлүктөрдү жана түп нуска тексттин жалпы таасирин жаңы аудиторияга берүүдөгү татаалдыктарды көрсөтөт. Талдоо котормочуларга поэзиянын эмоционалдык жана маданий өлчөмдөрүн сактап калууда жол көрсөтүп, котормо тилдеги окурмандарга да баштапкы нукура резонанс түзөөрүн айтууга болот.

### 4.2.4. Поэзияны которуунун прагматикалык анализи

Прагматикалык аспектилер, айрыкча маданий метафоралар поэзиядагы репрезентацияны түшүнүүдө кандайча колдонулганына көңүл буруп, когнитивдик илим менен адабий анализдин кесилишинде турат. *Metaphors We Live By* (1980) аттуу эмгек биздин концептуалдык түшүнүгүбүз метафоралык системадан тураарын ырастайт [382]. Башка чөйрөлөрдөгү түшүнүктөрдү түшүнүү үчүн тажрыйбанын бир чөйрөсүндөгү метафоралык конструкцияларды колдонууну сунушташат. Поэзиядагы репрезентация көбүнчө татаал ойлорду жана эмоцияларды берүү үчүн метафораны колдонууну камтыйт. Когнитивдик теориялар метафоралар жөн гана жасалгалоочу тил эмес, фундаменталдык когнитивдик процесстердин тамыры экенин көрсөтүп турат. “Метафоралар акындын башынан өткөн окуясын бир доменден экинчисине картага түшүрүү аркылуу баяндалуу менен биздин түшүнүгүбүздү кеңейтет” деген пикирдин [382] негизинде бул процесс биздин когнитивдик архитектурабызга терең сиңген, ал поэзияны талдоо үчүн бай негизди бере алат деп айта алабыз. Поэзияда репрезентация абстракттуу түшүнүктөрдү материалдык тажрыйбалар менен байланыштырган метафоралык тил аркылуу ишке ашырат. Мисалы, акындар татаал сезимдерди же идеяларды билдирүү үчүн физикалык тажрыйбага байланыштуу метафораларды колдонушат, мисалы, эненин эмоционалдык оор жүгүн билдирүү үчүн *“аялдын арабасы толо жүгү”* (Т. Адышева) метафорасын, ал эми аялдын ишенимин актай албаган учурду көрсөтүү үчүн *“убайдын уусун чачып курутпачы”* (Ш. Мамбетаипова) сыяктуу метафоралар колдонулган.

Прагматикалык аспектилерди лингвостилистикалык талдоодо натыйжалуу колдонуу үчүн, акындын, окурмандын же котормочунун когнитивдик мотивдери жана тынчсызданууларын менен байланыштыруу зарыл. Поэзия көбүнчө инсан психологиясынын өзөгүн түзгөн жашоо жана өлүм, бар болуу же аман калуу, тукум улоо менен көбөйүү, туугандык жардам жана өз ара көмөктөшүү сыяктуу негизги аспектилерди чагылдырат [526]. Адамдардын жашоосунун поэзияда чагылдырылган иерархиялык түзүлүшүнө жашоого умтулуу, жүрүм-

турумубуздагы негизги мотивдерди чагылдырган жеке ой-пикир, инсандык күч, аялдык бакыт жана үй-бүлө сыяктуу универсалдуу темаларды чагылдыруу менен адамдын табиятын ачып көрсөтөт. Когнитивдик аспект поэзиянын күчү анын негизги адамдык мотивдерди чагылдырууда экенин көрсөтүп турат [313].

Инсандын беш факторлуу модели беш инсандык сапаттар катары белгилүү, психологияда кеңири таанылган модель, ал адамдардын инсан катары өсүп-өнүгүшүнүн беш сапатынын өлчөмдөрүн камтыйт [215]. Бул факторлор акындын ички дүйнөсү алардын чыгармачылыгы аркылуу чагылдырылышына таасир этет жана поэзиядагы темаларды, обондорду жана стилдик тандоолорду калыптандырат. Окурмандарга акындын жан дүйнөсүн, мотивациясын, поэзиясынын эмоционалдык тереңдигин тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Кошумчалай кетсек, инсандык факторлор окурмандын же котормочунун поэзияны кандайча чечмелеп, байланыштыруусуна таасир этет, бул поэтикалык чыгармаларды жаратуунун жана талдоонун маанилүү аспектиси болуп саналат.

Аялдардын өздөрүнө гана таандык инсандык факторлордун өзгөчөлүктөрү жана алардын аялдардын поэзиясына кандай таасир берет деген суроону талкуулоо үчүн инсандык өзгөчөлүктөргө психологиялык изилдөөлөрдөн, ошондой эле аялдар поэзиясын адабий талдоодон алынган көз караштарды карасак болот. Аялдардын инсандык факторлору алардын универсалдуу сапаттарын камтыйт: *1) жаңычылдыгы / жаңы илим-билим алууга дилгирлиги; 2) аң-сезимдүүлүгү / акылмандыгы / чынчылдыгы; 3) эмоционалдуулугу же экстраверсия / интроверсия; 4) ийкемдүүлүгү / жагымдуулугу / боорукердиги / көмөктөшүүгө даярдыгы (баш ийүүсү жана өзүн-өзү курмандыкка чалууга даярдыгы)* 5*) сезимталдуулугу (тынчсыздануулары, маанайы, өкүнүү, кубануу, кайгыруу, кыйкымчылдыгы, ж.б.)* - көбүнчө адамдын инсандарын сүрөттөө үчүн колдонулаары психолог изилдөөчүлөр тарабынан аныкталган [385]. Жогоруда айтылган беш сапат акындын идиостилин аныктоодо жана каарманды талдоодо да колдонулат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, орто эсеп менен аялдар эркектерге салыштырмалуу *жагымдуулук* жана *эмоционалдуулук* боюнча көбүрөөк балл алышат. Кошумчалай кетсек, аялдар көп учурда күчтүү эмпатия сезимин,

эмоционалдык интеллектти жана тарбиялоо жана камкордук көрсөтүү ролдорго көбүрөөк тенденцияны көрсөтүшөт, бул аялдар үчүн маанилүү инсандык факторлор катары каралат [215], [385].

*1) Жаңычылдыгы / жаңы илим-билим алууга дилгирлиги же жаңы тажрыйбага ачыктыгы:* бул өзгөчөлүк адамдын интеллектуалдык кызыгуусун, жаратмандыгын жана жаңылыкка жана ар түрдүүлүккө артыкчылык берүү даражасын чагылдырат. Жогорку деңгээлдеги жаңы нерсени үйрөнүүгө даярдыгы, фантазияны жаратуу сыяктуу кызыкчылыктардын кеңири чөйрөсү менен байланышкан, ал эми төмөн деңгээлдеги ачыктык жашоого кадимки жана салттуу мамилени көрсөтөт, чыгармачылыкты, кызыгууну жана жаңычылдыкты жактырууну чагылдырат. Жаңы нерселерди үйрөнүүгө даярдыгы боюнча жогорку упайга ээ болгон аялдар көбүрөөк чыгармачыл, элестетүүсү жогору өнүккөн жана жаңы идеяларга ачык болушат. Бул өзгөчөлүк поэзияда өзгөчө мааниге ээ, анткени ал акындарга түрдүү темаларды изилдөөгө, тил менен эксперимент жүргүзүүгө жана философиялык татаал сезимдерди билдирүүгө мүмкүндүк берет:

*Бир ойлосом мен бир чекит дүйнөдө*
*Бир карасам аалам менин колумда. [537]*
*Sometimes I feel small in the world,*
*But at times, it seems the world is in my hands. (“Эски мештин жанында”, Э. Ажыканова) [572, 72-б.]*

*2) Аң-сезимдүүлүгү / акылмандыгы / чынчылдыгы: а*дамдын уюшкандыгы, ишенимдүүлүгү, тырышчаактыгы жана тартиптүүлүгү менен мүнөздөлөт. Абийирдүүлүгү жогору адамдар эффективдүү, уюшкандыкта, ишенимдүү жана жоопкерчиликтүү болушат, ал эми бул сапаты төмөн адамдар стихиялуу же кайдыгер болушу мүмкүн. Бул өлчөм чын ыкласы менен ишке берилүү, калыстык жана жөнөкөйлүк сыяктуу сапаттарды да чагылдырат. Чынчылдыкка, жөнөкөйлүккө жана берешендикке, ач көздүктөн алыс болгон тенденцияны көрсөтөт, ал эми аң-сезимдүүлүгү төмөн болсо манипуляцияга, өзүмчүлдүккө жана материалисттик кызыкчылыкка жакындыгын көрсөтөт. Инсандык сапаты жогору, ак ниет, абийирдүү аялдар көбүнчө өз ишин ийне-жибине чейин

уюштуруп, тартиптүү жана маскатына жетүү үчүн бир нерсенин майда-чүйдөсүнө чейин багытталган. Поэзияда бул структурага, ритмге жана формага кылдат мамиле жасоодо пайдаланышат. Алардын чыгармачыл иши максаттуу, күчтүү сезимге бай жана сөздөрдү кылдат тандоону чагылдырат.

| | |
|---|---|
| *“Асыл жарга” (Н. Осмонова) [585]* | *To My Precious Spouse [575, 57-58-бб.]* |
| *Неге мынча көп ойлонуп,* | *You toiled tirelessly,* |
| *Азайгансыйт күлүшүң?* | *Putting in efforts day and night,* |
| *Чиркин өмүр өттүбү же,* | *Yet, amidst it all,* |
| *Күтүп күндүн дурусун?* | *Your laughter waned, lost in thoughts,* |
| *Асыл жарым, аздегим-ай,* | *Perhaps you spent days in quietude,* |
| *Чачтарыңдын актарында,* | *Yearning for better times in our lives.* |
| *Менин да бар үлүшүм…[585]* | *Your hair grays, and I share the blame,* |
| | *My precious, cherished spouse.[575, 57-58-бб.]* |

Ырдагы аялдын чынчылдыгы жана акылмандыгы анын жарына жан аябастык менен берилгендиги аркылуу чагылдырылат. Анын ишенимдүүлүгү ырдын ритми аркылуу берилип, этияттык менен мамиле кылуусу *"чачтарыңдын актарында менин да бар үлүшүм",* деген саптарда айтылгандай, аялдык жогорку сапатын көрсөтүү менен, *“күлкүсү өчүп”* турган жарына боорукердиги, сүйүүсү, жөнөкөйлүгү, чынчылдыгы жана акылмандыгы катары баалоого болот. Бул сапаттар ырда кылдаттык менен тандалган сөздөр жана түзүлүшү аркылуу таасир этет.

*3) Эмоционалдуулугу - экстраверсия / интроверсия:* бул өлчөм инсандын канчалык ачык, энергиялуу жана баарлашуу мүнөзүн камтыйт. Жогорку деңгээлдеги экстраверсия коомдук өз ара аракеттенүүнү, толкунданууну жана сергектикти жактырууну көрсөтөт, ал эми төмөнкү экстраверсия (же интроверсия) жалгыздыкка, тынч жана токтоо жүрүм-турумга ыктоону чагылдырат, коммуникативдүүлүктү, талап коюучулукту жана ачык, шайыр, шайдоот болуу мүнөзүн чагылдырат. Экстраверт аялдар поэзиясында өз оюн жана сезимдерин ачык айтат жана башкаларды шыктандырат. Алардын

чыгармалары жандуу, социалдык жактан кызыктуу жана инсандар аралык мамилелерди чагылдырат.

*Көкүрөгүм ысып-күйүп эзилем,*
*Көр турмушка жем болчудай сезилем.. (“Эски мештин жанында”, Э. Ажыканова) [537]*
*My soul burns, and I endure its torment,*
*As if destined to feed on life's hardships. [572, 72-б.]*
*Ысыктан корком – “ырайымсыз отуна салабы” деп,*
*Муздактан корком – “жылан болуп оролуп алып чагабы” деп.*
*Коркомун караңгыдан – койнуна коркунучун салып берген,*
*Коркомун жарыктан да – ашкере ачып салган абийиримди. (А. Абазова, “Коркуу”) [531].*
*I fear the heat, as it may consume me in its fire,*
*I fear the cold, as it may bite like venomous snakes,*
*I fear the darkness, laden with hidden dangers,*
*I fear the light, exposing my shame and guilt. [544, 50-б.]*

Айзада Абазованын “Коркомун” аттуу ырынын котормосуна лингвистикалык когнитивдик анализ жасоо менен акындын жана котормочунун сөз тандоосу, метафоралары жана эмоционалдык маанайы коркуунун терең интроспективдүү жана маданий резонанстуу сүрөттөлүшүн түзүү үчүн кандайча иштээрин изилдей алабыз. Ырда табигый элементтердин - жылуулуктун, сууктун, жарыктын жана караңгылыктын катмарлуу метафораларын колдонуп, коркуунун эмоционалдык тереңдигин ачып берген. Жылуулукту *"от"* менен, суукту уулуу жандыктар менен салыштыруу аркылуу лингвистикалык тандоо коркуу сезиминин парадоксун жаратат, анда ар бир тааныш элемент потенциалдуу зыян келтирет, коркунуч жаратат. Когнитивдик жактан алганда, поэма коркуу сезиминин кадимки жашоодогу коркунуч булактарына кандайча өзгөртө аларын көрсөтөт. Акындын аял акын катары өзүн-өзү чагылдыруунун жана коркуунун рекурсивдүү циклине кирип кеткенин билдирет. Бул жерде когнитивдик метафора теориясы коркууну абстракттуу сезим катары эмес, акындын коркуусу башынан өткөн сезүү эскерүүлөрү жана коркунучтун маданий символдору менен өз ара аракеттенген тажрыйбасы катары түшүнүүгө жардам берет.

Ырдын котормосу түп нускасынын когнитивдик тереңдигин чагылдырууну көздөйт, коркууну эмоционалдык жооп катары гана эмес, бардык нерсени камтыган акыл-эс көрүнүшү катары көрсөтөт. "Коркууну" чагылдыруу үчүн "I fear" (мен корком) деген сөздү кайталоо жана башка сөз айкаштарын тандоо менен котормодо поэманын ырааты белгиленип, тынчсызданууунун когнитивдик мааниси жеткирилген. Жылуулук, муздак сыяктуу бинардык метафоралар физикалык сезимдерди коркунучтун каражаты катары маанисин берет. Бул котормодо да тынчсызданууу жеке жана жамааттык көрүнүш экендигин көрсөткөн резонанс жаратууга мүмкүндүк берет. Бул тандоолор аркылуу котормо ырдын когнитивдик түзүлүшүн сактап, коркуу сезиминин азыркы учурду кандайча чагылдырарын жана келечектеги кыйынчылыктарды сезип билүүгө түрткү берээрин жеткирет.

*А) Тилдик түзүлүшү жана лексикалык тандоолор:* ыр коркуу сезиминин тынымсыз экендигин көрсөткөн параллелизмди жана кайталоону колдонот. Ар бир строфа *"Коркомун"* деген сөз менен башталып, баяндамачынын коркуу сезиминин бардык жерде бар экендигин баса белгилеген рефренди түзөт. Коркууну параллель түзүү менен автор коркуунун реалдуулугунун бардык аспектилерине, табигый элементтерден (жылуулук, суук, караңгылык, жарык) жеке тынчсызданууларга (жалгыздык, алсыздык, эскерүүлөр, келечек) кандайча сиңип кетерин көрсөтөт. Бул ритмикалык кайталоо тынчсызданууунун циклдик үлгүсүн чагылдырат, мисалы, динамикалык качып кутулгус коркунучтун циклине камалып калгандай абалды көрсөтөт. Ырда *"ырайымсыз отуна салабы"* жана *"жылан болуп оролуп алып чагабы"* деген сөз айкаштары бул коркунучтарды күчөтүү үчүн ички образдарды түзөт. Коркуу сезимин күчөткөн этиштердин (*жеп, тиштеп, чагып, сестенип*) тилдик тандоосу тышкы, агрессивдүү коркунучту көрсөтүп, жашыруун коркунучтарга толгон дүйнөнүн элесин билдирет.

*Б) Коркуунун метафоралык сүрөттөлүшү:* ырдагы метафоралар абстракттуу коркунучтарды конкреттүү, дээрлик физикалык коркунучтарга айлантат. *"Жылуулуктан"* жана *"сууктан"* коркуу сүйүү менен жек көрүүнүн

чексиздигинен, ал сезимдердин туруксуздугунан коркууну билдирет жана жашоо шарттарынын алдын ала айтууга мүмкүн эместигин символдоштурган чектен чыгууларды билдирет. Акын ошондой эле караңгылыкты жана жарыкты жекелештирет, караңгылык жашыруун коркунучтарды, ал эми жарык каалабаган экспозицияны жана алсыздыкты символдоштурат. *"Коркомун – жар бол деп жуучу түшкөн жалгыздыктан"* деген образ коркууну ого бетер жекелештирет, анткени бул жерде нике шериктештикти эмес, жан дүйнөсүнүн жалгыздыгын, социалдык күтүүлөрдүн салмагын да билдирет. Бул метафора маданий жактан контекстке да тиешелүү, анда нике автономияны жоготууну билдириши мүмкүн, айрыкча салттуу ролдорду аткарган кыргыз аялдары үчүн маанилүү.

*В) Когнитивдик алкактар:* когнитивдик көз караштан алганда, *коркуу жана эмоционалдык резонанс* жеке таанып-билүүгө багытталган, анда каармандын коркуусу физикалык жактан берилгени менен ички дүйнөнүн метафоралык абалын көрсөтөт. Мындан тышкары, *“Коркутат кечээкимди эстегеним, А бирок, эртеңден да сестенемин”* деп коркуу сезими кечээги, бүгүнкү, эртеңки жашоонун эмоционалдык абалы катары гана эмес, физикалык сезим катары көрүнүп, бул сезимдердин психологиялык таасирин күчөтөт. Ыр алдын ала тынчсызданууну чагылдырат - келечектеги коркуулар учурдагы жашоону калыптандырган когнитивдик үлгү. Алдыдагы *"коркунучтуу күндөр"* тууралуу тынчсыздануу алсыз акыл-эсти көрсөтөт, бул болсо мүмкүн боло турган азап-кайгыны өтө эле жакшы түшүнгөндүгүн көрсөтүп турат. Келечектеги коркунучтарга карата мындай когнитивдик багыт травманын болгонуна байланыштуу болуп, адамдын келечекке болгон көз карашына тынымсыз таасир этет.

*Г) Маданий жана психологиялык темалар:* ыр Кыргызстандын маданий контекстинде жаңырып турган жеке жана жамааттык тынчсыздануулардын уникалдуу кесилишин чагылдырат. Бул жерде *"жар болууга чакыруу"* катары көрсөтүлгөн жалгыздыктан коркуу коомдук кысымды жана социалдык ролдор жана үй-бүлөлүк структуралар негизги орунду ээлеген коомдук чөйрөдө обочолонуудан коркууну билдирет. Ошондой эле каармандын *"Коркомун*

*сезимимден – коркуудан башка эч нерсе туя албаган"* деген коркуу сезими коомдук күтүүлөр жеке адамга чоң таасир эте турган шарттарда кеңири тараган өнөкөт тынчсыздануу абалында жашоонун психологиялык таасирин баса белгилейт. Акыркы саптарда каарман ойгонуудан да коркот, бул терең экзистенциалдык үмүтсүздүктү билдирет. Жашоодон коркуу сезими жеке күрөшкө эле эмес, жашоонун түйшүгүнө кабылууга түрткү берет, балким, маданий жана социалдык күтүүлөр, аткарылбаган кыялдар же мурунку көңүл калуулар менен күчөтүлгөн.

*Д) Эмоционалдык жана тилдик берилиши:* ыр коркууну бардык нерсени камтыган күч катары сүрөттөйт. Тилдик жактан алганда, андагы кайталоо жана метафораларды колдонуу менен “коркуу бардык жерде бар” экендигин көрсөтөт, коркуу – күнүмдүк жашоосу жана келечеги жөнүндө түшүнүгүндө камтылган дүйнөнү түзөт. Когнитивдик жактан алганда, ыр алдын ала коркуу сезимине аралашкан акыл-эсти чагылдырат, ал чечилбеген травмалардын жана коомдук күтүүлөрдүн психологиялык кесепеттерин түшүнүүгө жардам берет. Жалпысынан ыр коркуунун табияты жөнүндө жүрөк козгоорлук ой жүгүртүү катары кызмат кылат, кабылдоолорду калыптандырат жана таасир этет. Маданий контекстке негизделген жеке коркуу сезимин изилдөө аркылуу А. Абазова татаал социалдык-маданий жашоонун абалын көрсөтөт.

*4) Ийкемдүүлүгү жана чыдамкайлыгы (баш ийүүсү жана өзүн-өзү курмандыкка чалууга даярдыгы)*: ийкемдүү же башкалардын пикирине макул болуу - адамдын канчалык ынтымактуу, боорукер жана достук мамиледе экенине байланыштуу. Ийкемдүүлүк - боорукер, ынтымактуу болуу менен байланышкан, ал эми ийкемдүүлүгү төмөн болсо атаандаштык, антагонисттик же өзүмчүл болуу мүнөздөрүн көрсөтөт. Бул фактор коомдук гармонияга көбүрөөк басым жасоо менен кечиримдүүлүк, чыдамкайлык жана кекчил болбоо жүрүм-турумуна басым жасайт. Аялдар көбүнчө ак ниет, боорукер жана кызматташуу сыяктуу сапаттарды камтыган каршылык көрсөтпөгөн, көп нерсеге макул болгон сапаттары боюнча жогору балл алышат. Ийкемдүүлүгү жогору акындар

чыгармаларында байланыш, жамаат жана эмоционалдык байланыш темаларына басым жасашат. Мисалы,

*Жан кейиткен азаптарга чыдаган,*
*Кайрат күчүң аска тоодой бек экен.* (“Энекем”, А.Чойбекова) [591].
*You endure all the plaintive troubles,*
*You stand as sturdy as mountains.* [572, 19-б.]
*Жалындар жалбырттап денеде,*
*Келе көр жакшы эле чыдадым. [591]* (“Кайдасың”, А.Чойбекова)
*Hope burns within my soul, within my being,*
*Oh, my dear, come at last, I can bear no more.* [572, 22-б.]

5*) Сезимталдуулугу / кечиримдүүлүгү (тынчсызданулары, маанайы, өкүнүү, кубануу, кайгыруу, ж.б.),* – эмоционалдык туруктуулуктун даражасын, б.а. тынчсыздануу же маанайдын тенденциясын билдирет. Өтө сезимтал болуу эмоционалдык туруксуздук, тынчсыздануу жана стресске алсыздык менен мамиле кылуу, эмоцияга алдыруу менен байланышкан, өз сезимин башкара алгандар бейпилдикти, эмоционалдык туруктуулукту жана ынтымак, достук мамилени көрсөтөт. Эмоционалдык сезимталдуулук алсыз же күчтүү болуу, аялуу болуу жана ый, күлкү, кайгы же кубануу менен байланыштуу сапаттарды камтыйт. Ал эмпатияны, бири-бирине болгон көз карандылыкты, ошондой эле коркуу, баш ийүү жана тынчсызданууну да камтыйт. Эмоционалдык туруксуздук жана сезгичтик менен байланышкан фактордун жогорку деңгээли ички башаламандык, тынчсыздануу сыяктуу темаларга көңүл буруп, тереңдетилген поэзиянын жаратылышына түрткү берет. Мындай акындар өз чыгармаларын татаал сезимдердин коштоосу менен терең маанилерди чагылдырып, поэзиясын маалымат жеткирүү же билдирүү каражаты катары колдонушат.

*Таарынычты жүрөгүмө жүк кылбай*
*Таш ыргыткан жандарды эбак кечиргем.* (“Шамал”, Э. Ажыканова) [537].
*Not harboring grudges in my heart,*
*I've forgiven those who hurled stones at me.* [572, 67-б.].
*Айыга албай койдум көңүл дартымдан.* (“Шамал”, Э. Ажыканова) [537].
*I couldn't heal the wounds in my broken heart.* [572, 67-б.].

Поэзияны которуунун когнитивдик, лингвистикалык жана психолингвистикалык ыкмалары когнитивдик процесстерди моделдештирүү максатын көздөйт, айрыкча котормочулар аң-сезимдүү түрдө интроспекция кыла

албаган аспектилерге көңүл бурулат [231]. Көбүнчө лингвистикалык анализге негизделген котормонун башка ыкмаларынан айырмаланып, Р. Беллдин ыкмасы психолингвистикадан алынган түшүнүктөрдү тилдин системалык моделинин алкагында бириктирип карайт [231]. Ал котормодо тилдик трансформация кантип ишке ашат деген фундаменталдуу суроого жооп берүү менен карап чыгат, ошондой эле ал котормону бир тилден келген билдирүүлөрдүн коддорун чечмелөө жана аларды экинчи тилге кайра коддоо процесси катары карайт [231]. Анын котормо процессинин модели синтаксистик, семантикалык жана прагматикалык анализди камтыйт жана бул процесстерди котормонун түшүнүү жана колдонуу фазаларын эске алуу менен ылайыкташтырат [231].

*1) Котормонун психолингвистикалык ыкмасын (визуалдык, синтаксистик, семантикалык, прагматикалык, маданий аспектилери)*

Назгүл Осмонованын "*Зар заман" [585] / "Tough Times"* [575, 62-б.] аттуу ырына жана анын котормолоруна котормонун психолингвистикалык ыкмасы аркылуу талдоонун натыйжалары

| | |
|---|---|
| *Зар заман[585]* (Н. Осмонова) | *Tough Times [575, 62-б.]* |
| *Дөөгүрсүгөн чоңдор ай, майланышкан,* | *Living in opulence, officials gain* |
| *Шайлоо десе шаңданып шайланышкан.* | *weight,* |
| *Жыл айланбай бийликке келгенине,* | *Elected, making false promises,* |
| *Түбөлүккө калууга камданышкан. [585]* | *Once seated upon the throne of power,* |
| | *They yearn to possess dominion* |
| | *forever. [575, 62-б.]* |

*А) Котормодогу сөздөрдү жана анын структурасын визуалдык жана синтаксистик талдоо*

Беллдин модели сөздү визуалдык таануудан башталат, мында котормочулар графикалык стимулдарды дискреттик лингвистикалык символдор катары кабылдап, чечмелешет. Назгул Осмонованын "Зар заман" [*585]* / "Tough Times" [575, 62-б.] аттуу ырына талдоо жүргүзүү менен төмөндөгүлөр аныкталды.

Таблица 4.17 – *Ырдын структурасы*

| *Мүнөзү* | *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* |
|---|---|---|
| Станза | 4 станза | 4 станза |
| Саптар | 16 сап | 16 сап |

| Рифма схемасы | AABB | ABAB |
|---|---|---|
| Муундар | 10-12 | 9-12 |
| Структуралык өзгөчөлүгү | Төрт сап, куплеттер, ритмикалык басым | Төрт саптан турган станза |
| Синтаксис | Кыска | Дескриптивдик сүйлөмдөр |
| Тон | Сын көз караш, сатирикалык | Жумшартылган, нейтралдуу |
| Сөз курамы | Метафоралар, саясий сатира | Метафоралар, идиомалар |

Кыргыз тилиндеги котормодо ритмикалык жана рифмалык структура татаал, ал эми англисче котормодо англисче ритмге ылайыкташтырылган формада, рифмалык схема өзгөртүлгөн. Эки текстте тең саптардын жана строфалардын саны бирдей бойдон калууда. Саясий сатираны камтыган сөздөр басымдуулук кылат. “Түбөлүккө калуу”, “өмүрдүн ырахатын татуу” сыяктуу сөз айкаштары лексикалык жана синтаксистик түзүлүшү жагынан өзгөчөлөнүп, которууда эквиваленттерин табуу менен маанисин жеткирүүгө болот.

Таблица 4.18 – *Семантикалык, маданий, прагматикалык эквиваленттүүлүк:*

| Аспекттер | Кыргыз тилинде | Англис тилинде |
|---|---|---|
| Семантика | Ырдын семантикалык мааниси - чиновниктердин ач көздүгүн, адеп-ахлактын жетишсиздигин жана бийликке умтулуусун метафоралдарды колдонуу менен сындоо, мисалы, *“майланышкан”, “чүмбөтчөн.* | Чиновниктердин арасындагы коррупция жана материализмге карата сын. Кээ бир метафоралар жөнөкөйлөтүлгөн: *making false promises, “growing fat”, masked.* Англис контекстине ылайыкташтырылган |
| Прагматика | Саясий сатира жана жергиликтүү маданий элементтерге кайрылуу менен кыргыз окурмандарына тааныш окуяларга багытталган: *Дөөгүрсүгөн чоңдор ай, майланышкан, Шайлоо десе шаңданып шайланышкан.* | Батыштын кеңири аудиториясына арналган: *Living in opulence, officials gain weight,* *Elected, making false promises.* |
| | Күчтүү эмоционалдык кайрылуу, элдин коррупцияга баткан чиновниктерге болгон азап-кайгысын жана таарынычын баса белгилөө: | Идиомалык сөз айкаштарын англис прагматикасына ылайыкташтыруу: *Seated upon the throne of power; Wearing masks before* |

| | | |
|---|---|---|
| | *Байлык менен бийликке тойбодуңар,<br>Ыйманыңды топ кылып ойнодуңар.* | *the people; Making false promises; Yearn to possess dominion forever; Play with their conscience.* |

Кыргыз тилиндеги тексттеги жергиликтүү калкка маалым метафоралар котормодо ачык-айкындуулук үчүн жумшартылган жана англис тилине ылайыкташтырылган. Эки вариантта тең коррупция сынга алынат, бирок англис тилиндеги текст жөнөкөй сөз айкаштарын колдонот, ал эми кыргыз тилиндеги текст метафоралык тереңдикке таянат. Кыргызча текст саясат жана сатира жөнүндө маданий жактан конкреттүү түшүнүктү кабыл алат, ал эми англисче текстти эл аралык аудиторияга прагматикалык жактан ылайыктуу кылуу менен котормодо эмоционалдык интенсивдүүлүк төмөндөйт.

Ырдагы коомдук сын, метафора, бийликке сын көз караш сыяктуу маданий элементтер ырдын сын позициясын жана эмоционалдык таасирин сактап, көпчүлүктүн оюн билдирген ыр саптары экени эске алынган. Ал котормодо функционалдык эквиваленттүүлүккө жетишүүдө жана түп нуска ырдын эстетикалык жана эмоционалдык таасирин сактоодо синтаксистик, семантикалык жана прагматикалык анализдердин маанилүүлүгүн белгилейт. Бул ыкма которгон тексттин түз маанисин гана камтыбастан, поэтикалык форма үчүн маанилүү болгон стилистикалык жана маданий өзгөчөлүктөрүн да сактап калуусун камсыздайт.

*2) Поэзияны которуунун когнитивдик лингвистикалык ыкмасы*

Когнитивдик лингвистикалык модель [336, 335, 334] кабылдоо, эс тутум жана ой жүгүртүү сыяктуу жалпы когнитивдик процесстер менен байланышкан [335]. Когнитивдик маалыматтар, анын ичинде лингвистикалык маалыматтар мээде нейрохимиялык издерди калтырып, бирдик статусу деп аталган бекемделген калыптарды түзөт [336, 199-б.], [384]. Семантикалык тармактагы структуралар котормо процессине таасир этип, конкреттүү тилдик структуралардын ашыкча көрсөтүлүшүнө алып келүүчү гравитациялык тартылуу гипотезасын киргизет [336, 4-б.к]. Бул гипотеза эки тилдүү котормочулардын семантикалык тармактарында активдештирилген түшүнүктөрдүн ортосундагы аралыктын же

бири-бирине дал келбегендигинин негизинде которулбаган тексттерге салыштырмалуу которулган тексттердеги жетишсиз репрезентациянын үлгүлөрүн карайт [334, 5-б.].

Когнитивдик лингвистикалык ыкма когнитивдик процесстердин котормо моделдерин жана кубулуштарын калыптандырууга таасир этет. Когнитивдик лингвистикалык *(универсалдуу / маданий образдар, когнитивдик процесстер)* ыкмасына Нурбүбу Бөдөшеванын *“Айымдарга” [554] / “To Women”* аттуу ырына [575, 45-46-бб.] колдонуу когнитивдик процесстердин котормого жана маданий репрезентацияга кандай таасир тийгизгенин изилдөөнү камтыйт.

| | |
|---|---|
| ***Айымдарга*** *[554]* (Н. Бөдөшева) | ***In Honor of Women*** [575, 45-46-бб.] |
| *Түмөн түйшүк көтөргөн зайып дечи,Түтүп келген көлдүгү аныкдечи.* | *Women carry the weight upon their heads,* |
| *Антсе дагы, эркектер бул дүйнөдө,* | *Kindly enduring all the hardships,* |
| *Түркүк болуп турганын танып көрчү.* | *Yet we cannot deny one truth in life,* |
| *Мезгил берет мээнетти, кебетени,* | *That men are the backbone carrying us.* |
| *Сындалбасын шапкеси, тебетейи.* | *Time bestows hardship and appearances,* |
| | *Their headwear should not be judged,* |
| | *[575, 45-46-бб.].* |

Когнитивдик лингвистикалык ыкма тил менен таанып-билүүнүн бири-бири менен тыгыз байланышта экенин белгилейт. Ал категориялаштыруу, абстракциялоо жана схемаларды активдештирүү сыяктуу когнитивдик процесстер тилди түшүнүүдө жана которууда кандай чечүүчү роль ойноорун талкуулайт. Анын алкактары котормо жөн гана сөздөрдүн которулушу эмес, маданий жана лингвистикалык контексттердин таасири астында болгон когнитивдик структуралардын активдешүүсүн камтыйт деп болжолдойт.

*А) Когнитивдик активдештирүү жана маданий репрезентация*

Ырда аялдын образы *“нурдуу жарык”*, ал эми эркектин образы *“күч-кубаттын түркүктөрү”* катары берилген. Ырда аялдар күндүн образы менен сүрөттөлөт: *“Аялзаты — ааламга жарык дечи”.* Бул сүрөттөө аялдарды жарыктын жана күчтүн булагы катары караган маданий схеманы түзөт. Котормочулар бул маданий кабылдоолорду чагылдыруу үчүн баштапкы тексттин айрым аспекттерин белгилеп же өзгөртүшү мүмкүн. Бул ырды башка

тилге которууда, биринчиден, котормочу түп нускадагы маданий резонансты сактоо үчүн аял күч-кубаттуу, “аялзатсыз эркектер карып дечи” деген идеяны билдирген сөздөрдү тандаш керек:

*Аялзатсыз эркектер карып дечи,*
*Аялзаты — ааламга жарык дечи.[554]*
*Without women, men are indeed poor,*
*Women, the world's radiant light, we adore.* [575, 45-46-бб.]

ЫЙрда аялдардын жаркыраган нуру эркектердин коомдун түркүгү катары ролуна карама-каршы коюлган:

*Антсе дагы, эркектер бул дүйнөдө,*
*Түркүк болуп турганын танып көрчү.[554]*
*Yet we cannot deny one truth in life,*
*That men are the backbone carrying us.* [575, 45-46-бб.]

Бул жерде эркектер күчтүү инсан катары сүрөттөлөт. Бул сүрөттөлүш эркектердин күч жана колдоо менен байланышкан маданий жана когнитивдик схемасын чагылдырат. ЫЙрды которууда түп нускада жана котормо тилде эркектердин коомдо кандай кабыл алынаары жөнүндө маданий айырмачылыктарды карап чыгуу керек. Бул ар кандай когнитивдик структураларды активдештирүүнү камтыйт, түп нускада айтылган маани тилдерде сакталышын камсыз кылат, универсалдуу маанилердин берилиши менен когнитивдик схемасы түзүлөт. Мисалы, ырдын ушул саптарынын которулушу англис коомчулугуна талаш-тартыш жаратып, алар макул болбогон пикирге алып келиши мүмкүн.

*Б) Котормо универсалдары жана өзгөчөлүктөр*

*Манас жана Семетей сыяктуу маданий иконалар:* Манас жана Семетей сыяктуу баатырларга шилтеме берүү кыргыз фольклорунда терең тамырланып, маданий икон катары кеңири белгилүү образдар. Маданий шилтемелер котормодо тандоо процессине таасир эткен семантикалык тармактардын бир бөлүгү болуп саналат. Котормочулар маанини натыйжалуу жеткирүү үчүн бул маданий өзгөчө элементтерди маданий метафораларды чечмелөөсү зарыл:

*Эгер элден заманга зарыл болсо,*
*Эрден чыгат Манасы, Семетейи. [554]*
*If time calls for heroes among people,*

*Like Manas and Semetei emerge at once.* [575, 45-46-бб.]

Манас менен Семетейди транслитерация менен берүү үчүн алардын маданий маанисине түшүндүрмө керек. Котормодо улуттук баалуулуктарды, атактуу ысымдарды, маданий метафораларды сактап калуу же котормо тилинин маданий мурасы менен резонанстуу эквиваленттерди табуу сыяктуу маселелерди чечүү үчүн котормо трансформациялары колдонулуп, англис тилинин окурмандарына метафораны көп учурда окшоштуруу ыкмасы менен берилет.

*B) Когнитивдик процесстер*

Семантикалык тармактарды активдештирүү: котормочулар түп нуска жана котормо тил элементтерин камтыган семантикалык тармактарды кантип активдештирерине көңүл бурушат. Ырдагы гендердик ролдордун сүрөттөлүшү котормого таасир этип, маданий жана тилдик схемаларды активдештирет. Которууда лексикалык тандоодон баштап маданий өзгөчөлүктөрдү сактоого багытталган структуралык өзгөртүүлөргө чейин өзгөрүүлөр болушу мүмкүн.

*“Аялсыз эркектер карып"* же *“эркексиз аялдар жанып көрчү”* [554] сыяктуу талаш-тартыш жаратуучу сөз айкаштарын которууда котормочулар метафоралык жана маданий маанини кантип эффективдүү жеткирүү керектигин кароосу зарыл. Бул метафоралык интерпретация жана маданий репрезентация менен байланышкан когнитивдик процесстерди активдештирүүнү камтыйт.

Когнитивдик лингвистикалык багыт аркылуу “Айымдарга” аттуу ырга талдоо котормодо тил, таанып билүү жана маданияттын ортосундагы татаал өз ара байланышты ачып берет. Схеманы активдештирүү, метафораны түшүнүү жана маданий репрезентация сыяктуу когнитивдик процесстер котормочуларга маданий өзгөчөлүктөрдү жана кабылдоолорду сактоо менен тилдер боюнча маанини жеткирүүгө жардам берет. Котормо ыкмаларын кыргыз аялдар поэзиясына колдонуу менен биз котормочулар когнитивдик жана маданий татаалдыктарды котормодогу тилдик жана маданий боштуктарды жоюу үчүн кантип багыт алышарын түшүнөбүз.

*3) Котормонун когнитивдик эффектке багытталган релеванттуулук ыкмасы*

Бул ыкма семантикалык репрезентация, синтаксистик өзгөчөлүктөр жана стилистикалык элементтер сыяктуу тилдер боюнча коммуникативдик белгилерди аныктоону жана колдонууну камтыйт.

*А) Когнитивдик эффектти максималдаштыруу*

Бул ыкма котормочуларга тексттин когнитивдик эффектин максималдуу жогорулатууга, ошол эле учурда окурмандын тексттин маанисин түшүнүүгө болгон аракетти минималдаштырууга умтулуусу зарыл деген ойду айтат. Гүлжамила Шакированын "Мен аялмын" [594] аттуу ыры жана анын котормосу *“I am a Woman”* [545, 36-37-бб.] өзгөчө таасир берүүчү сөз айкаштарына толгон, таасирдүү ыр:

*"Мен аялмын,*
*Мен ошолмун, дал ошондой аялмын,*
*Жаманың жуун, жакшылыгың жаярмын! "Мен аялмын" [594] (Г. Шакирова)*
*I am a woman!*
*I am exactly this kind of person, a woman,*
*I conceal your faults and amplify your virtues. “I am a Woman” [545, 36-37-бб.]*

*Б) Коммуникативдик ачкычтарды колдонуу*

Бул ыкма тилдер боюнча чечмелөөгө жардам берген семантикалык репрезентация, синтаксистик түзүлүшү жана стилистикалык баалуулуктар сыяктуу коммуникативдик белгилерди аныктайт. Мисалы, *“Мен ошолмун, дал ошондой аялмын, Жаманың жуун, жакшылыгың жаярмын!” / “I am exactly this kind of person, a woman, I conceal your faults and amplify your virtues”* [545, 36-37-бб.] деген саптарындагы сөз айкаштары англис тилине которгондо идентификацияга жана өзүн-өзү баалоо менен өзүн инсан катары көрсөтүүгө басым жасалат. Мисалы, *" Аялсың – деп, алсыз көрбө жан эркек, Аның туура, акыйкатта аялмын” / “Don't perceive me as weak just because I'm a woman, / Yes, I am a woman, equal in this human domain”* [545, 34-36-бб.] сыяктуу сөз айкаштары ырдын маанисин түшүнүүнү жеңилдетип, англис маданиятындагы аялдардын ыйгарым укуктары жана тең укуктуулукту билдирүүчү маалыматтарга дал келгендиктен универсалдуу көз карашты пайда кылат.

*В) Ачык жана кыйыр маалымат (Implicit vs. Explicit)*

Релеванттык ыкманын негиздөөчүлөрү котормочулар көп учурда окурманга минималдуу күч менен тыянак чыгара турган жашыруун (имплисит) маалыматты жеткирбей калтырып саларын айтышат. Метафораларды жана маданий референстерди*"Аял-Эне – сулуу назик гүлбурак" – "A woman, a mother, embodies beauty and life"* [545, 36-37-бб.] деген саптарда котормочу маданий өзгөчөлүктөрдү сактоо менен жеткирген.

*"Кылаар кезде кызматымды аянбайм, Кыйындыкта үй тиккенге даярмын" / "When needed, I won't decline the task, Even in trying times, I can build a house"* [545, 36-37-бб.] деген сапта берилген *"үй тигүү"* жана анын котормосу *"build a house"* эки башка маданий түшүнүктү берет. Котормочу кыргыз маданиятына тийиштүү *"үй тигүү"* иш-аракети англис маданиятында жок болгондуктан маданий референстерди алмаштырып, *"үй салуу"* деген этиш менен берген. Бул сөз айкашы имплисит же маанилүү эмес маалымат сыяктуу болгону менен текстти түшүнүүдө окурмандын элесине таптакыр башка образ келиши күтүлөт.

*Г) Оптималдуу релеванттуулукка жетишүү*

Котормо текстинин англис тилдүү окурмандар менен резонанстуу болушун камсыз кылуу менен оптималдуу актуалдуулукту же релеванттуулукту камсыз кылууга багытталышы зарыл экендигин көрсөтүшөт. Ошол эле учурда оригиналдуу поэтикалык максатты жана эмоционалдык маанайды ишенимдүү чагылдыруу котормочунун аткарган кызматы болуш керек экендигин эскертишет. Бул ырааттуулукту жана таасирди камсыз кылуу үчүн тактыкты стилистикалык адаптациялоо менен тең салмактуулукту сактоо менен камсыз кылууга мүмкүн.

*Д) Контексттик интерпретация*

Ыкма котормолорду түп нуска менен которулган тексттердин интерпретациялык окшоштугуна таянат. Бул эки тилдин когнитивдик чөйрөсүн түшүнүүнү талап кылат, интерпретациялык ачкычтар эки тилде тең эффективдүү берилишин камсыз кылуу үчүн эки маданияттын символдук түшүнүгүн жеткирүү зарыл. Мисалы, ырдагы бинардык оппозицияны түзгөн аялдын образы,

*“жароокер”* же *“жандан кечкен аккуу”* сыяктуу сөз айкаштары аялдын трансформациялык мүнөзүн көрсөтөт:

*Жанып-күйүп, жан дилиңден сүйө алсаң,*
*Жароокермин, кучагыңда таттуумун.*
*Жеңил көрүп уйпаласаң убайга,*
*Жараланып жандан кечкен аккуумун.*[594]
*If you love me sincerely with a heart so pure,*
*I am kind-hearted, and sweet in your embrace.*
*But if you bring me suffering, inflict needless pain,*
*I will be like a wounded swan, leave this life forever.* [545, 36-37-бб.]

Англис жана кыргыз маданиятында да, тилде да жарадар аялдын символу жарадар ак куу образы аркылуу чечмеленсе болот. Бул метафора аялуу аялдын ырайым издегени, терең эмоционалдык же психологиялык зыяндын потенциалдуу универсалдуу темалары катары колдонулат. *Жаралуу ак куу* тилдик жана маданий түшүнүктөрдө аялдын азапка чыдамдуулугун, ооруну көтөрө билүү жөндөмүн жана адам чыдагыс азаптын трагедиялуу кесепеттерин билдирет. Кыргыз тилиндеги ыр менен анын англисче котормосу ортосундагы интерпретациялык окшоштук курч символдун терең маанисин жаратып, эки контекстте тең жаралуу жана туруктуулук менен байланышкан татаал эмоцияларды жана тажрыйбаларды жеткирүүнү камсыздайт. Релеванттуулук теориясы котормо коммуникативдик акт катары кандайча иштээрин түшүнүү үчүн комплекстүү негизди берет. Тилдер жана маданияттар ортосундагы актуалдуулукту максималдуу жогорулатууга көңүл буруу менен кормочулар түп нусканын когнитивдик жана эмоционалдык таасирине ылайыктуулугун сактап, тексттердин ортосундагы ажырымды ажырата алууга болот деген пикирди билдиришет.

**Төртүнчү баптын кыскача жыйынтыгы**

Кыргыз аялдар поэзиясынын семиосферасы улуттук салт менен инновациянын ортосундагы динамикалык өз ара аракеттенүүнү ачып берүү менен Кыргызстандын өзгөрүп жаткан тарыхый, социалдык жана маданий пейзажын чагылдыраары көрсөтүлдү. Кыргыз аялдар поэзиясын төрт мезгилге бөлүү менен бул изилдөө аялдар поэзиясынын өнүгүүсүн, маданий мурасты

сактап, жаңы символдорду жана маанилерди кандайча камтыганын көрсөтөт. Кыргыз акын аялдарынын ичинен 67 акын жана алардын 614 ырын камтыган антология бул эволюциянын далили катары кызмат кылып, аялдардын поэзиясынын лингвистикалык, стилистикалык жана тематикалык өзгөрүүлөрүнө кеңири түшүнүк берүүгө мүмкүндүк берди. Идиомалардын, сөз айкаштарынын, метафоралык тилдин жана маданияттын айырмачылыктарына карабастан котормо кыргыз аялдарынын адабий мурасын сактоо жана өнүктүрүү үчүн маанилүү каражат бойдон калууда. Аялдар поэзиясынын жалпысынан төрт доорго бөлүнгөнү көрсөтүлүп, биринчи доорду (1922-1941) изилдөө алгачкы кыргыз аял акындарынын Совет доорунун идеологиялык чектөөлөрүн кантип колдонгонун, поэзияны аялдардын укуктарын, билим алуусун жана социалдык прогрессти жактагандыгын көрсөттү. Экинчи доор (1941-1960) согуштун кесепетин, аялдардын чыдамкайлыгын жана курмандыктарын чагылдырганы мисалдар менен тастыкталды. Кийинки мезгилдер социалдык реалдуулуктун өнүгүшүн чагылдыруу менен темалардын ар түрдүүлүгүн көрсөткөн. Лотмандын семиосферасы аркылуу кыргыз аялдар поэзиясынын ар бир доору семиотикалык катмар катары иштей тургандыгы айкын болду, анда эски символдор кайрадан башка интерпретация менен чечмеленип, жаңылары пайда болуп, өнүгүп келе жаткан поэтикалык дискурсту жаратаары талкууланды. Үчүнчү жана төртүнчү доорлор коомдук сын жана жеке билдирүү үчүн маанилүү каражат бойдон калууда. Бул постсоветтик Кыргызстандын реалдуулугун чагылдырат, инсандык, миграциялык, маданий сактоо жана гендердик ролдордун өзгөрүп жаткан динамикасын чагылдырат. Ар бир доор түрдүү поэтикалык салтты калыптандырган темаларды жана стилдерди камтыйт.

Обондуу ырлардын семиотикалык анализи символикалык сүрөттөө, метафора аркылуу ырдагы жашоо, жаңылануу жана эмоционалдык маанай темаларын чагылдыраары көрсөтүлдү. Котормо процесси поэтикалык түзүлүштү жана маданий маанини сактап, белгилүү бир символдорду башка тилге ылайыкташтыраары талданды. Андан тышкары, музыканын жана сөздөрүн өз ара аракеттенүүсү ырдын эмоционалдык таасирин арттырып, анын жалпы

534. **Абдыкеримова, С.** Талант толкуну [Текст] / С. Абдыкеримова. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 104 б.

535. **Адышева, Т.** Тенти Адышева жана анын чыгармачылыгы тууралуу [Электронный ресурс] ырлар / Т. Адышева. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2015/02/10/tenti-adysheva / – Загл. с экрана.

536. **Ажыканова, Э.** Жан маанай [Текст]: ырлар ж-а аңгемелер жыйнагы / Э. Ажыканова. – Бишкек Улуу тоолор, 2017. – 190 б.

537. **Ажыканова, Э.** Элмира Ажыканова жана анын чыгармачылыгы тууралуу [Электронный ресурс] / Э. Ажыканова.. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2023/09/20/elmira-azhykanova/ – Загл. с экрана.

538. **Акматбекова, С.** Күз ырлары [Текст]: ырлар / С. Акматбекова. – Фрунзе: Адабият, 1990. – 96 б.

539. **Акматбекова, С.** Күүгүмдөгү күү [Текст]: ырлар ж-а новеллалар / С. Акматбекова. – Бишкек: Кыргызстан, 1998. – 248 б.

540. **Акматбекова, С.** Сагын Акматбекова. [Электронный ресурс] / ырлар / С. Акматбекова. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2011/05/27/sagyn-akmatbekova/ – Загл. с экрана.

541. **Алмаз к. П**. Руханият [Текст]: ырлар / П. Алмаз к. – Бишкек: Кыргызстан, 2017.

542. **Алмаз к. П.** Ырлар [Электронный ресурс] / П. Алмаз к. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2017/02/06/perizat-almaz-kyzy/ – Загл. с экрана.

543. **Аманова Р.** Сөз бергемин жылмайып мен кетем деп… [Электронный ресурс] / Аманова Р. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2022/07/12/rahat-amanova-s-z-bergemin-zhylmajyp-men-ketem-dep / – Загл. с экрана.

544. **Англис тилине которулган кыргыз аялдар поэзиясы** / Kyrgyz Women's Poetry Translated Into English [Текст]: ырлар жыйнагынын 4-бөлүмү / Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова -Б.: Айат. 2024. -128 б.

545. **Англис тилине которулган кыргыз аялдар поэзиясынын антологиясы** / Anthology of Kyrgyz Women's Poetry Translated into English [Текст]: 3-бөлүм / Volume 3 Contemporary Post-Soviet Kyrgyz Women's Poetry in Translation / Ред: Д. Киттл // Которгондор: К. Калиева, А. Асылбекова, Г. Апсаматова. –JustFiction Edition, 2023. –164 бет.

546. Мекенимди ырдаймын [Текст] / Кыргыз Республикасындагы акындарынын ырлары жана поэмалары. – Ф.: Кыргызстан. 1974. – 172 б.

547. **Арстанбекова, Б.** Queen Kurmanjan of the Mountains [Text] / B. Arstanbekova. – Hertfordshire Press, 2021. – 234 p.

548. **Арстанбекова, Б.** Курманжан Датка [Текст]: тарыхый поэма / Б. Арстанбекова. – Бишкек: Турар, 2015. – 256 с.

549. **Арстанбекова, Б.** Ырлар [Электронный ресурс] / Б. Арстанбекова. – Режим доступа: https://oipikir.turmush.kg/unews/un_post – Загл. с экрана.

550. **Бакирова, А.** Мен өзүмдү сүйүү кызы атаймын [Текст]: ырлар / А. Бакирова. – Бишкек: Бийиктик, 2004. – 137 б.

551. **Бакирова, А.** Words Across Borders: Kyrgyz Poetry in Language and Learning [Текст]: poetry translations / А. Бакирова, Г. Байгобылова, А. Бектурова.– Санкт Петербург, 2024.

552. **Бегимкулова, А.** Азада Бегимкулова жана анын чыгармачылыгы тууралуу. [Электронный ресурс] / А. Бегимкулова. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2018/02/22/azada-begimkulova/ – Загл. с экрана.

553. **Бегимкулова, А.** Экинчи өмүр китеби [Текст]: ырлар, термелер / А. Бегимкулова. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2016.

554. **Бөдөшева Н.** Нурбүбү Бөдөшева жана анын чыгармачылыгы тууралуу. [Электронный ресурс] / Н. Бөдөшева. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2009/10/06/nurb-b-b-d-shova/ – Загл. с экрана.

555. **Гургубаева, Н.** Нарсулуу Гургубаева жана анын чыгармачылыгы тууралуу [Электронный ресурс] / Н. Гургубаева. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2010/11/03/narsuluu-gurgubaeva/ – Загл. с экрана.

556. **Жамангулова, Ж.** Доор ыйлайт [Текст]: ырлар / Ж. Жамангулова. – Б.: Бийиктик, 2008.

557. **Жамангулова, Ж**. Жазгүл Жамангулованын жаңы ырларынан [Электронный ресурс] / Ж. Жамангулова. – Режим доступа: https://kmborboru.su /2015/02/27/zhazg-l-zhamangulovanyn-zha-y-yrlarynan / – Загл. с экрана.

558. **Жетикашкаева, Н.** Ырлар жана поэма [Текст] / Н. Жетикашкаева. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 184 б.

559. **Жуманазарова-Шакирова, Р.** Рахат Жуманазарова [Электронный ресурс] / П. Алмаз к. – Режим доступа: https://dan.journalist.kg/poeziya/rahat-zhumanazarova / – Загл. с экрана.

560. **Жуманазарова-Шакирова, Р.** Сени эстейм. [Электронный ресурс] / Р. Жуманазарова-Шакирова. – Режим доступа: https://kmborboru.su /2022/12/08/rahat-zhumanazarova-shakirova / – Загл. с экрана.

561. **Зарлыкова, К**. Гүлүм-ырым [Текст]: ырлар / К. Зарлыкова. - Фрунзе: Мектеп, 1981. – 30 б.

562. **Зарлыкова, К.** Нур төгүлгөн талаа [Текст]: ырлар / К. Зарлыкова. - Фрунзе: Мектеп, 1985. – 51 б.

563. **Исабаева, Ж.** Бир үзүм от [Текст]: ырлар жыйнагы / Ж. Исабаева. – Бишкек, Турар, 2014. – 288 б.

564. **Исабаева, Ж.** Жыпар Исабаева жана анын чыгармачылыгы тууралуу [Электронный ресурс] / Ж. Исабаева. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2011/09/20/zhy-par-isabaeva / – Загл. с экрана.

565. **Карагулова, Б.** Мен сүйүүнүн доктору [Текст]: ырлар / Б. Карагулова. Б.: Улуу тоолор, 2015. 280 б.

566. **Карагулова, Б.** Сүйүүңдү сүртүп кеттиң жүрөгүмө. – Режим доступа: http://www.literatura.kg/articles/?aid=869 / Б. Карагулова. / – Загл. с экрана.

567. **Карагулова, Р.** Роза Карагулова. – Режим доступа: https://adabiyat.kg/roza-karagulova/ / Б. Карагулова. / – Загл. с экрана.

568. **Келдибекова, Ш.** Шербет Келдибекова жана анын чыгармачылыгы тууралуу [Электронный ресурс] / Ш. Келдибекова. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2009/04/07/sherbet-keldibekova/ Загл. с экрана.

569. **Кулишева А.** Шыбыргак. Жамгыр жууган терезе [Текст]: ырлар жыйнагы / А. Кулишева. – Бишкек, 2022.

570. **Кыздар ай / Girls, you…** [Text]: ырлар жыйнагы / Кыргыз аялдар поэзиясы / Kyrgyz Women's Poetry // котор.: К. Калиева; ред: С.П. Буре, Д. Киттл. – Бишкек: Алтын принт, 2011. – 123 бет.

571. **Кыздар ай.** [Текст]: Акын кыздардын ырлары. 1-китеп. / түз. Б. Карагулова, А. Эгембердиева. –Б.: Айат, 2013. – 188 б.

572. **Кыргыз аялдар поэзиясынын англис тилиндеги котормолору** / Kyrgyz Women's Poetry: [Текст]: ырлар жыйнагынын 3-бөлүмү / Түзгөн жана которгон: Ж. Ж. Чыманова, –Б.: Айат. 2024. -136 б.

573. **Кыргыз аялдар поэзиясы** [Текст]: Котормолор жыйнагы / түз.: К. Калиева. / ред.: С.П. Буре, Д. Киттл, Л. Хамилтон. – Бишкек: Айат, – 2024. – 482 бет.

574. **Кыргыз аялдар поэзиясынын котормолор антологиясы** [Text]: ырлар жыйнагы, 3-бөл. / котор.: К. Калиева, А. Асылбекова, Г. Апсаматова; ред: Д. Киттл. – JustFiction Edition, 2023. – 164 p.

575. **Кыргыз аялдар поэзиясынын котормолору** / Kyrgyz Women's Poetry In Translation [Текст]: ырлар жыйнагынын 1-бөлүмү / Түзгөн: К. А. Калиева, которгон: З. К. Караева, –Б.: Айат. 2023. – 102 б.

576. **Кыргыз лирикалык поэзиясы котормодо** [Text]: ырлар жыйнагы / котор.: К. Калиева, А. Асылбекова, Г. Байгобылова; ред: Л. Хамилтон, Д. Киттл. – Бишкек: Айат, 2022. – 152 бет.

577. **Кыргыз поэзиясынын антологиясы** [Текст]: 2 томдон турат, 2-китеп / Түз. С. Акматбекова, С. Тургунбаев, Т. Самудинов; Сүрөтчүсү Т.Курманов.—Б.: «Кыргызстан—Сорос» фонду, 2000. — 528 б.

578. **Мамазаирова, М.** Кайгыдан тургуздум сага бир эстелик [Текст]: ырлар жыйнагы / М. Мамазаирова. – Бишкек: Сабыр, 2000. – 88 б.

579. **Мамазаирова, М.** Энелер үнү [Текст]: публ. поэма / М. Мамазаирова. – Бишкек: Атлас-Бишкек, 2007. – 16 б.

580. **Мамбетаипова, Ш.** Көл боюна жүз келем [Текст]: тандалмалар / Ш. Мамбетаипова. // Түз.: Ж. Касаболотов. – Бишкек, 2007. – 106 б.

581. **Мамытова, М.** Музфира Мамытова. [Электронный ресурс] / М. Мамытова. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2017/02/01/muzfira-mamytova /– Загл. с экрана.

582. **Орозобекова, С.** Жалган ырдын катарын жайнаткандар... [Электронный ресурс] / С. Орозобекова. – Режим доступа : https://ruhesh.kg/ky/category/show/konkurs/129/html. – Загл. с экрана.

583. **Осмонкулова, Н.** Мои Молитвы (пер. С. Мамбаева), 2023

584. **Осмонкулова, М.** Мая Осмонкулова [Электронный ресурс] / М. Осмонкулова. – Режим доступа: https://iz.turar.kg/2019/07/08 / – Загл. с экрана.

585. **Осмонова, Н.** Назгүл Осмонова. [Электронный ресурс] / А. Чойбекова. Режим доступа: https://kmborboru.su/2016/03/31/nazg-l-osmonova / – Загл. с экрана.

586. **Өмүрбаева, Н.** Нуриза Өмүрбаеванын жаңы ырларынан [Электронный ресурс] / Н. Өмүрбаева. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2015/02/20/nuriza-m-rbaevanyn-zha-y-yrlarynan/ – Загл. с экрана.

587. **Станалиева Г.** Иңир [Текст]: ырлар / Г. Станалиева. – Б.: Турар, 2023. – 112 б.

588. **Тажиева, К.** Сен өзүңдү керексиз сезе көрбө [Электронный ресурс] / К. Тажиева. – Режим доступа: https://ruhesh.kg/ky/dasmiya/1782-tazhieva-kiyal/kiyal-tazhieva-sen-ozudu-kereksiz-seze-korbo / – Загл. с экрана.

589. **Темирова, А.** Алтынай [Текст]: тандалмалар / А. Темирова. – Бишкек: Бийиктик, 2003. – 1-т. – 512 б.

590. **Темирова, А.** Алтынай Темирова жана анын чыгармачылыгы тууралуу. [Электронный ресурс] / А. Темирова. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2012/03/15/alty-naj-temirova/ – Загл. с экрана.

591. **Чойбекова, А.** Алмаш Чойбекова жана анын чыгармачылыгы тууралуу. [Электронный ресурс] / Чойбекова. Режим доступа: https://kmborboru.su/2017/04/15/almash-chojbekova/ – Загл. с экрана.

592. **Чотурова, Б.** Бактыгүл Чотурова жана анын чыгармачылыгы тууралуу [Электронный ресурс] / Б. Чотурова. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2010/03/09/baktyg-l-choturova/ – Загл. с экрана.

593. **Чотурова, Б.** Сагыныч [Текст]: ырлар, поэма жана балладалар / Б. Чотурова. – Б.: – Б.: Бийиктик, 2004. 328 б.

594. **Шакирова, Г.** Бешик ырлары. [Электронный ресурс] / Г. Шакирова. – Режим доступа: https://roza.kg/ky/press-center/news/4542 – Загл. с экрана.

595. **Шакирова, Г.** Карайлаба, Кан Манастын урпагы [Текст]: – Бишкек: Бийиктик, 2012. 388 б.

596. **Шамдай жанган сөздөр** Words That Shine Like a Candle [Текст]: Т.Адышеванын которулган ырлары / Т. Адышева; которгондор З. **Караева,** К. **Калиева.** – Бишкек: Айат, 2008. – 83 б.

597. **Эгембердиева, А.** Аян [Текст]: ырлар / А. Эгембердиева. – Б.: Айат, 2010.

598. **Эгембердиева, А.** Үнсүз кайрыктар [Текст]: ырлар / А. Эгембердиева. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2005. – 79 б.

599. **Энелер үнү /** Кыргыз аялдар поэзиясы англис тилинде [Text]: ырлар жыйнагы, 2-бөл. / котор. С. Мамбаева, Г. Ибраимова. – Б.: Айат. – 2023. –145 б.

# ТИРКЕМЕ

## Диссертацияда колдонулган аялдар поэзиясы жана алардын котормолору

| | | |
|---|---|---|
| | **Кыргыз аялдар поэзиясынын котормолору / Kyrgyz Women's Poetry In Translation: ырлар жыйнагынын 1-бөлүмү** / Которомчу: З. К. Караева, –Б.: Айат. 2023. – 102 б. | |
| 1. | **Шербет Келдибекова "*Жаштык оту жаркыратып каректи*"** | **Sherbet Keldibekova *"The Fire of Youth Ignites Eyes" (котормочу З. Караева)*** |
| | ... Жаштык оту жаркыратып каректи,<br><br>Канча жолу жалын толгон, наз толгон,<br>Кең дүйнөгө калкып чыгып кайыкча,<br>Көп күүлөрү сыйып жалгыз башыма,<br>Көздөрүмө кубанч толгон, жаш толгон.<br><br>Жүрүптүрмүн жүрөгүндө дагы эле,<br>Үлбүрөгөн дили чоочун жаз бойдон.<br>Биз бойлогон булактарды өзгөртүп,<br>Канча жолу бубак тоңгон, муз тоңгон.<br><br>Ажайыптуу аппак нечен таң атып,<br>Көп мезгилдин узаганы — чын, курбум,<br>Көркту сүйгөн көздөрүмдү ой басып,<br>Гүл сагынган жаз көңүлүм күз болгон.<br><br>Көп тумандар көңүл өрүн аралап,<br>Көп элестер калат экен түш бойдон.<br>Күйүт болуп өтүп күткөн дүйнөңдөн,<br>Күлгүн болуп кыялыңда жүрөм мен<br>Кырчын бойдон, кылактаган кыз бойдон.<br><br>Жалгыз ирет биз жаралган жалганда<br>Тагдыр ушул — биз түбөлүк башка жан!<br>Сүйүнөрмүн күн бүткүчө эскерип —<br>Жүрөгүңө... элесимди сактаган. | The fire of youth ignites eyes brightly,<br>Filled with flames and fleeting whims,<br>I sailed the wide world like a boat,<br>Filling my mind with life's melodies,<br>With joy and tears brimming in my gaze.<br><br>I still reside in your soul, never departed,<br>In your heart like a gentle, strange spring.<br>We traversed ever-changing streams together,<br>Streams freezing and thawing countless times.<br><br>Many dawns turned into beautiful mornings,<br>My friend, much time has passed in our lives.<br>My eyes, filled with beauty, now in thoughts,<br>My soul, once loving flowers, now is autumn.<br><br>Much fog lingers, settling in our hearts,<br>Moments of life remain like dreams.<br>In your life that has known only grief,<br>I will be a passionate soul in your dreams,<br>And remain a youthful girl filled with joy.<br><br>This world is brief, transient, and deceptive,<br>It's our destiny; we will live in another world.<br>If you remember me as a youthful girl like before,<br>I will remain content until the end of my days. |
| 2. | **Гүлжамила Шакирова "*Бешик ыры*"** | **Guljamila Shakirova *"Lullaby" (котормочу З. Караева)*** |
| | Тупкү аталар нурунан<br>Уюп келген жан балам<br>Түпкү энелер ырынан<br>Муюп келген жан балам<br>Алдей балам алдей, алдей балам алдей, ай балам<br>Канатынды жайгын, жай балам<br>Алдей, алдей, алдей, алдей, алдей, алдей ак балам<br>Ак бешикте уктап жат балам<br>Элиң үчүн кам көргөн | You entered this world, my sweet child,<br>A gift from our ancestors' light.<br>You're peacefully sleeping, so tender,<br>Thanks to the songs of our mothers.<br>Lullaby, my child, lullaby,<br>Open your wings slowly,<br>Like a dream's soft glide.<br>Lullaby, my child, lullaby,<br>pure and undefiled,<br>Rest in your white cradle,<br>where love doth reside. |

| | | |
|---|---|---|
| | Байкер болоор бекенсин<br>Баатыр Манас атаңдай<br>айкөл болоор бекенсин<br>Жаман бала болбо<br>Жакшыларды жолдо, жан балам<br>Ак бешикте уктап кал балам<br>Бешенеңе нур жаап<br>Бешигиңе ыр жаап уктагын<br>мага керек аман турганың<br>Эл журтуңду ойлогон<br>Эр азамат болгунуң<br>Кызмат кылып элиңе<br>бак дөөлөткө конгунуң<br>Алдей балам алдей, алдей балам ай балам<br>Канатыңды жайгын, жай балам<br>Алдей, алдей, алдей, алдей, ак балам<br>Ак бешикте уктап жат балам<br>Уктап калчы чырдабай<br>Умай энең көшүтсүн<br>Апакендин тилегин<br>Аруу дүйнөң эшитсин<br>Жаман бала болбо<br>Жакшыларды жолдо жан балам<br>Ак бешикте уктап кал балам<br>Бешенеңе нур жаап,<br>Бешигиңе ыр жаап уктагын<br>Мага керек аман турганың<br>Алдей, алдей, алдей, алдей, ак балам,<br>Ак бешикте уктап жат балам,<br>Алдей, алдей, алдей алдей, ай балам,<br>Уктап калчы, уктап жай балам. | Will you be wealthy,<br>caring for kinfolk and kind?<br>Or like your Manas ancestor,<br>generous of mind?<br>My child, shun the path of the wicked,<br>I implore,<br>Follow the virtuous,<br>forever and more.<br>Sleep in your white cradle,<br>bathed in gentle light,<br>Dream sweet melodies that embrace the night.<br>My utmost wish, my darling,<br>is your health so bright,<br>Be a brave-hearted hero,<br>in life's endless fight.<br>Serve your country, your people,<br>bring joy and wealth,<br>In abundance and happiness, find your true self.<br>Lullaby, my child, lullaby, with love in stealth,<br>Open your wings slowly, embracing life's health.<br>Sleep, my sweet child, don't shed a single tear,<br>Umai ene will cradle you, banish your fear.<br>May your world, so pure, ever lend an ear,<br>To your mother's hopes, loving and sincere.<br>My child, avoid the path of the wicked, I plead,<br>Choose the righteous, in thought and deed.<br>Sleep in your white cradle, where dreams intercede,<br>In the gentle light's embrace, find all that you need.<br>Lullaby, my child, lullaby, soft and meek,<br>Open your wings slowly, in dreams, you shall seek.<br>Lullaby, my child, lullaby, tranquil and sweet,<br>Rest in your white cradle, in blissful slumber's seat. |
| 3. | **Гүлжамила Шакирова *“Мен аялмын”*** | **Guljamila Shakirova: I Am a Woman *(котормочу З. Караева)*** |
| | Жазга айкашып көктөм көөлгүп бергендей,<br>Аял барда дүйнө кирсиз тазарат.<br>Жылмайганы жылуу мээрим төгүлтүп,<br>Аял менен өмүр көктөп жашарат.<br><br>Бардык дүйнө бир өзүнө байланат,<br>Аял-Эне жашообуздун булагы.<br>Бакыт кушу бир өзүнө байланат, | As early spring arrives and nature blossoms anew,<br>When a woman is present, the world purifies.<br>Her smile radiates mercy to the entire world,<br>With a woman, life rejuvenates, and joy is unfurled.<br><br>The entire world depends on your mercy and might, |

| | | |
|---|---|---|
| | Балага эне, эркекке жар, ынагы.<br><br>Аз жашоодо азабы көп болсо да,<br>Аял-Эне – сулуу назик гүлбурак.<br>Барктай алсаң жарашыгын төгүлтүп,<br>Бактысы артып, баскан изин гүл кылат.<br>Аруузатмын дал ошондой аялмын,<br>Аткарууга кызматыңа даярмын!<br><br>Аялсың – деп, алсыз көрбө жан эркек,<br>Аның туура, акыйкатта аялмын.<br>Кылаар кезде кызматымды аянбай,<br>Кыйындыкта үй тиккенге даярмын.<br><br>Мейли өзүңдү бийик сезгин бир баскыч,<br>Айтпай деле койгун анттуу сырыңды.<br>Канткен менен касиетим билип кой,<br>Кай бир кезде токтото алам чырыңды.<br>Мен ошолмун, дал ошондой аялмын,<br>Ар бир ишке кылдат карап аярмын.<br><br>Аялсың! – деп, алсыз сезсең сезе бер,<br>Алым жетет колдошушка, ташыңа.<br>Аяп турам, аял эмес, энедей,<br>Азап мүшкүл иш түшкөндө башыңа.<br><br>Жанып-күйүп, жан дилиңден сүйө алсаң,<br>Жароокермин, кучагыңда таттуумун.<br>Жеңил көрүп уйпаласаң убайга,<br>Жараланып жандан кечкен аккуумун.<br><br>Мен ошолмун, дал ошондой аялмын,<br>Жаманың жууп, жакшылыгың жаярмын!<br>Алыс жүрсөң карааныңды утурлап,<br>Караңгыда жарык берер чыракмын.<br>Кана жутуп, анан кайра булгасаң,<br>Каргыш берип, агып кетээр булакмын!<br>Өкүнүчсүз, рахат берип сүйө алсаң,<br>Өмүр бою өзүң менен ынакмын.<br><br>Мен ошолмун, дал ошондой аялмын,<br>Акыл менен ар бир ишке аярмын! | A woman, a mother, the source of our light.<br>A symbol of happiness tied to your essence,<br>Mother, wife, friend—a vital presence.<br><br>Though life may burden her with troubles so rife,<br>A woman, a mother, embodies beauty and life.<br>Recognize her value, let her brilliance shine,<br>In her happiness, with each step, she flourishes.<br><br>I am a pure woman, a mother, and a wife,<br>Ready to fulfill my mission throughout this life.<br><br>Do not perceive me as weak just because I'm a woman,<br>Yes, I am a woman, equal in this human domain.<br>When needed, I will not decline the task,<br>Even in trying times, I can build a house.<br><br>You may feel superior, one step ahead,<br>No need to flaunt your power, I understand.<br>Yet, remember my resilience, my ability to act,<br>In moments of conflict, I can calm your impact.<br>I am precisely this, a woman with insight,<br>Thoughtful and observant, in every degree.<br><br>You may consider me weaker, because I am a woman,<br>But I stand strong, I can endure your force.<br>As a mother, not just a woman, I will support your life<br>When you are burdened by life's trials and strife.<br><br>If you love me sincerely with a heart so pure,<br>I am kind-hearted, and sweet in your embrace.<br>But if you bring me suffering, inflict needless pain,<br>I will be like a wounded swan, leaving this life forever.<br><br>I am exactly this kind of person, a woman,<br>I conceal your faults and amplify your virtues.<br>When you are far from me, I gaze upon your path,<br>Serving as your guiding light along the way. |

| | | |
|---|---|---|
| | | With pleasure, I'll cherish, but if you taint my dreams,<br>I may become like a spring that curses and departs.<br>Love me without pain, and pleasure you will obtain,<br>As your closest confidant, through joy and pain.<br>I am precisely this one, a thoughtful woman,<br>Prepared for every endeavor, with a clear mind. |
| 4. | **Нурбүбү Бөдөшева**<br>***“Айымдарга”*** | **Nurbubu Bodosheva *"In Honor of Women"(котормочу З. Караева)*** |
| | Аялзатсыз эркектер карып дечи,<br>Аялзаты — ааламга жарык дечи.<br>Антсе дагы, эркексиз, оо сулуулар,<br>Алоолонуп от болуп жанып көрчү!<br><br>Түмөн түйшүк көтөргөн зайып дечи,<br>Түтүп келген көлдүгү анык дечи.<br>Антсе дагы, эркектер бул дүйнөдө,<br>Түркүк болуп турганын танып көрчү.<br><br>Мезгил берет мээнетти, кебетени,<br>Сындалбасын шапкеси, тебетейи.<br>Эгер элден заманга зарыл болсо,<br>Эрден чыгат Манасы, Семетейи.<br><br>Көрөңгөлүү эл экен кыргыз дагы,<br>Көкжалдары — Чолпонбай,<br>Чыңгыздары.<br>Эрээркетип жүрөктү муза менен,<br>Эчендерди ээрчитти Ырыспайы.<br><br>«Эң биринчи дүйнөгө эркек келген,<br>А аялдар — алардын кабыргасы»<br>…деп жазылат Куранда, инжилде да,<br>Демек бизбиз — алардын табылгасы.<br><br>Салыштыруу эркекке тең келеби,<br>Айтаар элем: Кудайдын эркелери.<br>Акырында кааларым айымдарга,<br>Аман болсун, баарынын эркелээри. | Without women, men are indeed poor,<br>Women, the world's radiant light, we adore,<br>But without men, you, lovely ladies,<br>Cannot burn as a gleaming fire.<br><br>Women carry the weight upon their heads,<br>Kindly enduring all the hardships,<br>Yet we cannot deny one truth in life,<br>That men are the backbone carrying us.<br><br>Time bestows hardship and appearances,<br>Their headwear should not be judged,<br>If time calls for heroes among people,<br>Manas and Semetei emerge at once.<br><br>Kyrgyz people are a wealthy, rich in heroes,<br>Like Cholponbai and Chyngyz, our warriors,<br>With a muse that warms the heart,<br>Many people, fans, follow Yryspay.<br><br>“The first man emerged in this earth,<br>Women, their ribs, the origin of the life”.<br>...It is written in the Quran and the Bible,<br>Thus, they are our divine creation.<br><br>Is this comparison fair to men?<br>I would say: Ladies, God's cherished ones.<br>Finally, a wish for all the ladies here,<br>Well done, God protect those you hold dear. |
| 5. | **Бурулкан Карагулова *“Татаал тагдыр”*** | **Burulkan Karagulova *“A Difficult Destiny” (Котормочу З. Караева)*** |
| | Жараткан – түстү бердиң, өңдү бердиң,<br>Түз жолду ыраа көрбөй, дөңдү бердиң.<br>Жаш кезде кучак толо арман бердиң,<br>Келбетти убактылуу жалган бердиң. | My Almighty, you bestowed upon me good looks,<br>But instead of a straight path, you presented me hills. |

| | | |
|---|---|---|
| | Жигиттер жалт эткире карашканда,<br>Турпатым түбөлүк деп адашкам да.<br>Жараткан – кайда сенин калыстыгың,<br>Бир чымчым бакытыңдан алыс кылдың.<br><br>Билем го берген жанды аларың бар,<br>Жан алып андан эмне табарың бар.<br>Жаш экем – бардыгына чыдадым да,<br>Май тамыз карыганда чырагыма.<br><br>Татаал тагдыр, татаалдыгың кантейин,<br>Күйүп-күйүп кемегеңде от болдум.<br>Күйүтүмдөн ичип кетсем кеп кылат,<br>Түшүнүшпөй алысташкан досторум.<br><br>Катаал турмуш, катаалдыгың сенин ай,<br>Чиеленем чимирикте жип болуп.<br>Сеникиндей катаал мүнөз күтө албай,<br>Кайра баштан сүйүп калам ит болуп. | You burdened my youth with sorrows and struggles,<br>Leaving me with a temporary and false veneer.<br><br>When admirers gazed upon me with admiration,<br>I believed my appearance would endure eternally.<br>My Almighty, where is your justice in this?<br>You have kept me distant from a small taste of happiness.<br><br>This soul was given by you, and you will take it back,<br>What will you do when you render me lifeless?<br>In my youth, I possessed the strength to endure troubles,<br>Now, in my old age, please, illuminate my path.<br><br>Oh, Difficult Fate, how do I withstand your trials?<br>Once, I burned brightly, like a fire in your hearth.<br>Should I turn to drink as solace for my grief,<br>My friends may abandon me, unable to comprehend.<br><br>Cruel Destiny, how do I endure your harshness?<br>I am entangled like threads within a weaver's loom.<br>I cannot possess a resilient character like yours,<br>So, I may yet fall in love, appearing a fool anew. |
| 6. | **Бубайша Арстанбекова “*Ким сулуу?”*** | **Bubaisha Arstanbekova *“Beautiful” (котормочу З. Караева)*** |
| | Жарыгын чачса күн сулуу,<br>Жакшы сөз айтса тил сулуу.<br>Жабыккан жүрөк жазылса,<br>Жан дүйнөң сулуу дил сулуу.<br><br>Акылман сөзүн айтышса,<br>Кемпир да сулуу чал сулуу.<br>Калыстык менен башкарып,<br>Калкына жакса Хан сулуу.<br><br>Кубулжуп сезим ээритсе,<br>Созолонгон үн сулуу.<br>Бейпилдик берип жыргатса,<br>Капкараңгы түн сулуу.<br><br>Көк асманга көрк берип,<br>Көгөрүп жаткан көл сулуу.<br>Күнөөлүү пенде силерди.<br>Көтөрүп турган жер сулуу.<br><br>Кадырлап барктап сүйүшүп,<br>Баш кошкон эки жар сулуу.<br>Жазында беймаал жаабастан,<br>Кышында жааган кар сулуу. | The sun is beautiful when it shines bright,<br>Language is beautiful when spoken right.<br>If a closed heart is gently freed,<br>Your soul and heart are beautiful indeed.<br><br>When words of wisdom softly unfold,<br>The old man and woman are beautiful,<br>When a Khan rules with fairness in mind,<br>People see him as handsome and kind.<br><br>When feelings melt into iridescent tones,<br>A melodious voice is beautiful.<br>When it brings peace to the night,<br>The darkness becomes beautiful.<br><br>The blue lake reflects the beauty of the sky,<br>Adding charm to the horizon up high.<br>The earth is a beautiful place,<br>Holding all sinner souls upon its face.<br><br>When they love and appreciate,<br>Two married hearts are beautiful.<br>When snow falls only in winter,<br>Not in spring, it is beautiful. |

| | | |
|---|---|---|
| | Эзелтен баатыр чыдамкай,<br>Эр жүрөк кыргыз Эл сулуу.<br>Аскасы асман тиреген.<br>Ала - Тоом сулуу жер сулуу. | Patience has made heroes throughout time,<br>Brave Kyrgyz people are beautiful,<br>With towering rocks that reach the sky,<br>Ala-Too land is beautiful and high. |
| 7. | **Бубайша Арстанбекова "*Кимге айтам?"*** | **Bubaisha Arstanbekova "*To Whom Can I Say" (котормочу З. Караева)*** |
| | Күлүк кыял ойлорумду чапкылай,<br>Күн түнүмдү арнап келем тарткылай.<br>Чыркырадым, чырылдадым кантейин,<br>Кыргызымдын кор болгонун айта албай.<br><br>Улуу элдин уландысы мен десем,<br>Улутунуп башыңды ийип мөгдөсөң.<br>Базарларда кызыл өңүн саргайтып,<br>Корголбогон намысыңа келбесең.<br><br>Эл жеримдин намысына жараган,<br>Эр жигиттер базарларга тараган.<br>Сөгүү угуп, ичтеринен тызылдап,<br>Сөз кайтарбай кул болгонун кимге айтам.<br><br>Апа болуп ак элечек кийинип,<br>Балдарынын тапканына сүйүнүп.<br>Төрдө олтурбай, чоң сумкасын көтөрүп,<br>Энелердин кор болгонун кимге айтам?<br><br>Бойго жетип бою башын сыланган,<br>Секелек кыз курагыңды унутуп.<br>Ажарыңды жаштыгыңды сулуулук,<br>Оруссия базарына буюруп,<br>Көз каранды болгонуңду кимге айтам.<br><br>Жапжаш келин көшөгөдө олтурбай,<br>Артып, үртүп жашоо үчүн умтулмай.<br>Жалдыратып карагаттай көздөрүн,<br>«Жаңы оруска» жалынганың кимге айтам?<br><br>Өмүрүндө укпас, билбес сөз менен,<br>Уруп, согуп, укугуңду тепсеген.<br>Орус достор, ошол казак тууганга,<br>Кайран кыргыз кул болгонуң кимге айтам? | Racing dreams outpace my thoughts,<br>I dedicate my days and nights to all.<br>I screamed, I wept, I cried, but it is a pity—<br>It is hard to say that Kyrgyz spirit was humiliated.<br><br>If I say you continue the great nation,<br>Yet you sigh, bowing your head low.<br>Your once proud, red-faced look<br>Now has turned yellow in the markets,<br>If you do not rise to defend your honor.<br><br>Those who are worthy to honor my country,<br>Our young men now toil in the markets.<br>They endure violations, hear curses, growl inside,<br>But who can I tell that they were treated as slaves?<br><br>Instead of being dressed in white elechek as mothers,<br>Rejoicing the achievements of their children,<br>They no longer sit in honor but bear heavy loads,<br>But who can I tell of our mothers' disgrace?<br><br>Our girls, now grown, fend for themselves,<br>Forgetting the innocence of their youth.<br>Sacrificing their beauty, their youth,<br>Leaving it behind in the Russian market,<br>Who can I tell that they are dependent?<br><br>The beautiful bride no longer sits in her veil,<br>But strives for a living, struggling to survive.<br>Her pleading eyes, dark as blackcurrants,<br>To whom can I say she begged the "New Russian"?<br><br>With words never before heard or known,<br>They are hit, and beaten, trampling rights.<br>To Russian friends, to Kazakh relatives,<br>To whom can I say you've become their Kyrgyz slave? |

| | | |
|---|---|---|
| 8. | **Назгүл Осмонова**<br>***“Асыл жарга”*** | **Nazgul Osmonova *“To My Precious Spouse”***<br>***(котормочу З. Караева)*** |
| | Неге мынча ойго батып,<br>Сейрек тартты күлүшүң?<br>Балким ушул өктөм тагдыр,<br>Актабады үмүтүң…<br>Түйшүктөрдөн баш көтөрбөй,<br>Эмгек кылдың күнү-түн.<br>Неге мынча көп ойлонуп,<br>Азайгансыйт күлүшүң?<br>Чиркин өмүр өттүбү же,<br>Күтүп күндүн дурусун?<br>Асыл жарым, аздегим-ай,<br>Чачтарыңдын актарында,<br>Менин да бар үлүшүм… | You have become silent and contemplative,<br>Laughter escaping your lips less frequently,<br>As if burdened by the weight of life's trials,<br>Which shattered your hopes,<br>Leaving you saddened my beloved.<br><br>You toiled tirelessly,<br>Putting in effort day and night,<br>Yet, amidst it all,<br>Your laughter waned, lost in deep thoughts,<br>Perhaps we spent priceless days in quietude,<br>Yearning for better, luckier times in our lives.<br>Your hair grays, and I share the blame,<br>My precious, cherished spouse. |
| 9. | **Назгүл Осмонова “*Зар заман”*** | **Nazgul Osmonova *“Tough Times”***<br>***(котормочу З. Караева)*** |
| | Дөөгүрсүгөн чоңдор ай, майланышкан,<br>Шайлоо десе шаңданып шайланышкан.<br>Жыл айланбай бийликке келгенине,<br>Түбөлүккө калууга камданышкан.<br><br>Башка дүйнө, бай турмуш кемесинде,<br>Сайран куруп көп жылдар келесиңер.<br>Эл алдына чүмбөтчөн чыгып алып,<br>Убаданы кат-каттап бересиңер.<br><br>Байлык менен бийликке тойбодуңар,<br>Ыйманыңды топ кылып ойнодуңар.<br>Беш күнчүлүк жарыкта неге мынча,<br>Түбөлүккө калчудай тойлодуңар?<br><br>Сенек сезим чоңдор ай, майланышкан,<br>Шайлоо десе шаңданып<br>шайланышкан… | Living in opulence, officials gain weight,<br>Elected, making false promises,<br>Once seated upon the throne of power,<br>They yearn to possess dominion forever.<br><br>Cruising on luxurious lives, relishing pleasures,<br>You revel in a rich different world,<br>Wearing masks before the people,<br>Unafraid of God, you utter countless oaths.<br><br>Never satiated with power and wealth,<br>Our officials play with their conscience,<br>In this short, transient, mortal existence,<br>You rejoice, as if forever basking in the light.<br><br>Lethargic, uninspired adults, growing plump,<br>Elected with glee when the election is called... |
| | **Энелер үнү: кыргыз аялдар поэзиясы англис тилинде / Voice of Mothers: Kyrgyz Women’s Poetry in Translation** ырлар жыйнагынын 2-бөлүмү / Которгондор: С. Мамбаева, Г. Ибраимова. –Б.: Айат. 2023. -110 б. | |
| 10. | **Меңди Мамазаирова**<br>***“Адамдарга”*** | **Mendi Mamazairova *“To Human Beings”***<br>**(Которгондор: С. Мамбаева, Г. Ибраимова)** |
| | Көңүлүм жарым, өксүк өмүр жылат жай,<br>Муңга айланаар, ырдай берсем аны мен.<br>А бирок да, өстөн жарган булактай<br>Жалгыздыктын, кусалыктын жаны мен. | With a broken heart, life regretfully slows,<br>It becomes remorseful if I sing it ceaselessly,<br>Like a stream flowing from the depths of my heart, |

| | | |
|---|---|---|
| | | I am a soul of companionship and loneliness. |
| | Ошол өксүк үнүм менен ыргап да,<br>Сулуулаймын дүйнөнүн бир танабын.<br>Көмүп салбай ушак менен айыңга<br>Менин ырбаак жүрөгүмдү аягын!<br><br>Ошол жарым көңүл менен ырдап да,<br>Толтураармын бул жашоонун кемтигин.<br>Гөртирликтен колуң бошоп бир паска,<br>Ыр жайнаган базарыма кел бүгүн!<br><br>Ал базарда эч бир пенде укпаган,<br>Ажайып да, керемет да сыр болот.<br>Арбактар да учуп келип тыңшаган<br>Ышкысы күч күүлөр болот, ыр болот.<br><br>Майрам болот, көздөрүмдү жандырып,<br>Жылдыз кылып чачып берем жолуңа.<br>Ыр төрөгөн жүрөгүмдү албырып,<br>Чырак кылып карматамын колуңа.<br><br>Ошол чырак өмүрүңдү жаркытып,<br>Тамырыңа кан-сөл болот билемин.<br>Жалгыздыгың унуткарып түбөлүк<br>Адамдар!<br>Өзүм сенин жаның болуп киремин! | Singing a song with my sorrowful voice,<br>I strive to beautify a fragment of the world,<br>Do not bury my heart beneath gossip and chatter,<br>Please, have pity on my wounded soul.<br><br>Even as I sing with only half of my soul,<br>I endeavor to fill the world's deficiencies,<br>Released from tiresome domestic chores,<br>Come to the marketplace of my song to listen.<br><br>In marketplace, wonders and mysterious await,<br>To those unknown, melodies, songs declare,<br>Ghosts even listen, enchanted by tunes in the air,<br>Melodies and songs will resonate, bringing joy.<br><br>Holidays arrive, causing my eyes to sparkle,<br>I illuminate them like stars on your paths,<br>I give you my heart as a radiant lamp to hold,<br>A heart that gives birth to beautiful verses.<br><br>That lamp illuminates your life, I know,<br>It flows through your veins like life-giving blood,<br>Forgetting loneliness forever to be banned,<br>To you, human being,<br>I'll come, your soul to bestow. |
| 11. | ***Роза Карагулова “Кайдасың”*** | ***Roza Karagulova “Where Are You?”*** **(Которгондор: С. Мамбаева, Г. Ибраимова)** |
| | Кайдасың көп болду көрбөдүм,<br>Жолдогу кайыңдай көлөкөм.<br>Эстечи бир жолку кездешүү,<br>О аны унута көрбө сен…<br><br>Эриксиз маңдайым сыладың<br>Кусалык дирилдеп үнүңдөн…<br>Бакыттан селт этип жаш денем<br>Колуңду кагып да жибергем.<br><br>Билбеген мынча өксүү каларын<br>Жүзүмдөн өбө албас сүйүүмдөн.<br>Ал кезде сен ысык от элең<br>Кармоого эч мүмкүн болбогон.<br><br>Көрүнбөй жолуңду акмалап<br>Күндө бир көрүүнү ойлогом. | Where are you? I haven't seen you in ages,<br>Like a shadow of a birch on the roadside,<br>Recall our remarkable, beautiful dates,<br>Oh dear, don't forget those joyful days.<br><br>You tenderly caressed my forehead,<br>I could hear deep yearning in your voice,<br>My body trembled with happiness and fear,<br>Pushing your hands away, feeling anxious.<br><br>I left you then, in unfulfilled dreams, alone,<br>Didn't allow you to gently kiss my red cheeks,<br>At that time, you were a blazing heat for me,<br>Unreachable, untouchable, impossible.<br><br>Following you silently, along your path,<br>I yearned to see your face at least once a day, |

| | | |
|---|---|---|
| | Күлкүңдөй ооруга чалдыгып,<br>Жашоомду жайпаган калтырак.<br><br>Ал кезде сезимтал болчусуң,<br>Сөзүң да күлкүңдөй жаркырап.<br>Бактымдын өз өңүн көрмөкмүн<br>Жазында жамгырдай төгүлсөм.<br><br>А бирок элесим жетпеген<br>Кудайдай бийликтүү элең сен.<br>Бакыттан селт этип жаш денем<br>Колуңду кагып да жибергем.<br><br>А өзүм жоогазын өртүндөй<br>Аптаптуу он сегиз жашта элем… | I fell ill from the joy of your laughter,<br>And your trembling voice that changed my life.<br><br>You were so sensitive, delicate back then,<br>Your words were gentle, like your laughter,<br>I would see the true colors of happiness,<br>If I could rain down like spring showers.<br><br>I was unable, helpless to achieve you,<br>But you held power, almost like a god,<br>My young body trembled with happiness,<br>Pushing your hands away, feeling anxious,<br><br>And I burned with heat like a tulip fire,<br>I was just eighteen, ablaze with desire. |
| 12. | ***Жыпар Исабаева "Көзүмдү жумуп алып…"*** | ***Zhypar Isabaeva "Closing My Eyes"*** **(Которгондор: С. Мамбаева, Г. Ибраимова)** |
| | Үмүттүн үлпүлдөтүп биликтерин,<br>Мен сени Тоо дедим, бийик дедим!<br>Түнөтүп алып тоону жүрөгүмө,<br>Өзүм да ошончолук бийиктедим!<br><br>Үмүтүм – ишенчиме эгиз дедим,<br>Мен сени терең дедим, деңиз дедим!<br>Деңизди ууртап алып жүрөк менен,<br>Дүйнөмдүн бөксөөлөрүн тегиздедим.<br><br>Мен сени асманымда Күн дейт элем,<br>Батынып, тик багуудан сүрдөйт элем,<br>Ошентип, сени сүйгөн жүрөк менен,<br>Эч кимди ушунчалык сүйбөйт элем!<br><br>О, бир күн ошол жүрөк быркыранып,<br>Экиге тең жарылып, чыркырадык!<br>Тоо урап, деңиз соолуп, Күн да чыкпай,<br>Бүт жолу ишеничтин кулпуланып!<br><br>Көрсө мен өзүмдү алдап жүрүптүрмүн,<br>Көөдөнгө тоодой азапты үйүптүрмүн,<br>Көрбөскө пастык менен тайыздыкты,<br>Көзүмдү жумуп алып сүйүптүрмүн!<br>Көзүмдү жумуп алып жүрүптүрмүн. | Igniting the flame of great hope so high,<br>I envision you as my highest peak,<br>Scaling mountains within my soul, I climb,<br>I strive to reach those summits every time.<br><br>I made my hopes and beliefs twins,<br>And trusted that you were my boundless sea,<br>Quenching my parched heart with its waters,<br>Filling the void within my soul, I want no more.<br><br>You, my radiant sun, in skies above,<br>Your brilliance, I could not help but love.<br>My world, my all, to you I'd impart,<br>With a faithful heart, you only held my heart.<br><br>But one day, that heart shattered into fragments,<br>Dividing us, evoking tears like morning dew.<br>My mountain crumbled, the sea dried up,<br>The sun ceased to shine; belief obstructed us.<br><br>It turns out I have been deceiving myself,<br>Allowing troubles and misery to fill my heart,<br>Disregarding your shallow sentiments towards me,<br>Closing my eyes, I fell in love with an illusion.<br>Closing my eyes, I carry on with an illusion. |
| | **Англис тилине которулган кыргыз аялдар поэзиясы / Kyrgyz Women's Poetry Translated into English** / ырлар жыйнагынын 3-бөлүмү / Түзгөн жана которгон: Ж. Ж. Чыманова, –Б.: Айат. 2024. -105 б. | |

| | | |
|---|---|---|
| 13. | **Алымкан Дегенбаева *“Тааныш үй”*** | **Alymkan Degenbaeva *“A Familiar Home”* (которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Ушул үйдөн чыгып кеткен бир адам,<br>Экинчи ирет эшик ачып кайрылбайт.<br>Кеткен үйү кеми толбос дүйнөдөй,<br>Барган жайы үн жетпеген айдыңда...<br>Жары менен тең узатып, тең күткөн<br>каалга да үйдөн үнүн, көчөдөн<br>доошун тыңшайт... Келип-кетип эл<br>бүткөн,<br>Бата тартып, адам парзын өтөгөн.<br>Татышып даам, тагдырлаштай<br>жүргөндөр<br>тарап бирден... Келген аяк суюлар.<br>Өз үйүндөй келгендерге бир кезде,<br>Анан бул үй өң тааныштай туюлар.<br>Чатыр. Бурч. Чабалекей,<br>Чабалекей экөө болчу.<br>Уясын бүтүп алар,<br>Биз күттүк жаңы коңшу.<br>Турчу эле сугу түшүп,<br>Бирөөнү таргыл мышык<br>жеген го... Экинчиси<br>кечинде жалгыз учуп<br>келди да, кетти кайра<br>Көрүнбөйт ошо бойдон.<br>Бечара жесир чымчык,<br>Бечара жесир чымчык! | Someone has recently left this house,<br>He will never return to open its door again.<br>This emptiness will never be filled,<br>His new home is far and unreachable.<br><br>A house built together with his wife,<br>Its doors still echo his voice everywhere.<br>People came and went, praying for him,<br>It seemed they shared a common fate.<br>But they departed one by one.<br>No one remains in the end.<br><br>Thus, this house will be less familiar to them.<br>A roof. A corner. A swallow.<br>There used to be two swallows.<br>We found new neighbors,<br>After they built their nest.<br><br>A cat followed after them,<br>Perhaps he caught one.<br>Only one swallow returned,<br>Then she too departed and hasn’t returned.<br>A poor widow swallow,<br>A poor widow swallow. |
| 14. | **Алымкан Тыналиева *Ак келинчек*** | **Alymkan Tynalieva *“A Beautiful Bride”* (которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Отурат ак келинчек сайма сайып,<br>Оюнда анын:<br>кечээги алып келген<br>кең далылуу бийик жигит.<br>Апакай кездемеге<br>кызыл, көк түрлөр кирип.<br>Оюнда анын кара кашы...<br>оюнда анын жүрөгү дүк-дүк соккон.<br>Жымыят ак келинчек<br>Оюнда ал жигиттин жалын көзү.<br>Отурат ак келинчек<br>көшөгөсү... көгүлтүр. | A beautiful bride embroiders,<br>Her thoughts on her tall, handsome groom,<br>Who brought her home as a bride yesterday.<br>Threading red and blue on white fabric,<br>She thinks of his dark eyebrows,<br>And his heart, beating ba-dum.<br>A young bride smiles in quiet,<br>In her mind, only his sparkling eyes,<br>Behind a white curtain, a bride sits. |
| 15. | **Азада Бегимкулова *“Коркомун”*** | **Azada Begimkulova *“I Fear”* (которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Таш келсе чайна дептир тишиң барда,<br>Тиштен соң чайнаганга айла кайда?<br>Тагдырдын суусу келсе шимир деген<br>Челектеп суу жутсам да чаңкап келем,<br>А тиштер ушаланды майда-майда.<br>Кыйналам жадап такыр таппай айла,<br>Ыйлаган дурус окшойт анда-санда | People say "chew a stone when you have teeth,"<br>But after losing teeth, what can you do?<br>Drink the water of fate if it offers itself,<br>Even though I drink abundantly, I remain thirsty.<br>Teeth wear down finely as time passes, |

| | | |
|---|---|---|
| | Көзүмдөн жаш ордуна от чачырайт<br>Шашкансыйм түбөлүктүү барчу жайга<br>Коркпоймун качан келсе өлүмүңдөн,<br>Коркпоймун жашоо — камчы өрүмүңдөн.<br>Коркомун бөксө кеткен күндөрүмөн<br>Коркомун бекер өткөн өмүрүмдөн. | I suffer and grow weary, losing my hope.<br><br>I've come to understand it's better to cry sometimes,<br>But fire sprays from my eyes instead of tears.<br>It seems I am hastening toward my eternal place,<br>I don't fear even when death approaches me.<br>I am not afraid of life's tough braided whip,<br>But I fear empty and meaningless days,<br>I fear an empty and meaningless life. |
| 16. | **Азада Бегимкулова *"Таланттарды сүйгөндөрдүн эсиндемин"*** | **Azada Begimkulova *I Reside In The Memories of Talent's Admirers* (которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Толгонуп толкундаба сезимдерим,<br>Тагдырга башымды ийген кезим менин.<br>Таалайсыз махабаттан өксүнбөгүн<br>Талантты сүйгөндөрдүн эсиндемин.<br><br>Буркурап боздой бербе, сезимдерим,<br>Базардан кайтып калган кезим менин.<br>Баалабаса баалабас башка бирөө<br>Баркымды билгендердин эсиндемин.<br><br>Кайгырып капаланба, сезимдерим,<br>Карайлап жүдөп турган кезим менин.<br>Каалабас каалабаса башка бирөө<br>Кадырым билгендердин эсиндемин.<br><br>Чарпылып чыркыраба, сезимдерим,<br>Чарчоодон безип турган кезим менин.<br>Чаң салып чебеленип, эзилбегин<br>Чамамды билгендердин эсиндемин.<br><br>Санаадан саргарбачы, сезимдерим,<br>Сыноого түшүп анча эзилбегин.<br>Сан миң эл кайратымды ширеп турат<br>Сырымды билгендердин эсиндемин.<br>Чыйралгыч «чарт» үзүлбөй сезимдерим,<br>Чыныгы күйөрмандын эсиндемин! | Do not hesitate, and do not falter, my feelings,<br>This is the moment I surrender to my fate.<br>Oh, my dear, do not suffer from unrequited love,<br>Those who appreciate my talent will remember me.<br><br>Stop weeping, my feelings, cease suffering,<br>It is when I returned and faded from fame.<br>If they choose not to appreciate, it is their choice,<br>I reside in the memories of those who value me.<br><br>Oh, my feelings, do not be saddened and distressed,<br>This is the time I confront troubles and exhaustion.<br>If they choose not to appreciate and value me,<br>I remain in the memories of those who respect me.<br><br>Do not be tearful, do not be shaken, my feelings,<br>This is the time I break free from weariness.<br>Do not fret, do not worry, and do not suffer,<br>I reside in the memories of those who value me.<br><br>Oh, my feelings, do not be saddened by sorrows,<br>Do not be swayed by trials, and do not suffer.<br>Thousands stand by me, strengthening my courage,<br>I dwell in the memories of those who know me. |

| | | |
|---|---|---|
| | | My feelings have grown resilient, not easily torn,<br>I endure in the memories of sincere admirers. |
| 17. | **Ранат Айталиева “*Күз ырлары”*** | **Ranat Aitalieva *“Poems of Autumn”* (которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Эшикте туман, күн суук —<br>Акыркы күздүн күндөрү.<br>Көңүл да шайкеш ошого,<br>Сапарың бүгүн түштүбү?<br>Күүгүмдүү кечте бурганак,<br>Түн ооган, ак кар сапырык.<br>Дилиңден келет гөзөл шаа,<br>Керемет дүйнө ажайып.<br><br>Желпинген кыял, учкул ой,<br>Көп менен көргөн той улук.<br>Көңүлдөр назик — гүл бурак,<br>Жөн гана үнсүз олтурдук.<br>Жымжырттык төнгөн табышмак,<br>Каректе үнсүз улуулук.<br><br>Бөлмөдө мезгил илеби,<br>Ободо жеңил тунуктук.<br>Качан да болсо өзгөрбөс,<br>Өзүндөй кексе дүйнөнүн.<br>Бизден көп сүйлөп тургансыйт,<br>Вазада күздүн гүлдөрү! | The weather is foggy and cold<br>In the last days of autumn.<br>My mood matches this fall weather,<br>Is it the end of your trip?<br>There will be blizzards in the evenings,<br>White snow flying in the air.<br>It inspires and refreshes my soul,<br>Making the world so beautiful.<br><br>Dreams and thoughts flap their wings,<br>Rejoicing with people is good.<br>Souls are gentle as flowers,<br>Like them, we sit in silence.<br>Mystery is hidden in quietness,<br>Greatness lives in the eyes.<br><br>The season’s mood can be felt in the room,<br>With purity, lightness in the air.<br>They neither change nor grow old,<br>They give life meaning.<br>As they speak more than we do—<br>Autumn’s flower in a vase. |
| 18. | **Фатима Абдалова *“Биз кайдабыз”*** | **Fatima Abdalova *“Where Are We Now?”* (которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Биз бир Күчтүн жетегинде турабыз...<br>Турган менен бизде деле айла көп...<br>Тиктеп турат бизди көгүш мунарык,<br>Жадагалса тыңшайт жерде жаткан чөп...<br><br>Ооба десең, бизде деле айла көп,<br>...Айлаң келип бир бутага байланган.<br>Сан жылдарды чиркештирип барган көч,<br>Артты көздөп кайрылалбайт кайтадан...<br><br>Ооба десең, бизде деле айла көп,<br>Айлаң келип тизгинделген, чектелген...<br>Караңгыдан парда тарткан кайран көз,<br>Тирүүлөргө жер бетинен кезикпейт...<br><br>Биз бир күчтүн жетегинде турабыз,<br>Айласы көп айлабыз да, айласыз...<br>Өзүмдү өзүм чоочуй карап турамын,<br>Айтчы досум, биз кайдабыз, кайдабыз... | We find ourselves in the grip of a single Power,<br>We hold numerous prospects in our possession.<br>The vast blue skies gaze upon us, unsettlingly.<br>Even the blades of grass listen intently.<br><br>Indeed, we have a multitude of prospects<br>That have been forcibly entwined by destiny.<br>A journey set in motion centuries ago<br>Cannot be retraced to those bygone days.<br><br>Truly, we possess an array of tricks we cannot deny.<br>However, they are bound, limited, and constrained.<br>Like a veil of darkness over the eyes of the destitute,<br>They fail to encounter the living souls on this earth.<br><br>We find ourselves in the grip of a single power.<br>We possess many futile tricks, but they are limited.<br>I gaze upon myself with anxiety and wonder, |

| | | |
|---|---|---|
| | | Please, my friend, tell me, where are we now? |
| 19. | **Фатима Абдалова *“Мен дүйнөнү апам менен тааныгам”*** | **Fatima Abdalova *“I Discovered the World Through My Mother's Eyes” (*которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Мен дүйнөнү апам менен таанысам,<br>Мен апамды көйнөгүнөн тааныгам.<br>Тирүү болчу көйнөгүнүн гүлдөрү,<br>Баскан сайын бажырайып ачылган.<br><br>Мен дүйнөнү апам менен таанысам,<br>Мен апамды жыты менен тааныгам.<br>Жыттачу эле, магдыратып жытына,<br>Чыкпачы эле, чыкпачы эле жаныман.<br><br>Мен дүйнөнү апам менен таанысам,<br>Мен апамды колдорунан тааныгам.<br>Жылуу болчу, жумшак болчу колдору,<br>Кармашканда бала боюм балкыган.<br><br>Мен дүйнөнү апам менен таанысам,<br>Мен апамды жоолугунан тааныгам.<br>Тирүү болчу жоолугунун гүлдөрү,<br>Баскан сайын бажырайып ачылган!<br><br>Мен дүйнөнү апам менен тааныгам,<br>Мен апамды күлкүсүнөн тааныгам. | Through my mother, I discovered the world,<br>And through her attire, I knew my mother.<br>Flowers adorned her dress, vibrant and alive,<br>Blossoming with every step she took.<br><br>Through my mother, I discovered the world,<br>And through her fragrance, I knew my mother.<br>Embracing me tightly, she smelled my head,<br>Her pleasant scent lulling me into a peaceful sleep.<br><br>Through my mother, I discovered the world,<br>And through her hands, I knew her well.<br>Warm and gentle, her touch brought joy,<br>Grasping her hands filled me with delight.<br><br>Through my mother, I discovered the world,<br>And through her shawl, I knew my mother.<br>Flowers adorned her shawl, vibrant and alive,<br>Blooming with every step she took.<br><br>Through my mother, I discovered the world,<br>And through her smile, I knew her essence.<br>Through my mother, I discovered the world,<br>And through her embrace, her love unfurled. |
| 20. | **Алтынай Темирова *“Аалам - Боз Үй”*** | **Altynai Temirova *“The World Is A Yurt”* (которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Ууз нурдан Уук тигип ааламга,<br>Күн төбөгө Чамгарагын жайгарат.<br>Кең мейкинди тегерете, айланта,<br>Тоолор курчап Керегедей калкалап,<br>Жашыл төрү окшоп түркүн саймага,<br>Аалам бүтүн Ак-Өргөөгө айланат!..<br>Адам Ата, Обо эне – бир сырдуу,<br>Тентек уулу Теңир теги Кыргызды<br>Бөлгөнүндө үйлөп-жайлап тоого бу,<br>Ар күн сайын көрүп мындай сыйкырды,<br>Суктангандан чечүү үчүн бул сырды,<br>Жасагандай ааламдык Үй-эң сырдуу!..<br>Жыгач менен кийиз гана куралы,<br>Табигаттан таазим этип сурады!..<br>Байыртадан аалам сыры өзүндө!..<br>Байыртадан урпактары улады!..<br>Таң калтырат - жылуу, жумшак уядай,<br>Умай эне, Теңир ата турагы!.. | The Sun fashions Uuk made of arrows of sunlight,<br>At noon it spreads its own pattern, chamgarak,<br>Enveloping everything, the entire nature,<br>Mountains encircle, protecting like a shield, kerege.<br>The valleys resemble colorful patterns,<br>The world transforms into the yurt, Ak Orgoo.<br><br>Father Adam and mother Eve - truly mysterious,<br>And the Kyrgyz playful child of the Almighty, Tenir,<br>When the Kyrgyz wed, and was sent to the mountains,<br>He witnessed this magic, amazed each day,<br>And in awe of unraveling that mystery,<br>He created this enchanting world as Yurt, Boz Uy.<br><br>Paying homage, he sought from nature,<br>Using only wood and felt as primary tools,<br>The deep mysteries are in us from ancient times, |

| | | |
|---|---|---|
| | Куттуу төрдө, сыр сандыктын<br>үстүндө!..–<br>Сан кылымдар, дооорлор – жүк,<br>жыйылган!..<br>Манас менен, дастан менен, күү менен,<br>Күпүлдөтө күн-түн айтып… уюлган…<br>Түндүгүнөн аалам көчү жүргөнүн…<br>Батырыптыр баатыр ата-бабалар!..<br>Ак-Өргөөгө - Боз үйүнө - дүйнөнүн!.. | Continuing the legacy for future generations.<br>It fascinates us, like a warm and soft nest,<br>Mother Umai's and Father Tenir's warm abode.<br><br>On a favored spot, on an old patterned chest,<br>Blankets and crafts from ancient times are laid,<br>With Hero Manas, epics, and melodies<br>Recited day and night, performing for people,<br>The world's wanderings are visible from the tunduk,<br>Our ancestors shaped nomad life<br>Within the White Yurt, White Home of the world. |
| 21. | **Элмира Ажыканова *"Шамал"*** | **Elmira Ajykanova *"Wind" (*которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Шагын ийген күзгү түнгө урунуп,<br>Шамал келди боздоп-сыздап, жулунуп.<br>Жатат сыртта сапырылып бүт аалам<br>Жатам үйдө жалгыз жаным буулугуп.<br><br>Түнкү шамал тынчымды алат,<br>шаштырат,<br>Жүрөк байкуш титирейт да, аптыгат.<br>Ал ансайын чатырымда ышкырып<br>Ал ансайын каалгамды каккылап.<br><br>Качанкы бир буюм сымал эскирдим,<br>Кайдасың деп тынчын албайм эч<br>кимдин.<br>Өзөгүңө бир арманды уютуп<br>Өмүр кыска болорлугун кеч билдим.<br><br>Жылдар кетти каркырадай тизилген,<br>Жылдыз өчтү жылт деп улам ичимден.<br>Таарынычты жүрөгүмө жүк кылбай<br>Таш ыргыткан жандарды эбак кечиргем.<br><br>Шамал, шамал, арманымды козгобой,<br>Ай-талаага кетип калчы боздобой.<br>Ансыз деле өксүп турган өмүрдүн<br>Ай-жылдары зуулап барат токтобой.<br><br>Шамал, шамал, ооздугу жок алкынган,<br>Айыга албай койдум көңүл дартымдан.<br>Тагдыр жолдо тарткылыгым көп болду<br>Жайына кой жан дүйнөнү жанчылган.<br><br>Коштоп сени ырдай турган кез өткөн<br>Баягыдай азгырам деп ойлобо.<br>Чарбагымдын булуң-бурчун жойлобо,<br>Шамал, шамал чуркап көчө бойлобо. | Branches bend to the autumn wind at night,<br>Whistling and swaying in a restless dance.<br>The world lies swept by the wind's embrace,<br>While I remain at home, filled with tears.<br><br>The night wind agitates, rushing me along,<br>My poor heart trembles, lost and confused.<br>It howls even louder on my rooftop,<br>Rapping on my door, making me rush.<br><br>I've grown old, like a useless, forgotten item,<br>No longer asking where you are.<br>Bitter grief collects inside me,<br>But I realized too late that life is fleeting.<br><br>Many years have passed, like a flock of cranes,<br>My stars gradually faded within me.<br>Not harboring grudges in my heart,<br>I've forgiven those who hurled stones at me.<br><br>Breeze, I ask you not to awaken my regret,<br>Depart to wide, open fields; do not cry.<br>My life is already filled with sorrow and misery,<br>Its months and years slipping away swiftly.<br><br>The wind is like a wild horse without reins,<br>I couldn't heal the wounds in my broken heart.<br>I've endured many struggles along my path,<br>Leave my wounded and fragile heart in peace.<br><br>Time has passed since I sang along with you.<br>Do not think you will tempt me as before.<br>Do not disturb the corners of my farm,<br>Do not race down the street in the wind. |
| 22. | **Элмира Ажыканова** | **Elmira Ajykanova "*Near The Old Stove"*** |

| | | |
|---|---|---|
| | ***“Эски мештин жанында”*** | **(которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Талдап бүтпөй оңум менен солумду,<br>Таштап салып талыкшыган боюмду.<br>Кыш түнүндө, меш түбүндө телмирип<br>Олтурамын отко кактап колумду.<br><br>Жер айланып зуулап барат огунда,<br>Менин үйүм тогуз жолдун тоомунда.<br>Бир ойлосом мен бир чекит дүйнөдө<br>Бир карасам аалам менин колумда.<br><br>Көкүрөгүм ысып-күйүп эзилем,<br>Көр турмушка жем болчудай сезилем.<br>Шашып жашап, шашып ичем чайымды<br>Бир тыныксам биротоло кечигем.<br><br>Мен мезгилге барган сайын утулуп,<br>Мерез заман үрөйүмдү учуруп,<br>Аласалып кетип барам кургуйга<br>Айлампалуу ылдамдыкка жутулуп.<br><br>Мен бир пенде сүкүт чалган түндөгү,<br>Акылыма сыйдыра албайм дүйнөнү.<br>Эч ким мага бере албады жылуулук<br>Эски мештин табынчалык үйдөгү. | Analyzing all points, left and right,<br>Weary, I drop my body onto the floor.<br>Sitting by the stove, warming my hands,<br>Lost in deep thoughts on a winter night.<br><br>The earth spins rapidly on its axis,<br>And my home is far from the main road.<br>Sometimes I feel small in the world,<br>But at times, it seems the world is in my hands.<br><br>My soul burns, and I endure its torment,<br>As if destined to feed on life's hardships.<br>I live in haste, even sipping my tea in a rush,<br>Taking a break means falling behind entirely.<br><br>I strive to keep up with time in every moment,<br>The harsh era frightens me even more.<br>I'm being pulled into a deep whirlpool,<br>It swallows me, rushing relentlessly towards me.<br><br>I am a human, seeking solace in peaceful nights,<br>Unable to comprehend the entirety of the world.<br>No one can provide the warmth that a stove does,<br>Radiating a unique and comforting heat. |
| 23. | **Элмира Ажыканова “*Таш дубал”*** | **Elmira Ajykanova “*A Stone Wall”*<br>(которгон: Ж. Ж. Чыманова)** |
| | Таш дубал, таш тепкичтер сыйда муздак,<br>Эшиктер өзү ачылган сага туштап.<br>Оңой, тез, баары белен алаканда<br>Топчуну бассаң эле даяр кызмат.<br><br>Дүкөндөр, дүр-дүнүйө жолумда азыр,<br>Дүйнөлүк бүт маалымат колумда азыр.<br>Зуулдап кетип барам адамзаттын<br>Дүркүрөп өсүп жаткан доорунда азыр.<br><br>Бирок мен робот эмес, адам элем,<br>Гүл сүйгөн, күлкү сүйгөн аял элем.<br>Асыл бир сезимдерди ак жубардай<br>Ааламга жайылтууга даяр элем.<br><br>Бу заман кайрып койду канатымды,<br>Айттырбай аялдык ак санатымды.<br>Агылган калың көчтүн арт жагында<br>Баратам таңып алып жараатымды. | Stone walls, cold stone stairs to tread upon,<br>Doors opening effortlessly on their own.<br>Convenience at hand, with everything ready,<br>A press of a button brings forth service.<br><br>Shops and all necessities line my path,<br>Information readily available at my fingertips.<br>Amidst the hustle and bustle, I hurry along,<br>In an era of human growth and blossoming.<br><br>But I am not a robot, I am human,<br>A woman who cherishes laughter and flowers.<br>Ready to spread love throughout the world,<br>With feelings profound, pure, and white.<br><br>This time has wounded me, shattered my wings,<br>Suppressing my voice as a moral woman.<br>Barely bandaging my wounds, I move forward, |

| | | |
|---|---|---|
| | Даны бар, өркүнү жок данектердин,<br>Оту жок, мээрими жок каректердин.<br>Мен дагы окчун болгум келип элден<br>Чеп куруп, кулпу салып алектендим.<br><br>Тор айнек, темир тосмо – абактардай,<br>Түнөрүп карыш түшкөн кабактардай.<br>Бекинип жашай берип таш үйлөрдө<br>Берч болуп көкүрөктөр бараткандай. | Following the flow of people on the road.<br><br>Like a seed without shoots, a bone without marrow,<br>Eyes lacking spark and compassion.<br>I wanted to distance myself from others,<br>Building a fence, isolating myself in solitude.<br><br>With barred windows and iron fences like prisons,<br>Feeling the weight of a frowning brow.<br>Living in stone houses, hiding away,<br>Our hearts seem to be turning into stones. |
| 24. | *Ашира Кулишева* “Мен аялмын” | *Ashira Kulisheva* “I Am A Woman!” |
| | Мен аялмын! – Жаш баладай эркелөөнү жактырган,<br>Кайра-кайра айта берип, керегин да таптырган.<br>Жумуш менен майда -чүйдө, алек болуп жүрсөда,<br>Буйрук берип жүрөгүнө, мээримдүүлүк бактырган.<br><br>Мен аялмын! – Өз ичине сыр сандыгы катылган,<br>Кээде турмуш кыстап турса, эрктүүлүккө батынган.<br>Назик сезим, күлкү сүйгөн, гүл каалаган жүрөгү,<br>Тунук сүйүү, ачуу сыноо -бир мезгилде кабылган.<br><br>Мен аялмын! – Үлбүрөгөн ак жоолугун салынган,<br>Түрдүү кырдаал, жагдайларга- этияттык камынган.<br>Далай жолу үмүт менен ой кыялы-жанчылса,<br>Кыялына – бир топ мүнөз, акылдуулук камтылган… | I am a woman! – Pampered like a small child,<br>Reminding others again what is needed in time.<br>Though busy with work and life’s little things,<br>She gives orders with compassion in her heart.<br><br>I am a woman! – A secret box hidden within,<br>When life tightens, she finds the courage to be bold.<br>Tender feelings, a love for joy, a heart seeks flowers,<br>Pure love and bitter trials she faces in stride.<br><br>I am a woman! – Adorned in a white scarf,<br>Handling life's challenges with careful thought.<br>Though her hopes, dreams have been crushed at times,<br>Her mind is filled with wisdom and strength. |
| | **Англис тилине которулган кыргыз аялдар поэзиясы / Kyrgyz Women’s Poetry Translated Into English** / ырлар жыйнагынын 4-бөлүмү / Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова -Б.: Айат. 2024. -128 б. | |
| 25 | **Сатин Абдыкеримова**<br>***“Элим, жерим”*** | *Satin Abdykerimova “*My People, My Land” *(Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)* |
| | Элим-жерим карааныңдан кагылам,<br>Эки ай катар көрбөй калсам сагынам.<br>Ата-энем жашап өткөн алтын жер,<br>Айтсам чынын артык көрөм жаныман. | My people and my land, your existence moves me.<br>Two months away, and I ache with longing for you. |

| | | |
|---|---|---|
| | Топурагың торко болуп көрүнөт.<br>Токсон түркүн көңүл чиркин бөлүнөт.<br>Абаң таза мээлүүн желдүү, жыпар жыт,<br>Апта күндө арык малдар семирет.<br>Айланайын элим-жерим берекем,<br>Айланайын ак сүт берген энекем.<br>Элим-жерим, энем-атам кечирчи,<br>Эмгегим аз, менде акыңар көп экен. | This golden land where my parents once lived—<br>To be truthful, I cherish it more than life itself.<br><br>Your soil feels as soft as silk beneath my feet.<br>My thoughts scatter in ninety directions, captivated.<br>The air is fresh, breezy, and sweetly fragrant;<br>Even thin cattle grow plump in your warm embrace.<br><br>My blessed people, my beloved land—<br>You, like my mother, who nourished me with her milk.<br>My people, my country, my parents, forgive me—<br>I've done so little, yet you've done so much for me. |
| 26 | **Шакен Мамбетаипова “*Сезим ыргагы”*** | **Shaken Mambetaipova *The Rhythm Of Feeling (Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)*** |
| | Аба тынч, чөптүн башы үлп этпеген,<br>Айлана көшүлүүдөн бүлк этпеген,<br>Сүйүүмдү жүрөгүмө канат кылып,<br>Сезимдин жайлоосунан гүлдөр терем.<br>Оюмду музыканын ыргагы ээлеп,<br>Оо, Аалам! Ушунчалык назик белең?<br><br>Көпөлөк сайма канат кызыл баркут,<br>Көркөмү куюлушкан боек аркыт.<br>Өзүндөй назик гүлгө өбүлүүдө,<br>Өмүргө ыракаттуу шире тартып.<br>Сөз жеткис, айкалышкан сулуулукту,<br>Саратан ырдап жатты сугун артып.<br><br>Көк асман, батыш жагы кызгылт тунук.<br>Күн барат, уясына үлпөт куруп.<br>Капыстан ал күн менен кучакташып<br>Кызарат тоо башында түрмөк булут.<br>Магдырайм ырахаттын кучагында,<br>Мээримдүү мындай кезди карап туруп.<br><br>Жел келет, жанга жагым үлпүлдөгөн,<br>Жалбырак шыбырашып бүлкүлдөгөн.<br>Элечек кийген тоолор албырышат,<br>Эч кандай эндик, боек сүртүнбөгөн.<br>Кайдандыр алыс жактан дөбөт үрөт,<br>Кайтарып өз короосун күрсүлдөгөн.<br><br>Шоокумдуу кулун үнү кишенеген, | The air is calm, the grass grows still,<br>Soft, serene, and spared from shift.<br>Turning my love as a wing for my heart,<br>As I pick flowers from the pasture of feeling.<br>The rhythm of music occupies my mind—<br>Oh, Universe! Why are you so gentle?<br><br>Butterfly wings, embroidered in red velvet,<br>Art blooms in colors vibrant and bright.<br>Kissing a flower as delicate as itself,<br>It savors the sweet juice of life.<br>Indescribable, combined beauty—<br>The may beetle admires, singing loudly.<br><br>The sky is blue, the west a clear pink,<br>The sun nestles comfortably in its nest.<br>Suddenly, the sky embraces the sun,<br>A rolling cloud atop the red mountain.<br>I rejoice in the arms of pleasure,<br>Gazing at this gorgeous moment in time.<br><br>The wind blows, and my soul feels fluffy,<br>Leaves rustle and flutter, whispering.<br>The mountains, draped in white elechek,<br>Blush without lipstick or cosmetics.<br>From somewhere far away, a dog roars,<br>Guarding its yard with a resounding bark.<br><br>The voice of the charming foal is restrained, |

| | | |
|---|---|---|
| | Шыңгырап, музыканын изи менен,<br>Баратат, наркы тоонун кыясында,<br>Боз бээчен, сапар тарткан киши менен.<br>Сөөлөттүү көркөмүнө канат болуп,<br>Сулуулук, музыка экөө эгиз белем?<br><br>Аба тынч, чөптүн башы үлп этпеген,<br>Айланаң көшүлүүдөн бүлк этпеген.<br>Чоп этип, сен жүзүмдөн өпкөн кезде,<br>Чоочуйм да мен өзүмө анан келем.<br>Баятан бакыт берген бал сезимдин,<br>Баса дейм! Себепчиси өзүң белем! | Accompanied by the twinkling of music.<br>It rides on the other side of the mountain,<br>With a traveling man on a gray mare.<br>Becoming a wing for this blessed art,<br>I wonder—are beauty and music twins?<br><br>The air is calm, the grass is not fluffy,<br>The neighborhood untouched by displacement.<br>When you kiss my cheek with a soft smooch,<br>I am bewildered, then return to myself.<br>This honeyed feeling brings lasting happiness;<br>I want to emphasize—you are the reason! |
| **27** | **Шакен Мамбетаипова “*Түркүн мүнөз”*** | **Shaken Mambetaipova “*Different Traits”* (Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)** |
| | Бир жаралып асманың да, ааламың,<br>Бирок түркүн айбаның да, адамың.<br>Турмуш, сени ошонуңа таңгалып,<br>Түмөн мезгил ой жүгүртүп карадым.<br><br>Акыл-эси ар кандайча деңгээлдүү,<br>Ар башкача жаратыпсың пендеңди.<br>Бирөө чечен, бирок ишке эби жок,<br>Бирөө момун, бирок колу жөндөмдүү.<br><br>Бирөө пулсуз,бирок дайым шаттыкта,<br>Бирөө пулдуу, бирок көөнү пастыкта.<br>Бирөө жүрсө чоң оорусун билгизбей<br>Бирөө таза, бирок башы жаздыкта.<br><br>Бирөө сүйсө, мейкиндикти, асманды,<br>Бирөө каалайт жерден кенди казганды.<br>Бирөөлөрү жай жүрүүнү жактырса,<br>Бирөө сүйөт карбаластап шашканды.<br><br>Бирөө сүйүп түздөн эгин эккенди<br>А бирөөлөр кой кайтарып кеткенди,<br>Бир топтору көп сүйлөөгө көнүксө<br>Калгандары бир сөздүүнү эп көрдү.<br><br>Бирөө эңсесе алтын казык сүйүүнү,<br>Бирөө көксөйт убактылуу күлүүнү.<br>Бирөөлөрү жактырышса калааны,<br>Бирөө самайт тоодо күлүк минүүнү.<br><br>Бирөө ойлосо дайым тынчтык болушту,<br>Бирөө көксөйт кыргын салган согушту.<br>Бирөөлөрү адилеттүү болушса<br>Бирөө самайт элдин канын сорушту. | The sky and the universe were created as one,<br>Yet you are different, both animal and human.<br>Life, a marvel you ponder, while I contemplate,<br>Reflecting on the burdens that life can create.<br><br>The human mind holds various levels of thought;<br>You shaped your people in ways that you sought.<br>One is eloquent but lacks practical skill,<br>Another is humble, yet capable still.<br><br>One is penniless but always feels joy,<br>While someone wealthy may find no true buoy.<br>If one hides the truth of a serious plight,<br>Another is healthy but lies restless at night.<br><br>If one loves the cosmos, the sky, and the earth,<br>Someone else seeks treasures beneath the ground’s girth.<br>Some take their time, moving slow without haste,<br>While others rush forward, consumed by their pace.<br><br>One prefers planting on flat, fertile ground,<br>While another finds joy in herding sheep round.<br>Some chatter endlessly, words spilling free,<br>While others stay silent, content just to be. |

| | | |
|---|---|---|
| | Бир жаралып асманың да, ааламың,<br>Бирок түркүн айбаның да, адамың.<br>Көрсө турмуш кызыктыгың ошого<br>Көргөндөрүм көрктөп жазып барамын. | If one yearns for love that anchors the soul,<br>Others seek laughter, a temporary goal.<br>Some dream of the city where aspirations take flight,<br>While others find solace in the mountains' height.<br><br>If one longs for peace, a world without war,<br>Another desires conflict, seeking to score.<br>Some strive for fairness, seeking justice for all,<br>While others exploit, relishing the fall.<br><br>The sky and the universe were created as one,<br>Yet you are different, both animal and human.<br>It seems that your interests in life lead you here,<br>And I'll write down my observations sincere. |
| 28 | **Салтанат Орозобекова "*Парадокс*"** | **Saltanat Orozobekova *"A Paradox"* (Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)** |
| | Өмүр кечип жалаң тайгак, тар жолдо<br>Акылмандар аалам сырын чечкиче,<br>Оюн салып жалган атак жолдордо<br>Амалдуулар ашуу ашып кетишти...<br><br>Бир кембагал алачыкта күн көрсө,<br>Хан сарайга итин багат бир кексе.<br>Кандай гана оомал-төкмөл бу заман...<br>Кангырап ээн, заңгыраган сан кеңсе.<br><br>Ай эместер, айсынып бир келберсиди.<br>Көңдөйлөр да көккө учуп тегизсинди.<br>Кудай сезип өздөрүн алгандар бар,<br>Аларды да, кудурет Күн ээрчиди! | Life is a slippery path, passing through narrow roads,<br>While the wise seek to unravel the mysteries of the universe.<br>On avenues where the game of false fame thrives,<br>Dexterous souls navigate the heights and depths.<br><br>A poor man struggles to survive in his humble hut,<br>While a rich man keeps his dog in a lavish palace.<br>How absurd this time, with its peaks and valleys,<br>Amidst countless deserted, empty buildings.<br><br>Those who are not moons pretend they are bright,<br>While hollow minds soar high, seeking elevation.<br>Some believe themselves to be gods,<br>And even the almighty sun follows their illusion! |
| 29 | **Мая Осмонкулова *"Жаша, бирок унутпагын өлөөрүң"*** | **Maya Osmonkulova *"Live, But Remember You Will Die"* (Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)** |
| | Жаша, бирок унутпагын өлөөрүң,<br>Душмандарың кошо келип көмөөрүн.<br>Көз ирмемге аралжыга келалбайт, | Live, but remember you will die,<br>Your enemies will come and bury you.<br>The height of your being while alive, |

| | | |
|---|---|---|
| | Тирүү кезде бийиктиги төбөңдүн.<br><br>Тепсе, бирок топуракты кордобо,<br>Ал айланат түбөлүктүү ордоңо.<br>Ай, жылдарга чачып кеткен өмүрдү,<br>Кайра жыйнап аламын деп ойлобо.<br><br>Сулуулукка суктан ичиң күйгүзбөй,<br>Кумарга бат, бирок колуң тийгизбей.<br>Аруулугун карегиңе катып кет,<br>Жан адамга көргөзбөй да билгизбей.<br><br>Сүйгүн, бирок сүйгөнүңө жетпегин,<br>Сүйүү деген закым болот – эстегин.<br>Сезимдериң кокус кетсе тутанып,<br>Закым үчүн күлгө айланып кетпегин.<br><br>Сүйгүн, бирок сезимиңди чачпагын,<br>Бүт өмүргө жетиш үчүн сактагын.<br>Дарт чалгандай кызыл өңүң саргайып,<br>Сүйүүңдү эмес, сүйгөнүңдү даңктагын. | Will not even grant you a glance of time.<br><br>Tread, but do not offend the earth,<br>It will become your eternal resting place.<br>Scattered across months and years of life,<br>Do not think you can gather life back again.<br><br>Admire beauty and gaze with wonder,<br>Passionate, but without touching it.<br>Keep its purity hidden in your eyes,<br>Conceal it from souls, let it not be revealed.<br><br>Love, but do not grasp your lover,<br>Love is a mirage—remember always.<br>If your feelings flare up accidentally,<br>Do not turn to ashes for the sake of a miracle.<br><br>Love, but do not scatter your emotions,<br>Keep them enough for a lifetime.<br>Your flushed face may turn pale as if ill,<br>Praise not your love, but your beloved. |
| 30 | **Айзада Абазова *“Коркуу”*** | **Aizada Abazova *“Feeling Afraid”* (Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)** |
| | Ысыктан корком – “ырайымсыз отуна салабы” деп,<br>Муздактан корком – “жылан болуп оролуп алып чагабы” деп.<br>Коркомун караңгыдан – койнуна коркунучун салып берген,<br>Коркомун жарыктан да – ашкере ачып салган абийиримди.<br><br>Коркомун – жар бол деп жуучу түшкөн жалгыздыктан,<br>Коркомун – жалооруган жардамсыз алсыздыктан.<br>Коркутат кечээкимди эстегеним,<br>А бирок, эртеңден да сестенемин.<br><br>Коркомун – аягы ыйга айланган армандуу кыялдардан,<br>Коркомун сезимимден – коркуудан башка эч нерсе туя албаган.<br>Жинди болуп кетемин деп – коркомун ойлонгондон,<br>Азаптуу күн башталат – коркомун ойгонгондон. | I fear the heat, as it may consume me with its fire,<br>I fear the cold, as it may bite like venomous snakes,<br>I fear the darkness, laden with hidden dangers,<br>I fear the light, exposing my shame and guilt.<br><br>I fear loneliness, beckoning me to marry,<br>I fear weakness, pleading for assistance,<br>My past terrifies me, my yesterdays,<br>Yet, simultaneously, I fear the future.<br><br>I fear empty dreams, turning into weeping,<br>I fear my own emotions, always harboring fear,<br>I fear my thoughts, leading me astray,<br>Dreadful days await, and I fear waking up. |

| | | |
|---|---|---|
| 31 | **Рахат Жуманазарова-Шакиров**<br>**“*Артымды карайм улам”*** | **Rakhat Zhumanazarova-Shakirova**<br>***“Gazing Upon My Past”* (Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)** |
| | Азыр мага<br>башымды жөлөп алып,<br>мойнунан бек кучактап<br>ыйлаганга ийин керек.<br>Ким болсо<br>ошол болсун,<br>атын да<br>айтпай койсун.<br>Мен ыйлап бүткүчөктү<br>чачымдан аста сылап,<br>болгону, болгону эле<br>ийинин тосуп койсун.<br>Элпектенип эч кимди<br>туурабасын,<br>эбireп көңүлүмдү улабасын.<br>Эчкирип кошо ыйлап<br>бетимди суулабасын.<br>Эми кантем элдерден<br>өткөн-кеткен<br>дегенсип корунбасын,<br>уялбасын.<br>“Эмне болду айтсаң”- деп<br>сурабасын.<br>Баары бир жооп бере албайм,<br>бүт денем талып турат,<br>баягында бакыт издеп<br>чыккан элем,<br>ошол сапар мына азыр<br>карып турат.<br>Басынып, чүнчүп, анан<br>көңүлүм көп нерседен<br>калып турат.<br>Үн-сөсүз кулачудай,<br>жыгылсам турбачудай<br>бир кызык болуп турам.<br>Көрүнбөйт эч ким жолдо,<br>акыркы күчүм жыйнап,<br>а балким келатат деп<br>артымды карайм улам… | Gazing upon my past,<br>reminiscing,<br>Resting my head<br>upon a sturdy shoulder,<br>Longing to release the sorrows within,<br>Whose presence and name matters not,<br>I just seek a touch upon my hair,<br>And a shoulder to lean against.<br>I yearn not for imitation<br>or honeyed words,<br>No need for tears shed in unison,<br>Nor concern for rumors<br>spun by others,<br>No probing inquiries<br>about my sadness,<br>No need to cry aloud,<br>To refrain from moistening my face.<br>I seek a shoulder,<br>oblivious to those nearby,<br>Unconcerned with the past<br>that has faded away.<br>A person who does not feign,<br>Unburdened by shame or pretense,<br>One who refrains from asking,<br>"Tell me, what has come to pass."<br><br>For in any case,<br>I cannot respond,<br>Weary, collapsing beneath<br>life's weight,<br>Once chasing happiness,<br>but met with disappointment,<br>Insults as companions<br>on my journey's slate.<br>Now, my expedition ends,<br>Descending silently,<br>a dizzying haze,<br>The road stretches empty,<br>devoid of life,<br>Yet, with hope,<br>I cast one last backward gaze. |
| 32 | **Кыял Тажиева “ *Ушул доор – …”*** | **Kiyal Tazhieva *“This Era Is...”*<br>(Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)** |
| | Коркок доор –<br>Катаны көрүп туруп үн катпаган,<br>Чайкаган башын толук муң каптаган.<br>Чоркок доор –<br>Килеми аркы-терки саймаланган, | Cowardly Era<br>You stay silent when witnessing a mistake,<br>Your trembling head heavy with sadness.<br>Awkward Era<br>The carpet is intricately woven, |

| | | |
|---|---|---|
| | Бүтөөрүнө көз жетпей кармаланган.<br>Опкок доор –<br>Колго тийсе ап этип аймап алган,<br>Жеп атып, желөпкөдөй сайрап алган.<br>Көк бет доор –<br>Бийликке өзүн-өзү шайлап алган,<br>Өз колун өзү артына байлап алган.<br>Жүдөө доор –<br>Картасынын бир четин айрып алган,<br>Алтын берип, араң жан айлык алган.<br>Мүдөө доор –<br>Айтып, жазып а бирок, аткарбаган,<br>Гезиттерден чолоо жер бош калбаган.<br>Күлүк доор –<br>Дүбүртүн кулагы укпай, чаң чыгарган,<br>Алды-артын карабай эч ыр чыгарган.<br>Күйүт доор –<br>Тирүүлөй абийирин көмүп кеткен,<br>Жаш туруп жашай албай өлүп кеткен.<br>Мунжу доор –<br>Алакан жайып акча сурап турат,<br>Ал жолду балдары тек улап турат.<br>Каржы доор –<br>Пулу жок акыл жолдо калып кеткен,<br>Эси жок эбин таап байып кеткен.<br>Даяр доор –<br>Кир жуубай кийимди тек кийип тынган,<br>От жакпай оттун кутун унут кылган.<br>Аял доор –<br>Жоолукчан желип-жортуп той башкарган.<br>Кайран эр тамак жасап төр бош калган.<br>Аяр доор –<br>Эстесең ачуу жашың алкының бууйт,<br>Суктана албай аттиң супсунуң сууйт.<br>Суктангым келген эле, суктангыным.<br>Келсинчи эл ушул доорду уткан күнүң. | Yet he doubts if he'll ever finish.<br>Insatiable Era<br>Whatever his hands touch, he devours greedily,<br>Chattering away like a man with no breath.<br>Stubborn Era<br>Self-appointed to power, ruling with an iron fist,<br>Hands bound behind his back by his own decree.<br>Exhausted Era<br>Ripped one corner off the country's map,<br>Gave away gold but struggled for a meager wage.<br>Era of Desire<br>Speaking and writing, but never acting,<br>The newspapers are filled, with no space left.<br>Runner Era<br>Dust scatters, drowning out the sound of runners,<br>Creating songs without a glance in either direction.<br>Mourning Era<br>He buried his conscience alive,<br>Died too young, before he could truly live.<br>Disabled Era<br>Palms open, he begs for money,<br>His children follow in his footsteps.<br>Consumption Era<br>Without money, the mind is left behind,<br>A cunning man, though not wise, grows rich.<br>Ready Era<br>He wears clothes without washing,<br>He does not make a fire, forgot the sacredness of fire.<br>Woman's Era<br>A scarf on her head, she presides over the feast,<br>The poor man cooks, no one at the place of honor.<br>Silent Era<br>Remember, and your bitter tears will evaporate,<br>Unable to admire, your heart turns cold.<br>I wanted to admire, my era of admiration,<br>May the day come when people overcome this era. |
| 33 | **Музфира Мамытова "*Атымды уучтап алып муштумуңа*"** | **Muzfira Mamytova *"Clutching My Name Tightly In Your Fist"* (Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)** |

| | | |
|---|---|---|
| | Атымды уучтап алып муштумуңа,<br>Кеткенсиң бир өзүңө ырыс сурап…<br>Мен батпай калган экем, бала болуп,<br>Тытылган турмушуңдун бир бурчуна…<br>Таштаган көчөң мени таштан болду,<br>Үстүмдөн үйрүлгөн бир асман болду.<br>Өзүмдү миң жоготуп, миң издедим,<br>Түздөйм деп сен адашып баскан жолду.<br>Айтам деп жаман сөздөр үшүткөнүн,<br>Урулдум айга-жылга күтүп сени.<br>Кайтпадың… Коркпойт окшойт убалдан да,<br>Кудайдын эркe апа — күкүктөрү…<br>Өгөйлөр өгөй ырын ырдаган бир<br>Өмүрүм өгөөлөндү, жылгаланды…<br>Келбедиң » апа» аттуу бейтаанышым,<br>Керегиң ташка тийсин мындан ары!<br>Тилегим күтүп жүрүп күйүт болгон,<br>Жүрөгүм күтүүлөрдөн күйгөн, тоңгон.<br>Жолукпа эми мага, мүмкүн болсо,<br>Өзүмдү өзүм таппай жүргөн жолдон!<br>Жолукпа эми мага мүмкүн болсо,<br>Өзүмдү өзүм издеп жүргөн жолдон… | Clutching my name tightly in your fist,<br>You went in search of your own happiness.<br>I did not fit in your life, being a newborn,<br>In one corner of your tattered fate.<br><br>Feeling like rubbish on a street corner,<br>I was sheltered and cared for only by the sky.<br>I searched for myself countless times, losing my way,<br>Trying to mend what you had broken.<br><br>I wanted to bare my soul, shedding tears,<br>Waiting for you every day, not losing hope.<br>You did not return, thinking of your abandoned child,<br>"A mother cuckoo," showing no fear of God in heaven.<br><br>I sang the song of an orphan, a forsaken child,<br>Falling down, stumbling at every step.<br>You did not come, my unknown, cruel mother,<br>You do not need me; I will endure it all alone.<br><br>My wishes were burnt while I waited for you,<br>My heart was scorched, turning into unmelted ice.<br>Don't cross paths with me on the road you once destroyed,<br>It is a path where I always search for myself.<br><br>Do not meet me on the road where you stained me,<br>On the road where I always seek myself. |
| | **Рахат Аманова *“Оңой бекен сырдашуу?”*** | **Rahat Amanova *“Is it Easy to Have a Heartfelt Conversation?”*** |
| | Оңой бекен сыр ачуу?<br>Оңой бекен көрүнгөнгө ачылып,<br>айта салуу көөдөнүндө,<br>көкүрөктө уюп турган көк ташты?<br>Оо, ал үчүн…,<br>Көк мөндүрдөй төгүү керек көз жашты.<br>Анан дагы,<br>Керек го дейм бийик, таза ишеним?<br>Жулуп салып,<br>үзүп салып чектөөлөрдүн кишенин!<br>Турган өңдүү акыретте сурakта,<br>Жаныңды жеп жашырбай...,<br>Агыңдан бир жарылып,<br>Айтууң керек кай жериңден<br>тайганыңды жаңылып, | Is it easy to have a heartfelt conversation?<br>Is it easy to bare one's soul completely?<br>Is it easy to speak honestly, opening one's heart?<br>Revealing all that is buried deep within.<br><br>But for this, you must shed your tears like hailstones,<br>And hold onto pure trust to unveil the soul,<br>Remove all barriers and break free from captivity,<br>Speak everything as if facing the world's inquiry. |

| | | |
|---|---|---|
| | Ачуу чындык туруш керек<br>жан дүйнөңдө чаңырып да, жаңырып,..<br>Кулап келип кучагына бук түшүп,<br>Оо, ал үчүн..,<br>Адам керек чачтарыңдан сылап уккан,<br>аяп сени түшүнүп.<br>Оңой бекен сырдашуу?..<br>Оңой бекен сыр ачуу?.. | Do not conceal your mistakes, don't deny them,<br>God sees and knows everything.<br>Open your heart, be true to yourself,<br>Admit where you went wrong,<br>Let the bitter truth resonate within your soul.<br><br>Falling into His embrace, shedding tears,<br>You need someone who listens to your troubles,<br>Who comforts you and caresses your hair,<br>Showing compassion and understanding.<br><br>Is it easy to bare one's soul completely?<br>Is it easy to have a heartfelt conversation? |
| 34 | **Перизат Алмаз кызы “*Маңдай багым”*** | **Perizat Almaz kyzy *My Fate, My Happiness* (Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)** |
| | …Жаратканым,<br>Жараткансың –<br>Жарыкты!..<br>Жарык менен<br>Жаркылдаган жанымды,<br>Жыпарлайын бир өмүрлүк таңымды.<br>Ачып койчу<br>Таалайымды, багымды!..<br><br>…Багым кайда?<br>Кай тарапка чакырды?!<br>Аруулайын –<br>Акыреттик арымды,<br>Агызайын –<br>Аппак эмес канымды.<br>Тартуулайын –<br>Таразалап намысты,<br>Койчу!.. Койчу!..<br>Наадандар көп асылчу,<br>Таппайсың сен адамдардан асылды.<br><br>…Асыл деген,<br>Аскар кылат адамды.<br>Аскактатып –<br>Аруларды, адалды,<br>Ажыратып –<br>Актар менен караны.<br>Алмаштырып –<br>Жамандарга жакшыны,<br>Болду!.. Болду!..<br>Асылдарым барсыңбы?!<br>Сага байлайм алтын эле башымды,<br>Сага арнайм бүт өмүрлүк жашымды… | …My Creator,<br>You created—<br>The light!<br>Let me forge with light<br>My radiant soul,<br>And with fragrance, my morning's start.<br>Let my life be brighter,<br>Grant me fortune,<br>And bless me with a happy life!<br><br>…Where is my luck?<br>In which direction does it call?<br>I will purify—<br>My conscience for the afterlife,<br>Let my impure blood flow.<br>Allow me to present<br>My esteemed honor,<br>Stop, please, stop,<br>For there are many ignorant souls,<br>And the best among them is hard to find.<br><br>…Nobility means<br>To make a person their best.<br>Troubling all—<br>Pure people, lawful things,<br>Separating—<br>Black from white.<br>Replacing—<br>Good with bad,<br>That’s it! That’s it!<br>Are there any true nobles?<br>I will bind my golden head to you,<br>I dedicate my whole life to you. |

| | | |
|---|---|---|
| | …Жаратканым,<br>Жараткан соң жанымды!..<br>Жараттың да жакшынакай жарымды?<br>Жер кыдырып издей бербей асылды,<br>Асыл деген сүйүү окшойт:<br>Асман –<br>Жерди, баарыңды.<br>Баардык адамзаттыңды… | …My Creator,<br>After creating my soul,<br>Did you create a perfect counterpart for me?<br>Wandering the earth in search of the best,<br>Perhaps true nobility means to love:<br>The sky,<br>The earth, and all of you,<br>To love all humanity... |
| 35 | **Перизат Алмаз кызы *Акыл*** | **Perizat Almaz Kyzy *Intelligence* (Которгондор: А. Асылбекова, Г. Апсаматова)** |
| | …Акыл,<br>Акыл!..<br>Акыйкаттын – хан пири!<br>Ак, карабы адамдардын жан дили?!<br>Акмак болуп өтүп кеткен эместир,<br>Ак жолтойлуу жолдоштордун сан миңи…<br><br>…Сабыр,<br>Сабыр!..<br>Сабыр сындайт ар кимди,<br>Сага берген ыйык КУДАЙ бал тилди.<br>Сандалбастан, саргайбастан жашайлы,<br>Сактап жүрөт ЖАРАТКАНЫМ ал бизди.<br><br>Бизге –<br>Сабыр,<br>Бизге –<br>Акыл, ар кирди!..<br>Акыреттик арууланган жан кирди,<br>Акындардын акпасынчы кан, жини.<br>Ал анткени акындардын баарына,<br>Акырындап акыл өзү баш ийди. | …The mind,<br>The mind!<br>The king and khan of fairness!<br>Is it the soul, pure or tainted, within people’s hearts?<br>Even with luck on their side,<br>Thousands of comrades may not pass as fools...<br><br>...Patience,<br>Patience!<br>Patience tests everyone,<br>Blessed by the holy GOD who gave you a honeyed tongue.<br>Let us live without wading through uncertainty,<br>For our Creator is always with us,<br>Supporting and saving us.<br><br>To us—<br>Patience enters,<br>To us—<br>Mind and conscience enter!<br>A forever purified soul resides within us,<br>Do not let the blood of poets, nor madness, flow.<br>For all poets,<br>In time, the mind itself obeys. |
| 36 | **Токтоматова А.** Көркөм котормонун практикалык курсу [Текст] / А. Токтоматова. – Б.: 2024. – 152 б. 1) *Көкөлөп баары бир учамын* (Майя Энжелоу) (которгон А. Токтоматова, редакциялаган А. Исмаилов) | |
| | You may write me down in history<br>With your bitter, twisted lies,<br>You may trod me in the very dirt<br>But still, like dust, I'll rise.<br><br>Does my sassiness upset you?<br>Why are you beset with gloom?<br>’Cause I walk like I've got oil wells<br>Pumping in my living room. | Ысмымды тарыхка жазсаң да,<br>Ыпылас сөз менен, чырагым,<br>Өгөйлөп баткакка бассаң да,<br>Өйдөгө чаң болуп чыгамын.<br>Кудуңдап мен жүрсөм, үйүмдөн,<br>Капылет мунайзат чыккандай.<br>Эх, сенин кабагың түйүлгөн,<br>Эр жүрөк мендейге суктанбай.<br>Кадимки ай менен күн өндүү, |

| | | |
|---|---|---|
| | | Көңүлүн көтөрөм кусанын. |
| | Just like moons and like suns,<br>With the certainty of tides,<br>Just like hopes springing high,<br>Still I'll rise.<br><br>Did you want to see me broken?<br>Bowed head and lowered eyes?<br>Shoulders falling down like teardrops,<br>Weakened by my soulful cries?<br><br>Does my haughtiness offend you?<br>Don't you take it awful hard<br>'Cause I laugh like I've got gold mines<br>Diggin' in my own backyard.<br><br>You may shoot me with your words,<br>You may cut me with your eyes,<br>You may kill me with your hatefulness,<br>But still, like air, I'll rise.<br>Does my sexiness upset you?<br>Does it come as a surprise<br>That I dance like I've got diamonds<br>At the meeting of my thighs?<br>Out of the huts of history's shame<br>I rise<br>Up from a past that's rooted in pain<br>I rise<br>I'm a black ocean, leaping and wide,<br>Welling and swelling I bear in the tide.<br>Leaving behind nights of terror and fear<br>I rise<br>Into a daybreak that's wondrously clear<br>I rise<br>Bringing the gifts that my ancestors gave,<br>I am the dream and the hope of the slave.<br>I rise, I rise, I rise. | Кубалап үмүттү күмөндүү,<br>Кайрадан бийикке учамын.<br>Көргүң бар жер карап, үлдүрөп,<br>Кайгыдан майышып, сынганым,<br>Каалайсың а балким мүңкүрөп,<br>Карегим жаш төгүп турганын.<br>Таарынган жоксуңбу, тайманбай,<br>турсам мен "текебер окшойт", – деп.<br>Короодон алтын таап алгандай,<br>Каткырсам, "бул сага коошпойт", – деп.<br>Сөздөрүң ок сымал тешкилеп,<br>Сен мени жаралап жатсаң да,<br>Көздөрүң жек көрсүн кескилеп,<br>Каалгыймын баары бир асманда.<br>Ажарым ичиңди күйгүзүп,<br>А балким тынчыңды алгандыр?<br>Бутума бриллиант кийгизип,<br>Бийлесем, ташпишке салгандыр?<br>Байыркы тарыхтан бөлүнүп,<br>Бийикке умтулуп турамын.<br>Жеңилдейм өтмүштөн сөгүлүп.<br>Жүрөктү көзөгөн ыза, муң,<br>Мухиттей чачылып, төгүлүп.<br>Мен өйдө баары бир чыгамын.<br>Караңгы түндөрдү калтырып,<br>Кайгысыз, жарыкка сызамын.<br>Ажайып үмүткө тартылып,<br>Ак таңдын туткасын тутамын.<br>Калкымдын кыялын артынып,<br>Көкөлөп баары бир учамын.<br>Көкөлөп баары бир учамын.<br>Көкөлөп баары бир учамын. |
| 37 | **Майя Энжелоу *"Caged Bird" / "Капастагы куш"* (котормочу А. Токтоматова, ред. Э. Төлөкова) (74-75-бб.)** | |
| | A free bird leaps<br>on the back of the wind<br>and floats downstream<br>till the current ends<br>and dips his wing<br>in the orange sun rays<br>and dares to claim the sky.<br><br>But a bird that stalks<br>down his narrow cage<br>can seldom see through<br>his bars of rage<br>his wings are clipped and | Мейкинде учат эркин куш,<br>ооздуктап күлүк шамалды.<br>Киринип нурга Күн беттеп,<br>жебедей көккө кадалды.<br>Шукшурулуп өйдө-ылдый,<br>Көркөмдөйт чексиз заманды.<br>Көзүндө жайнайт эркиндик,<br>Капасты билбейт караңгы.<br>Капаста жашайт да бир куш,<br>канаты эрксиз кыркылган.<br>Бутунан торго тушалып,<br>көзүнүн курчу жыртылган.<br>Азаттык эңсеп, ызасын, |

| | | |
|---|---|---|
| | his feet are tied<br>so he opens his throat to sing.<br><br>The caged bird sings<br>with a fearful trill<br>of things unknown<br>but longed for still<br>and his tune is heard<br>on the distant hill<br>for the caged bird<br>sings of freedom.<br><br>The free bird thinks of another breeze<br>and the trade winds soft through the<br>sighing trees<br>and the fat worms waiting on a dawn bright<br>lawn<br>and he names the sky his own.<br><br>But a caged bird stands on the grave of<br>dreams<br>his shadow shouts on a nightmare scream<br>his wings are clipped and his feet are tied<br>so he opens his throat to sing.<br><br>The caged bird sings<br>with a fearful trill<br>of things unknown<br>but longed for still<br>and his tune is heard<br>on the distant hill<br>for the caged bird<br>sings of freedom. | көмөкөй толо ыр кылган.<br>Чүрүшкөн капас ичинде,<br>Кысылат жаны сөгүлүп.<br>Недендир корккон байкуш куш,<br>кайгысын ырдайт төгүлүп.<br>Көрүнбөйт тордон сырт даана,<br>дүйнөдөн калган бөлүнүп.<br>Боштондук эңсеп сайрайт – ал<br>Жомоктой жетпес көрүнүп.<br>Куш ырын тыңшайт дөбөлөр,<br>Армандуу күүгө чөмүлүп.<br>А сыртта учса эркин куш,<br>Эрке жел сылайт канаттан.<br>Шуулдап дарак кол булгайт,<br>куштарга учуп бараткан.<br>Сойлосо сөөлжан – шүүдүрүм<br>Төгүлөт жашыл сабактан.<br>Баарында эркин жашоо бар,<br>үстүндө ачык көк асман.<br>Дирилдейт үнү сайраса,<br>кусасы ырда – көк асман.<br>Кыркылган канат-куйругун,<br>жашоосун – ырдайт – чаң баскан.<br>Үзүлүп үмүт тилеги,<br>Коркунуч менен жан баккан,<br>күндөрүн ырдайт – тордо куш,<br>карекке үмүт, сыр каткан.<br>Чүрүшкөн капас ичинде,<br>дүйнөсү тарып чөгөт куш.<br>Коркутуп аны көлөкө,<br>чочутат түндө көргөн түш.<br>Көмүлүп көргө үмүтү<br>Турса да ыры – азаттык!<br>Талпынып таттуу турмушка,<br>чыркылдайт сүйүү таратып,<br>угулат үнү дөбөдөн,<br>жашоого үмүт жаратып. |